Бул максаттар саламаттык сактоо системасын реструктуризациялоо, кызмат көрсөтүүнү приоритизациялоо жана саламаттык сактоонун каржылоо системасын өзгөртүү жолдору менен жетишилет (КР Өкмөтү, 2012).

Саламаттык сактоону реформалоо программасынын алкагында төмөнкүдөй приоритеттүү маселелер аныкталды:

- Эненин жана баланын ден соолугун жакшыртуу;
- Кургак учук, АИВ/СПИД жана башка жыныстык жолдор менен жугуучу ооруларга көзөмөл;
- Жүрөк кан тамыр ооруларын алдын алуу;
- Үй-бүлөлүк дарыгерлерди киргизүү жана ишке ашыруу;
- Стационардык тейлөөлөрдү реструктуризациялоо;
- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасын жайылтуу;
- Саламаттык сактоо системасын жан башына жана дарыланган учурларга жараша каржылоого өткөрүү.

Кыргыз Республикасындагы алгачкы медициналык жардам фельдшердик-акушердик пунктар (ФАП), үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору, үй-бүлөлүк дарыгерлер борборлору жана жалпы дарыгерлер практика борборлору аркылуу көрсөтүлөт. Бул мекемелердин башкы максаты ооруларды алдын алуу, инфекциялык ооруларга каршы иммунизациялоо, төрөткө чейинки жардамды, үй-бүлөнү пландоо боюнча кызматтарды көрсөтүү, ден соолукту чыңдоо жана адистештирилген амбулатордук дарылоону камсыз кылуу болуп эсептелет.

Экинчи деңгээлде саламаттык сактоо кызматтары оорулардын алгачкы белгилерин табуу боюнча жана оорулардын өсүүсүн алдын алуу боюнча дарылоо программалары ишке ашырылган аймактык (областтык), шаардык жана райондук ооруканаларга, жалпы дарыгерлер практикасы борборлоруна жана адистештирилген диспансерлерге көрсөтүлөт.

Кыргыз Республикасында саламаттык сактоонун үчүнчү деңгээлдеги кызматтары республикалык ооруканаларга, адистештирилген ооруканаларга жана диспансерлерге, ошондой эле илимий-изилдөө институттарына көрсөтүлөт. Эң жогорку сапаттагы жана адистештирилген медициналык жардам аталган мекемелерде көрсөтүлүп, оорулардын кесепеттерин жана майыптуулукту азайтууга багытталган.

Төрөттөрдүн дээрлик бардыгы медициналык мекемелерде жүргүзүлөт. Райондук деңгээлдеги төрөт бөлүмдөрү райондук территориялык ооруканалардын бөлүгү катары милдеттенет. Саламаттык сактоо системасын реформалоо процессинде аймактык (областтык) төрөт үйлөрү жалпы профилдеги аймактык (областтык) ооруканалар менен биригишет жана гинекологиялык оорулууларды, кош бойлуу аялдарды жана төрөгөн аялдарды тейлөөнүн сапатынын айрым баскычтары жакшырат. Жакында эле негизделген Эне жана баланы коргоо улуттук борборуна караштуу төрөт үйү үчүнчү баскычтагы медициналык мекемеге кирет.

Кыргыз Республикасындагы балдардын саламаттыгын коргоо кызматы аял жана анын ымыркайы төрөт үйүндө болгондогу төрөттөн кийинки алгачкы үч күн ичинде жана чоңойгон кезиндеги педиатрдык кызматтар менен камсыздала турган кадимки неонаталдык кам көрүүнү камтыйт. Төрөт үйүнөн чыгаргандан кийин дарыгер менен мээрман айым баланын энесине барып, ага баланы кароо маселелери боюнча кеңештерди беришип, баланы физикалык кароодон өткөрүшөт. Баланын энесинен балага туруктуу кароо жана баланын өмүрүнүн алгачкы эки жылы ичинде үй-бүлөлүк медицина борборуна же үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунан эмдетип туруу талап кылынат. Эгер балада оору күчөсө же атайын кам көрүүнү же госпитализацияны талап кылуучу башка шарттарда дарыгер баланы педиатрга жөнөтүшү мүмкүн. Азыркы убакта Кыргыз Республикасында балдарды милдеттүү эмдөө В гепатитине, полимиелитке, кургак учукка, ич келтеге, көк жөтөлгө, таякчаларга, В тибиндеги гемофилдик инфлюэнцге, кызылчага, паротитке жана кызамыкка каршы эмдөөлөрдү камтыйт. Кыргыз Республикасындагы балдарды эмдөөнүн графиги БЦЖ, В гепатит жана полиомиелитке каршы оралдык эмдөө төрөлгөн учурда жүргүзүлөт.

1.5 САЛАМАТТЫК САКТОО ТАРМАГЫНДАГЫ САЯСАТ ЖАНА ПРОГРАММАЛАР

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү эпидемиологиялык кырдаалдын жана демографиянын, саламаттык сактоонун көрсөткүчтөрүнүн анализдери тууралуу маалыматтарды чыгарып, эне жана баланын саламаттыгын коргоо, ошондой эле Миң жылдыкты өнүктүрүүнүн максаттарына (МӨМ) жетүүгө умтулууну бирден бир негизги приоритет экендигин аныктады, алардын үчөө аялдардын жана балдардын абалына тиешелүү.

Саламаттык сактоо министрлиги саламаттык сактоо тармагында бир катар программаларды иштеп чыкты жана ишке ашырды. Төрөт палаталары жана төрөт үйлөрү жардамдарды көрсөтүү боюнча эл аралык стандарттар менен көрсөтүлгөн медициналык жардамдар жана коопсуз кош бойлуулук, төрөттөр жана төрөттөн кийинки кам көрүү, эмчек эмизүү, жаңы төрөлгөндөргө кам көрүү чөйрөсүндөгү сунушталган ДССУнун стратегиялары жаңы мамилелерди жайылтат. Бул мамилелер да тирүү төрөлүү жана наристе өлүмү боюнча ДССУнун критерийлерине негизделет.

2008-жылы 2008-2017-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасындагы перинаталдык жардамды жакшыртуу боюнча мамлекеттик программа кабыл алынган. Анык маалыматтар базасында эффективдүү перинаталдык кам көрүүнү кеңейтүү жана акушердик жана неонаталдык кам көрүү боюнча протоколдорду жана колдонмолорду кабыл алуу эне жана баланын өлүмүн азайтуунун негизги стратегиясы болуп эсептелет. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши саламаттык сактоо системасын каржылоо боюнча Дүйнөлүк Банктын долбоорлоруна байланышкан документтерди кароодо. Долбоорлордун максаты аткарылган иштердин базасына төлөө системасын апробоция жана/же кокусунан тандалып алынган райондук ооруканаларда энелик жана неонаталдык кам көрүү сапатында көзөмөлдү жакшыртуу, ошондой эле мамлекеттин жана медициналык мекемелердин аткарылган иштерге келишимдерди түзүү, мониторинг жана жыйынтыктарды баалоо боюнча дараметин бекемдөө болуп саналат. (Бүткүл Дүйнөлүк Банк, 2013-ж.).

Балдар курагындагы ооруларга интеграция жүргүзүү (мындан ары - БКОИЖ) программасы 5 жашка чейинки балдардын саламаттыгын коргоо чөйрөсүндө далил боло ала турган базасы бар бирден-бир алгылыктуу программа. Бул программа өлкөдө АМТЖ деңгээлинде 2000-жылдан бери жайылтылууда. Алдын алуу тейлөөлөрүнүн пакеттерин жеткирүү менен бирге БКОИЖ программасы балдардагы алгачкы жана госпиталдык деңгээлде эң көп жайылган ооруларды башкарууга багытталган. Бүгүнкү күндө БКОИЖ программасы жогорку жана орто медициналык билим берүү уюмдарындагы дипломдук билимге чейинки жана кийинки окуу программаларында жайылтылган. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин "Балдар үчүн стационардык кам көрүүнүн сапатын жакшыртуу тууралуу" буйругуна ылайык пилоттук облустук бириккен ооруканаларда жана аймактык ооруканаларда бул программаны стационардык деңгээлде жайылтуу башталган.

Кыргыз Республикасында балдарга эмчек эмизүү маанилүү жана зарыл экендиги белгилүү болду. 1999-жылдан баштап ЮНИСЕФтин техникалык колдоосунда Ооруканалардын балага боорукер мамилеси демилгесинин (ОБМД) алкагында төрөт үйлөрүндө реформалар жүргүзүлдү. Бул реформалар менен эне менен ымыркайлардын ортосунда түздөн-түз байланышты аныктоо, эрте эмчек эмизүүнү демилгелөө, эне менен ымыркайга балага бир палатада калганга уруксат берүү жана талап боюнча балага эмчек эмизүү сыяктуу иш-чараларды алып барууга болот.

1999-жылдан баштап БКОИЖ программасы кеңейди жана азыркы учурда төрөттө жардам көрсөтүүчү 46 медициналык мекемелер балага боорукер мамиле статусуна ээ, төрөттөрдүн жарымына жакыны ушул мекемелерде жүргүзүлөт.

Саламаттык сактоо министрлиги ЮНИСЕФ жана башка донорлор менен кызматташууда 5 жашка чейинки балдардын тамактанууларынын статусун жакшыртуу боюнча программаларды иштеп чыкты жана жайылтты. Программанын бирден-бир түзүүчүсү 6 айдан 23 айга чейинки

балдар үчүн курамында темир, цинк, фолий кычкылы жана А, С витаминдери бар "Гүлазык" микроэлементтүү кошулмасын үй тамагына кошуп берүү болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасында АИВ/СПИД менен күрөшүүнүн көп секторалдык стратегиясы 2012-2016-жылдар аралыгында АИВ/СПИД эпидемияларын стабилизациялоо боюнча улуттук программада кеңири жазылган. Бул программа Кыргыз Республикасында ишке ашырылган АИВ/СПИД боюнча буга чейинки үч улуттук программанын алкагында демилгеленген иш-чараларды улантууга жана жакшыртууга максатталган. Өкмөттүн 2012-2016-жылдарга программасы төмөнкү негизги багыттарды камтыйт: АИВге наркотикалык көз каранды жактардын (шприц колдонуучулар) алсыздыгын азайтуу, жыныстык жолдор менен жугуучу оорулардын алдын алуу, АИВ менен ооругандарды дарылоого, аларга кам көрүүгө жана жардам көрсөтүүгө мүмүкүндүк алууну сунуштоо, АИВге чара көрүү боюнча саламаттыкты сактоо системасынын туруктуулугун камсыз кылуу, АИВ/СПИД жаатында стратегиялык координацияны жакшыртуу жана улуттук программаны башкаруу. Бул стратегияларды ишке ашыруу АИВ/СПИД менен күрөшүү боюнча көйгөйлөрдү чечүүдө секторлор аралык мамилени кабыл алуу жолу менен мамлекеттик сектордун, жарандык коомдун, жеке уюмдардын жана көп тараптуу донорлордун катышуусу менен камсыз кылынат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тамеки тартууга каршы күрөшүүнүн көйгөйлөрүнүн маанилүүлүгүн баамдады. Тамеки тартууга көзөмөл кылуу боюнча ДССУнун алкактык конвенциясы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө биринчи жолу 2003-жылы берилген, ал эми 2006-жылы макулдашылган. "Кыргыз Республикасынын жарандарынын саламаттыгын тамекинин зыяндуу таасирлеринен сактоо жөнүндөгү" №175 Мыйзамы Өкмөт тарабынан 2006-жылдын августунда кабыл алынган. 2008-2015-жылдарга карата тамеки тартууну контролдоо боюнча улуттук программа жана иш-аракеттердин кыска мөөнөттүү планы Өкмөттүн 2008-жылдын 4-апрелиндеги №122 токтому менен кабыл алынган.

Кыргыз Республикасында көп жайылган жана социалдык маанидеги ооруулар (жүрөк кан тамыр оорулары, кургак учук) менен күрөшүү максатында 2009-2013-жылдарга жүрөк кан тамыр ооруларын контролдоо комплекстүү программасы жана 2013-2016-жылдарга Кургак учук–IV программасы ишке ашырылууда. Өкмөт эпидемиологиялык кырдаалды турукташтыруу үчүн 1996-жылы Түздөн-түз Байкоо Терапиясынын (мындан ары - ТБТ) алдындагы түздөн-түз байкоо менен дарылоо базасында кургак учук менен күрөшүү боюнча улуттук программаны кабыл алды. 1998-жылдан баштап ТБТга мамиле өлкөнүн бардык аймагына камсыздалды. 1998-жылдагы калкты кургак учуктан коргоо жөнүндөгү мыйзам (2002-2005-жж. толуктоо жана өзгөртүүлөр кирген) кургак учук менен күрөшүү боюнча мамлекеттик саясат үчүн негиз болду. 2000-жылы II кургак учук менен күрөшүү улуттук программасы менен кургак учуктун дарыга туруктуу түрүн дарылоо системасы жайылды. 2012-2016-жылдарга карата "Кургак учук – IV" программасы төмөнкү иштерди аныктады: эффективдүү диагностикага жалпы мүмкүндүктү камсыз кылуу, бардык бейтаптарды, кургак учук менен ооругандарды дарылоо жана реабилитациялоо, кургак учуктун жугуу деңгээлин төмөндөтүү, кургак учуктун социалдык-экономикалык жүктөмүн кыскартуу, диагностиканын жана дарылоонун жаңы ыкмаларын жана кургак учуктун алдын алуу боюнча стратегияларды жайылтуу. Программанын негизги максаты – кургак учуксуз Кыргызстан.

Бул программалар ЮСАИД, ЮНФПА, ЮНИСЕФ, ДССУ, Бүткүл Дүйнөлүк Банк жана башка көптөгөн эл аралык донор уюмдардын колдоосу менен ишке ашырылат.

Саламаттык сактоо министрлиги өлкө боюнча үй-бүлөнү пландаштыруу боюнча тейлөөлөрдүн көрсөтүлүшүнө жооп берет. Үй-бүлөнү пландаштыруу жаатындагы саясаттын негизги максаты энлердин коопсуздугунун жана кош бойлуулук учурунда тобкелдиктин төмөнкү баскычтарын камсыз кылуу, убакыттын жетишсиз аралыгы менен кош бойлуулукка байланышкан кошумча ооруларды азайтуу, ошондой эле кош бойлуулук учурундагы кошумча оорулардын

катталышын жана жайылуусун, репродуктивдик жаштагы аялдар арасындагы экстрагениталдык ооруларды кыскартуу.

Саламаттык сактоо министрлиги көптөгөн иш-чараларды өткөрүү менен бирге калк үчүн үй-бүлөнү пландаштыруу жана контрацептивдерди өлкө боюнча жеткирүү жөнүндө интенсивдик окууларды да өткөрөт. Жеке секторлор да контрацептивдерди таратууга катышышат.

Калкты үй-бүлөнү пландаштыруу жана аялдардын контрацептивдердин ар кандай түрлөрүн алууга мүмкүндүгү жөнүндө маалымдуулугу көтөрүлүү менен бирге Саламаттык сактоо министрлиги контрацептивдердин пайдаланылган ыкмаларынын сапатын, коопсуздугун, эффективдүүлүгүн камсыз кылуу маселелерине да көңүл буруп келет. Үй-бүлөнү пландаштыруу жаатындагы тейлөөлөргө көзөмөлдү камсыз кылуу менен байланышкан маселелерди Саламаттык сактоо министрлиги эне жана баланы коргоонун алкагында карап жатат.

Тилекке каршы, Кыргыз Республикасында кош бойлуулукту жасалма жол менен токтотуу төрөлүү үстүнөн көзөмөл кылуунун негизги ыкмасы бойдон калууда. Кош бойлуулукту жасалма жол менен токтотуу, жалпы профилдеги ооруканалардын амбулатордук бөлүмдөрүндө же төрөт үйлөрүндө жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасында кош бойлуулуктун алгачкы 12-жумалыгына чейин жасалма бойдон алдырууга уруксат берилген. Айрым учурларда медициналык же социалдык белгилүү көрсөтмөлөр болгондо кош бойлуулуктун 12-жумалыгынан кийин да жасалма бойдон алдыруу жүргүзүлөт. Мындай учурларда билимдүү медицина кызматкерлери оорукана шарттарында түздөн-түз байкоону камсыздоосу керек. Акыркы жылдардагы бойдон алдыруулардын санынын азайганына карабастан, бойдон алдыруу бары бир Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо системасы үчүн кошумча ооруларды жайылткандыгына жана аялдардын саламаттыгына жагымсыз таасир тийгизгендигине байланыштуу көйгөй бойдон калууда.

Үй-бүлөнү пландаштыруунун коопсуз ыкмаларын колдонууну алга жылдыруу саясатынан улам акыркы бир канча жылдар аралыгында Кыргыз Республикасында контрацепциянын ыкмаларын колдонуу көп байкалууда. Жатын ичине коюлуучу спираль (мындан ары – ЖИС) салдыруу контрацепциянын көп таралган ыкмасы болуп эсептелет. Аялдардын көпчүлүгү мурункудай эле жатын ичине салынуучу спиралды ыңгайлуу жана коопсуз ыкма деп ойлошот. Кыргыз Республикасындагы аялдар контрацепциянын, оралдык контрацептивдердин жана инъекциялардын түрдүү ыкмаларын колдонууда кеңири мүмкүнчүлүккө ээ.

1.6 Кыргыз Республикасындагы саламаттык сактоо жана демография боюнча маалыматтарды жыйноо системасы

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети расмий статистикалык маалыматтарды жыйноого, иштеп чыгууга, талдоого, жалпылоого, жайылтууга, топтоого, сактоого жана эл каттоосун жүргүзүүгө жооптуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат. Төрөлүүнү, өлүмдү, никелерди жана ажырашууларды каттоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жарандык абалдын актыларын жазуу бөлүмүндө жана төрөлүү, өлүү, никe жана ажырашуу актылары жазылуучу жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарында ишке ашырылат. Жазуулардын экинчи нускасы ай сайын маалыматтарды электрондук базага киргизүүчү мамлекеттик статистиканын райондук органдарына келип түшөт, андан кийин иерархиясы боюнча областтык жана улуттук деңгээлде жогору жөнөтүлөт. Кыргыз Республикасындагы акыркы жолку эл каттоо 2009-жылы жүргүзүлүп, жыйынтыгы 2010-жылы жарыяланган. Андан сырткары Улутстатком демографиялык статистика боюнча маалыматтарды тариздөөгө жана жылдык басылмаларга жооп берет.

Калктын саламаттыгы жөнүндөгү маалыматтарды жыйноо Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Республикалык медициналык-маалыматтык борбордун (мындан ары - РМБ) милдети болуп саналат.

Калктын саламаттыгы жөнүндө маалыматтарды РМБнын тейлөөлөрдү көрсөтүүчү кызматкерлери жыйнайт, андан соң медициналык-статистикалык маалыматтардын райондук жана облустук бөлүмдөр аркылуу РМБга берилет. Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Республикалык медициналык-маалыматтык борбору бул маалыматтарды жыйноо жана талдоо менен алектенет жана "Кыргыз Республикасынын калкынын саламаттыгы жана саламаттык сактоонун ресурстары" жылдык отчетун жарыялайт.

Республикалык медициналык-маалыматтык борбор тарабынан саламаттык жөнүндө жыйналган жана жарыяланган маалыматтар төмөнкүдөй категорияларга бөлүнөт: 1) түрү аныкталган ооруга чалдыккандар (инфекциялык жана инфекциялык эмес); 2) себеби аныкталган өлүм; 3) антенаталдык, перинаталдык жана эрте неонаталдык өлүмдү кошкондогу балдар өлүмү; 4) энелердин себеби аныкталган өлүмү; 5) эненин жана баланын саламаттыгы, төрөткө чейинки кам көрүү, төрөттөгү жардам, бойго бүтүрбөөчү каражаттарды колдонуу, бойдон алдыруу, педиатрдык жардам, ж.б. жөнүндөгү маалыматтар; 6) медициналык мекемелердин саны, медицина кызматкерлеринин саны, оору койкалары жана ооруканада болуунун орточо узактыгы; 7) коркунучтуу оорулар (рак), кургак учук, психикалык бузулуулардан жабыркаган, баңги заттарды ашыкча колдонгон жыныстык жолдор менен жугуучу оорулар менен ооруган адамдарды кошкондогу медициналык тейлөөлөрдүн айрым түрлөрүн аныктоо менен саламаттыктын абалы жөнүндөгү маалыматтар.

1.7 ИЗИЛДӨӨНҮН МАКСАТТАРЫ ЖАНА УЮШТУРУУ

Кыргыз Республикасындагы Медициналык-демографиялык изилдөө (КР МДИ-2012) Кыргыз Республикасынын калкы жана саламаттыгы маселелери боюнча маалыматтарды жеткирүү максатында иштелип чыккан, тандап алып изилдеген репрезентативдик өлкө деңгээлиндеги изилдөө болуп саналат. КР МДИ-2012 2012-жылдын август айынан декабрь айына чейинки аралыкта Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан жүргүзүлгөн өлкөдөгү экинчи медициналык-демографиялык изилдөө. КР МДИ-2012ни өткөрүүгө Америка Кошмо Штаттарынын Эл Аралык Өнүгүү боюнча Агенттиги (ЮСАИД) MEASURE DHS долбоорунун алкагында колдоо көрсөттү. MEASURE DHS USAID тарабынан каржыланган программа болуп эсептелет, ICF International уюму MEASURE DHS программасынын негизинде дүйнөнүн түрдүү өлкөлөрүндө медициналык-демографиялык изилдөөлөрдү ишке ашырууда финансылык жана техникалык жардамды камсыз кылат. Кыргыз Республикасындагы БУУнун калк жаатындагы фондунун өкүлчүлүгү изилдөөнү ишке ашырууга кошумча каражаттарды бөлүп берди.

КР МДИ-2012нин негизги тапшырмалары төрөлүү жана контрацепциянын ыкмаларын колдонуу жаатында эненин жана баланын тамактануусу, балдардын өлүмдөрү, үй-бүлөдөгү зомбулук жана аялдарга мамиле, ошондой эле кургак учук, АИВ инфекциялары жана башка жыныстык жолдор менен жугуучу инфекциялар жөнүндө маалымдуулук жана мамилелер тууралуу улуттук жана аймактык деңгээлдеги маалыматтарды жыйноо. Бул изилдөөдө ушул маселелер боюнча толук маалыматтар репродуктивдик жаштагы аялдар менен эркектердин арасынан жыйналды. Тандоолордун көлөмүн берүүгө мүмкүн болгон жердеги маалыматтар региондор (облустар) боюнча бөлүү менен берилди.

КР МДИ-2012нин жыйынтыгы учурдагы социалдык программаларды баалоо жана саламаттыктын абалын жакшыртуу, аялдар менен балдарга медициналык кызматтарды алууга мүмкүндүк берүү боюнча жаңы стратегияларды иштеп чыгуу үчүн зарыл болгон маалыматтар менен камсыз кылууга арналган. Бул изилдөө саламаттыктын жана демографиянын көрсөткүчтөрүнүн маалыматтар базасын эл аралык масштабда кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

1.7.1 Тандап алууларды иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруу

КР МДИ-2012 үчүн тандап алуу төрөлүүнүн, наристелердин жана балдардын өлүмүнүн көрсөткүчтөрүн баалоо, ошондой эле бойдон алдыруулардын шаар жана айыл жерлери боюнча улуттук деңгээлдеги санын кошуп, толук анализди камсыз кылуу жолу менен жасалды. Көпчүлүк көрсөткүчтөр аймактык (облустук) деңгээлде бааланышы мүмкүн. КР МДИ-2012де 8,216 үй чарбасын түзгөн репрезентативдик ыктымалдуулук тандап алуусу колдонулду. Тандап алуу эки этапта өткөрүлдү. Биринчи этабында 2009-жылкы калкты жана турак жай фондун каттоонун негизинде иштелип чыккан, тандап алуунун базалык бөлүгү болгон эсептик аймактрдын тизмесинен 316 кластер тандалып алынды. Экинчи этабында негизги изилдөөнү жүргүзгөнгө чейин ар бир тандалып алынган кластер үчүн кийин изилдөөгө катышуу үчүн кайрадан жаңыланган тизмеден кокусунан тандап алуу ыкмасы менен тандап алынган үй чарбаларынын толук тизмеси түзүлдү.

Изилдөөлөрдүн жүрүшүндө 15 жаштан 49 жашка чейинки тандап алууга кабылган тигил же бул үй чарбасында туруктуу жашаган же конок болуп мурунку түнү ошол үйдө түнөгөн аялдар сурамжыланды. Жалпысынан КР МДИ-2012нин алкагында 8,208 аял сурамжылоодон өттү. Мындан сырткары, тандап алуунун алдында изилдөө үчүн тандалып алынган үй чарбаларынын үчтөн биринен 15 жаштан 49 жашка чейинки тандап алууга кабылган тигил же бул үй чарбасында туруктуу жашаган же конок болуп мурунку түнү ошол үйдө түнөгөн 2,413 эркекке сурамжылоо жүргүзүлдү.

А тиркемесинде КР МДИ-2012деги тандап алуу дизайны жөнүндө кошумча маалыматтар берилди.

1.7.2 Анкеталар

КР МДИ-2012ни жүргүзүүдө үч анкета колдонулду: үй чарбаларынын анкетасы, аялдардын анкетасы жана эркектердин анкетасы. Үй чарбалардын анкетасы жана жеке анкеталар MEASURE DHS программасы иштеп чыккан стандарттык анкеталардын негизинде түзүлдү. МДИнин типтүү анкеталары Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин эксперттеринин шарттарына адаптацияландырылды. Мындан сырткары, ЮСАИД, БУУнун Өнүгүү Программасы (ПРООН), БУУнун Балдар Фонду (ЮНИСЕФ) жана БУУнун калк чөйрөсүндөгү фонду (ЮНФПА), ошондой эле эл аралык жана бейөкмөт уюмдардын киргизген сунуштары эске алынды. Анкеталар алгач англис тилинде иштелип чыкты, андан кийин кыргыз жана орус тилдерине которулду. Анкеталарды болжолдуу тестирлөө 2012-жылдын май айында өткөрүлдү.

Үй чарбаларынын анкетасы тандалып алынган үй чарбасынын бардык мүчөлөрүнүн жана конокторунун тизмесин түзүү, ошондой эле үй чарбасынын социалдык-экономикалык абалы жөнүндө маалыматтарды жыйноо үчүн чыгарылган. Бул анкетанын биринчи бөлүгү үй чарбасынын ар бир мүчөсү же коногу (жашын көрсөтүү менен), жынысы, билимдин деңгээли, ошондой эле үй чарбасынын башчысына тууганчылыгы жөнүндөгү маалыматтарды камтыйт. Бул маалыматтар Кыргыз Республикасынын үй чарбалары боюнча негизги демографиялык маалыматтарды берүү жана жеке интервью жүргүзүүнүн критерийлерине туура келген респонденттерди (15 жаштан 49 жашка чейинки аялдар жана эркектер) табуу үчүн колдонулду. Үй чарбаларынын анкетасынын биринчи бөлүгү ар бир баланын төрөлгөндүгүн каттоо жөнүндөгү маалыматтар менен бирге үй чарбасынын мүчөлөрүнүн башка мүнөздөмөлөрү жөнүндө маалыматтарды да камтыйт. Анкетанын экинчи бөлүгү турак жай шарттарынын мүнөздөмөлөрү (мисалы, полдун кандай материалдан жасалгандыгы, ичүүчү суунун булагы жана ажатананын тиби), керектөөчүлүк товарлардын бардыгы, ошондой эле үй чабасынын социалдык-экономикалык абалына байланышкан башка маселелер жөнүндө маалыматтарды камтыйт. Мындан сырткары, анкетага үй чарбаларындагы тузду тестирлөөнүн жыйынтыктары, йоддун болушу, бойду жана салмакты өлчөөнүн

жыйынтыктары, 5 жашка чейинки балдардын жана 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын анемия тесттери киргизилди.

Аялдар анкетасында 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдар арасынан маалымат жыйноо төмөнкү маселелер боюнча каралган:

- Негизги мүнөздөмөлөр;
- Кош бойлуулуктун тарыхы;
- Антенаталдык, постнаталдык жардам жана төрөттө медициналык кызматты көрсөтүү;
- Контрацепциянын ыкмаларын билүү жана колдонуу;
- Репродуктивдик ден соолук жана улуулардын ден соолугу;
- Балдар өлүмү;
- Ден соолукту коргоо жана медициналык ресурстарды колдонуу;
- 5 жашка чейинки балдарды эмдөө;
- 5 жашка чейинки балдар арасындагы ичеги инфекциялары учурлары жана респиратордук оорулар;
- Эмчек эмизүү жана эмизүүнүн узактыгы;
- Күйөөгө чыккандык жана жакынкы сексуалдык активдүүлүк;
- Бала төрөөгө мамиле;
- СПИД жана башка жыныстык жолдор менен жугуучу оорулар жөнүндө маалымат жана ага мамиле;
- Кургак учук жөнүндөгү маалымдуулук жана ага мамиле;
- Аялдардын иштери жана күйөөсү жөнүндө маалымат;
- Аялдардын ден соолугу менен байланышкан башка маселелер;
- Үй зомбулугу.

Эркектер анкетасында 15 жаштан 49 жашка чейинки эркектер арасынан маалымат жыйноо төмөнкү маселелер боюнча каралган:

- Негизги мүнөздөмөлөр;
- Ден соолукту коргоо жана медициналык ресурстарды колдонуу;
- Нике жана жакынкы сексуалдык активдүүлүк;
- Презервативдерди колдонууга мамиле;
- СПИД жана башка жыныстык жолдор менен жугуучу оорулар жөнүндө маалымат жана мамиле;
- Аялдардын статусуна мамиле.

Аялдар менен эркектердин кан басымын өлчөөнүн жыйынтыктары алардын жеке анкеталарында көрсөтүлдү.

Талаа персоналдарын окутуу

Негизги окутуу 2012-жылдын июль айында үч жумага созулуп, аны Улутстаткомдун, Саламаттык сактоо министрлигинин жана ICF International уюмунун кызматкерлери жүргүзүштү. Жалпысынан 92 адам (68 аял, 24 эркек) - супервайзерлер, талаа редакторлору, интервью алуучулар жана сапатты көзөмөлдөө боюнча персоналдар катышты. Окуу процесси лекциялар курсун, көрсөтмө интервьюларды, сурамжылоо жүргүзүү боюнча практикалык иштерди жана экзамендик сессияны камтыды. Аудиториядагы сабактарда бардык талаа персоналдары кан басымды өлчөө жана антропометрикалык өлчөө боюнча окуулардан өтүшүп, үч күндүн аралыгында талаа шарттарында сурамжылоо жүргүзүү көнүгүүлөрүн ишке ашырышты.

Медицина персоналдары өзүнчө бөлүнүп окутулду. Саламаттык сактоо министрлиги он сегиз медицина кызматкерин (16 аял, эки эркек) окууга жөнөтүштү жана алар жогорку билимдүү медицина кызматкерлери: врачтар, фельдшерлер жана мээрман айымдар. ICF уюмунун

кызматкерлери 18 медицина кызматкерлерине антропометрикалык өлчөөнү (салмак жана бой) жана анемияга (гемоглабин) кандын анализин жүргүзүү көнүгүүлөрүн окутушту. Антрометрия үчүн SECA 874 (салмак) сандык салмагы жана Shorr Board (бой) жыгач бүктөлмө бой ченегич, ал эми анемия тести үчүн HemoCue (Hb 201+ фотометр системасы) аппараты пайдаланылды. Окуу мезгилинде 7 күндүк класстык иштер, бир күндүк медициналык мекемедеги практикалык сабак жана талаа персоналдары менен үч күндүк практика жүргүзүлдү.

1.7.4 Гемоглабинге анализ

Гемоглабинге анализ анемиянын диагностикасынын алгачкы ыкмасы болуп саналат. HemoCue (Hb 201+ фотометр системасы) системасын колдонуу менен ишенимдүү өлчөө жүргүзүлөт. КР МДИ-2012 изилдөөсүн жүргүзүү үчүн тандалып алынган бардык үй чарбаларындагы 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдар жана 6 айдан 59 айга чейинки балдар анемияга тестирлөөдөн өтүштү. 15-17 жаштагы балдар жана жаш аялдар үчүн жооптуу болгон респонденттерге, ата-энелерге жана улууларга маалымдалган макулдук тууралуу арыздар окулуп берилди. Бул арыз тестирлөөнү өткөрүүнүн максаттары, анализ жүргүзүүгө уруксат жана анын жыйынтыктарын тест бүткөндөн кийин дароо жеткирүү жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

Кан алуунун алдында бармак спирттелген кебез менен аарчылат жана абада кургатылат. Андан кийин алакандын сырт жагы, бармактарынын учтары стерилденген бир жолу колдонулуучу коопсуз ланцет менен ысытылат. Стерилденген марли тампонунун жардамы менен бармактардын тешиктеринен кандын алгачкы эки тамчысы жуулат, ал эми кандын үчүнчү тамчысы өлчөөчү шайман катары кызмат кылган жана анализдин жыйынтыгын экранга көрсөтүп берүүчү HemoCue фотометринде жайгашкан HemoCue микрокюветинде жыйналат. Ар бир үй чарбасына анемия, анын симптомдору жана алдын алуу чаралары тууралуу маалыматтарды камтыган буклеттер берилди. Гемоглабиндин деңгээли аныкталган нормативден төмөн болгон жактарга медициналык мекемелерден текшерүүдөн өтүү үчүн жолдомо кагаздар берилди.

Кандын анализин жыйноо үчүн колдонулган ланцеттер, башка буюм-тайымдар жана жабдуулар (колдонулган HemoCue микрокюветтер, кол каптар, марлилер, спирттелген кебездер, таңуучу материалдар жана биологиялык таштандыларды жыйнооучүн баштыктар) коопсуз жолдор менен жок кылынат, негизинен, биологиялык жана коркунучтуу таштандыларды зыянсыздандыруу боюнча протоколдорго ылайык, жок кылуулар жүргүзүлгөн жакынкы медициналык мекемелерге түз жеткирилет.

1.7.5 Талаа иштери жана маалыматтарды иштеп чыгуу

Изилдөөнүн маалыматтарын жыйноо тогуз топ менен ишке ашты, алардын ар биринде төрт аял интервью алуучу, бир эркек интервью алуучу, бир талаа редактору жана топтун супервайзери бар. Талаа иштери 2012-жылдын августунан башталып, 2012-жылдын декабрь айында аяктады. КР МДИнин улук техникалык персоналы талаа персоналдарынын иштерине мониторинг жүргүзүү жана жыйналган маалыматтардын сапаттарын көзөмөлдөө максатында топтун иштеген жерлерине туруктуу каттап турду. Андан сырткары, MEASURE DHS долбоорунун кызматкерлери талаа иштерине мониторингди ишке ашырышты.

КР МДИ маалыматтарын иштеп чыгуу талаа иштери башталгандан кийин тез эле башталды. интервью алуучулардын толтурган анкеталары супервайзер, бардык кластер боюнча анкеталардын аныкталган санын алууну камсыздоочу анкета администратору, эки кеңсе редактору жана маалыматтарды киргизүүчү 13 операторлордон турган маалыматтарды иштеп чыгуу боюнча атайын окутулган персоналдарга маалыматтарды киргизүү жана редактирлөө үчүн Улутстаткомдун борбордук кеңсесине үзгүлтүксүз жеткирилип турду. Изилдөөнүн маалыматтарын паралеллдүү иштеп чыгуу, маалыматтарды киргизүүдө пайда болгон көйгөйлөрдү өз убагында чечүү жана талаа топторуна алардын чечимдерине ылайык сунуштарды берүү МДИнин улук техникалык персоналына тапшырылды. Жалпысынан маалыматтардын сапаттарынын түрдүү параметрлерин текшерүү үчүн респонденттердин аткарылуучу иштеринин сапатын жакшыртуу максатында топтор менен кайра байланышты камсыздоо үчүн терүү таблицалары түзүлдү. Изилдөөнүн маалыматтарын киргизүү жана редактирлөө боюнча иштер 2013-жылдын февраль айында бүткөрүлдү.

1.8 ЖООПТОРДУН ДЕҢГЭЭЛИ

1.1-таблицада КР МДИ-2012де тандап алууну тартуулоонун үлүшү жана кеңдиги, ошондой эле сурамжылоо жүргүзүлгөн үй чарбаларынын жана жеке жактардын саны тууралуу маалыматтар берилди. Жалпысынан тандап алуу үчүн 8,208 үй чарбасы катышты. Алардын 8,083үү изилдөө жүргүзүлгөн учурда жайлашкандар, 8,040 үй чарбасы же 99 пайыздан ашыгы ийгиликтүү сурамжылоодон өтүштү. Сурамжыланган үй чарбаларындагы 15 жаштан 49 жашка чейинки 8,286 аялдын 99 пайызы интервьюдан өтүштү. Ал эми 15 жаштан 49 жашка чейинки 2,495 эркектин 97 пайызы интервьюдан өтүштү.

1.1-таблица. Үй чарбалардын жана жеке жактардын сурамжылоосунун жыйынтыктары

Үй чарбалардын саны, жашаган жерине көз каранды (такталбаган) интервьюлардан саны жана жооптордун деңгээли, Кыргыз Республикасы, 2012

	Жашаган жери		
	Шаар	Айыл	Бардыгы
Үй чарбалардын интервьюсу			
Тандалып алынган үй чарбалары	2,886	5,322	8,208
Көчүп келишкен үй чарбалары	2,833	5,250	8,083
Сурамжыланган үй чарбалары	2,820	5,220	8,040
Үй чарбалардын жоопторунун деңгээли[1], (пайыз менен)	99.5	99.4	99.5
15-49 жашка чейинки аялдардын интервьюсу			
Интервьюга туура келген аялдардын саны	2,757	5,529	8,286
Сурамжыланган аялдардын саны	2,732	5,476	8,208
Интервьюга туура келген аялдар арасындагы жооптордун деңгээли[2], (пайыз менен)	99.1	99.0	99.1
15-49 жашка чейинки эркектердин интервьюсу			
Интервьюга туура келген эркектердин саны	706	1,789	2,495
Сурамжыланган эркектердин саны	690	1,723	2,413
Интервьюга туура келген эркектер арасындагы жооптордун деңгээли[2], (пайыз менен)	97.7	96.3	96.7

[1] Сурамжыланган үй чарбалары / көчүп келген үй чарбалары.
[2] Интервьюга туура келген сурамжыланган респонденттер/ респонденттер.

ҮЙ ЧАРБАЛАРЫНЫН МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ ЖАНА КУРАМЫ

2

Негизги маалыматтар

- Кыргызстандагы үй чарбасынын орточо көлөмү 4,2 адамды түзөт.
- Үй чарбасынын дээрлик бардыгы (95 пайызы) башка үй чарбасы менен аралашпаган жакшыртылган ажаткана курулуштарын колдонушат.
- Он үй чарбасынын тогузу сууну жакшыртылган булактардан алышат.Үй чарбасындагы калктын ичүүчү сууну жакшыртылган булактардан алууга мүмкүнчүлүгү 2006-жылдан тартып өзгөргөн эмес (МИКИ-2006 88 пайызды түзсө, КР МДИ-2012 86 пайызды түздү).
- Дээрлик он үй чарбасынын тогузунда үй чарбасынын мүчөлөрү колдорун жууй турган самын жана суу бар.
- Үйлөрдүн дээрлик бардыгынын полдору тигил же бул типтеги жабылган полго ээ, негизинен, жыгач же паркет, винил же линелиум же жыгач тактайларды төшөшкөн. Үй чарбасынын төрт пайызы, негизинен, айыл жериндегилер жер полду колдонушат.
- Айыл жеринде үй чарбасынын отуз үч пайызы тамак даярдоо үчүн катуу отунду колдонушат, ал эми шаардагы үй чарбаларында катуу отунду пайдалануу болгону 5 пайызды түзөт.
- Телевизору бар үй чарбаларынын саны 1997-жылдагы 85 пайыздан 2012-жылга 99 пайызга көбөйдү. Муздаткычы бар үй чарбаларынын саны 1997-жылдагы 67 пайыздан 2012-жылга 80 пайызга көбөйдү. Үй чарбаларынын көпчүлүгүндө (97 пайыз) уюлдук телефондор колдонулат, ал эми үй чарбаларынын төрттөн бири стационардык телефон колдонушат. Шаардагы үй чарбаларынын жыйырма жети пайызында компьютерлер бар, бул айыл жергесине салыштырмалуу 12 пайызга көп.
- Мектептеги билим берүүнүн толук жылынын медианасы аялдар арасында 9.8 жашты, эркектер арасында 9.7 жашты түзөт.
- Мектеп жашындагы балдар арасындагы мектепке баруу жогору, бирок бардык балдарды камсыздабайт, мектепке жаңы келе баштаган жаштагы балдардын 87 пайызы, мектепти ортолоп калган жаштагы балдардын 86 пайызы билимдин тийиштүү баскычын алуу үчүн мектепке барышат.
- Баштапкы жана орто мектепке баруудагы гендердик айырмачылыктар дээрлик байкалбайт, бирок кыздар арасындагы мектепке баруу эркек балдарга караганда көбүрөөк.
- Эрте жаштагы балдардын көпчүлүгү эрте жаштагы балдардын кандайдыр бир билим берүүчү программаларына катышышпайт, 5-6жаштагы балдардын 5 пайызы гана мектепке чейинки билим берүүчү мекемелерге барышат.

Бул бөлүм турак-жай шарттары (суу менен жабдуунун булактары, ажаткана курулуштары, турак-жай мүнөздөмөлөрү), үй чарбасындагы мүлктөр, ошондой эле үй чарбасынын курамы (башчысы жана көлөмү) жөнүндөгү маалыматтарды берет. Үй чарбасынын мүнөздөмөлөрү, турак-жай жана үй мүлктүн болушу жетиштүү жашоо индексин – үй-бүлөнүн экономикалык статусунун индикаторун эсептөө үчүн пайдаланылат. Бул бөлүм ошону менен бирге калктын жалпы мүнөздөмөсү, жыныстык, жаш курактык түзүмү жана билими тууралуу маалыматтарды камтыйт. Үй чарбаларынын курчап турган чөйрөсүн жана ушул бөлүмдөгү изилденген калкты баяндоо алдыдагы отчетто бериле турган социалдык-экономикалык кубулуштарды түшүнүүгө керек болот.

Бул бөлүмдү кароодо КР МДИ-2012де колдонулган үй чарбасынын жана калктын de jure (туруктуу) жана de facto (чыныгы) аныктамаларын кароо зарыл. Үй чарбасы бир турак бирдигинде чогуу жашаган, жашы улуу эркекти же аялды өздөрүнө үй чарбасынын башчысы кылышкан, турак-жайлык шарттарга бөлүнүшкөн, бир бүтүн катары саналышкан, туугандык карым-катнашы бар же жок жактардан же жактардын топторунан турат.

Алдыңкы күнү бир үй чарбасында түнөшкөн туруктуу же келип-кетип туруучу жашоочулар жөнүндө маалыматтар ар бир үй чарбасы үчүн алынды. de jure калкы өзүнө үй чарбасындагы

бардык туруктуу жашоочуларды, КР МДИ-2012 сурамжылоосу жүргүзүлүп жаткан учурда алардын үй чарбасында бардыгына же жоктугуна карабай, камтыйт. de facto калкына сурамжылоо жүргүзүлгөнгө чейинки түнү үй чарбасында болгон үй чарбасынын мүчөлөрү жана коноктор кирет. de jure менен de facto калкынын ортосундагы айырмачылык бир аз өзгөргөн жана эгер башкача сүйлөшүлбөсө, жыйынтыктардын көпчүлүгү de facto калкы үчүн берилет.

Тандап алуунун дизайнынын өзгөчөлүгүнүн жыйынтыгында кээ бир облустарда учурлардын саны бир бир аз байкалышы мүмкүн, натыйжада алар өлкө боюнча репрезентативдүү, облустар боюнча бөлүнүү жүргүзүү үчүн салмакталган деп саналат. Бул отчетто таблицалардагы цифралар такталган сандарды чагылдырат. Статистиканын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн кашаанын ичинде көрсөтүлгөн 25-49 такталбаган учурларга негизделип эсептелген пайыздар, ал эми 25 тен кем эмес такталбаган учурлардын негизиндеги пайыздар көрсөтүлгөн эмес.

2.1 ТУРАК ЖАЙДЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

КР МДИ-2012де жашоочулардын саламаттыгына таасир көрсөтүүчү үй чарбаларынын жана үй чарбаларынын социалдык-экономикалык абалын чагылдыруучу жалпы мүнөздөмөлөрү боюнча маалыматтар жыйналды. Турак жай мүнөздөмөлөрү курамына ичүүчү суунун, ажаткана курулуштарынын тиби, курулуш материалдары (чатыр, дубал жана пол), электрэнергияга жана тамак даярдоочу жабдыктарга мүмкүндүк алуу сыяктуу көрсөткүчтөрдү камтыйт. Бул жыйынтыктар үй чарбалары жана шаар жана айыл жерине бөлүнгөн de jure (туруктуу) калкы боюнча берилди.

2.1.1 Ичүүчү суу

Ичүүчү суунун булагы ичүү үчүн керектелген суунун жарамдуулугунун индикатору болуп саналат. 2.1-таблицада КР МДИ-2012ге ичүүчү суу боюнча маалыматтарды жеткирүү үчүн ДССУ/ЮНИСЕФтин Суу менен жабдуу жана санитария секторунун мониторинги боюнча биргелешкен программасы сунуштаган жакшыртылган жана жакшыртылбаган суунун булактарынын классификациясын пайдаланылгандыгы көрсөтүлөт (ЮНИСЕФ жана ДССУ, 2012). Таблица ошондой эле ичүүчү сууну жеткирүүгө сарпталган убакытты жана Кыргызстандын калкы тамак үчүн пайдалануучу сууну иштеп чыгуу үчүн колдонгон сууну тазалоонун ыгын көрсөтөт.

Кыргыз Республикасында дээрлик он үй чарбасынын тогузу сууну жакшыртылган булактардан алат. Бул үй чарбаларындагы калктын көпчүлүгүнүн ичүүчү сууну алууга же суу түтүгүн турак жайдын ичине, же короосуна, же участкасына (61 пайыз) алып кирүүгө мүмкүндүгү бар же сууну коомдук түтүк өткөргүчтөн (21 пайыз) алат. Көп тараган жакшыртылбаган суу булактары жер үстүндөгү суулар (8 пайыз) болуп эсептелет, башкача айтканда, дарыялардан, плотиналардан, көлдөрдөн, көлчүктөрдөн же ушуларга окшогон булактардан алынган суулар. Он үй чарбасынын тогузунан көбү ичүүчү сууну мекеменин ичинде жайгашкан булактардан (68 пайыз) алышат же суу алуу үчүн 30 мүнөттөн көп эмес убакытты (28 пайыз) сарпташат. Үй чарбаларынын жарымынан азыраагы (45 пайыз) сууну тазалоонун тийиштүү ыкмасын колдонушат, алардын баары ичүү үчүн сууну кайнатышат.

Ичүүчү суунун булактарына мүмкүндүк шаар жериндеги үй чарбаларында айыл жергесине салыштырмалуу бир канча жогору (шаарда - 96 пайыз, айылда – 83 пайыз) жана ичүүчү суунун булагынын үй чарбасынын аймагында жайгашуусу шаар жериндеги үй чарбаларында айыл жергесине салыштырмалуу эки эсе жогору (шаарда – 91, айылда – 54 пайыз). Бирок шаар жеринде сууну тазалоонун тийиштүү ыкмаларын колдонуучу үй чарбалары (40 пайыз) айыл жергесиндеги үй чарбаларына (48 пайыз) караганда бир канча төмөн.

2.1 таблицасы. Үй чарбасындагы ичүүчү суунун булактары

Үй чарбаларынын жана туруктуу калктын ичүүчү суунун булактары, ичүүчү сууну алууга сарпталган убакыты жана жашаган жери боюнча бөлүнгөндөгү ичүүчү сууну тазалоонун ыгы боюнча пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Мүнөздөмөлөр	Үй чарбалары			Калк		
	Шаар	Айыл	Бардыгы	Шаар	Айыл	Бардыгы
Ичүүчү суунун булагы						
Жакшыртылган булак	95.9	83.4	88.2	94.4	81.9	85.9
Үйдөгү суу түтүк суусу	60.6	12.3	30.9	54.3	12.0	25.5
Короодо/бакчадагы суу түтүк суусу	27.9	31.9	30.4	31.3	29.0	29.7
Ичүүчү суу үчүн коомдук колонка	5.4	30.5	20.8	6.4	31.8	23.7
Түтүктүү кудук же скважина	1.4	2.2	1.9	1.6	2.3	2.1
Корголгон кудук	0.5	3.3	2.2	0.6	3.4	2.5
Корголгон булак	0.1	3.2	2.0	0.2	3.3	2.3
Жакшыртылбаган булак	4.1	16.4	11.6	5.5	17.9	13.9
Корголбогон кудук	0.7	0.7	0.7	0.9	0.8	0.8
Корголбогон булак	0.3	2.4	1.6	0.4	2.6	1.9
Суу ташуучу унаа/суу куя турган идиши бар араба	1.1	0.9	1.0	1.5	1.0	1.1
Жер үстүндөгү суу	2.0	12.3	8.3	2.8	13.5	10.1
Башка булак	0.0	0.2	0.1	0.0	0.2	0.1
Жок	0.0	0.1	0.1	0.1	0.1	0.1
Бардыгы	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0
Ичүүчү сууну алууга сарпталган убакыт (экөөнүн аягы)						
Мекеме ичиндеги суу	91.4	53.6	68.2	89.1	51.2	63.3
30 мүнөттөн аз	7.1	40.7	27.7	8.9	42.3	31.6
30 мүнөт же андан көп	0.6	5.1	3.4	0.7	5.8	4.2
Билбейм/Жок	0.9	0.6	0.7	1.2	0.6	0.8
Бардыгы	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0
Сууну колдонгонго чейин тазалоо[1]						
Кайнатуу	38.9	47.5	44.2	43.3	50.3	48.1
Хлор кошуу	0.0	0.5	0.3	0.0	0.6	0.4
Кездеме аркылуу тунутуу	0.1	0.2	0.1	0.1	0.1	0.1
Керамика, кум же башка фильтр	2.0	0.3	1.0	1.9	0.3	0.8
Күн дезинфекциясы	0.1	2.4	1.5	0.2	3.0	2.1
Башкалар	9.4	8.7	9.0	10.0	9.1	9.4
Эч кандай тазалоосуз	57.3	49.3	52.4	53.0	46.8	48.8
Тазалоонун ыкмасын[2] колдонгондордун үлүшү	40.4	48.4	45.3	44.9	51.1	49.1
Сандык	3,105	4,935	8,040	10,789	22,916	33,704

[1] Респонденттер сууну тазалоонун бир канча ыкмасын колдонгонун айтышы мүмкүн, ошондон улам сууну тазалоонун ыкмаларынын суммасы 100 пайызга чейин көтөрүлүшү мүмкүн.

[2] Сууну тазалоонун тийиштүү ыкмалары өзүнө сууну кайнатууну, хлорду колдонууну, тунутууну, фильтрация жана күн дезинфекциясын камтыйт.

2006-жылы Кыргыз Республикасында өткөрүлгөн Мульти индикатордук кластердик изилдөөдө (мындан ары - МИКИ) дагы изилдөө үчүн тартылган үй чарбаларынын калкынын ичинде гана ичүүчү суунун булактары тууралуу маалыматтар жыйналган. Үй чарбаларындагы калктын жакшыртылган ичүүчү сууну алууга болгон мүмкүндүктөрү КР МДИ-2006 (88 пайыз) жүргүзүлгөн убактан кийинки акыркы алты жылда (КР МДИ-2012 - 86 пайыз) өзгөрүлгөнү байкалган эмес (Улутстатком, 2007). КР МДИ-2012де анкетасына ичүүчү суунун булактарынын категорияларына КР МДИ-1997 анкетасында камтылган категориялардан айырмаланган категориялар камтылды жана алар бул эки изилдөөнүн маалыматтарын салыштырууну кыйындатат (НИИАП жана Макро Интернашнл., 1998). Ошон үчүн, 1997-жыл менен ичүүчү суунун кийинки булактарын колдонуунун тенденциясын көрсөтүү үчүн 2.1-график КР МДИ-1997 жыйынтыктары менен МИКИ-2006 жана КР МДИ-2012нин жыйынтыктары төмөнкү булактар боюнча гана салыштырылат: үйдөгү суу түтүгү, короодогу суу түтүгү. КР МДИ-1997 2006-жылдагы жана 2012-жылдагы маалыматтар менен салыштыруу үчүн туруктуу калк үчүн кайра саналды. Үй

чарбасындагы калктын түздөн-түз үйгө же үй алдына өткөрүлгөн сууга болгон мүмкүндүгү 1997-жылдагы 44 пайыздан 2012-жылга 55 пайызга көбөйдү. Көрсөткүчтөрдүн маанилүү баскычтары айыл жергесинде белгиленди. Сууну үйүнө же короосуна өткөрүлгөн суу түтүктөр тарамынан алган айыл калкынын үлүшү 1997-жылдагы 26 пайыздан 2012-жылы 41 пайызга көбөйдү, ошол эле убакта шаар жериндеги сууну суу түтүк тарамынан алууга болгон мүмкүндүк кеңири жайылып, 85 пайыздан 86 пайызга көтөрүлдү.

2.1-графиги

Үйдүн жана короонун ичине суу түтүк менен өткөрүлгөн сууларды колдонуунун динамикасы, Кыргыз Республикасы, 1997, 2006 жана 2012



2.1.2 Санитардык курулуштар

Үй чарбасында санитардык-гигиеналык курулуштардын болушу ич ооруулардын жана башка оорулардын үй чарбасында таралуу коркунучун азайтууда маанилүү фактор болуп эсептелет. ДССУ/ЮНИСЕФтин Суу менен жабдуу жана санитария секторунун мониторинги боюнча биргелешкен программасынын бекитилген стандарттарына ылайык, ажаткана курулуштарынын гигиеналык статусу пайдаланылган курулуштун тибине жана анын коомдук колдонуудагы жай болуп саналгандыгынын негизинде аныкталат (ЮНИСЕФ жана ДССУ, 2012). Үй чарбасынын ажатканасы/дааратканасы эгер аны бир гана үй чарбасынын мүчөлөрү (т.а. башка үй чарбалары менен чогуу колдонгон жай болуп эсептелбейт) колдонсо жана курулуштун тиби адам менен адамдык калдыктарды бөлүп турса, гигиеналык деп бөлүнөт. Курулуштардын бул тиби төмөнкүлөр болуп саналат: суусу түтүктүк канализациялык системага агызылган же суусун кол менен агыза турган ажатканалар, суусун алмаштырып турган ажатканалар/септикалык танк/казылган чуңкуру, желдетилип жакшыртылган казылган чуңкуру, настилдүү казылган чуңкуру бар ажаткалар жана компост ажатканалар.

2.2-таблицада КР МДИ-2012ге тартылган үй чарбаларынын басымдуу көпчүлүгү жана үй чарбаларынын туруктуу калкынын 99 пайызы, ал эми МИКИ-2006нин маалыматтары боюнча калктын 96 пайызы жакшыртылган санитардык курулуштарды колдонгондугун көрсөтөт (Улутстатком, 2007). Жакшыртылган санитардык курулуштарды колдонгон үй чарбаларынын көпчүлүгү жакшыртылган санитардык курулуштарды башка үй чарбалары менен биргеликте колдонушпайт: Кыргыз Республикасындагы үй чарбаларынын 4 пайызы гана жакшыртылган санитардык курулуштарды башка үй чарбалары менен биргеликте колдонушат. КР МДИ-2012нин анкетасында санитардык курулуштардын категориялары КР МДИ-1997нин анкетасында колдонулган категориялардан айырмаланып турарын баса белгилеп кетүү керек жана эки изилдөөнүн маалыматтарын салыштырууга болбойт.

2.2-таблица Үй чарбаларындагы санитардык курулуштар

Үй чарбаларынын жана туруктуу жашаган калктын колдонгон ажаткана/дааратканын тиби боюнча жашаган жеринин тибине ылайык пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Ажаткананын/дааратканын тиби	Үй чарбалары			Калк		
	Шаар	Айыл	Бардыгы	Шаар	Айыл	Бардыгы
Жалпы эмес колдонуудагы жакшыртылган ажаткана	91.6	96.7	94.7	91.9	96.6	95.1
Суусу канализация системасына агызылган ажаткана	37.9	2.2	16.0	32.1	1.8	11.5
Септикалык танкы бар ажаткана	0.7	0.0	0.3	0.9	0.0	0.3
Казылган чункуру бар ажаткана	0.5	0.2	0.3	0.7	0.1	0.3
Желдетилип жакшыртылган кырылган чуңкуру бар дааратканa	2.9	5.1	4.2	3.0	4.8	4.2
Настилдүү казылган чуңкуру бар дааратканa	49.5	89.2	73.9	55.2	89.9	78.8
Чогуу колдонулган ажаткана[1]	7.3	1.9	4.0	6.8	1.9	3.5
Суусу канализация системасына агызылган ажаткана	4.1	0.0	1.6	3.5	0.0	1.1
Суусу казылган чуңкурга агызылган ажаткана	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0
Желдетилип жакшыртылган казылган чуңкуру бар дааратканa	0.0	0.1	0.1	0.0	0.1	0.1
Настилдүү казылган чуңкуру бар дааратканa	3.1	1.8	2.3	3.3	1.8	2.3
Жакшыртылбаган ажаткана	1.1	1.5	1.3	1.3	1.5	1.5
Суусу канализация системасына, септикке,чуңкурга кошулбаган ажаткана	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0
Настилсиз чуңкуру бар дааратканa/ачык чуңкур	1.0	1.4	1.3	1.3	1.5	1.4
Челек	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0
Шарты жок/жыгач/пол	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0
Бардыгы	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0
Саны	3,105	4,935	8,040	10,789	22,916	33,704

[1] Ажаткана курулуштары эгер эки же андан көп үй чарбалары чогуу колдонулбаса, жакшыртылган деп аталат.

Казылган настилдүү чуңкур (74 пайыз) ажатканын эң көп жайылган тиби болуп саналат. Үй чарбаларынын алтоосунун бири суусу канализация системасына кошулган ажатканы колдонот, андан кийин желдетилип жакшыртылган казылган чуңкуру бар дааратканы (4 пайыз) колдонушат. Шаар жериндеги үй чарбаларынын болжолдуу бешинин экөө агызуучу суусу бар ажаткана колдонушат, ошол эле убакта бул типтеги ажатканалар айыл жеринде өтө аз (2 пайыз).

2.1.3 Турак жайдын башка мүнөздөмөлөрү

2.3-таблицада социалдык-экономикалык абалды чагылдырган жана үй чарбаларынын мүчөлөрүнүн саламаттыгына түздөн-түз таасир эткен турак жайдын башка мүнөздөмөлөрү боюнча үй чарбаларынын жана туруктуу калктын бөлүнүшү көрсөтүлөт.

2.3-таблица. Үй чарбаларынын мүнөздөмөлөрү

Үй чарбаларынын турак жайдын мүнөздөмөлөрү боюнча пайыздык бөлүнүшү, тамак даярдоо үчүн күйүүчү майды колдонуучу үй чарбалардын пайызы жана үйдүн ичинде чылым чегүүнүн жыштыгы боюнча жашаган жеринен көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Үйдүн мүнөздөмөсү	Жашаган жеринин тиби		Бардыгы
	Шаар	Айыл	
Электр энергия			
Бар	99.8	99.8	99.8
Жок	0.2	0.2	0.2
Болбогон	0.1	0.0	0.0
Бардыгы	100.0	100.0	100.0
Полдун материалы			
Жер/кум	1.3	4.9	3.5
Кык	0.0	0.2	0.1
Тактайлар	15.5	26.6	22.3
Камыш	0.2	0.3	0.3
Паркет же жылмаланган жыгач	44.0	55.0	50.8
Винил/линолеум	36.9	10.6	20.8
Керамикалык такта	0.3	0.1	0.2
Цемент	1.1	1.6	1.4
Килем	0.4	0.2	0.3
Башкалар	0.3	0.5	0.4
Бардыгы	100.0	100.0	100.0
Сырткы дубалдын материалы			
Жер	4.6	13.0	9.7
Сөңгөк/көтөрмө	0.2	2.9	1.8
Ылайлуу саман	17.0	31.7	26.0
Ылайлуу таштар	0.7	1.1	0.9
Самансыз	0.3	0.1	0.2
Кайталанып колдонулган сөңгөк	1.2	1.8	1.6
Цемент	3.3	4.5	4.0
Акиташтуу же цементтүү таш	0.2	0.3	0.3
Кирпич	40.9	39.6	40.1
Цемент блоктору	3.4	2.5	2.8
Саман	0.7	1.0	0.9
Тактайлар/жыгач тактайчалар	0.2	0.3	0.3
Шлак/шлакоблок	2.1	0.6	1.2
Полимер	0.1	0.0	0.0
Бетон/темирбетон/панель/монолит	25.1	0.3	9.9
Башкалар	0.0	0.1	0.1
Жок	0.0	0.1	0.1
Бардыгы	100.0	100.0	100.0
Тунуке			
Мат	0.2	0.2	0.2
Жыгач тактайлар	0.2	0.1	0.1
Толь	4.1	0.2	1.7
Металл	4.8	6.7	6.0
Жыгач	0.5	0.9	0.7
Шифер	63.4	89.4	79.3
Керамикалык такталар	2.6	2.3	2.4
Цемент/бетон такталары	24.1	0.1	9.4
Башкалар	0.1	0.0	0.1
Бардыгы	100.0	100.0	100.0
Уктоо үчүн бөлмө			
Бир	37.8	17.3	25.2
Эки	42.3	48.5	46.1
Үч же андан көп	19.2	33.6	28.0
Жок	0.7	0.6	0.6
Бардыгы	100.0	100.0	100.0
Тамак даярдоочу жай			
Үйдө	79.2	45.3	58.4
Башка курулуш	19.8	50.4	38.6
Короодо	0.9	4.2	2.9
Жок	0.1	0.2	0.1
Бардыгы	100.0	100.0	100.0

уландысы

2.3-таблица. уландысы

Үй чарбаларынын турак жайдын мүнөздөмөлөрү боюнча пайыздык бөлүнүшү, тамак даярдоо үчүн күйүүчү майды колдонуучу үй чарбалардын пайызы жана үйдүн ичинде чылым чегүүнүн жыштыгы боюнча жашаган жеринен көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Үйдүн мүнөздөмөсү	Жашаган жеринин тиби		Бардыгы
	Шаар	Айыл	
Тамак даярдоо үчүн күйүүчү май			
Электр энергия	41.3	60.4	53.0
Күйүүчү газ/Жаратылыш газы/Биогаз	54.2	6.1	24.7
Көмүр, күрөң көмүр	0.4	0.3	0.4
Жыгач көмүрү	0.0	0.9	0.6
Отун	2.0	12.0	8.2
Саман/бутактар/кууракан чырпык	1.1	4.2	3.0
Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн калдыктары	0.3	6.3	4.0
Тезек/кык	0.7	9.6	6.2
Бардыгы	100.0	100.0	100.0
Тамак даярдоо үчүн күйүүчү май колдонгондордун пайызы[1]	4.5	33.4	22.2
Үйдө чылым чегүүнүн жыштыгы			
Күн сайын	22.7	36.4	31.1
Жума сайын	1.6	3.6	2.8
Ай сайын	0.3	0.5	0.4
Айына бир жолудан аз	0.5	0.5	0.5
Эч качан чегишкен эмес	74.9	59.0	65.1
Өткөрүп жиберген	0.1	0.0	0.0
Бардыгы	100.0	100.0	100.0
Саны	3,105	4,935	8,040

[1]Көмүр/күрөн көмүр, сөңгөк көмүр, жыгач, саман/бадал/чөп, айыл чарба өсүмдүктөр жана жаныбарлардын тезегин камтыйт.

Кыргыз Республикасындагы дээрлик бардык үй чарбалары электр менен жабдылган. Турак жайлардын көпчүлүгүндө полдун тигил же бул тиби колдонулган, бирок үй чарбаларынын 4 пайызы полу топурак менен жасалган же жер турак жайларда жашашат. Жер полдор шаар жерине (1 пайыз) караганда айыл жеринде (5 пайыз) көп кездешет. Шаардык жана айылдык үй чарбалары кирпич дубалдарга көп маани беришет (41 жана 40 пайыз). Айыл жериндеги турак жай курулуштардын дээрлик үчтөн бири саман жана ылайды колдонуу менен курулган (32 пайыз), ошол эле убакта бул материал шаар жеринде аз кездешет (17 пайыз). Шифер шаар жеринде да, айыл жеринде да эң жогорку маанидеги турак жай чатырларын жабуучу материал болуп саналат (63 жана 89 пайыз), ошол эле убакта цемент/бетон блоктору шаарларда гана топурактын ордуна материал катары колдонулат (24 пайыз).

Кыргыз Республикасындагы үй чарбаларынын болжолдуу төрттөн үчөө жок эле дегенде уктоо үчүн колдонулуучу эки бөлмөгө ээ, ал эми 28 пайызы үч же андан көп уктоочу бөлмөлөргө ээ. Уктоо үчүн колдонулуучу бир гана бөлмөгө ээ болуу мүмкүндүгү айыл жериндеги (17 пайыз) үй чарбаларына караганда шаар жериндеги (38 пайыз) үй чарбаларында эки эсеге жогору.

Күйүүчү майды колдонуунун натыйжасында имараттын ичиндеги абанын булгануусу оору-сыркоо жана өлүм коркунучтарына байланыштуу (ВОЗ, 2006b). 2.3-таблицада Кыргыз Республикасындагы үй чарбаларынын көпчүлүгү тамак даярдоо үчүн электрэнергиясын (53 пайыз) же күйүүчү газды, жаратылыш газын, биогазды (25 пайыз), болжолдуу түрдө онунан экөө күйүүчү май (мисалы, сөңгөк, көмүр, сөңгөк көмүр, саман, бадал, чөп, айыл чарба өсүмдүктөрү же кык) колдонорун көрсөтөт. Айыл жериндеги үй чарбалары тамак даярдоо үчүн шаар жериндеги үй чарбаларынан айырмаланып, күйүүчү майды көп колдонушат (33 жана 5 пайыз). Бирок айыл жериндеги үй чарбалары тамакты турак жайдан бөлүнгөн курулушта же сыртта даярдашат, натыйжада күйүүчү майды жагууда бөлүнүп чыккан булгоочу заттардын таасири азайат, айыл

жериндеги үй чарбаларынын жарымынан көбү тамакты турак жайдан бөлүнгөн курулушта же сыртта даярдашканын айтышкан. Кыргыз Республикасында тамак даярдоо үчүн күйүүчү майды колдонуу азайууда. Жалпысынан МИКИ-2006да (Улутстатком, 2007) үй чарбаларынын 37 пайызы КР МДИ-2012нин 22 пайызына салыштырмалуу тамак даярдоо үчүн күйүүчү майды колдонорун айтышкан. Тамак даярдоо үчүн күйүүчү майды колдонгон үй чарбаларынын үлүшү 2006-жылдагы 12 пайыздан 2012-жылдагы 5 пайызга чейин төмөндөгөн, ал эми айыл жериндеги үй чарбаларында 56 пайыздан 33 пайызга чейин төмөндөгөн. КР МДИ-1997ни жүргүзүүдө тамак даярдоо үчүн колдонулуучу күйүүчү май тууралуу маалыматтар жыйналган эмес.

Пассивдүү чылым чегүүгө кабылган үй чарбаларын баалоо максатында үйдүн ичинде чылым чегүү тууралуу маалыматтар 2.3-таблицада берилди. Пассивдүү чылым чегүү чылым чекпеген балдардын жана улуулардын ден соолугу үчүн коркунуч болуп саналат. Мисалы, илимий-изилдөө маалыматтары боюнча пассивдүү чылым чегүүгө кабылган балдар респиратордук, кулак жана өпкөнүн жетишсиз өнүгүүсү ооруларынын жогорку тобокелдигине ээ (АКШнын Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтар департаменти, 2006) жана пассивдүү чылым чегүүгө кабылган кош бойлуу аялдарда баланын денесинин төмөнкү массасы менен төрөлүү коркунучу жогору (Виндхэм и др., 1999). Жалпысынан Кыргыз Республикасындагы үй чарбаларынын үчтөн бириндеги респонденттери үйүнүн ичинде, ал эми 31 пайызы үйүнүн ичинде ар бир күнү, 3 пайызы ар бир жума сайын чылым чегишет. Үйдүн ичинде шаар жерине караганда айыл жеринде көп чегишет (25 жана 41 пайыз).

2.2 Үй чарбасында мүлктөрдүн болушу

Мүлктүн болушу үй чарбаларынын социалдык-экономикалык деңгээлинин индикатору болуп саналат. Мындан сырткары айрым товарлар белгилүү артыкчылыкка ээ. Радио же телевизордун болушу үй чарбасынын мүчөлөрүнө новатордук идеялар жөнүндө маалыматтарды жеткирет, муздаткыч тамак-аш азыктарынын сапаттарын узартат, ал эми транспорттук каражаттар жашаган жерден сырткары жайгашкан тейлөөлөргө кеңири мүмкүндүктү камсыз кылат. 2.4-таблицада үй чарбалары ээлик кылган мүлктөрдүн жашаган жеринен көз каранды айрым түрлөрү көрсөтүлгөн.

2.4-таблица. Үй чарбаларынын мүлктөрү

Транспорт каражаттары, айыл чарба жерлери, жандыктары, кол сааттары же банктык эсептери сыяктуу түрдүү мүлктөргө ээлик кылган үй чарбаларынын жашаган жеринен көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Мүлктөр	Жашаган жеринин тиби		Бардыгы
	Шаар	айыл	
Үй чарбаларынын мүлктөрү			
Радио	28.9	42.7	37.4
Телевизордун каалаган түрү	99.1	98.2	98.5
Кара-ак телевизор	5.6	7.2	6.6
Түстүү телевизор	97.2	96.9	97.0
DVD-плеер	79.5	82.2	81.1
Спутникалык антенна	29.3	29.3	29.3
Компьютер	26.9	11.7	17.6
Интернет байланыш	10.0	5.4	7.2
Телефондун каалаган түрү	97.9	97.4	97.6
Уюлдук телефон	95.3	97.2	96.5
Уюлдук эмес телефон	50.1	9.9	25.4
Домофон	2.6	2.2	2.3
Сандык фотоаппарат	32.8	22.1	26.2
Видеокамера	12.2	7.0	9.0
Килем	98.4	98.2	98.3
Стол	94.1	87.0	89.8
Стул	73.5	64.8	68.2
Диван	82.1	75.2	77.9

уландысы

2.4-таблица. уландысы

Керебет	71.0	78.3	75.5
Сервант/горка/дубал шкаф	85.0	86.7	86.0
Муздаткыч	85.4	75.8	79.5
Тоңдургуч	3.2	3.8	3.6
Электр кургаткычы	25.6	22.6	23.7
Желдеткич	7.8	3.8	5.3
Кир жуугуч машина	72.8	61.9	66.1
Чаң соргуч	63.9	37.2	47.5
Тигүүчү машина	38.1	63.3	53.6
Транспорттук каражаттар			
Велосипед	16.8	29.2	24.4
Араба	1.9	13.3	8.9
Мотоцикл/мопед	1.0	1.3	1.2
Автомобиль	44.1	47.5	46.2
Жүк ташуучу унаа	2.1	6.2	4.6
Моторлуу кайык	0.0	0.1	0.1
Трактор/комбайн	0.4	4.2	2.7
Айыл чарба жерлерине ээлик кылуу	22.1	78.4	56.6
Жандыктардын болушу[1]	14.8	71.8	49.7
Сааттар	38.8	35.3	36.7
Банктык эсеп	6.3	3.2	4.4
Саны	3,105	4,935	8,040

[1]Мал, үйүр, айыл чарба малдары, аарылар уюгу же канаттуу.

Үй чарбаларынын дээрлик бардыгында (99 пайыз) телевизордун тигил же бул түрү, биринчи кезекте түстүү телевизорлор бар, онунун сегизи DVD-плеер жана онунун үчүндө менчик спутникалык антенналар бар. Үй чарбаларынын басымдуу көпчүлүгү (98 пайыз) телефонго ээ жана уюлдук телефондордун саны стационардык телефондорго караганда алда канча көп. Үй чарбаларынын жети пайызынын үйүндө интернетке кирүүгө мүмкүндүк бар. Башка мүлктөргө ээ үй чарбаларынын үлүшүндө бир кыйла айырмачылыктар бар. Мисалы, домофон 2 пайыз, килем 98 пайыз, стол 90 пайыз, сервант же дубал шкафы 86 пайыз жана муздаткыч 80 пайыз. КР МДИ-2012 менен КР МДИ-1997нин жыйынтыктарын (НИИАП жана Макро Интернашнл., 1998) салыштыргандан кийин телевизорго ээ үй чарбаларынын үлүшү 1997-жылдагы 85 пайыздан 2012-жылдагы 99 пайызга чейин өскөндүгү, муздаткыч 1997-жылдагы 67 пайыздан 2012-жылдагы 80 пайызга чейин өскөндүгү, телефон 1997-жылдагы 30 пайыздан 2012-жылдагы 98 пайызга чейин өскөндүгү белгилүү болду.

КР МДИ-2012 менен МИКИ-2006нын (Улутстатком, 2007) жыйынтыктарын салыштырганда уюлдук телефондорго ээ үй чарбаларынын үлүшү 2006-жылдагы 27 пайыздан (маалыматтар жарыяланган эмес) 2012-жылдагы 97 пайызга чейин бир кыйла өскөндүгүн жана фиксирлөөчү телефондук аппаратка ээ үй чарбалынын үлүшү бир эле убакта 2006-жылдагы 40 пайыздан (маалыматтар жарыяланган эмес) 2012-жылдагы 25 пайызга чейин төмөндөгөнүн көрсөтөт. Компьютерлердин саны өскөнү менен уюлдук телефондорду колдонуунун үлүшүндөй кескин көбөйбөдү, үй чарбаларынын менчигиндеги компьютерлердин саны 2006-жылдагы 6 пайыздан (маалыматтар жарыяланган эмес) 2012-жылдагы 18 пайызга чейин көбөйгөн. Ошону менен бирге радиого ээ үй чарбаларынын саны 2006-жылдагы 51 пайыздан (маалыматтар жарыяланган эмес) 2012-жылдагы 37 пайызга чейин азайган.

2.4-таблицада көрсөтүлгөндөй, шаардык жана айылдык үй чарбалары мүлктөрдүн айрым түрлөрүнүн санына ээлик кылууда айыл жерине салыштырмалуу айырмачылыктарга ээ. Эң көп белгилүү үч айырмачылык телефондорго, чаң соргучтарга жана компьютерлерге ээлик кылууда байкалат; шаар жериндеги үй чарбаларынын 50 пайызы уюлдук эмес телефондорго ээ, 61 пайызы чаң соргучтарга жана 27 пайызы компьютерге ээ, ал эми айыл жериндеги бул көрсөткүчтөр 10, 37

жана 12 пайызды түзөт. Тескерисинче, айыл жериндеги үй чарбалары шаар жериндеги үй чарбаларына караганда тигүүчү машинага жана радиого көп ээлик кылышат.

2.4-таблицада үй чарбаларынын транспорттук каражаттарга ээлик кылуусу жөнүндө маалыматтар көрсөтүлгөн. Үй чарбаларынын жыйырма төрт пайызы велосипедге, 46 пайызы автоунаага, 5 пайызы жүк ташуучу унаага жана 3 пайызы тракторго ээ экендигин айтышкан. Айыл жериндеги үй чарбалары шаар жериндеги үй чарбаларына караганда автоунаа же жүк ташуучу унаага, велосипедге (29 пайызга 17 пайыз) же тракторго (бир пайыздан азга салыштырмалуу 4 пайыз) көп ээлик кылышат.

Автоунаасы бар үй чарбаларынын үлүшү КР МДИ-1997нин жыйынтыктары менен салыштырганда 22 пайызды түзгөн, 2012-жылы эки эсе көбөйүп, 46 пайызды түздү. Велосипеди бар үй чарбаларынын үлүшү 1997-жылдагы 10 пайыздан 2012-жылы эки эсе көбөйүп, 24 пайызды түздү.

Үй чарбаларынын жарымынан көбү (57 пайыз) айыл чарба жерлерине[1] жана 50 пайызы айыл чарба жаныбарларына ээ. Күтүлгөндөй, айыл жериндеги үй чарбаларында айыл чарба жерлеринин бар болуу мүмкүндүгү, шаар жериндеги айыл чарба жаныбарларына (72 пайызга 15 пайыз) караганда алда канча жогору (78 пайызга 22 пайыз).

Кыргызстандагы үй чарбаларынын бир азы банктык эсепке ээ. Шаар жериндеги үй чарбаларынын 6 пайызы жана айыл жериндеги үй чарбаларынын үч пайызы банктык эсепке ээ.

2.3 Үй чарбаларынын жетиштүү жашоосу

КР МДИ-2012нин анкетасында үй чарбаларынын керектөөсү жана кирешелери тууралуу түз суроолор болгон жок. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган турак жай фонду, үй чарбаларынын мүнөздөмөлөрү жана мүлктөрү жөнүндө кеңири маалыматтар 2.5-таблицада көрсөтүлгөн жетиштүү жашоо индексин түзүү үчүн пайдаланылды. Жетиштүү жашоо индекси чыгашалардын жана кирешелердин көрсөткүчтөрүн кыйыр мүнөздөйт жана медициналык жана башка тейлөөлөрдү алуудагы теңсиздикти жана саламаттыкты баалоо үчүн мыкты индикатор болуп саналат (Rutstein, 2000; Rutsteinand Johnson, 2004) .

Шаар жана айыл жериндеги үй чарбаларынын айырмачылыктарын аныктаган жетиштүү жашоо индексин түзүү процесси үч этапты камтыйт. Биринчи этапта шаар жери үчүн да, айыл жериндеги калктуу пункт үчүн да мүнөздүү болгон индикаторлорду тандоо калктуу пункттардын эки тибиндеги үй чарбаларынын жетиштүү жашоо баллын аныктоо үчүн колдонулду. Балдарды коюу үчүн айрым дихотомикалык (0-1) интикаторлордо категориялык алмашуулар түзүлдү. Бул алмашма жана үзгүлтүксүз көрсөткүчтөр кийин ар бир үй чарбасы үчүн жалпы баллды алуу үчүн башкы компоненттерди талдоонун жардамы менен талданды. Экинчи этапта айрым баллдар атайын аймактык көрсөткүчтөрдү пайдалануу менен шаар жериндеги жана айыл жериндеги үй чарбаларына коюлду. Үчүнчү этапта айрым атайын баллдар улуттук деңгээлде аймактык баллдар жалпы баллдарды артка жылдыруу аркылуу оңдоп-түзөө жолу менен жетиштүү жашоонун жалпы индексин алуу үчүн кураштырылды. Натыйжада жетиштүү жашоонун жыйынды индекси орточо маниге, нөлгө барабар жана стандарттык четке кагуу бирге барабар болгон маниге ээ.

Мындан кийин индекстер эсептелинип, улуттук деңгээлде жетиштүү жашоонун квинтилдери үй чарбаларынын туруктуу калкынын ар бир мүчөсүнө коюлган баллдарына ылайык баллдарды коюу жолу менен түзүлдү, андан кийин алар бирдей беш категорияга бөлүнүп, ар бир категорияга калктын болжолдуу 20 пайызы туура келди.

[1]Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана жер кодексине ылайык жер участкалары Кыргыз Республикасынын жарандарына жана юридикалык жактарына мөөнөтсүз колдонуу үчүн берилет. Айыл чарба муктаждыктары үчүн жарамдуу жерлер физикалык жана юридикалык жактарга айыл чарба өндүрүшү үчүн берилиши мүмкүн (GKR 2010, GKR 2012b).

2.5-таблицада жашаган жеринин тиби жана региону боюнча бөлүнүшүнө ылайык жетиштүү жашоо деңгээли боюнча беш квинтилге бөлүнгөн калктын пайыздык бөлүнүшү көрсөтүлөт. Бул бөлүнүштөр аймактар боюнча жашоо деңгээлинде дифференциациянын баскычына көрсөтүлөт.

2.5-таблица. Жетиштүү жашоо квинтилдери

Жетиштүү жашоо квинтилдери жана Джини коэффициенти боюнча туруктуу калктын жашаган жеринин тиби жана региону боюнча пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Жашаган жеринин тиби/облус	Жетиштүү жашоо квинтилдери					Бардыгы	Адам	Джини коэффициенти
	Эң төмөнкү	Экинчи	Орто	Төртүнчү	Эң жогорку			
Жашаган жеринин тиби								
Шаар	8.3	1.0	0.9	27.4	62.4	100.0	10,789	0.18
Айыл	25.5	28.9	29.0	16.5	0.0	100.0	22,916	0.18
Облусу								
Ысык-Көл	37.4	22.6	14.3	19.7	6.0	100.0	2,946	0.25
Жалал-Абад	22.0	30.0	26.3	14.5	7.2	100.0	5,903	0.23
Нарын	49.1	21.7	12.1	12.8	4.3	100.0	1,568	0.12
Баткен	8.3	25.5	41.7	21.3	3.2	100.0	2,601	0.23
Ош	31.9	25.9	23.8	17.3	1.0	100.0	7,064	0.08
Талас	31.6	27.9	21.9	17.6	1.0	100.0	1,649	0.19
Чүй	9.3	17.0	24.3	38.1	11.4	100.0	5,805	0.17
Бишкек шаары	0.5	0.4	0.1	12.1	86.9	100.0	4,855	0.02
Ош шаары	1.2	1.0	2.4	18.4	77.1	100.0	1,313	0.07
Бардыгы	20.0	20.0	20.0	20.0	20.0	100.0	33,704	0.21

2.5-таблицада берилген жыйынтыктар жашаган жердин тиби же калктын жашаган региону боюнча жашоонун бирдей эмес бөлүнүшүн көрсөтөт. Мисалы, шаар жеринин 90 пайызы эң жогорку эки квинтилге кирет. Тескерисинче, айыл калкынын 54 пайызы эң төмөнкү эки квинтилге кирет. Региондор боюнча окшош айырмачылыктар байкалат. Мисалы, Бишкек шаарынын калкынын 99 пайызы эң жогорку эки квинтилге кирсе, ошол эле убакта Нарын облусунун калкынын 71 пайызы жана Ысык-Көл, Ош, Талас облустарынын калкынын бештен үчүнө жакыны (60, 58 жана 60 пайыз) төмөнкү эки квинтилге кирет.

2.5-таблицада 0 бир калыптуу, ал эми 1 бир калыптуу эмес бөлүнүүнү билдирген жердеги жетиштүү жашоо контрацепциясынын деңгээлин билдирген Джини коэффициентин көрсөтөт. Джини коэффициенти улуттук деңгээлде 0, 21ге барабар жана шаар жеринде да, айыл жеринде да бирдей (0,18), калк арасындагы жашоонун жетиштүү бир калыпта бөлүнүшүн күбөлөндүрөт. Регионалдык айырмачылыктар анча чоң эмес, эң жогорку коэффициент Ысык-Көл (0,25), Жалал-Абад (0,23) жана Баткен (0,23) облустарында байкалат жана бул региондордогу жетиштүү жашоонун бир калыпта эмес бөлүнүшүн көрсөтөт.

2.4 Колдорду жууп тазалоо

Колдорду суу жана самын менен жууп тазалоо идеалдуу гигиеналык практика болуп саналат. Изилдөө колдорду суу жана самын менен (же кол үчүн тазалоочу күл же кум сыяктуу каражаттар менен) жууп тазалоо ич өткөктүн, респиратордук инфекциялардын жана башка инфекциялык оорулардын жугуу коркунучун азайтат (Ensink, 2008; Luby, 2005). Колдорду жууп тазалоо жөнүндө маалыматтарды алуу үчүн КР МДИнин интервью алуучулары үй чарбаларынын мүчөлөрүнөн колдорун көбүнчө кайсы жерде жууй тургандыгын сурашты жана байкоонун негизинде суунун, самындын же башка тазалоочу каражаттардын болушу жөнүндө маалыматтарды жазып алышты.

2.6-таблицада үй чарбаларынын 98 пайызында колдорду жуу үчүн жайлар каралгандыгы көрсөтүлөт. Негизинен үй чарба мүчөлөрүнүн колдорун жууй турган жайлары үйлөрүнүн ичинде

жайгашкандыктан, интервью алуучулар ал жайларды көрө алышкан жок (маалыматтар көрсөтүлгөн эмес).

2.6-таблица. Колдорду жуу

Кол жууганга каралган жайы, үй чарбаларынын мүчөлөрү колдорун көп жууган жери бар үй чарбаларынын пайызы, суунун, самындын жана башка тазалоочу каражаттардын болушу боюнча пайыздык бөлүнүш, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Кол жууган жайы каралган үй чарбаларынын пайызы	Үй чарбаларынын саны	Кол жууган жайы каралган үй чарбалары, пайыз менен:								Кол жууган жайы каралган үй чарбаларынын саны
			Самын жана суу[1]	Суу жана тазалоочу каражаттар[2]	Суу гана	Самын бар, бирок суу жок[3]	Башка тазалоочу каражаттар[2]	Суу да, самын да, башка тазалоочу каражаттар жок	Өткөрүп жиберген	Бардыгы	
Жашаган жеринин тиби											
Шаар	99.0	3,105	91.5	0.1	7.4	0.5	0.0	0.5	0.0	100.0	3,075
Айыл	97.7	4,935	83.8	0.5	11.3	1.7	0.0	2.5	0.2	100.0	4,819
Облусу											
Ысык-Көл	97.0	756	97.7	0.0	0.4	1.6	0.0	0.2	0.1	100.0	733
Жалал-Абад	99.8	1,221	64.7	0.7	27.9	1.6	0.0	5.1	0.1	100.0	1,218
Нарын	99.9	363	92.1	0.0	3.9	2.4	0.0	1.6	0.0	100.0	363
Баткен	99.3	549	90.5	0.0	2.5	4.0	0.0	2.2	0.7	100.0	545
Ош	93.5	1,320	78.1	0.1	17.8	2.1	0.1	1.9	0.0	100.0	1,234
Талас	98.8	332	92.6	0.2	2.3	2.2	0.0	2.6	0.1	100.0	328
Чүй	99.1	1,649	96.3	0.8	1.5	0.2	0.0	1.1	0.1	100.0	1,635
Бишкек шаары	99.1	1,478	89.5	0.2	10.1	0.0	0.0	0.2	0.0	100.0	1,465
Ош шаары	100.0	373	98.2	0.0	1.5	0.0	0.0	0.0	0.3	100.0	373
Жетиштүү жашоонун квинтили											
Эң төмөнкү	95.1	1,276	87.2	0.3	10.7	0.8	0.0	1.0	0.0	100.0	1,214
Экинчи	97.4	1,368	81.5	0.5	14.1	1.8	0.1	1.8	0.2	100.0	1,332
Орто	98.7	1,504	81.6	0.4	12.1	2.4	0.0	3.2	0.2	100.0	1,485
Төртүнчү	98.8	1,750	88.4	0.4	7.3	1.4	0.0	2.4	0.1	100.0	1,729
Эң жогорку	99.6	2,142	92.3	0.1	7.1	0.2	0.0	0.3	0.0	100.0	2,133
Бардыгы	98.2	8,040	86.8	0.3	9.8	1.2	0.0	1.7	0.1	100.0	7,893

[1]Самынга төрт кырдуу формадагы самын, суюк самын, порошок же паста түрүндөгү самын кирет. Бул тилке суусу гана же самыны гана бар жана суусу да, самыны да, башка тазалоочу каражаттары да бар үй чарбаларын камтыйт.
[2]Тазалоочу каражатка самындан башка күл, топурак же кум сыяктуу тазалоочу каражаттарга ээлер киргизилди.
[3]Самыны гана бар жана самыны да, башка каражаттары да бар үй чарбалары кошулат.

Колдорун жууй турган жайын байкоого мүмкүнчүлүк болгон үй чарбаларынын арасында 87 пайызында суу жана самын бар болгон. Башка үй чарбаларынын көпчүлүгүндө суу гана болгон. Үй чарбаларынын 2 пайызында гана суу да, самын да, башка тазалоочу каражаттар да болгон эмес.

Самындын же суунун болушунун ыктымалдуулугу шаар жериндеги үй чарбаларында айыл жериндеги үй чарбаларга караганда жогору (92 жана 84 пайыз). Суусу жана самыны бар үй чарбаларынын үлүшү Ош шаарында жана Ысык-Көл облусунда (98 пайыздан) эң жогору, ал эми Жалал-Абад облусунда эң төмөн (65 пайыз). Башка региондор менен салыштырганда Жалал-Абад жана Ош облустарындагы үй чарбаларынын сууга гана ээ болуу ыктымалдуулугу эң жогорку (28 жана 18 пайыз). Жашоонун эң жогорку, төртүнчү жана эң төмөнкү квинтилине кирген үй чарбаларында самынга жана сууга ээ болуу мүмкүндүгү жашоонун экинчи жана орто квинтилине кирген үй чарбаларына салыштармалуу жогору.

2.5 Үй чарбаларындагы калктын жаш курагы жана жынысы боюнча саны

Жалпысынан 8040 үй чарбасы жана алардагы 34131 адам сурамжыланды. 2.7-таблицада калктын жаш курагы, жынысы жана жашаган жери боюнча бөлүнүшү жөнүндө маалыматтар берилди.

2.7-таблица. Үй чарбаларынын калкынын жаш курагы, жынысы жана жашаган жери боюнча саны

Үй чарбаларынын калкынын 5 жылдык жаш курактык топтору, жынысы жана жашаган жери боюнча пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Жаш курак, жаш	Шаар калкы			Айыл калкы			Бардык калк		
	Эркектер	Аялдар	Эки жыныс	Эркектер	Аялдар	Эки жыныс	Эркектер	Аялдар	Эки жыныс
0-4	13.3	9.9	11.4	15.0	13.8	14.4	14.5	12.5	13.5
5-9	10.5	8.0	9.1	11.6	9.6	10.5	11.2	9.0	10.1
10-14	8.5	7.5	8.0	10.4	10.8	10.6	9.8	9.7	9.8
15-19	8.5	10.0	9.3	8.4	9.2	8.8	8.4	9.5	9.0
20-24	8.5	10.8	9.7	7.7	7.9	7.8	7.9	8.9	8.4
25-29	8.4	8.1	8.2	7.3	6.8	7.1	7.7	7.2	7.4
30-34	6.6	6.2	6.4	5.5	5.8	5.7	5.9	6.0	5.9
35-39	5.4	5.6	5.5	5.6	5.2	5.4	5.5	5.3	5.4
40-44	5.8	6.0	5.9	5.2	5.1	5.1	5.4	5.4	5.4
45-49	5.3	5.8	5.6	5.2	5.0	5.1	5.3	5.3	5.3
50-54	6.9	8.1	7.5	5.3	6.9	6.1	5.8	7.3	6.6
55-59	4.6	4.6	4.6	4.6	4.3	4.5	4.6	4.4	4.5
60-64	3.2	3.2	3.2	2.9	2.9	2.9	3.0	3.0	3.0
65-69	1.2	1.5	1.4	1.2	1.6	1.4	1.2	1.6	1.4
70-74	1.5	2.2	1.9	1.4	1.9	1.7	1.5	2.0	1.7
75-79	0.8	1.0	0.9	1.2	1.4	1.3	1.1	1.3	1.2
80 жаш жана улуу	0.8	1.6	1.2	1.4	1.6	1.5	1.2	1.6	1.4
Бардыгы	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0
Тирүү калктын саны, адам	4,992	6,046	11,038	11,314	11,779	23,093	16,306	17,825	34,131

Үй чарбаларынын калкынын жаш курактык түзүмү Кыргыз Республикасындагы мурунку демографиялык тенденцияларга, жалпысынан өлкөдөгү төрөлүүнүн жай жогорку деңгээлине таасирин тийгизет. Үй чарбаларынын калкынын жарымынан көбүн 25 жаштан кичүү жактар (51 пайыз) түзөт, ал эми алардын 33 пайызын 15 жаштан кичүү жактар түзөт. 25 жаштан кичүү калктын үлүшү шаар жеринде (52 пайыз) айыл жерине караганда жогору (48 пайыз).

2.2-графикте КР МДИ-2012ге тартылган үй чарбаларынын калкынын жыныстык жаш курагынын түзүмү көрсөтүлдү. Пирамида жакында өткөн төрөлүүнүн жогорку деңгээли менен мүнөздөлөн кеңири негизге ээ. 50-54 жаштагы аялдардын чоң үлүшү интервью алуучулар аялдарга жеңил болушу үчүн аларды жеке интервьюлоого туш келген бир жаш курактык топтон экинчи бир топко атайын өткөрүшкөн.

2.2-график: Калктын жыныстык жаш курагынын түзүлүшү



КР МДИ-2012

2.6 Үй чарбасынын курамы

2.8-таблицада ресурстарды (финансылык, эмоционалдык ж.б.) бөлүштүрүүгө таасир эткен үй чарбаларынын курамы жана мүчөлөрүнүн болушу менен байланышкан аспектилер каралат. Мисалы, үй чарбасынын башчысы аял болсо, финансылык ресурстар чектелет. Мындан сырткары үй чарбасынын көлөмү анын мүчөлөрүнүн саламаттыгына таасир этет. Чоң үй чарбаларындагы тардыктардан улам ден соолукка байланышкан көйгөйлөр чыгышы мүмкүн. Жетим же бакма балдардын болушу да үй чарбада болгон ресурстарга оордугун тийгизиши мүмкүн.

2.8-таблицада көрсөтүлгөндөй, Кыргызстандагы үй чарбаларынын көпчүлүгүнүн башчысы эркектер болуп саналат, үй чарбаларынын 27 пайызына гана аялдар башчылык кылат, бул КР МДИ-1997ни (26 пайыз) жүргүзүү учуру менен аялдар башчылык кылган үй чарбаларынын үлүшүнүн өзгөрүлбөгөндүгүн көрсөтөт. Бирок айыл жериндеги аялдар башчылык кылган үй чарбаларынын үлүшүнүн көбөйүшү менен бирге (1997-ж. 18 пайыздан 2012-ж. 21 пайызга чейин) шаар жеринде мындай үй чарбаларынын үлүшүнүн (1997-ж. 39 пайыздан 2012-ж. 36 пайызга чейин) кыскарышы байкалат.

2.8-таблица. Үй чарбасынын курамы

Үй чарбаларынын үй чапба башчысынын жынысы, өлчөмү, орточо өлчөмү, 18 жаштан кичүү жетим жана бакма балдардын болушу, жашаган жери боюнча пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

	Жашаган жеринин тиби		Бардыгы
	Шаар	Айыл	
Үй чарбасынын башчысы			
Эркек	63.7	78.9	73.1
Аял	36.3	21.1	26.9
Эки жыныс	100.0	100.0	100.0
Туруктуу мүчөлөрдүн саны			
0	0.2	0.0	0.1
1	13.0	5.0	8.1
2	19.4	10.3	13.8
3	21.3	14.5	17.1
4	19.6	18.6	19.0
5	14.2	20.0	17.7
6	7.3	15.0	12.0
7	2.9	8.6	6.4
8	1.4	4.0	3.0
9+	0.7	4.0	2.7
Бардыгы	100.0	100.0	100.0
Үй чарбаларынын орточо өлчөмү, адам	3.5	4.6	4.2
18 жашка чейинки жетим жана бакма балдары бар үй чарбаларынын үлүшү			
Бакма балдар[1]	9.0	15.7	13.1
Тололок жетимдер	0.4	0.6	0.5
Жарым жетим[2]	3.4	3.8	3.7
Бакма балдар жана/же жетим балдар	11.8	18.3	15.8
Үй чарбасынын саны	3,105	4,935	8,040

Эскертүү: Таблица үй чарбаларынын туруктуу, т.а. кадимки мүчөлөрү жөнүндө маалыматтар берет.
[1] Бакма балдар – 18 жашка чейинки, атасы да, энеси да жок, үй чарбаларды жашаган балдар.
[2] Ата-энесинин бирөөсү өлүп калган жана башка ата-энеде жашоонун белгисиз статусу менен жашаган балдарды камтыйт.

КР МДИ-2012ге тартылган үй чарбаларынын орточо өлчөмү КР МДИ-1997 жылдагы 4,6 пайызга салыштырганда 4,2 адамды түзөт. Үй чарбаларынын жарымынан көбү үчтөн бешке чейинки жактардын санынан турат, 22 пайызы бир же эки адамдан, төрттөн бирине жакыны (24 пайызы) алты же андан көп адамдан турат. Жашаган жеринин орду үй чарбаларынын өлчөмүнө эң түз мамилеге ээ: айыл жеринде жашаган үй чарбасынын орточо өлчөмү 4,6 мүчө, шаар жериндеги бир адамдан көп үй чарбасынын орточо өлчөмү 3,5 мүчө. Үй чарбаларынын орточо өлчөмүнүн кыскарышы эки изилдөөнүн аралыгында (1997-ж. 5,4төн 2012-ж. 4,6 пайызга чейин) айыл жеринде белгиленди. Ошону менен бирге шаар жериндеги үй чарбаларынын орточо өлчөмү 1997-жылдан дээрлик өзгөргөн жок (НИИАП жана Макро Интернашнл., 1998).

КР МДИ жүргүзүү убагында үй чарбаларынын мүчөлөрүнүн чогуу жашоосу, 18 жаштан кичүү балдардын ата-энеси менен жашагандыгы жөнүндө маалыматтар жыйналды. Бул маалыматтар 2.8-таблицада төмөнкү мүчөлөргө ээ үй чарбаларын аныктоо үчүн көрсөтүлдү:

(1) бакма балдар – ата-энесинин экөө тең тирүү, бирок алар менен чогуу жашабаган балдар;
(2) жетим балдар – атасы, же энеси, же экөө тең өлгөн балдар.

Кыргыз Республикасындагы үй чарбаларынын он алты пайызы бакма жана/же жетим балдарды тарбиялашат. 18 жашка чейинки бакма жана жетим балдардын болушу жөнүндө кошумча маалыматтар ушул бөлүмдүн ичинде кийинки бөлүктөрдө берилет.

2.7 Төрөттү каттоо

Балдардын төрөлүүсүн каттоо баланын толук юридикалык укугунун болушуна, коргоо жана коомдук тейлөөлөргө мүмкүндүк алууда маанилүү кадам болуп саналат (ЮНИСЕФ, 2012). 2.9-таблица КР МДИ-2012нин анкетасы аркылуу жыйналган төрөлүүнү каттоо жана 5 жаштан жаш балдардын төрөлгөндүгү жөнүндө күбөлүгүнүн болушу тууралуу маалыматтар камтылган. Төрөлүүнүн мамлекеттик каттоосу ЖААК органдары тарабынан түздөн-түз төрөлгөндүгү жөнүндө актынын жазуусун түзүүнүн негизинде берилүүчү туулгандыгы жөнүндө күбөлүк менен жүргүзүлөт.

Туулгандыгы жөнүндө күбөлүк төрөлгөндүгү жөнүндө актыны жазуу убагында же кийинчерээк төрөлүүнүн мамлекеттик каттоосунун факты катары күбөлүк берилет. Бирок ЖААК органдарында катталган бардык эле балдар туулгандыгы жөнүндө күбөлүккө ээ эмес, анткени айрым балдардын күбөлүктөрү жоголуп кетиши мүмкүн же айрымдарына бир да берилген эмес. Ошону менен бирге туулгандыгы жөнүндө күбөлүккө ээ балдардын бардыгы ЖААК органдарында катталган.

2.9-таблица. 5 жашка чейинки балдардын төрөлүүсүн каттоо

5 жашка чейинки туруктуу жашоочу, төрөлүүсү ЖААК органдарында катталган балдардын негизги мүнөздөмөлөргө бөлүнгөндөгү пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Төрөлүүсү катталган балдар			Балдардын саны
	Туулгандыгы тууралуу күбөлүккө ээ	Туулгандыгы тууралуу күбөлүккө ээ эмес	Катталгандардын пайызы	
Балдардын жаш курагы, жаш:				
2ден аз	95.4	2.5	97.8	1,881
2-4	97.6	1.1	98.7	2,558
Жыныс				
Эркек	96.4	1.8	98.2	2,300
Аял	97.0	1.5	98.5	2,140
Жашаган жеринин тиби				
Шаар	96.2	2.7	98.9	1,213
Айыл	96.8	1.3	98.1	3,226
Облусу				
Ысык-Көл	96.6	1.6	98.2	408
Жалал-Абад	97.0	1.5	98.5	788
Нарын	98.4	1.3	99.8	205
Баткен	97.0	1.9	98.9	386
Ош	98.2	1.2	99.5	1,029
Талас	93.5	2.3	95.8	268
Чүй	95.2	0.4	95.7	701
Бишкек шаары	95.8	4.0	99.8	528
Ош шаары	96.4	2.0	98.3	128
Жетиштүү жашоонун квинтили				
Эң төмөнкү	98.0	1.4	99.4	931
Экинчи	96.6	1.4	98.0	908
Орто	97.0	1.4	98.4	942
Төртүнчү	95.1	1.8	96.9	960
Жогорку	96.8	2.5	99.3	699
Бардыгы	96.7	1.7	98.3	4,439

Кыргыз Республикасындагы төрөлүүлөрдүн мамлекеттик каттоосу бардык жерде ишке ашырылат. Изилдөө алдындагы акыркы беш жыл ичинде катталган төрөлүүлөрдүн салыштырмалуу салмагы 98 пайызды түздү жана балдардын дээрлик бардыгы күбөлүккө ээ. Бир аз четке кагуулар балдардын айрым жаш курактык топчолорунда белгиленди, жалпысынан Талас облусунда жашаган балдарда туулгандыгы жөнүндө күбөлүккө ээ болуу мүмкүндүгү башка региондорго караганда бир канча төмөн (94 пайыз).

Эгерде баланын төрөлүүсү катталбаган болсо, үй чарбалары анкетасына жооп берген респонденттерге анын себебин көрсөтүүсүн сурандык. Туулгандыгы жөнүндө күбөлүктүн жоктугунун негизги себептери 0-59 айлык жаш курактагы балдардын чоң эмес тобунда көп (2 пайыз) болду: паспорттун жоктугу бир ата-энеде байкалды (21 пайыз), катталбаган нике (12 пайыз), ал эми респонденттердин 61 пайызы бир да себептерин көрсөтүшкөн эмес (маалыматтар өзүнчө берилбейт).

2.8 Балдардын жашоо шарттары

КР МДИ-2012де 18 жашка чейинки бардык балдардын биологиялык ата-энелери менен чогуу жашоосуна жана алардын жашап кетүү статусуна байланышкан бир катар суроолор берилди. Бул маалыматтар Кыргыз Республикасындагы бакма же жетим балдарды тарбиялоочу үй чарбаларынын үлүшүн аныктоо үчүн ушул бөлүмдүн баш жагында колдонулду.

2.10-таблицада берилген маалыматтар 18 жашка чейинки балдардын жашоосунун шарттарын талдоого жана Кыргыз Республикасындагы бакма балдардын үлүшүн жана жетим балдардын жалпы санын баалоого мүмкүнчүлүк берет. Демек, таблицада берилген маалыматтар боюнча 18 жашка чейинки туруктуу жашаган балдардын 74 пайызы ата-энесинин экөө менен тең жашайт, 11 пайызы энелери менен гана, 2 пайызы атасы менен гана жашайт жана 12 пайызы ата-энесинин эч кимиси менен жашабагандыгы белгилүү болду.

18 жашка чейинки балдардын он бир пайызы бакма балдар катары аныкталды, т.а. ата-энесинин экөө тең тирүү, бирок бир үй чарбасында баласы менен чогуу жашашпайт. 18 жашка чейинки балдардын төрт пайызы жетим балдар болуп саналат же ата-энесинин экөө тең каза болгон. Жетим балдардын көпчүлүгү аталарынан ажыраган, бир пайыздан азырагы энелеринен жана бир аз бөлүгү ата-энелеринин экөөсүнөн тең айрылган (0,3 пайыз). Кыргызстандагы балдардын он эки пайызы “Биологиялык ата-энеси менен жашабаган балдар” категориясына киришет. Бул категорияга бакма, жетим жана тоголок жетим балдар (ата-энесинин экөө тең каза болгон) кирет.

15 жашка чейинки балдардын арасындагы жетимдиктин жайымдуулугун КР МДИ-1997нин маалыматтары менен улуттук деңгээлде салыштырууга болот. Жалпысынан ата-энесинин экөөсү менен тең жашаган 15 жашка чейинки балдардын үлүшү 1997-жылдагы 83 пайыздан 2012-жылдагы 76 пайызга азайды. Бул биологиялык ата-энелеринин экөөсү менен тең жашабаган балдардын үлүшүнүн олуттуу көбөйүшү менен байланыштуу (1997-ж. 5 пайыздан, 2012-ж. 12 пайызга чейин).

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, 2.10-таблицадан жетим балдардын үлүшү жаш курактын өсүшү менен 0-4 жаштагы балдардын арасындагы бир пайыздан 15-17 жаштагы балдардын арасындагы 9 пайызга чейин көбөйгөндүгүн көрүүгө болот. Биологиялык ата-энесинин бирөөсү менен жашабаган балдардын үлүшү жаш курактын өсүшү менен бирдей көбөйөт (0-4 жаштагы балдардын арасындагы 11 пайыздан 15-17 жаштагы балдардын арасындагы 16 пайызга чейин).

Биологиялык ата-энесинин бирөөсү менен жашабаган балдардын үлүшү Ош облусунда 20 пайызды, Нарын облусунда 15 пайызды, Бишкек шаарында 5 пайызды түзөт. 2.10-таблицада жетиштүү жашоонун эки эң төмөнкү квинтилиндеги балдарда биологиялык ата-энелеринин бирөөсү менен чогуу жашоо мүмкүнчүлүгү жогору экендигин көрсөтүлөт.

2.10-таблица. Балдардын жашоосунун шарттары жана жетимдик

18 жаштан кичүү туруктуу жашаган балдардын жашоосунун тиби жана ата-энелеринин жашоосунун статусу боюнча пайыздык бөлүнүшү, биологиялык ата-энесинин бирөөсү менен чогуу жашабаган, ата-энесинин бирөөсү же экөө тең өлгөн балдардын негизги мүнөздөмөлөргө бөлгөндөгү пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Ата-энесинин экөө менен чогуу жашайт	Энеси менен жашайт, бирок атасы менен жашабайт		Атасы менен жашайт, бирок энеси менен жашабайт		Ата-энесинин экөөсү менен тең жашабайт					Бардыгы	Биологиялык ата-энеси менен жашаган балдардын пайызы	Ата-энесинин бирөөсү же экөө тең өлгөн балдардын пайызы[1]	Балдар-дын саны
		Атасы тирүү	Атасы өлгөн	Энеси тирүү	Энеси өлгөн	Атасы да, энеси да тирүү	Атасы гана тирүү	Энеси гана тирүү	Экөө тең өлгөн	Ата-энеси тууралуу маалымат жок				
Жаш курак														
0-4	78.1	9.7	0.6	0.6	0.0	10.2	0.0	0.3	0.0	0.4	100.0	10.5	1.0	4,439
<2	82.1	10.7	0.2	0.4	0.1	6.0	0.0	0.0	0.1	0.5	100.0	6.1	0.3	1,881
2-4	75.3	8.9	1.0	0.8	0.0	13.2	0.0	0.5	0.0	0.3	100.0	13.8	1.6	2,558
5-9	75.7	7.5	2.4	2.1	0.2	11.1	0.1	0.4	0.2	0.4	100.0	11.8	3.2	3,376
10-14	71.9	7.8	4.0	2.1	0.8	12.1	0.2	0.8	0.2	0.2	100.0	13.2	5.9	3,291
15-17	65.7	8.8	5.2	1.9	1.2	13.8	0.1	0.8	1.5	1.0	100.0	16.3	8.9	1,978
Жыныс														
Эркек	74.7	8.2	2.6	1.7	0.4	11.1	0.1	0.6	0.3	0.3	100.0	12.0	3.9	6,615
Аял	73.4	8.8	2.6	1.4	0.5	11.8	0.1	0.5	0.4	0.5	100.0	12.8	4.0	6,470
Жашаган жеринин тиби														
Шаар	72.5	11.3	3.7	1.3	0.4	9.4	0.0	0.6	0.3	0.6	100.0	10.4	4.9	3,673
Айыл	74.7	7.4	2.2	1.7	0.5	12.2	0.1	0.5	0.3	0.4	100.0	13.2	3.6	9,412
Облусу														
Ысык-Көл	76.6	5.6	3.3	0.9	0.4	10.9	0.3	0.9	0.4	0.9	100.0	12.5	5.2	1,169
Жалал-Абад	78.2	5.8	2.0	1.8	0.4	10.5	0.1	0.6	0.5	0.1	100.0	11.7	3.6	2,421
Нарын	75.7	3.7	3.2	1.4	0.5	13.7	0.1	1.2	0.3	0.2	100.0	15.3	5.4	659
Баткен	73.8	12.8	1.9	2.3	0.2	8.1	0.2	0.1	0.2	0.5	100.0	8.5	2.5	1,073
Ош	65.4	11.0	1.6	1.6	0.5	18.5	0.0	0.4	0.5	0.4	100.0	19.5	3.1	3,102
Талас	81.6	3.5	2.5	1.3	0.4	8.7	0.2	0.7	0.5	0.7	100.0	10.0	4.2	719
Чүй	77.1	7.3	3.4	1.8	0.7	8.3	0.0	0.5	0.1	0.7	100.0	9.0	4.7	1,989
Бишкек шаары	77.3	12.2	3.9	1.1	0.1	5.0	0.0	0.1	0.0	0.4	100.0	5.1	4.1	1,491
Ош шаары	66.6	11.2	4.6	1.4	0.2	13.9	0.0	1.7	0.2	0.2	100.0	15.8	6.8	460
Жетиштүү жашоонун квинтили														
Эң төмөнкү	74.1	6.5	1.2	1.1	0.1	15.2	0.2	0.6	0.7	0.3	100.0	16.7	2.8	2,839
Экинчи	75.4	5.5	2.0	2.1	0.3	13.8	0.1	0.4	0.2	0.2	100.0	14.5	3.1	2,795
Орто	75.4	8.3	2.4	1.7	0.7	10.2	0.1	0.6	0.2	0.4	100.0	11.1	4.0	2,750
Төртүнчү	72.7	10.7	3.6	1.8	0.5	9.1	0.1	0.3	0.5	0.7	100.0	10.0	5.0	2,596
Жогорку	72.2	12.8	4.3	1.1	0.5	7.7	0.0	0.8	0.1	0.5	100.0	8.5	5.6	2,105
<15 жаштагылардын бардыгы	75.5	8.5	2.2	1.5	0.3	11.0	0.1	0.5	0.1	0.3	100.0	11.7	3.1	11,107
<18 жаштагылардын бардыгы	74.1	8.5	2.6	1.6	0.4	11.4	0.1	0.5	0.3	0.4	100.0	12.4	4.0	13,085

Эскертүү: Таблица үй чарбасынын мүчөсү болуп туруктуу жашагандарга негизделген. Атасы же энеси өлгөн, экөө тең өлгөн, ата-энесинин бирөөсү өлгөн, бирок алардын тирүү экендиги жөнүндө эч кандай маалыматы жок балдарды камтыйт.

2.9 Үй чарба мүчөлөрүнүн билими

Үй чарба мүчөлөрүнүн билимдеринин деңгээли репродуктивдүү жүрүм-турум, контрацепцияны колдонуу, балдардын саламаттыгы жана тийиштүү гигиеналык көндүмдөр сыяктуу көптөгөн кубулуштарга таасир этет. Интервью убагында үй чарбаларындагы 5 жаштагы жана андан улуу бардык мүчөлөрүнө жана конокторго бүтүргөн билиминин деңгээли, ал эми 5-24 жаштагы жактарга билим берүүчү уюмдарга барууларына байланышкан суроолор берилди. Бул маалыматтар ушул бөлүктө КР МДИге тартылган үй чарбаларындагы калктын билим берүү тажрыйбасынын айрым аспектилерин, анын ичинде үй чарба мүчөлөрүнүн жалпы билим берүү деңгээлинин жалпы санын, башталгыч жана жалпы билим берүү жаш курагындагы балдардын арасында мектепке баруучулукту жана жаш балдарга эрте билим берүү программаларына катышууну билүү үчүн колдонулат.

2.9.1 Алынган билимдин деңгээли

2.11.1- жана 2.11.2-таблицаларда үй чарбаларындагы de-facto (накталай) калктын алты жана андан улуу жаштагы аял жана эркек жынысынын билиминин деңгээли тууралуу маалыматтар берилген. Кыргыз Республикасындагы билим берүү системасы төмөнкүдөй көрүнүштө: билимдин башталгыч деңгээли (1-4-класстар), негизги жалпы (базалык) билим берүү - билим берүүнүн I орто баскычы катары белгилүү (5-9[2] класстар), жалпы орто билим берүү – билим берүүнүн II баскычы катары белгилүү (10-11 класстар), башталгыч/орто кесиптик (ар бири окуунун 2-3 жылына болжолдонгон кесиптик же техникалык окуу жайларынын адистештирилген программалары) жана жогорку билим (университет же жогорку окуу жайдан кийинки билим) көрүнөт.

Билим берүүнүн негизги базалык деңгээлине баруучу же бүтүргөн жактар (5-9-класстар) жана жалпы орто билим деңгээлинде 10-11-класста окуган, бирок бүтүрө электер “толук эмес орто” категориясына биригишет. “Толук орто” категориясына 11-классты бүткөн жана 10-классты бүтүп, жалпы билим берүү мектебин аяктагандыгы тууралуу диплому (билим берүүнүн эски советтик системасында аттестат колдонулган) бар жактар кирет.

Алты жана андан улуу жаштагы эркектердин алтоосунан бири да аял калкы сыяктуу эле мектепке бир да жолу барган эмес же башталгыч гана билимди алышкан. Он эркектин үчөө орто билим берүүчү мектепти гана бүтүрүшкөн, ал эми 16 пайызы жогорку билим берүү жайларын бүтүрүшкөн. Эркектердин арасындагы окууну бүткөн жаштын медианасы 9,7 жашты түздү.

Жалпысынан алты жана андан улуу жаштагы аял калкынын көпчүлүгү жок дегенде толук эмес орто мектепти бүтүрүшкөн, жети аялдын бирөө гана мектепке бир да жолу барган эмес (4 пайыз) же башталгыч гана мектепке барышкан (10 пайыз). Он аялдын үчөө орто мектепти гана аякташкан жана 5 пайызы башталгыч кесиптик окуу жайына барышкан жана бүтүрүшкөн. Аялдардын тогуз пайызы орто кесиптик окуу жайларга барышкан же бүтүрүшкөн, 19 пайызы университеттик же жогорку билимге ээ. Аялдардын арасындагы окууну бүткөн жаштын медианасы 9,8 жашты түздү.

---

[2] Кыргыз Республикасындагы билим берүү системасы акыркы бир нече он жылдыктын ичинде реструктуризациянын бир нече этаптарынан өткөндүгүн белгилеп кетүү керек. Билим берүүнүн азыркы формалдуу системасы 1990-жылдын сентябрь айында киргизилген. Жаңы система боюнча башталгыч класстарды 1-4-класстар, жалпы базалык билим берүүнү 5-9-класстар түзөт, мурунку система боюнча 5-9-класстар жалпы базалык билим берүүнү, ал эми 10-11-класстар менен 9-10-класстар жалпы орто (орто мектеп) билимди түзгөн. КР МДИ-2012де билим деңгээлин классификациялоо максатында 1990-жылы 15 жашта же андан улуу болгон, 9-классты бүтүрүшкөндүгүн айткан жактар азыркы билим берүү системасы күчүнө киргиче 9-классты бүтүрүшкөндүктөн “жалпы орто билим” категориясына кириштн. Интервью убагында 9-классты бүтүргөндүгүн айткан, 1990-жылы 14 жашта же андан кичүү болгон жактар жаңы билим берүү системасына ылайык “жалпы базалык билим” категориясына кириштн.

2.11.1-таблица. Үй чарбаларындагы аялдардын алган билимдеринин деңгээлдери

Мектеп билиминин эң жогорку деңгээли боюнча үй чарбаларындагы 6 жана андан улуу жаштагы аялдардын мектеп билиминин деңгээли жана мектеп билимин бүткөн жаш курактын орточо саны боюнча негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Билими жок	Бүтпөгөн башталгыч	Бүткөн башталгыч[1]	Бүтпөгөн орто[2]	Бүткөн орто[3]	Башталгыч кесиптик	Орто кесиптик	Жогорку	Билбейм/өткөрүлүп жиберилген	Бардыгы	Саны	Бүтүргөн жаш курактын орточо саны
Жаш курак												
6-9	31.6	65.8	2.1	0.3	0.0	0.0	0.0	0.0	0.1	100.0	1,305	0.6
10-14	0.1	12.2	16.2	71.4	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	100.0	1,727	5.2
15-19	0.3	0.3	0.2	54.3	27.1	3.2	5.0	9.6	0.0	100.0	1,688	9.4
20-24	0.4	0.2	0.3	11.5	33.5	4.2	10.6	39.4	0.0	100.0	1,582	11.4
25-29	0.2	0.4	0.1	8.7	40.4	3.7	8.3	38.3	0.0	100.0	1,291	11.1
30-34	0.5	0.6	0.0	13.4	40.9	4.6	9.4	30.5	0.0	100.0	1,063	10.8
35-39	0.1	0.0	0.0	6.9	50.3	7.1	13.7	21.9	0.0	100.0	948	10.6
40-44	0.2	0.1	0.0	5.0	44.3	12.8	15.0	22.5	0.0	100.0	958	10.3
45-49	0.1	0.2	0.0	3.9	42.5	11.0	17.8	24.5	0.0	100.0	940	10.6
50-54	0.3	0.3	0.0	10.2	47.3	6.9	15.2	19.7	0.0	100.0	1,304	9.8
55-59	0.3	0.3	0.6	12.3	42.5	7.0	13.7	23.0	0.3	100.0	788	9.9
60-64	1.8	0.5	0.3	17.4	40.1	5.1	15.2	19.4	0.1	100.0	539	9.8
65+	12.2	6.8	6.9	41.6	16.0	2.0	7.2	7.2	0.1	100.0	1,155	7.3
Жашаган жеринин тиби												
Шаар	3.4	6.5	1.8	17.5	22.5	4.2	12.1	31.9	0.0	100.0	5,369	10.6
Айыл	4.1	8.4	3.1	26.2	34.2	4.8	7.3	11.8	0.1	100.0	9,922	9.5
Облусу												
Ысык-Көл	4.4	7.5	3.2	18.7	27.4	9.6	11.2	18.0	0.0	100.0	1,302	10.1
Жалал-Абад	5.6	9.1	3.6	28.1	31.1	4.0	7.2	11.1	0.1	100.0	2,622	9.3
Нарын	5.4	8.9	3.9	20.8	29.7	2.6	12.9	16.0	0.0	100.0	654	9.7
Баткен	4.3	7.3	2.0	18.9	45.9	1.2	8.9	11.3	0.2	100.0	1,104	9.7
Ош	3.8	7.8	2.6	31.1	39.1	2.3	4.5	8.6	0.1	100.0	3,130	9.3
Талас	3.0	11.1	3.5	20.0	29.2	5.8	12.8	14.4	0.1	100.0	680	9.8
Чүй	2.6	7.3	2.7	24.2	26.0	8.7	8.6	19.7	0.0	100.0	2,677	9.8
Бишкек шаары	3.0	5.9	1.0	12.2	16.5	3.6	14.2	43.5	0.0	100.0	2,490	12.1
Ош шаары	3.3	6.9	2.4	24.8	30.4	1.5	6.5	24.2	0.0	100.0	632	9.7
Жетиштүү жашоо квинтили												
Эң төмөнкү	3.8	8.9	3.2	23.3	35.1	3.9	8.5	13.2	0.0	100.0	2,874	9.6
Экинчи	4.2	8.7	3.0	26.7	35.2	5.0	6.6	10.6	0.1	100.0	2,909	9.4
Орто	4.0	8.9	3.2	27.3	34.5	4.2	7.1	10.6	0.1	100.0	2,941	9.4
Төртүнчү	4.3	6.5	2.5	24.4	29.2	6.2	9.5	17.3	0.0	100.0	3,065	9.7
Эң жогорку	3.2	6.0	1.5	15.6	18.7	3.9	12.4	38.7	0.0	100.0	3,503	11.4
Бардыгы[4]	3.9	7.7	2.6	23.2	30.1	4.6	9.0	18.9	0.0	100.0	15,292	9.8

[1] Башталгыч мектептин 4-классын бүтүшкөн.
[2] Негизги жалпы окуу мекемесине барышкан же бүтүрүшкөн (5-9-класстар) жана орто билим берүүчү мектепке барышкан, бирок бүтүшкөн эмес (10-11-класстар).
[3] Орто билим берүүнүн 11-классын же 10-классын бүтүшкөн жана аттестатка ээ. ("аттестат" билим берүүнүн эски советтик системасында колдонулган).
[4] Бардыгы жаш курагы боюнча маалыматка ээ эмес үч адамды камтыйт.

2.11.2-таблица. Үй чарбаларындагы эркектердин билимдеринин деңгээли.

Мектеп билиминин эң жогорку деңгээли боюнча үй чарбаларындагы 6 жана андан улуу жаштагы эркектердин мектеп билиминин деңгээли жана мектеп билимин бүткөн жаш курактын орточо саны боюнча негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Билими жок	Бүтпөгөн башталгыч	Бүткөн башталгыч[1]	Бүтпөгөн орто[2]	Бүткөн орто[3]	Башталгыч кесиптик	Орто кесиптик	Жогорку	Билбейм/ өткөрүлүп жиберилген	Бардыгы	Респондент-тердин саны	Билимдин толук жылынын медианасы
Жаш курак												
6-9	30.8	66.5	2.2	0.3	0.0	0.1	0.0	0.0	0.1	100.0	1,461	0.6
10-14	0.5	12.0	18.3	69.2	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	100.0	1,602	5.1
15-19	0.6	0.2	0.0	54.6	27.8	4.1	5.0	7.7	0.0	100.0	1,377	9.3
20-24	0.5	0.4	0.1	13.7	43.9	5.2	7.7	28.5	0.0	100.0	1,295	10.8
25-29	0.2	0.6	0.6	11.6	43.8	6.1	5.5	31.6	0.0	100.0	1,248	10.8
30-34	0.2	0.2	0.1	13.7	47.9	4.8	5.0	28.2	0.0	100.0	954	10.6
35-39	0.6	0.1	0.0	10.5	51.9	11.1	8.2	17.5	0.0	100.0	901	10.4
40-44	0.2	0.3	0.0	7.6	51.8	10.6	12.3	17.3	0.0	100.0	882	9.9
45-49	0.2	0.0	0.0	4.0	46.3	13.9	15.8	19.7	0.0	100.0	858	10.1
50-54	0.4	0.1	0.0	7.9	44.7	10.7	14.6	21.6	0.1	100.0	943	9.9
55-59	0.2	0.3	0.3	13.8	42.4	6.4	14.5	22.1	0.0	100.0	749	9.9
60-64	0.6	0.0	0.8	17.4	38.5	8.4	14.3	20.0	0.0	100.0	493	9.8
65+	5.9	5.3	5.2	35.1	23.8	4.0	7.2	13.3	0.2	100.0	804	8.6
Жашаган жеринин тиби												
Шаар	3.8	8.2	2.3	17.6	24.4	5.4	10.9	27.4	0.0	100.0	4,233	10.3
Айыл	4.1	9.5	3.1	24.8	36.0	5.9	5.6	11.1	0.0	100.0	9,336	9.5
Облусу												
Ысык-Көл	4.7	9.8	3.0	19.7	32.8	7.2	6.8	16.1	0.0	100.0	1,216	9.7
Жалал-Абад	4.7	10.4	3.3	26.0	35.4	5.7	5.7	8.9	0.0	100.0	2,439	9.4
Нарын	6.6	9.3	2.6	20.2	37.4	3.8	8.4	11.7	0.0	100.0	675	9.6
Баткен	3.7	8.1	4.5	22.0	40.8	2.0	6.9	11.7	0.3	100.0	1,013	9.6
Ош	3.8	9.6	3.8	26.7	40.8	3.2	4.4	7.8	0.0	100.0	2,748	9.3
Талас	2.6	11.1	2.7	21.6	36.3	5.2	9.1	11.3	0.1	100.0	655	9.7
Чүй	3.5	7.9	1.3	23.6	25.7	12.5	6.7	18.9	0.0	100.0	2,422	9.9
Бишкек шаары	3.9	7.0	2.1	13.1	17.8	4.3	14.2	37.6	0.0	100.0	1,859	11.2
Ош шаары	2.4	10.3	2.5	25.2	28.7	1.1	4.0	25.7	0.0	100.0	543	9.7
Жетиштүү жашоо квинтили												
Эң төмөнкү	3.8	9.1	3.1	23.4	37.8	4.0	6.0	12.9	0.0	100.0	2,828	9.6
Экинчи	3.9	9.6	3.3	25.3	36.3	5.4	5.6	10.6	0.1	100.0	2,831	9.5
Орто	4.6	9.5	3.1	25.5	36.3	6.2	5.5	9.3	0.0	100.0	2,689	9.4
Төртүнчү	4.1	8.6	2.8	22.4	30.9	8.7	7.5	15.1	0.0	100.0	2,632	9.7
Эң жогорку	3.7	8.4	1.9	15.6	19.7	4.6	11.9	34.1	0.0	100.0	2,589	10.7
Бардыгы[4]	4.0	9.1	2.8	22.5	32.4	5.8	7.2	16.2	0.0	100.0	13,569	9.7

[1] Башталгыч мектептин 4-классын бүтүшкөн.
[2] Негизги жалпы окуу мекемесине барышкан же бүтүрүшкөн (5-9-класстар) жана орто билим берүүчү мектепке барышкан, бирок бүтүшкөн эмес (10-11-класстар).
[3] Орто билим берүүнүн 11-классын же 10-классын бүтүшкөн жана аттестатка ээ. ("аттестат" билим берүүнүн эски советтик системасында колдонулган).
[4] Бардыгы жаш курагы боюнча билимди өткөрүп жиберген бир адамды камтыйт..

12.11.1- жана 12.11.2-таблицаларда жаш курагы, жашаган жери, региону жана жетиштүү жашоо квинтили боюнча билимдин деңгээлиндеги айырмачылыктар көрсөтүлөт. Ар бир топчодогу аялдардын жана эркектердин 6-9 жаштагы балдарды кошпогондо көпчүлүгү жок дегенде бүтпөгөн орто билимге ээ, жогоруда айтылгандай 6-9 жаштагы балдар башталгыч билим же мектепке бара элек топко топтолгон. Шаар жеринде жашаган аялдардын арасында окуу жашынын толук медианасы айыл жеринде жашаган аялдарга (10,6 жашка 9,5 жаш) жана эркектерге (10,3 жашка 9,5 жаш) караганда жогору. Билимдин эң жогорку деңгээли Бишкек шаарында, ал эми эң төмөнкү деңгээли Ош жана Жалал-Абад облустарында болуп эсептелет. Бишкек шаарындагы аялдардагы окуунун узактыгы Ош облусундагы аялдарга караганда 2,8 жашка көп, ал эми эркектер арасындагы айырма 1,9 жашты түзөт. Бишкек шаарынын жашоочуларынын билим деңгээли өлкөнүн башка регионундагы жашоочуларына караганда бир топ артыкчылыктарга ээ: Бишкек шаарындагы аялдардын дээрлик жарымы (44 пайыз) жана эркектердин 38 пайызы Ош облусундагы аялдардын 9, эркектердин 8 пайызына караганда жогорку билимге ээ. Жетиштүү жашоонун билим деңгээлине байланышы бар. Аялдардын арасындагы окууну бүткөн жаштын медианасы эң төмөнкү квинтилдеги 9,6 жаштан эң жогорку квинтилдеги 11,4 жашка, ал эми эркектердин арасындагы эң төмөнкү квинтилдеги 9,6 жаштан эң жогорку квинтилдеги 10,7 жашка чейин өзгөрөт.

2.9.2 Мектепке баруучулук

2.12-таблица окуу мекемелерине баруунун таза жана дүң коэффициенттери жөнүндө маалыматтар жана мектеп билиминин деңгээли, жынысы, жашаган жери жана региону боюнча гендерлик тең укуктуулуктун индекси камтылган, ал эми 2.3-графикте окуу мекемелерине баруунун жаш курактык коэффициенттери берилген. Бул көрсөткүчтөрдү эсептөө үчүн эгер балдар учурдагы окуу жылынын ичинде каалаган бир убагында мектепке барса, анда балдар азыркы учурда мектепке барат деп болжолдонот.

Баруунун таза коэффициенти (мындан ары - БТК) расмий мектеп жашына жеткен, т.а. башталгыч билим үчүн 7-10 жаштагы балдар, орто билим үчүн 11-17 жаштагы балдар арасындагы мектеп билимине катышууга индикатор болуп саналат. БТК барабар 100, аныкталган мектеп жашына жеткен бардык балдар аталган билим берүү деңгээлиндеги мектептерге барарын билдирет. Баруунун дүң коэффициенти (мындан ары - БДК) 5-24 жаштагылардын жаш курактык тобундагылардын арасындагы мектеп билимине катышуунун индикатору болуп саналат жана калктын расмий мектеп жаш курагындагылардын үлүшү катары баяндалат. БДК эгер жаш курагы боюнча улуу же мектеп билиминин белгилүү жашына жете элек балдар бул билим деңгээлдеги мектептерге барышса, 100 пайыздан ашышы мүмкүн.

2.12-таблицадагы жыйынтыктар мектеп жашындагы балдардын мектепке баруусу жогору, бирок бардыгы эместигин көрсөтөт. Башталгыч билим берүү мекемесине барууга милдеттүү болгон 7-10 жаштагы балдардын арасында баруучулук 87 пайызды түздү. БТК менен БДК салыштырганда башталгыч билим берүү жайлары боюнча башталгыч мектепке баруучу окуучу балдардын 19 пайызынын жашы билимдин бул деңгээли үчүн аныкталган жаш куракка жете элек же жогору экендигин көрсөтөт. Башталгыч деңгээл боюнча БТК менен БДКнын ортосундагы айырмачылыктар Ош шаарын кошпогондо бир аз, Ош шаарында эркектер 95 пайызды түзөт. Акыркы алты жыл ичинде БТК 5 пайыздык пункттарда азайды, башталгыч билим берүү жайларына барууга милдеттүү болгон балдардын 92 пайызы МИКИ-2006нын жыйынтыгы боюнча аталган окуу жайларына барышкан (Улутстатком, 2007).

Орто окуу жайлары боюнча БТК орто билим берүү жайларына барууга милдеттүү болгон балдардын 86 пайызы аталган окуу жайларына барганын көрсөтөт. БТК менен БДКны орто мектеп боюнча салыштырганда жашы боюнча орто мектептин расмий жашына туура келбеген орто мектепке баруучулардын үлүшү 8 пайызды түзөрүн көрсөтөт. БТК менен БДКда топчолор боюнча БТК эң төмөн болгон Бишкек шаарын кошпогондо (76 пайыз) бир аз айырмачылыктар байкалат, орто мектепке барган же аныкталган жашка жете элек же улуу балдар 14 пайызды түзөт.

Акыркы алты жыл ичинде БТК 3 пайыздык пункттарда азайган, орто мектепке барууга милдеттүү болгон балдардын 89 пайызы МИКИ-2006нын жыйынтыгы боюнча аталган окуу мекемелерине барышат (Улутстатком, 2007).

2.12-таблица. Мектепке баруунун коэффициенттери

Жынысы, мектеп билиминин деңгээли жана гендердик теңдиктин индекстери (ГТИ) боюнча үй чарбаларындагы калк үчүн негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды мектепке баруунун таза коэффициенттери (БТК) жана мектепке баруунун дүң коэффициенти (БДК), Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Мектепке баруунун таза коэффициенттери[1]				Мектепке баруунун дүң коэффициенти[2]			
	Эркектер	Аялдар	Бардыгы	Гендердик теңдиктин индекси[3]	Эркектер	Аялдар	Бардыгы	Гендердик теңдиктин индекси[3]
Башталгыч мектеп								
Жашаган жеринин тиби								
Шаар	85.2	85.5	85.3	1.00	107.2	103.2	105.3	0.96
Айыл	86.8	87.4	87.1	1.01	106.4	104.6	105.5	0.98
Облусу								
Ысык-Көл	83.0	86.7	84.6	1.05	95.5	98.5	96.9	1.03
Жалал-Абад	88.8	89.9	89.3	1.01	115.7	109.7	112.7	0.95
Нарын	85.7	83.4	84.5	0.97	100.7	99.4	100.1	0.99
Баткен	89.4	83.8	86.8	0.94	116.1	98.5	107.9	0.85
Ош	89.8	87.5	88.7	0.97	109.4	107.4	108.5	0.98
Талас	83.1	88.1	85.7	1.06	95.7	106.1	101.0	1.11
Чүй	80.4	82.4	81.4	1.02	99.8	97.7	98.7	0.98
Бишкек шаары	82.7	89.6	86.1	1.08	106.0	104.8	105.4	0.99
Ош шаары	95.4	87.4	91.8	0.92	110.7	110.1	110.4	1.00
Жетиштүү жашоо квинтили								
Эң төмөнкү	90.2	89.4	89.8	0.99	105.3	106.9	106.1	1.02
Экинчи	83.8	86.1	84.9	1.03	103.9	100.9	102.4	0.97
Орто	85.2	90.0	87.5	1.06	106.5	111.3	108.8	1.05
Төртүнчү	87.1	81.8	84.5	0.94	112.0	99.5	105.9	0.89
Эң жогорку	85.2	86.2	85.7	1.01	106.6	101.4	104.2	0.95
Бардыгы	86.3	86.8	86.6	1.01	106.7	104.2	105.5	0.98
Орто мектеп								
Жашаган жеринин тиби								
Шаар	81.0	82.0	81.5	1.01	85.7	94.3	90.3	1.10
Айыл	86.6	88.5	87.6	1.02	94.5	95.7	95.1	1.01
Облусу								
Ысык-Көл	87.9	91.8	89.9	1.04	92.5	94.4	93.5	1.02
Жалал-Абад	82.5	85.1	83.8	1.03	89.7	89.8	89.7	1.00
Нарын	87.6	89.5	88.5	1.02	92.6	94.6	93.5	1.02
Баткен	87.3	90.0	88.6	1.03	92.7	98.2	95.3	1.06
Ош	88.9	90.2	89.6	1.02	100.7	99.4	99.9	0.99
Талас	89.1	84.6	86.9	0.95	93.1	88.8	91.0	0.95
Чүй	83.7	84.7	84.3	1.01	89.1	95.4	92.5	1.07
Бишкек шаары	74.4	77.3	76.0	1.04	80.4	97.3	89.5	1.21
Ош шаары	89.2	84.8	87.1	0.95	92.4	89.9	91.2	0.97
Жетиштүү жашоо квинтили								
Эң төмөнкү	89.5	89.7	89.6	1.00	94.4	95.2	94.8	1.01
Экинчи	85.7	91.6	88.8	1.07	95.8	99.8	97.9	1.04
Орто	87.3	86.0	86.6	0.99	95.6	92.3	93.8	0.97
Төртүнчү	79.0	82.9	81.1	1.05	86.1	90.6	88.6	1.05
Эң жогорку	81.6	81.1	81.3	0.99	85.6	98.3	92.4	1.15
Бардыгы	85.0	86.6	85.9	1.02	92.0	95.3	93.7	1.04

[1] Башталгыч мектеп үчүн БТК – бул башталгыч мектепке барган калктын башталгыч мектеп курагындагы (7-10 жаш) пайызы. Орто мектеп үчүн БТК – бул орто мектепке барган, калктын орто мектеп курагындагы (11-17 жаш) үлүшү. БТК аныктамасы боюнча 100 пайыздан ашырса болбойт.

[2] Башталгыч мектеп үчүн БДК – бул башталгыч мектептин расмий жаш курагына жеткен, калктын пайызы менен чагылдырылган башталгыч мектептин окуучуларынын жалпы саны. Орто мектеп үчүн БДК – бул орто мектептин расмий жаш курагына жеткен, калктын пайызы менен чагылдырылган орто мектептин окуучуларынын жалпы саны. Эгерде окуучулардын саны мектептик билим берүүнүн белгилүү деңгээлиндеги жаш кураккa жете элек же ашып кеткен болсо, БДК 100 пайыздан ашып кетиши мүмкүн.

[3] Башталгыч мектеп үчүн ГТИ – бул башталгыч мектептеги кыздар жана балдар арасындагы БТК (БДК) коэффициенти. Орто мектеп үчүн ГТИ – бул орто мектептеги кыздар жана балдар арасындагы БТК (БДК) коэффициенти.

2.12-таблицада гендердик теңдиктин индекси (мындан ары - ГТИ) же башталгыч жана орто билим деңгээлиндеги эркектердин БДКна аялдардын БДКнын катышы камтылат. ГТИ баруучулук коэффициентиндеги гендердик бөлүнүүнүн чоңдугун көрсөтөт. Гендердик айырмачылыктын жоктугунда ГТИ 1,0гө барабар болот, теңсиздик эркектердин пайдасына жылса, ГТИнин мааниси 0

гө барабар болот. Эгерде гендердик бөлүнүү аялдардын пайдасына жылып кетсе, ГТИ 1,0 гө барабар болот. 2.12-таблицада башталгыч билимдин деңгээлиндеги БТК ГТИ 1,01ге барабар, ал эми БДК ГТИ – 0,98 ге барабар, гендердик бөлүнүүнүн улуттук деңгээлинде башталгыч мектепке барууда дээрлик айырмачылыктар жок, бирок региондор жана жетиштүү жашоонун деңгээли боюнча айрым айырмачылыктарга ээ. Баткен облусунда, Ош шаарында жана жетиштүү жашоонун төртүнчү квинтилинде эркектердин пайдасына теңсиздик байкалат: БТК боюнча башталгыч мектептин деңгээлиндеги гендердик теңдиктин индекси 0,94, 0,92 жана 0,94 кө барабар, ал эми БДК боюнча Баткен облусу – 0,85, төртүнчү квинтил – 0,89. БТК ГТИ жана БДК ГТИ орто мектеп деңгээлинде дээрлик бирдей жана 1,02 менен 1,04 түү түзөт, орто мектепке баруунун гендердик бөлүнүүсү аялдардын пайдасына жай жылгандыгы тууралуу күбөлөндүрөт. Орто мектеп боюнча БТК ГТИ жана БДК ГТИ Талас облусунда, Ош шаарында жана үчүнчү квинтилде эң төмөн болуп саналат, бул топчолордогу мектепке баруу боюнча эркектердин аялдар үстүндөгү жай артыкчылыктарын көрсөтөт. 2.3-графикте 7-24 жаштагы калктын арасындагы мектепке баруунун жаш курактык коэффициенттери жөнүндө маалыматтар берилди. Мектепке баруунун деңгээли 7 жашка чейинки балдар арасында эң төмөн, 7 жашка чыккан балдардын үчтөн экисине жакыны, т.а. мектеп жашына жеткен балдар азыркы учурда мектепке барышат, мектепке баруунун төмөнкү деңгээли айрым балдардын окуу жылынын башында 7 жашка толо электиги менен түшүндүрүлөт, ошондуктан мектепке барууга укук алышкан эмес. 8-14 жаштагы балдардын арасындагы баруунун коэффициенттери 96 пайыздан ашат. Жалпысынан коэффициенттер, 12, 14, 15 жана 18 жаштагы балдарды кошпогондо, балдарга караганда кыздар арасында бир канча жогору. 15-24 жаштагы калктын арасында баруунун коэффициенти кескин азайат, ал эми гендердик бөлүнүү жаш курак менен көбөйөт. Мисалы, 20 жаштагы калктын арасында эркектердин 41 пайызы, аялдардын 58 пайызы окуу жайларга барышат.

2.3-график. **7-24 жаштагы калктын окуу жайларына баруусунун жаш курактык коэффициенттери**



КР МДИ-2012

2.9.3 Балдардын эрте билим алуусу

3.13.1- жана 3.13.2-таблицаларда көрсөтүлгөндөй, кургак учук оорусу жөнүндө уккан кыргыз аялдары менен эркектеринин көпчүлүгү оору оорулуу адам жөтөлгөндө же чүчкүргөндө аба аркылуу жугат деп туура айтышты. Респонденттердин көпчүлүгүнүн оорунун жугуу жолдорун билгенине карабастан, 3.15.1- жана 3.15.2-таблицаларда көрсөтүлгөндөй, респонденттердин бир кыйла үлүшү оорунун жугуу жолдору тууралуу туура эмес маалыматтарга ээ. Мисалы, он аялдын алтоосунан көбү (63 пайызы) жана он эркектин төртөөсүнөн көбү (44 пайыз) кургак учук менен ооруган адам менен чогуу колдонгон идиш-аяк аркылуу жугат дешсе, аялдардын 32 пайызы жана эркектердин 39 пайызы кургак учук оорусу тамак-аш азыктары аркылуу жугат деп эсептешет. Респонденттердин бир азы гана оорулуу адамдын денеси соо адамдын денесине тийгенде (аялдар 13 пайыз, эркектер 9 пайыз) же оорулуу адам менен жыныстык катнашта болгондо (аялдар 5 пайыз, эркектер 8 пайыз) деп туура эмес айтышат. Аялдардын 2 пайызы гана жана эркектердин бир пайызы гана кургак учук чиркей чакканда жугат деп эсептешет.

3.14.1-таблица. Кургак учуктун симптомдору жөнүндө билим: Аялдар

15-49 жаштагы аялдар арасындагы кургак учук жөнүндө уккан, адамды кургак учук менен ооругандыгына шекшүүгө аргасыз кылган конкреттүү симптомдорду атаган аялдардын негизги мүнөздөмөлөргө ылайык пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Өзгөчөлөн бөгөн жөтөл	Какырык-туу жөтөл	Бир канча жуманын ичиндеги жөтөл	Жөтөлдүн каалаган бир түрү	Лихорадка/ ысытма	Кандуу какырык	Табиттин жоголушу	Түнкү терчилдик	Көкүрөктүн оорушу	Чарчоо	Арыктоо	Алсыроо	Башкалар	Бил-бейт	КУжөнүндө укканаялда рдынсаны
Жаш курак, жаш															
15-19	68.2	39.8	16.3	90.5	16.7	17.1	8.9	6.1	6.7	8.5	18.9	0.9	0.7	2.9	1,425
20-24	67.7	42.6	15.9	89.7	18.1	20.0	10.8	6.7	6.0	8.8	20.7	0.6	0.3	4.6	1,446
25-29	69.7	37.7	14.6	90.3	18.5	21.5	11.6	10.4	8.1	12.4	22.5	1.4	0.3	2.5	1,203
30-34	68.3	40.0	17.3	92.2	18.5	23.4	14.7	9.8	5.3	12.5	21.0	0.6	0.7	1.7	967
35-39	68.7	39.3	15.8	92.7	20.4	25.7	14.3	10.7	5.5	13.4	25.5	0.6	1.2	1.1	887
40-44	65.2	45.0	17.5	92.3	20.2	23.8	15.0	9.0	8.1	12.4	24.1	0.2	0.3	1.1	914
45-49	66.4	41.1	16.5	91.1	21.5	25.5	11.7	13.4	7.4	16.4	27.2	0.9	0.5	1.8	883
Жашаган жеринин тиби															
Шаар	67.8	37.8	17.4	89.8	17.5	28.4	11.1	9.1	7.7	10.9	30.0	1.0	0.8	3.7	2,879
Айыл	67.9	42.5	15.5	91.8	19.7	18.0	12.6	9.0	6.2	12.0	17.8	0.6	0.4	1.7	4,846
Облусу															
Ысык-Көл	71.0	35.4	24.1	97.6	21.1	29.3	18.2	23.2	11.9	31.3	37.5	0.1	0.1	0.0	639
Жалал-Абад	81.0	19.0	9.8	90.9	21.0	21.1	18.2	3.9	1.1	14.6	24.6	0.0	0.0	0.3	1,263
Нарын	82.7	32.7	15.3	98.9	17.7	11.1	12.7	10.4	8.1	10.4	26.1	0.2	0.0	0.0	270
Баткен	42.9	55.2	6.0	78.3	36.8	33.8	17.6	9.5	11.3	14.5	20.7	0.6	2.0	8.6	571
Ош	77.9	64.4	13.0	97.4	7.4	6.6	4.9	3.3	3.2	2.4	1.9	0.3	0.0	0.2	1,483
Талас	62.0	32.3	19.5	92.6	15.5	6.7	7.2	7.0	2.3	12.9	39.7	0.0	1.8	4.9	339
Чүй	49.1	43.6	21.4	86.9	24.2	29.3	14.9	15.1	10.3	10.4	16.3	2.0	0.2	1.9	1,434
Бишкек шаары	70.7	34.6	22.4	90.0	16.8	32.2	8.6	8.2	5.7	10.5	35.9	1.3	1.5	4.3	1,433
Ош шаары	72.9	31.0	3.7	87.5	16.6	3.2	6.0	3.8	20.3	7.0	26.7	0.5	0.0	9.5	291
Билими															
Билими жок/башталгыч	(53.7)	(30.9)	(14.9)	(77.6)	(17.2)	(23.5)	(17.0)	(7.2)	(6.0)	(21.8)	(26.4)	(0.0)	(0.0)	(5.6)	30
Негизги жалпы	70.7	40.0	15.0	92.9	16.1	11.5	10.6	5.3	6.1	8.9	14.6	0.8	0.4	2.7	982
Толук орто	68.4	41.6	14.2	90.4	17.0	19.4	11.1	8.0	6.7	10.9	18.3	0.7	0.3	2.6	3,254
Башталгыч/орто кесиптик	65.8	42.1	18.6	92.4	23.2	24.8	14.1	11.8	6.9	14.4	26.6	1.0	0.9	1.7	1,329
Жогорку	67.2	39.1	18.3	90.6	20.2	28.6	13.0	10.5	6.9	12.1	29.5	0.8	0.8	2.5	2,130
Жетиштүү жашоо квинтили															
Эң төмөнкү	71.3	42.5	16.6	94.1	18.7	15.5	13.8	8.5	6.4	12.9	19.4	0.6	0.2	1.2	1,394
Экинчи	68.8	39.8	13.5	91.0	19.9	18.2	12.7	8.9	6.7	13.9	20.9	0.5	0.4	1.4	1,403
Орто	65.5	45.1	14.6	90.1	20.4	19.1	12.3	8.9	5.4	11.4	17.3	0.8	0.5	2.4	1,427
Төртүнчү	64.1	41.9	16.7	90.9	18.7	24.2	12.6	9.8	7.0	10.5	19.2	0.8	0.7	2.6	1,569
Эң жогорку	69.3	35.9	18.7	89.7	17.2	29.3	9.7	9.0	7.8	10.0	31.9	1.1	0.8	4.0	1,931
Бардыгы	67.8	40.7	16.2	91.1	18.9	21.9	12.1	9.0	6.7	11.6	22.4	0.8	0.5	2.4	7,724

Эскертүү: Кашаадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгендигин көрсөтөт, ошондуктан көрсөтүлгөн жок.

3.14.2 -таблица. Кургак учуктун симптомдору жөнүндө билим: Эркектер

15-49 жаштагы аялдар арасындагы кургак учук жөнүндө уккан, адамды кургак учук менен ооругандыгына шекшүүгө аргасыз кылган конкреттүү симптомдорду атаган эркектердин негизги мүнөздөмөлөргө ылайык пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Өзгөчөлөн бөгөн жөтөл	Какырык-туу жөтөл	Бир канча жуманын ичиндеги жөтөл	Жөтөлдүн каалаган бир түрү	Лихорадка/ ысытма	Кандуу какырык	Табиттин жоголушу	Түнкү терчилдик	Көкүрөктүн оорушу	Чарчоо	Арыктоо	Алсыроо	Башкалар	Бил-бейт	КУжөнүндөу кканэркекте рдинсаны
Жаш курак, жаш															
15-19	67.9	13.9	9.4	80.3	16.6	10.7	7.7	4.2	10.8	15.7	10.7	0.2	0.0	12.1	362
20-24	67.0	15.7	14.0	86.7	16.2	15.4	6.7	7.4	8.4	12.6	16.1	0.2	0.0	8.0	394
25-29	68.2	16.4	14.6	89.1	22.9	13.9	10.0	6.2	9.7	14.6	19.6	1.1	0.4	4.4	404
30-34	73.3	17.3	11.2	88.8	24.2	16.0	12.5	9.1	12.1	17.6	15.7	0.0	0.0	4.7	298
35-39	68.3	16.3	16.1	87.9	21.5	17.7	12.8	6.9	9.7	23.1	22.8	0.8	0.0	5.9	290
40-44	69.6	17.8	12.1	89.7	29.5	15.0	11.2	5.4	13.4	17.6	20.0	0.2	0.0	3.7	296
45-49	72.2	17.3	11.0	90.2	19.3	15.5	9.6	7.0	11.0	15.6	19.5	0.0	0.0	3.1	271
Жашаган жеринин тиби															
Шаар	56.2	19.4	25.1	88.7	25.5	28.9	9.0	7.8	7.9	17.5	15.6	0.6	0.0	1.6	767
Айыл	75.7	14.7	6.6	86.6	19.1	7.7	10.3	5.9	11.9	15.8	18.5	0.3	0.1	8.5	1,549
Облусу															
Ысык-Көл	68.3	33.0	3.6	92.1	51.5	2.7	14.5	6.8	3.6	15.7	19.6	0.0	0.0	5.4	203
Жалал-Абад	83.6	4.3	1.9	85.8	9.3	6.3	13.1	5.2	7.4	24.1	18.9	0.0	0.0	13.5	399
Нарын	90.0	16.6	22.4	96.5	17.5	23.5	9.4	2.1	19.6	3.6	33.2	5.4	0.0	1.7	98
Баткен	61.1	28.1	29.0	90.2	52.4	20.8	23.8	22.1	50.4	1.6	2.1	0.0	0.0	0.0	186
Ош	79.0	16.5	0.2	88.3	6.6	6.0	6.1	5.2	10.3	12.4	33.0	0.0	0.0	11.5	451
Талас	73.5	14.5	0.4	74.6	3.3	1.2	0.0	0.0	0.3	4.8	19.5	0.0	0.0	19.5	122
Чүй	72.4	9.8	7.1	85.3	19.6	5.5	6.0	4.0	4.0	31.3	8.7	0.0	0.4	0.4	407
Бишкек шаары	42.2	13.5	44.5	86.5	29.1	48.4	7.3	7.7	6.0	11.7	11.9	0.9	0.0	0.0	379
Ош шаары	41.7	57.3	6.2	93.9	14.5	20.8	18.7	6.8	13.9	16.0	2.1	0.0	0.0	0.0	72
Билими															
Билими жок/башталгыч	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	6
Негизги жалпы	68.1	11.8	8.3	78.8	18.5	11.8	8.0	5.0	11.0	13.4	14.2	0.0	0.0	11.5	298
Толук орто	74.5	15.7	9.6	89.2	18.4	11.9	10.1	7.0	12.8	16.0	17.9	0.2	0.1	7.3	1,112
Башталгыч/орто кесиптик	65.1	18.5	10.8	84.9	23.8	17.9	9.5	5.4	6.8	20.9	18.5	0.1	0.0	5.4	383
Жогорку	62.1	18.4	23.2	90.1	26.9	20.3	10.5	7.3	8.7	15.8	18.2	1.2	0.0	1.2	518
Жетиштүү жашоо квинтили															
Эң төмөнкү	75.7	16.8	5.7	86.4	18.8	9.0	10.1	4.8	10.1	12.3	22.3	0.5	0.0	10.2	472
Экинчи	70.2	14.7	7.5	83.3	19.0	6.0	9.7	6.7	11.9	15.2	17.5	0.3	0.0	11.5	467
Орто	79.0	14.0	8.6	89.1	18.5	8.3	11.4	6.2	13.9	16.7	15.7	0.1	0.0	5.9	433
Төртүнчү	75.2	16.4	8.0	89.5	23.6	12.8	9.5	8.4	10.7	23.5	19.2	0.3	0.4	3.7	438
Эң жогорку	49.0	19.1	31.6	88.6	25.7	35.3	8.8	6.7	7.0	14.8	13.2	0.7	0.0	0.1	506
Бардыгы	69.3	16.3	12.7	87.3	21.2	14.7	9.9	6.5	10.6	16.4	17.5	0.4	0.1	6.2	2,316

Эскертүү: Кашаадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгендигин көрсөтөт, ошондуктан көрсөтүлгөн жок.

3.15.1-таблица. Кургак учуктун жугуу жолдору жөнүндө туура эмесжеткирүү: Аялдар

Кургак учуктун жугуу жолдору жөнүндө тура эмес маалыматтарга ээ аялдардын негизги мүнөздөмөлөргө ылайык пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Идиш-аяк аркылуу	КУ менен ооруган адамга тийүү аркылуу	Тамак-аш аркылуу	Жыныстык катнаш аркылуу	Чиркейлер-дин чагуусу аркылуу	Башка-лар	Бил-бейт	КУ жөнүндө уккан аялдардын саны
Жаш курак, жаш								
15-19	56.8	14.5	27.4	4.5	1.5	0.1	4.6	1,425
20-24	61.2	12.6	32.2	4.8	1.8	0.2	4.6	1,446
25-29	65.1	12.5	30.9	5.2	1.2	0.5	3.0	1,203
30-34	67.0	11.7	31.3	4.0	1.6	0.4	2.1	967
35-39	63.9	11.8	33.6	3.8	2.0	0.9	0.7	887
40-44	65.1	15.1	33.5	4.6	1.3	0.7	0.7	914
45-49	67.4	10.6	36.9	6.1	1.5	0.3	1.5	883
Жашаган жеринин тиби								
Шаар	65.5	6.8	37.8	4.6	1.1	0.7	3.9	2,879
Айыл	61.8	16.4	28.3	4.8	1.9	0.2	2.1	4,846
Облусу								
Ысык-Көл	79.3	2.6	22.7	0.4	1.0	0.0	0.5	639
Жалал-Абад	65.3	2.6	28.3	1.8	0.3	0.1	0.4	1,263
Нарын	49.1	8.4	29.4	7.3	0.8	0.0	0.6	270
Баткен	62.3	16.4	26.9	17.7	4.7	0.1	8.4	571
Ош	67.9	35.1	18.3	2.5	1.4	0.0	1.5	1,483
Талас	62.1	4.5	43.7	1.0	0.5	2.4	3.3	339
Чүй	52.2	15.2	31.9	7.7	3.4	0.2	2.2	1,434
Бишкек шаары	68.1	4.4	54.8	3.6	0.6	1.2	4.4	1,433
Ош шаары	41.1	2.0	21.4	5.3	0.4	0.2	9.0	291
Билими								
Билими жок/башталгыч	(31.0)	(2.0)	(36.6)	(0.0)	(0.0)	(0.0)	(13.2)	30
Негизги жалпы	56.3	13.2	27.6	4.2	2.1	0.0	4.7	982
Толук орто	62.1	16.0	28.3	4.7	1.6	0.2	2.7	3,254
Башталгыч/орто кесиптик	65.3	9.9	33.5	4.2	1.9	0.3	1.5	1,329
Жогорку	67.2	9.7	38.2	5.4	1.1	0.9	2.6	2,130
Жетиштүү жашоо квинтили								
Эң төмөнкү	64.6	18.3	26.3	3.7	1.4	0.2	1.9	1,394
Экинчи	63.5	17.6	29.4	4.8	1.6	0.3	1.8	1,403
Орто	61.3	13.9	27.7	5.7	2.7	0.2	2.6	1,427
Төртүнчү	61.8	11.3	28.5	5.2	1.2	0.3	2.9	1,569
Эң жогорку	64.5	5.8	43.4	4.4	1.1	0.9	4.2	1,931
Бардыгы	63.2	12.8	31.9	4.7	1.6	0.4	2.8	7,724

Эскертүү: Кашаадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгендигин көрсөтөт.

3.15.2 -таблица. Кургак учуктун жугуу жолдору жөнүндө туура эмес жеткирүү: Эркектер

Кургак учуктун жугуу жолдору жөнүндө тура эмес маалыматтарга ээ эркектердин негизги мүнөздөмөлөргө ылайык пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Идиш-аяк аркылуу	КУ менен ооруган адамга тийүү аркылуу	Тамак-аш аркылуу	Жыныстык катнаш аркылуу	Чиркейлердин чагуусу аркылуу	Башкалар	Билбейт	КУ жөнүндө уккан эркектердин саны
Жаш курак, жаш								
15-19	29.9	11.3	37.7	8.0	2.7	0.5	8.6	362
20-24	40.4	7.4	36.0	6.8	0.9	0.3	6.9	394
25-29	50.5	7.1	35.2	8.1	0.3	0.2	2.7	404
30-34	45.6	10.1	45.5	8.9	0.4	0.4	2.4	298
35-39	49.1	9.4	46.6	8.4	0.4	0.4	5.1	290
40-44	46.7	7.3	40.3	9.9	0.6	1.0	3.2	296
45-49	48.8	9.2	37.4	8.3	0.7	0.4	3.0	271
Жашаган жеринин тиби								
Шаар	55.3	5.9	39.6	5.5	1.4	0.4	1.5	767
Айыл	38.5	10.2	39.3	9.6	0.7	0.5	6.3	1,549
Облусу								
Ысык-Көл	37.4	4.5	67.5	7.8	0.5	0.0	4.5	203
Жалал-Абад	29.6	1.8	69.0	1.2	0.4	1.1	12.1	399
Нарын	51.8	30.2	47.6	7.5	1.9	5.0	0.5	98
Баткен	45.7	55.9	27.2	62.2	7.5	0.4	0.3	186
Ош	53.8	0.0	14.2	6.9	0.2	0.0	7.3	451
Талас	69.5	0.0	29.8	2.3	0.3	0.4	13.7	122
Чүй	12.8	12.4	39.6	1.5	0.3	0.0	0.0	407
Бишкек шаары	71.3	0.7	29.1	2.1	0.0	0.0	0.0	379
Ош шаары	57.6	0.0	44.0	0.0	0.0	0.0	1.4	72
Билими								
Билими жок/башталгыч	*	*	*	*	*	*	*	6
Негизги жалпы	33.0	10.1	37.9	8.2	2.0	0.0	8.8	298
Толук орто	43.8	9.7	39.3	10.0	0.8	0.6	5.3	1,112
Башталгыч/орто кесиптик	44.0	7.2	43.7	6.2	1.1	0.6	4.8	383
Жогорку	51.3	7.0	37.4	6.0	0.4	0.2	0.8	518
Жетиштүү жашоо квинтили								
Эң төмөнкү	43.9	7.9	38.3	7.7	0.4	0.9	8.2	472
Экинчи	40.1	9.7	38.8	10.3	1.4	0.3	6.5	467
Орто	37.1	13.6	40.8	12.3	0.7	0.4	5.6	433
Төртүнчү	39.6	11.0	45.3	9.4	1.7	0.8	2.4	438
Эң жогорку	57.7	2.6	34.7	2.5	0.4	0.0	1.0	506
Бардыгы	44.1	8.7	39.4	8.3	0.9	0.4	4.7	2,316

Эскертүү: Кашаадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгендигин көрсөтөт, ошондуктан көрсөтүлгөн жок.

3.10 Жогорку артериялык кан басым

Дүйнөнүн башка өлкөлөрүндөй эле жүрөк кан тамыр оорулары, инфаркт жана инсульт оорулары Кыргыз Республикасындагы өлүмдүн негизги себептеринен болуп эсептелет жана бул өлүм 48 пайызды түзөт (ДССУ, 2011-ж.). Жогорку артериялык кан басым же гипертония жүрөк кан тамыр ооруларынын өнүгүү коркунучунун негизги фактору болуп эсептелет. КР МДИ-2012нин негизги максаттарынын бири жүрөк кан тамыр ооруларынын (мисалы, гипертония жана чылым чегүү) өнүгүү коркунучунун негизги факторлору жөнүндө калктан алынган базалык маалыматтарга башка булактардан алынган маалыматтарды кошуп камсыз кылуу болуп эсептелет.

КР МДИнин респоденттерине алардын гипертонияларынын тарыхы, анын ичинде алардын качандыр бир кезде дарыгер же башка медициналык кызматкер менен өзүнүн жогорку артериялык кан басымы тууралуу сүйлөшкөндүгү, эгер сүйлөшсө, эки же андан көп учурларда айткандыгы боюнча маалыматтарды алуу максатында айрым суроолорду бердик. Эгер респондент жогорку артериялык кан басымы тууралуу бир же бир нече жолу дарыгерге маалымдаган болсо, анда аларга изилдөө учурунда кан басымын төмөндөтүү үчүн аракет кылган конкреттүү иш аракеттерине байланышкан кошумча суроолор берилди.

3.10.1 Жогорку артериялык кан басымдын тарыхы жана дарылоо

3.16.1- жана 3.16.2-таблицаларда гипертониянын тарыхы жана жогорку артериялык кан басымды төмөндөтүү үчүн кабыл алынган конкреттүү чараларга байланышкан сурамжылоонун жыйынтыгы чыгарылды. Жыйынтыктарды кароодо жогорку артериялык кан басымы барларга салыштырмалуу медицина кызматкери менен кеңешкен респонденттерге гана колдонорун билүү маанилүү. Көптөгөн кыргыз аялдары жана эркектери күмөнсүз гипертониядан жабыркашы мүмкүн (3.2-графигин караңыз). Гипертониянын алдын алуучу белгилери же симптомдору жок болгондуктан, аны көбүнчө «акырындык менен өлтүрүү» деп атап коюшат.

Жалпысынан КР МДИнин жыйынтыктары 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын 5 пайызы жана эркектердин 2 пайызы качандыр бир убакта дарыгер же медицина кызматкерлери менен жогорку артериялык кан басымы боюнча кеңешкендиктерин айтышканын көрсөтөт. Гипертониянын диагнозу артериялык кан басым айрым учурларда жогору болгондо гана коюлат. 3.16.2-таблицада аялдардын жана эркектердин болжолдуу үчтөн экиси (аялдар 69 пайыз, эркектер 62 пайыз) эки же андан көп учурларда жогорку кан басымы же гипертониясы бар экендигин боюнча билишкен. Ошону менен бирге жогорку артериялык кан басымы бар деп айтышкан аялдардын онунан жетиси артериялык кан басымын контролдоо үчүн даары колдонушкан. Ошол эле убакта бул көрсөткүч аялдарга караганда эркектер арасында бир канча төмөн (45 пайызга 71 пайыз). Жогорку артериялык кан басымы бар экендиги маалымдалган респонденттер гипетониясын төмөндөтүү үчүн белгилүү чараларды колдонушту. Мисалы, аялдардын жана эркектердин үчтөн бирине жакыны салмактарын көзөмөлдөштү же арыкташты, аялдардын 38 пайызы жана эркектердин 33 пайызы өзүнүн рационунда тузду колдонууну чектешти, аялдардын 21 пайызы жана эркектердин 37 пайызы физикалык көнүгүүлөр менен алектеништи. Эркектердин жогорку пайызы аялдарга салыштырмалуу алкогол колдонууну азайтышты (62 пайызга 26 пайыз) же чылым чегүүнү ташташты (45 пайызга 20 пайыз).

3.16.1-таблица.Гипертониянын тарыхы

Медицина кызматкерлери качандыр бир кезде гипертониясы же жогорку артериялык кан басымы бар экендигин айткан 15-49 жаштагы аялдар менен эркектердин негизги мүнөздөмөлөргө ылайык пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Аялдар		Эркектер	
	Медицина кызматкерлери качандыр бир кезде гипертониясы же жогорку артериялык кан басымы бар экендигин айткан аялдардын пайызы	Аялдардын саны	Медицина кызматкерлери качандыр бир кезде гипертониясы же жогорку артериялык кан басымы бар экендигин айткан эркектердин пайызы	Эркектердин саны
Жаш курак, жаш				
15-19	0.5	1,637	0.5	432
20-24	1.2	1,527	1.0	404
25-29	3.4	1,265	1.0	409
30-34	4.5	1,028	3.4	305
35-39	7.2	915	2.1	292
40-44	11.1	928	2.7	297
45-49	16.9	908	3.5	275
Дененин массасынын индекси[1]				
<18.5 (арык)	1.2	566	na	na
18.5-24.9 (нормалдуу)	2.7	4,595	na	na
25.0-29.9 (ашыкча салмак)	7.3	1,970	na	na
≥30 (семиздик менен жабыркоочу)	16.6	939	na	na
Жашаган жеринин тиби				
Шаар	4.4	3,070	2.1	781
Айыл	5.9	5,138	1.7	1,632
Облусу				
Ысык-Көл	5.6	650	2.1	207
Жалал-Абад	5.5	1,332	1.3	402
Нарын	4.3	281	1.0	98
Баткен	5.9	616	2.1	186
Ош	5.4	1,627	1.2	526
Талас	9.9	360	8.4	126
Чүй	4.6	1,465	0.5	407
Бишкек шаары	4.4	1,566	1.2	383
Ош шаары	6.3	311	8.4	78
Билими				
Билими жок/башталгыч	(3.1)	39	*	7
Негизги жалпы	3.0	1,139	1.4	338
Толук орто	5.1	3,468	1.8	1,158
Башталгыч/орто кесиптик	8.6	1,364	1.8	388
Жогорку	4.8	2,198	2.3	522
Жетиштүү жашоо квинтили				
Эң төмөнкү	6.0	1,459	3.3	502
Экинчи	6.8	1,473	1.2	496
Орто	4.6	1,538	1.4	451
Төртүнчү	5.8	1,667	1.7	449
Эң жогорку	4.0	2,071	1.6	515
Бардыгы	5.3	8,208	1.9	2,413

Эскертүү: 15-49 жашка чейинки аялдардын жалпысанына өзүнчө көрсөтүлбөгөн, дененин массасынын индекси тууралуу маалыматы жок аялдар кирет. * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин көрсөтөт, ошондуктанк өрсөтүлгөн жок. Кашаадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгендигин көрсөтөт. [1]Дененин массасынын индекси (ДМИ) килограммдагы салмактын метрдеги бойдун квадратка катышы катары көрсөтүлөт(кг/м^2).

13.16.2-таблица. Гипертониянын тарыхы жана артериялык кан басымды төмөндөтүү үчүн колдонулган аракеттер/чаралар

Качандыр бир кезде гипертониясы же жогорку артериялык кан басымы бар экендигин айткан респонденттердин, медицина кызматкерлери гипертониясы бар экендигин айткан респонденттердин жана артериялык кан басымды төмөндөтүү үчүн белгилүү чараларды кабыл алган респонденттердин пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Гипертониянын тарыхы жана аны дарылоо үчүн колдонулган чаралар	Аялдар	Эркектер
Гипертониянын тарыхы		
Жогорку артериялык кан басымы бар экендиги тууралуу эки же андан көп жолу айткандар	68.8	61.8
Артериялык басымды төмөндөтүү үчүн колдонгон чаралар		
Алдын ала айтылган дарыларды кабыл алышты	70.8	44.8
Салмагын көзөмөлдөштү же арыкташты	34.4	31.8
Тузду колдонууну чектешти	37.8	33.4
Физикалык көнүгүүлөрдү жасашты	20.6	37.3
Алкоголду колдонууну кыскартышты	25.9	61.8
Чылым чегүүнү ташташты	19.5	45.4
Жогорку артериялык кан басымга ээ респонденттердин саны	438	45

3.10.2 Жогорку артериялык кан басымдын таралышы

КР МДИ-2012де колдонулган аялдардын жана эркектердин анкетасында респонденттердин гипертониясына диагноз коюлгандыгын, кан басымын контролдоо үчүн дары колдонгондугун аныктоо максатында суроолор камтылды. Респонденттерден изилдөөнүн жүрүшүндө кан басымын өлчөө макулдугу жөнүндө да суралды. Аялдардын болжолдуу 99 пайызынын жана эркектердин 97 пайызынын артериялык кан басымы өлчөндү. Изилдөө учурунда артериялык кан басымды өлчөөнү медициналык диагноз коюлду деп ойлоого болбой тургандыгын баса белгилеп кетүү керек, бирок изилденип жаткан калкка статистикалык баяндоо катары гана каралат. Изилдөө учурунда жүргүзүлгөн артериалык кан басымды өлчөө, ооруунун медициналык диагнозун койгондукту билдирбейт, изилднген калктын статистикалык көрүнүшү катары гана каралат.

Изилдөө учурунда интервьюерлерге артериялык кан басымды өлчөө үчүн далы манжети менен автоматтык толтурууга жана түшүрүүгө автоматтык, сандык түзүлүш берилди. Интервьюерлер бул түзүлүштү колдонуу боюнча өндүрүүчүлөр сунуштаган нускамага ылайык окуудан өтүштү. Сурамжылоо учурунда өлчөөлөр аралык 10 мүнөттөн кем эмес убакыттагы артериялык кан басымды систоликалык жана диастоликалык өлчөө (сымаптык түркүктүн миллиметринде өлчөнөт,mmHg) жүргүзүлдү. Гипертонияга мамиле боюнча жактарды классификациялоо үчүн эл аралык деңгээлдеги категорияларга ылайык сунушталган экинчи жана үчүнчү өлчөөлөрдүн орточо чоңдугу колдонулду (ДССУ, 1999-ж.). Респонденттер эгер алардын систоликалык артериялык кан басымы 140 mmHg же диастоликалык басымы 90 mmHg көтөрүлсө, гипертоник катары классификацияланышты. Көтөрүлгөн кан басымы Дүйнөлүк Саламаттык Сактоо Уюму (ДССУ) жана Улуттук ден соолук институту (ДССУ, 1999-ж. и УСИ, 1997-ж.) сунуштаган өлчөмгө карап, баскычы боюнча мээлүүн, орто же оор түрлөргө классифицикацияланды.

Артериялык кан басымдын абалы	**Систоликалык (mmHg)**	**Диастоликалык (mmHg)**
Оптималдуу	<120	<80
Нормалдуу	120-129	80-84
Нормадан жогору	130-139	85-89
Гипертониянын баскычы		
1-баскыч, жай	140-159	90-99
2-баскыч,орточо	160-179	100-109
3-баскыч, оор	180+	110+

Эл аралык сунуштамаларга жана колдонмолорго ылайык респонденттер, эгер аларда нормалдуу же орто кан басымынын көрсөткүчү белгиленсе, гипертоник катары эсептелишти, бирок ошону менен бирге артериялык кан басымды төмөндөтүү үчүн гипертоникага каршы препараттарды колдонушту.

3.17.1- жана 3.17.2-таблицаларда изилденген респонденттердин арасындагы гипертониянын жайымдуулугунун деңгээли[4] көрсөтүлгөн. 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын он пайызы гипертоник катары классификацияланышат; 2 пайызы өзүнүн гипетониясын дарынын жардамы менен контролдошот, 6 пайызы гипетониянын биринчи баскычында, бир пайызы гипертониянын экинчи баскычында жана бир пайыздан азыраагы гипертониянын үчүнчү баскычында (оор баскычтагы көтөрүлгөн кан басым).

15 жаштан 49 жашка чейинки эркектердин арасындагы гипертониянын деңгээли бир канча төмөн: 7 пайызы гипертоник катары классифицикацияланат; бир пайыздан азыраагы өзүнүн басымын дарынын жардамы менен контролдошот, 6 пайызы гипертониянын биринчи баскычында, бир пайызы экинчи баскычта жана 0,2 пайызы гипертониянын үчүнчү баскычында (оор баскычтагы көтөрүлгөн кан басым).

Башка өлкөлөрдө өткөрүлгөн акыркы Медициналык-демографиялык изилдөөлөрдүн (МДИ) бааларына салыштармалуу Кыргыз Республикасындагы 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдар менен эркектер (10 пайыз жана 7 пайыз) арасындагы гипертониянын жайымдуулугу 2007-жылдагы Украинадагыга (25 жана 32 пайыз), 2005-жылдагы Армениядагыга (22 пайыз жана 27 пайыз), 2006-жылдагы Азербайжандагыга (16 жана 17 пайыз) салыштырмалуу бир кыйла төмөн, ал эми 2002-жылы Өзбекстанда да (8 жана 7 пайыз) гипертониянын деңгээли Кыргызстандагыдай байкалган.

[4]Изилдөө учурунда жүргүзүлгөн артериялык кан басымды өлчөөнү оорулардын медициналык тыянагы катары болжолдоого болбойт, жөн гана изилденген калктын статистикалык баяндоосу катары кароо керек.

3.17.1-таблица. Артериялык кан басымдын абалы: Аялдар

Гипертониянын 15-49 жаштагы аялдар арасындагы жайымдуулугу жана аялдардын артериялык кан басым боюнча негизги мүнөздөмөлөргө ылайык пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Гипертониянын жайымдуулугу[1]	Артериялык кан басымдын классификациясы							Бардыгы	Аялдардын саны
		Нормалдуу			Жогорку			Нормалдуу артериялык кан басым жана дары колдонуу		
		Оптималдуу < 120/< 80 mmHg	Нормалдуу 120-129/ 80-84 mmHg	Нормадан жогору 130-139/ 85-89 mmHg	Жай жогору (1-баскыч) 140-159/ 90-99 mmHg	Орточо жогору (2-баскыч) 160-179/ 100-109 mmHg	Абдан жогору (3-баскыч) 180+/110 + mmHg			
Жаш курак, жаш										
15-19	1.0	82.6	13.5	2.8	0.9	0.0	0.0	0.1	100.0	1,615
20-24	3.6	77.5	15.7	3.2	2.4	0.3	0.0	0.9	100.0	1,506
25-29	5.0	69.9	18.2	6.9	3.0	0.3	0.0	1.7	100.0	1,249
30-34	8.8	62.4	22.2	6.6	5.5	1.1	0.3	1.9	100.0	1,020
35-39	12.6	48.9	28.3	10.3	7.2	1.8	0.2	3.3	100.0	906
40-44	20.1	42.3	23.9	13.7	11.6	3.4	1.0	4.1	100.0	919
45-49	27.8	30.4	27.4	14.4	15.2	5.4	1.9	5.2	100.0	895
Үй-бүлөлүк абалы										
Бир да жолу никеде турбаган	2.0	81.0	14.5	2.5	1.4	0.2	0.1	0.2	100.0	2,210
Никеси бар же чогуу жашайт	12.2	57.6	21.4	8.8	6.9	1.9	0.5	2.9	100.0	5,204
Ажырашкан/өзүнчө жашайт/жесир	13.4	47.4	27.6	11.6	8.7	2.1	0.4	2.1	100.0	696
Дененин массасынын индекси[2]										
<18.5 (жетишпеген салмак)	1.9	84.5	10.7	2.8	0.7	0.2	0.0	1.0	100.0	557
18.5-24.9 (нормалдуу салмак)	5.2	71.8	17.7	5.3	3.1	0.5	0.1	1.5	100.0	4,536
25.0-29.9 (ашыкча салмак)	13.4	51.0	26.4	9.2	8.6	1.9	0.5	2.4	100.0	1,955
≥30 (семиздиктен жабыркоочулар)	27.2	34.6	22.7	15.5	14.3	5.6	2.0	5.3	100.0	930
Чылым чеккендер										
Ооба	5.0	58.8	24.4	11.8	3.4	0.7	0.0	1.0	100.0	224
Жок	9.6	63.2	20.0	7.2	5.6	1.5	0.4	2.1	100.0	7,885
Жашаган жеринин тиби										
Шаар	6.8	66.3	19.3	7.6	3.6	1.0	0.4	1.7	100.0	3,011
Айыл	11.1	61.1	20.5	7.2	6.7	1.7	0.4	2.3	100.0	5,098
Облусу										
Ысык-Көл	11.0	65.5	16.0	7.5	7.6	1.6	0.7	1.1	100.0	648
Жалал-Абад	8.1	73.9	12.7	5.3	4.2	0.9	0.6	2.4	100.0	1,332
Нарын	14.2	46.3	27.2	12.3	9.3	3.8	0.6	0.6	100.0	275
Баткен	8.5	62.4	22.0	7.2	5.4	1.7	0.1	1.2	100.0	613
Ош	12.0	57.3	23.4	7.3	6.6	1.7	0.2	3.4	100.0	1,621
Талас	12.6	68.2	12.7	6.5	6.5	2.1	0.7	3.3	100.0	358
Чүй	10.0	54.7	26.7	8.6	6.8	1.6	0.4	1.2	100.0	1,442
Бишкек шаары	5.7	67.1	19.7	7.5	2.8	0.7	0.3	1.9	100.0	1,513
Ош шаары	10.1	71.1	12.7	6.1	5.7	1.2	0.4	2.7	100.0	307
Билими										
Билими жок/башталгыч	(2.3)	(79.4)	(16.7)	(1.5)	(1.4)	(0.9)	(0.0)	(0.0)	100.0	39
Негизги жалпы	5.3	73.4	17.3	4.1	3.0	0.3	0.2	1.7	100.0	1,127
Толук орто	10.8	60.5	20.5	8.2	6.7	1.6	0.4	2.1	100.0	3,440
Башталгыч/орто кесиптик	12.8	55.3	22.6	9.3	7.5	2.1	0.8	2.4	100.0	1,343
Жогорку	7.7	66.3	19.4	6.6	4.1	1.3	0.2	2.1	100.0	2,161
Жетиштүү жашоо квинтили										
Эң төмөнкү	11.1	60.7	20.6	7.6	6.3	1.7	0.3	2.9	100.0	1,449
Экинчи	11.1	61.7	19.4	7.9	5.7	2.0	0.7	2.7	100.0	1,470
Орто	9.6	63.5	20.1	6.8	6.6	1.0	0.3	1.7	100.0	1,523
Төртүнчү	10.8	61.1	21.3	6.9	6.9	1.8	0.4	1.7	100.0	1,647
Эң жогорку	6.1	67.1	19.3	7.5	3.2	0.9	0.3	1.7	100.0	2,021
Бардыгы	9.5	63.1	20.1	7.3	5.6	1.4	0.4	2.1	100.0	8,110

Эскертүү: Жалпы санга дененин массасынын индекси тууралуу маалыматы жок, өзүнчө көрсөтүлбөгөн аялдар кирди. Кашаадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгендигин көрсөтөт. Бул өлчөөлөрдү оорулардын медициналык тыянагы катары кароого болбойт, изилденген калктын статистикалык баяндоосу катары гана кароого болот.

[1]Артериалык басым (АБ) ≥140/90 mmHg же АБ төмөндөтүү үчүн учурда гипетонияга каршы дарыларды колдонот.

[2] Дененин массасынын индекси (ДМИ) килограммдагы салмактын метрдеги бойдун квадратка катышы катары көрсөтүлөт(кг/м^2).

3.17.2 -таблица. Артериялык кан басымдын абалы: Эркектер

Гипертониянын 15-49 жаштагы аялдар арасындагы жайымдуулугу жана аялдардын артериялык кан басым боюнча негизги мүнөздөмөлөргө ылайык пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Гипертония-нын жайымдуу-лугу[1]	Артериялык кан басымдын классификациясы							Барды-гы	Эркек-тердин саны
		Нормалдуу			Жогору					
		Оптимал-дуу < 120/< 80 mmHg	Нормал-дуу 120-129/ 80-84 mmHg	Норма-дан жогору 130-139/ 85-89 mmHg	Жай жогору (1-баскыч) 140-159/ 90-99 mmHg	Орточо жогору (2-баскыч) 160-179/ 100-109 mmHg	Абдан жогору (3-баскыч) 180+/110+ mmHg	Нормалдуу артериялык кан басым жана дары колдонуу		
Жаш курак, жаш										
15-19	1.9	67.8	25.7	4.6	1.6	0.1	0.2	0.0	100.0	408
20-24	5.6	43.2	44.2	7.0	5.0	0.3	0.0	0.3	100.0	396
25-29	4.5	37.4	46.7	11.4	4.3	0.1	0.0	0.1	100.0	400
30-34	4.9	36.5	38.8	19.8	3.8	0.4	0.0	0.6	100.0	301
35-39	9.2	34.1	34.6	22.1	7.9	1.1	0.0	0.2	100.0	287
40-44	10.7	28.5	39.9	20.9	8.9	0.8	0.4	0.6	100.0	289
45-49	15.9	29.6	30.4	24.0	10.6	3.0	0.6	1.7	100.0	265
Үй-бүлөлүк абалы										
Бир да жолу никеде турбаган	3.9	53.7	35.4	6.9	3.5	0.2	0.1	0.1	100.0	840
Никеси бар же чогуу жашайт	8.0	34.5	39.1	18.4	6.3	0.9	0.2	0.6	100.0	1,411
Ажырашкан/өзүнчө жашайт/жесир	16.2	29.8	30.4	23.6	13.6	1.7	0.0	1.0	100.0	95
Чылым чеккендер										
Ооба	8.2	33.6	41.3	16.9	6.4	1.1	0.1	0.5	100.0	1,237
Жок	5.4	49.6	33.2	11.7	4.7	0.2	0.2	0.4	100.0	1,109
Жашаган жеринин тиби										
Шаар	6.1	44.7	33.4	15.8	4.6	0.7	0.0	0.8	100.0	738
Айыл	7.3	39.6	39.3	13.9	6.0	0.7	0.2	0.3	100.0	1,609
Облусу										
Ысык-Көл	10.5	55.2	21.7	12.6	5.7	4.2	0.3	0.3	100.0	206
Жалал-Абад	1.7	30.7	48.5	19.1	1.2	0.4	0.0	0.0	100.0	382
Нарын	15.7	31.4	35.3	17.6	14.8	0.4	0.0	0.4	100.0	98
Баткен	16.6	37.6	28.1	17.7	14.5	1.1	0.3	0.6	100.0	186
Ош	6.0	28.4	49.9	15.7	5.6	0.0	0.4	0.0	100.0	526
Талас	16.9	40.7	26.7	15.7	11.7	2.4	0.3	2.4	100.0	122
Чүй	3.7	62.6	27.8	5.9	3.5	0.0	0.0	0.2	100.0	396
Бишкек шаары	3.1	47.0	35.7	14.2	2.3	0.3	0.0	0.5	100.0	352
Ош шаары	12.4	27.8	40.0	19.8	9.1	0.0	0.0	3.3	100.0	78
Билими										
Билими жок/башталгыч	*	*	*	*	*	*	*	*	100.0	7
Негизги жалпы	3.6	53.1	33.8	9.6	2.8	0.5	0.0	0.2	100.0	326
Толук орто	8.0	35.1	40.9	16.0	6.6	0.6	0.3	0.5	100.0	1,141
Башталгыч/орто кесиптик	8.1	42.7	32.9	16.3	5.6	2.1	0.2	0.2	100.0	377
Жогорку	5.6	46.7	35.1	12.5	5.0	0.1	0.0	0.6	100.0	496
Жетиштүү жашоо квинтили										
Эң төмөнкү	7.0	36.7	38.1	18.3	5.6	0.5	0.1	0.8	100.0	494
Экинчи	6.1	43.6	37.6	12.7	4.9	0.8	0.3	0.2	100.0	493
Орто	8.8	35.9	41.8	13.6	7.5	0.8	0.1	0.2	100.0	445
Төртүнчү	7.6	45.2	33.3	13.9	6.1	0.8	0.3	0.5	100.0	431
Эң жогорку	5.3	44.6	36.4	13.8	4.1	0.7	0.0	0.6	100.0	484
Бардыгы	6.9	41.2	37.4	14.5	5.6	0.7	0.2	0.5	100.0	2,346

Эскертүү: Жалпы санга дененин массасынын индекси тууралуу маалыматы жок, өзүнчө көрсөтүлбөгөн аялдар кирди. Кашаадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгендигин көрсөтөт. Бул өлчөөлөрдү оорулардын медициналык тыянагы катары кароого болбойт, изилденген калктын статистикалык баяндоосу катары гана кароого болот.

[1]Артериалык басым (АБ) ≥140/90 mmHg же АБ төмөндөтүү үчүн учурда гипетонияга каршы дарыларды колдонот.

КР МДИ-2012нин жыйынтыктары башка эпидемиологиялык изилдөөлөр гипертония жаш куракка шексиз байланышкандыгын далилдейт. Аялдар арасында гипертониянын деңгээли 15-19 жашта бир пайыздан 40-44 жаштагы 20 пайызга чейин жана 45-49 жаштагы 28 пайызга чейин көбөйөт. Эркектер арасында окшош көрүнүш байкалат. 45-49 жаштагы эркектер (16 пайыз) арасында гипертониянын жайымдуулугу 25-29 жаштагы эркектерге (5 пайыз) салыштырмалуу үч эсе жогору. Гипертониянын таралуусундагы олуттуу айырмачылыктар дененин массасынын индексине (ДМИ) ылайык топко бөлүнгөн аялдар арасында байкалды. Гипертониянын деңгээли нормалдуу салмакка ээ жактарга салыштырмалуу ашыкча салмактуу, семиздик менен жабыркоочу жактардын арасында жогору экендиги тастыкталды. Гипертониктердин деңгээли дененин жетишсиз

массасындагы аялдардын (ДМИ 18,5) 2 пайызына жана нормалдуу салмактагы аялдардын 5 пайызына (ДМИ 18,5-24,9) салыштырмалуу семиздик менен жабыркаган аялдардын (ДМИ≥ 30) арасында 27 пайызды түздү.

Шаар жеринде жана айыл жеринде жашаган эркектердин арасындагы гипертониянын деңгээлиндеги айырмачылыктар аз гана. Бирок айыл жериндеги жогорку кан басымы бар аялдардын үлүшү (11 пайыз) шаар жериндеги аялдарга (7 пайыз) караганда бир канча жогору. Гипертониянын аймактар боюнча таралуусу аялдар арасында Бишкек шаарында 6 пайыздан Нарын облусунда 14 пайызга чейин өзгөрөт, ал эми эркектер арасында Жалал-Абад облусунда 2 пайыздан Нарын, Талас жана Баткен облустарында 16-17 пайызга чейин өзгөрөт. Толук орто жана кесиптик билими бар респонденттер башка респонденттерге караганда гипертония менен бир канча көп оорушат. Гипертониянын деңгээли аялдар арасында жетиштүү жашоонун деңгээлинен карама-каршы көз карандылыкка ээ, бирок эркектер арасында бул көрүнүш так эмес.

Кыргыз Республикасындагы улуулардын арасындагы гипертониянын төмөнкү жалпы көрсөткүчтөрүнө карабастан, семирүү менен жабыркаган 45 жана андан улуу жаштагылардын арасында бул ден соолуктун олуттуу көйгөйү болуп эсептелет. Гипертония оорусун контролдоонун биринчи кадамы адамдын гипертониянын абалы жана анын мезгилсиз майыптуулукка жана өлүмгө алып келген акыбети жөнүндө маалымдуулугу болуп саналат. Гипертониянын жагымсыз натыйжалары жана айрыкча улуу жаш курактагы адамдардын арасында артериялык кан басымды өлчөөдөгү жардам жөнүндөгү калктын агартуусу саламаттык сактоо тармагындагы программалардын маанилүү багыты болуп саналышы керек.

3.2-график маалымдуулуктун жана гипертоник аялдар менен эркектердин дарылоосунун деңгээлин көрсөтөт. Жогорку кан басымы бар аялдардын жарымынан азырагы (45 пайызы) өздөрүнүн абалы жөнүндө билишет. Гипертоник аялдардын бешинен бирөө (22 пайыз) өзүнүн кан басымын контролдойт жана дарылайт, ал эми 18 пайызы дарылашат, бирок мурункудай эле көтөрүлгөн кан басымы менен жабыркашат. Гипертоник аялдардын беш пайызы өздөрүнүн көтөрүлгөн кан басымы жөнүндө билишет, бирок дарыланышпайт, ал эми 55 пайызы өздөрүнүн ден соолугунун абалы жөнүндө билишпейт.

3.2-график

15-49 жаштагы аялдар менен эркектердин арасындагы жогорку артериялык кан басым жана гипертонияны дарылоо жөнүндө маалымдуулуктун деңгээли



Гипертоник эркектер аялдарга караганда өздөрүнүн ден соолугунун абалы жөнүндө алда канча аз маалым болушкан жана гипертония менен ооруган эркектердин 15 пайызы аялдардын 45 пайызынан айырмаланып, өзүнүн гипертония менен ооругандыгын билишет. Гипертоник эркектердин аз гана бөлүгү (7 пайыз) кан басымын дарылайт жана контролдойт; ал эми башка 6 пайызы дарылашат, бирок мурункудай эле көтөрүлгөн кан басымы менен жабыркашат. Эки пайызы өздөрүнүн көтөрүлгөн кан басымы тууралуу билишет,

бирок дарыланышпайт. Гипертоник эркектер (2 пайыз) гипертоник аялдарга караганда (5 пайыз) өздөрүнүн көтөрүлгөн кан басымы тууралуу көп билишет, бирок дарыланышпайт. Гипертоник эркектердин (85 пайызы) өздөрүнүн ден соолугунун абалы жөнүндө билишпегендиги эң жогорку маанилүү тыянак болуп саналат.

НИКЕ ЖАНА СЕКСУАЛДЫК АКТИВДҮҮЛҮК 4

Негизги натыйжалар

- Кыргыз Республикасындагы 15жаштан 49 жашка чейинки аялдардын болжол менен үчтөн экиси (64 пайызы) жана 15жаштан 49 жашка чейинки эркектердин бештен үчү (60 пайызы) азыркы учурда никеде турушат жана аялдардын төрттөн бири жана эркектердин үчтөн биринен көбүрөөгү гана бир да жолу никеге турушкан эмес, ал эми 9 пайыз аялдар жана 4 пайыз эркектер ажырашкандар, өзүнчө жашашат же жесир.
- Кыргызстандагы көпчүлүк аялдар жана эркектер өмүрүндө бир жолу болсо да никеге турушкан, муну менен никеге такыр турбагандардын категориясы жаш курак менен кескин азайат жана 45-49 жаш курактагы аялдардын эки пайыздан азыраагынан жана эркектердин арасындагы бир пайызга чейин жетет.
- 25-49 жаш курактагы аялдардын бир пайыздан азыраагы 15 жашка чыкканга чейин биринчи жолу никеге турушса, 14 пайызы 18 жашка чыкканга чейин биринчи жолу турмушка чыгышкан.
- 18 жашка чыкканга чейин биринчи жолу никеге турушкан 25-49 жаш курактагы аялдардын үлүшү 35-39 жаш курактагы аялдардын 21 пайызынан 20-24 жаш курактагы аялдардын 8 пайызына чейин төмөндөдү.
- Кыргызстандагы эркектер, аялдарга караганда төрт жылга кечирээк үйлөнүшөт. Жаш курактын медианасы 25-49 жаш курактагы аялдардын биринчи жолу никеге турушу, ушундай эле курактагы эркектердин 24.5 жылына салыштырмалуу 20.6 жылы түзөт.
- Кыргызстандагы аялдар биринчи жолу турмушка чыкканда гана жыныстык катнашка барышат. Аялдардан айырмаланып эркектер биринчи никеге турганга чейин 4.6 жылга эртерээк жыныстык катнашка барышат.
- Аялдардын элүү жети пайызы изилдөө жүргүзгөнгө чейинки акыркы төрт жума ичинде сексуалдык активдүүлүктө болушкан жана да 12 ай ичинде 9 пайызы 12 ай ичинде, бирок изилдөөгө чейинки ай ичинде эмес; эркектердин арасындагы көрсөткүчтөр 65 жана 14 пайызды түзөт.

Бул бөлүмдө респонденттердин биринчи никеге турган учурдагы жаш курагынын жана никенин тенденциясы каралат. Турмушка чыгуу аялдарды кош бойлуу болуу коркунучуна кабылдырган алгачкы индикатор болуп саналат, ошондуктан турмушка чыгуу жөнүндө маалымат төрөттү түшүнүү үчүн абдан маанилүү. Эрте никe мүнөздүү болгон өлкөлөргө эрте бала төрөө жана жогорку төрөт мүнөздүү. Ошондуктан, бала төрөө процесстерин изилдөөдө биринчи никеге туруудагы жаш курактын олуттуу тенденцияларын билүү өзгөчө кызыгууну пайда кылат. Бул бөлүм кош бойлуулукка кабылууну өлчөөнүн эки башка түз чаралары жөнүндө маалыматтарды камтыйт: (1) биринчи жолу жыныстык катнашта болгондогу жаш курак жана (2) жыныстык катнаштын жыштыгы.

4.1 ИЗИЛДӨӨ ЖҮРГҮЗГӨН УЧУРДАГЫ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК АБАЛ

4.1-таблицада КР МДИ-2012деги бардык респонденттерди үй-бүлөлүк абалынан жана жаш курагынан көз каранды бөлүнүшү көрсөтүлгөн. *Таблицадагы турмушка чыккан/үйлөнгөн* термини юридикалык же расмий никенин болушун билдирет, ал эми *чогуу жашашат* термини катталбаган никe союзуна кирет. Кийинки таблицалардагы бул эки категориянын пайыздык үлүшү *азыркы убакта никеде тургандар* деген атлыштагы жалпылыкка киргизилди. Жесир аял/эркектер, ажырашкандар жана бөлөк жашагандар *"мурун никеде тургандар"* категориясына киришет.

4.1-таблицада 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын дээрлик үчтөн экиси (64 пайыз) жана эркектердин бештен үчү (60 пайыз) никеде турушат же чогуу жашагандыктары көрсөтүлгөн.

Кыргыз коомчулугунун салттуу мүнөзүн чагылдырганда бул аялдар менен эркектердин дээрлик бардыгы расмий никеде турушат, бир пайыздан азыраагы өнөктөшү менен чогуу жашагандыгын көрсөтүшкөн. Аялдардын алты пайызы жана эркектердин 4 пайызы ажырашкандар же өзүнчө жашашат, ал эми аялдардын 3 пайызы жесирлер болуп саналат.

4.1-таблица. Учурдагы үй-бүлөлүк абал

15-49 жаштагы аялдардын жана эркектердин учурдагы үй-бүлөлүк абалы жана жаш курагы боюнча пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Жаш курак	Үй-бүлөлүк абал						Бардыгы	Азыркы убакта никеде турган респондент-тердин пайызы	Респондент-тердин саны
	Бир да жолу никеде турбагандар	Үйлөнгөндөр / турмушка чыккандар	Чогуу жашашат	Ажырашкандар	Бөлөк жашашат	Жесир аял/эркек			
Аялдар									
15-19	90.0	9.6	0.1	0.4	0.0	0.0	100.0	9.6	1,637
20-24	37.7	58.6	0.1	3.2	0.1	0.4	100.0	58.7	1,527
25-29	8.7	83.6	0.3	6.8	0.3	0.4	100.0	83.9	1,265
30-34	4.8	83.9	0.4	8.7	0.4	1.8	100.0	84.3	1,028
35-39	0.8	87.2	0.3	7.6	0.0	4.1	100.0	87.5	915
40-44	1.7	81.1	0.6	10.2	0.0	6.4	100.0	81.6	928
45-49	1.6	78.4	0.5	10.3	0.1	9.2	100.0	78.8	908
Бардыгы	27.4	63.8	0.3	5.9	0.1	2.6	100.0	64.0	8,208
Эркектер									
15-19	99.5	0.2	0.4	0.0	0.0	0.0	100.0	0.5	432
20-24	75.7	23.9	0.0	0.4	0.0	0.0	100.0	23.9	404
25-29	26.1	67.5	0.1	6.3	0.0	0.0	100.0	67.6	409
30-34	6.5	87.0	0.0	6.5	0.0	0.0	100.0	87.0	305
35-39	2.2	91.4	0.0	5.4	0.5	0.5	100.0	91.4	292
40-44	1.9	90.8	1.0	4.2	0.4	1.7	100.0	91.8	297
45-49	0.4	95.6	0.1	3.1	0.0	0.8	100.0	95.8	275
Бардыгы	36.3	59.6	0.2	3.5	0.1	0.3	100.0	59.8	2,413

4.1-таблицада берилген маалыматтар Кыргызстандагы аялдар менен эркектердин көпчүлүгү жашоосунда жок эле дегенде бир жолу үйлөнүшөрүн жана турмушка чыгышарын көрсөтөт, ал эми бир да жолу никеде турбагандардын үлүшү жаш курак менен кескин азайат. Азыркы убакта никеде турган аялдардын үлүшү 35-39 жаш курактык топко чейин аябай көбөйөт, ал эми андан кийин улуураак курактагы аялдарда бул үлүш төмөндөйт. 45-49 жаш курактагы аялдардын 2 пайызы гана бир да жолу никеде турган эмес, 79 пайызы никеде турушат же эркек менен чогуу жашашат, ал эми 19 пайызы мурун никеде тургандар категориясына кирет. Бул жаш курактык топтордун арасында никенин бузулууларынын негизги себептери ажырашуу (10 пайыз) жана жесирлик (9 пайыз) болуп саналат.

Бир да жолу никеде турбаган эркектердин үлүшү аялдарга караганда (36 пайызы эркектер жана 27 пайызы аялдар) жогору. Бул айырма көбүнчө эркектердин никеге кеч турушунун тенденциясы менен түшүндүрүлөт. Мисалы, 20 жаштан 24 жашка чейинки жаш курактагы аялдардын 59 пайызы ушул эле курактагы эркектердин 24 пайызына салыштырмалуу никеде союзунда турушат.

КР МДИ-1997нин жыйынтыктары менен салыштырганда никеси бар аялдардын үлүшү акыркы 15 жыл ичинде (1997-жылдагы 70 пайыздан 2012-жылдагы 64 пайызга) төмөндөгөн, тескерисинче бир да жолу никеде турбаган аялдардын үлүшү 1997-жылдагы 22 пайыздан 2012-жылдагы 27 пайызга чейин өскөн. КР МДИ-1997 менен КР МДИ-2012нин жыйынтыктарынын ортосундагы мурун никеде турган аялдардын үлүшүндөгү айырмачылыктар бар болсо дагы, аз санда кездешет (RIOP [Кыргыз Республикасы] Macro International, 1998).

4.2 АЛГАЧКЫ НИКЕГЕ ТУРГАНДАГЫ ЖАШ КУРАК

Алгачкы нике маанилүү социалдык жана демографиялык индикатор болуп саналат, баланын төрөлүшү көпчүлүк коомчулуктардагыдай эле, биринчи жолу каалоо менен күтүлгөн жашоонун учурун элестетет. 4.2-таблицада берилген аялдардын жана эркектердин алгачкы никеге тургандагы жаш курагы жөнүндө маалыматтар КР МДИнин качандыр бир кезде никеде турган респонденттеринин алгачкы өнөктөшү менен кайсы айда, кайсы жылы никеге тургандыктарын аныктоо жолу менен алынды. Өзүнүн биринчи никеге турган күнүн эстей албаган респонденттерден канча жашында алар биринчи жолу турмушка чыккандыгы/үйлөнгөндүгү кошумча суралды.

Кыргыз Республикасындагы жаш курактык топтор боюнча аныкталган так жаш куракка качандыр бир кезде никеде турган аялдар менен эркектердин алгачкы никеге тургандагы жаш курагынын тенденциялары 4.2-таблицада берилди. Респонденттердин никеге тургандагы жаш курагынын орточо көрсөткүчү жөнүндө маалымат алуу үчүн 4.2-таблицада биринчи никеге тургандагы жаш курактын медианасы көрсөтүлдү. Медиана никеде турган жаш курактык топторундагы респонденттердин жарымынын болгон курагын көрсөтөт. Алгачкы никеге тургандагы жаш курак тууралуу тенденциялар жөнүндө тыянак чыгарууда эң улуу жаш курактык топ боюнча маалыматтарды этияттуулук менен интерпретациялоо керек, анткени респонденттер алгачкы никеге турган күндөрүн эстеринен чыгарып коюушу мүмкүн.

4.2-таблица Алгачкы никеге тургандагы жаш курак

Белгилүү так жаш кураста алгачкы никеге турган 15-49 жаштагы аялдар менен эркектердин пайызы жана алгачкы никеге тургандагы жаш курактын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды медианасы, Кыргыз Республикасы, 2012

Учурдагы жаш курагы	Аныкталган так жаш кураста алгачкы никеге тургандардын пайызы:					Бир да жолу никеге турбагандардын пайызы	Респондент-тердин саны	Алгачкы никеге турган жаш курактын медианасы
	15	18	20	22	25			
				Аялдар				
15-19	0.1	м/ж	м/ж	м/ж	м/ж	90.0	1,637	а
20-24	0.1	7.8	33.3	м/ж	м/ж	37.7	1,527	а
25-29	0.3	10.4	34.7	60.8	83.8	8.7	1,265	21.2
30-34	0.9	15.9	42.9	65.1	83.6	4.8	1,028	20.6
35-39	1.3	21.3	55.1	71.0	85.8	0.8	915	19.7
40-44	0.1	9.6	43.5	71.1	88.5	1.7	928	20.4
45-49	0.1	12.1	39.9	67.2	86.0	1.6	908	20.7
25-49	0.5	13.6	42.6	66.6	85.4	3.9	5,044	20.6
				Эркектер				
15-19	0.0	м/ж	м/ж	м/ж	м/ж	99.5	432	а
20-24	0.0	0.4	5.6	м/ж	м/ж	75.7	404	а
25-29	0.0	2.0	7.2	18.7	52.1	26.1	409	24.8
30-34	0.0	1.6	10.2	21.2	45.8	6.5	305	25.3
35-39	0.0	1.6	7.5	22.8	52.1	2.2	292	24.8
40-44	0.0	0.4	3.4	25.3	63.8	1.9	297	23.8
45-49	0.0	0.7	2.3	25.1	64.3	0.4	275	24.0
25-49	0.0	1.3	6.3	22.3	55.2	8.8	1,577	24.5

Эскертүү: Алгачкы никеге тургандагы жаш курак респонденттин биринчи жолдошу/жубайы/өнөктөшү менен чогуу жашай баштаган жаш курак аныкталат.
м/ж = цензуранын себебинен маалыматтар жок.
а = өткөрүлүп жиберилген, анткени эркектер менен аялдардын 50 пайызынан азыраагы жаш курактык топтун башталышына жете электе эле жубайлары же өнөктөштөрү менен алгачкы жолу чогуу жашай башташкан.

4.2-таблица 25-49 жаш курактагы аялдардын ичиндеги алгачкы никеге тургандагы жаш курактын медианасы 20,6 жашты түзгөнүн көрсөтөт. 25-49 жаш курактагы аялдардын бир пайыздан азыраагы 15 жашка чыкканга чейин жана 14 пайызы 18 жашка чыкканга чейин турмушка чыгышкан. Аныкталган жаш кураста никеге турган аялдардын пайыздык үлүшү 18 жаштан кийин ачык-айкын өсө баштайт; аялдардын 43 пайызы 20 жашка чейинки жаш кураста, ал эми 85 пайызы 25 жашка чейинки жаш кураста биринчи жолу турмушка чыгышканын көрсөтүшкөн.

Алгачкы никеге тургандагы жаш курактын медианасы тууралуу тенденциясын изилдөө биринчи жолу турмушка 25-29 жаштагы аялдар орточо бир жылдан көп эмес, 35-39 жана 40-44 жаштагы аялдарга караганда аялдарга караганда он айга кечирээк чыгаарын көрсөтөт.

Эркектердин бир аз үлүшү аялдардан айырмаланып 20 жашка чейин үйлөнүшөт (25-49 жаш курактык топтогу эркектердин 6 пайызы), ал эми 55 пайызы 25 жашында үйлөнөт. Алгачкы никеге тургандагы жаш курактын медианасы аялдардыкындай эле, жаш эркектердин арасында да өсүп жатат: биринчи никеге туруу жаш курактын медианасы 40-44 жаш курактагы эркектердин арасында да өскөн: алгачкы никеге тургандагы жаш курактын медианасы 25-29 жаштагы эркектердин арасында 24,8 жашты жана 45-49 жаштагы эркектердин арасында 24,0 жашты түздү. 25-49 жаштагы бардык эркектердин арасында алгачкы никеге тургандагы медиана 24,5 жашты түздү.

4.3-таблицада аялдар менен эркектердин никеге тургандагы жаш курагынын медианасынын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды ар түрдүү маанилери көрсөтүлөт. Жалпысынан 25-49 жаштагы аялдардын алгачкы никеге тургандагы жаш курагындагы айырмачылыктар анча чоң эмес жана көпчүлүк топчолор үчүн алгачкы никеге тургандагы жаш курактын медианасы медианалык маанилердин улуттук көрсөткүчүнө дал келет (аялдар үчүн 20,6 жаш). Айыл жеринде жашаган аялдардын арасындагы алгачкы никеге тургандагы жаш курактын медианасы шаар жериндеги аялдарга караганда төмөн. Алгачкы никеге тургандагы жаш курактын медианасынын эң жогорку мааниси Бишкек шаарында жашаган аялдарда (22,1 жаш) жана жогорку билимдүү аялдарда (22,2 жаш) белгиленди. Жетиштүү жашоонун деңгээли боюнча эң жогорку квинтилге тиешелүү болгон үй чарбасында жашаган аялдар төмөнүрөөк квинтилдеги аялдарга караганда биринчи никеге кечирээк турушат.

4.3-таблицада 25-49 жаштагы эркектердин да алгачкы никеге тургандагы жаш курагынын медианасынын көрсөткүчү берилген. Бул көрсөткүч Ысык-Көл облусунда жашаган эркектердин (24,8 жаш) жана жетиштүү жашоонун төртүнчү квинтилиндеги эркектерде (24,6 жаш) эң жогору болуп саналат. Эркектердин арасында алгачкы никеге тургандагы жаш курактын медианасынын олуттуу ар түрдүү маанилери башка негизги мүнөздөмөлөр боюнча белгиленген жок.

25-49 жаштагы аялдардын арасында алгачкы никеге тургандагы жаш курактын маанилүү өзгөрүүлөрү акыркы он беш жыл ичинде байкалган жок (2012-жылдагы 20,6 жашка 1997-жылдагы 20,4 жаш (RIOP [Кыргыз Республикасы] жана MacroInternational, 1998)).

4.3-таблица Алгачкы никеге тургандагы жаш курактын негизги мүнөздөмөлөр боюнча медианасы

25-49 жаштагы эркектер менен аялдардын арасындагы алгачкы никеге тургандагы жаш курактын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды медианасы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Аялдар, жаш курак	Эркектер, жаш курак
	25-49	25-49
Жашаган жеринин тиби		
Шаар	21.3	a
Айыл	20.2	24.2
Облусу		
Ысык-Көл	20.7	24.8
Жалал-Абад	20.4	24.5
Нарын	20.5	24.5
Баткен	20.1	23.8
Ош	20.1	23.9
Талас	19.9	24.0
Чүй	20.6	24.3
Бишкек шаары	22.1	a
Ош шаары	20.8	a
Билими		
Билими жок/башталгыч	*	*
Негизги жалпы	20.0	a
Толук орто	19.7	24.2
Башталгыч/орто кесиптик	20.6	24.0
Жогорку	22.2	a
Жетиштүү жашоонун квинтили		
Эң төмөнкү	20.1	24.2
Экинчи	20.2	24.3
Орто	20.2	23.8
Төртүнчү	20.5	24.6
Эң жогорку	21.8	a
Бардыгы	20.6	24.5

Эскертүү: Алгачкы никеге тургандагы жаш курак деп респондент жолдошу/жубайы/өнөктөшү менен чогуу жашай баштаган курак аныкталат.
* белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.
a = өткөрүлүп жиберилген, анткени эркектер менен аялдардын 50 пайызынан азыраагы жаш курактык топтун башталышына жете электе эле жубайлары же өнөктөштөрү менен алгачкы жолу чогуу жашай башташкан.

4.3 АЛГАЧКЫ ЖЫНЫСТЫК КАТНАШТАГЫ ЖАШ КУРАК

Алгачкы никеге тургандагы жаш курак аялдардын алгачкы жыныстык катнашка кабылуусун жана бойго бүтүү коркунучунун келип чыгуусун аныктоо үчүн көптөн бери кыйыр көрсөткүч катары пайдаланылып келе жатат. Ошого карабастан, аялдар же эркектер алгачкы никеге турганга чейин сексуалдык мамилелерин демилгелей алышат. КР МДИ-2012 сурамжылоосун жүргүзүүдө аялдар менен эркектерден алардын эң биринчи жыныстык катнашта болгондогу жаш курагы тууралуу сурадык. 4.4-таблицада аялдар менен эркектердин арасындагы жыныстык катнашка баргандагы жаш курагы жана түрдүү жаш курактык топтордо бул көрсөткүчтүн өзгөрүүсүнүн тенденциясы жөнүндө маалыматтар берилди. 4.5-таблицада 25-49 жаштагы аялдар менен эркектердин арасындагы алгачкы никеге тургандагы жаш курактын медианасынын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды болгон мааниси көрсөтүлдү.

4.4-таблица Алгачкы жыныстык катнашта болгондогу жаш курак

Жыныстык катнашта аныкталган так жаш курагында болгон 15-49 жаштагы эркектердин жана аялдардын пайызы, бир да жолу никеге турбаган респонденттердин үлүшү жана алгачкы жыныстык катнашка баргандагы жаш курактын учурдагы жаш курак боюнча медианасы, Кыргыз Республикасы, 2012

Азыркы жаш курагы	Так курак боюнча боюнча алгачкы жыныстык катнашка баргандардын пайызы:					Бир да жолу жыныстык катнашка барбаганда рдын пайызы	Респондентте р-дин саны	Алгачкы жыныстык катнаш учурундагы жаш курактын медианасы
	15	18	20	22	25			
Аялдар								
15-19	0.0	м/ж	м/ж	м/ж	м/ж	89.8	1,637	а
20-24	0.1	7.8	33.5	м/ж	м/ж	35.6	1,527	а
25-29	0.3	10.6	35.5	60.3	81.8	7.2	1,265	21.2
30-34	0.9	17.0	43.9	65.9	82.4	2.8	1,028	20.5
35-39	1.3	21.0	56.9	71.4	85.6	0.4	915	19.6
40-44	0.1	10.2	44.8	70.7	86.6	1.0	928	20.3
45-49	0.1	12.5	41.2	68.4	85.7	0.5	908	20.5
25-49	0.5	14.1	43.8	66.8	84.2	2.7	5,044	20.5
Эркектер								
15-19	2.2	м/ж	м/ж	м/ж	м/ж	74.5	432	а
20-24	2.0	32.2	68.2	м/ж	м/ж	15.5	404	18.9
25-29	4.0	26.6	57.8	80.3	91.9	4.3	409	19.6
30-34	0.6	23.0	60.4	78.1	88.8	0.9	305	19.6
35-39	0.2	11.5	49.0	76.6	91.4	0.3	292	20.1
40-44	0.0	14.1	44.0	76.1	91.8	0.6	297	20.4
45-49	0.0	14.2	40.2	74.5	90.8	0.0	275	20.4
25-49	1.2	18.6	51.0	77.4	91.0	1.5	1,577	19.9

м/ж = цензурадан улам маалыматтар жок.
а = өткөрүлүп жиберилген, анткени эркектер менен аялдардын 50 пайызынан азыраагы жаш курактык топтун башталышына жете электе эле жубайлары же өнөктөштөрү менен алгачкы жолу чогуу жашай башташкан.

Жалпысынан КРМДИ-2012 жыйынтыктары 25-49 жаштагы аялдардын арасынан 14 пайызы 18 жашка толгонго чейин, 44 пайызы 20 жашка толгонго чейин жана 67 пайызы 22 жашка толгонго чейин жыныстык катнашта болушкандыктарын көрсөтөт (4.4-таблица). 25 жаштагы аялдардын 84 пайызы жыныстык катнашта болушкан. Алгачкы жыныстык катнашта болгондогу жаш курактын медианасы жаш аялдардын (25-29 жаштагылар) арасында өсүп жатат - алгачкы никеге тургандагы жаш курактын медианасы менен бирдей. 45-49 жаштагы аялдар үчүн жыныстык катнашта болгондогу жаш курактын медианасы 20.5 жашты түздү, ал эми 25-29 жаштагы аялдардын медианасынын мааниси 21.2 жашка чейин өстү. 25-49 жаштагы бардык аялдардын арасында алгачкы жыныстык катнашта болгондогу жаш курактын медианасы 20.5 жашты түздү.

Эркектер аялдардан айырмаланып, алгачкы никеге чейин жыныстык катнашка алда канча көп барышат. Мисалы, 25-49 жаштагы эркектердин бир азы гана (6 пайызы) 20 жашка толгонго чейин никеде турушса, жарымынан көбүндө (51 пайызы) бул кезде сексуалдык тажрыйба бар болгон. 25-49 жаштагы эркектердин арасында алгачкы жыныстык катнашта болгон учурдагы жаш курактын медианасынын мааниси ушул эле жаш курактык топтогу алгачкы никеге тургандагы жаш курактын медианасынан 4,5 жылга төмөн (24,5 жашка 19,9 жаш).

25-49 жаш курактык топтогу аялдардын арасында акыркы он беш жыл ичинде алгачкы жыныстык катнашта болгон учурдагы жаш куракта өзгөрүүлөр байкалган жок (1997-жылдагы 20,5 жашка 2012-жылдагы 20,5 жаш) (RIOP [Кыргыз Республикасы] жана MacroInternational, 1998).

Кыргыз Республикасы никеге чейинки жыныстык катнаш маселелеринде салттуу коом болуп саналат. Анын үстүнө бир нече жаш курактык топтордогу 18, 22 жана 25 так жаш курактар боюнча алгачкы жыныстык катнашка барганын айткан аялдардын үлүшү ушул так жаш курактарга толгондо биринчи жолу турмушка чыккандарын айткан аялдарга салыштырмалуу бир канча төмөн. Мисалы, 18 жашында жыныстык катнашка барганын айткан аялдардын үлүшү (21,0 пайыз) 18 жашында биринчи жолу турмушка чыкканын айткан аялдардын үлүшүнө (21,3) караганда төмөн. 22 жашында алгачкы жыныстык катнашка барганын айткан 25-29 жана 40-44 жаштагы аялдардын үлүшү (60,3 жана 70,7 пайыз) 22 жашында биринчи жолу турмушка чыкканын айткан аялдардын үлүшүнө (60,8 жана 71,1 пайыз) караганда төмөн. 25 так жаш курагында алгачкы жыныстык катнашка барганын айткандардын үлүшү 25 так жаш курагында биринчи жолу турмушка чыкканын айткандарга караганда бардык жаш курактык топтордо бир канча төмөн. 4.5-таблицадагы жаш курактын медианасынын маанилерин 4.3-таблицадагы алгачкы никеге тургандагы жаш курак боюнча окшош маалыматтары бар аялдар үчүн салыштырганда жыныстык катнашка бир топ кеч тургандагы жаш курактын медианалык манилери аялдардын бир канча социалдык-экономикалык топторунда, Ысык-Көл, Баткен, Ош облустарында жана Ош шаарында жашаган аялдарда, ошондой эле жетиштүү жашоонун эң төмөнкү жана ортонку квинтилдериндеги үй чарбаларында көрүнөт. Бирок бул тенденция эркектерге мүнөздүү эмес.

Жыныстык катнашта бир канча кеч жаш куракта болуунун түзүлүшүн алгачкы никеге турган аялдар менен салыштырганда КР МДИнин жыйынтыктарында Кыргыз Республикасындагы айрым үй-бүлөлүү жубайлар чогуу жашаганды кийинкиге калтырышат жана расмий никеге турууну демилгелеген тенденцияны чагылдырышы мүмкүн. Бирок бул түзүлүш респонденттердин алгачкы никеге тургандагы жана жыныстык катнашта болгондогу жаш курагын көрсөтүүдө кетирген каталарынын натыйжасында түзүлгөн. Жалпысынан КР МДИнин респонденттерине алардын никеге тургандагы так күнүн, айын көрсөтүү айтылды, эгер никеге тургандагы айды так билишпесе, анда ошол кездеги жаш курагын гана көрсөтүүнү сурадык. Тескерисинче, туура эмес билдирүүлөрдүн көп жаралбашы үчүн респонденттерден алгачкы жыныстык катнашта болгондогу жашты гана көрсөтүүнү сурандык.

4.5-таблица аялдардын жана эркектердин алгачкы жыныстык катнашта болгондогу жаш курактарынын негизги мүнөздөмөлөрү жана учурдагы жаш курагы боюнча медианасын көрсөтөт.

4.5-таблица. Алгачкы жыныстык катнашка баргандагы жаш курактын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды медианасы

25-49 жаштагы аялдар менен эркектердин арасындагы алгачкы жыныстык катнашка баргандагы жаш курактын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды медианасы, КыргызРеспубликасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Аялдар, жаш курак	Эркектер, жаш курак
	25-49	25-49
Жашаган жеринин тиби		
Шаар	20.9	19.8
Айыл	20.3	20.0
Облусу		
Ысык-Көл	20.9	23.4
Жалал-Абад	20.4	19.0
Нарын	20.5	21.1
Баткен	20.2	23.9
Ош	20.2	19.7
Талас	19.8	21.1
Чүй	20.3	19.5
Бишкек шаары	21.4	19.5
Ош шаары	21.0	19.7
Билими		
Билими жок/башталгыч	*	*
Негизги жалпы	20.0	19.7
Толук орто	19.7	20.1
Кесиптик башталгыч/орто	20.6	20.0
Жогорку	22.0	19.5
Жетиштүү жашоонун квинтили		
Эң төмөнкү	20.3	20.5
Экинчи	20.2	20.0
Орто	20.3	20.1
Төртүнчү	20.4	19.7
Эң жогрку	21.2	19.6
Бардыгы	20.5	19.9

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес

Алгачкы жыныстык катнашта болгондогу жаш курактын медианасы айылдык аялдарга караганда шаардык аялдарда бир канча жогору. Алгачкы жыныстык катнашта болгондогу жаш курак менен билимдин, жетиштүү жашоонун жана жаш курактын ортосунда тыгыз байланыш бар. Мисалы, алгачкы жыныстык катнашта болгондогу жаш курактын медианасы билим деңгээлинин

өсүүсү менен орто билими бар аялдардын арасындагы 19,7 жаштан жогорку билимдүүлөрдүн арасындагы 22,0 жашка чейин өсөт. Алгачкы жыныстык катнашта болгондогу жаш курактын медианасы региондор боюнча айырмаланат. Аялдардын жаш курагынын эң жогорку өсүшү Бишкек шаарында (21,4 жаш), ал эми эң төмөнкү (19,8 жаш) өсүшү Талас облусунда байкалды.

Эркектердин арасындагы алгачкы жыныстык катнашта болгондогу жаш курактын медианасы аялдардан айырмаланып, айыл жериндеги эркектерге караганда шаар жериндеги эркектерде төмөн, жалпысынан, жетиштүү жашоонун деңгээлинин өсүшү менен бир аз төмөндөйт, бирок бул айрыма анча чоң эмес. Региондук айырмачылыктарга токтолсок, алгачкы жыныстык катнашта болгондогу жаш курактын медианасы Баткен жана Ысык-Көл облустарына караганда Жалал-Абад облусунда 4 жашка төмөн.

4.4 Эң акыркы сексуалдык активдүүлүк

Контрацепция болбогондогу кош бойлуулуктун мүмкүнчүлүгү жыныстык катнаштардын үзгүлтүксүздүгү менен байланышкан. Демек, жыныстык жашоо жөнүндө маалыматтар кош бойлуулук коркунучун тагыраак өлчөө үчүн маанилүү. 4.6.1- жана 4.6.2-таблицалары акыркы жыныстык катнаштан кийинки өткөн убакыт жөнүндө жоопторго жана аялдардын жана эркектердин качандыр бир кезде жыныстык катнашта болгон-болбогондугу тууралуу маалыматтарга негизделген, бул 15 жаштан 49 жашка чейинки жаштагы эркектердин жана аялдардын арасындагы сексуалдык активдүүлүктүн жалпы деңгээлин баалоого мүмкүнчүлүк берет. Респонденттер изилдөө жүргүзгөнгө чейинки төрт жума ичинде жок дегенде бир жолу жыныстык катнашта болсо, анда сексуалдык жактан активдүү деп эсептелинди.

4.6.1-таблица. Эң акыркы сексуалдык активдүүлүк: Аялдар

15-49 жаштагы аялдардын акыркы жыныстык катнаштын убактысы боюнча негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Акыркы жыныстык катнаштын убактысы				Бир да жолу жыныстык катнашта болбогондор	Бардыгы	Аялдар-дын саны
	Акыркы 4 жуманын ичинде	Бир жыл ичинде[1]	1 жыл же андан көп	Жок			
Жаш курагы							
15-19	8.4	1.6	0.2	0.0	89.8	100.0	1,637
20-24	51.1	9.6	3.7	0.0	35.6	100.0	1,527
25-29	74.2	12.1	6.5	0.0	7.2	100.0	1,265
30-34	77.7	9.4	9.8	0.2	2.8	100.0	1,028
35-39	79.6	9.5	10.5	0.0	0.4	100.0	915
40-44	75.0	7.4	16.6	0.0	1.0	100.0	928
45-49	67.7	13.4	18.3	0.1	0.5	100.0	908
Үй-бүлөлүк абалы							
Бир да жолу никеге турган эмес	1.9	1.0	1.2	0.0	95.9	100.0	2,245
Ниеси бар же чогуу жашайт	87.4	10.4	2.1	0.0	0.0	100.0	5,256
Ажырашкан/ажырашып кеткен/жесир	8.1	18.1	73.6	0.2	0.0	100.0	707
Никенин узактыгы[2], жыл							
0-4	85.8	12.4	1.8	0.0	0.0	100.0	1,358
5-9	84.8	12.0	3.2	0.0	0.0	100.0	889
10-14	91.6	6.4	1.8	0.2	0.0	100.0	723
15-19	91.5	6.8	1.7	0.0	0.0	100.0	685
20-24	88.3	8.9	2.8	0.0	0.0	100.0	786
25 же андан көп	84.5	13.9	1.7	0.0	0.0	100.0	549
Бир жолудан көбүрөөк никеде болгон	85.6	13.3	1.2	0.0	0.0	100.0	265
Жашаган жеринин тиби							
Шаар	49.5	9.1	10.3	0.0	31.0	100.0	3,070
Айыл	61.8	8.2	6.7	0.0	23.4	100.0	5,138
Облусу							
Ысык-Көл	64.8	8.6	8.9	0.0	17.8	100.0	650
Жалал-Абад	61.7	8.3	6.0	0.0	24.1	100.0	1,332
Нарын	69.7	5.3	6.6	0.0	18.4	100.0	281
Баткен	56.0	13.8	8.8	0.0	21.4	100.0	616
Ош	55.2	8.1	7.4	0.0	29.4	100.0	1,627
Талас	69.8	7.9	4.7	0.0	17.7	100.0	360
Чүй	60.3	9.4	7.1	0.1	23.0	100.0	1,465
Бишкек шаары	45.8	7.4	11.3	0.0	35.6	100.0	1,566
Ош шаары	51.4	6.5	10.0	0.4	31.7	100.0	311
Билими							
Билими жок/башталгыч	(29.1)	(17.3)	(8.4)	(0.0)	(45.2)	100.0	39
Негизги жалпы	34.6	6.9	3.6	0.0	54.9	100.0	1,139
Толук орто	62.0	8.7	7.6	0.0	21.6	100.0	3,468
Башталгыч/орто кесиптик	63.8	9.5	10.7	0.1	15.9	100.0	1,364
Жогорку	57.6	8.2	9.4	0.1	24.7	100.0	2,198
Жетиштүү жашоонун квинтили							
Эң төмөнкү	63.7	6.2	5.6	0.0	24.5	100.0	1,459
Экинчи	62.4	8.4	5.0	0.0	24.2	100.0	1,473
Орточо	62.0	8.4	7.3	0.1	22.2	100.0	1,538
Төртүнчү	56.5	11.8	8.4	0.0	23.3	100.0	1,667
Эң жогорку	45.9	7.7	12.1	0.1	34.3	100.0	2,071
Бардыгы	57.2	8.5	8.0	0.0	26.2	100.0	8,208

Эскертүү: Кашадагы цифралар 25-49 такталбаган учурларга негизделген.
[1]Акыркы 4 жума ичинде жыныстык катнашта болгон аялдар кошулбайт.
[2]Учурда никеси жок аялдар кошулбайт.

15-49 жаш курактагы аялдардын онунун жетисинен көбү сексуалдык тажрыйбасы бар болгонун маалымдашкан, ал эми 57 пайыз аялдар жакында эле сексуалдуу активдүү болушкан, башкача айтканда изилдөөгө чейинки төрт жума ичинде алар жыныстык катнашта болушкан. Аялдардын 9 пайызы изилдөө жүргүзгөнгө чейинки бир жыл ичинде, бирок изилдөөгө чейинки төрт жума ичинде эмес сексуалдык катнашта болушкан, ал эми 8 пайызы жыныстык катнашта бир жыл же андан көп убакыт мурун болгондугун айтышкан. Жакында эле сексуалдуу активдүү болгондордун үлүшү жаш курак менен 35-39 жаштагы аялдардын 80 пайызына чейин жогорулайт. Никеси бар аялдардын 85 пайыздан 92 пайызга чейики үлүшү никелеринин узактыгына жараша

жакында эле жыныстык катнашта болгондорун көрсөтүшкөн. Бир да жолу турмушка чыкпаган аялдарда сексуалдык активдүүлүк жок (же эсептелген эмес). Ал эми ажырашкан, ажырашып кеткен же жесир аялдардын онунан жетөө жыныстык катнашта болгондон бери бир жыл же андан көп убакыт өткөнүн көрсөтүшкөнү таң каларлык эмес.

4.6.2-таблица. Эң акыркы сексуалдык активдүүлүк: Эркектер

15-49 жаштагы эркектердин акыркы жыныстык катнаштын убактысы боюнча негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Акыркы жыныстык катнаштын убактысы				Бир да жолу жыныстык катнашта болбогондор	Бардыгы	Эркектер-дин саны
	Акыркы 4 жуманын ичинде	Бир жыл ичинде[1]	1 жыл же андан көп	Жок			
Жаш курак							
15-19	4.6	16.5	3.5	1.0	74.5	100.0	432
20-24	45.5	29.9	8.7	0.3	15.5	100.0	404
25-29	79.5	12.1	3.6	0.5	4.3	100.0	409
30-34	89.5	8.2	1.4	0.0	0.9	100.0	305
35-39	90.3	7.4	2.0	0.0	0.3	100.0	292
40-44	86.6	7.6	4.5	0.8	0.6	100.0	297
45-49	87.8	8.2	4.0	0.0	0.0	100.0	275
Үй-бүлөлүк абалы							
Бир да жолу никеге турган эмес	20.1	25.3	7.4	0.6	46.6	100.0	875
Ниеси бар же чогуу жашайт	93.3	5.6	0.8	0.3	0.0	100.0	1,443
Ажырашкан/ажырашып кеткен/жесир	42.7	32.2	25.1	0.0	0.0	100.0	95
Никенин узактыгы[2], жыл							
0-4	95.5	4.4	0.2	0.0	0.0	100.0	355
5-9	91.9	6.8	0.6	0.7	0.0	100.0	269
10-14	94.7	5.3	0.0	0.0	0.0	100.0	215
15-19	95.6	2.8	1.6	0.0	0.0	100.0	229
20-24	88.7	9.5	0.7	1.0	0.0	100.0	223
25 жана андан көп	92.2	2.9	4.9	0.0	0.0	100.0	75
Бир жолудан көп үйлөнгөн	92.5	7.5	0.0	0.0	0.0	100.0	78
Жашаган жеринин тиби							
Шаар	68.3	12.2	4.7	0.4	14.4	100.0	781
Айыл	63.1	14.6	3.8	0.4	18.1	100.0	1,632
Облусу							
Ысык-Көл	60.7	9.5	2.1	0.0	27.7	100.0	207
Жалал-Абад	71.3	10.9	5.9	0.0	12.0	100.0	402
Нарын	71.1	7.6	0.4	0.0	20.9	100.0	98
Баткен	57.1	4.0	3.1	2.8	32.9	100.0	186
Ош	55.2	18.8	5.5	0.0	20.4	100.0	526
Талас	68.0	7.5	2.3	0.2	21.9	100.0	126
Чүй	65.7	25.6	1.3	0.5	6.9	100.0	407
Бишкек шаары	72.9	7.2	7.3	0.6	12.0	100.0	383
Ош шаары	67.3	18.3	0.0	0.0	14.4	100.0	78
Билими							
Билими жок/башталгыч	*	*	*	*	*	100.0	7
Негизги жалпы	38.1	11.9	2.4	0.5	47.1	100.0	338
Толук орто	67.1	14.0	4.0	0.3	14.6	100.0	1,158
Кесиптик башталгыч/орто	73.7	11.9	4.4	1.1	8.9	100.0	388
Жогорку	70.3	16.0	5.0	0.1	8.5	100.0	522
Жетиштүү жашоонун квинтилдери							
Эң төмөнкү	59.7	14.9	4.3	0.0	21.1	100.0	502
Экинчи	61.7	14.5	2.5	0.3	21.0	100.0	496
Орточо	65.6	12.0	5.1	0.7	16.6	100.0	451
Төртүнчү	67.8	14.7	2.8	1.1	13.6	100.0	449
Эң жогорку	69.4	12.8	5.8	0.0	12.0	100.0	515
Бардыгы	64.8	13.8	4.1	0.4	16.9	100.0	2,413

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет. Кашадагы цифралар 25-49 такталбаган учурларга негизделген.

[1]Акыркы 4 жума ичинде жыныстык катнашта болгон аялдар кошулбайт.

[2]Учурда никеси жок аялдар кошулбайт.

Сексуалдык активдүүлүктүн көрсөткүчтөрүндө негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды кээ бир өзгөрүүлөр бар. Шаар жерлеринде жана көбүрөөк камсыздалган үй чарбачылыгында жашаган аялдарда жакынкы убакытта сексуалдык активдүү болуу мүмкүнчүлүгү айыл жерлериндеги жана

азыраак камсыздалган үй чарбачылыгында жашаган аялдарга караганда аз. Бишкек шаарында жашагандардын жарымынан азырагы Талас жана Нарын облустарындагы аялдардын 70 пайызына салыштырмалуу изилдөө алдындагы төрт жума ичинде жыныстык катнашта болушкан. Негизги жалпы билими гана бар аялдардын сексуалдык активдүүлүгү (35 пайыз) орто же кесиптик башталгыч/орто билими бар аялдарга караганда (62 жана 64 пайыз) төмөн.

Жалпысынан жакынкы убакытта сексуалдык активдүү болгон эркектердин үлүшү аялдарга караганда жогору (4.6.2-таблица). Алардын 65 пайызы изилдөө жүргүзгөнгө чейин төрт жума ичинде жыныстык катнашта болушса, 14 пайызы акыркы төрт жумада эмес, акыркы бир жыл ичинде, 4 пайызы бир же андан көп жыл мурун, ал эми 17 пайыз бир да жолу жыныстык катнашта болушкан эмес. Эркектердин сексуалдык активдүүлүгү жаш куракка жараша жогорулайт. 30 жана андан улуу жаштагы эркектердин болжол менен ондон тогузу 15-19 жаштагы эркектердин болжолдуу жыйырмадан бирине (5 пайызы) жана 20-24 жаштагы эркектердин 46 пайызына салыштырмалуу сурамжылоо жүргүзгөнгө чейинки бир ай ичинде жыныстык катнашта болушкан.

Аялдардай эле, никеси бар же чогуу жашаган эркектердин эң акыркы жыныстык катнашта болуу мүмкүнчүлүгү никеси бар эркектердин 43 пайызына салыштырмалуу 93 пайызга жогору. Ажырашкан, ажырашып кеткен же жесир эркектердин болжолдуу үчтөн бири акыркы төрт жума ичинде эмес, акыркы бир жыл ичинде жыныстык катнашта болгондорун көрсөтүшкөн, ал эми никеси бар эркектердин төрттөн бири бир же андан көп жыл мурун жыныстык катнашта болгондорун көрсөтүшкөн. Бир да жолу никеге турбаган аялдардан айырмаланып, бир да жолу никеге турбаган эркектердин ар бир бешинчиси (20 пайызы) жакында эле жыныстык катнашта болгондорун көрсөтүшкөн. Эң акыркы сексуалдык активдүүлүктүн көрсөткүчү шаар жеринде жашаган, билими жана жашоо деңгээли жогорку эркектерде жогору. Сексуалдык активдүүлүктө айырмачылыктар региондук деңгээлде байкалат. Акыркы төрт жума ичинде жыныстык катнашта болгон эркектердин үлүшү Ош облусундагы 55 пайыздан Бишкек шаарындагы 73 пайызга чейин өзгөрөт. Башка региондордогу эркектер менен аялдарга салыштырмалуу Бишкек шаарында жакында эле сексуалдык активдүү болгон респонденттердин үлүшү аялдардын арасында эң аз (46 пайыз), ал эми эркектердин арасында эң жогору (73 пайыз).

ТӨРӨТ 5

Негизги натыйжалар

- Кыргыз Республикасында балдардын төрөлүүсүнүн жалпыланган коэффициенти бир аялга 3.6ны түзөт.
- Шаардыктарга караганда айылдык аялдарда бала төрөө саны жогору (4.0 төрөлүүгө 3.0 төрөлүү).
- Төрөттүн эң жогорку жалпыланган коэффициенти Талас облусунда (4.8 төрөлүү) катталган.
- Кыргыз Республикасында бала төрөө салыштырмалуу кеч башталат: 20 жашка чейинки жаштагы аялдардын төрттөн биринен азыраагы төрөшөт. Биринчи төрөттөгү медианалык жаш курак 22 жашты түзөт.
- Кыргыз Республикасындагы акыркы он беш жыл ичиндеги төрөттүн жалпыланган коэффициенти салыштырмалуу туруктуу бойдон калды: КР МДИ-2012нин көрсөткүчтөрү (3.6 төрөлүү) КР МДИ-1997ге караганда (3.4 төрөлүү) бир канча жогору.
- Изилдөөлөргө чейинки акыркы беш жылдык убакытка карата төрөттүн коэффициентин КР МДИ-2012нин бала төрөөнүн жаш курактык коэффициенттерин салыштыруунун жардамы менен ошол учурда биргелешкен төрөттүн тенденциялары, акыркы жыйырма жылда төрөттүн төмөндөгөнүн жана изилдөөгө чейинки эң акыркы эки жылда болсо бүтүн жаш курактар арасында төрөттүн кескин түрдөгү көбөйүүгө карай багыт алгандыгын көрсөтөт.
-

КР МДИ-2012 нин негизги максаттарынын бири Кыргыз Республикасындагы баланын төрөлүү санынын тенденциясын жана деңгээлин билүү болуп саналат. Бул бөлүмдө азыркы жана өткөн убакыттагы төрөттүн тенденциясы, төрөт ортосундагы аралык, алгачкы төрөттөгү жаш курак жана өспүрүмдөрдүн репродуктивдүү жүрүм-туруму баяндалат. Төрөт ортосундагы аралыктар жөнүндө маалыматтар маанилүү болуп саналат, анткени кыска аралык балдардын өлүмү менен түз байланышка ээ. Бала төрөө башталган жаш курак эненин да, баланын да саламаттыгына жана жетиштүү жашоосуна тийгизген таасирин аныктоочу фактор болуп калышы мүмкүн.

КР МДИ-2012нин убагында сурамжыланган бардык аялдардан алардын толук репродуктивдүү тарыхын берүүсүн сурандык. Толугураак жоопторду алуу үчүн ар бир аялга чогуу жана өзүнчө жашаган балдарынын жана кыздарынын, каза болгон балдарынын саны жөнүндө суроолор берилди. Тирүү балдардын төрөлүүсү жөнүндө маалыматтарга кошумча аялдардын жашоосундагы жасалма бойдон алдырууларынын, бойдон түшүүлөрүнүн жана өлүү төрөттүн жалпы санын аныктоо үчүн аялдарга тирүү төрөт менен бүтпөгөн бардык кош бойлуулуктары тууралуу да суроолор берилди.

Бул жалпыланган маалыматтарды алгандан кийин кош бойлуулуктун кеңири баяндалган тарыхы чогултулду. Алгачкы кош бойлуулуктан тарта аял респонденттердин турмушундагы бардык кош бойлуулук тууралуу маалыматтар жыйналды. Тирүү бала төрөө менен бүткөн ар бир кош бойлуулук боюнча баланын жынысы, жашоо статусу жана азыркы жаш курагы (жашаган балдар үчүн) же өлгөн учурундагы жаш курагы (өлгөн балдар үчүн) жөнүндө маалыматтар жыйналды. Тирүү бала төрөө менен бүтпөгөн бардык кош бойлуулуктар боюнча кош бойлуулуктун бүткөн жылы жана айы жөнүндө маалыматтар жыйналды. Изилдөө башталганга чейинки беш жыл (т.а. 2007-жылдын январында же андан кийин) ичинде болгон төрөттөр жана токтотулган кош бойлуулуктар үчүн ар бир кош бойлуулуктардын

узактыгы беш жылдык окуялар календарына[1] жазылды. Аялдарга учурдагы кош бойлуулук жөнүндө суроолор берилди.

5.1 Учурдагы төрөт

Учурдагы төрөттүн бир нече көрсөткүчтөрү кош бойлуулуктун тарыхындагы маалыматтардын негизинде эсептелет. Төрөттүн жаш курактык коэффициентинде (ТЖК) аныкталган жаш курактык топтордогу 1000 аялга тирүү төрөлгөндөрдүн орточо саны жөнүндө айтылат[2]. Бул көрсөткүчтөр бала төрөөнүн учурдагы жаш курактык түзүмүнүн маанилүү басы болуп саналат. Төрөттүн жалпыланган коэффициенти (ТЖК) аялдардын ар бир жаш курактык топтордо төрөттүн жаш курактык коэффициенттеринин учурдагы деңгээлин сактоо шарттарында бала төрөө мезгилинин аягына чейин мүмкүн болгон бала төрөөнүн жалпы саны катары аныкталат. Төрөттүн жалпыланган коэффициенти бардык төрөттүн жаш курактык коэффициентинин суммасы катары бешке көбөйтүү менен эсептелинет. 15-44 жаштагы аялдар үчүн төрөттүн атайын коэффициенти (СпКР) 15-44 жаштагы аялдардын 100ине жыл ичинде тирүү төрөгөндөрдүн саны катары чагылдырылат. Төрөттүн жалпы коэффициенти (ТЖК) калктын 1000ине тирүү төрөлгөндөрдүн саны катары чагылдырылат. Учурдагы төрөттөрдүн ар түрдүү өлчөөлөрү изилдөө алдындагы үч жылдык убакытка эсептелет, болжол менен 2009-жылдын август-декабрь айларынан 2012-жылдын август-декабрь айларына чейинки убакыт. Үч жылдык убакыт учурдагы кырдаалды аябай даана чагылдыруучу убакыт катары тандалып алынды, анткени бул убакыт тандап алуунун каталарынын ашыкча көбөйүшүнөн арылууга болот.

КР МДИнин төрөт жөнүндө маалыматтары үчүн бардык ретроспективдүү тандап изилдөөлөрдө тастыкталган төмөнкү каталар мүнөздүү: айрым бала төрөөлүүлөр (өзгөчө, эгер балдар өтө эрте жашында өлсө) жана ар бир баланын туулган күнүн так аныктоо менен байланышкан кыйынчылыктар жөнүндө маалыматтардын жетишсиздик мүмкүнчүлүгү. Бул каталар маалыматтардын сапаты жана тандап алуунун өлчөмү контексинде интерпретациялоого зарыл болгон төрөттөрдүн жылып кетүүсүнө алып келет төрөттүн тенденциясын чаташтырууга алып келет. КР МДИнин төрөттөрдүн тарыхынан алынган маалыматтардын сапаты жөнүндө кыскача маалыматтары “Тиркемелер” бөлүмүнүн С.4-таблицасында берилет. Бул таблица 2007-жылдан 2006-жылдагы төрөттөрдүн кээ бир жылышуулары белгиленгенин көрсөтөт. Бирок жылышуулардын аралыгы бир аз жана алар төрөттөрдүн чыныгы өзгөрүүсүн пайда кылышы мүмкүн. Дээрлик бардык бала төрөөлөр боюнча алардын туулган күндөрү, айлары, төрөлгөндөгү жыныстарындагы катышы жөнүндө маалыматтар жыйналды, төрөттөрдүн убактысы боюнча бир аз гана өзгөрүүлөр белгиленгени менен төрөлгөндөрдүн жынысы боюнча эч кандай белгилүү бир өзгөрүүлөр болгонун белгилебейт.

5.1-таблица Кезектеги төрөт

Изилдөө алдындагы үч жыл ичиндеги төрөттүн жашаган жердин тибинен көз каранды жаш курактык, жалпыланган жана жалпы коэффициенттери, Кыргыз Республикасы, 2012

Аялдардын жаш курагы, жаш	Жашаган жеринин тиби		
	Шаар	Айыл	Бардыгы
15-19	23	59	44
20-24	147	258	214
25-29	181	224	208
30-34	136	158	150
35-39	85	78	81
40-44	29	27	28
45-49	0	2	1
ТЖК(15-49)	3.0	4.0	3.6
АТК(15-44)	99	141	125
ЖТК	26.1	28.5	27.7

Эскертүү: Төрөттүн жаш курак боюнча коэффициенти тийиштүү жаш курактык топтордогу аялдардын 1000ине эсептелген. 45-49 жаш курактык топ үчүн коэффициенттер маалыматтардын кайчылаштык себептерден улам бир аз жылышышы мүмкүн. Коэффициентер изилдөө алдындагы 1-36 ай мезгили үчүн берилген.
ТЖК: төрөттүн жалпыланган коэффициенти бир аялга эсептелген.
АТК: атайын төрөттүн коэффициенти, 15-44 жаш курактагы аялдардын 1000ине эсептелинген .
ТЖК: төрөттүн жалпы коэффициенти калктын 1000ине эсептелген.

[1] Аялдар анкетасынын аягында жайгашкан календарда тирүү бала төрөө менен бүткөн бардык төрөттөрдүн күндөрү, кош бойлуулуктар жана контрацепция ыкмасын пайдалануу мезгили жөнүндө маалыматтар жазылды. Календарь изилдөөнүн талаа жумуштарынын акыркы бир айына чейинки бир жылды жана изилдөө жүргүзүлгөн бир жылдын алдындагы беш жылды камтыйт.

[2] Төрөттүн жаш курактык коэффициенттери үчүн эсептегичтер изилдөө алдындагы 1-36 ай ичиндеги тирүү төрөлүүлөрдүн санын жалпылоо (сурамжылоону жүргүзүү күнү жана баланын туулган күнү боюнча аныкталды) жана баланын энесинин төрөгөндөгү (эненин жаш курагы боюнча аныкталды) жаш курагы (беш жылдык топторго ылайык) боюнча бөлүштүрүү жолу менен эсептелинди. Коэффициенттерди бөлүүчү изилдөө алдындагы 1-36 ай ичинде ар бир конкреттүү жаш курактык топто жашаган аялдар-жаш саны болуп эсептелет.

5.1-таблицада төрөттүн изилдөө алдындагы үч жылдык жалпыланган коэффициенти бир аялга 3.6 баланы түзгөндүгү көрсөтүлөт. Айыл жериндеги (бир аялга 4.0 төрөт) аялдардагы төрөттүн жалпыланган коэффициенти шаар жериндегилерге караганда (бир аялга 3.0 төрөт) бир балага көп.

5.1-таблицада жана 5.1-графикте төрөттүн жаш курактык коэффициенти 15-19 жаштагы аялдар (өлкөлүк деңгээлде 1000ине 44) арасында төмөн экендигин көрсөтүлөт. Көрсөткүч 20-24 жаштагы аялдардын арасында эң жогорку чекитке жетет (1000ине 214), 25-29 жаштагы аялдардын арасында жогору бойдон калат (1000ине 208), андан кийин улуу жаш курактык топтордо төмөндөйт. Айыл жеринде жашаган аялдардын арасында төрөттүн жаш курактык коэффициенти шаар жеринде жашаган аялдардын бала төрөө жаш курагынын ичиндеги бирдей көрсөткүчтөрүнөн ашат, 35-39 жана 40-44 жаштагы жаш курактык топторду кошпогондо төрөттүн жаш курактык коэффициенти шаар жеринде жашаган аялдардын арасында бир канча жогорулайт. Төрөттүн жаш курактык коэффициентинин эң чоң абсолюттук айырмачылыгы 20-24 жаш курактык топтордо 1000 аялга жетет: шаар жериндеги аялдардын 147 төрөтүнө айыл жериндеги 258 төрөткө.

5.1-график

Төрөттүн шаар жана айыл жери боюнча жаш курактык коэффициенттери



Кыргыз Республикасындагы төрөттүн жалпыланган коэффиценти акыркы он беш жыл ичинде салыштырмалуу стабилдүү бойдон турат. КР МДИ-2012нин маалыматтары боюнча эсептелген 3.6 бала көрсөткүчү КР МДИ-1997нин учурунда эсептелген көрсөткүчтөн (3.4 бала) бир канча жогору (RIOP [Kyrgyz Republic] and Macro International, 1998).

5.2-графигинде көрсөтүлгөндөй, дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө жүргүзүлгөн медициналык-демографиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча төрөттүн акыркы баалоолору менен салыштырганда, Кыргыз Республикасындагы төрөттүн жалпыланган коэффициенти (бир аялга 3.6 төрөт) Тажикстан МДИ-2012нин (3.8 төрөт) жана Пакистан МДИ-2012-2013түн (3.8 төрөт) отчетторундагы берилген коэффициентер менен окшош, ал эми Ооганстандагы өлүм санын изилдөө (2010) отчетунда берилген коэффициентерден (5.1 төрөт) төмөн, бирок Азербайжан МДИ-2006нын (2.0 төрөт) жана Армения МДИ-2010дун (1.7 төрөт) отчетунда берилген коэффициенттерден жогору (SA/MoH [Tajikistan] and ICF International, 2012; APHI/MoPH [Afghanistan] et al., 2011; NIPS [Pakistan] and ICF International Inc., 2013; SSC [Azerbaijan] and Macro International Inc., 2008; NSS [Armenia] et al., 2012).

5.2-график

Кыргыз Республикасындагы төрөттүн жалпыланган коэффициентин дүйнөнүн башка региондорундагы төрөттүн жалпыланган коэффициенттери менен салыштыруу



Булак: Афганистан коомдук саламаттыкты сактоо институту, ж.б., 2011; Улуттук калкты изилдөө институту жана ICF International Inc., 2013; Тажикистан Президентине караштуу статистикалык агенттиги, ж.б., 2013; Азербайджан мамлекеттик статистика комитети жана Macro International Inc., 2008; Армения улуттук статистика кызматы, ж.б., 2012.

КР МДИ-2012

5.2 Төрөт көрсөткүчтөрүндөгү айырмачылыктар

Төрөт көрсөткүчү жашаган жеринин тибинен (шаар, айыл) башка, региондорду бөлүп кароодо (5.2-таблица, 5.3-график) да ар түрдүүлүк келип чыгат. Төрөттүн эң төмөнкү жалпыланган коэффициенти Ош шаарында (бир аялга 2.7 төрөт), Бишкек шаарында (бир аялга 2.9 төрөт) байкалат, ал эми эң жогорку коэффициент Талас (бир аялга 4.8 төрөт), Нарын (бир аялга 4.5 төрөт жана Баткен облустарында (бир аялга 4.4 төрөт) белгиленет.

Төрөт менен билимдин ортосундагы өз ара байланыш бирдей эмес, бирок төрөттүн жалпыланган коэффициенти жогорку билимдүү аялдардын (бир аялга 3.2 төрөт) арасында билимдин башка деңгээлине ээ аялдарга (бир аялга 3.7-4.0 төрөт) караганда төмөн. Төрөт жетиштүү жашоонун деңгээли менен терс байланышка ээ. Эң жогорку квинтилдеги аялдар менен башка бардык квинтилдеги аялдардын ортосундагы төрөттүн коэффициенттери бир аялга бир же андан көп баланы түзөт.

5.3-график

Төрөттүн жалпыланган коэффициентинин негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды айырмачылыктары, Кыргыз Республикасы, 2012



КР МДИ-2012

5.2-таблицада сурамжылоо жүргүзүү учурунда кош бойлуу экенин айткан аялдардын да үлүшү берилген. Бул үлүш айрым аялдардын өздөрүнүн кош бойлуу экенин билбегенине, айрыкча кош бойлуулукту эрте баскычында токтотууну каалаган аялдар кош бойлуу экендигин жашырып койгондугуна байланыштуу төмөндөшү мүмкүн. Сурамжылоо учурунда 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын 7 пайызы кош бойлуу экендигин айтышкан. Сурамжылоо учурунда кош бойлуу аялдардын пайыздык үлүшү айыл жериндеги аялдардын арасында шаар жериндеги аялдарга караганда бир топ жогору болду (7 жана 6 пайыз).

Азыркы учурда кош бойлуу аялдардын региондор арасындагы катышы Ош шаарында (10 пайыз) жана Талас облусунда (9 пайыз) эң жогору, ал эми Чүй облусу жана Бишкек шаар боюнча эң төмөн (5 пайыздан). Азыркы учурда кош бойлуулук жана билимдин деңгээлинин ортосундагы пайыздык катыш бирдей эмес. Билими жок же башталгыч билимге гана ээ жана орто же жогорку билимге ээ аялдар негизги жалпы же башталгыч/орто кесиптик билими бар аялдардан айырмаланып, изилдөө учурунда көп кош бойлуу болушкан. Жетиштүү жашоонун деңгээли боюнча эң жогорку жана төртүнчү квинтилдеги аялдар (6 пайыздан) башка квинтилдеги аялдардан айырмаланып, изилдөө учурунда аз (7-8 пайыз) кош бойлуу болушкан.

5.2-таблица Негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды төрөттөр

Изилдөө алдындагы үч жыл ичиндеги төрөттүн жалпыланган коэффициенти, 15-49 жаштагы сурамжылоо учурундагы кош бойлуу аялдардын пайызы жана 40-49 жаштагы аялдарда төрөлгөн балдардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды орточо саны, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Төрөттүн жалпыланган коэффициенти	15-49 жаштагы сурамжылоо учурунда кош бойлуу аялдардын пайызы	40-49 жаштагы аялдардагы качандыр-бир кезде төрөлгөн балдардын орточо саны
Жашаган жеринин тиби			
Шаар	3.0	6.1	2.7
Айыл	4.0	7.1	3.8
Облусу			
Ысык-Көл	4.2	7.5	3.4
Жалал-Абад	4.0	6.1	3.8
Нарын	4.5	7.4	3.9
Баткен	4.4	7.9	4.2
Ош	3.7	8.3	4.3
Талас	4.8	9.0	4.2
Чүй	3.3	5.1	2.7
Бишкек шаары	2.9	5.1	2.4
Ош шаары	2.7	9.6	2.7
Билими			
Билими жок/ башталгыч	*	(15)	*
Негизги жалпы	3.7	5.8	(3.9)
Толук орто	4.0	7.0	3.9
Башталгыч/орто кесиптик	4.0	5.4	3.2
Жогорку	3.2	7.5	2.6
Жетиштүү жашоо квинтилдери			
Эң төмөнкү	4.0	8.4	4.2
Экинчи	4.1	6.8	3.9
Орто	3.9	7.6	3.8
Төртүнчү	4.0	5.9	3.1
Эң жогорку	2.7	5.5	2.4
Бардыгы	3.6	6.7	3.4

Эскертүү: Төрөттүн жалпыланган коэффициенти изилдөө алдындагы 1-36 ай мезгилине эсептелди. Кашаадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгенин билдирет. Төрөттүн жалпыланган коэффициенти үчүн * белгиси коэффициент 125тен кем эмес аялга-жашка негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн жок.

5.2-таблицада 40-49 жаштагы аялдарда качандыр бир кезде төрөлгөн балдардын орточо саны жөнүндө маалыматтар берилген, бул төрөттүн тенденциясын болжолдуу баалоого мүмкүндүк берет. Төрөттүн жалпыланган коэффициенти учурдагы төрөттүн көрсөткүчү болуп саналат, ошол эле убакта качандыр бир кезде төрөлгөн балдардын орточо саны - өткөн же бүткөн төрөттөрдүн көрсөткүчү. Бүткөн төрөттөрдүн көрсөткүчтөрүн салыштырганда, төрөттүн жалпыланган коэффициенттеринин маанилери бар 40-49 жаштагы аялдардын арасында төрөттүн өзгөрүү индикатору катары кызмат кылышы мүмкүн, бул өзгөрүү бир топ улуу жаш курактагы аялдардын теңдештигинин төмөндөшүнүн натыйжасында жылышууга кабылат. Эгерде никеге туруу жаш курагынын өсүүсүнүн жана/же контрацепция каражаттарын пайдалануунун өсүүсүнүн далили жок болсо, анда төрөттүн төмөндөшү күмөндүү. Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча 40-49 жаштагы качандыр бир кезде төрөлгөн балдардын орточо саны (бир аялга 3.4 бала) изилдөө алдындагы үч жылдык мезгилдеги төрөттүн жалпыланган коэффициентинен (бир аялга 3.6 бала) бир канча төмөндөгөн, акыркы 30 жыл ичиндеги төрөттүн айрым өсүшү жөнүндө айтылат (Ош облусун кошпогондо). Бул байкоо Ысык-Көл, Нарын, Талас, Чүй облустарында, Бишкек шаарында жана башталгыч/орто кесиптик жана жогорку билими барларда, жетиштүү жашоонун төртүнчү квинтилинде даана аныкталат. Бул аялдар үчүн төрөттүн жалпыланган коэффициенти менен бүткөн төрөттүн ортосундагы айырмачылык бир аялга 0.6-0.9 баланы түзөт. Ош облусундагы бүткөн жана учурдагы төрөттүн көрсөткүчтөрүн салыштырганда анын 0.6 балага кыскаруусу болжолдонот: бир аялга 4.3 баладан 3.7 балага чейин.

5.3 Төрөттүн тенденциясы

Төрөттүн учурдагы жана бүткөн тенденциясына кошумчалай кетсек, төрөттүн тенденциясын эки башка жолдор менен баалоого болот. Биринчиден, төрөттүн тенденциясын КР МДИ-2012нин жүрүшүндө жыйналган төрөт лөрдүн тарыхындагы ретроспективдүү маалыматтардын жардамы менен байкоого болот. Экинчиден, КР МДИ-2012нин жыйынтыктары боюнча төрөттүнүн жалпыланган коэффициентин изилдөөнүн жүрүшүндө алынган баалар менен салыштырууга болот.

Төрөттүн тенденциясы менен изилдөө алдындагы беш жылдык мезгил аралыгындагы КР МДИ-2012нин төрөттүн жаш курактык коэффициенттерин салыштыруу жолу менен байкоого болот (5.3.1-таблица). Улуу жаш курактык топтор үчүн көрсөткүчтөр изилдөө жүргүзүлгөн күндөн алыстатылган мезгил үчүн алдыга, анткени 50 же андан жогорку жаштагылар КР МДИнин жүрүшүндө сурамжылоодон өткөрүлгөн эмес. Жогорку жаш курактагы аялдардык көрсөткүчтөрү изилдөөнү жүргүзүү күнүнөн бөлүнгөн мезгилге карата кескин кайчылашканкандыгы үчүн 50 жана андан жогору жаштагы аялдардын КР МДИнин жүрүшүндө сурамжылоого тартылышпагандыгын айта кетүү керек. Мисалы, 35-39 жаштагы аялдар үчүн изилдөө жүргүзгөнгө чейинки 15-19 жыл аралык ичиндеги көрсөткүчтөрдү саноого мүмкүн эмес, анткени алар сурамжылоо учурунда 50 жашка толушмак, ал эми бул топтогу аялдар интервью алуу үчүн туура келишпейт. Ошону менен бирге 5.3-таблицадагы жыйынтыктар төрөт акыркы эки он жылдыкта бардык жаш курактык топтордо төмөндөгөнүн көрсөтөт, 1990-жылдын аягындагы эң жогорку төмөндөөдөн изилдөөгө чейинки 10-14 жыл ичинде. Эң жогорку төмөндөө 15-19 жана 30-34 жаш курактык топтордо байкалат. 15-19 жаш курактык топ менен изилдөөгө чейинки 15-19 жылдардын жана 5-9 жылдардын ортосундагы бөлүнүү 53 пайызга жетет. Изилдөө алдындагы акыркы убакыт ичинде бардык жаш курактык топтор арасында, өзгөчө 30-34 жаш курактагы аялдардын арасындатөрөт абдан тез өстү: бул жаш курактагы аялдардын төрөттүн жаш курактык коэффициенттери изилдөөгө чейинки 5-9 жыл ичиндеги 1000 аялга 104 төрөт дөн, изилдөөгө чейинки 0-4 жыл ичиндеги 1000 аялга 145 төрөт гө чейин көбөйүп, 39 пайызды түздү.

5.3.1-таблица. Төрөттүн жаш курактык коэффициентинин тенденциясы

Изилдөө алдындагы беш жылдык мезгил ичиндеги төрөттүн эненин төрөттөгү жаш курагынан көз каранды жаш курактык коэффициенти, Кыргыз Республикасы, 2012

Эненин төрөттөгү жаш курагы	Изилдөө алдындагы саны, жаш			
	0-4	5-9	10-14	15-19
15-19	38	34	46	73
20-24	215	204	213	237
25-29	201	182	167	197
30-34	145	104	102	[136]
35-39	74	61	[61]	
40-44	26	[19]		
45-49	[1]			

Эскертүү: Төрөттүн жаш курактык коэффициенти 1,000 аялга эсептелген. Кашаадагы белгилер кыскартылган болуп саналат. Коэффициенттерге сурамжылоо айы кошулбайт.

КР МДИ-2012нин маалыматтары менен расмий статистиканын маалыматтарын салыштырсак, төрөттүн акыркы эки он жылдыкта төмөндөшү жана төрөттүн жакынкы убакыттан бери тез өсүүсү тастыкталат. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, Кыргыз Республикасындагы төрөттүн жалпыланган коэффициенти 1990-жылдагы бир аялга 3.6 баладан 2007-жылдагы бир аялга 2.7 балага чейин төмөндөсө, 2012-жылы бир аялга 3.15 балага чейин өскөн (NSC, 2013b; NSC, 2013a). КР МДИ-2012нин маалыматтары боюнча төрөттүн жалпыланган коэффициенти 3.6 бала, улуттук деңгээлде мамлекеттик статистиканын маалыматтары 2011-жылдагы 3.1 баладан бир топ жогору. Бул коэффициенттердин эсебинде маанилүү айырмачылыктар бар. КР МДИнин коэффициенттери изилдөө алдындагы үч жылдык мезгил ичиндеги (болжол менен 2010-2012-календарлык жылдарга эквиваленттүү) чыныгы (де факто) аял калкынын (интервью алдындагы түнү үй чарбаларында калгандар кошулат) кош бойлуулук тарыхынан алынган тирүү төрөттөр жөнүндө маалыматтарга негизделген. Мамлекеттик статистика органдары туруктуу (де юре) аял калкынын (үй чарбачылыгында дайыма жашагандар) төрөттөрүнүн ар бир жылдагы катталган учурларына негизделген

5.3.2-таблица. Төрөттүн жаш курактык жана жалпыланган тенденциясы

КР МДИ-1997 жана КР МДИ-2012 алдындагы үч жылдык мезгил ичиндеги төрөттүн жаш курактык жана жалпыланган коэффициенттери, Кыргыз Республикасы, 2012

Эненин төрөт учурундагы жаш курагы, жаш	МДИ 1997	МДИ 2012
15-19	75	44
20-24	246	214
25-29	179	208
30-34	113	150
35-39	47	81
40-44	13	28
45-49	0	1
ТЖК 15-49	3.4	3.6

Эскертүү: Төрөттүн жаш курактык коэффициенти 1,000 аялга эсептелген.

коэффициенттерди эсептешет. Төрөттүн коэффициенттеринин ортосундагы айырмачылыктарга алып келүүгө мүмкүн болгон башка факторлор КР МДИ тандап алууларынын эсептеринин өзгөрүлмөлүүлүгүн жана мамлекеттик каттоо системасындагы төрөт учурларынын камтыйт.

Аныкталган убакыт аралыгындагы төрөттүн тенденциясы 1997-жылы жана 2012-жылы болгон изилдөө алдындагы үч жылдык мезгил ичиндеги КР МДИ-1997 менен КР МДИ-2012нин маалыматтары боюнча төрөттүн жаш курактык коэффициенти менен төрөттүн жалпыланган коэффициентин салыштыруу жолу менен дагы байкалышы мүмкүн. 5.3.2-таблица менен 5.4-графиктеги жыйынтыктар изилдөөлөр ортосундагы он беш жылдык мезгил ичиндеги төрөт 15-19 жана 20-24 жаштагы аялдарда 41 жана 13 пайызга төмөндөгөнүн, ал эми калган бардык жаш курактык топтордогу төрөт лөр көбөйгөндүгүн көрсөтөт. КР МДИ-2012нин маалыматтары боюнча төрөттүн жалпыланган коэффициенти бир аялга 3.6 балага, КР МДИ-1997нин маалыматтары боюнча эсептелинген бир аялга 3.4 баланын коэффициенти менен салыштырмалуу бир аз көп болду.

5.4-график
Төрөттүн тенденциялары



5.4 КАЧАНДЫР БИР КЕЗДЕ ТӨРӨЛГӨН БАЛДАР ЖАНА ТИРҮҮ БАЛДАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

5.4-таблицадагы маалыматтар бардык аялдардын жана азыркы учурда никеде турган аялдардын качандыр бир кезде төрөлгөн балдарынын саны жана жаш курагы боюнча бөлүнүшүн көрсөтөт. Ошондой эле ар бир беш жылдык жаш курактык топтогу аялдардын качандыр бир кезде төрөлгөн балдарынын орточо саны, төрөттүн тенденциясынын индикатору жана тирүү балдардын орточо саны көрсөтүлгөн.

Жалпысынан Кыргыз Республикасындагы 15 жаштан 49 жашка чейинки бардык аялдардын үчтөн бири бир да жолу төрөшкөн эмес. Бул көрсөткүч жаш аялдарда бир кыйла жогору: 15-19 жаштагы аялдарда 96 пайыз жана 20-24 жаштагы аялдарда 51 пайыз. Ошентсе да, бул көрсөткүч жаш курак менен кескин төмөндөйт. Бала төрөө дээрлик кыргыз аялдарынын баарына таандык экендигин билдирүү менен 45-49 жаштагы бир да жолу төрөбөгөн аялдардын пайызы өтө эле төмөнкү деңгээлде (3 пайызга) турарын белгилеп кетебиз. Никеде турган жана бир да жолу балалуу болбогон кырк жаштан улуу жаш курактагы аялдардын үлүшү алгачкы тукумсуздукту кыйыр баалоодо кызмат кыла алат, тактап айтканда, бул такыр балалуу боло албаган аялдардын үлүшү. Ошондуктан, Кыргыз Республикасындагы ыктыярдуу баласыз болуу - сейрек кездешүүчү кубулуш, бир да жолу төрөбөгөн аялдар балалуу боло албаган тукумсуз аялдар. Кыргыз Республикасындагы алгачкы тукумсуздук сейрек - бир пайыздан аз кездешет.

5.4-таблица. Качандыр бир кезде төрөлгөн балдардын жана тирүү балдардын саны

15-49 жаштагы бардык аялдардын жана азыркы учурда никеси бар аялдардын качандыр бир кезде төрөлгөн балдарынын саны, бир кезде төрөлгөн балдардын орточо саны жана тирүү балдардын аялдардын жаш курактык топторунан көз каранды орточо саны, Кыргыз Республикасы, 2012

Жаш курак	Качандыр бир кезде төрөлгөн балдардын саны											Бардыгы	Аялдардын саны	Качандыр бир кезде төрөлгөн балдардын саны	Тирүү балдардын орточо саны
	0	1	2	3	4	5	6	7	8	9	10+				
Бардык аялдар															
15-19	96.0	3.9	0.1	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	100.0	1,637	0.04	0.04
20-24	50.6	30.5	16.8	2.0	0.1	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	100.0	1,527	0.71	0.68
25-29	17.3	22.5	35.8	17.9	5.9	0.6	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	100.0	1,265	1.74	1.69
30-34	8.7	11.6	20.8	33.4	18.4	5.8	1.1	0.3	0.0	0.0	0.0	100.0	1,028	2.64	2.55
35-39	4.1	10.1	16.8	26.0	23.1	14.3	3.8	1.3	0.5	0.0	0.0	100.0	915	3.21	3.10
40-44	4.4	9.8	18.9	22.9	24.2	12.7	5.0	1.3	0.3	0.4	0.1	100.0	928	3.22	3.05
45-49	2.7	9.2	15.9	21.0	22.6	16.2	8.2	2.5	1.2	0.2	0.2	100.0	908	3.56	3.35
баары	33.6	14.6	17.0	15.1	11.0	5.6	2.0	0.6	0.2	0.1	0.0	100.0	8,208	1.86	1.78
Азыркы учурда никеде турган аялдар															
15-19	60.5	38.3	0.8	0.4	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	100.0	158	0.41	0.39
20-24	20.7	47.6	28.0	3.4	0.3	0.1	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	100.0	896	1.15	1.11
25-29	8.0	22.3	41.1	20.8	7.1	0.7	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	100.0	1,061	1.98	1.93
30-34	3.0	9.0	20.6	37.9	21.2	6.6	1.3	0.3	0.0	0.0	0.0	100.0	867	2.92	2.82
35-39	2.6	6.0	16.5	28.0	25.1	15.5	4.2	1.4	0.6	0.0	0.0	100.0	801	3.41	3.29
40-44	1.5	6.0	16.2	25.2	27.5	15.1	6.0	1.5	0.4	0.4	0.1	100.0	758	3.54	3.35
45-49	0.7	5.2	14.6	22.1	24.7	18.9	9.1	2.9	1.3	0.3	0.2	100.0	716	3.83	3.63
баары	8.2	17.7	23.3	21.9	16.1	8.4	3.0	0.9	0.3	0.1	0.0	100.0	5,256	2.64	2.54

Улуу жаш курактагы аялдар төрөлгөн балдардын саны боюнча жаш аялдарга караганда алда канча жогорку көрсөткүчкө ээ. Мисалы, 45-49 жаш курактагы бардык аялдардын жарымынан көбү (51 пайызы) төрт же андан көп бала төрөшкөн. Качандыр бир кезде төрөлгөн балдардын орточо саны 15-19 жаштагы аялдардагы нөлдөн баштап, 45-49 жаштагы аялдардагы 3.6 көрсөткүч менен аяктап, жаш курак менен көбөйөт.

15-49 жаштагы аялдар арасында такыр төрөбөгөн, жалпы массанын 8 пайызын түзгөн аялдарды эсепке албаганда, учурда никеде турган аялдардын жалпы абалы ушуга эле окшош. Бул бала төрөөдөгү айырмачылыктар түшүнүктүү, аткени *бардык аялдар* категориясына никеде турган аялдарга караганда бойго бүтүп калуу коркунучуна кабылган никеси жок жаш аялдардын олуттуу саны кирет.

5.5 Төрөттөр ортосундагы аралык

Ырааттуу түрдө эки тирүү төрөттүн ортосундагы аралык убакыт төрөт аралык интервал деп саналат. Төрөт аралык интервал жөнүндө маалыматтар наристенин жана баланын өлүмүнүн деңгээлине таасир эткен бала төрөөлөрдүн ортосундагы убактылуу тыныгуунун мүнөзү жана формасы жана энелердин, наристелердин жана балдар өлүмдөрү жөнүндө түшүнүктөрдү берет. Изилдөөлөр төрөттөр аралык кыска аралык эне үчүн да, бала үчүн да өлүмдүн жогорку коркунучу менен байланышкан, өзгөчө төрөт ортосундагы аралык 24 айдан аз болгондо коркунучтуу экендигин көрсөттү. Тескерисинче, төрөт ортосундагы узак аралык эненин да, баланын да саламаттыгынын абалын жакшыртууга мүмкүндүк берет. Мурунку болгон төрөттөн кийин 24-35 айлык мезгилде төрөлгөн балдар 36 же андан көп ай аралыкта төрөлгөн балдарга караганда жогорулаган өлүм коркунучуна көп жолугушат (Rutstein, 2005; ВОЗ, 2006а; Conde-Agudelo ж.б., 2006.). 5.5-таблицада изилдөө алдындагы беш жыл ичиндеги биринчи эмес (экинчи же андан кийинки) төрөттөрдүн мурунку төрөттөн кийинки айлардын саны боюнча негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайыздык бөлүнүшү көрсөтүлгөн.

Жалпысынан, Кыргыз Республикасындагы төрөт ортосундагы аралыктын 36 айдагы орточо аралык менен орто узактыкка созулат. Бул төрөттүн жарымынан көбү сунушталган төрөттөр ортосундагы аралык жок эле дегенде 36 айга туура келээрин көрсөтөт. Ушуга карабастан, төрөттөрдүн төрттөн биринин көбү (26 пайызы) мурунку төрөттөн кийин 24 айдан кем эмес аралыкта болот. Бул маалыматтар 1997-жылдан баштап айрым жакшырууларды мүнөздөйт, 1997-жылы тийиштүү көрсөткүчтөр 32 ай жана 30 пайызды түзгөн. КР МДИ-1997нин жыйынтыгы боюнча Бишкек шаарын кошпогондо, маалыматтар

регионалдык деңгээлде көрсөтүлгөн эмес, 1997-жылы төрөттөрдүн 28 пайызы 24 айлык аралыкта болсо, 2012-жылдагы төрөттөр 24 пайыз болгон (RIOP [Кыргызская Республика] и Macro International, Inc, 1998).

Төрөт ортосундагы аралыктын узактыгы мурунку төрөлгөн баланын жашап калуу статусу менен тыгыз байланыштуу. Алдынкы баласы өлгөн абалда, төрөт ортосундагы аралыктын медианасы мурунку баласынын жашап кеткен абалына караганда 12 айга кыска болгон. Өтө кыска интервал ичинде болгон төрөттөрдүн үлүшү (18 айдан аз) мурунку ага/иниси жана эже/сиңдиси өлгөн балдар үчүн мурунку ага/иниси жана эже/сиңдиси жашап калышкандарга салыштырмалуу үч эсе жогору (31 жана 9 пайыз). Мурунку баланын өлүмүнөн кийинки кыска интервал эмчек эмизүүнүн кыскартылган мезгили менен байланыштуу (же эмчек эмизүүнүн жок болушу), бул овуляциянын эрте калыбына келишине алып келет жана бойго бүтүү мүмкүнчүлүгүн жогорулатат. Дагы бир баланы тезирек төрөөнү каалагандыгы үчүн контрацепцияны өтө аз пайдалануу төрөт аралык кыска интервалдын болушуна себеп болот.

5.5-таблица. Төрөт аралык интервал

Изилдөө алдындагы беш жылдык мезгилдин ичинде болгон биринчи эмес төрөттөрдүн мурунку төрөт лөрдөн кийинки айларынын саны боюнча негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Мурунку төрөттөн кийинки айлардын саны						Бардыгы	Биринчи эмес төрөт - лөрдүн саны	Мурунку төрөттөн кийинки айлардын санынын медианасы
	7-17	18-23	24-35	36-47	48-59	60+			
Энесинин жаш курагы, жаш									
15-19	*	*	*	*	*	*	100.0	3	*
20-29	14.4	25.4	31.8	13.7	8.7	6.0	100.0	1,211	26.7
30-39	5.9	9.8	19.4	14.4	12.3	38.2	100.0	1,247	48.4
40-49	2.7	5.3	8.1	6.4	7.9	69.7	100.0	234	96.2
Мурунку төрөт дөгү баланын жынысы									
Эркек	9.1	17.7	23.6	13.0	10.5	26.0	100.0	1,355	35.8
Аял	9.9	15.1	24.4	13.7	10.0	26.8	100.0	1,340	36.3
Мурунку төрөлгөн баланын жашап кетүү статусу									
Тирүүлөр	8.6	16.4	24.2	13.5	10.2	27.1	100.0	2,587	36.5
Өлгөндөр	31.1	16.4	20.0	9.8	12.1	10.6	100.0	108	24.4
Төрөттүн кезектүүлүгү									
2-3	10.8	18.6	25.6	12.5	10.0	22.5	100.0	1,886	33.1
4-6	6.2	11.0	19.6	15.6	11.1	36.5	100.0	771	45.2
7+	12.9	18.8	33.1	11.1	5.7	18.4	100.0	39	33.8
Жашаган жеринин тиби									
Шаар	7.0	15.6	22.4	12.6	12.4	30.1	100.0	771	40.2
Айыл	10.5	16.7	24.7	13.7	9.4	25.0	100.0	1,924	34.7
Облусу									
Ысык-Көл	9.8	15.9	24.0	11.1	8.7	30.6	100.0	259	36.4
Жалал-Абад	7.5	15.5	25.7	17.9	10.9	22.5	100.0	502	36.6
Нарын	13.2	15.9	20.5	12.2	10.0	28.2	100.0	129	36.2
Баткен	8.2	17.4	29.1	15.0	12.3	17.9	100.0	229	33.4
Ош	10.0	17.4	25.8	12.4	9.3	25.0	100.0	551	34.0
Талас	15.2	20.7	26.8	10.9	6.1	20.3	100.0	185	28.4
Чүй	9.5	15.1	20.4	12.8	10.6	31.6	100.0	418	39.3
Бишкек шаары	8.4	15.8	17.8	11.6	12.4	34.0	100.0	344	43.8
Ош шаары	5.0	13.9	31.9	13.2	11.6	24.4	100.0	77	35.6
Эненин билими									
Билими жок/ башталгыч	*	*	*	*	*	*	100.0	18	*
Негизги жалпы	7.0	14.5	31.0	18.8	11.8	16.8	100.0	260	35.2
Толук орто	9.6	16.5	24.5	13.2	9.0	27.1	100.0	1,293	35.5
Башталгыч/орто кесиптик	11.6	16.8	20.0	10.1	9.4	32.1	100.0	469	37.6
Жогорку	8.3	16.4	23.1	13.6	13.1	25.5	100.0	655	38.0
Жетиштүү жашооквинтилдери									
Эң төмөнкү	10.2	17.3	24.5	13.8	8.8	25.3	100.0	535	35.2
Экинчи	11.1	17.0	24.6	14.1	9.0	24.3	100.0	535	34.1
Орто	10.7	15.6	26.2	13.7	9.8	24.0	100.0	588	34.0
Төртүнчү	6.8	17.5	23.5	12.8	11.1	28.3	100.0	596	36.8
Эң жогорку	8.8	14.1	20.4	12.5	13.1	31.2	100.0	442	42.2
Бардыгы	9.5	16.4	24.0	13.4	10.3	26.4	100.0	2,695	36.1

Эскертүү: Биринчи төрөттө төрөлгөндөр алынып салынган. Көп түйүлдүктүү төрөт лөрдүн интервалаы трүү бала төрөө менен бүткөн мурунку кош бойлуулуктан кийинки айлардын санына барабар. * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

Мурунку төрөттөн кийинки айлардын санынын медианасы 20-29 жаштагы энелердин арасындагы 27 айдан баштап, 40-49 жаштагы энелердин арасындагы 96 айга чейин жаш курак менен олуттуу өсөт. Экинчи жана үчүнчү төрөттөр аралык интервалдын окшош медианасы төртүнчү, алтынчы төрөтттөрдүн ортосундагы 45 айга салыштырмалуу 33 айды түзөт. Бирок төрөт аралык интервалдын медианасынын мааниси төрөт лөрдүн жогорку кезектүүлүгү менен төмөндөйт. Мурунку төрөттөгү баланын жынысынан көз каранды төрөт ортосундагы аралыктын медианасынын маанисинде кандайдыр бир айырмачылыктар жок. Шаардык аялдардагы төрөт ортосундагы аралык (40 ай) айылдык аялдарга (35 ай) караганда узунураак. Төрөт ортосундагы аралыктын эң узун медианасы Бишкек шаарында жана Чүй облусунда (44 жана 39 ай) жана эң кыска медианасы Талас облусунда (28 ай) байкалат. Мурунку төрөттөн кийинки айлардын санынын медианасы жетиштүү жашоо деңгээлинин квинтилинин жана энелердин билиминин жогорулашы менен көбөйөт.

5.6 Төрөттөн кийинки аменорея, жыныстык кармануу жана кош бойлуулукту кабыл албоочулук

Төрөт ортосундагы аралыктын төрөттөн кийинки мезгилине эки фактор таасир этет: төрөттөн кийинки аменорея жана төрөттөн кийинки жыныстык кармануу. Төрөттөн кийинки аменорея деп бала төрөө менен айыз циклинин кайра башталышынын ортосундагы мезгилдик аралык аталат. Төрөттөн кийинки аменорея эмчек эмизүүнүн узактыгы жана интенсивдүүлүгүнөн көз каранды. Төрөттөн кийинки жыныстык кармануу деген төрөттөн кийинки сексуалдык активдүүлүктөн белгилүү бир мезгилге ыктыярдуу баш тартууну билдирет. Төрөттөн кийинки жыныстык катнашты кайра улантууну кийинки мөөнөткө калтыруу мөөнөтүн төрөттөн кийинки коргоо мезгили улантат. Эгерде, аял аменореядан, төрөттөн кийинки жыныстык карманууудан улам кош бойлуулук тобокелине кабылбаса, кош бойлуулукту кабыл албоочу деп саналат. Аменореянын жана төрөттөн кийинки жыныстык карманууунун узактыгы чогуу кош бойлуулукту кабыл албоочулуктун узакка созулушун аныктайт. 5.6-таблицада изилдөө алдындагы үч жылдык мезгил ичиндеги бардык төрөт лөр үчүн сурамжылоо учурунда төрөттөн кийинки аменорея, жыныстык кармануу жана кош бойлуулукту кабыл албоочулук мүнөздүү болгон аялдардын бала төрөө учурунан берки айлардын санынан көз каранды үлүшү көрсөтүлөт.

5.6-таблица. Төрөттөн кийинки аменорея, жыныстык кармануу жана кош бойлуулукту кабыл албоочулук

Изилдөө алдындагы үч жылдык мезгил ичиндеги энелерге тиешелүү төрөттөн кийинки аменорея, жыныстык кармануу жана кош бойлуулукка кабылбоочулуктун натыйжасындагы төрөт лөрдүн төрөттөн кийинки өткөн айлардын санынан, медианасынан жана орточо узактыгынан көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Бала төрөөдөн кийинки айлардын саны	Энелерге тиешелүү болгон төмөнкү натыйжаларда төрөт лөрдүн пайызы:			Төрөт лөрдүн саны
	Аменорея	Жыныстык кармануу	Кабыл албоочулук[1]	
< 2	81.0	71.6	84.1	105
2-3	69.4	15.1	71.7	169
4-5	58.9	7.3	61.9	152
6-7	41.9	7.9	45.2	145
8-9	34.7	6.3	36.6	181
10-11	26.8	9.5	31.3	171
12-13	15.1	7.7	18.8	151
14-15	11.3	3.6	11.8	147
16-17	14.7	7.6	16.4	131
18-19	6.2	5.0	6.5	125
20-21	7.4	5.3	9.1	139
22-23	3.1	3.3	3.8	142
24-25	6.3	4.0	8.0	159
26-27	3.6	5.8	7.1	152
28-29	3.6	5.7	7.4	154
30-31	3.2	3.0	5.7	136
32-33	3.4	3.5	3.9	110
34-35	3.0	2.8	4.8	106
Бардыгы	22.3	9.0	24.6	2,576
Медиана	5.7	1.6	6.1	кб
Орточо	8.2	3.9	9.0	кб

Эскертүү: Маани респонденттин изилдөө учурундагы статусуна негизделет.
кб = колдонууга болбойт
[1] Аменореясы уланып жаткан же жыныстык карманууну сактаган (же эки фактор) энелерди камтыйт.

Маалыматтар Кыргыз Республикасындагы энелерде аменореянын узактыгынын медианасы 5,7 айды, жыныстык карманyy 1,6 айды жана кош бойлуулукту кабыл албоочулук 6,1 айды түзөөрүн көрсөтөт. Аменореядагы аялдардын үлүшү төрөттөн кийинки биринчи эки айдагы 81 пайыздан төрөттөн кийинки 34-35 ай ичиндеги 3 пайызга чейин тездик менен төмөндөйт. Кыргыз аялдарынын көпчүлүгү (72 пайызы) төрөттөн кийинки биринчи эки айда жыныстык карманууда болушат. Жыныстык карманyудагылардын үлүшү төрөттөн кийинки 2-3 ай ичиндеги 15 пайызга чейин кескин төмөндөйт, андан кийин 4-5 ай ичинде 7 пайызга чейин төмөндөйт. Төрөттөн кийинки аменорея мезгили төрөттөн кийинки карманууга караганда узун убакытка созулат жана кош бойлуулукту кабыл албоочулуктун узактыгын аныктаган эң маанилүү фактор болуп саналат. Төрөт учурунан берки 10-11 ай ичинде бардык аялдардын төрттөн биринен көп эмесинде (27 пайызында) аменорея байкалат жана аялдардын 10 пайызы гана жыныстык карманууну улантышат.

Кээ бир кыргыз аялдарында гана аменорея же жыныстык карманyy узак убакытка созулат, орточо чоңдуктун көрсөткүчү аменореянын, жыныстык карманyунун жана кош бойлуулукту кабыл албоочулуктун узактыгынын медианасына караганда жогору.

5.7-таблицада төрөттөн кийинки аменореянын, жыныстык карманyунун жана кош бойлуулукту кабыл албоочулуктун узактыгынын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды болгон медианасы берилди: жалпысынан, бул үч алмашмалардагы айырмачылыктар көп эмес. Ошентсе да, төрөттөн кийинки аменорея жана кош бойлуулукту кабыл албоочулуктун эң узун медианасы Ош шаарындагы аялдарда эки көрсөткүч боюнча улуттук деңгээлден дээрлик эки эсе ашып байкалат (ар бири 11 айга жакын).

5.7-таблица. Төрөттөн кийинки аменореянын, жыныстык карманyунун жана кош бойлуулукту кабыл албоочулуктун узактыгынын медианасы

Изилдөо алдындагы үч жылдык мезги ичиндеги төрөттөр үчүн төрөттөн кийинки аменореянын, жыныстык карманyунун жана кош бойлуулукту кабыл албоочулуктун айларынын санынын негизги мүнөзөмөлөрдөн көз каранды медианасы, Кыргыз Республикасы 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Төрөттөн кийинки аменорея	Төрөттөн кийин жыныстык карманyу	Төрөттөн кийин кабыл албоочулук[1]
Энесинин жаш курагы, жаш			
15-29	5.7	1.6	6.1
30-49	5.6	(1.6)	6.0
Жашаган жеринин тиби			
Шаар	5.8	(1.5)	6.2
Айыл	5.6	1.6	6.0
Облусу			
Ысык-Көл	4.9	*	6.9
Жалал-Абад	6.6	*	7.4
Нарын	(6.2)	*	(6.2)
Баткен	6.1	*	7.3
Ош	3.7	*	3.8
Талас	5.6	*	5.7
Чүй	(5.4)	*	(5.4)
Бишкек шаары	(5.2)	*	(5.5)
Ош шаары	(10.7)	*	(10.9)
Эненин билими			
Билими жок/ башталгыч	*	*	*
Негизги жалпы	4.8	*	5.1
Толук орто	5.8	(1.7)	6.2
Башталгыч/орто кесиптик	4.7	*	5.1
Жогорку	6.3	(1.6)	6.8
Жетиштүү жашоонун квинтилдери			
Эң төмөнкү	5.3	(1.2)	5.9
Экинчи	6.6	*	6.6
Орто	6.4	*	7.2
Төртүнчү	4.5	*	5.2
Эң жогорку	5.8	*	6.0
Бардыгы	5.7	1.6	6.1

Эскертүү: Медиана изилдөө жүргүзгөн учурдагы респонденттин статусуна негизделген (учурдагы статус). Кашаадагы маалыматтар төрөттөрдүн 25-49 такталбаган учурларына негизделген. * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

[1] Аменореясы уланып жаткан же жыныстык карманууну сактаган (же эки фактор) энелерди камтыйт.

5.7 МЕНОПАУЗА

Кош бойлуулукка кабылуу тобокели жаш курак менен төмөндөйт. 30 жаштан кийин кош бойлуулукту кабыл алуучулук бойго бүтүү жөндөмүн жоготкон аялдардын үлүшүнүн көбөйүшү менен төмөндөйт. Буга так белгиленген окуя дегенге караганда процесс деп айтуу туурараак. Белгилүү бир аялдын репродуктивдүү функциясынын башталгыч мезгилдеги токтоосун аныктоо жетиштүү денгээлде кыйынга турса да, репродукциянын жоктугунун бирден-бир көрсөткүчү болуп менопауза эсептелет. Менопауза жаш курактын жогорулашы менен бойго бүтүү жөндөмүнүн акырындык менен төмөндөшүнүн кульминациясы болуп саналат. КР МДИ-2012де сурамжылоо учурунда кош бойлуу эмес, төрөттөн кийинки анеромеяда эмес, изилдөө алдындагы жок дегенде алты ай ичинде айыз көрбөгөн аялдар менопаузасы бар аялдар катары эсептелинди. Гистерэктомия (жатынды алып салуу) болгондугун маалымдашкан аялдар да менопауза стадиясындагы аялдар катары аныкталышты. 5.8-таблицада 30 жаш жана андан улуу жаштагы аялдардын менопаузасы жөнүндө маалыматтар берилди. 30-49 жаш курактагы аялдардын арасында менопаузасы башталган респонденттердин пайызы 9 пайыздык деңгээлде бааланат. Менопаузасы бар аялдардын үлүшү жаш курак менен көбөйөт: 30-34 жаш курактагы аялдардын арасындагы бир пайыздан 48-49 жаш курактагы аялдардын арасындагы 42 пайызга чейин.

5.8-таблица. Менопауза

30-49 жаштагы менопаузасы башталган аялдардын жаш курактан көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Жаш курак	Менопаузасы башталган аялдардын пайызы[1]	Аялдардын саны
30-34	1.0	1,028
35-39	2.4	915
40-41	3.2	385
42-43	6.3	345
44-45	13.5	389
46-47	23.8	357
48-49	41.7	361
Бардыгы	9.4	3,779

[1]Кош бойлуу эмес, төрөттөн кийинки аменореясы жок, акыркы айызын изилдөө жүргүзгөнгө чейинки алты же андан көп ай мурун көргөн аялдардын пайызы

5.8 АЛГАЧКЫ ТӨРӨТ УЧУРУНДАГЫ ЖАШ КУРАК

Алгачкы төрөт учурундагы аялдардын жаш курагы төрөтгө түздөн-түз таасир этет. Эрте бала төрөө репродуктивдик мезгилди узартат жана төрөттү жогорулатат. Көптөгөн өлкөлөрдө никеге туруу жаш курагынын өсүүсүнүн натыйжасында биринчи төрөттөрдү кийинкиге калтыруу олуттуу даражада жалпы төрөттүн төмөндөөсүнө таасир этти. Мындан сырткары, жаш кезинде бала төрөө эненин да, баланын да саламаттыгы үчүн жарала турган олуттуу коркунуч менен байланышкан. Эрте бала төрөө аялдардын билим алуу жана экономикалык чөйрөдө иштөө мүмкүнчүлүктөрүн чектейт. 5.9-таблицада жаш курактык топтор боюнча аныкталган жаш кураста алгачкы баласын төрөгөн бардык аялдардын пайыздык бөлүнүшү берилген. Жалпысынан, алгачкы бала төрөгөн учурдагы жаш курактын медианасы 22 жашты түзөт. Бул маани кенже жаш курактык топтордогу өсүүнүн анча чоң эмес тенденциясын көрсөтүп, ар түрдүү жаш курактык топтордогу 21 жана 23 жаштардын ортосунда өзгөрөт. Кыргыз Республикасындагы аялдардын бештен биринен бир аз азы биринчи баласын 20 жашка чейин төрөшсө, аялдардын жарымы 22 жашында жана үч пайызга жакыны 25 жашында биринчи баласын төрөшөт.

5.9-таблица. Алгачкы төрөт учурундагы жаш курак

Биринчи баласын аныкталган жаш кураста төрөгөн 15-49 жаштагы аялдардын пайызы, бир да жолу төрөбөгөн аялдардын пайызы жана биринчи төрөт учурундагы жаш курактын медианасы, Кыргыз Республикасы, 2012

Азыркы учурдагы жаш курагы, жаш	Аныкталган жаш кураста төрөгөндөрдүн пайызы					Бир да жолу төрөбөгөн аялдардын пайызы	Аялдардын саны, адам	Алгачкы төрөт учурундагы жаш курактын медианасы
	15	18	20	22	25			
15-19	0.0	кб	кб	кб	кб	96.0	1,637	кб
20-24	0.0	1.8	16.5	кб	кб	50.6	1,527	кб
25-29	0.0	2.5	17.2	42.6	71.6	17.3	1,265	22.6
30-34	0.3	3.8	24.5	48.4	74.6	8.7	1,028	22.1
35-39	0.1	4.6	32.6	60.5	77.3	4.1	915	21.2
40-44	0.0	1.1	19.9	54.0	79.3	4.4	928	21.8
45-49	0.0	2.6	19.7	48.1	76.5	2.7	908	22.1
20-49	0.1	2.6	21.1	кб	кб	18.0	6,571	кб
25-49	0.1	2.9	22.4	50.1	75.5	8.1	5,044	22.0

кб = колдонууга болбойт.
а = өткөрүлүп жиберилген, анткени аялдардын 50дөн кем эмес төрөттөрү алардын жаш курактык тобуна жете электе болгон.

Биринчи төрөт учурундагы жаш курактын медианасын 15-19 жаш жана 20-24 жаш курактагы аялдар үчүн эсептөөгө мүмкүн эмес, себеби бул аялдардын жарымы өздөрүнүн жаш курактык тобуна жеткенге чейин эле тирүү балдарды төрөшкөн. Бирок, жаш аялдардын арасындагы акыркы тенденцияларды КР МДИ-1997 менен КР МДИ-2012ни жүргүзүү убагында төрөгөн аялдардын жалпы катышына салыштыруу жолу менен баалоого болот. КР МДИ-1997нин маалыматтары боюнча аялдардын 6 пайызы 15-19 жашында, 66 пайызы 20-24 жашында төрөшкөн (RIOP [Кыргыз Республикасы] and Macro Interн/пtion/пl, Inc, 1998). КР МДИ-2012нин маалыматтары боюнча салыштырылган маалыматтар 15-19 жаштагы аялдардын 4 пайызы жана 20-24 жаштагы аялдардын 49 пайызын түзөт. Көрсөткүчтөрдүн төмөндөшү 1997-2012-жылдар ичиндеги 15-24 жаш курактагы аялдардын бала төрөө башталышын кийинкиге калтыргандыгын көрсөтөт.

25-49 жаштагы аялдардын арасындагы биринчи төрөт учурундагы жаш курактын медианасынын өзгөрүүсү көп эмес (2012-жылы 22.0 жаш 1997-жылдагы 21.7 жашка салыштырмалуу) (RIOP [Кыргызская Республика] и Macro Interн/пtion/пl, Inc, 1998).

КР МДИ-1997 менен КР МДИ-2012нин маалыматтары бардык жаш курактык топтордогу кыргыз аялдары турмушка чыккандан кийин эки жыл ичинде биринчи баласын төрөө практикасын карманышаарын көрсөтөт. Мисалы, 25-29 жаштагы аялдардын биринчи никеге туруу жаш курагынын медианасынын жана биринчи төрөт учурундагы жаш курагынын медианасынын ортосундагы бөлүнүү дээрлик бир жарым жылды түзөт (21.2 жана 22.6 жаш). Биринчи никеге тургандагы жаш курак менен биринчи төрөт учурундагы жаш курактын ортосундагы ошол эле аралык 45-49 жаш курактагы аялдарда да байкалат (20.7 жана 22.1 жаш).

5.10-таблицада азыркы учурда 25-49 жашка толгон аялдар арасындагы алгачкы төрөттөгү жаш курактын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды медианасы көрсөтүлгөн. Биринчи төрөт учурундагы жаш курактын медианасы шаардык аялдарда айылдык аялдарга караганда бир жылга жогору (22.9 жана 21.6 жаш). Бишкек шаарындагы аялдарда биринчи төрөт учурундагы жаш курактын медианасы башка региондорго караганда жогору. Алгачкы төрөт учурундагы жаш курактын медианасы билимдин деңгээли жана жетиштүү жашоонун статусу менен оң корреляцияланат: алгачкы төрөт учурундагы жаш курактын медианасы эң бай үй чарбачылыгында жашаган аялдардын арасында 23.5 жашты, эң жакыр үй чарбасында жашаган аялдардын арасында 21.5 жашты түзөт.

5.10-таблица Алгачкы төрөт учурундагы жаш курактын медианасы, жаш

Негизги мүнөздөмөлөргө жараша 25-49 жаш курактагы аялдардын биринчи төрөт учурундагы жаш курагынын медианасы, Кыргыз Республикасы 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	25-49 жаш курактагы аялдар
Жашаган жеринин тиби	
Шаар	22.9
Айыл	21.6
Облусу	
Ысык-Көл	22.1
Жалал-Абад	21.7
Нарын	21.7
Баткен	21.7
Ош	21.5
Талас	21.1
Чүй	22.3
Бишкек шаары	23.6
Ош шаары	22.5
Билими	
Билими жок/ башталгыч	*
Негизги жалпы	21.3
Толук орто	21.1
Башталгыч/орто кесиптик	21.9
Жогорку	23.7
Жетиштүү жашоонун квинтилдери	
Эң төмөнкү	21.5
Экинчи	21.6
Орточо	21.6
Төртүнчү	22.0
Эң жогорку	23.5
Бардыгы	22.0

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

5.9 ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫ КОШ БОЙЛУУЛУК ЖАНА ЭНЕЛИК

Өспүрүм курактагы кош бойлуулук жана энелик эң негизги социалдык жана медициналык көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Эрте өспүрүм курактагы кош бойлуулук эненин да, баланын да саламаттыгы менен байланыштуу көйгөйлөргө алып келиши мүмкүн. Өспүрүм энелер көпчүлүк убакта төрөт учурунда олуттуу татаалдануудан жапа чегишет, бул татаалдануулар эне менен баланын катуу ооруп калуусуна жана өлүмгө алып келет. Анын үстүнө жаш энелер бала төрөө жана тарбиялоо жүгүн алып жүрүүдө эмоционалдуу жактан жетишсиз жетилиши мүмкүн. Мындан сырткары, эрте бала төрөө аялдардын билим алуусун жана ишке орношуусун көп чектейт, ошондой эле төрөттүн жогорку деңгээли менен байланыштуу.

5.11-таблицада 15-19 жаштагы кыргыз өспүрүм аялдардын 6 пайызы бала төрөө процессин башташканы көрсөтүлгөн. Алардын ичинен төрт пайыз өспүрүм аял бала төрөшкөн жана эки пайызында биринчи баласы менен кош бойлуу. Жогоруда айтылгандай, бала төрөөнү баштаган 15-19 жаштагы өспүрүм аялдардын үлүшү жаш курак менен көбөйөт: 15-169 жаштагы аялдардын арасындагы бир пайыздан азыраактан 19 жаш курактагы аялдардын арасындагы 23 пайызга чейин.

Өспүрүмдөр төрөтүнүн деңгээли шаар жана айыл жерлеринде айырмаланып турат. Шаар жериндеги бала төрөөнү баштаган өспүрүмдөрдүн үлүшү 4 пайызды, ал эми айыл жеринде 8 пайызды түзөт. Региондорду салыштырганда, өспүрүмдөрдүн эрте бала төрөөсү Талас облусунда (14 пайызы) эң көп жайылган, баарынан азы Бишкек шаарында (бир пайызы). Эрте энеликтин жетиштүү жашоо деңгээли боюнча жогорку квинтилдик топко тиешелүү болгон аялдарда жана жогорку билими бар аялдарда аз тараган.

Акыркы он беш жылда өспүрүмдөр төрөөсүнүн бир кыйла төмөндөшүнүн тенденциясы байкалат: КР МДИ-1997нин маалыматтары боюнча 9 пайыздан КР МДИ-2012нин маалыматтары боюнча 6 пайызга чейин (RIOP [Кыргыз Республикасы] жана Macro International/nl, 1998).

5.11-таблица. Өспүрүм курактагы кош бойлуулук жана энелик

Тирүү бала төрөгөн же биринчи баласы менен кош бойлуу 15-19 жаштагы аялдардын пайызы, бала төрөөнү баштагандардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	15-19 жаштагы аялдардын пайызы: Тирүү балдарды төрөгөн	15-19 жаштагы аялдардын пайызы: Биринчи баласы менен кош бойлуу	Бала төрөөнү баштаган аялдардын пайызы	Аялдардын саны, адам
Жаш курак				
15	0.0	0.0	0.0	337
16	0.4	0.4	0.7	390
17	0.6	2.5	3.1	320
18	5.5	3.2	8.7	315
19	16.4	6.4	22.8	275
Жашаган жеринин тиби				
Шаар	1.8	1.9	3.8	591
Айыл	5.3	2.4	7.7	1,046
Облусу				
Ысык-Көл	5.4	3.1	8.5	109
Жалал-Абад	6.6	1.8	8.4	260
Нарын	4.5	0.0	4.5	42
Баткен	5.4	3.8	9.1	111
Ош	2.8	2.6	5.4	439
Талас	10.0	3.7	13.7	64
Чүй	5.3	3.1	8.4	243
Бишкек шаары	0.6	0.7	1.3	316
Ош шаары	2.7	2.5	5.2	54
Билими				
Билими жок/ башталгыч	*	*	*	10
Негизги жалпы	4.7	2.1	6.8	653
Толук орто	3.4	2.6	6.0	681
Башталгыч/орто кесиптик	5.1	2.2	7.3	138
Жогорку	3.1	1.5	4.6	155
Жетиштүү жашоонун квинтилдери				
Эң төмөнкү	5.6	1.7	7.3	308
Экинчи	5.0	2.6	7.6	314
Орто	3.7	3.2	6.9	307
Төртүнчү	5.3	3.1	8.5	312
Эң жогорку	1.3	1.0	2.3	397
Бардыгы	4.0	2.3	6.3	1,637

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

БАЛА ТӨРӨӨ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КААЛОО 6

Негизги натыйжалар

- Кыргыз Республикасында никеси бар эркектердин жана аялдардын төрттөн бири баланын төрөлүүсүнө чек койгулары келет, аялдардын 25 пайызы жана эркектердин 24 пайызы мындан ары балалуу болууну каалашпайт, никеси бар аялдардын 2 пайызы жана эркектердин бир пайызы стерилдештирилген.
- Аялдар жана эркектер үй-бүлөнүн орточо өлчөмдө болушун каалашат (аялдар 3,9 бала, эркектер 4,1 бала). Үй-бүлөнүн эң жакшы өлчөмү деп төрт балалуу болууну каалашат (аялдардын 43 пайызы жана эркектердин 39 пайызы бул жооп менен макул).
- Кыргыз Республикасындагы аялдар өздөрү каалаган баланын санына караганда орточо эсеп менен 0.2ден көп балалуу болушат. Демек, төрөттүн жалпы коэффициенти 3.6 далилдүү коэффициент менен чогуу 3.4түү түзсө, анда каалоосуз бала төрөөдөн арылууга болмок эле.
- Жакынкы төрөттүн 95 пайызы респонденттердин билдирүүлөрү боюнча каалоо менен күтүлгөн төрөт болду.

Бала төрөө чөйрөсүндөгү каалоо жөнүндөгү маалыматтар үй-бүлөнү пландоо программалары үчүн чоң мааниге ээ, анткени ал маалыматтар адистерге аялдардын балалуу болууга каалоосун гана эмес, кош бойлуулуктардын күтүлбөгөн жана төрөттөрдүн өз убагында болбогон учурларынын жайымдуулугун баалоону пландоо боюнча мүмкүнчүлүктөрдү берет. Бала төрөө чөйрөсүндөгү каалоо жөнүндөгү маалыматтар төрөлүүлөр өлкөдө келечекте да өнүгүшү мүмкүн экендигине багыттап көрсөтөт. КР МДИ-2012де аялдар менен эркектерге алардын бала төрөөгө карата каалолорун аныктоо үчүн бир катар суроолор берилди. Алынган маалыматтар респонденттердин баланын төрөлүүсүнө карата сандык баасы үчүн колдонулду: мисалы, аялдардын бала төрөөнү өмүр бою токтотууну каалашкандыгы же кийинки кош бойлуулукка чейин убактылуу токтотуп турууну каалашкандыгы. Маалыматтар ошондой эле бойго бүтүрбөөчү каражаттарды колдонуу жана бала төрөөнү кийинкиге калтыруу, бала төрөөнү чектөө үчүн муктаждыктардын эсеби менен үй-бүлөнү пландоодогу канааттандырылбаган муктаждыктарды баалоо жөнүндөгү маалыматтар менен айкалышкан суроолорду аныктоо үчүн да колдонулушу мүмкүн. Балдардын идеалдуу саны бала төрөө чөйрөсүндөгү каалоонун аял менен эркектин каалоо менен күткөн кош бойлуулуктан кийинки балдарынын жалпы санын, эгер азыр ошол учурга кайрылып барса, баарын кайрадан башташарын чагылдырган маанилүү бир көрсөткүч болуп саналат. Балдардын идеалдуу саны жөнүндө маалыматтар эки ченемди көрсөтөт. Биринчиден, бул маалыматтар балалуу боло элек аялдарга карата келечектеги төрөө (бул баскычта кандай аялдар бала төрөөгө карата каалоолорун ишке ашыра алышы мүмкүн) түшүнүгүн берет. Экинчиден, балдардын идеалдуу санында өткөн төрөлүүлөрдүн көбөйүшү каалоосуз төрөөнүн көрсөткүчү болуп саналат. Бул бөлүмдө талкууланган кийинки темалар - төрөлүүнү пландоо жана каалоосуз бала төрөөнүн төрөлүүнүн коэффициентине тийгизген таасири.

Бала төрөө чөйрөсүндөгү каалоо менен байланышкан көрсөткүчтөрдүн интерпретациясы дайыма татаал болот, анткени респонденттердин билдирген бала төрөө чөйрөсүн жогору баалоо жөнүндө маалыматтары гипотетикалык жактан белгилүү мааниде болуп саналарын түшүнүүгө туура келет, демек өзгөрмөлүүлүгү аныкталган. Ошентсе да, бала төрөө чөйрөсүндөгү каалоо жөнүндөгү маалыматтар үй-бүлөнүн каалагандай көлөмүнө (балдардын санына) жетүү үчүн үй-бүлөлүү түгөйлөр же айрым жактар аракеттенген баскычта келечектеги баланын төрөлүшүнө багыт көрсөтөт.

6.1 Көп балалуу болууга каалоо

Көп балалуу болууну каалоо жөнүндө маалымат келечектеги репродуктивдик жүрүм-турумдарды түшүнүү үчүн маанилүү. Үй-бүлөнү пландоо боюнча тийиштүү жана жеткиликтүү кызмат көрсөтүү ушулдай маалыматтардын болушунан көз каранды. КР МДИ-2012де балдар төрөлүүсү тууралуу каалоолорду түшүнүү үчүн кыргыз аялдары менен эркектеринен дагы бир балалуу болууну каалагандыктары, кааласа кайсы мөөнөттө экендиги тууралуу сурадык. Суроолор кош бойлуу аялдарга карата башкача түзүлгөн, аларга учурдагы кош бойлуулугу бүткөндөн кийин дагы балалуу болгусу келгендиктери жөнүндө суроолор берилди. Стерилдештирилген аялдар жана эркектер мындан ары балалуу болууну каалабагандардын категориясына киришет, ошондуктан аларга келечекте балалуу болуу каалоосу жөнүндө суроолор берилбеди.

6.1-таблицада никеси бар аялдар менен эркектерден сурамжылоо жүргүзүү учурундагы тирүү балдардын саны боюнча бала төрөөгө каалоосу көрсөтүлөт (учурдагы кош бойлууларды кошкондо). Кыргыз Республикасында никеси бар аялдардын көпчүлүгү өзүнүн келечектеги бала төрөөсүн көзөмөлдөөнү каалашарын билдиришти (6.1-графиги). Жалпысынан аялдардын төрттөн биринен көбүрөөгү бала төрөөнү токтоткулары келет, же мындан ары балалуу болгулары келбегени үчүн (25 пайызы), же аларга стерилдештирүү боюнча операция жасалган (2 пайызы). Мындан тышкары, аялдардын 10 пайызы боюнда болбой жатканын маалымдашкан. Никеси бар аялдардын 46 пайызы жакынкы убакытта балалуу болууну каалашат, бирок 16 пайызы гана жакынкы эки жыл ичинде балалуу болууну каалашат, ал эми 28 пайызы эки же андан көбүрөөк жылга баланын төрөлүшүн токтото турууну туура көрүшөт. Кыргыз Республикасында никеси бар аялдардын ар бир бешинчиси (19 пайызы) бала төрөө чөйрөсүндөгү каалоодо өзүнүн тийиштүү чечимин кабыл ала электигине байланыштуу, кийинки балалуу болууну каалаган-каалабагандыгына (17 пайызы), эгер кааласа, качан аны төрөрүнө (2 пайызы) ишенбейт.

6.1-таблица. Бала төрөө чөйрөсүндөгү тирүү балдардын санынан көз каранды каалоо

Азыркы учурда никеси бар 15-49 жаштагы аялдар менен эркектердин алардын балалуу болуу каалоолору боюнча негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Балалуу болууга каалоо	Тирүү балдардын саны							Бардыгы
	0	1	2	3	4	5	6+	
Аялдар[1]								
Кийинки балалуу болууну каалайт[2]	80.3	25.8	16.9	9.4	4.3	1.8	1.3	16.3
Кийинки балалуу болууну кечирээк каалайт[3]	1.1	48.1	40.1	25.8	10.3	8.0	2.3	27.7
Кийинки балалуу болууну каалайт, бирок качан экенин чече элек	4.3	4.2	2.9	2.1	0.9	0.5	0.0	2.4
Чече элек	1.3	9.9	15.7	21.6	23.4	19.4	15.1	16.8
Мындан ары балалуу болууну каалабайт	0.2	3.9	13.7	28.0	49.2	51.5	54.4	24.5
Стерилдештирилген[4]	0.8	0.3	1.1	1.6	2.4	3.6	4.9	1.6
Тукумсуздук	12.0	7.7	8.8	10.8	9.0	14.8	21.0	10.1
Өткөрүлүп жиберилген	0.0	0.1	0.6	0.7	0.5	0.5	1.0	0.5
Бардыгы	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0
Аялдардын саны	271	970	1,326	1,279	847	406	157	5,256
Эркектер[5]								
Кийинки балалуу болууну каалайт[2]	76.7	32.4	20.3	18.9	10.5	5.6	(2.2)	21.6
Кийинки балалуу болууну кечирээк каалайт[3]	1.3	42.5	44.4	29.2	16.8	7.8	(5.8)	30.0
Кийинки балалуу болууну каалайт, бирок качан экенин чече элек	11.3	7.6	4.5	1.7	0.3	0.0	(0.0)	3.5
Чече элек	5.5	11.9	20.5	24.4	21.3	14.8	(15.7)	18.8
Мындан ары балалуу болууну каалабайт	1.0	2.6	9.2	24.3	46.4	66.9	(75.4)	23.5
Стерилдештирилген[4]	0.0	0.0	0.0	0.0	2.3	1.2	(0.0)	0.5
Тукумсуздук	1.7	1.6	1.0	1.0	2.3	3.1	(0.0)	1.5
Өткөрүлүп жиберилген	2.5	1.4	0.1	0.5	0.1	0.6	(0.9)	0.6
Бардыгы	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0
Эркектердин саны	67	261	377	356	237	101	43	1,443

Эскертүү: Кашаадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгенин билдирет.
[1] Тирүү балдардын саны азыркы кош бойлуулукту камтыйт.
[2] Эки жыл ичинде кийинки балалуу болууну каалайт.
[3] Кийинки баласынын төрөлүүсүн 2 же андан көп жылга калтыргысы келет.
[4] Аялдардын жана эркектердин дагы стерилдештирүү камтыйт.
[5] Тирүү балдардын саны эгерде респонденттин аялы кош бойлуу болсо, дагы бир кошумча бала кошулат.

Төрөлүүнү чектөөгө каалоо тирүү балдардын санынан көз каранды көбөйөт (6.1-таблица). Мисалы, күйөөсү бар балалуу боло элек аялдардын көпчүлүгү (80 пайызы) тез убакыттын ичинде балалуу болууну каалашат. Тескерисинче, үч балалуу аялдардын 30 пайызы мындан ары балалуу болууну каалабайт же аларга стерилдештирүү боюнча операция жасалган, ушундай аялдардын үлүшү алты же андан көп балдары бар аялдардын арасындагы 59 пайызга чейин өсөт.

КР МДИ-1997нин маалыматтары менен салыштырганда Кыргыз Республикасынын аялдарынын ичинен бала төрөөнү чектөөнүн тенденциясынын төмөндөшү байкалды. 1997-жылдагы никеси бар аялдардын жарымынан азыраагы (47 пайызы) 2012-жылдагы аялдардын 26 пайызына караганда мындан ары балалуу болууну каалашпайт. Ошол эле убакта дагы бир балалуу болууну каалаган аялдардын пайызы 41 пайыздан 46 пайызга чейин көбөйгөн. Өзүлөрүнүн каалоолоруна ишене албаган аялдардын пайызы 1997-жылдагы 7 пайыздан 2012-жылдагы 17 пайызга чейин өстү.

Никеси бар эркектердин балалуу болууну каалоосу никеси бар аялдардын каалоосу менен окшош. Анткен менен аялдардан айырмаланып, эркектердин анча көп эмес пайызы тукумсуздукка кабылганын маалымдашты (2 пайызга 10 пайыз) жана эркектердин эң жогорку пайызы аялдардан айырмаланып, эки жыл ичинде кийинки балалуу болууну каалагандыктарын маалымдашкан (22 пайызга 16 пайыз).

6.1-график

Никеси бар аялдардын арасындагы бала төрөөгө карата каалоо



* Кийинки эки жылдын ичинде
** 2 жылдан кийин
***Дагы балалуу болууну каалайт, бирок качан экендигин же балалуу болууну чече элек.

КР МДИ-2012

6.2 Бала төрөөнү чектөөгө каалоо

Мындан ары балалуу болууну каалабаган аялдардын үлүшү бала төрөө чөйрөсүндөгү каалоодо маанилүү жана жеңил түшүнө турган ченем болуп саналат. 6.2.1-таблицада учурда никеси бар бала чектөөнү каалаган аялдардын балдарынын, айыл жана шаар жеринен, регионунан, билим деңгээлинен жана жетиштүү жашоо квинтилинен көз каранды пайызы көрсөтүлгөн. Шаар жана айыл жерлери жана жетиштүү жашоо квинтилинин ортосундагы айырмачылыктар аябай эле аз. Бала төрөөнү чектөөнү каалаган аялдардын арасындагы олуттуу айырмачылыктар облустар боюнча байкалат, Баткен облусунда 37 пайыздан Ош облусундагы 13 пайызга чейин өзгөрөт. Калган региондордо бул көрсөткүчтөр 25 пайыздан 34 пайызга чейин өзгөрөт.

Бала төрөөнү чектөөнү каалоодогу өзгөрүүлөрдүн аялдардын билим деңгээли боюнча билимдин башталгыч/орто кесиптик деңгээлине чейин так мүнөзү жок. Аялдардын билим деңгээлинин жогорулаганы мындан ары балалуу болууну каалабоо ыктымалдуулугун жаратат. Бирок жогорку билимдүү аялдар (20 пайыз) орто же башталгыч/орто кесиптик билими барлардан айырмаланып (28 жана 36 пайыз) балалуу болууну көп каалашпайт.

6.2.1-таблица Бала төрөөнү чектөөгө каалоо: Аялдар

Азыркы учурда никеси бар, бала төрөөнү чектөөнү каалаган 15-49 жаштагы аялдардын тирүү балдардын санынан жана негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Тирүү балдардын саны[1]							Бардыгы
	0	1	2	3	4	5	6+	
Жашаган жеринин тиби								
Шаар	2.0	6.6	20.3	34.6	61.0	63.7	*	27.0
Айыл	0.3	2.8	11.5	27.4	48.5	53.1	58.4	25.7
Облусу								
Ысык-Көл	(2.4)	2.5	16.0	32.5	54.5	(64.7)	*	29.9
Жалал-Абад	(0.0)	0.7	9.4	31.7	47.3	60.9	(52.6)	26.5
Нарын	*	1.8	9.9	27.5	50.3	(67.2)	(70.5)	30.6
Баткен	(0.0)	2.4	15.7	44.2	68.7	76.2	(75.0)	36.7
Ош	(3.8)	0.0	2.8	9.5	26.2	27.7	(37.3)	12.8
Талас	(0.0)	1.6	7.4	28.1	58.6	82.8	*	34.1
Чүй	*	8.7	24.1	36.2	69.2	(61.8)	*	30.3
Бишкек шаары	(0.0)	8.5	18.3	34.2	67.2	*	*	25.0
Ош шаары	(0.0)	7.1	22.3	51.0	69.3	*	*	31.3
Эненин билими								
Билими жок/ башталгыч	*	*	*	*	*	*	*	*
Негизги жалпы	(0.0)	0.0	6.1	17.1	(36.3)	*	*	12.6
Толук орто	2.5	1.6	13.6	30.2	48.7	50.8	56.7	28.1
башталгыч/орто кесиптик	(0.0)	10.9	20.7	36.6	60.9	66.6	(74.4)	36.3
Жогорку	0.0	5.8	15.9	26.8	54.3	(59.0)	*	20.0
Жетиштүү жашоо квинтилдери								
Эң төмөнкү	4.3	0.3	8.8	21.6	47.8	44.6	52.9	25.3
Экинчи	(0.0)	1.3	10.7	30.0	45.8	61.6	52.9	26.9
Орто	0.0	3.7	11.5	29.8	50.6	61.6	(74.8)	26.4
Төртүнчү	(1.1)	4.6	17.3	31.2	56.2	63.3	*	26.8
Эң жогорку	0.0	8.8	21.7	33.9	64.4	(48.8)	*	25.2
Бардыгы	1.0	4.3	14.8	29.6	51.6	55.1	(59.3)	26.1

Эскертүү: Стерилдештирүү боюнча операция жасалган аялдар, мындан ары балалуу болгусу келбеген аял катары каралат.
* белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес. Кашаадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгенин көрсөтөт.

[1] Тирүү балдардын саны азыркы кош бойлуулук кошулат.

6.2.2-таблицада азыркы учурда никеси бар, мындан ары балалуу болууну каалабаган, стерилдештирүү операциясы (уруксуздандыруу) жасалган же аялдарына/өнөктөштөрүнө стерилдештирүү операциясы (уруксуздандыруу) жасалганын маалымдашкан эркектердин пайызы негизги мүнөздөмөлөргө жана тирүү балдардын санына жараша көрсөтүлгөн. Эркектердин балалуу болууну каалоосу аялдардын каалоосунан айырмаланат. Айылдык эркектер шаардык эркектерден айырмаланып, баарынан мурун бала төрөөнү токтотууну каалашат (27 пайызга 18 пайыз). Аялдардай эле, Баткен облусундагы эркектер да баланын төрөөлүүсүн чектөөнү көп каалашат (44 пайызы). Бирок, балалуу болууну каалабаган эркектердин эң аз бөлүгү (2 пайызы) Бишкек шаарында жашашат. Балалуу болууну каалабаган калган региондордо эркектердин пайызы 9 пайыздан 39 пайызга чейин өзгөрөт. Билим жана бала төрөөнү токтотууну каалоонун ортосунда өз ара байланышы даана эмес. Мисалы, никеси бар мындан ары балалуу болууну каалабаган эркектердин үлүшү негизги жалпы билими бар эркектердин 10 пайызынан башталгыч/орто кесиптик же орто билими бар эркектердин 29-30 пайызына чейин өсөт, андан кийин жогорку билими бар эркектерде 11 пайызга чейин төмөндөйт. Бирок жетиштүү жашоо деңгээлинин бала төрөөнү чектөөнү каалоого негативдүү өз ара байланышы бар мыйзам ченемдүүлүк аныкталган. Эң жакыр үй чарбаларында жашаган эркектер эң бай үй чарбаларында жашаган эркектерге караганда мындан ары балалуу болууну көп каалай беришпейт (33 пайызына 11 пайыз).

6.2.2-таблица Бала төрөөнү чектөөгө каалоо: Эркектер

Азыркы учурда никеси бар, бала төрөөнү чектөөнү каалаган 15-49 жаштагы эркектердин тирүү балдардын санынан жана негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Тирүү балдардын саны[1]							Бардыгы
	0	1	2	3	4	5	6+	
Жашаган жеринин тиби								
Шаар	*	3.5	9.8	19.2	48.8	*	*	17.5
Айыл	(0.0)	1.9	8.9	26.6	48.6	70.3	(73.8)	27.0
Облусу								
Ысык-Көл	*	8	(5.3)	(22.7)	(39.2)	*	*	20.8
Жалал-Абад	*	(0.0)	(11.8)	(49.1)	(58.3)	*	*	34.7
Нарын	*	*	(12.1)	(27.8)	(60.7)	*	*	31.8
Баткен	*	(6.8)	(26.6)	(37.1)	(75.6)	*	*	44.2
Ош	*	(0.0)	10.9	23.6	(66.0)	*	*	34.4
Талас	*	(2.9)	(7.4)	25.1	(28.0)	*	*	23.0
Чүй	*	(6.0)	(7.9)	(12.7)	*	*	*	8.9
Бишкек шаары	*	(0.0)	(0.0)	(0.0)	*	*	*	1.6
Ош шаары	*	*	(24.4)	(54.0)	*	*	*	38.5
Эненин билими								
Билими жок/ башталгыч	*	*	(3.0)	(5.5)	*	*	*	9.7
Негизги жалпы	(1.1)	1.3	10.7	35.7	48.4	73.9	(84.6)	30.1
Толук орто	*	(10.0)	16.5	19.3	51.5	(58.7)	*	28.5
Башталгыч/орто кесиптик	*	1.4	5.7	10.6	(45.6)	*	*	11.0
Жогорку								
Жетиштүү жашоо квинтилдери	*	0.0	5.2	26.3	46.6	(75.8)	*	32.7
Эң төмөнкү	*	2.8	15.4	26.6	61.8	(66.9)	*	31.0
Экинчи	*	5.2	10.0	30.5	54.0	*	*	26.6
Орто	*	(0.0)	8.4	22.3	(38.9)	*	*	18.5
Төртүнчү	*	3.7	6.9	15.3	(37.9)	*	*	11.1
Эң жогорку								
Бардыгы	1.0	2.6	9.2	24.3	48.7	68.1	(75.4)	24.0

Эскертүү: Стерилдештирүү боюнча операция жасалган эркектер же балалуу болууну каалоо жөнүндө суроого аялдарына стерилдештирүү боюнча операция жасалган деп жооп бергендер “мындан ары балалуу болгусу келбеген эркектер” катары каралат. * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес. Кашаадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгенин көрсөтөт.

[1] Эгерде респонденттин аялы кош бойлуу болсо, тирүү балдардын санына бир кошумча бала кошулат.

6.3 Үй-бүлөдөгү балдардын идеалдуу саны

КР МДИ-2012нин респонденттерине алардын ойлору боюнча үй-бүлөнүн идеалдуу көлөмүн аныктоо үчүн эки суроо берилди. Бир да баласы жок аялдар менен эркектерге төмөнкүдөй суроо берилди: “Эгерде силерге жашооңордо төрөгүңөр келген балдардын так өлчөмүн тандоо укугу берилсе, анда алардын саны канча болмок?”. Тирүү балдары бар респонденттерге төмөнкүдөй суроо берилди: “Эгерде балалуу боло элек кезиңерге кайра кайтуу жана жашооңордо төрөгүңөр келген балдардын так санын тандоо укугу берилсе, анда алардын саны канча болмок?”. Бул суроолорго аларда буга чейинки болгон балдарынын санынан көз карандысыз жоопторду алуу болжолдонгон. Ошого да карабастан, респонденттердин балдарынын чыныгы саны менен алар маалымдаган идеалдуу санынын арасында өз ара байланыш бар. Бул өз ара байланыш көп балалуу үй-бүлөлүү болууну каалаган респонденттердин ушул убакытта көп баласы бар экендиги же респонденттер өзүнүн үй-бүлөсүнүн чыныгы көлөмүнө же бул факторлордун комбинациясына дал келтирүү үчүн үй-бүлөнүн идеалдуу көлөмүн жөнгө салышкандыгы менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Ошондой эле, көп балалуу үй-бүлөсү бар респонденттер чакан үй-бүлөлүүлөргө караганда балдардын идеалдуу санынын өлчөмүнүн жогорку көрсөткүчүнө ээ, анткени алар бул позицияны 20-30 жыл мурун аныктай алышкан. Рационализациялаштыруу тенденциясына карабастан, маалыматтар респонденттердин көпчүлүгү балдарынын чыныгы санынан аз балдардын идеалдуу санын маалымдашаарын күбөлөндүрөт. Балдардын идеалдуу саны боюнча 15-49 жаштагы эркектер менен аялдардын тирүү балдардын санынан көз каранды болгон пайыздык бөлүнүшү 6.3-таблицада берилген.

КР МДИ-2012де Кыргыз Республикасынын аялдары 3.9 балалуу болууну идеалдуу деп эсептешкен. Бул КР МДИ-1997 убагында катталган балдардын идеалдуу санынан 0.2 балага көп

(RIOP [Kyrgyz Republic] and Macro International Inc., 1998). Азыркы учурда никеси бар аялдардын арасындагы балдардын орточо идеалдуу саны 4.2 бала болуп саналат, бул КР МДИ-1997 (3.9 бала) менен салыштырмалуу 0.3 балага көп. Беш аялдын экиден көбү (43 пайызы) төрт балалуу болууну каалашат, ошондой эле аялдардын төрттөн бирине жакыны (23 пайызы) беш же андан көп балалуу болууну каалашат. Он аялдан үчөө үй-бүлөдө, эки же үч баланын болуусун туура көрүшөт (ар бири 15 пайыздан).

6.3-таблица. Тирүү балдардын саны боюнча балдардын идеалдуу саны

15-49 жаштагы аялдар менен эркектердин жана учурда никеси бар бардык респонденттердин балдардын орточо идеалдуу саны жана балдардын идеалдуу саны боюнча пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

.Балдардын идеалдуу саны	Тирүү балдардын саны							Бардыгы
	0	1	2	3	4	5	6+	
Аялдар[1]								
0	0.8	0.2	0.2	0.2	0.0	0.6	0.0	0.4
1	2.7	1.9	0.5	0.4	0.1	0.0	0.0	1.3
2	25.0	21.9	13.6	5.5	1.5	1.6	2.4	14.9
3	16.3	22.8	19.9	11.7	2.2	3.3	1.2	14.6
4	34.0	38.5	47.8	56.5	54.4	25.7	27.4	42.6
5	8.0	6.7	9.7	11.8	14.4	25.9	8.2	10.4
6+	6.0	6.6	7.2	13.0	24.6	39.3	57.3	12.3
Сандык эмес жооп	7.3	1.3	1.0	0.9	2.7	3.6	3.5	3.4
Бардыгы	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0
Аялдардын саны	2,603	1,244	1,497	1,378	894	426	167	8,208
Балдардын орточо идеалдуу саны:[2]								
Бардык аялдар	3.4	3.5	3.8	4.2	4.7	5.2	5.7	3.9
Аялдардын саны	2,412	1,227	1,482	1,365	870	410	161	7,927
Азыркы учурда никеси бар аялдар	3.9	3.7	3.9	4.2	4.7	5.2	5.7	4.2
Азыркы учурда никеси бар аялдардын саны	256	957	1,314	1,266	824	390	151	5,157
Эркектер[3]								
0	1.6	0.2	0.2	0.0	0.3	0.0	(0.0)	0.7
1	1.1	0.6	0.0	0.0	0.0	0.0	(0.0)	0.5
2	14.4	13.1	9.3	2.0	1.1	2.1	(0.0)	9.4
3	23.1	24.5	16.5	16.9	0.8	3.0	(0.0)	17.8
4	32.5	41.3	45.5	42.3	53.5	19.2	(15.5)	38.5
5	14.9	14.4	18.4	22.9	25.1	52.6	(12.8)	19.2
6+	7.7	4.5	6.9	12.9	17.5	20.3	(70.7)	10.6
Сандык эмес жооп	4.6	1.3	3.2	2.9	1.7	2.8	(0.9)	3.3
Бардыгы	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0
Эркектердин саны	962	298	403	363	241	104	43	2,413
Балдардын орточо идеалдуу саны:[2]								
Бардык эркектер	3.7	3.8	4.0	4.4	4.7	5.1	(6.1)	4.1
Эркектердин саны	918	294	390	352	237	101	43	2,335
Азыркы учурда никеси бар эркектер	4.2	3.9	4.1	4.4	4.7	5.1	(6.1)	4.4
Азыркы учурда никеси бар эркектердин саны	65	257	364	346	233	98	43	1,406

Эскертүү: Кашаадагы сандар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгенин көрсөтөт.
[1] Тирүү балдардын санына учурдагы кош бойлуулукту кошулат.
[2] Орточо сан сандык эмес жоопторду берген респонденттерди алып салуу жолу менен эсептелет.
[3] Эгерде респонденттин аялы кош бойлуу болсо, тирүү балдардын санына кошумча бир бала кошулат.

Балдардын чыныгы жана идеалдуу сандарынын ортосунда өз ара жакшы байланыш бар. Бардык аялдардын арасында балдардын идеалдуу санынын орточо мааниси баласы жок аялдардын арасындагы 3.4 баладан алты же андан көп баласы бар аялдардын арасындагы 5.7 балага чейин көбөйөт. Балдардын чыныгы жана идеалдуу сандарынын ортосунда өз ара жакшы байланыш эки фактор менен байланышкан. Биринчиден, бала төрөөгө карата өздөрүнүн каалоолорун ишке ашыра ала турган абалдагы аялдар жана үй-бүлөдө анча көп эмес сандагы балалуу болууну каалаган аялдар көздөгөнүнө жетүү үчүн кайсы бир ченемде аракет кылышат. Экинчиден, мүмкүн, аз балалуу болууну каалаган айрым аялдар өздөрүнүн каалоолорун моюнга алууда кыйынчылыктарды баштан өткөрүштү, эгерде алар бала төрөө процессин кайрадан баштай алышса, каалаган сан катары чындыгында баланын чыныгы санын көрсөтүшмөк. Рационализациялаштыруу тенденциясына карабастан, каалоосуз төрөлүүнүн учурлары жөнүндө маалыматтар беш баласы бар аялдардын дээрлик үчтөн бири (31 пайызы) үй-бүлөнүн идеалдуу көлөмүн өздөрүнүн балдарынын чыныгы санынын аз көрсөткөндүгүн күбөлөндүрөт.

Кыргыз Республикасынын аялдары менен эркектери жалпысынан бирдей санда балалуу болгусу келишет. Жалпысынан бардык эркектердин балдарынын идеалдуу санынын орточо мааниси 4.1 баланы, ал эми азыркы учурдагы никеси бар эркектердики 4.4 баланы түзөт. Болжол менен эркектердин бештен экиси (39 пайызы) төрт, 30 пайызы беш же андан көп жана 18 пайызы үч балалуу болууну идеалдуу деп жооп беришти. Аялдардай эле, эркектердин ичинде дагы балдардын чыныгы жана идеалдуу сандарынын ортосунда өз ара жакшы байланыш бар.

6.4-таблицада 15-49 жаштагы аялдардын балдарынын идеалдуу санынын негизги мүнөздөмөлөргө ылайык орточо мааниси көрсөтүлгөн. Балдардын идеалдуу саны аялдардын жаш курагынан көз каранды өсөт. Жаш аялдар (15-29 жаш) төрттөн азыраак балалуу болууну каалашат, ошол эле убакта 30 жана андан улуу жаштагы аялдар төрт же андан көп балалуу болууну каалашат. Үй-бүлөдө балдардын идеалдуу саны айыл жеринде шаар жерине караганда кыйла жогору (4.1 жана 3.5 бала) жана үй чарбасынын жетиштүү жашоосунун өсүшү менен төмөндөйт. Үй-бүлөдөгү балдардын идеалдуу санына карата регионалдык айырмачылыктар Бишкек шаарындагы аялдардын арасындагы 3.3 баладан Ош областындагы аялдардын арасындагы 4.4 балага чейин өзгөрөт. Аялдардын билими менен балдардын идеалдуу санынын ортосундагы байланыш тең мааниде эмес.

6.4-таблица. Балдардын орточо идеалдуу саны

15-49 жаштагы бардык аялдар үчүн балдардын идеалдуу санынын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды орточо мааниси, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Орточо	Аялдардын саны[1]
Жаш курак, жаш		
15-19	3.5	1,504
20-24	3.6	1,482
25-29	3.9	1,241
30-34	4.0	1,008
35-39	4.2	886
40-44	4.2	922
45-49	4.4	884
Жашаган жеринин тиби		
Шаар	3.5	2,987
Айыл	4.1	4,940
Облусу		
Ысык-Көл	4.0	645
Жалал-Абад	4.2	1,284
Нарын	4.2	281
Баткен	4.0	543
Ош	4.4	1,531
Талас	4.3	357
Чүй	3.7	1,454
Бишкек шаары	3.3	1,522
Ош шаары	3.6	310
Эненин билими		
Билими жок/ башталгыч	(3.7)	35
Негизги жалпы	3.7	1,062
Толук орто	4.1	3,329
Башталгыч/орто кесиптик	4.0	1,340
Жогорку	3.6	2,160
Жетиштүү жашоо квинтилдери		
Эң төмөнкү	4.4	1,413
Экинчи	4.2	1,401
Орто	4.1	1,460
Төртүнчү	3.8	1,629
Эң жогорку	3.4	2,024
Бардыгы	3.9	7,927

Эскертүү: Кашаадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгенин көрсөтөт.
[1] Сандык эмес жоопторду көрсөткөн аялдардын саны.

6.4 Төрөттү пландоо

КР МДИ-2012де жыйналган маалыматтар каалоосуз төрөттүн деңгээлин баалоо үчүн пайдаланылышы мүмкүн. Бул маалыматтар түгөйлөрдүн төрөттү көзөмөлдөөгө жөндөмдүү болгон

даражалары жөнүндө айрым маалыматтарды берет. 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдарга төрөт же кош бойлуулук бойго бүтүү учурунда каалоо менен болгондугу (пландаштырылган), кийинкиге кааланган (өз убагында эмес) же каалоосуз (пландаштырылбаган) болгондугун аныктоо үчүн акыркы беш жыл ичинде төрөлгөн ар бир бала жана учурдагы ар бир кош бойлуулук тууралуу суроолор берилди. Бул жыйынтыктарды баалоодо аялдар мурунку каалоосуз төрөтүн же азыркы кош бойлуулугун каалоо менен болгон деп айтып коюулары мүмкүн экендигин баамдай билүү керек жана бул маалыматтар каалоосуз төрөттүн чыныгы масштабына толук баа бербөөгө алып келиши мүмкүн.

6.5-таблица изилдөө алдындагы беш жыл ичиндеги төрөттүн көпчүлүгү бойго бүтүү учурунда каалоо менен болгондугун көрсөтөт (95 пайызы). Төрөттүн 3 пайызы гана өз убагында эмес (кечирээк балалуу болууну каалашкан) жана бир пайызы такыр кааланбаган төрөт болгон. 1997-жылдан баштап олуттуу өзгөрүүлөр болду, акыркы үч жыл ичиндеги төрөттүн 86 пайызы гана бойго бүтүү учурунда каалоо менен болсо, 8 пайызы өз убагында эмес болду, ал эми 5 пайызы такыр кааланган эмес (RIOP [Кыргызская Республика] жана Macro International, Inc, 1998).

6.5-таблица. Бала төрөөнү пландоонун статусу

Изилдөө алдындагы беш жыл ичиндеги (учурдагы кош бойлуулуктарды кошкондо) 15-49 жаштагы аялдардын бала төрөө учурундагы энелердин жаш курагынын жана төрөттүн ырааттуулугунун эсеби менен бала төрөөнү пландоодон көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Төрөттүн ырааттуулугу жана энелердин бала төрөө учурундагы жаш курагы	Төрөттү пландоо				Бардыгы	Бала төрөөлүүлөрдүн саны
	Ошол учурда каалаган	Кечирээк каалаган	Каалаган эмес	Өткөрүлүп жиберилен		
Төрөттүн ырааттуулугу						
1	97.8	1.0	0.1	1.1	100.0	1,560
2	94.2	4.5	0.3	1.0	100.0	1,251
3	94.8	3.8	0.7	0.7	100.0	923
4+	93.4	3.0	3.0	0.6	100.0	898
Эненин төрөт учурундагы жаш курагы						
<20	98.5	1.3	0.0	0.3	100.0	321
20-24	95.8	3.1	0.2	0.9	100.0	1,746
25-29	94.6	3.8	0.4	1.2	100.0	1,296
30-34	95.9	2.4	0.9	0.8	100.0	758
35-39	93.6	1.8	4.2	0.4	100.0	380
40-44	90.8	0.6	6.5	2.1	100.0	129
45-49	*	*	*	*	100.0	2
Бардыгы	95.4	2.9	0.8	0.9	100.0	4,634

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

6.5-таблицада каалоо менен болгон бала төрөөнүн үлүшү өтө көп эмес даражада төмөндөп, ал эми каалоосуз төрөттүн үлүшү төрөттүн иретинин көбөйүү ченеминин эсебинде өсүп жаткандыгы көрсөтүлгөн. Биринчи төрөгөндөрдүн 97 пайызы төрөттүн ирети боюнча төртүнчү же андан жогоркулардын 93 пайызына салыштырмалуу каалоо менен төрөт болду. Каалоосуз төрөттөрдүн үлүшү биринчи төрөт учрунуда анча жогору эмес, б.а. 3% түзсө, төртүнчү жана андан жогору учурда төрөттүн ирети боюнча өсөт.

Энелердин төрөп жаткан учурунда жаш курагы боюнча окшош көрүнүш байкалат. Пландалган төрөттүн үлүшү эң кенже жаш курактык топтогу (<20 жаш) энелердин арасында эң жогору (99 пайызга), андан кийин эненин жаш курагынын өсүүсү менен азайат. 40-44 жаштагы аялдардын арасындагы акыркы беш жыл ичиндеги төрөттүн 91 пайызы каалоо менен болгон, ал эми төрөттүн 7 пайызы каалоосуз болгон.

6.5 КААЛОО МЕНЕН БОЛГОН ТӨРӨТТҮН КОЭФФИЦИЕНТИ

Каалоо менен болгон төрөттүн коэффициенти каалоосуз төрөттүн алдын алууда потенциалдык демографиялык натыйжаны өлчөйт. Ал төрөттүн жалпыланган коэффициентиндей эле окшош жол менен эсептелет, бирок муну менен каалоосуз бала төрөө алым көрсөткүчүнөн (эсептегичтен) алынып салынат. Бала төрөө эгер бойго бүтүү учурунда тирүү балдардын саны

респонденттер аташкан балдардын идеалдуу санына караганда төмөн болсо кааланган төрөт болот. Кааланган жана чыныгы төрөттүн ортосундагы айырмачылык аялдар бала төрөө чөйрөсүндөгү өздөрүнүн максаттарына канчалык ийгиликтүү жете алышаарын көрсөтөт. Бул баалоо аялдардын ою боюнча балдардын идеалдуу саны үй-бүлөдөгү балдардын чыныгы санынан аз экендигин моюндарына албагандыктан төмөндөтүлүшү мүмкүн.

6.6-таблицадагы кааланган төрөттүн жалпыланган көрсөткүчү изилдөө алдындагы үч жыл ичиндеги төрөттүн бардык каалоосуз бала төрөөдөн арылууга болгон деңгээлин көрсөтөт. Жалпысынан, Кыргыз Республикасындагы кааланган төрөттүн жалпыланган коэффициенти 3.4 баланы түзөт, 3.6 баланы түзгөн чыныгы төрөттүн жалпыланган коэффициентине караганда (ТЖК) 0.2ге аз. Бул Кыргыз Республикасындагы аялдардын өздөрү каалаган сандагы балдарга караганда 0.2ге көп баласы бар экендигин билдирет жана төрөттүн жалпыланган коэффициенти (ТЖК) эгерде, бардык каалоосуз бала төрөөлөр алдын ала эскертилсе, 6 пайызга төмөн болмок. Эгерде КР МДИ-1997нин жыйынтыктары менен салыштырсак, анда 2012-жылы төрөттүн кааланган жана чыныгы коэффициенти 1997-жылга караганда жогору болгон (3.1 жана 3.4 бала) (RIOP [Кыргыз Республикасы] жана Macro International, Inc, 1998).

6.6-таблица. Кааланган төрөттүн көрсөткүчтөрү

Изилдөө алдындагы үч жылдык мезгилдеги төрөлүүнүн жалпыланган коэффициенти жана каалоо менен төрөлүүнүн негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды жалпыланган коэффициенти, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Каалоо менен болгон төрөлүүлөрднүн жалпыланган коэффициенти	Төрөлүүнүн жалпыланган коэффициенти
Жашаган жеринин тиби		
Шаар	2.8	3.0
Айыл	3.7	4.0
Облусу		
Ысык-Көл	4.0	4.2
Жалал-Абад	3.7	4.0
Нарын	4.2	4.5
Баткен	4.0	4.4
Ош	3.3	3.7
Талас	4.5	4.8
Чүй	2.9	3.3
Бишкек шаары	2.8	2.9
Ош шаары	2.6	2.7
Эненин билими		
Билими жок/ башталгыч	*	*
Негизги жалпы	3.4	3.7
Толук орто	3.6	4.0
Башталгыч/орто кесиптик	3.7	4.0
Жогорку	3.0	3.2
Жетиштүү жашоо квинтилдери		
Эң төмөнкү	3.6	4.0
Экинчи	3.7	4.1
Орто	3.6	3.9
Төртүнчү	3.7	4.0
Эң жогорку	2.6	2.7
Бардыгы	3.4	3.6

Эскертүү: Коэффициенттер изилдөө алдындагы 1-36 ай ичиндеги 15-49 жаштагы аялдардын бала төрөөлөрүнө эсептелинген. Төрөлүүнүн жалпыланган коэффициентинин окшош көрсөткүчтөрү 5.2-таблицада берилген. * белгиси маалыматтар 125 тен кем эмес аялдарга-жашка негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

Аялдардын ар түрдүү жаш курактык топчолорундагы кааланган жана байкалган төрөлүүлөрүнүн коэффициенттеринин ортосундагы бөлүнүү бирдей мааниде эмес. Шаар жерлеринде, Ысык-Көл облусунда жана Ош, Бишкек шаарларында жашаган аялдар, жетиштүү жашоо деңгээли боюнча эң жогорку квинтилдеги аялдар жана жогорку билими бар аялдар

өздөрүнүн үй-бүлөсүнүн каалаган көлөмүнө жетүүдө эң ийгиликтүү болушат. Бул аялдардагы чыныгы жана кааланган төрөлүүлөрдүн көрсөткүчтөрүнүн ортосундагы айырма 0.1–0.2 баланы түзөт. Тескерисинче, чыныгы жана кааланган төрөлүүлөрдүн көрсөткүчтөрүнүн ортосундагы айырма өлкө боюнча жетиштүү жашоо деңгээли боюнча эң төмөнкү квинтилдеги аялдардын, билим деңгээли төмөн аялдардын жана айылдык аялдардын арасында орточо деңгээлден ашат.

ҮЙ-БҮЛӨНҮ ПЛАНДОО 7

Негизги жыйынтыктар

- Он аялдын тогузунан көбүрөөгү үй-бүлөнү пландоо ыкмаларынын жок дегенде бир түрү тууралуу угушкан.
- Азыркы учурдагы никеси бар аялдардын үчтөн биринен көбү (36 пайызы) контрацепциянын тигил же бул ыкмасын, негизинен заманбап ыкмаларын (34 пайызы) пайдаланышат.
- Контрацепциянын эң жайылган ыкмасы никеси бар аялдардын 22 пайызы пайдаланган жатын ичине коюлуучу спираль (мындан ары – ЖИС) болуп саналат.
- Контрацепциянын кандайдыр бир ыкмасын пайдалангандардын эң төмөнкү деңгээли Чүй облусунда жашаган аялдардын (29 пайыз) арасында, ошол эле убакытта Нарын облусунда жашаган аялдардын (53 пайыз) арасында контрацепциянын кандайдыр бир ыкмасын пайдалангандардын деңгээли эң жогору.
- Никеси бар аялдардын арасындагы контрацепциянын кандайдыр бир ыкмаларын пайдалануунун деңгээли акыркы он беш жыл ичинде КР МДИ-1997нин жыйынтыктары боюнча 60 пайыздан МИКИ-2006нын жыйынтыктары боюнча 48 пайызга чейин, КР МДИ-2012нин жыйынтыктары боюнча 36 пайызга чейин төмөндөдү. Жыйынтыгында, никеси бар аялдардын арасындагы контрацепциянын кандайдыр бир ыкмаларын пайдалануунун деңгээли 1997-жылдан бери 40 пайызга төмөндөдү.
- Контрацепциянын каражаттарын пайдалануунун деңгээлинин төмөндөшү негизинен ЖИСти пайдалануунун 42 пайызга кыскарышынын эсебинен шартталды, 1997-жылы 38 пайыздан 2006-жылдагы 32 пайызга жана 2012-жылдагы 22 пайызга чейин төмөндөгөн.

  Колдонуучуларды контрацепциянын каражаттары менен камсыздоочу негизги булактар колдонуучулардын ондон жетисин тейлеген мамлекеттик сектордун кызматкерлери болуп саналат.

  Азыркы учурда контрацепциянын кандайдыр бир ыкмасын пайдаланган респонденттердин көпчүлүгүнө контрацепциянын негизделген ыкмасын тандоо үчүн зарыл болгон маалыматтар берилди: колдонуучулардын 72 пайызы кошумча таасирлердин же көйгөйлөрдүн мүмкүндүгү жөнүндө маалымат алышкан, 69 пайызы кошумча таасирлер же көйгөйлөр пайда болгон учурларда керектүү аракеттер тууралуу кеңештерди алышкан жана колдонуучулардын 66 пайызы контрацепциянын башка мүмкүн болгон ыкмалары тууралуу маалыматтарды алышкан.
- Никеси бар аялдардын он сегиз пайызын үй-бүлөнү пландоо маселелери канааттандырылган эмес, алардын 12 пайызы кезектеги кош бойлуулукту кийинкиге калтырышкан жана 6 пайызы мындан ары балалуу болууну каалашпайт.

Бул маселелер репродуктивдүү ден-соолук боюнча программаларында практикалык колдонууга ээ. Аялдардын үй-бүлөнү пландоо ыкмалары жөнүндө маалымдуулук маселелерин талкуулоо контрацепция ыкмаларын пайдалануу үчүн эң башкы шарттардын бири тууралуу түшүнүк берет. Контрацепция ыкмаларын пайдалануунун деңгээли, үй-бүлөнү пландоо программаларынын эң даана жана кеңири кабыл алынган ийгиликтин критерийин чагылдырат. Муктаждыктарга карата контрацепция ыкмаларын пайдалануу маселелерин кароо үй-бүлөнү пландоо боюча көрсөтүлгөн тейлөөлөрдүн аракеттерин күчөтүүдө эң муктаж болгон калктын тобун табууга мүмкүндүк берет. Аялдардын көпчүлүгүнүн контрацепциянын жок дегенде бир ыкмасын колдоноорун эске алсак, программанын мындан аркы өнүгүүсүндө контрацепциянын айрым ыкмаларын колдонууга же контрацептивдик каражаттардын белгилүү түрлөрүн ачып үйрөнүүгө байланышкан практикалык маселелер олуттуу тоскоолдуктарды жаратуусу мүмкүн. КР МДИ-2012нин ушул маселелер боюнча жыйынтыктары үй-бүлөнү пландоо тейлөөлөрүн жакшыртуу боюнча маанилүү колдонмо катары кызмат кылышы мүмкүн.

7.1 КОНТРАЦЕПЦИЯНЫН ЫКМАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

КР МДИ-2012де контрацепциянын ыкмаларын пайдалануу жана маалымдуулуктун деңгээли тууралуу маалыматтар жыйналды. Контрацепция ыкмалары жөнүндө аялдардын маалыматы тууралуу маалыматтарды алуу максатында КР МДИнин анкетасындагы контрацепциянын 12 ыкмасынын аталышы жана/же баяндалышы респонденттерге окулуп берилди, андан кийин респонденттерден бул ыкмалардын ар бири жөнүндө угушкандыгы суралды. Мындан тышкары, респонденттерден кош бойлуулукту алдын алуунун башка ыкмаларын угушкандыгы жөнүндө да сурадык. Андан кийин кош бойлуу эмес аялдарга кош бойлуулукту кийинкиге калтыруу же андан арылуу үчүн азыркы учурда колдонгон (же алардын өнөктөштөрү колдонгон) контрацепциянын кандайдыр бир ыкмалары тууралуу суроолор берилди. Контрацепция каражаттарын пайдаланбаган аялдардан жана кош бойлуу аялдардан кандайдыр бир контрацепциянын ыкмаларын качандыр бир кезде пайдалангандыгы суралды.[1] Талдоо максатында контрацепция ыкмалары таблицаларда эки категорияга бөлүндү: заманбап жана салттык. Заманбап ыкмаларга аялдарды жана эркектерди стерилдештирүү, бойго бүтүрбөөчү таблеткалар, ЖИС, инъекциялар, имплантар, эркектердин жана аялдардын презервативтери, лактациялык аменорея ыкмалары (мындан ары - ЛАЫ) жана чукул контрацепциялар кирет. Салттык ыкмаларга ыргактуулук ыкмасы (календарлык ыкма), токтотулган жыныстык катнаш жана башка салттык ыкмалар кирет.

7.1-таблица. Контрацепциянын ыкмалары жөнүндө маалымат берүү

Азыркы учурда никеси бар, никеси жок сексуалдык активдүү, контрацепциянын кандайдыр бир ыкмасы менен кабардар болгон 15-49 жаштагы респонденттердин контрацепциянын белгилүү ыкмаларынан көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Ыкма	Аялдар			Эркектер		
	Бардык аялдар	Азыркы учурда никеси бар аялдар	Никеси жок сексуалдык активдүү аялдар[1]	Бардык эркектер	Азыркы учурда никеси бар эркектер	Никеси жок сексуалдык активдүү эркектер[1]
Кандайдыр бир ыкма	94.5	98.9	100.0	97.6	99.8	100.0
Кандайдыр бир заманбап метод	94.4	98.9	100.0	97.6	99.8	100.0
Аялдар стерилдештирүүсү	42.2	51.5	68.6	27.0	31.7	31.5
Эркектер стерилдештирүүсү	23.7	28.4	63.6	19.8	22.6	25.9
Бойго бүтүрбөөчү таблеткалар	83.8	93.0	93.8	73.6	84.8	86.1
ЖИС	87.1	96.8	94.0	76.9	92.5	82.9
Инъекциялык контрацептивдер	55.2	66.7	66.8	26.0	29.1	34.9
Импланттар	12.9	15.4	33.4	17.2	17.8	24.2
Эркектердин презервативдери	91.9	96.9	97.2	96.8	99.1	99.4
Аялдардын презервативдери	19.5	21.5	53.9	21.5	23.7	30.7
Лактациялык аменорея ыкмасы (ЛАЫ)	22.2	29.7	32.4	4.5	4.4	7.9
Чукул контрацепция	27.7	33.5	53.0	19.8	21.5	38.9
Кандайдыр бир салттык метод	66.6	82.1	88.2	73.1	81.0	90.2
Ыргаактуулук ыкма (календарлык ыкма)	42.2	52.3	60.5	44.4	57.8	51.1
Токтотулган жыныстык катнаш	62.6	77.9	85.7	67.6	74.7	83.9
Башка	1.5	1.9	2.9	0.8	1.1	0.9
Респонденттерге белгилүү ыкмалардын орточо саны,	5.7	6.7	8.1	5.0	5.6	6.0
Респонденттердин саны	8,208	5,256	100	2,413	1,443	216

[1]Акыркы жолу жыныстык катнашта изилдөө жүргүзгөнгө чейинки 30 күн ичинде болгон.

Кыргыз Республикасындагы аялдардын контрацепциянын ыкмалары жөнүндө маалымдуулугу алда канча жогору. Үй-бүлөнү пландоо зарылчылыгына кабылган никеси бар аялдардын дээрлик бардыгы (99 пайыз) контрацепциянын жок дегенде бир ыкмасы менен кабардар

[1]КР МДИ-2012нин анкетасындагы контрацепциянын ыкмалары жөнүндө маалыматтар тууралуу суроолор КР МДИ-1997нин анкетасындагы жогорудагыдай суроолордон айырмаланат. Жалпысынан, 1997-жылы респонденттерден алгач алардын уккан бардык ыкмаларын санап берүүсү суралган. Аялдардын өздөрү тарабынан айтылбаган ыкмаларга карата контрацепциянын тигил же бул ыкмаларынын сүрөттөлүшү окулуп берилди жана респонденттерден бул ыкма тууралуу угушкандыгы суралды. Аялдардын өздөрү тарабынан эсептелинген ар бир ыкма боюнча же сүрөтөлүшү боюнча аларга белгилүү болгон контрацепция ыкмаларын өздөрү качандыр бир кезде ошол ыкманы пайдалангандыгын сурадык. Акырында аялдардан алардын (же алардын өнөктөштөрү) азыркы учурда кандайдыр бир контрацепциянын ыкмасын пайдалангандыктары тууралуу суроолор берилди.

болгон. Бул аялдардын бардыгы кандайдыр бир заманбап ыкма жөнүндө билишет жана никеси бар аялдардын ондон сегизинен көбүрөөгү (82 пайызы) жок эле дегенде бир салттык ыкманы билишет. Контрацепциянын конкреттүү ыкмалары жөнүндө маалымдуулукту кароодо никеси бар аялдардын арасында заманбап ыкмалардын эң белгилүүсү ЖИС жана эркектердин презервативдери болуп саналат (ар бир ыкмага 97 пайыздан), андан кийинки кезекте бойго бүтүрбөөчү таблеткалар (93 пайыз), инъекциялык контрацептивдер (67 пайыз) жана аялдарды стерилдештирүү (52 пайыз). Никеси бар аялдардын арасында башка заманбап ыкмалар көп белгилүү эмес: 22 пайызы аялдардын презервативи жөнүндө угушкан жана 15 пайызы имплантар тууралуу кабардар болушкан. Салттык ыкмаларды алып карасак, анда никеси бар аялдардын 78 пайызы токтотулган жыныстык катнаш, ал эми 52 пайызы календарлык ыкма жөнүндө угушкан.

Респонденттерге белгилүү ыкмалардын орточо саны, үй-бүлөнү пландоо жөнүндө маалымат деңгээли тууралуу болжолдуу көрүнүштү чагылдырат. 7.1-таблицада көрсөтүлгөндөй, орточо эсеп менен Кыргыз Республикасындагы никеси бар аялдар дээрлик жети ыкма (6.7) менен кабардар болушкан.

Кыргыз Республикасындагы аялдардын акыркы 15 жыл ичиндеги контрацепциянын ыкмалары жөнүндө маалымдуулугунун деңгээли никеси бар аялдардын арасында 1997-жылы 100 пайызды жана 2012-жылы 99 пайызды жана жалпы аялдардын санынын ичинен 1997-жылы 97 пайызды 2012-жылы 95 пайызды түзүү менен туруктуу жогорку бойдон калууда: Никеси бар аялдардын ичинде эркектердин презервативдери жана бойго бүтүрбөөчү таблеткалар жөнүндө маалымдуулуктун деңгээли 1997-жылдагы 73 пайыз жана 85 пайыздан, 2012-жылдагы 93 жана 97 пайызга чейин өстү, бирок аялдарды стерилдештирүү жөнүндө маалымдуулуктун деңгээли 1997-жылдагы 59 пайыздан 2012-жылдагы 52 пайызга чейин төмөндөдү. Жалпысынан никеси бар аялдар контрацепциянын ыкмалары жөнүндө орточо эсеп менен 2012-жылдагы 6.7 ыкмага караганда 1997-жылы[2] 5,6 ыкма менен кабардар болушкан (КР ССМнин акушердин иштер жана педиатрия, Макро Интернешнл, 1998).

Никеде турган эркектердин арасында дээрлик 100 пайызы контрацепциянын ыкмалары жок эле дегенде бир ыкмасы жана бир заманбап ыкмасы тууралуу билишет. Никеси бар эркектердин арасында эң белгилүү заманбап ыкма презервативдер (99 пайызы), ЖИС (93 пайызы) жана бойго бүтүрбөөчү таблеткалар (85 пайызы) болуп саналат. ЛАЫ (МЛА) эркектердин арасында эң аз белгилүү ыкма болуп саналат (4 пайызы). Никеси бар эркектердин ондон сегизинен көбүрөөгү (81 пайызы) жок эле дегенде бир салттык ыкманы билишет: 75 пайызы токтотулган жыныстык катнаш жана 58 пайызы календарлык ыкма жөнүндө билишет.

Орточо эсеп менен никеси бар эркектер никеси бар аялдарга караганда бир ыкмага аз билишет (6.7 ыкмага 5.6 ыкма).

7.2 КОНТРАЦЕПЦИЯНЫН ЫКМАЛАРЫН АЗЫРКЫ УЧУРДА КОЛДОНУУ

Контрацепция каражаттарын пайдалануунун азыркы деңгээли репродуктивдүү ден соолукту пландоо программаларынын ийгиликтүүлүгүнүн эң кеңири колдонулган жана баалуу көрсөткүчтөрү болуп саналат. Мындан тышкары, бул маалыматты контрацепциянын ыкмаларын колдонуу менен байланышкан төрөттүн деңгээлинин төмөндөшүн баалоо үчүн пайдаланууга болот.

Контрацепция ыкмаларын азыркы учурда колдонуу жөнүндө маалыматтарды алуу максатында изилдөө жүргүзүү учурундагы кош бойлуу эмес КР МДИдеги бардык аял-респонденттерден алардын (же алардын өнөктөштөрү) азыркы учурда контрацепциянын кандайдыр бир ыкмасын колдонгондугу тууралуу суралды. 7.2-таблицада бардык аялдардан жана никеси бар

[2] КР МДИ-1997ни жүргүзүүдө респонденттерге эркектер презервативдери, «лактациялык аменорея ыкмасы», аялдар презервативдери, имплантык жана чукул контрацепциялар жөнүндө конкреттүү суроолор берилген эмес.

аялдардын контрацепциянын ыкмаларын учурда колдонуусунун жаш курактан көз каранды болгон деңгээли көрсөтүлгөн. КР МДИ-2012ни жүргүзүүдө никеси бар аялдардын үчтөн биринен көбүрөөгү (36 пайызы) азыркы учурда контрацепциянын кандайдыр бир ыкмасын колдонгондугу аныкталды. Колдонуучулардын көпчүлүгү заманбап кандайдыр бир ыкмаларды колдонушат, 3 пайызы гана салттык ыкманы колдонушат. Контрацепциянын эң тараган ыкмасы никеси бар аялдардын 22 пайызы пайдаланган ЖИС болуп саналат. Демек, контрацепция каражаттарын пайдаланган аялдардын үчтөн экиси ЖИСти колдонот. Эркектердин презервативдерин никеси бар аялдардын 8 пайызы колдонот. Бойго бүтүрбөөчү таблеткаларды жана токтотулган жыныстык катнаш ыкмасын колдонгон аялдарды стерилдештирүүгө токтолсок, анда алардын ар бирин никеси бар аялдардын эки пайызы колдонушат. Аялдардын бир пайыздан азыраагы инъекциялык контрацептивдерди, ЛАЫ же календарлык ыкманы колдонору тууралуу маалымдашкан.

7.2-таблицада контрацепциянын ыкмаларын учурда колдонуу жаш курактан көз каранды өзгөргөндүгү көрсөтүлгөн. Жыйынтыктар жаш өзгөчөлүгүнө жараша никеси бар аялдар арасында контрацепциянын ыкмаларын пайдалануунун кайтарылган U-түрдөгү кыйыр таралуусуна дал клет. Контрацепциянын ыкмаларын колдонуунун деңгээли жаш аялдар арасында төмөн (себеби үй-бүлө түзүүнүн эрте баскычында болгондуктан), ошондой эле улуу жаш курактагы аялдардын арасында (алардын кээ бирөө балалуу боло алышпайт) орто жаш курактагы аялдарга караганда төмөн. Контрацепциянын ыкмаларын колдонуунун деңгээли 20 жаштан жаш никеси бар аялдарда бир кыйла төмөн, бирок жаш курактын өсүүсү менен кескин өсөт, 30-34 жаштагы аялдардын арасында эң жогорку чекке (50 пайызы) жетүү менен, 45-49 жаш курактагы аялдардын арасындагы 30 пайызга чейин төмөндөйт. Бардык жаш курактагы топтордо контрацепциянын эң көп колдонулган ыкмасы ЖИС болуп саналат. 30-34 жаштагы аялдардын 10 пайызы эркектердин презервативдерин пайдаланышарын айтышкан.

7.2-таблица. Жаш өзгөчөлүгүнө жараша контрацепциянын ыкмаларын азыркы учурда колдонуу

15-49 жаш курактагы бардык аялдардын жана азыркы учурда никеси бар аялдардын контрацепциянын ыкмаларын учурда колдонуусуна ылайык жаш курактан көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Жаш курак	Ыкманын бир түрү	Заманбап ыкманын бир түрү	Заманбап ыкма								Салттык ыкманын бир түрү	Салттык ыкма			Азыркы учурда колдонуш-пайт	Бардыгы	Аялдар-дын саны
			Аялдар стерили-зациясы	Бойго бүтүр-бөөчү таблетка-лар	ЖИС	Инъекция-лык контра-цептив-дер	Эркектер-дин презерва-тивдери	Көбүк/желе/диафраг-ма	ЛАЫ	Башка		Ыргаактуулук ыкмасы/ календар-лык ыкма	Токтотул-ган жыныстык катнаш ыкмасы	Башка			
Бардык аялдар																	
15-19	0.6	0.6	0.0	0.0	0.2	0.0	0.3	0.0	0.1	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	99.4	100.0	1,637
20-24	14.1	12.8	0.0	0.9	6.5	0.0	5.2	0.1	0.1	0.0	1.3	0.0	1.3	0.0	85.9	100.0	1,527
25-29	27.4	26.0	0.0	2.0	14.5	0.2	8.6	0.0	0.6	0.1	1.3	0.0	1.3	0.0	72.6	100.0	1,265
30-34	44.0	41.8	2.0	1.6	27.5	0.9	9.8	0.0	0.0	0.0	2.2	0.0	2.2	0.0	56.0	100.0	1,028
35-39	42.1	37.7	1.9	1.6	26.0	0.8	7.4	0.0	0.1	0.0	4.3	0.4	3.7	0.2	57.9	100.0	915
40-44	39.9	36.7	3.3	1.4	27.5	0.5	4.0	0.0	0.1	0.0	3.2	0.5	2.6	0.1	60.1	100.0	928
45-49	24.7	23.2	2.6	0.5	15.1	0.3	4.4	0.0	0.0	0.2	1.5	0.3	1.2	0.0	75.3	100.0	908
Бардыгы	24.4	22.7	1.1	1.1	14.6	0.3	5.3	0.0	0.1	0.0	1.7	0.2	1.5	0.0	75.6	100.0	8,208
Азыркы учурда никеси бар аялдар																	
15-19	5.2	5.2	0.0	0.5	2.4	0.0	1.5	0.0	0.7	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	94.8	100.0	158
20-24	21.8	19.5	0.0	1.0	10.6	0.1	7.6	0.1	0.2	0.0	2.3	0.1	2.2	0.0	78.2	100.0	896
25-29	30.9	29.6	0.0	2.1	16.7	0.2	9.6	0.0	0.7	0.2	1.3	0.1	1.3	0.0	69.1	100.0	1,061
30-34	49.5	46.9	1.6	1.9	31.9	1.0	10.4	0.0	0.1	0.0	2.6	0.0	2.6	0.0	50.5	100.0	867
35-39	47.2	42.2	2.2	1.8	29.4	0.9	7.8	0.0	0.1	0.0	5.0	0.5	4.2	0.2	52.8	100.0	801
40-44	46.4	42.8	3.7	1.7	31.9	0.6	4.9	0.0	0.1	0.0	3.6	0.6	2.9	0.1	53.6	100.0	758
45-49	30.4	28.5	3.3	0.7	18.6	0.4	5.5	0.0	0.0	0.0	2.0	0.4	1.5	0.0	69.6	100.0	716
Бардыгы	36.3	33.7	1.6	1.5	22.1	0.5	7.7	0.0	0.2	0.0	2.6	0.2	2.3	0.1	63.7	100.0	5,256

Эскертүү: Эгерде бир методдон көбүрөөк айтылса, анда бул таблицада эң натыйжалуусу каралат.

ЛАЫ = Лактациялык аменорея ыкмасы

7.3. Негизги мүнөздөмөлөрүнө жараша контрацепциянын ыкмаларын азыркы учурда колдонуу

7.3-таблицада азыркы учурда никеси бар эркектердин арасында контрацепциянын ыкмаларынын негизги мүнөздөмөлөрнө жараша азыркы учурда колдонулушу берилген. Таблица калктын негизги топторундагы контрацепциянын ыкмаларын учурда колдонуунун деңгээлин салыштырууга мүмкүндүк берет. Таблицадан ар түрдүү топтордогу контрацепциянын ыкмаларын азыркы учурда колдонгон респонденттердин арасындагы комбинациясындагы айырмачылыктарды көрүүгө болот.

Контрацепциянын ыкмаларын колдонуунун деңгээлинин өзгөрүүсүнүн балдардын санынан көз каранды анализи Кыргыз Республикасындагы аялдардын өтө аз саны (2 пайызы) жок дегенде бир балалуу болгонго чейин контрацепциянын каражаттарын колдонбостугун күбөлөндүрөт. Контрацепциянын ыкмаларын колдонуунун деңгээли аялдардын экиден көбүрөөк балалуу болмоюнча төмөн бойдон кала берет, 3-4 балалуу аялдардын контрацепциянын ыкмаларын азыркы учурда колдонуулары 47 пайызды түзөт, бул 1-2 балалуу аялдарга (32 пайызы) караганда бир кыйла жогору. Контрацепциянын ыкмаларын колдонуунун деңгээли 5 же андан көп баласы бар аялдарда бир аз (43 пайызга чейин) төмөндөйт.

Шаарда же айылда жашаган никеси бар аялдарда контрацепциянын ыкмаларын колдонуу айырмачылыктары көп эмес (39 жана 35 пайыз). Чүй облусунда жашаган никеси бар аялдар контрацепциянын кандайдыр бир ыкмаларын эң аз пайдаланышат (29 пайыз), ал эми Нарын облусундагы аялдар каалаган бир ыкманы пайдалануда эң жогорку көрсөткүчкө ээ (53 пайызы). Жогоруда айтылгандай, контрацепциянын ыкмаларын колдонуунун деңгээли билимдин деңгээли менен бирге өсөт. Жогорку билимдүү аялдар контрацепциянын кандайдыр бир ыкмаларын бүтө элек орто билими бар аялдарга караганда көп колдонушат (38 жана 39 пайызга 28 пайыз). Контрацепциянын кандайдыр бир ыкмасын колдонуунун деңгээлиндеги жетиштүү жашоо деңгээлинен көз каранды олуттуу айырмачылыктар байкалган жок.

Контрацепция айрым ыкмаларын колдонуу түзүмүндө бардык жаш курактык топтордогу айкалыштырылган ыкмаларын колдонуу учурларында, балалуу боло элек никеси бар аялдардын эң көп колдонгон эркектер презервативдерин кошпогондо, ЖИСти колдонуу басымдуулук кылат. Экинчиден, бардык топтордогу эң көп таралган ыкма эркектердин презервативдерди пайдалануусу болуп саналат.

7.3-таблица. Негизги мүнөздөмөлөрүнө көз каранды болгон контрацепциянын ыкмаларын азыркы учурда колдонуу

15-49 жаштагы азыркы учурда никеси бар аялдардын азыркы учурда колдонгон контрацепциянын ыкмасына ылайык негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Ыкманын бир түрү	Заманбап ыкманын бир түрү	Заманбап ыкма								Салттык ыкманын каалаган бир түрү	Салттык ыкма			Азыркы учурда пайдаланышпайт	Бардыгы	Аялдардын саны
			Аялдар стерилизациясы	Бойго бүтүрбөөчү таблеткалар	ЖИС	Инъекциялык контрацептивдер	Эркектердин презервативдери	Көбүк/желе/диафрагма	ЛАЫ	Башка		Ыргаактуулук ыкмасы/календарлык ыкмасы	Токтотулган жыныстык катнаш ыкмасы	Башка			
Балдардын саны																	
0	2.2	2.2	0.5	0.2	0.0	0.0	1.6	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	97.8	100.0	444
1-2	31.8	28.8	0.8	1.7	17.1	0.1	8.8	0.1	0.2	0.1	3.0	0.3	2.7	0.1	68.2	100.0	2,243
3-4	46.8	43.8	2.0	1.7	30.7	0.7	8.4	0.0	0.3	0.0	3.0	0.2	2.7	0.0	53.2	100.0	2,037
5+	43.3	41.5	4.2	1.3	28.7	2.0	5.3	0.0	0.1	0.0	1.7	0.5	1.3	0.0	56.7	100.0	532
Жашаган жеринин тиби																	
Шаар	38.9	34.2	1.6	1.6	20.5	0.1	10.4	0.0	0.1	0.0	4.6	0.4	4.1	0.1	61.1	100.0	1,684
Айыл	35.1	33.4	1.6	1.5	22.9	0.7	6.3	0.0	0.3	0.1	1.7	0.2	1.5	0.0	64.9	100.0	3,572
Облусу																	
Ысык-Көл	37.7	36.7	1.3	1.9	27.5	0.1	5.2	0.0	0.5	0.0	1.0	0.3	0.5	0.2	62.3	100.0	468
Жалал-Абад	37.5	34.5	0.8	1.0	22.6	0.8	9.0	0.0	0.4	0.0	3.1	0.4	2.7	0.0	62.5	100.0	942
Нарын	53.2	53.2	2.3	2.8	43.2	0.0	4.9	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	46.8	100.0	209
Баткен	33.3	28.6	1.5	1.2	14.9	1.5	8.9	0.0	0.6	0.0	4.7	0.5	4.2	0.0	66.7	100.0	444
Ош	31.8	30.5	2.7	1.1	21.4	1.1	4.3	0.0	0.0	0.0	1.3	0.0	1.3	0.0	68.2	100.0	1,049
Талас	46.7	45.5	3.3	2.6	33.1	0.2	5.3	0.0	1.0	0.0	1.3	0.3	1.0	0.0	53.3	100.0	272
Чүй	29.4	27.8	1.2	1.8	15.7	0.0	8.8	0.1	0.0	0.2	1.6	0.0	1.6	0.0	70.6	100.0	937
Бишкек шаары	42.9	36.6	1.0	1.4	21.8	0.0	12.4	0.0	0.0	0.0	6.3	0.5	5.6	0.2	57.1	100.0	750
Ош шаары	33.0	31.0	1.7	2.9	21.4	0.0	5.0	0.0	0.0	0.0	2.0	0.6	1.5	0.0	67.0	100.0	184
Билими																	
Билими жок/ башталгыч	*	*	*	*	*	*	*	0.0	*	0.0	*	*	*	*	*	*	17
Негизги жалпы	28.0	26.9	0.9	0.9	17.4	1.2	6.4	0.0	0.0	0.0	1.1	0.0	1.1	0.0	72.0	100.0	470
Толук орто	36.2	33.9	1.7	1.5	24.2	0.4	5.8	0.0	0.2	0.0	2.3	0.1	2.2	0.0	63.8	100.0	2,442
Башталгыч/орто кесиптик	39.1	36.7	2.1	1.5	24.1	0.4	7.8	0.0	0.5	0.2	2.4	0.4	1.7	0.3	60.9	100.0	967
Жогорку	37.7	33.8	1.2	1.8	18.7	0.5	11.3	0.1	0.1	0.0	3.9	0.6	3.4	0.0	62.3	100.0	1,360
Жетиштүү жашоо квинтилдери																	
Эң төмөнкү	37.8	36.4	1.9	2.0	27.1	0.9	4.3	0.0	0.3	0.0	1.4	0.1	1.4	0.0	62.2	100.0	1,016
Экинчи	37.0	35.2	2.3	1.5	23.6	0.6	7.0	0.0	0.2	0.0	1.8	0.4	1.4	0.0	63.0	100.0	1,044
Орто	34.9	32.6	1.3	1.5	20.8	0.8	8.0	0.0	0.3	0.0	2.2	0.2	2.1	0.0	65.1	100.0	1,081
Төртүнчү	32.4	30.5	1.4	1.2	19.9	0.1	7.3	0.1	0.2	0.2	2.0	0.1	1.8	0.1	67.6	100.0	1,110
Эң жогорку	39.8	34.0	1.2	1.5	19.4	0.1	11.8	0.0	0.0	0.0	5.8	0.6	5.1	0.2	60.2	100.0	1,004
Бардыгы	36.3	33.7	1.6	1.5	22.1	0.5	7.7	0.0	0.2	0.0	2.6	0.2	2.3	0.1	63.7	100.0	5,256

Эскертүү: Эгерде бир методдон көбүрөөк айтылса, анда бул таблицада эң натыйжалуусу каралат.

* белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

ЛАЫ = Лактациялык аменорея ыкмасы

7.4 КОНТРАЦЕПЦИЯНЫН ЫКМАЛАРЫН АЗЫРКЫ УЧУРДА КОЛДОНУУНУН ТЕНДЕНЦИЯСЫ

Кыргыз Республикасындагы контрацепциянын ыкмаларын колдонуунун азыркы учурда тенденциясы жөнүндө маалыматтарды алуу максатында КР МДИ-2012 жыйынтыктарын МИКИ-2006 жана КР МДИ-1997нин маалыматтары менен салыштырууга болот. 7.4-таблицада жана 7.1-графикте никеси бар аялдардын арасында акыркы он беш жыл ичинде контрацепцияны пайдалануунун деңгээли бир кыйла төмөндөгөнү көрсөтүлгөн: КР МДИ-1997деги 60 пайыздан МИКИ-2006деги 48, КР МДИ-2012деги 36 пайызга чейин (40- пайыздык төмөндөө).

Контрацепциянын ыкмаларын пайдалануунун деңгээлинин төмөндөшү негизинен контрацепциянын заманбап ыкмаларынын 31 пайызга кыскарышы менен шартталат (1997-ж. - 49 пайыз, 2006-ж. - 46 пайыз жана 2012-ж. - 34 пайыз). ЖИСти пайдалануунун олуттуу төмөндөшү байкалат; ЖИСти пайдаланган аялдардын үлүшү 1997-жылдагы 38 пайыздан 2006-жылдагы 32 жана 2012-жылдагы 22 пайызга чейин кыскарган. Ошондой эле контрацепциянын салттык ыкмаларын пайдалангандардын үлүшү да төмөндөгөн: 1997-жылдагы 11 пайыздан 2012-жылдагы 3 пайызга чейин, ал эми жыныстык катнашты токтотуу ыкмасын пайдалангандар 1997-жылдагы 6 пайыздан 2012-жылдагы 2 пайызга чейин төмөндөгөн. Бойго бүтүрбөөчү таблеткаларды пайдалангандардын үлүшү 1997-жылдан 2006-жылга карай мезгилде 2 пайыздан 5 пайызга чейин өстү, бирок андан кийин 2012-жылдагы 2 пайызга чейин төмөндөдү (НИИ акушерства и педиатрии МЗ КР жана Макро Интернешнл, 1998; НСК, 2007).

7.4-таблица. Контрацепциянын ыкмаларын азыркы учурда колдонуунун тенденциясы

15-49 жаштагы азыркы учурда никеси бар аялдардын азыркы учурда колдонгон контрацепциясынын ыкмаларына ылайык бир нече текшерүүлөрдүн жыйынтыктарынан көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 1997, 2006, 2012

Ыкма	КР МДИ 1997	МИКИ 2006	КР МДИ 2012
Ыкманын бир түрү	59.5	47.8	36.3
Заманбап ыкманын бир түрү	48.9	45.5	33.7
Аялдар стерилдештирүүсү	1.8	0.9	1.6
Бойго бүтүрбөөчү таблеткалар	1.7	5.1	1.5
ЖИС	38.2	32.0	22.1
Инъекциялык контрацептивдер	1.3	1.2	0.5
Эркектердин презервативдери	5.7	5.8	7.7
Аялдардын презервативдери	н/д	0.1	0.0
ЛАЫ[1]	н/д	0.3	0.2
Диафрагма/көбүк/желе	0.0	0.3	0.0
Салттык ыкманын бир түрү	10.7	2.3	2.6
Ыргактуулук ыкмасы/календарлык ыкма[2]	3.2	0.7	0.2
Токтотулган жыныстык катнаш	6.0	0.5	2.3
Салттык ыкманын башка түрлөрү	1.5	0.8	0.1
Азыркы учурда контрацепциянын ыкмаларын пайдаланышпайт	40.5	52.2	63.7
Бардыгы	100.0	100.0	100.0
Аялдардын саны	2,675	4,195	5,256

Эскертүү: Эгерде бир методдон көбүрөөк айтылса, анда бул таблицада эң натыйжалуусу каралат.
м/ж = маалыматтар жок
[1] МИКИ-2006 изилдөөлөрүндө ЛАЫ салттык ыкма катары эсептелген.
[2] КР МДИ-1997 жана МИКИ-2006дагы ыкмалардын аталыштары – мезгилдик карануу.

7.1-график

Никеси бар аялдардын контрацепциянын ыкмаларын азыркы учурда колдонуусунун тенденциясы, Кыргызстан, 1997, 2006, 2012



Контрацепциянын ыкмаларын, жалпысынан, ЖИСти колдонуудагы мындай айырмачылыктардын себептери изилдөөлөрдүн ортосунда так эмес. Коэффициенттердеги айырмачылыктар орус жана европалык этникалык топтордун өкүлдөрүнүн үзгүлтүксүз агымы менен түшүндүрүлөт. Калктын бул топтогу өкүлдөрү контрацепциянын ыкмаларын эң көп пайдаланышат (НИИ акушерства и педиатрии МЗ КР жана Макро Интернешнл, 1998). 1997-жылы орус улутундагы никеси бар аялдардын (72 пайыз) контрацепциянын кандайдыр бир ыкмасын колдонгондугу кыргыз улутундагы аялдардын көрсөткүчтөрүнөн (56 пайыз) ашканы менен 1997-жылы этникалык кыргыз улутундагы аялдардын арасында ЖИСти пайдалануу (39 пайыз) 2012-жылдагы бардык никеси бар аялдардын көрсөткүчтөрүнөн жогору болду (22 пайыз), бул орус улутундагы аялдардын эмиграциясы контрацептивдерди пайдалануунун деңгээлинин төмөндөшүнүн бирден бир себеби болуп саналбагандыгын күбөлөндүрөт (НИИ акушерства и педиатрии Минздрав КР жана Макро Интернешнл, 1998). Тенденциянын себептеринин толук анализи бул отчеттун чегинде каралбады, бирок бул аялдардын контрацепциянын каражаттарын колдонууга аз кызыгып калышты дегенге жатпайт. Мисалы, 2012-жылы контрацептивдерди колдонбогон никеси бар аялдар келечекте да контрацептивдерди такыр колдонбой тургандыктарынын ыктымалдуулугу, 1997-жылы контрацептивдерди пайдаланышпаган аялдардын үлүшү эң жогору болгон (7.10-бөлүм). Мисалы, 2012-жылы контрацептивдерди колдонбогондугу мүмкүн болгон никелүү аялдар келечекте да аны такыр колдонбостугун айта алышаар эле. Ошондой эле, жогоруда айтылгандай, 2012-жылы 15 жаштан 49 жашка чейинки никеси бар аялдар жок дегенде бир балалуу болмоюнча контрацептивдерди колдонбоо ыктымалдуулугун белгилей кетүү керек. 1997-жылы никеси бар төрөй элек аялдардын 20 пайызы, ошондой эле 2012-жылы балалуу боло элек аялдардын 2 пайызы гана контрацепциянын ыкмаларын пайдаланышты (НИИ акушерства и педиатрии МЗ КР жана Макро Интернешнл, 1998).

Мурунку Советтер Союзунун башка өлкөлөрүндө жүргүзүлгөн акыркы медициналык-демографиялык изилдөөлөрдүн маалыматтары менен салыштырганда, Кыргыз Республикасындагы 15 жаштан 49 жашка чейинки никеси бар аялдардын контрацепциянын заманбап ыкмаларын пайдалануусу Тажикистан, Армения жана Азербайжан мамлекеттерине караганда жогору (34 пайыз), бирок Молдова жана Украина мамлекеттеринен төмөн. Контрацепциянын заманбап ыкмаларын пайдалануу боюнча тийиштүү көрсөткүчтөр төмөнкүлөр менен мүнөздөлдү: Тажикстан МДИ-2012де 26 пайыз, Армения МДИ-2010до 27 пайыз, Азербайжан МДИ-2006да 14 пайыз, Молдова МДИ-2006да 44 пайыз жана Украина МДИ-2007де 48 пайыз (СА/МЗ [Тажикстан] жана ICF Интернешнл, 2012; НСС, МЗ [Армения], жана ICF Интернешнл, 2012; ГСК [Азербайджан] жана Макро, 2008; НЦПМ [Молдова] жана ОРС Макро, 2006; УЦСР [Украина], 2008). Кыргызстандагы салттык ыкманы пайдаланган никеси бар аялдардын пайызы (3 пайыз) Азербайжан, Армения, Молдова жана Украинанын маалыматтары менен салыштырмалуу (37 пайыз, 28 пайыз, 24 пайыз жана 19 пайыз) төмөн, бирок бул көрсөткүч коңшу Тажикстан мамлекетиндеги көрсөткүч (2 пайыз) менен бирдей.

7.5 Контрацепциянын заманбап ыкмаларынын булактары жана социалдык маркетингдин фирмалык таблеткаларын пайдалануу

7.5-таблицада контрацепциянын ар түрдүү ыкмаларын колдонуучулардын арасындагы контрацепциянын негизги булактары берилген. Бул маалыматтар репродуктивдүү саламаттык боюнча программанын логистикасына жооп берүүчү менеджерлер үчүн абдан пайдалуу болот.

7.5-таблицада берилген жыйынтыктар Кыргыз Республикасындагы контрацепциянын пайдаланылган ыкмаларынын көпчүлүгүнүн негизги булактары мамлекеттик мекемелер болуп саналаарын көрсөтөт. Контрацепциянын заманбап ыкмаларын азыркы учурда пайдалангандардын ондон жетисине жакыны (71 пайызы) мамлекеттик сектор мекемелериндеги тейлөөлөрүн пайдаланышат. Мамлекеттик сектордогу контрацепция каражаттарынын негизги булактары үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу (азыркы учурда пайдалануучулардын 30 пайызына кызмат көрсөтүшөт), төрөт үйлөрү жана мамлекеттик ооруканалар (булардын ар бири 14 пайыздан азыркы учурда пайдалануучуларга кызмат көрсөткөндөр), ошондой эле фельдшердик-акушердик пункттар (ФАП) (азыркы учурда пайдалануучулардын 9 пайызына кызмат көрсөтүшөт) болуп саналат.

Пайдалануучулардын 24 пайызына кызмат көрсөткөн контрацепция каражаттарынын негизги булактары дарыканалар болуп саналат. Жеке клиникалар пайдалануучулардын 3 пайызына кызмат көрсөтүшөт.

Контрацепциянын конкреттүү ыкмалары тууралуу айтсак, анда ЖИСти жана аялдардын стерилдештирүүсү пайдалангандардын дээрлик бардыгы бул тейлөөлөрдү мамлекеттик сектор мекемелеринен алышат (92 жана 91 пайыз). ЖИСти пайдалануучулар кызмат көрсөтүүлөрдү көбүнчө үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунан (41 пайыз), мамлекеттик ооруканалардан (18 пайыз), төрөт үйлөрүнөн (17 пайыз) жана ФАПтан (11 пайыз) алышат. Аялдарды стерилдештирүү ыкмасы боюнча кызматтарды көрсөткөн негизги мекмелер төрөт үйлөрү (57 пайыз) жана мамлекеттик ооруканалар (26 пайыз) болуп саналат. Бойго бүтүрбөөчү таблеткаларды пайдаланган аялдардын көпчүлүгү бул кызмат көрсөтүүлөрдү жеке секторлордон, негизинен, дарыканалардан (53 пайыз) алышат. Бойго бүтүрбөөчү таблеткаларды пайдалангандардын ондон төртүнө жакыны (41 пайызы) мамлекеттик сектордун кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдаланышат, анын ичинде 22 пайызы үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун жана 13 пайызы ФАПтын тейлөөлөрүнөн пайдаланышат. Эркектердин презервативдерин пайдалангандардын ондон сегизинен көбүрөөгү (81 пайызы) аны дарыканалардан сатып алышат.

Мамлекеттик мекемелер контрацепция каражаттарынын негизги ташуучусу болгону менен акыркы он беш жылда контрацепциянын заманбап ыкмаларын көрсөткөн тейлөөлөрдүн булактары мамлекеттик сектордон жеке секторго өтүшү байкалат. Жеке медициналык булактарга тиешелүү болгон азыркы учурдагы пайдалануучулардын үлүшү 1997-жылдагы бир пайыздан кем эместен 2012-жылдагы 27 пайызга чейин өстү. Контрацепциянын заманбап ыкмаларын көрсөткөн мамлекеттик секторлордун тейлөөлөрүн пайдалануу 1997-жылдагы 97 пайыздан 2012-жылдагы 71 пайызга чейин төмөндөдү. Бул айырма, негизинен, контрацепциянын заманбап ыкмаларын көрсөткөн тейлөөлөрдүн мамлекеттик дарыканалардан жеке секторго өтүүсү менен түшүндүрүлөт (1997-жылдагы бир пайыздан азыраактан 2012-жылдагы 24 пайызга чейин). Эгерде 1997-жылы пайдалануучуларга жеке дарыканалар тарабынан бойго бүтүрбөөчү таблеткалар такыр берилбесе жана презервативтердин 4 пайызы гана берилсе, анда 2012-жылы аларга 53 пайыз таблеткалар жана 81 пайыз презервативдер берилген. 1997-жылы мамлекеттик дарыканалар тарабынан 46 пайыз бойго бүтүрбөөчү таблеткалар жана 75 пайыз презервативдер берилген. КР МДИ-2012нин анкетасындагы мамлекеттик сектор бөлүмүнө дарыканалардын санынын аздыгынан улам мамлекеттик дарыканалар киргизилбегендигин белгилей кетсек болот.

7.5-таблица. Контрацепциянын заманбап ыкмаларынын булактары

15-49 жаштагы контрацепциянын заманбап ыкмаларын колдонгон колдонуучулардын акыркы сатып алган/алган булагы боюнча конкреттүү ыкмадан көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Булак	Аялдар стерилдештирүүсү	Бойго бүтүрбөөчү таблеткалар	ЖИС	Эркектердин презервативдери	Бардыгы
Мамлекеттик сектор	90.7	41.3	92.4	12.3	70.8
Мамлекеттик ооруканалар	25.8	2.7	18.1	1.5	13.7
Төрөт үйлөрү	56.5	1.1	17.1	0.3	14.2
Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу	2.8	21.8	40.5	6.4	29.6
ФАПтар[1]	2.3	12.8	11.2	3.8	9.2
Үй-бүлөлүк медицина борбору	2.7	2.2	4.2	0.1	3.1
Репродуктивдүү саламаттык борбору	0.0	0.0	0.5	0.2	0.4
"Нике жана үй-бүлө" борбору	0.0	0.7	0.4	0.0	0.3
Диагностикалык борбор	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0
Жалпы дарыгерлик практика борбору	0.0	0.0	0.3	0.0	0.2
Иммуно-профилактикалык борбор	0.7	0.0	0.0	0.0	0.0
КИЖС борбору	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0
Саламаттыкты чыңдоо борбору	0.0	0.0	0.1	0.0	0.0
Жеке медициналык борбор	1.8	56.5	7.3	80.9	26.8
Жеке клиникалар	1.8	3.1	4.3	0.0	3.0
Дарыгерлердин жеке кабинеттери	0.0	0.0	0.4	0.0	0.3
Аптекалар	0.0	53.4	2.6	80.9	23.5
Башкалар	0.0	0.0	0.0	0.0	0.1
Башка булактар	0.0	2.2	0.0	5.5	1.4
Дүкөн/базар	0.0	2.2	0.0	4.4	1.2
Дос/тууган	0.0	0.0	0.0	1.1	0.3
Башкалар	0.0	0.0	0.0	0.1	0.0
Жок	7.5	0.0	0.3	1.1	0.9
Бардыгы	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0
Аялдардын саны	93	88	1,199	438	1,845

Эскертүү: "Бардыгы" графасы башка заманбап ыкмаларды камтыйт, бирок лактациялык аменорея ыкмасын (ЛАЫ) кошулбайт.
[1]ФАП = фельдшердик-акушердик пункт. Фельдшер – акушердик жана оорулууларга кам көрүү боюнча окуудан өткөн дарыгердин жардамчысы. Фельдшерлерге базалык дарылоо жана чектелген сандагы дарыларды жазып берүү тейлөөлөрүн көрсөтүүгө уруксат берилет.

КР МДИ-2012ни жүргүзүүдө бойго бүтүрбөөчү таблеткаларды пайдалануучуларга социалдык маркетингдин фирмалык таблеткаларын пайдалануу тууралуу суроолор берилди. Жалпысынан, бойго бүтүрбөөчү таблеткаларды пайдалануучулардын 33 пайызы “Микролют”, жана “Диане-35” аттуу социалдык маркетингдин таблеткаларын пайдаланышарын айтышкан (бойго бүтүрбөөчү таблеткаларды пайдалануучулардын санынын аздыгынан улам маалыматтар берилген жок). “Микрогинон” таблеткаларын пайдалангандардын үлүшү 1997-жылдан бери өзгөргөн жок, ал кезде бул таблетканы аялдардын 12 пайызы колдонушкан (2012-жылы 11 пайыз), ал эми “Диане-35” таблеткаларын пайдалангандардын саны 1997-жылдагы бир пайыздан 2012-жылдагы 11 пайызга чейин өстү (НИИ акушерства и педиатрии МЗ КР жана Макро Интернешнл, 1998).

7.6 Туура тандоо

Контрацепциянын ыкмаларын туура тандоо репродуктивдүү саламаттык боюнча эффективдүү программалардын негизги компоненти болуп саналат. Үй-бүлөнү пландоо маселелери боюнча тейлөөлөрдү көрсөткөндөр колдонуучуларга контрацепциянын ыкмаларынын потенциалдуу таасирдүү натыйжалары жана мындай натыйжалар жаралган учурдагы зарыл чаралар жөнүндө маалымат берүүлөрү керек. Колдонуучулар контрацепциянын көрсөтүлүүчү ыкмаларынын бар ассортименттери тууралуу да билүүлөрү керек. Бул маалыматтар пайдалануучуларга кошумча таасирлердин пайда болушун кыскартууга, ошондой эле контрацепциянын убактылуу ыкмаларын пайдаланууга жардам берет.

Контрацепциянын ыкмаларын азыркы учурда колдонуучуларга үй-бүлөнү пландоо боюнча адистердин туура тандоо үчүн зарыл болгон тигил же бул ыкмалары тууралуу маалыматтарды беришкендигин аныктоо үчүн бир катар суроолор берилди. Колдонуучулардан адистердин контрацепциянын тигил же бул ыкмасын колдонгондо пайда боло турган мүмкүн болгон кошумча натыйжалар же көйгөйлөр, контрацепциянын колдонууга мүмкүн болгон башка ыкмалары жөнүндө маалымдагандыктары тууралуу суроолор берилди. Маселелер колдонуучулар менен контрацепциянын ыкмаларын азыркы учурда пайдалана баштаганда кеңеш алышкан адистер менен өз ара байланышынын тажрыйбасына тиешелүү болду. 7.6-таблица изилдөө жүргүзгөнгө чейинки акыркы он беш жыл ичинде контрацепциянын ыкмаларын азыркы учурда колдонгон колдонуучулардан алынган туура тандоонун үч аспектиси жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

7.6-таблица. Туура тандоо

15-49 жаштагы контрацепциянын ыкмаларын азыркы учурда колдонуучулардын арасындагы акыркы ыкманы изилдөө жүргүзгөнгө чейинки беш жыл ичинде колдоно баштаган жактардын саны, контрацепциянын тигил же бул ыкмасынын мүмкүн болгон кошумча таасирлери же көйгөйлөрү жөнүндө баалымдалган жактардын үлүшү, кошумча таасирлер пайда болгондо зарыл түрдө кабыл алуучу чаралар жөнүндө маалым болгон жактардын үлүшү жана контрацепциянын колдонууга мүмкүн болгон башка ыкмалары тууралуу маалымдалган жактардын контрацепциянын ыкмаларынан жана контрацепция каражаттарынын/контрацепция тейлөөлөрүнүн алгачкы булактарынын алынган жеринен көз каранды үлүшү,Кыргыз Республикасы, 2012

Контрацепциянын ыкмалары/контрацепция каражаттарынын булактары (контрацепция боюнча тейлөөлөр)	Изилдөө жүргүзгөнгө чейинки беш жыл ичинде контрацепциянын заманбап ыкмаларын пайдалана баштаган аялдардын ичинен:			
	Контрацепция ыкмаларын пайдалануудагы көйгөйлөр же кошумча таасирлер жөнүндө маалымат алышкандардын үлүшү	Кошумча таасирлер пайда болгондо кабыл алууга зарыл болгон ченемдер жөнүндө маалымат алышкандардын үлүшү	Пайдалануага мүмкүн болгон контрацепциянын башка методдору жөнүндө үй-бүлөнү пландоо же саламаттыкты сактоонун кызматкерлери тарабынан маалымат алышкандардын үлүшү	Аялдар-дын саны
Ыкма				
Аялдар стерилдештирүүсү	(54.1)	(51.6)	(40.3)	40
Бойго бүтүрбөөчү таблеткалар	67.0	61.8	61.2	77
ЖИС	73.5	71.0	67.6	784
Алгачкы ыкмалардын булагы [1]				
Мамлекеттик сектор	79.4	75.3	72.9	723
Мамлекеттик ооруканалар	79.3	72.8	70.9	132
Төрөт үйлөрү	79.0	77.3	65.7	121
Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу	80.8	75.6	75.9	342
ФАПтар[1]	70.3	69.7	68.0	78
Үй-бүлөлүк медицина борбору	85.4	84.3	83.4	36
Башкалар	*	*	*	13
Жеке сектор	73.4	73.8	63.7	117
Жеке клиникалар	79.4	78.6	64.5	48
Аптекалар	69.7	70.4	62.4	64
Башкалар	*	*	*	5
Бардыгы	71.6	68.5	65.5	923

Эскертүү: Таблица инъекциялык контрацептивдерди пайдалануучуларды камтыйт, өзүнчө бөлүнбөгөн боюнча маалыматтарды.
Кашаадагы сандар 25-49 такталбаган учурларга негизделген.
* белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.
[1]Контрацепциянын акыркы ыкмасын пайдалана баштагандагы булак.
"Бардыгы" тилкеси контрацепциянын ыкмаларынын булактары тууралуу маалымат бербеген 81 аялды камтыйт.
[2]ФАП = фельдшердик-акушердик пункт. Фельдшер – акушердик жана оорулууларга кам көрүү боюнча окуудан өткөн дарыгердин жардамчысы. Фельдшерлерге базалык дарылоо жана чектелген сандагы дарыларды жазып берүү тейлөөлөрүн көрсөтүүгө уруксат берилет.

Таблицада көрсөтүлгөн контрацепциянын ыкмаларын тандаган аялдардын көпчүлүгү туура тандоону кабыл алуу үчүн зарыл болгон маалыматтарды алышты. Колдонуучулардын жетимиш эки пайызына аларда болуп калуусу мүмкүн болгон көйгөйлөр же кошумча таасирлер жөнүндө айтылды, 69 пайызына кошумча таасирлер баштала, эмне кылуу керектиги жана 66 пайызына контрацепциянын башка ыкмалары жөнүндө айтышты. Колдонуучулардын туура тандоо жасоосу үчүн маалымат алуу мүмкүндүгү ЖИСти пайдалануучулардын арасында эң жогору болгон. Жеке сектор мекемелеринин (көбүнчө бойго бүтүрбөөчү таблеткаларды саткан аптекалар) пайдаланган ыкманын мүмкүн болгон башка көйгөйлөрү же кошумча таасирлери жөнүндө айтып берүү мүмкүндүгү мамлекеттик сектор мекемелерине салыштырмалуу бир нече төмөн болгон (73 пайызга 79 пайыз) же башка ыкмалар жөнүндө маалыматтарды беришти (64 пайызга 73 пайыз). Ошентсе да, кошумча аракеттердин пайда болуусуна кеңеш берүүдө жеке мекемелер жана мамлекеттик мекемелердин ортосунда чоң айырмалык белгиленген жок (75 пайызга 74 пайыз).

7.7 КОНТРАЦЕПТИВДЕРДИ ПАЙДАЛАНУУНУ ТОКТОТУУ

Репродуктивдүү ден-соолук боюнча программалардын эң башкы көйгөйлөрүнүн бири аялдардын контрацепциянын тигил же бул ыкмасын колдонуусунун натыйжасында пайда болгон көйгөйлөрүнөн улам бул ыкманы колдонууну токтотуусу болуп саналат, токтотуунун натыйжасында каалоосуз кош бойлуулук коркунучуна жолугушат. КР МДИ-2012ни жүргүзүүдө

респонденттерден 2007-жылдын январынан интервью жүргүзүлгөн учурга чейинки мезгилдеги контрацептивдерди пайдалануунун бардык учурлары боюнча маалыматтарды берүү суралды. Контрацепциянын ыкмаларын пайдалануунун ар бир учурлары боюнча алынган маалыматтар КР МДИнин анкетасындагы контрацепциянын ыкмаларын пайдалануу, ыкмаларды пайдалана баштаган күн (ай жана жыл), эгер мүмкүн болсо, контрацепциянын ыкмасын пайдаланууну токтоткон күн жана себеби боюнча маалымат камтылган календарга киргизилди.

Календардагы маалыматтар 7.7-таблицада берилген токтотуунун контрацепциянын ыкмасынан жана ыкманы пайдаланууну токтотуунун себебинен көз каранды 12 айлык эсеби үчүн колдонулду. Коэффициенттер контрацепциянын ыкмасын колдоно баштагандан кийинки 12 ай ичинде контрацепциянын тигил же бул ыкмасын пайдаланууну токтоткон пайдалануучулардын үлүшүн көрсөтөт. Коэффициенттер бул убакыт аралыгында болуп өткөн бүтүндөй колдонуу эпизоддоруна эмес, календарда белгиленген убактарда башталган контрацепция ыкмаларын колдонуу эпизоддоруна гана тиешелүү. Коэффициенттерди эсептөө максатында, респондент интервью убагында биле элек кош бойлуулук менен байланыштуу каталарга учурабоо үчүн интервью жүргүзүлгөн ай жана эки мурунку ай эсептелген жок. Контрацептивдерди пайдаланууну токтотуунун ар кандай себептери тобокел боюнча атаандаштык катары каралды, мындан коэффициенттерди токтотуунун себептери боюнча жыйынтыкта каралат.

7.7-таблица. Контрацепциянын ыкмаларын пайдаланууну токтотуунун он эки айлык коэффициенти

Изилдөө алдындагы беш жыл ичинде контрацепциянын тигил же бул ыкмасын колдоно баштаган 15-49 жаштагы аялдардын арасында 12 ай ичинде контрацепциянын ыкмасын колдонууну токтоткон учурлардын токтотуу себебинин жана контрацепциянын башка ыкмаларынан көз каранды үлүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Контрацепция-нын ыкмалары	Токтотуунун себептери								Башка ыкмага өтүү[5]	Пайдалануу учурларынын саны [6]
	Ыкманын натыйжа-сыздыгы	Кош бойлуу болууга каалоо	Бала төрөө менен байла-нышкан башка себептер[2]	Кошумча таасир-лер/ден соолук-тагы көйгөйлөр	Натыйжа луураак ыкманы пайдала-нууну каалаган-дар	Ыкманы колдонуу менен байла-нышкан башка себептер[3]	Башка себептер	Себептер дин бир түрү[4]		
Бойго бүтүрбөөчү таблеткалар	9.8	12.2	0.3	8.7	2.9	8.9	0.5	43.2	12.5	166
ЖИС	0.3	2.8	0.2	4.7	0.6	0.5	0.2	9.3	2.2	1,082
Эркектердин презерватив-дери	11.5	6.1	3.2	0.4	2.3	1.3	4.5	29.3	3.2	731
Жыныстык катнашты токтотуу ыкмасы	6.3	7.9	1.2	0.4	9.1	0.0	5.2	30.1	12.7	193
Бардык ыкмалар[1]	5.2	5.3	1.6	3.4	2.8	1.5	1.9	21.7	4.8	2,346

Эскертүү: Цифралар изилдөө башталганга чейин 3 айдан 62 айга чейинки мезгилде башталган пайдалануунун окуялары тууралуу маалыматтар пайдалануу менен өмүрдүн узактыгынын таблицасы боюнча эсептерге негизделген.

[1]ЛАЫ, аялдар стерилдештирүүсү, инъекциондук контрацептивдер, ыргактуулук ыкмасы /календарлык ыкма, ошондой эле башка ыкмалар "Бардык ыкмалар" жыйынтыктоочу тилкесине киргизилген, бирок өзүнчө бөлүнгөн эмес.

[2]Төмөнкүлөрдү камтыйт: сейрек сексуалдык мамиле/күйөөсү башка жакта, бойго бүтүү кыйынчылыктары/менопауза, үй-бүлөнүн бүлүнүшү/ажырашуу.

[3] Төмөнкүлөрдү камтыйт: мүмкүндүк жок/абдан алыс, кымбат жана пайдалануга ыңгайлуу эмес.

[4] Токтотуунун себептери өз ара чыгарып салуу болуп саналат жана бул таблицада келтирилген жалпы санга кошулат.

[5] Бул тилкеде камтылган пайдалануунун учурлары токтотулган ыкманын коэффициентине кирген контрацепциянын тигил же бул ыкмасын пайдалануну токтоткон учурлардын топтому болуп саналат. Токтоткондон кийин эки ай ичинде аял башка ыкманы пайдалана баштаса жана токтотуунун себеби катары эгер "натыйжалуураак ыкманы пайдалануну каалаганы" жөнүндө жооп берсе же токтотуудан кийин бир ай ичинде эгер ал башка ыкманы пайдаланса, аял башка ыкмага өттү деп эсептелинет.

[6] Байкоо мезгилинде токтотулбаган жана байкоо мезгил ичинде токтотулган контрацептивдерди пайдалануунун учурлары катары контрацептивдерди пайдалануулардын өзүнө камтыган учурлардын саны.

7.7-таблица КР МДИге чейинки беш жылдык мезгил ичинде колдоно баштаган контрацепциянын ыкмаларын колдонуучулардын бештен биринен көбүрөөгү (22 пайыз) колдоно баштагандан кийинки 12 ай ичинде ыкманы колдонууну токтоткондугу көрсөтүлөт. ЖИС ыкмасын пайдаланган аялдар башкаларга караганда ыкманы пайдалануу эң аз токтотушкан; ЖИС пайдалануучулардын 9 пайызы гана ыкманы пайдалана баштагандан кийинки 12 ай ичинде ыкманы пайдалануудан баш тартышкан. Башка ыкмалар боюнча токтотуунун коэффициенттери бир кыйла

жогору болушкан; бойго бүтүрбөөчү таблеткаларды пайдалангандардын ондон төртүнөн көбүрөөгү (43 пайыз), эркектердин презервативдерин пайдалангандардын ондон үчүнө жакыны (29 пайыз), ошондой эле жыныстык катнашты токтотуу ыкмасын пайдалангандар (30 пайыз) пайдалана баштагандан кийинки 12 ай ичинде бул ыкманы пайдаланууну токтотушкан.

Ыкманы пайдаланууну токтоткондон кийинки абал манилүү болуп саналат: аял контрацепциянын бардык ыкмаларын пайдаланууну жөн эле токтотуп кое алат, бул аны потенциалдуу түрдө каалоосуз бойго бүтүүрүүгө алып келет, же ал башка ыкманы колдонууга өтүп кете алат. 7.7-таблицада колдоно баштагандан кийин 12 ай ичинде ыкманы пайдаланууну токтоткон пайдалануучулардын ичинен КР МДИ жүргүзгөнгө чейинки беш жылдык мезгилде контрацепциянын башка ыкмаларына өтүү учурлары тууралуу маалыматтар берилген. Башка ыкмаларга өтүү коэффициентин эсептөөдө пайдаланууну токтотуунун учуру бардык токтотулган учурлардын топтому болуп саналат. Ал токтоткондон кийин бир ай ичинде пайдаланылган башка ыкмалардын учурларын жана "натыйжалуураак ыкманы пайдаланууну каалаган" пайдалануучуну жана токтоткондон кийин эки ай ичиндеги башка ыкмаларды пайдалана баштаган учурларды өзүнө камтыйт (тактап айтканда, контрацепциянын ыкмасы мурунку ыкманы токтоткондон кийин бир ай гана пайдаланылган эмес). Эгерде аял ошол эле контрацепциянын ыкмасын кайрадан пайдалана баштаса, ыкманы бир ай ичинде алмаштыргандардын санына кирген эмес.

ЖИС жана эркектердин презервативдерин пайдалангандар башкаларга караганда пайдаланууну токтоткондон кийин дароо башка ыкмага эң аз өтүшкөн (2 жана 3 пайыз), ал эми бойго бүтүрбөөчү таблеткаларды жана жыныстык катнашты токтотуу ыкмаларын пайдалангандар башкаларга караганда мурункуну пайдаланууну токтоткондон кийин башка ыкмага өтүп кетишет (ар бири 13 пайыздан). Жыныстык катнашты токтотуу ыкмасын пайдалангандардын арасындагы башка ыкмага өтүү коэффициентин (13 пайызы) ушул эле ыкманы пайдаланууну токтоткондордун жалпы коэффициенти менен (30 пайызы) салыштырганда жыныстык катнашты токтотуу ыкмасынан баш тарткан пайдалануучулардын ондон төртүнөн көбүрөөгү токтоткондон кийин бат эле башка ыкманы пайдалана башташаарын айтышат.

7.8-таблицада изилдөө алдындагы беш жыл ичинде контрацепциянын ыкмаларын колдонуунун бардык токтотуу учурларынын аны токтотуу себебинен жана колдонулган ыкмадан көз каранды болгон бөлүнүшү көрсөтүлгөн. Жалпысынан, контрацепциянын ыкмасын пайдаланууну токтотуунун эң көп себеби кош бойлуу болууну каалоо болуп саналат (37 пайыз). Ыкманын натыйжасыздыгынан улам болгон пландалбаган кош бойлуулук, башкача айтканда, эгерде аял кандайдыр бир ыкмаларды пайдаланып жатып кош бойлуу болуп калса, токтотуу учурларынын 20 пайыздагы себеби катары аталган. Тигил же бул ыкманы колдонуудан улам келип чыккан көйгөйлөр же кошумча таасирлер аялдардын 18 пайызынын аны токтотуусунун себеби болгон. Аялдардын жети пайызы контрацепциянын ыкмасын пайдаланууну токтотуунун себебин натыйжалуураак ыкманы колдонуп көрүүнү каалагандыгы менен түшүндүрүшөт, 3 пайызы колдонуп жаткан ыкма алар үчүн ыңгайсыз экендигин айтышса, респонденттердин 6 пайызы аз сексуалдык катнаш болгондугу же жолдошу башка жакта болгондугуна байланыштуу ыкманы пайдаланууну токтотушкандыгын айтышкан.

7.8-таблица. Контрацепциянын ыкмаларын пайдалануну токтотуунун себептери

Изилдөө алдындагы беш жыл ичиндеги контрацепциянын ыкмаларын колдонууну токтотуу учурларынын токтотуунун негизги көрсөтүлгөн себебинен жана контрацепциянын башка ыкмаларынан көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Себептери	Бойго бүтүрбөөчү таблетка-лар	ЖИС	Инъекцион-алдык контрацеп-тивдер	Эркектер-дин презервати вдери	ЛАЫ	Жыныстык катнашты токтотуу ыкмасы	Бардык ыкмалар
Ыкманы пайдалануу учурунда кош бойлуу болуп калган	16.2	6.8	16.2	35.0	8.3	27.2	19.6
Кош бойлуу болууга каалоо	35.2	47.3	22.3	30.5	21.5	30.7	37.4
Күйөөсү макул эмес	0.2	0.9	0.0	10.1	0.0	12.3	4.8
Натыйжалуураак ыкманы пайдалануу каалоо	7.8	1.9	7.4	6.1	44.0	19.8	6.9
Кошумча таасирлер/ ден соолугун-дагы көйгөйлөр	19.5	34.8	26.6	1.7	12.5	3.4	18.4
Мүмкүндүк жок/ абдан алыс	0.0	0.0	1.8	0.0	0.0	0.0	0.1
Абдан кымбат турат	2.8	0.0	0.0	0.5	0.0	0.0	0.6
Ыкма пайдалануу ыңгайлуу эмес	10.9	1.5	1.6	2.1	7.2	1.8	2.7
«Жараткандын эркинде»/фаталистикалык себеп	0.3	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0
Бойго бүтүү кыйынчылыктары/менопауза	0.0	1.4	0.9	0.2	0.0	1.4	0.8
Сейрек жыныстык байланыш/күйөөсү башка жакта	3.6	2.7	21.2	11.0	5.0	2.9	6.1
Үй-бүлөнүн бүлүнүшү/ажырашуу	0.7	0.4	0.0	1.1	0.0	0.0	0.6
Башка себептер	2.3	2.4	0.0	1.1	0.0	0.0	1.6
Билбейм	0.0	0.0	1.9	0.5	1.5	0.0	0.2
Жок	0.4	0.0	0.0	0.1	0.0	0.5	0.1
Бардыгы	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0
Токтотуунун саны	146	652	42	512	37	125	1,539

Эскертүү: "Бардык ыкмалар" жыйынтыктоочу тилкеси таблицада көрсөтүлгөн ыкмаларга кошумча аялдар стерилдештирүүсүн, диафрагмманы пайдалануну, ыргактуулук ыкмасы/календарлык ыкманы жана башка ыкмаларды камтыйт.
ЛАЫ = лактациялык аменорея ыкмасы

Контрацепциянын айрым ыкмаларын пайдалануну токтотуунун себептерин талдоодо ЖИС жана бойго бүтүрбөөчү таблеткаларды пайдалануучулар көпчүлүк учурда кийинки баласын төрөгөнгө даяр болуп калгандыгына байланыштуу (35 жана 47 пайыз), же кошумча таасирлерден/ден соолугундагы көйгөйлөрдөн улам (20 жана 35 пайыз) ыкманы пайдалануну токтотушкан. Инъекциялык контрацептивдерди пайдалануну токтотушкандардын төрттөн биринен көп учурлар (27 пайыз) кошумча таасирлер же ден соолугундагы көйгөйлөр менен байланыштуу болгон, бештен бир учур - кош бойлуу болууну каалагандар (22 пайыз), сейрек жыныстык байланыш же күйөөсү алыс жакта болгондугу (21 пайыз) менен байланыштуу болгон. Ыкманын натыйжасыздыгынан улам токтотуу эркектердин презервативдери менен пайдалангандарда эң кеңири тараган (35 пайыз) жана жыныстык катнашты токтотуу (үзгүлтүккө учуратуу) ыкмасы (27 пайыз), бирок жыныстык катнашты токтотуу ыкмасын пайдалгандардын негизги себеби дагы бир балалуу болууну каалагандыгы болду (31 пайыз) же натыйжалуураак ыкманы пайдалануну каалагандар (20 пайыз). ЛАЫны пайдалангандар натыйжалуураак ыкманы пайдалануну (44 пайызы), ал эми 22 пайызы кош бойлуу болууну каалашкандыктан улам токтотушкан.

7.8 Кош бойлуулук тобокелдиги жогору болгон айыздык цикл мезгили жөнүндө маалымат

Репродуктивдүү физиология жөнүндө жөнөкөй билимдер жыныстык катнаштар, жыныстык катнашты токтотуу ыкмалары, презервативдер, ошондой эле вагиналдык ыкмалар менен байланышкан ыкмалардын ийгиликтүү практикалары үчүн негизди камсыз кылышат. Бул билимдер өзгөчө ырааттуулук/календарлык ыкмасын колдонуу учурунда маанилүү. КР МДИни жүргүзүүдө респонденттердин айыздык циклди түшүнүү деңгээлин билүү үчүн эки суроо берилди. Биринчи

суроо респонденттердин маалымдуулугун аныктоо үчүн аялдардын бойго бүтүү ыктымалдуулугу эң жогору болгон айыз циклинин аныкталган күндөрү тууралуу берилди. Бойго бүтүүнүн эң жогорку мүмкүндүгү аныкталган күндөрү бар экендигин айткан респонденттерге мындай күндөр качан болору тууралуу экинчи суроо берилди: айыздын башталуу алдында, айыз учурунда, айыз күндөрүнүн бүтүшү менен же эки айыз циклинин ортосунда.

7.2-графикте Кыргызстандагы эркектер жана аялдар жалпысынан овулятордук цикл тууралуу начар түшүнүктөрү бар экендиги көрсөтүлгөн. Эркектердин жана аялдардын көпчүлүк бөлүгү айыздык цикл учурунда эч кандай аныкталган убакыт жок деп эсептешет, бойго бүтүүнүн эң жогорку ыктымалдуулугу бар болгон циклды (аялдар 34 пайыз жана эркектер 23 пайыз) же аялдар качан бойго бүтүүнүн чоң тобокелдигине кабылышарын билишпейт (аялдар 21пайыз жана эркектер 39 пайызы). Аялдардын (20 пайыз)жана эркектердин (22 пайыз) бештен бири гана эгерде эки айыздык циклдын ортосунда жыныстык катнаш болсо, аял бойго бүтүүрүп алуу тобокелдигине көбүрөөк кабылат деп билишет.

КР МДИ-1997нин маалыматтары менен салыштырганда, бойго бүтүүнүн жогорку тобкелдиги менен байланышкан айыздык цикл мезгилин туура аныктай ала турган 15-49 жаштагы аялдардын үлүшү акыркы он беш жыл ичинде өзгөргөн эмес. 15-49 жаштагы бардык аялдардын дээрлик бештен бир бөлүгү бул убакытты эки айыздык циклдин ортосунда болорун көрсөтүү менен туура аныкташкан (1997-жылы 19 пайыз жана 2012-жылы 20 пайыз). Ошону менен бирге, 2012-жылы аялдардын көпчүлүк бөлүгү 1997-жылдагы 12 жана 19 пайызга салыштырмалуу кош бойлуулуктун жогорулаган тобокелдиги айыздык цикл бүтөөр замат болот деп туура эмес айтышкан (18 пайыз) же айыздык цикл мезгилинде аялдардын кош бойлуу болуп калуу мүмкүндүгүнүн убакыты жок экендигин тастыкташкан (34 пайыз) (НИИ акушерства и педиатрии МЗ КР жана Макро Интернешнл, 1998). Бойго бүтүүрүп алуу тобокелдигине көбүрөөк качан жолуга тургандыгын билбеген аялдардын үлүшү 1997-жылдагы 49 пайыздан 2012-жылдагы 21 пайызга чейин төмөндөдү.

7.2-график

15-49 жаштагы бардык аялдар менен эркектердин арасындагы кош бойлуулуктун жогорку коркунучу менен байланышкан айыздык цикл мезгили жөнүндө маалымдуулук



КР МДИ-2012

7.9 Үй-бүлөнү пландоодогу канааттандырылбаган муктаждыктар

Үй-бүлөнү пландоодогу канааттандырылбаган муктаждыктары бар аялдар – булар бала төрөөгө жөндөмдүү, контрацепцияны пайдаланбаган, бирок муну менен мындан кийинки баласынын төрөлүшүн кийинкиге калтырууну каалаган (кийинкиге калтыруу) же такыр бала төрөөнү токтоткулары келген (чектөө) аялдар. Үй-бүлөнү пландоо тейлөөлөрүндө канааттандырылбаган муктаждыктары бар аял калкынын түзүмүн жана санын баалоо

репродуктивдүү саламаттыкты сактоо программаларын иштеп чыгуу үчүн керектелет.

Үй-бүлөнү пландоо маселелериндеги канааттандырылбаган муктаждыктары бар аялдарды аныктап көрсөтүү үчүн МДИнин программасынын алкагында пайдаланылган критерийлер жакында кайрадан каралды (Бредли и др., 2012).[3] 7.9-таблицада Үй-бүлөнү пландоо маселелериндеги канааттандырылбаган муктаждыктары бар аялдарды аныктап көрсөтүү үчүн каралган аныктамалар пайдаланылды. Жалпысынан, кезектеги баласын төрөөнү **кийинкиге калтырган канааттандырылбаган** муктаждыктары бар аялдар эсептелет, эгерде алар:

- Бойго бүтүп калуу тобокелдиги бар, контрацепциянын ыкмаларын пайдаланышпаса, же жакынкы эки жыл ичинде кош бойлуу болууну каалашпаса, же качан кош бойлуу болоруна, же такыр эле кош бойлуу болбосуна ишенишпесе.
- Пландалбаган кош бойлуулукка дуушар болушса.
- Пландалбаган кош бойлуулуктун натыйжасындагы төрөттөн кийинки эки жыл ичинде төрөттөн кийинки аменореясы бар, контрацепциянын ыкмаларын колдонбосо.

Балдарды төрөөнү **чектөө боюнча канааттандырылбаган муктаждыктары** бар болгон аялдар эсептелет, эгерде алар:

- Бойго бүтүп калуу коркунучу бар, контрацепциянын ыкмаларын пайдаланышпаса жана кош бойлуу болууну каалашпаса.
- Каалоосуз күтүлгөн бала менен кош бойлуу болсо.
- Каалоосуз күтүлгөн бала төрөөнүн натыйжасындагы төрөттөн кийинки эки жыл ичинде төрөттөн кийинки аменореясы бар, контрацепциянын ыкмаларын колдонбосо.

Тукумсуз аялдарда үй-бүлөнү пландоодо канааттандырылбаган муктаждыктар болбойт, анткени алар кош бойлуу болуп калуу коркунучунун пайда болушуна кабылышпайт.

Контрацепциянын ыкмаларын пайдаланган аялдарда үй-бүлөнү пландоо маселелери боюнча **муктаждыктары канааттандырарлык** деп эсептелинет. Контрацепциянын ыкмаларын пайдаланган жана мындан ары балалуу болууну каалабаган аялдар өздөрүнүн төрөтүн **чектөө боюнча муктаждыктарын**, ал эми контрацепциянын ыкмаларын пайдаланган жана бала төрөөнү кийинкиге калтырууну каалаган аялдар, же качан дагы бир балалуу болорун же такыр эле балалуу болбой турганына ишенбегендер төрөтүн **кийинкиге калтыруу муктаждыктарын** канааттандырышкан деп эсептелет**.**

7.9-таблицада жалпы муктаждык, канааттандырылган муктаждыктардын пайызы жана заманбап ыкмалардагы канааттандырылган муктаждыктардын пайызы төмөнкүдөй аныкталды:

- **Үй-бүлөнү пландоодогу жалпы муктаждык:** канааттандырылбаган муктаждыктардын үлүшүнүн суммасы (бала төрөөнү кийинкиге калтыруу жана чектөө) жана контрацепциянын ыкмаларын жалпы пайдалануу.
- **Канааттандырылган муктаждыктардын пайызы**: канааттандырылбаган муктаждыктардын жана контрацепциянын ыкмаларын жалпы пайдалануу суммасына бөлүнгөн контрацепциянын ыкмаларын жалпы пайдалануу.
- **Заманбап ыкмалар менен канааттандырылган муктаждыктардын пайызы:** канааттандырылбаган муктаждыктардын суммасына бөлүнгөн контрацепциянын заманбап ыкмаларын пайдалануу жана контрацепциянын ыкмаларын жалпы пайдалануу.

7.9-таблицада никеси бар аялдардын 18 пайызы үй-бүлөнү пландоодо муктаждыктарды баштарынан өткөрүшкөндүгү көрсөтүлгөн: 12 пайызы бала төрөөнү кийинкиге калтыргандыгы

[3] Үй-бүлөнү пландоодогу канааттандырылбаган муктаждыктарды аныктоодогу айырмачылыктардан улам 7.9-таблицада берилген муктаждыктардын көрсөткүчтөрү МИКИ-2006нын жыйынтыктары менен салыштырылбайт.

үчүн жана 6 пайызы мындан ары балалуу болууну каалабагандыгы үчүн. Жалпы канааттандырылбаган муктаждык 15-19 жаштагы аялдарда 10 пайыздан 20-24 жаш курактагы аялдардагы 23 пайызга чейин кескин өсөт. Өспүрүмдөрдү кошпогондо, төрөттү кийинкиге калтыруу үчүн канааттандырылбаган муктаждыктын деңгээли улуу курактагы аялдарга караганда жаш курактагы аялдарда жогору. Төрөттөрдү чектөө үчүн канааттандырылбаган муктаждыктын деңгээли тескерисинче, 40-44 жаштагы аялдардын ичинде эң жогору (13 пайыз). Канааттандырылбаган муктаждыктын жалпы деңгээли шаардык аялдарга салыштырмалуу айылдык аялдарда бир кыйла жогору (19 пайызга 16 пайыз), эң жогорку көрсөткүч Чүй облусунда (23 пайыз), ал эми эң төмөнкү көрсөткүч Нарын жана Талас облустарында (11 пайыздан) белгиленди. Бүтө элек орто билимге ээ аялдарда (23 пайыз) жана жетиштүү жашоонун төртүнчү квинтилине кирген аялдарда (22 пайыз) башка аялдарга караганда канааттандырылбаган керектөөнүн жогорку деңгээли белгиленди.

7.9-таблица. Никеси бар аялдардын үй-бүлөнү пландоодогу муктаждыктары

Үй-бүлөнү пландоодогу канаатандырылбаган муктаждыктары бар 15-49 жаштагы никеси бар аялдардын үлүшү, канааттандырылган муктаждыктары бар аялдардын үлушү, үй-бүлөнү пландоодогу жалпы муктаждык жана контрацепциянын ыкмаларындагы канаттандырылган муктаждыктардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Үй-бүлөнү пландоодогу канааттандырылбаган муктаждыктар			Үй-бүлөнү пландоодогу канааттандырылган муктаждыктар (азыркы учурда контрацепцияны пайдаланышат)			Үй-бүлөнү пландоонун жалпы муктаждыктары [1]			Канаат-танды-рылган муктаж-дыктар-дын пайызы [2]	Заманбап ыкма менен канааттанды-рылган муктаждык-тардын пайызы [3]	Аялдар-дын саны
	Бала төрөөнү кийинкиге калтыруу үчүн	Бала төрөө чектөө үчүн	Бардыгы	Бала төрөөнү кийинкиге калтыруу үчүн	Бала төрөөнү чектөө үчүн	Бардыгы	Бала төрөөнү кийинкиге калтыруу үчүн	Бала төрөөнү чектөө үчүн	Бардыгы			
Жаш курак												
15-19	9.7	0.0	9.7	5.2	0.0	5.2	14.8	0.0	14.8	34.8	34.8	158
20-24	22.3	0.6	22.9	21.1	0.7	21.8	43.4	1.3	44.7	48.7	43.7	896
25-29	18.6	1.6	20.2	29.0	1.9	30.9	47.6	3.5	51.1	60.5	57.9	1,061
30-34	14.8	3.8	18.6	37.5	12.0	49.5	52.3	15.8	68.1	72.7	68.9	867
35-39	9.7	8.7	18.4	24.1	23.1	47.2	33.8	31.8	65.6	71.9	64.3	801
40-44	3.5	13.0	16.5	11.7	34.6	46.4	15.2	47.7	62.9	73.8	68.1	758
45-49	0.8	10.2	11.0	3.4	27.0	30.4	4.2	37.3	41.4	73.4	68.7	716
Жашаган жеринин тиби												
Шаар	11.1	5.1	16.3	22.6	16.3	38.9	33.7	21.4	55.1	70.5	62.1	1,684
Айыл	12.9	5.9	18.8	21.2	13.9	35.1	34.1	19.8	53.9	65.1	61.9	3,572
Облусу												
Ысык-Көл	12.9	6.1	19.0	21.8	15.9	37.7	34.7	22.0	56.7	66.5	64.6	468
Жалал-Абад	12.4	5.2	17.6	19.7	17.8	37.5	32.1	23.0	55.1	68.1	62.5	942
Нарын	6.7	3.8	10.5	29.5	23.7	53.2	36.2	27.6	63.7	83.5	83.5	209
Баткен	13.7	6.8	20.4	13.6	19.7	33.3	27.2	26.5	53.8	62.0	53.2	444
Ош	16.3	3.3	19.6	23.0	8.8	31.8	39.3	12.1	51.4	61.9	59.3	1,049
Талас	7.2	4.2	11.4	27.6	19.1	46.7	34.8	23.3	58.1	80.4	78.2	272
Чүй	12.7	10.1	22.8	19.7	9.7	29.4	32.4	19.8	52.1	56.3	53.3	937
Бишкек шаары	9.6	4.7	14.2	26.3	16.6	42.9	35.9	21.2	57.1	75.1	64.0	750
Ош шаары	8.9	3.8	12.7	15.5	17.5	33.0	24.4	21.3	45.7	72.3	67.8	184
Билими												
Билими жок/башталгыч	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	100.0	17
Негизги жалпы	20.2	2.4	22.6	20.3	7.7	28.0	40.5	10.0	50.6	55.4	53.1	470
Толук орто	11.9	6.3	18.3	20.9	15.3	36.2	32.8	21.7	54.5	66.5	62.3	2,442
Башталгыч/орто кесиптик	11.4	7.9	19.2	17.9	21.2	39.1	29.2	29.1	58.3	67.0	62.9	967
Жогорку	11.3	4.1	15.4	26.3	11.4	37.7	37.6	15.5	53.1	71.0	63.6	1,360
Жетиштүү жашоо квинтилдери												
Эң төмөнкү	10.8	4.9	15.7	23.3	14.5	37.8	34.1	19.4	53.5	70.6	68.0	1,016
Экинчи	12.3	5.5	17.8	20.2	16.9	37.0	32.5	22.3	54.8	67.5	64.2	1,044
Орто	14.0	5.8	19.8	21.8	13.1	34.9	35.8	18.9	54.7	63.8	59.7	1,081
Төртүнчү	14.0	7.9	21.8	19.0	13.4	32.4	33.0	21.3	54.3	59.8	56.2	1,110
Эң жогорку	10.4	4.0	14.5	24.2	15.7	39.8	34.6	19.7	54.3	73.4	62.7	1,004
Бардыгы	12.4	5.7	18.0	21.6	14.7	36.3	34.0	20.3	54.3	66.8	62.0	5,256

Эскертүү: Бул таблицадагы маалыматтар 2012-жылдагы Бредли жана башкаларда баяндалган канааттандырылбаган муктаждыктарды аныктоодо каралган маалыматтарга дал келтирилет. * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес

[1] Жалпы муктаждык - канааттандырылбаган муктаждыктарын менен канааттандырылган муктаждыктардын суммасы.

[2] Канааттандырылган муктаждыктардын пайызы - жалпы муктаждыкка бөлүнгөн канааттандырылган муктаждык.

[3] Контрацепциянын заманбап ыкмасы аялдардын стерилдештирүүсүн, эркектердин стерилдештирүүсүн, бойго бүтүрбөөчү таблеткаларды, ЖИСти, инъекциондук контрацептивдерди, эркетердин презервативдери жана лактациондук аменорея ыкмасын (ЛАЫ) камтыйт.

7.9-таблицада Кыргыз Республикасындагы никеси бар аялдардын арасында үй-бүлөнү пландоонун жалпы муктаждыгы 54 пайызды түзөрү көрсөтүлгөн. Бул муктаждыктардын алтымыш эки пайызы контрацепциянын заманбап ыкмаларын пайдалануунун эсебинен (62 пайыз) канааттандырылган. Канааттандырылган муктаждыктардын деңгээли 15-19 жаштагы аялдарда төмөндөгөнү (35 пайыз) байкалды жана жаш курак менен көбөйөт. Айылдык аялдар (65 пайызы), Чүй облусунда жашаган аялдар (56 пайыз), толук бүтпөгөн орто билими бар аялдар (55 пайыз), ошондой эле жетиштүү жашоонун төртүнчү квинтилиндеги аялдар (60 пайыз) башка топтогу аялдарга салыштырмалуу канааттандырылган муктаждыктарда эң төмөнкү деңгээлге ээ.

7.10 Үй-бүлөнү пландоонун ыкмаларын келечекте колдонуу

Аялдардын келечекте контрацепциянын ыкмаларын пайдаланууну каалоосу жөнүндө маалыматтар үй-бүлөнү пландоо тейлөөлөрүнө потенциалдуу талаптарды болжолдоого мүмкүндүк берет жана азыркы учурда аларды пайдаланбаган аялдардын контрацепцияларга карата болгон эң мыкты жалпыланган көрсөткүчү болуп саналат. Келечекте үй-бүлөнү пландоо ыкмасын пайдаланууну каалоо жөнүндө маалыматтарды алуу үчүн контрацепциянын ыкмаларын пайдаланбаган респонденттерден кош бойлуулукту токтотуу же кийинкиге калтыруу үчүн келечекте кандайдыр бир ыкманы пайдаланууну ойлошкондугу тууралуу сурадык. Респонденттер интервью учурунда айткандай, алардын келечекте контрацепцияны колдонуу ниетинен карманууже карманбоо тууралуу ойлорун айта кетүү керек.

7.10-таблица контрацептивдерди колдонбогон никеси бар аялдардын үй-бүлөнү пландоо ыкмаларын пайдалануу пландары жөнүндө маалыматтарды камтыйт. Азыркы учурда контрацепцияны пайдаланышпаган никеси бар аялдардын болжол менен төрттөн бири (23 пайызы) келечекте үй-бүлөнү пландоо ыкмаларын пайдаланууну каалашат. Ошондой эле 34 пайызы үй-бүлөнү пландоо ыкмаларын пайдаланышарына ишене алышпайт, ал эми 42 пайызы келечекте контрацепцияны пайдаланары жөнүндө ойлонушпагандыктарын айтышкан. Контрацепцияны пайдалана баштоону пландаганын айткандардын үлүшү бир же эки баласы барлардын арасында эң жогору (27 жана 28 пайыз).

7.10-таблица. Контрацепциянын ыкмаларын келечекте пайдалануу

Контрацепциянын ыкмаларын колдонбогон, никеси бар 15-49 жаштагы аялдардын контрацепцияны келечекте колдонуу каалоосунан жана тирүү балдардын санынан көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Келечекте пайдаланууга каалоо	Тирүү балдардын саны[1]					Бардыгы
	0	1	2	3	4+	
Пайдаланууну каалайт	13.3	26.7	28.3	21.0	19.1	23.0
Ишене албайт	46.6	39.3	35.4	32.5	23.2	33.7
Пайдаланууну каалабайт	40.1	33.4	35.3	45.4	56.5	42.4
Жок	0.0	0.6	1.0	1.1	1.2	0.9
Бардыгы	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0	100.0
Аялдардын саны	261	757	825	730	775	3,348

[1] Азыркы учурдагы кош бойлуулукту камтыйт.

7.11 Үй-бүлөнү пландоо жөнүндө маалыматтардын таасир этүү деңгээли

Массалык маалымдоо каражаттары (мындан ары – ММК) жөнүндөгү маалыматтарды, үй-бүлөнү пландоо жөнүндө маалыматтарды дайыма калктык топ аркылуу алышары жөнүндө маалымат калкты күндөлүк маалыматтар, билим жана маалыматты берүү боюнча аракеттер менен камсыздоо деңгээлин баалоо үчүн жана келечекте ММК компанияларын пландоо үчүн маанилүү.

Массалык маалымат каражаттары аркылуу аялдардын үй-бүлөнү пландоо жөнүндө маалыматтарды алуу даражасын баалоо максатында КР МДИнин респонденттерине үй-бүлөнү пландоо жөнүндө маалыматтарды радиодон угушкандыгы, теледен көрүшкөндүгү, акыркы бир канча ай ичинде үй-бүлөнү пландоо жөнүндө гезит же журналдардан окушкандыгы жөнүндө суроолор беришти.

7.11-таблицада теле аркылуу көрсөтүлгөн үй-бүлөнү пландоо жөнүндө маалымат эркектер жана аялдардын эң чоң аудиториясына жетери көрсөтүлгөн (20 жана 21 пайыз). Аялдардын он жети пайызы жана эркектердин он беш пайызы жакында эле үй-бүлөнү пландоо жөнүндө гезиттен же журналдардан окушкан, 8 жана 11 пайызы үй-бүлөнү пландоо жөнүндө радио аркылуу угушкан.

Аялдардын төрттөн үчүнөн көп эмес бөлүгү (76 пайыз) жана эркектердин ондон жетиси (70 пайыз) бул үч булактан акыркы бир канча ай ичинде үй-бүлөнү пландоо жөнүндө эч кандай маалымат алышкан эмес. Шаар жерлеринде жашаган өспүрүм курактагы эркектер жана аялдар, Жалал-Абад облусунда жана Бишкек шаарында жашаган аялдар, Ош облусундагы эркектер, ошондой эле толук эмес орто билимдүү эркектер жана аялдар башкаларга караганда массалык маалымат каражаттарынын каалаган бир түрүнөн үй-бүлөнү пландоо жөнүндө азыраак маалымат алышкан. Массалык маалымат каражаттары аркылуу үй-бүлөнү пландоо жөнүндө маалымат алышпаган аялдардын үлүшү жетиштүү жашоонун өсүшү менен жогорулайт, ошол эле убакытта эркектерде бул көз карандылык кандайдыр бир маниге ээ эмес.

Үй-бүлөнү пландоо жөнүндө маалыматтардын таасир этүү деңгээли 2012-жылы 1997-жылга салыштырмалуу төмөндөдү. Гезит жана журналдардан алынган маалымат булактары боюнча олуттуу төмөндөө байкалат (1997-жылы 48 пайыз жана 2012-жылы 17 пайыз); ошондой эле 1997-жылдагы 31 пайыздан 2012-жылдагы 20 пайызга чейин төмөндөө менен теле аркылуу алынган үй-бүлөнү пландоо жөнүндө маалыматтардын аз таралган булагы болуп саналат. Ошол эле убакта, үй-бүлөнү пландоо жөнүндө маалыматтардын булагы катары радиону көрсөтүшкөн аялдардын үлүшү бул мезгилде 3 пайыздан 8 пайызга чейин көбөйгөн (НИИ акушерства и педиатрии МЗ КР жана Макро Интернешнл, 1998).

7.11-таблица. Үй-бүлөөнү пландоо жөнүндө маалыматтардын таасир этүү деңгээли

Үй-бүлөнү пландоо жөнүндө акыркы бир нече жыл ичинде радиодон, теледен, гезиттерден, журналдардан угушкан же көрүшкөн 15-49 жаштагы аялдар менен эркектердин негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды үлүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Аялдар					Эркектер				
	Радио	Теле	Гезит/ журналдар	ЖМКнын үч булагынын бирөөсү да эмес	Аялдар-дын саны	Радио	Теле	Гезит/ журналдар	ММКнын үч булагынын бирөөсү да эмес	Эркектер-дин саны
Жаш курагы										
15-19	3.5	10.1	9.7	85.4	1,637	5.8	14.2	10.0	79.0	432
20-24	7.7	20.9	19.0	72.7	1,527	6.4	17.4	11.4	76.5	404
25-29	9.8	25.3	20.3	69.3	1,265	14.3	24.8	20.6	64.6	409
30-34	8.7	22.4	19.3	72.7	1,028	10.8	26.5	17.2	63.4	305
35-39	9.1	22.7	17.7	73.4	915	11.9	21.7	19.3	67.7	292
40-44	9.2	21.6	18.5	74.8	928	14.6	22.5	18.1	66.7	297
45-49	8.0	18.3	17.1	77.3	908	12.7	22.8	12.6	68.1	275
Жашаган жеринин тиби										
Шаар	6.1	17.4	15.9	78.9	3,070	11.1	15.2	13.9	73.3	781
Айыл	8.6	20.9	17.6	73.5	5,138	10.3	23.8	16.1	68.5	1,632
Облусу										
Ысык-Көл	26.3	56.9	49.4	38.3	650	6.1	19.6	9.8	77.1	207
Жалал-Абад	1.7	7.8	6.2	89.8	1,332	0.9	7.3	8.2	87.9	402
Нарын	22.0	36.0	43.2	46.4	281	2.5	10.4	29.6	67.5	98
Баткен	7.3	27.5	24.4	64.6	616	69.2	71.5	49.7	8.4	186
Ош	4.1	12.0	7.6	84.5	1,627	0.7	1.6	0.4	98.1	526
Талас	11.7	39.3	37.7	52.2	360	10.4	32.1	8.3	65.7	126
Чүй	10.0	22.0	17.1	71.5	1,465	14.7	52.8	35.2	29.7	407
Бишкек шаары	2.3	8.4	9.0	88.8	1,566	7.1	2.8	8.0	84.5	383
Ош шаары	12.3	23.4	22.2	72.8	311	5.1	24.7	11.5	66.8	78
Билими										
Билими жок/башталгыч	*	*	*	*	*	*	*	*	100.0	7
Негизги жалпы	3.3	12.0	9.0	84.4	1,139	5.8	19.2	10.0	76.2	338
Толук орто	6.3	16.6	13.0	79.1	3,468	11.1	20.6	13.9	71.5	1,158
Башталгыч/орто кесиптик	10.8	25.4	23.5	68.7	1,364	10.3	22.9	20.6	65.2	388
Жогорку	10.3	24.9	23.6	69.3	2,198	12.8	21.9	18.3	66.2	522
Жетиштүү жашоо квинтилдери										
Эң төмөнкү	11.0	24.1	23.3	69.1	1,459	6.5	14.7	12.6	78.4	502
Экинчи	8.3	20.0	18.8	73.9	1,473	10.8	24.2	15.0	69.5	496
Орто	6.5	19.8	14.1	75.3	1,538	12.7	27.8	17.0	64.9	451
Төртүнчү	9.3	22.0	18.2	73.4	1,667	14.8	29.6	22.8	57.8	449
Эң жогорку	4.4	14.1	12.5	83.1	2,071	8.7	10.6	10.5	77.7	515
Бардыгы	7.7	19.6	17.0	75.5	8,208	10.6	21.0	15.4	70.1	2,413

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

7.12 МЕДИЦИНА КЫЗМАТКЕРЛЕРИ МЕНЕН БИРГЕ ҮЙ-БҮЛӨНҮ ПЛАНДООГО БАЙЛАНЫШКАН МАСЕЛЕЛЕРДИ ТАЛКУУЛОО

Медицина кызматкерлери контрацепциянын ыкмаларын пайдаланбагандар, бирок бул маселелер боюнча жардамга муктаж болгондор үчүн үй-бүлөнү пландоо маселелери боюнча абдан маанилүү маалымат булагы болуп саналат. КР МДИ-2012нин аялдар анкетасы контрацепциянын ыкмаларын пайдаланбаган аялдарда изилдөө жүргүзгөнгө чейин бир жыл ичинде медицина кызматкерлери менен байланыш болгондугун, медицина кызматкерлеринен үй-бүлөнү пландоо жөнүндө кандайдыр бир маалыматтарды алышкандыгын билүү максатында бир канча суроолорду камтыйт.

7.12-таблицада контрацепциянын ыкмаларын пайдаланбаган аялдардын 13 пайызынын үйүнө үй-бүлөнү пландоо боюнча маселелерди талкуулоо үчүн медицина кызматкерлери келген, ал эми аялдардын 17 пайызы өз кезегинде акыркы 12 ай ичинде медициналык мекемелерге өздөрү барган учурда үй-бүлөнү пландоо маселелерин талкуулашканы көрсөтүлгөн. Жыйынтыктар контрацепциянын ыкмаларын пайдаланбагандар менен үй-бүлөнү пландоо маселелерин талкуулоо үчүн айрым потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрдө ката кетирилгендиги тууралуу күбөлөндүрөт. Ал эми контрацепциянын ыкмаларын пайдаланбаган аялдардын төрттөн биринен көбүрөөгү (26 пайызы) өткөн жылы медициналык мекемелерге барууда үй-бүлөнү пландоо жөнүндө эч кандай маалыматтарды алышкан эмес. Жалпысынан, контрацепциянын ыкмаларын пайдаланбагандардын 78 пайызы өткөн жылы медициналык мекемелерде да, акыркы патронаж жүргүзүүдө да медицина кызматкерлери менен үй-бүлөнү пландоо маселелерин талкуулашкан эмес. Бул пайыз 25-29 жаштагы аялдарда (61 пайыз), айылдык райондордогу аялдарда (74 пайыз), Ысык-Көл облусунда (68 пайыз) жашаган аялдарда жана жетиштүү жашоонун төмөнкү квинтилиндеги аялдарда (70 пайызы) бир кыйла төмөн.

7.12-таблица. Медициналык кызматкерлер менен контрацепциянын ыкмаларын пайдаланбаган жактардын байланышы

Контрацепциянын ыкмаларын колдонбогон 15-49 жаштагы аялдардын арасындагы медицина кызматкери үйүнө келген кезде үй-бүлөнү пландоо маселелери боюнча талкуулашкан аялдардын пайызы, медициналык мекемеге барган, бирок үй-бүлөнү пландоо маселелери жөнүндө талкуулашпаган аялдардын пайызы, медицина кызматкери менен медициналык мекемеде да эмес, колдоо көрсөтүүдө да эмес үй-бүлөнү пландоо маселелери жөнүндө талкуулашпаган аялдардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Үйүнө медициналык кызматкерлер келген жана алар менен үй-бүлөнү пландоо маселелери жөнүндө талкуулашкан аялдардын пайызы	Акыркы 12 ай ичинде медициналык мекемелерге барган аялдардын пайызы жана:		Медициналык мекемеде эмес, медицина кызматкери үйүнө келген кезде үй-бүлөнү пландоо жөнүндө бир да жолу талкуулашпаган аялдардын пайызы	Аялдардын саны
		Үй-бүлөнү пландоо маселелерин талкуулашкан	Үй-бүлөнү пландоо маселелерин талкуулаш-паган		
Жаш курак					
15-19	4.5	4.8	14.7	92.9	1,627
20-24	17.1	24.8	24.0	71.2	1,312
25-29	22.6	31.1	30.6	60.9	919
30-34	18.9	21.3	32.3	69.0	576
35-39	16.6	18.9	38.9	72.8	530
40-44	8.7	12.1	30.5	83.6	558
45-49	6.3	9.4	30.0	87.5	684
Жашаган жеринин тиби					
Шаар	9.6	9.9	28.2	85.1	2,361
Айыл	14.8	21.1	24.4	74.0	3,844
Облусу					
Ысык-Көл	27.7	16.0	38.7	68.1	465
Жалал-Абад	20.0	20.1	31.1	73.1	971
Нарын	16.5	18.3	11.6	75.1	167
Баткен	12.7	10.2	31.4	83.9	466
Ош	8.1	23.8	4.3	73.3	1,287
Талас	10.1	15.4	50.0	81.7	229
Чүй	14.5	21.0	36.1	75.5	1,162
Бишкек шаары	5.4	6.4	26.1	90.8	1,208
Ош шаары	9.4	13.1	20.3	81.8	250
Билими					
Билими жок/башталгыч	(9.0)	(9.3)	(32.7)	(87.2)	38
Негизги жалпы	11.8	13.6	18.9	81.9	1,005
Толук орто	13.0	18.0	23.8	76.8	2,555
Башталгыч/орто кесиптик	13.3	16.4	33.6	78.4	970
Жогорку	12.9	17.3	28.5	77.9	1,637

уландысы

7.12- таблицанын уландысы

Жетиштүү жашоо квинтилдери					
Эң төмөнкү	15.6	23.7	19.6	70.1	1,065
Экинчи	15.2	22.0	25.4	72.5	1,079
Орто	14.6	18.0	25.6	77.5	1,149
Төртүнчү	12.6	16.3	30.2	78.7	1,288
Эң жогорку	8.2	8.4	26.9	87.4	1,625
Бардыгы	12.8	16.8	25.8	78.2	6,205

Эскертүү: Кашаадагы цифралар маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет.

Контрацепциянын ыкмаларын пайдаланбаган, изилдөөгө чейинки 12 ай ичинде медициналык мекемелерге барган, бирок үй-бүлөнү пландоо маселелерин талкуулабаган аялдардын үлүшү 1997-жылдагы 31 пайыздан 2012-жылдагы 26 пайызга чейин төмөндөгөн (НИИ акушерства и педиатрии МЗ КР жана Макро Интернешнл, 1998).

7.13 Аялдардын контрацепция колдонуусуна эркектердин мамилеси

КР МДИ-2012ни жүргүзүүдө эркек респонденттерден аялдардын контрацепциянын ыкмаларын пайдалангандыктары тууралуу жалпы кабыл алынган ырастамалар жөнүндөгү эки ой пикир тууралуу сурадык: “Контрацепция – бул аялдардын иши” жана “Контрацепцияны пайдаланган аялдар башаламан жыныстык жашоонуу алып жүрүшү мүмкүн”. 7.13-таблицада сурамжылоонун негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды жыйынтыктары көрсөтүлгөн.

7.13-таблицада 15-49 жаш курактагы эркектердин 56 пайызы “Контрацепция – бул аялдардын иши” деген ырастама менен макул эместиги, 23 пайызы бул ырастама менен макул экендиги, ал эми 22 пайызы билишпегендиги көрсөтүлгөн. Бул ырастама менен макул болгон эркектердин үлүшү Чүй облусундагы эркектерде башка региондорго караганда жогору (75 пайыз). Бул көрсөткүч ошондой эле 35-44 жаш курактагы эркектерде (27 жана 28 пайыз), кесиптик же жогорку билими бар эркектерде (29 жана 32 пайыз) жана жетиштүү жашоонун төртүнчү квинтилиндеги эркектерде (35 пайыз) башка топтогу эркектерге караганда жогору.

Эркектердин элүү сегиз пайызы “Контрацепцияны пайдаланган аялдар башаламан жыныстык жашоонуу алып жүрүшү мүмкүн” деген ырастама менен макул эмес, 12 пайызы бул бекитүү менен макул, ал эми 29 пайызы билишпейт. Ош шаарында жашаган эркектер башка региондогу эркектерге караганда бул ырастама менен көбүрөөк макул (55 пайыз) болушат. Шаарда жашаган эркектер (15 пайыз), кесиптик же жогорку билими бар эркектер (14 жана 17 пайыз) жана жетиштүү жашоонун төртүнчү квинтилиндеги эркектер (19 пайыз) башка эркетерге караганда бул ырастама менен көбүрөөк макул болушат.

7.13-таблица. Эркектердин аялдардын контрацепцияны пайдалануусуна карата мамилеси

Аялдардын контрайепцияны колдонуусу боюнча жалпы кабыл алынган эки ырастама боюнча 15-49 жаштагы эркектердин негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайыздык бөлүнүшү: «Контрацепция – бул аялдардын иши жана «Контрацепцияны колдонгон аялдар башаламан жыныстык жашоону алып жүрүшү мүмкүн», Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Контрацепция – бул аялдардын иши				Контрацепцияны пайдаланган аялдар тартипсиз жыныстык жашоонуу алып жүрүшү мүмкүн				Аялдар-дын саны
	Макул эмес	Макул	Билбейм	Бардыгы	Макул эмес	Макул	Билбейм	Бардыгы	
Жаш курак									
15-19	28.3	14.8	57.0	100.0	31.7	6.4	61.9	100.0	432
20-24	60.0	18.6	21.5	100.0	51.1	14.0	34.9	100.0	404
25-29	58.9	26.5	14.6	100.0	62.9	15.5	21.6	100.0	409
30-34	62.5	23.3	14.2	100.0	66.4	12.4	21.2	100.0	305
35-39	62.4	27.3	10.3	100.0	71.1	8.9	20.0	100.0	292
40-44	63.0	27.6	9.4	100.0	70.2	15.0	14.8	100.0	297
45-49	65.0	24.8	10.3	100.0	69.5	14.1	16.4	100.0	275
Жашаган жеринин тиби									
Шаар	55.8	23.0	21.2	100.0	58.8	15.0	26.2	100.0	781
Айыл	55.6	22.6	21.8	100.0	58.2	10.9	30.9	100.0	1,632
Облусу									
Ысык-Көл	42.9	45.3	11.8	100.0	79.9	7.5	12.6	100.0	207
Жалал-Абад	93.6	2.3	4.1	100.0	94.0	0.9	5.0	100.0	402
Нарын	88.8	4.1	7.1	100.0	85.3	1.8	13.0	100.0	98
Баткен	25.2	10.3	64.5	100.0	27.6	24.0	48.4	100.0	186
Ош	74.6	1.8	23.6	100.0	55.0	1.8	43.2	100.0	526
Талас	69.3	5.8	24.9	100.0	71.5	4.0	24.5	100.0	126
Чүй	2.4	74.8	22.9	100.0	26.4	32.4	41.2	100.0	407
Бишкек шаары	59.9	12.8	27.3	100.0	55.3	10.4	34.2	100.0	383
Ош шаары	33.5	66.0	0.5	100.0	41.6	54.9	3.5	100.0	78
Билими									
Билими жок/башталгыч	*	*	*	*	*	*	*	100.0	7
Негизги жалпы	43.2	12.7	44.1	100.0	43.0	8.2	48.8	100.0	338
Толук орто	60.2	19.9	19.9	100.0	62.1	10.7	27.2	100.0	1,158
Башталгыч/орто кесиптик	54.0	31.9	14.0	100.0	61.8	14.1	24.1	100.0	388
Жогорку	55.0	28.6	16.3	100.0	57.7	16.9	25.4	100.0	522
Жетиштүү жашоо квинтилдери									
Эң төмөнкү	67.7	14.9	17.4	100.0	66.0	6.3	27.7	100.0	502
Экинчи	58.5	18.6	23.0	100.0	59.8	9.6	30.6	100.0	496
Орто	53.7	21.1	25.2	100.0	56.6	10.7	32.7	100.0	451
Төртүнчү	43.5	34.9	21.7	100.0	53.2	19.0	27.9	100.0	449
Эң жогорку	53.6	25.1	21.3	100.0	55.9	15.9	28.2	100.0	515
Бардыгы	55.7	22.7	21.6	100.0	58.4	12.2	29.4	100.0	2,413

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

БОЙДОН АЛДЫРУУЛАР 8

Негизги жыйынтыктар

- Бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициенти бир аялга 0,7 түздү.
- Бойдон алдыруулардын коэффициенттери жашаган жеринен, региондон, билимдин жана жашоонун деңгээлине жараша айырмаланат, эң жогорку көрсөткүч (1,1) Талас облусунда байкалат.
- Акыркы 15 жылда бойдон алдыруулардын саны КР МДИ-2012нин жасалма бойдон алдырууларынын деңгээли КР МДИ-1997ге салыштырмалуу төмөндөгөн.
- Бойдон алдыруулардын басымдуу көпчүлүгүн бойго бүтүү учурунда контрацептивдерди колдонбогон аялдар жасашат; ал эми бойдон алдыруулардын 20 пайызы аялдардын айтуулары боюнча контрацепциянын колдонулган каражаттарынын натыйжалуу эместигинен улам болгон.
- Бойдон алдыруулардын ондон төртүнөн көбү (42 пайыз) эненин саламаттыгын сактоо зарылчылыгынан улам болгон, 18 пайызы кош бойлуулукту кечирээк пландоонун натыйжасында, 15 пайызы кош бойлуулукту токтотуу чечиминен улам болгон. Өнөктөшүнөн балалуу болууну каалабагандыктан улам жасалган бойдон алдыруулардын саны 6 пайызды түздү.
- Бойдон алдыруулардын ондон тогузу вакуумдук эксхолеация (65 пайыз) же кюретаж (27 пайыз) жолу менен жасалган.
- Изилдөөнүн алдындагы акыркы 5 жыл ичинде боюнан алдырган аялдардын жарымы гана бойдон алдырууну жүргүзүүчү медициналык кызматкер менен контрацепциянын ыкмалары боюнча сүйлөшкөн, алардын көпчүлүгү (91 пайыз) сүйлөшүүдө медицина кызматкери тарабынан контрацепциянын кайсы бир ыкмасы сунушталганын айтышкан.

Кыргыз Республикасында жасалма бойдон алдырууга мыйзам (Кыргыз Республикасынын “Жарандардын репродуктивдүү укуктары жана аларды ишке ашыруудагы кепилдиктер жөнүндө” Мыйзамы) менен уруксат берилген. Тирүү төрөлгөндөр жөнүндө маалыматка кошумча КР МДИ-2012нин кош бойлуулуктун тарыхы бөлүгүндө аялдардын бардык башка бойдон алдыруу менен бүткөн кош бойлуулуктары, жасалма бойдон алдыруулары же өлүү төрөлүүлөрү жөнүндө маалыматтар жыйналды. Кош бойлуулуктун тарыхы үчүн жыйналган жасалма бойдон алдыруулар тууралуу маалыматтар бул бөлүмдө аялдардын өмүрүндөгү бойдон алдырууларына карата тажрыйбаларын кароо жана Кыргыз Республикасындагы учурдагы бойдон алдыруулардын тенденцияларын жана азыркы абалын билүү үчүн колдонулат. Мындан сырткары, бул бөлүмдө бойдон алдыруулар менен контрацепциянын каражаттарын колдонуунун өз ара байланышы изилденет.

8.1 БОЙДОН АЛДЫРУУ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАРДЫ ЖЫЙНОО

КР МДИнин кош бойлуулуктун тарыхы бөлүгү бардык репродуктивдүү окуялар, жасалма бойдон алдыруулар тууралуу маалыматтарды толук баяндоону камсыздаган көрүнүштө түзүлгөн. Кош бойлуулуктун тарыхы тууралуу маалыматтарды алуу үчүн алгач ар бир аялга анын өмүрүндө болгон тирүү төрөөнүн, өлүү төрөөнүн, бойдон алдыруулардын жана жасалма бойдон алдыруулардын жалпы санын аныктоо үчүн суроолор берилди. Андан кийин респонденттерден алардын алгачкы кош бойлуулугунан баштап бардык кош бойлуулуктарын ирети боюнча санап берүүлөрүн жана ар бир кош бойлуулуктун бүтүшү тууралуу маалыматтарды берүүсүн сурандык. Тирүү төрөт менен бүтпөгөн ар бир кош бойлуулук боюнча кош бойлуулуктун токтотулган айы жана жылы жөнүндө маалыматтар жыйналды. Кош бойлуулуктун тарыхын толтуруунун аягында репродуктивдүү жашоо жөнүндө бөлүктүн башында жыйналган жалпыланган маалыматтар кош

бойлуулуктун тарыхында жазылган ар түрдүү окуялардын саны менен салыштырылды жана дал келбеген учурда маалыматтар кайра текшерилди.

КР МДИ-2012деги аялдар анкетасы кош бойлуулуктун узактыгы жана бүтүшү жана 2007-жылдын январынан интервьюдан өткөн учурга чейинки аралыкта колдонгон контрацепциянын каражаттарын колдонуунун аралыктары жөнүндө маалыматтар жазылган календарды камтыды. Аталган календарь контрацепциянын каражаттарын колдонуунун бойдон алдырууга алып келген эффективдүү эмес ролдорун билүү үчүн колдонулушу мүмкүн.

8.2 Жасалма бойдон алдыруу менен аяктаган кош бойлуулуктар

8.1-таблицасында КР МДИ-2012 жүргүзүүгө чейинки акыркы үч жыл (болжолдуу 2009-жылдын августунан 2012-жылдын августуна чейин) ичиндеги респонденттердин кош бойлуулуктарынын пайызы кош бойлуулуктун аякташына ылайык жана негизги мүнөздөмөлөрүнө жараша көрсөтүлдү. Бул аралыктагы кош бойлуулуктардын ондон жетисинен көбү тирүү төрөө менен аяктаган, 13 пайызы жасалма бойдон алдыруу, 9 пайызы бойдон түшүрүү жана бир пайыздан азырагы өлүү төрөлүү менен аяктаган. Жасалма бойдон алдыруу менен аяктаган кош бойлуулуктун үлүшү кош бойлуулукту токтоткон учурдагы аялдардын жаш курактарынын өсүшү менен кескин көбөйөт. Өспүрүмдөр кош бойлуулугунун эки пайыздан азыраагы жасалма бойдон алдыруу менен аяктайт, ошол эле убакта бул көрсөткүч 35-44 жаштагы аялдардын арасында 21 пайызды түзөт. Жасалма бойдон алдыруу менен аяктаган кош бойлуулуктун үлүшү кош бойлуулуктун иреттик номери менен мыйзам ченемдүү өсөт, алгачкы кош бойлуулуктун эки пайызынан кош бойлуулуктун эсеби боюнча бешинчи же андан көп кош бойлуулуктагы 29 пайызга чейин өсөт.

8.1-таблица. Кош бойлулуктун негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды аякташы

Изилдөө алдындагы 3 жыл ичинде бүткөн негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды кош бойлуулуктун бүтүшү боюнча кош бойлуулуктун пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Кош бойлуулуктун бүтүшү				Бардыгы	Кош бойлуулук-тардын саны
	Тирүү төрөлгөндөр	Жасалма бойдон алдыруулар	Бойдон түшүүлөр	Өлүү төрөлгөндөр		
Кош бойлуулук аяктаган учурдагы жаш курак						
<20	89.4	1.9	8.5	0.2	100.0	232
20-24	80.8	8.5	10.1	0.6	100.0	1,174
25-34	75.2	16.0	8.1	0.6	100.0	1,526
35-44	66.4	21.2	10.9	1.5	100.0	449
45-49	*	*	*	*	100.0	4
Кош бойлуулуктун иреттик номери						
Биринчи	90.4	2.0	7.2	0.4	100.0	884
Экинчи	83.2	6.3	9.6	0.9	100.0	725
Үчүнчү	72.9	14.8	11.7	0.6	100.0	603
Төртүнчү	71.6	18.4	9.1	0.9	100.0	444
Бешинчи же андан көп	61.0	28.8	9.3	0.9	100.0	729
Жашаган жеринин тиби						
Шаар	71.6	18.4	9.3	0.8	100.0	1,088
Айыл	79.5	10.7	9.2	0.7	100.0	2,297
Облусу						
Ысык-Көл	76.7	12.3	9.4	1.7	100.0	299
Жалал-Абад	78.1	13.5	8.1	0.3	100.0	620
Нарын	87.4	5.9	5.7	1.0	100.0	125
Баткен	82.1	10.6	6.8	0.5	100.0	308
Ош	76.8	10.6	12.2	0.3	100.0	657
Талас	75.1	14.5	9.8	0.6	100.0	215
Чүй	77.1	14.6	7.4	0.9	100.0	544
Бишкек шаары	70.8	17.3	10.7	1.2	100.0	522
Ош шаары	77.4	13.7	8.9	0.0	100.0	96
Аялдардын билими						
Билими жок /башталгыч	*	*	*	*	100.0	17
Негизги жалпы	79.4	7.8	12.4	0.4	100.0	359
Толук орто	77.4	13.5	8.3	0.7	100.0	1,521
Башталгыч/орто кесиптик	79.0	13.0	7.4	0.6	100.0	533
Жогорку	73.8	14.8	10.5	0.9	100.0	955
Жетиштүү жашоо квинтили						
Эң төмөнкү	81.2	9.2	8.8	0.8	100.0	617
Экинчи	80.1	11.3	7.9	0.7	100.0	633
орто	79.0	9.3	10.8	1.0	100.0	697
төртүнчү	74.6	17.1	8.1	0.3	100.0	776
Эң жогорку	70.5	18.0	10.6	0.9	100.0	663
Бардыгы	76.9	13.1	9.2	0.7	100.0	3,385

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошону үчүн алар көрсөтүлгөн эмес.

Шаар жериндеги аялдар (18 пайыз) айыл жериндеги аялдарга (11 пайыз) караганда кош бойлуулукту жасалма бойдон алдыруу менен көп токтотушат. Регионалдык аспектиде жасалма бойдон алдыруу менен аяктаган кош бойлуулуктун үлүшү Бишкек шаарында (17 пайыз) эң жогору, ал эми Нарын облусунда (6 пайыз) эң төмөн. Кош бойлуулукту жасалма бойдон алдыруу менен токтотуунун ыктымалдуулугу билимдин деңгээли менен бир убакта өсөт, толук эмес орто билимдүү аялдар арасындагы кош бойлуулуктун 8 пайызынан жогорку атайын орто билимдүүлөрдөгү 15 пайызга чейин өсөт. Жашоо деңгээлин талдоодо жасалма бойдон алдыруулар менен бүткөн кош бойлуулуктардын эң жогорку пайызы төртүнчү же бешинчи квинтилде жашаган аялдар арасында көрсөтүлгөн (17 жана 18 пайыз).

8.3 РЕСПОНДЕНТТИН ӨМҮРҮНДӨГҮ ЖАСАЛМА БОЙДОН АЛДЫРУУЛАРЫ

8.2-таблицада аялдардын өмүрүндөгү жасалма бойдон алдыруулар менен байланышкан тажрыйбалардынын бир катар көрсөткүчтөрү, качандыр бир кезде жасалма бойдон алдырганын айткан бардык аялдардын пайызы, бойдон алдыруулардын саны боюнча качандыр бир кезде жасалма бойдон алдырган аялдардын пайыздык бөлүнүшү жана качандыр бир кезде бойдон алдырткан аялдардын орточо саны көрсөтүлгөн.

Жалпысынан Кыргызстандагы 15 жаштан 49 жашка чейинки ар бир алтынчы аял (18 пайыз) качандыр бир кезде жасалма бойдон алдырышкан. Бул аялдардын жарымы (51 пайыз) бир жолу, бир аз азырагы экиден үчкө чейин (44 пайыз), 4 пайызы төрттөн бешке чейин, 2 пайыздан азырагы 6 же андан көп жолу бойдон алдырышкан. Качандыр бир кезде жасалма бойдон алдырткан аялдардын арасында бойдон алдыруулардын орточо саны бир аялга 1,8ди түздү.

Бойдон алдыруулар менен байланышкан тажрыйба аялдардын жаш курагынын жана тирүү балдарынын санынын өсүшү менен көбөйөт. Мисалы, 35 же андан улуу жаштагы аялдар 25-34 жаштагы аялдарга (33 пайызга 21 пайыз) салыштырмалуу 1,6 эсеге көп бойдон алдырышкан. Жасалма бойдон алдыруулардын деңгээли менен үй-бүлөлүк мамиленин бузулушунун байланышы байкалбайт: азыркы учурда никеде турган аялдардын арасынан 25 пайызы качандыр бир кезде бойдон алдырышкан, ажырашкан, өзүнчө жашаган жана жесир калган аялдардын арасында 24 пайызы бойдон алдырышкан.

Шаар жериндеги аялдар айыл жериндеги аялдарга салыштырмалуу бойдон көп алдырышкан. Талас, Чүй, Ысык-Көл облустары жана Бишкек шаары башка региондорго караганда качандыр бир кезде бойдон алдырышкан аялдардын жогорку пайыздык үлүшүнө ээ. Жалпысынан билимдин жана жашоонун деңгээли канчалык жогору болсо, аялдар ошончо көп жасалма бойдон алдырышкан. Мисалы, качандыр бир кезде жасалма бойдон алдырган аялдардын пайызы толук эмес орто билимдүү аялдардын арасындагы 7 пайыздан кесиптик-техникалык же атайын орто билимдүү аялдардын арасында эң жогорку чекке, 27 пайызга жетет, андан кийин жогорку билимдүү аялдар арасында 21 пайызга чейин төмөндөйт.

Жалпысынан 8.2-таблицада көрсөтүлгөндөй, качандыр бир кезде жасалма бойдон алдырган аялдардын орточо саны негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды олуттуу айырмаланып турат. Аялдардын жаш курагы, региондордогу тирүү балдардын саны боюнча эң көп айырмачылыктар байкалат.

8.2-таблица. Аялдардын жашоосундагы жасалма бойдон алдыруулары

15-49 жаштагы жок дегенде бир жолу жасалма бойдон алдырткан аялдардын пайызы жана 15-49 жаштагы аялдардын арасындагы бойдон алдыруулардын саны боюнча пайыздык бөлүнүшү, ошондой эле бойдон алдыруулардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды орточо саны, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Жасалма бойдон алдырткан аялдар-дын пайызы	Аялдар-дын саны	Бойдон алдырткан аялдардын арасындагы бойдон алдыруулардын саны боюнча пайыздык бөлүнүшү				Бардыгы	Жасалма бойдон алдыруу-лардын орточо саны	Жасалма бойдон алдыруусу бар аялдар-дын саны
			1	2-3	4-5	6+			
Жаш курак									
<20	0.0	1,637	*	*	*	*	100.0	*	0
20-24	4.6	1,527	66.6	31.2	2.2	0.0	100.0	1.4	71
25-34	21.2	2,293	62.3	35.9	1.4	0.5	100.0	1.5	487
35+	33.3	2,751	44.5	48.5	4.9	2.1	100.0	1.9	917
Тирүү балдардын саны									
0	0.7	2,780	*	*	*	*	100.0	*	21
1	13.8	1,240	58.3	39.8	1.1	0.8	100.0	1.6	171
2	29.4	2,744	52.6	42.9	3.8	0.7	100.0	1.7	807
3	32.9	1,444	45.9	46.7	4.3	3.1	100.0	2.0	475
Үй-бүлөлүк абал									
Бир да жолу никеде турбаган аялдар	0.3	2,245	*	*	*	*	100.0	*	7
Учурда никеде турат	24.6	5,256	51.5	43.5	3.5	1.6	100.0	1.8	1,295
Никеде турган	24.4	707	49.7	44.8	5.0	0.5	100.0	1.8	172
Жашаган жеринин тиби									
Шаар	20.7	3,070	49.6	43.8	4.7	2.0	100.0	1.8	634
Айыл	16.4	5,138	52.8	43.3	2.8	1.1	100.0	1.7	840
Облусу									
Ысык-Көл	21.1	650	49.8	43.8	4.9	1.5	100.0	1.8	137
Жалал-Абад	16.2	1,332	44.9	48.2	5.1	1.9	100.0	1.8	215
Нарын	10.7	281	73.3	25.1	1.6	0.0	100.0	1.4	30
Баткен	12.2	616	57.2	42.2	0.7	0.0	100.0	1.5	75
Ош	14.6	1,627	54.1	43.1	2.8	0.0	100.0	1.7	238
Талас	26.6	360	55.7	39.3	4.4	0.5	100.0	1.7	96
Чүй	19.8	1,465	52.4	43.1	2.0	2.5	100.0	1.8	290
Бишкек шаары	22.7	1,566	51.0	42.5	4.5	2.1	100.0	1.8	356
Ош шаары	12.2	311	(33.8)	(60.3)	(5.6)	(0.3)	100.0	(1.9)	38
Билим									
Негизги жалпы	7.2	1,139	56.4	38.3	2.8	2.5	100.0	1.7	83
Толук орто	16.4	3,468	51.1	43.3	4.0	1.5	100.0	1.8	570
Башталгыч/орто кесиптик	26.6	1,364	51.2	44.7	2.7	1.4	100.0	1.7	363
Жогорку	20.9	2,198	51.0	43.8	3.9	1.2	100.0	1.7	460
Жетитүү жашоо квинтили									
Эң төмөнкү	15.6	1,459	48.7	47.2	3.9	0.3	100.0	1.7	228
Экинчи	16.3	1,473	52.0	43.6	2.8	1.5	100.0	1.8	240
Орто	15.9	1,538	61.4	36.7	1.2	0.8	100.0	1.5	244
Төртүнчү	20.1	1,667	46.6	47.7	4.2	1.5	100.0	1.8	336
Эң жогорку	20.6	2,071	50.6	42.2	4.9	2.4	100.0	1.8	427
Бардыгы	18.0	8,208	51.4	43.5	3.6	1.5	100.0	1.8	1,475

Эскертүү: “Азыркы учурда никеде турат” пункту жарандык (бейформал) никеде турган (бирге жашаган) респонденттерди камтыйт. «Никеде турган” пункту ажырашкан, өзүнчө жашаган жана жесир калган респонденттерди камтыйт. * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошону үчүн алар көрсөтүлгөн эмес. Кашаадагы маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделген. Жалпы санга бир да билими жок же башталгыч билимге гана ээ 39 аял кошулду.

8.4 ЖАСАЛМА БОЙДОН АЛДЫРУУЛАРДЫН КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

8.4.1 Бойдон алдыруулардын деңгээли

8.3-таблицада КР МДИ-2012 өткөнгө чейинки аралыктагы үч жыл ичиндеги (болжолдуу 2009-жылдын августунан 2012-жылдын августуна чейин) жасалма бойдон алдыруулардын коэффициенттери көрсөтүлгөн. Таблицада коэффициенттердин үч түрү көрсөтүлгөн: жасалма бойдон алдыруунун жаш курактык коэффициенти (ЖБАК), жасалма бойдон алдыруунун жалпыланган коэффициенти (ЖБАЖК) жана жасалма бойдон алдыруунун жалпы коэффициенти (ЖБАЖК). Бул коэффициенттер төрөттүн жаш курактык коэффициенттеринин, төрөттүн жалпыланган коэффициенттеринин жана төрөттүн жалпы коэффициенттеринин эсептөөлөрүнө бирдей эсептелген. Жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициенти 1,000 аял эсебинде көрсөтүлгөн жана белгилүү жаш курактагы аялдардын арасындагы бойдон алдыруулардын санына карата бул жаш курактык топтогу аялдардын жалпы санына чагылдырылат. Жасалма бойдон алдыруулардын эсепте бир аялга көрсөтүлгөн жалпыланган коэффициенти өзү менен кошо бардык жаш курактык топтун жаш курактык коэффициенттерин көрсөтөт. Жасалма бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициенти деп, эгерде учурдагы жасалма бойдон

алдыруулардын жаш курактык коэффициенттери анын репродуктивдүү мезгилинде дагы сакталып кала турган болсо, аялдардын өмүрүндө баштарынан кчирүүсү мүмкүн болгон жасалма бойдон алдыруулардын саны түшүндүрүлөт. Жасалма бойдон алдыруулардын жалпы коэффициенти 15 жаштан 44 жашка чейинки аялдардын санына карата бойдон алдыруулардын санына эсептелет жана 1,000 аял эсебинде көрсөтүлөт.

Кыргызстанда жасалма бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициенти 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдар үчүн бир аялга 0,7 жасалма бойдон алдыруу туура келет. Шаар жеринде жасалма бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициенти бир аялга 0,8 бойдон алдырууга барабар жана айыл жериндеги аялдардын жасалма бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициентине (бир аялга 0,6 жасалма бойдон алдыруу) караганда бир канча жогору.

8.3-таблица. Жасалма бойдон алдыруулардын коэффициенттери

Изилдөө алдындагы үч жыл ичиндеги жашаган жеринен көз каранды жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициенттери (ЖБАЖКК) (1000 аялга), жасалма бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициенттери (ЖБАЖК) жана жасалма бойдон алдыруулардын жалпы коэффициенттери, Кыргыз Республикасы, 2012

Жаш курактык топ	Жашаган жеринин тиби		Бардыгы
	Шаар	Айыл	
15-19	2	0	1
20-24	28	19	23
25-29	52	40	45
30-34	35	30	32
35-39	32	19	23
40-44	10	12	11
45-49	0	1	0
ЖБАЖК (15-49)[1]	0.8	0.6	0.7
ЖБАЖК (15-44)[1]	0.8	0.6	0.7
ЖБАБК[2]	25.0	19.0	21.0

[1] Жасалма бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициенттери (ЖБАЖК) бир аялга эсептелип чагылдырылды.
[2] Жасалма бойдон алдыруулардын жалпы коэффициенттери (ЖБАЖК) бойдон алдыруулардын санына карата аялдардын миңине эсептегендеги аялдардын санына (15-49 жаштагы) барабар.

Жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициентинин деңгээли 15-19 жаштагы аялдар арасында төмөн, андан кийин ал 25-29 жаштагы аялдар арасында (1,000 адамга 49) чегине чейин кескин өсөт жана кайрадан улуу жаш курактарда бир канча төмөндөйт. 40 жашка чейинки аялдардын жаш курактык топторунда жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициенти шаар жеринде да, айыл жеринде да бирдей көбөйөт; бир топ улуу жаш курактык топтордогу аялдар арасында ошол эле абал байкалат жана жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициенти айыл жериндеги аялдарда бир аз гана, бирок көрсөткүчтөр шаардыктарда көбөйүүдө. Жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициентин төрөттүн жаш курактык коэффициенти менен салыштырсак, жасалма бойдон алдыруулардын коэффициенти төрөттүн коэффициентине караганда аялдардын бардык жаш курактык топторунун арасында бир кыйла төмөн (8.1-график).

8.1-график

Төрөттүн жаш курактык коэффициенти (ТЖК) жана жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициенти (ЖБАЖК)



КР МДИ-2012

Кыргыз Республикасы боюнча жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициентинин көрсөткүчү МДИнин мурунку Советтер Союзунун башка өлкөлөрүндөгү, анын ичинде: Армения, 2010-жыл (бир аялга 0,8 жасалма бойдон алдыруу), Молдова, 2005-жыл (1,1) жана Өзбекстан, 2002-жыл (0,95) жакынкы изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарынан айырмаланат, бирок МДИ жыйынтыктары Тажикстан, 2012-жыл (0,5) жана Украина, 2007-жыл (0,4) боюнча жогору (Булактар: НСС [Армения] ж.б., 2012; НЦПМ [Молдова] жана ОРС Макро, 2006; Маалыматтык-аналитикалык борбору [Өзбекстан] ж.б., 2004; СА/МЗ [Тажикстан] жана ICF Интернешнл, 2012 жана УЦСР [Украина] ж.б., 2008).

8.4.2 Бойдон алдыруулардын мүнөздүү айырмачылыктары

8.4-таблицасында КР МДИ-2012 изилдөөсүн өткөргөнгө чейинки үч жыл ичинде жасалма бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициентинин айырмачылыктары жана 40-49 жаштагы аялдардын качандыр бир кезде жасаган жасалма бойдон алдырууларынын орточо саны көрсөтүлгөн. Акыркысы репродуктивдүү мезгилинин аягына жакындап калган аялдардын өмүрүндөгү кош бойлуулукту токтотууларынын топтолмо көрсөткүчү болуп саналат. Жасалма бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициенти менен бойдон алдыруулардын орточо санын салыштыруу акыркы 30 жыл ичиндеги бойдон алдыруулардын деңгээлинин тенденцияларын баалоого жардам берет.

8.4-таблица. Жасалма бойдон алдыруулардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды бөлүнүшүндөгү көрсөткүчтөрү

Изилдөө алдындагы үч жыл ичиндеги жасалма бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициенттери жана 40-49 жаштагы аялдардын бойдон алдырууларынын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды орточо саны, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	15-49 жаштагы аялдардын арасындагы жасалма бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициенттери	40-49 жаштагы аялдардын арасындагы жасалма бойдон алдыруулардын орточо саны
Жашаган жеринин тиби		
Шаар	0.8	0.8
Айыл	0.6	0.6
Облусу		
Ысык-Көл	0.7	0.8
Жалал-Абад	0.8	0.7
Нарын	0.3	0.3
Баткен	0.7	0.3
Ош	0.6	0.5
Талас	1.1	0.9
Чүй	0.7	0.7
Бишкек шаары	0.7	0.9
Ош шаары	0.6	0.5
Билими		
Билими жок/башталгыч	*	*
Негизги жалпы	0.5	0.5
Толук орто	0.7	0.6
Башталгыч/орто кесиптик	0.7	0.7
Жогорку	0.7	0.8
Жетиштүү жашоо квинтили		
Эң төмөнкү	0.5	0.6
Экинчи	0.7	0.7
Орто	0.5	0.5
Төртүнчү	0.9	0.7
Эң жогорку	0.7	0.8
Бардыгы	0.7	0.7

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошону үчүн алар көрсөтүлгөн эмес.

Жалпысынан 8.4-таблицада көрсөтүлгөн жасалма бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициентинин айырмачылыктары чоң эмес. Жасалма бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициентинин эң жогорку көрсөткүчү (бир аялга 1,1 бойдон алдыруу) Талас облусунда байкалат, ал эми эң төмөнкү көрсөткүч (бир аялга 0,3 бойдон алдыруу) Нарын облусунда байкалат. Жасалма бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициенти толук эмес орто билими бар аялдарда (бир аялга 0,5 бойдон алдыруу) жогорку деңгээлдеги билимдүү аялдарга (бир аялга 0,7 бойдон алдыруу) караганда бир канча төмөн.

Изилдөөнүн алдындагы үч жыл ичинде жасалма бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициентинин көрсөткүчү (бир аялга 0,7 бойдон алдыруу) 40-49 жаштагы аялдардын качандыр бир кезде жасалма бойдон алдырууларынын орточо санына (бир аялга 0,7 бойдон алдыруу) идентификацияланган. Бул Кыргыз Республикасындагы жасалма бойдон алдыруулардын деңгээли акыркы 30 жыл ичинде өзгөрүүсүз калды дегенди божомолдойт. Бирок кийинки бөлүктө көрсөтүлгөн КР МДИ-1997нин жасалма бойдон алдыруулары боюнча маалыматтардын толук талдоосу жасалма бойдон алдыруулардын деңгээли акыркы бир нече он жылдыкта көбүрөк төмөндөгөнүн көрсөтөт.

8.4.3 Жасалма бойдон алдыруулардын деңгээлинин тенденциясы

Бойдон алдыруулардын деңгээлинин тенденциясын билүү үчүн бир нече өңүттөн ар кандай мамилелерди колдонууга болот. Мындай мамилелердин бири КР МДИ-1997 менен КР МДИ-2012де көрсөтүлгөн жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициенттерин салыштыруу болуп эсептелет. КР МДИ-2012деги жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициенттери (бир аялга 0,7 бойдон алдыруу) КР МДИ-1997де көрсөтүлгөн жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициенттеринен (бир аялга 1,55 бойдон алдыруу) бир кыйла төмөн (ЭБКУБ жана Макро Интернешнл, 1998), жана бул эки изилдөөнүн аралыгындагы 15 жыл ичинде жасалма бойдон алдыруулардын деңгээли 50 пайыздан көбүрөк азайган деп жыйынтык чыгарууга болот. 8.2-графикте эки изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициенттери салыштырылып көрсөтүлгөн, ошондой болсо да, жасалма бойдон алдыруулардын деңгээлинин төмөндөшү ар бир жаш курактык топто даана байкалууда. Эки изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча аялдардын өмүрүндөгү жасалган жасалма бойдон алдырууларынын санындагы айырмачылыктар да акыркы 15 жыл ичинде жасалма бойдон алдыруулардын азайгандыгын көрсөтөт. Мисалы, эгер КР МДИ-1997де респондент аялдардын 30 пайызы жасалма бойдон алдырганын айтышса, КР МДИ-2012де 18 пайызы гана жасалма бойдон алдырганын айтышкан. Мындан сырткары, КР МДИ-1997нин жыйынтыгы боюнча качандыр бир кезде бойдон алдырган 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын арасындагы жасалма бойдон алдыруулардын орточо саны 2,3кө барабар болгон (ЭБКУБ жана Макро Интернешнл, 1998), ал эми бул көрсөткүч МДИ-2012нин жыйынтыгы боюнча 1,8ди түздү.

8.2-график
Жасалма бойдон алдыруулардын деңгээлинин тенденциясы



Жасалма бойдон алдуруулардын деңгээлинин тенденциясын талдоо үчүн башка бир убакыттын белгилүү мезгилине кош бойлуулуктун тарыхынын маалыматтарын колдонуу менен КР МДИ-2012деги респонденттердин жасалма бойдон алдырууларынын жаш курактык коэффициенттерине салыштыруу болуп саналат. 8.5-таблицасында КР МДИ-2012 алдындагы бир нече беш жылдык мезгил үчүн жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициенттери көрсөтүлгөн. 50 жана андан улуу жаштагы аялдар изилдөөнүн жүрүшүндө сурамжылоодон өткөн жок, таблицадагы бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициенттери ырааттуулук менен мезгилдин өсүшүнүн ченеми боюнча кыскартылды.

КР МДИ-1997 менен КР МДИ-2012деги жасалма бойдон алдыруулардын деңгээлин салыштырууда алынган жыйынтыктарга карама-каршы келген, 8.5-таблицада көрсөтүлгөн жыйынтыктар Кыргыз Республикасындагы бойдон алдыруулардын деңгээли акыркы эки он жылдыкта бир нече төмөндөгөнүн белгилеп турат. 8.5-таблицада көрсөтүлгөн КР МДИ-1997 жана КР МДИ-2012деги жасалма бойдон алдыруулардын деңгээлдерин салыштырууда алынган жыйынтыктардын карама-каршылыгынан Кыргыз Республикасындагы бойдон алдыруулардын деңгээли акыркы эки он жылдыкта бир канча төмөндөгөнүн көрүүгө болот. Мисалы, акыркы 15 жылда мурунку маалыматтарга ылайык, 15-34 жаштагы жасалма бойдон алдыруулардын жалпыланган коэффициенти изилдөө жүргүзгөнгө чейинки акыркы 15-19 жылда бир аялга 0,56 бойдон алдыруудан, изилдөө алдындагы акыркы 5 жылдагы бир аялга 0,51 бойдон алдырууга чейин азайган.[1]

8.5-таюлица. Жасалма бойдон алдыруулардын курактык коэффициенттеринин тенденциялары

Изилдөө алдындагы беш жыл ичиндеги бойдон алдыруулардын аялдардын бойдон алдырган учурундагы жаш курагынан көз каранды курактык коэффициенттери, Кыргыз Республикасы, 2012

Аялдардын бойдон алдырган учурдагы жаш курагы	Изилдөө алдындагы жаштардын саны			
	0-4	5-9	10-14	15-19
15-19	1	2	1	1
20-24	24	25	26	25
25-29	44	□□	35	42
30-34	32	3□	45	[43]
35-39	21	20	[31]	
40-44	11	[12]		
45-49	[0]			

Эскертүү: Жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициенттери 1000 аялга жүргүзүлдү. Чарчы кашаадагы коэффициенттер кыскартылган.

Жасалма бойдон алдыруулардын коэффициенттеринин азайуусунун олуттуу тенденциясынын себептери ачык эмес. Бирок изилдөө жүргүзгөнгө чейинки (болжолдуу түрдө 1993-1997-жж.) 15-19 жылда ичиндеги жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициенттерин КР МДИ-1997 отчетундагы ошол эле убакыт ичиндеги жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициенттерин салыштырганда КР МДИ-2012нин жыйынтыгында респонденттер жашоосундагы жасаган бардык жасалма бойдон алдыруулары тууралуу маалыматтарды толук эмес бергендигин болжолдоого мүмкүн болот. Мисалы, 8.6-таблицасы 1993-жылдан 1997-жылга чейинки аралыктагы 15-34 жаштагы аялдар арасындагы жасалма бойдон алдыруулардын коэффициенттеринин деңгээли КР МДИ-1997нин жыйынтыктары боюнча алынган ушул эле жаш курактагылардын жасалма бойдон алдырууларынын деңгээли менен бир калыпта төмөн экендигин көрсөтөт.

8.6-таблица. 1993-1997-жылдардагы календарлык убак ичиндеги жаш курактык бойдон алдыруулардын коэффициенттерин салыштыруу

Изилдөө булактарына ылайык, 1993-1997-жж. календарлык убак ичиндеги жасалма бойдон алдыруулардын аялдардын бойдон алдырган учурундагы жаш курагы боюнча курактык коэффициенттери, Кыргыз Республикасы, 2012

Аялдардын бойдон алдырган учурдагы жаш курагы	1993-1997-жж.календарлык убак	
	КРМДИ-1997 алдындагы 0-4 жаш	КРМДИ-2012 алдындагы 15-19 жаш
15-19	6	1
20-24	57	25
25-29	77	42
30-34	81	43

Эскертүү: Жасалма бойдон алдыруулардын курактык коэффициенттери 1000 аялга жүргүзүлдү. Чарчы кашаадагы коэффициенттер кыскартылган.

КР МДИ-2012нин алдындагы 15-19 жылдын ичинде жүргүзүлгөн жасалма бойдон алдыруу учурларына толук баа бербөө изилдөө алдындагы убакыт аралыгынын алыстыгы менен өскөн аялдардын эстөөлөрүндөгү жаңылыштыктар менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Мындан сырткары, Кыргыз Республикасындагы 1997-жылдагы калктын курамынын өзгөрүүсү КР МДИдеги эрте убакыттагы жасалма бойдон алдыруунун деңгээлине толук баа бербөөгө таасир этет. Жалпысынан айырмачылыктар калктын уланып жаткан орус же европалык тамырларынын миграциясы менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Улуттук статистика комитети жүргүзгөн 1989-1999-2009-жылдардагы калк каттоолорго ылайык, Кыргыз Республикасында орус тамырындагы калктын бир кыйла азайуусу байкалган: 1989-жылдагы 21,5 пайыздан 1999-жылдагы 12,5 пайызга чейин жана 2009-жылы 7,8 пайыз (Улутстатком, 2011). КР МДИ-1997нин жыйынтыгы боюнча бул категория

[1]15-34 жаш курактык топтор үчүн бойдон алдыруулардын курактык коэффициенттеринин үлүшү = 15-34 жаш*5/1000 жаш курак үчүн жаш курактык бойдон алдыруулардын үлүшү.

калктын жасалма бойдон алдырууга көп барган бөлүгүн түзгөн (НИИ акушерства и педиатрии МЗ КР жана Макро Интернешнл, 1998).

Коомдун бойдон алдырууга болгон мамилеси боюнча жүрүм-турумун өзгөртүүгө таасир тийгизгендиги боюнча суроо КР МДИ-2012нин бойдон алдырууларды баалоонун жыйынтыгында каралышы керек. Эгер коом бойдон алдырууларга бир аз сабырдуу мамиле жасап жатса, анда аялдар да жасаткан бойдон алдыруулары боюнча бир аз ачык айтпай калышты деп айтууга болот. Жасалма бойдон алдыруулардын деңгээли башка индикатор боюнча тийиштүү өзгөрүүлөрсүз олуттуу азайса, анда аялдар жашоосунда болгон бардык бойдон алдырууларды айткан-айтпагандыгы маселе жаратат. Мисалы, КР МДИ-1997 менен КР МДИ-2012нин ортосундагы жасалма бойдон алдыруулардын жаш курактык коэффициенттеринин деңгээлинин азайышы күтүлгөндөн жогору, эки изилдөө арасындагы контрацепциянын ыкмаларын колдонуунун деңгээлинин бир топ азайышынан улам (1997-жылы 35 пайыз, 2012-жылы 23 пайыз) аялдар каалоосуз кош бойлуулук тобокелдиигне көп кабылгандыгын айтууга болот.

Жыйынтыгында, 90-жылдардын ортосунан баштап, Кыргыз Республикасындагы бойдон алдыруулардын деңгээли төмөндөө тенденциясына ээ деп чечим чыгарууга болот. Бирок, бул изилдөөнүн алкагынан чыккан толук талдоо талап кылынат, ар кандай факторлорду, калктын курамындагы жана контрацептивдердин ыкмаларын колдонуунун деңгээлиндеги өзгөрүүлөрдү түшүнүүгө жардам берет жана жасалма бойдон алдыруулардын деңгээлинин азайышындагы байкалган тенденцияга таасир этиши мүмкүн.

8.5 Жасалма бойдон алдыруунун алдында контрацепциянын ыкмаларын колдонуу

8.7-таблицада изилдөөнүн алдындагы үч жыл ичинде болгон бардык кош бойлуулуктар үчүн бойго бүтүү учурларында контрацепциянын ыкмаларын колдонууну чагылдыруучу КР МДИ-2012нин респонденттеринин репродуктивдүү процесстеринин календарынын маалыматтары колдонулду. Бул маалыматтар жасалма бойдон алдыруунун жыштыгына контрацепциянын ыкмаларынын таасир этүүсүнүн эффективдүү эместигинин баскычын баалоого жана контрацепциянын каражаттарын колдонуунун жасалма бойдон алдыруулардын санын кыскартуудагы ойногон ролун түшүндүрүүгө жардам берет.

8.7-таблица. Кош бойлуулуктун алдында контрацепциянын ыкмаларын колдонуу

Изилдөө алдындагы үч жыл ичинде кош бойлуулуктун бүтүшүнүн бойго бүтүү учурунда колдонулган контрацепциянын ыкмасынан көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Контрацепциянын ыкмаларын колдонуу	Кош бойлуулуктун бүтүшү				Бардык кош бойлуулуктар
	Тирүү төрөлүү	Жасалма бойдон алдыруу	Бойдон түшүү	Өлүү төрөлүү	
Бир да ыкманы колдонгон эмес	92.5	80.1	90.0	(87.4)	90.7
Ыкманын бир түрү	7.5	19.9	10.0	(12.6)	9.3
Ыкманын заманбап бир түрү	6.6	16.5	8.1	(12.6)	8.0
Бойго бүтүүгө каршы таблеткалар	0.5	1.6	1.1	(0.0)	0.7
ЖИС	2.3	2.2	1.6	(5.9)	2.2
Инъекциялык контрацептивдер	0.1	0.5	0.5	(0.0)	0.2
Эркектердин презервативи	3.6	12.1	4.3	(6.7)	4.8
Лактациялык аменорея ыкмасы (МЛА)	0.1	0.1	0.0	(0.0)	0.1
Башкалар	0.0	0.0	0.6	(0.0)	0.1
Салттык ыкманын бир түрү	0.9	3.3	1.9	(0.0)	1.3
Календарлык ыкма	0.0	1.3	0.2	(0.0)	0.2
Токтотулган жыныстык катнаш	0.8	1.7	1.6	(0.0)	1.0
Башкалар	0.0	0.4	0.0	(0.0)	0.1
Бардыгы	100.0	100.0	100.0	(100.0)	100.0
Кош бойлуулуктардын бардыгы	2,604	427	300	24	3,355

Эскертүү: Кашаанын ичиндеги маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделген.

8.7-таблицада изилдөө алдындагы үч жыл ичиндеги жасалма бойдон алдыруу менен аяктаган бардык кош бойлуулук учурларынын 20 пайызында бойго бүтүү учурларында аялдар контрацепциянын ыкмаларын колдонгондугу көрсөтүлгөн. Бул дээрлик ар бир бешинчи жасалма бойдон алдыруу контрацепциянын ыкмаларынын иштебей калуусунун натыйжасында келип чыккандыгын билдирет. Эгер контрацепциянын ыкмаларын түрлөрү боюнча карасак, анда

аялдардын 12 пайызы жасалма бойдон алдыруу менен бүткөн кош бойлуулукка чейин колдонулган контрацепциянын ыкмалары презервативдер, кээде жатын ичиндеги спирал (мындан ары – ЖИС), таблеткалар болгондугун айтышкан, ал эми аялдардын эки пайызы жасалма бойдон алдыруу менен бүткөн кош бойлуулукка чейин токтотулган жыныстык катнашты колдонушкан. Бул натыйжалардан улам, жасалма бойдон алдыруулардын деңгээлин төмөндөтүүдө контрацепциянын ыкмалары боюнча кеңештерди жакшыртуу маанилүү компонент болуп саналат деп жыйынтык чыгарсак болот.

КР МДИ-2012нин жыйынтыктары контрацепциянын ыкмаларын колдонуунун иштебей калуусунун жасалма бойдон алдыруулардын деңгээлине таасир эткенин көрсөткөнү менен изилдөө алдындагы акыркы үч жыл ичинде жасалма бойдон алдыргандардын көпчүлүгүн (80 пайыз) контрацепциянын ыкмаларын колдонбогон аялдар түздү. Ошондуктан, кош бойлуулукту кийинкиге пландоону же алдын алууну каалаган аялдардын контрацепциянын ыкмаларын алуусун жакшыртуу жасалма бойдон алдыруулардын деңгээлин төмөндөтүүдөгү аракеттердин эффективдүүлүгүн көтөрүү үчүн чечүүчү кадам болуп саналат.

8.6 Бойдон алдыруунун себептери

8.8-таблицада изилдөө алдындагы акыркы үч жыл ичиндеги аялдардын жасалма бойдон алдырууга алып келген чечимдеринин негизги себептери көрсөтүлгөн. Жасалма бойдон алдыруулардын ондон төртөөсүнөн көбү энелердин саламаттыгынын абалына байланыштуу жасалган. Жасалма бойдон алдыруулардын 18 пайызы кош бойлуулукту токтотууну каалагандыктан, 15 пайызы балалуу болууну каалабагандыктан улам жасалган. Бойдон алдыруулардын ондон бири (10 пайыз) социалдык-экономикалык себептерден улам болгон. Өнөктөштүн баладан баш тартуусу жасалма бойдон алдыруулардын 6 пайызына себеп болгон. Баланы аномалия менен төрөө коркунучу жана күйөөсүнүн жоктугу 2 пайызына себеп болгон. Аялдардын бир пайыздан азырагы жасалма бойдон алдырууну жасатууга баланын жынысы жакпагандыгы себеп болгондугун көрсөтүшкөн.

8.8-таблица Бойдон алдыруунун себептери

Изилдөө алдындагы акыркы 3 жыл ичинде жасаган жасалма бойдон алдыруулардын бойдон алдыруунун себептери боюнча негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайыздык катышы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Бойдон алдыруунун себептери											Бардыгы	Учурлардын жалпы саны
	Эненин ден соолугунун абалы	Төрөлгөн баладагы аномалия коркунучу	Социалдык-экономикалык себептер	Бала-луу болуу-ну каала-боо	Кош бойлуулукту токтотуу-га каалоо	Өнөктөшү баланын төрөлүшүн каала-байт	Баланын жакпаган жынысы/ уул каалайт	Баланын жакпаган жынысы/ кыз каалайт	Нике-си жок	Башка-лар	Маалы-маттар жок		
Жаш курак													
15-19	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	100.0	0
20-24	45.4	4.0	4.1	15.3	15.7	10.9	0.0	0.0	1.8	2.9	0.0	100.0	75
25-29	35.9	1.9	12.9	11.9	21.9	5.3	0.0	0.6	5.2	4.5	0.0	100.0	145
30-39	43.9	1.3	11.1	14.2	18.1	5.5	0.2	0.4	0.2	2.3	2.7	100.0	184
40-49	(49.0)	(1.1)	(5.6)	(30.1)	(4.4)	(5.0)	(0.0)	(0.0)	(0.0)	(0.0)	(4.8)	100.0	39
Жашаган жеринин тиби													
Шаар	41.0	2.0	12.0	8.5	20.4	6.5	0.0	0.0	3.8	3.7	2.1	100.0	200
Айыл	42.9	1.9	8.4	20.3	15.5	6.2	0.2	0.7	0.7	2.3	1.0	100.0	245
Облусу													
Ысык-Көл	(48.1)	(0.0)	(5.4)	(20.1)	(19.0)	(1.6)	(0.0)	(0.0)	(0.0)	(2.4)	(3.4)	100.0	37
Жалал-Абад	58.1	1.4	11.7	9.5	12.5	4.7	0.0	0.0	0.0	0.0	2.0	100.0	84
Нарын	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	100.0	7
Баткен	46.9	2.1	4.9	37.4	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	6.5	2.0	100.0	33
Ош	45.4	0.0	15.5	13.7	16.5	3.9	0.0	2.3	0.0	0.0	2.7	100.0	70
Талас	27.8	4.2	1.1	21.5	17.8	25.0	1.2	0.0	1.4	0.0	0.0	100.0	31
Чүй	(38.8)	(1.8)	(6.4)	(14.6)	(20.0)	(12.9)	(0.0)	(0.0)	(1.7)	(3.9)	(0.0)	100.0	80
Бишкек шаары	26.3	3.9	13.7	7.8	29.3	3.1	0.0	0.0	8.3	7.6	0.0	100.0	91
Ош шаары	(56.1)	(0.0)	(7.3)	(20.6)	(5.5)	(0.0)	(0.0)	(0.0)	(0.0)	(0.0)	(10.5)	100.0	13
Билими													
Негизги жалпы	(36.7)	(0.0)	(11.7)	(15.7)	(12.7)	(18.9)	(0.0)	(0.0)	(0.0)	(0.0)	(4.4)	100.0	28
Толук орто	52.4	1.9	7.8	15.3	11.4	5.9	0.2	0.4	0.8	2.7	1.2	100.0	206
Башталгыч/орто кесиптик	29.6	6.0	15.6	23.3	13.9	2.8	0.0	0.0	2.7	6.2	0.0	100.0	69
Жогорку	34.2	0.3	10.2	10.5	29.6	6.1	0.0	0.6	4.1	2.2	2.1	100.0	142
Жетиштүү жашоо квинтили													
Эң төмөнкү	44.3	2.1	15.9	12.3	13.1	7.9	0.0	0.0	0.0	1.1	3.4	100.0	57
Экинчи	43.5	1.0	8.8	18.9	15.7	8.6	0.5	2.2	0.0	0.7	0.0	100.0	72
Орто	46.5	1.3	10.6	26.1	6.2	3.1	0.0	0.0	0.7	4.5	1.0	100.0	65
Төртүнчү	41.7	1.8	8.1	14.6	21.7	6.0	0.0	0.0	1.0	3.1	2.2	100.0	133
Эң жогорку	38.2	2.9	9.8	8.5	22.8	6.3	0.0	0.0	6.3	4.1	1.2	100.0	119

Бардыгы	42.1	1.9	10.0	15.0	17.7	6.3	0.1	0.4	2.1	2.9	1.5	100.0	445

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошону үчүн алар көрсөтүлгөн эмес.
Кашаанын ичиндеги маалыматтар 25 тен 49 га чейинки такталбаган учурларга негизделген.

8.7 ЖАСАЛМА БОЙДОН АЛДЫРУУНУ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЫКМАЛАРЫ

8.9-таблицада жасалма бойдон алдыруулардын көпчүлүгү вакуумдук экскохлеация (65 пайыз) же кюретаж (27 пайыз) жолдору менен жасалгандыгы көрсөтүлгөн. Жасалма бойдон алдыруулардын 4 пайызга жакыны окситоцин жана башка медициналык препараттарды колдонуунун жардамы менен жүргүзүлгөн, бир пайызы башка ыкмалардын жардамы менен жүргүзүлгөн. Негизги мүнөздөмөлөрүндө айырмачылыктар аз, бирок 30 жана андан улуу жаштагы аялдар жана шаардык аялдар, алда канча билимдүү аялдар жана жашоонун эң төмөнкү деңгээлиндеги аялдар башка аялдарга караганда кандайдыр бир баскычта вакуумдук экскохлеация жолу менен көп бойдон алдырышат.

8.9-таблица. Жасалма бойдон алдырууну жүргүзүүнүн ыкмасы

Изилдөөнүн алдындагы үч жыл ичинде жасалган жасалма бойдон алдыруулардын бойдон алдырууну жүргүзүү ыкмасы боюнча негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайыздык бөлүнүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Бойдон алдыруунун ыкмасы							Бардыгы	Бойдон алдыруу-лардын саны
	Кюретаж	Вакуумдук экскохле-ация	Окситоцин	Башка препарат-тар	Башкалар	Билбейм	Маалымат-тар жок		
Жаш курак									
15-19	*	*	*	*	*	*	*	100.0	0
20-24	17.3	64.4	0.0	12.6	2.0	3.7	0.0	100.0	75
25-29	31.7	60.6	1.3	3.2	1.9	0.0	1.3	100.0	145
30-39	27.4	68.4	0.9	1.0	0.7	0.0	1.6	100.0	184
40-49	(25.2)	(68.9)	(0.0)	(0.0)	(1.1)	(4.8)	(0.0)	100.0	39
Жашаган жеринин тиби									
Шаар	25.5	68.1	0.6	2.8	0.7	0.0	2.4	100.0	200
Айыл	28.0	63.0	0.9	4.2	1.9	1.9	0.0	100.0	245
Облусу									
Ысык-Көл	(36.5)	(60.2)	(0.0)	(0.0)	(0.0)	(0.0)	(3.4)	100.0	37
Жалал-Абад	23.2	73.6	0.0	1.3	0.0	0.0	2.0	100.0	84
Нарын	*	*	*	*	*	*	*	100.0	7
Баткен	44.4	52.2	0.0	1.5	0.0	1.9	0.0	100.0	33
Ош	14.9	71.9	3.8	1.8	1.8	5.8	0.0	100.0	70
Талас	21.2	76.4	2.4	0.0	0.0	0.0	0.0	100.0	31
Чүй	(32.6)	(47.5)	(0.0)	(16.1)	(3.8)	(0.0)	(0.0)	100.0	80
Бишкек шаары	29.8	66.5	0.1	0.0	1.5	0.0	2.1	100.0	91
Ош шаары	(14.6)	(83.9)	(0.0)	(1.5)	(0.0)	(0.0)	(0.0)	100.0	13
Билими									
Негизги жалпы	(36.9)	(54.2)	(4.5)	(0.0)	(0.0)	(0.0)	(4.4)	100.0	28
Толук орто	32.4	59.3	0.9	3.5	2.2	1.7	0.0	100.0	206
Башталгыч/орто кесиптик	21.1	71.9	0.2	3.0	2.1	1.8	0.0	100.0	69
Жогорку	19.7	72.8	0.2	4.7	0.0	0.0	2.5	100.0	142
Жетиштүү жашоо квинтили									
Эң төмөнкү	13.3	75.7	0.6	4.8	0.0	5.6	0.0	100.0	57
Экинчи	32.4	63.0	0.0	3.7	0.0	0.9	0.0	100.0	72
Орто	32.6	62.1	0.6	2.7	2.0	0.0	0.0	100.0	65
Төртүнчү	30.6	59.5	2.1	2.4	2.6	0.7	2.2	100.0	133
Эң жогорку	22.8	69.9	0.0	4.6	1.1	0.0	1.6	100.0	119
Бардыгы	26.9	65.3	0.8	3.6	1.4	1.1	1.1	100.0	445

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошону үчүн алар көрсөтүлгөн эмес. Кашаанын ичиндеги маалыматтар 25 тен 49 га чейинки такталбаган учурларга негизделген.

8.8 ЖАСАЛМА БОЙДОН АЛДЫРУУНУН БААСЫ

КР МДИ-2012нин максаттарынын бири аялдардын эң акыркы жасалма бойдон алдырууларына канча акча төлөгөндүгү тууралуу маалыматтарды алуу болуп саналат. 8.10-таблицада изилдөө алдындагы акыркы беш жыл ичинде жасалма бойдон алдыруу жасаткан 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын 92 пайызы бойдон алдырууга акча төлөшкөндүгүн жана баасын биле тургандыктарын айтышкан. 4 пайызы аларга бойдон алдыруу бекер жүргүзүлгөндүгүн жана 5 пайызы бойдон алдыруунун баасын билбегендигин айтышты. Акча төлөгөн жана бойдон алдыруунун баасы тууралуу маалымат бере алган аялдардын 52 пайызы бир бойдон алдыруу үчүн

999 кыргыз сомун, 23 пайызы 1000 кыргыз сомунан 1499 кыргыз сомуна чейин жана 25 пайызы 1500 же андан көп сом[2] төлөгөндүктөрүн айтышкан (маалыматтар көрсөтүлгөн эмес). Жасалма бойдон алдыруунун орточо баасы 798 сомду түздү. Жаш аялдар, шаардык аялдар, Бишкек, Ош шаарларында жана Чүй облусунда жашаган аялдар, жогорку билимдүү аялдар жана жашоонун жогорку деңгээлинде жашаган аялдар башка аялдарга караганда акыркы жасалма бойдон алдырууга жогорудагылардан көп акча төлөшкөндүктөрүн айтышкан.

8.10-таблица. Акыркы жасалма бойдон алдыруунун баасы

Изилдөөнүн алдындагы беш жыл ичинде кош бойлуу болгон 15-49 жаштагы аялдардын жана бир же андан көп жасалма бойдон алдырган аялдардын пайызы, акыркы бойдон алдыруунун баасынын деңгээли боюнча жана бул сумманы төлөгөн же төлөмдүн суммасын билген аялдардын пайыздык бөлүнүшү, акыркы жасалма бойдон алдыруунун негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды медианасы (орточо баа), Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Изилдөө алдындагы беш жыл ичинде бир же андан көп бойдон алдырган аялдардын пайызы	Акыркы беш жыл ичинде кош бойлуу болгон аялдардын саны	Жок дегенде бир жолу бойдон алдырган аялдар, акыркы бойдон алдыруунун баасы боюнча пайыздык бөлүнүш					Убактысы боюнча эң жакынкы жасалма бойдон алдырууга акча төлөгөн жана бойдон алдыруунун баасын билген аялдар:	
			Акыркы беш жыл ичинде бойдон алдырган-дар	Баасын билет	Баасын билбейт/ маалыматтар жок	Бардыгы	Аялдар-дын саны	Убактысы боюнча эң жакынкы жасалма бойдон алдыруунун медианасы (орточо баа), кыргыз сому менен	Аялдардын саны
Жаш курак									
<20	0.7	71	*	*	*	100.0	0	ЭБ	0
20-24	8.8	767	4.0	94.3	1.7	100.0	68	993	64
25-34	19.5	1,667	3.6	91.9	4.5	100.0	322	990	296
35+	23.9	785	4.2	90.2	5.6	100.0	187	791	169
Жашаган жеринин тиби									
Шаар	24.0	1,050	3.8	91.2	5.0	100.0	250	993	228
Айыл	14.6	2,241	3.8	92.0	4.2	100.0	328	791	302
Облусу									
Ысык-Көл	14.2	312	8.5	85.2	6.3	100.0	44	(497)	38
Жалал-Абад	16.0	590	3.1	87.3	9.5	100.0	94	497	83
Нарын	7.7	132	(35.6)	(62.1)	(2.3)	100.0	10	*	6
Баткен	14.1	276	10.6	76.1	13.3	100.0	39	(499)	30
Ош	14.8	655	2.6	97.4	0.0	100.0	97	791	95
Талас	21.8	189	3.2	94.8	2.0	100.0	41	699	39
Чүй	19.5	554	0.0	95.1	4.9	100.0	108	998	103
Бишкек шаары	26.9	490	2.7	97.3	0.0	100.0	129	1,193	126
Ош шаары	15.5	94	(1.4)	(77.6)	(21.0)	100.0	14	(990)	11
Билими									
Негизги жалпы	10.6	353	(2.8)	(92.9)	(4.3)	100.0	37	(595)	35
Толук орто	17.1	1,462	3.3	91.5	5.2	100.0	249	740	228
Башталгыч/орто кесиптик	20.1	532	6.8	92.5	0.7	100.0	107	794	99
Жогорку	20.1	930	3.0	91.1	5.9	100.0	184	996	168
Жетиштүү жашоо квинтили									
Эң төмөнкү	12.5	610	3.8	94.0	2.2	100.0	76	792	72
Экинчи	14.0	636	5.6	89.8	4.6	100.0	89	547	80
Орто	14.0	678	5.0	91.8	3.3	100.0	95	696	87
Төртүнчү	21.2	743	2.9	89.8	7.3	100.0	158	800	142
Эң жогорку	26.1	623	3.0	93.2	3.7	100.0	160	997	149
Бардыгы	17.6	3,291	3.8	91.6	4.6	100.0	578	798	530

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошону үчүн алар көрсөтүлгөн эмес.Кашаанын ичиндеги маалыматтар 25 тен 49 га чейинки такталбаган учурларга негизделген. “Бардыгы” графиги бир да билими жок же башталгыч билимге гана ээ 14 аялды камтыйт.
[1]Бир АКШ доллары учурдагы алмашуу курсуна ылайык 48.8 кыргыз сомуна барабар.
ЭБ = эсептелбеди.

[2] Бир АКШ доллары учурдагы алмашуу курсуна ылайык 48.8 кыргыз сомуна барабар.

8.9 КОНТРАЦЕПЦИЯНЫН ЫКМАЛАРЫ БОЮНЧА БОЙДОН АЛДЫРУУДАН КИЙИНКИ КЕҢЕШ БЕРҮҮ

КР МДИ-2012 акыркы жасалма бойдон алдыруу жасалган мекемедеги медициналык кызматкерлерден контрацепциянын ыкмалары боюнча кеңештерди алгандыгы тууралуу да маалыматтар жыйналды. Изилдөө жүргүзүүнүн алдындагы акыркы 5 жыл ичинде жасалма бойдон алдырткан аялдардын жарымынан азы (47 пайыз) медицина кызматкери менен контрацепциянын ыкмалары боюнча бир да жолу талкуулашкан эмес (8.3-график). Аялдардын 50 пайызы медицина кызматкери менен контрацепциянын ыкмалары боюнча сүйлөшүшкөн, 91 пайызы аларга контрацепциянын кандайдыр бир ыкмасын колдонуу сунушталгандыгын айтышкан.

8.3-график

Акыркы бойдон алдыруу өткөн мекемеде контрацепциянын ыкмалары боюнча бойдон алдыруудан кийинки кеңеш берүү



КР МДИ-2012

Эскертүү: Изилдөө жүргүзгөнгө чейинки беш жыл ичинде жасалма бойдон алдырган аялдардын үч пайызы акыркы жасалма бойдон алдыргандан кийин контрацепциянын ыкмалары боюнча сүйлөшкөндөрүн эстей алышпайт.

• НАРИСТЕЛЕРДИН ЖАНА БАЛДАРДЫН ӨЛҮМҮ 9

Негизги корутундулар

- 5 жашка чейинки балдар арасындагы өлүмдүн коэффициенти төрөлгөндөрдүн 1000ине 31 баланы түзөт. Өлүмдүн мындай деңгээлинде Кыргыз Республикасында төрөлгөн ар бир 32-бала 5 жашка жетпей каза болот.
- Наристелердин өлүмүнүн коэффициенти төрөлгөндөрдүн 1000ине 27 баланы түзөт, ал эми неонаталдык өлүмдүн коэффициенти төрөлгөндөрдүн 1000ине 20 баланы түзөт. Андыктан өлүмдүн 87 пайызы балдарда жашоосунун биринчи жылы, ал эми төрттөн үчү наристелердин жашоосунун биринчи айы ичинде болот.
- Наристелердин жана 5 жашка чейинки балдардын өлүмдөрүнүн эң жогорку көрсөткүчү Баткен облусунда байкалат.
- Наристелердин жана 5 жашка чейинки балдардын өлүмдөрүнүн коэффициенттери төрөт аралык интервалдан көз каранды азайат. Мисалы, мурунку төрөттөн кийин эки жыл ичинде төрөлгөн 5 жашка чейинки жаштагы балдардын өлүмүнүн деңгээли мурунку төрөттөн төрт же андан көп жыл кийин төрөлгөн балдардын арасына караганда 40 пайызга жогору (төрөлгөндөрдүн 1000ине, 49 пайызга 29 пайыз).

КР МДИ-2012нин эң маанилүү тапшырмаларынын бири 5 жашка чейинки балдардын өлүмүнүн деңгээлин жана тенденциясын баалоо болгон. Бул курактагы өлүмдөрдүн деңгээли жана тенденциялары тууралуу маалыматтар Кыргыз Республикасындагы демографиялык кырдаалды баалоодо борбордук орунду ээлейт. КР МДИ-2012нин өлүмдүн жогорулаган коркунучуна кабылган балдардын топторун аныктоо үчүн да маанилүү жана Кыргыз Республикасындагы балдардын жашап кетүү көрсөткүчтөрүн жакшыртууга багытталган программалар менен камсыздалышы керек. Наристелердин жана балдардын өлүмүнүн көрсөткүчтөрүнөн сырткары бул бөлүмдө балага өлүмдүн жогорку коркунучтарын жараткан эненин репродуктивдүү жүрүм-турумунан көз каранды бөлүнүшү тууралуу маалыматтар берилген. Бул бөлүмдө КР МДИ-2012нин жыйынтыктары боюнча алынган балдардын өлүмдөрүн каттоо жөнүндө да маалыматтар берилди.

9.1 ӨЛҮМ БОЮНЧА МААЛЫМАТТАРДЫН БУЛАКТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫ БААЛОО

9.1.1 Маалымат булактары

5-бөлүктө белгилеп өткөндөй, КР МДИ-2012нин анкетасында респонденттерден сураган ар бир кош бойлуулуктун бүтүшү, б.а. кош бойлуулуктун тирүү же өлүү бала төрөлүшү, бойдон түшүү же бойдон алдыруу менен бүткөндүгү тууралуу аялдардын репродуктивдүү саламаттыгы боюнча бөлүк камтылган. Тирүү төрөлгөндөр деп төрөлгөндө кыйкырган же башка белгилерди көрсөткөн бардык жаңы төрөлгөндөр эсептелди. Төрөлүүнүн тарыхында айтылган тирүү төрөлүүнүн ар бир учурлары боюнча туулган күнү (ай, жыл), жынысы, азыркы курактагы (эгер бала тирүү болсо) же өлгөн учурундагы (өлгөн балдар үчүн) жашоо статусу жөнүндө маалыматтар жыйналды.

Бул маалыматтар өлүмдүн төмөндөгү беш коэффициентин эсептөө үчүн колдонулду:

Неонаталдык өлүм (NN):	жашоонун биринчи айындагы өлүмгө дуушар болуу ыктымалдуулугу;
Постнеонаталдык өлүм (PNN):	наристелер өлүмү менен неонаталдык өлүмдөрдүн ортосундагы айырма;
Наристелер өлүмү ($_1q_0$):	төрөлгөн учурдан 1 жашка толгонго чейинки жаш курак аралыгындагы өлүмдүн катталуу ыктымалдуулугу;
Балдар өлүмү ($_4q_1$):	бир жаштан 5 жашка чейинки жаш курак аралыгындагы өлүмдүн катталуу ыктымалдуулугу;
5 жашка чейинки балдардын өлүмү ($_5q_0$):	төрөлгөн учурдан 5 жашка толгонго чейинки жаш курак аралыгындагы өлүмдүн катталуу ыктымалдуулугу.

Бардык коэффициенттер жашоосунун биринчи жылында жашап кеткендердин 1000ине карата алынган өлүм саны катары көрсөтүлгөн балдар өлүмүн кошпогондо тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине карата эсептелди.

9.1.2 Маалыматтардын сапаты

КР МДИнин бардык көрсөткүчтөрүндөй эле, балдар өлүмү боюнча көрсөткүчтөрүнүн эсептеринин тактыгы эки фактордон көз каранды: тандап алуунун каталары жана тандап алуу менен байланышпаган каталар. Тандап алуунун каталары КР МДИ тандап алуусу бир нече тандап алуулардын ушул изилдөө үчүн тандалып алынган гана бирөөсү болуп саналгандыгы менен байланыштуу болушу мүмкүн. В тиркемесинде жазылгандай, КР МДИнин өлүм жөнүндө маалыматтарын тандап алуунун каталарын кийин Кыргыз Республикасындагы өлүмдүн анык коэффициенттеринин жайгашкан чегарасын аныктоо үчүн статистикалык жактан баалоого болот.

Тандап алуулар менен байланышпаган каталар өлүм боюнча маалыматтарды топтоодо жана иштеп чыгууда пайда болот. Жалпысынан өлүм боюнча көрсөткүчтөрдүн үмүттүүлүгү респонденттердин балдарынын өлүмү жөнүндө берген маалыматтарынын толуктугунан көз каранды болот: жашаган жана өлгөн балдардын туулган күндөрүнүн дифференциалдуу жылышуу жана өлүм учурундагы так жаш курагы жөнүндө маалыматтын жоктугу. КР МДИнин өлүм боюнча маалыматтарын тандап алуу менен байланышпаган каталарын статистикалык жактан баалоого мүмкүн эмес. С тиркемеси сурамжылоонун эң көп кездешүүчү каталары болгон КР МДИнин өлүм боюнча маалыматтардын жайылганынын баскычын баалоо үчүн колдонууга мүмкүн болгон айрым таблицаларды камтыйт.

Ката кетирүү же респонденттердин төрөлгөндө тирүү төрөлүп, кийин өлүп калган балдары боюнча маалыматтарды жашыруусу өлүмдүн деңгээлин толук баалабагандыкка алып келиши мүмкүн. Табууга кыйын болгон ката кетирүүлөр наристелердин эрте өлүмдөрүнүн арасында көп пайда болору болжолдонот жана окуянын изилдөө учурунан көп жыл мурун болгондугуна жараша көбөйөт. Кетирген каталарды табуу үчүн мамилелердин бири бул көрсөткүчтөр күтүлгөн чекте чыгарын аныктоо үчүн неонаталдык өлүмдөрдүн учурларынын катышын изилдөө жүргүзгөнгө чейинки болгон бардык өлүмдөрдүн санына жана эрте неонаталдык өлүмдөрдүн учурларынын (жашоосунун биринчи жумасындагы өлүм) катышын бардык неонаталдык өлүмдөрдүн учурларына салыштыруу болуп саналат.

Наристелердин өлүмү боюнча маалыматтарды кароодо наристелердин арасындагы неонаталдык өлүмдөрдүн үлүшү изилдөө алдындагы 0-4 жаштагы 76 пайыздан, изилдөө алдындагы 15-19 жаштагы 49 пайызга чейин өзгөрөт (С тиркемеси, С.6-таблица). Бул мыйзам ченемдүүлүк өлүмдүн деңгээлин азайтууда наристелердин өлүмүнүн чоң үлүшү эрте неонаталдык убакытта болорун бышыктайт. Эрте неонаталдык өлүмдөрдүн көрсөткүчтөрүнүн өтө төмөндөгөндүгүн

айтууга болбойт. Демек, эрте неонаталдык өлүмдөрдүн бардык неонаталдык өлүмгө катышы изилдөө жүргүзгөнгө чейинки 0-4 жылдардын аралыгында 78 пайызга көбөйгөн. Ошону менен бирге эрте неонаталдык өлүмдөрдүн эң жогорку көрсөткүчү 88 пайызды түздү (С тиркемеси, С.5-таблица). Мунун баары изилдөө алдындагы төрөттүн аралыгынын 10-14 жылдан 5-9 жылга жылышынын мурунку изилдөөлөрдө болгон жыйынтыгы, бирок өлүмдөрдүн жыйынтыгы 0-4 жылдан 5-9 жылга жылдырылып коюлушу толук мүмкүн. Ошондуктан, кээ бир өткөрүү күбөлүктөрү болгону менен же наристелердин өлүмдөрүнүн аралыгы бир аралыктан экинчи бир аралыкка жылдырылса дагы эрте неонаталдык өлүмдөр КР МДИ-2012нин жыйынтыктары боюнча бир аз төмөндөтүлгөн.

Маалыматтардын сапатына байланышкан башка дараметтүү көйгөй белгилүү жаш курактык белгилердин айланасында маалыматтарды чогултуу болуп саналат. Баланын өлгөн кезиндеги жашы жөнүндө маалыматтарды берүүдөгү каталар бир жаш курактык топтон өлүмдүн коэффициенти үчүн жооп берген башка бир топко өткөрүүгө алып келиши мүмкүн. Мисалы, «1 жаш» же «12 ай» жаш курактын айланасындагы маалыматтарды топтоо наристелердин өлүмдөрүнүн коэффициенттерине толук баа бербөөгө алып келиши мүмкүн жана балдардын өлүмдөрүнүн көрсөткүчтөрүн ашыкча көтөрүп жиберет. КР МДИнин интервью алуучуларын окутуу учурунда жана төрөлүүнүн тарыхынын түзүлүшүн иштеп чыгууда өлүмдөгү жаш курак жөнүндө маалыматтарды топтоодогу каталардын санын кыскартуу боюнча чаралар колдонулду. Интервью алуучуларга өлгөн кездеги жаш курак жөнүндө маалыматтар эгер бала жашоосунун биринчи айы ичинде өлсө күндөрү менен, эгер жашоосунун биринчи эки жылында өлсө айлары менен жазылышы керектиги үйрөтүлдү. «1 жаш» же «12 ай» жаш курактын айланасындагы жоопторду топтоону эске алганда, интервью алуучулар өлгөн баланын так жаш курагы жөнүндө энелеринен тактоону сурашты. С тиркемесинин С.6-таблицасында берилген жыйынтыктар изилдөө жүргүзгөнгө чейинки каалаган бир мезгил ичиндеги 12 ай жаш курактын айланасындагы жоопторду топтоону көрсөтпөйт.

Маалыматтардын сапаты менен байланышкан үчүнчү көйгөй, респонденттердин баланын туулган күнү жөнүндө айткандагы каталарынын жыйынтыгында пайда болушу мүмкүн. Туулган күнүнүн жылышы баланын өлүмүнүн датасы бир убакыттан башка бир убакытка жылып калса, өлүмдүн тенденцияларынын тактыгын аныктоого таасир этиши мүмкүн, мисалы, изилдөө жүргүзгөнгө чейинки 0-4 жаш аралыгынан 5-9 жаш аралыгына чейин. Мындай жылып калуу энелердин балдарынын туулган күнүнүн так эмес эстөөсүнүн жыйынтыгында байкалышы мүмкүн. Бирок, мындай жылып калуулардын себеби интервью алуучулардын өзүнүн жумушунун оордугун азайтууга кызыккандыгынан улам 2007-жылы же андан кийин болгон бардык төрөттөр үчүн толтурууга зарыл болгон МДИ КРдин анкетасындагы эненин жана баланын саламаттыгы жөнүндө суроолордун көлөмдүү бөлүгүн өткөрүп жиберүү жолу менен алдын ала максатталган аракеттеринен да болушу мүмкүн. Календарлык жыл боюнча КР МДИнин төрөлүүлөр боюнча маалыматтарын талдоодо 2006-жылдан 2007-жылдагы балдардын туулган күндөрүнүн жылышып калуусунун айрым себептери байкалды (С тиркемеси, С.4-таблица). Маалыматтардын жылышып калуусу өлгөн балдарга караганда тирүү балдарда көп байкалды. Бул көрүнүш өлүм чөйрөсүндөгү (1000ден бирден азга азыраак) акыркы тенденцияларга көрүнүктүү таасир тийгизбейт. 2005-жылдан 2006-жылдагы өлгөн балдардын туулган күндөрүнүн көп жылышып калуусу боюнча айрым маалыматтар бар. КР МДИ талаа жумуштары 2012-жылдын август айында башталгандыгын эске алганда жана 2006-календарлык жылдан 2005-календарлык жылдагы балдардын туулган күндөрүнүн жылып калуусу эки жыл тең 5 жылдык (болжолдуу 2003-2007-календарлык жылдардын аралыгы) аралыкта маалыматтардын чегинде болгондуктан, изилдөө алдындагы 5-9 жыл аралыгы боюнча өлүмдөрдүн эсебине таасирин тийгизбеди.

Наристелердин жана балдардын өлүмдөрү боюнча маалыматтарды берүүдөгү каталарды аныктоо үчүн башка бир курал өлүмдүн катталган учурларынын жынысынын катышын баалоо болуп саналат. Өлүмдөрдүн жынысы боюнча санындагы айырмачылыктар КР МДИ-2012нин жыйынтыгы боюнча жыныстык белгилердин коэффициенттеринин айлануусуна байланыштуу аз.

9.2 НАРИСТЕЛЕРДИН ЖАНА БАЛДАРДЫН ӨЛҮМ САНЫНЫН ДЕҢГЭЭЛИ ЖАНА ТЕНДЕНЦИЯСЫ

9.1-таблицада КР МДИ-2012де алынган маалыматтарга негизделген наристелердин жана балдардын өлүмдөрүнүн көрсөткүчтөрү көрсөтүлгөн. Изилдөө алдындагы беш жыл ичинде (болжолдуу мезгил 2008-2012-жж.) 5 жашка чейинки балдардын өлүмдөрүнүн көрсөткүчтөрү тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине 31 баланы түздү. Бул маалыматтарга ылайык, Кыргыз Республикасында төрөлгөн ар бир 32-бала 5 жашка чейин жашабайт. Наристелердин өлүмүнүн коэффициенти тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине 27ни, ал эми балдардын өлүмүнүн (1 жаштан 4 жашка чейин) коэффициенти тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине 4тү түздү. Ошондо 5 жашка чейинки балдардын арасындагы өлүмдүн 87 пайызы жашоосунун биринчи жылында катталган. Неонаталдык жана постнеонаталдык өлүмдөрдүн деңгээли тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине 20 жана 7ни түздү жана бул көрсөткүч наристелердин өлүмүнүн болжолдуу төрттөн үчү жашоосунун биринчи айында болорун көрсөтөт.

Кыргыз Республикасында бала курагындагы өлүмдөрдүн көрсөткүчтөрү кошуна өлкөлөрдө болуп өткөн жакынкы изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына салыштырмалуу жогору; мисалы, Армения МДИ-2010 жана Украина МДИ-2007деги изилдөө алдындагы беш жыл ичиндеги наристелердин өлүмүнүн көсөткүчтөрү тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине 13 жана 14 тү түздү жана КР МДИ-2012нин көрсөткүчтөрүнөн бир кыйла төмөн (NSS [Armenia] etal., 2012; UCSR [Ukraine] etal., 2008). Тескерисинче, Кыргыз Республикасындагы балдардын жашап кетүү мүмкүндүгүнүн көрсөткүчтөрү Тажикстан МДИ-2012 (тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине 34), Ооганстандагы 2012-жылкы энелердин өлүмү боюнча изилдөөгө (тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине 55), Азербайжан МДИ-2006 (тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине 43) жана Пакистан МДИ-2012-2013 (тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине 74) караганда бир канча мыкты деңгээлде (SA/MoH [Tajikistan] and ICF International, 2012; APHI/MoPH [Afghanistan] etal., 2011; SSC [Azerbaijan] and Macro International Inc., 2008; NIPS [Pakistan] and ICF International Inc., 2013).

9.1-таблица. Бала курагындагы өлүмдөрдүн көрсөткүчтөрү

Неонаталдык эмес, постнеонаталдык, наристелердин, балдардын жана 5 жашка чейинки балдардын өлүмдөрүнүн изилдөө алдындагы беш жылдык аралык боюнча бөлүнүүдөгү көрсөткүчтөрү, Кыргыз Республикасы, 2012

Изилдөөгө чейинки мезгил, жаш	Болжолдуу календарлык мезгил	Ненаталдык өлүм (NN)	Постнеона-талдык өлүм (PNN)[1]	Наристелердин өлүмү (1q0)	Балдардын өлүмү (4q1)	5 жашка чейинки курактагы балдардын өлүмү(5q0)
0-4	2008-2012	20	7	27	4	31
5-9	2003-2007	17	11	28	7	35
10-14	1998-2002	17	19	36	9	44

[1] Наристелердин жана неонаталдык өлүмдөрдүн көрсөткүчтөрүнүн айырмасы катары эсептелди.

Он беш жыл ичиндеги өлүмдүн көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү да 9.1-таблицада көрсөтүлөт. Алынган маалыматтар акыркы он беш жыл ичинде өлүмдүн азайгандыгын күбөлөндүрөт. Мисалы, наристелердин өлүмүнүн коэффициенттери изилдөөгө чейинки 10-14 жыл аралыгындагы тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине 36ны түзсө, изилдөөгө чейинки беш жыл ичинде тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине 27ни түздү. КР МДИ-2012нин жыйынтыктары боюнча өлүмдүн тенденцияларын түшүндүрүүдө жалпы азайуунун өлчөмүнө карата өзгөчө сактануу зарыл, алар негизделген ретроспективдүү маалыматтар респонденттердин көп убакыт өткөн күндөрдү унутуп калууларына байланыштуу туура эмес болуп калышы мүмкүн. КР МДИ-2012нин маалыматтары менен КР МДИ-1997нин жыйынтыктары боюнча өлүмдөрдүн көрсөткүчтөрүн салыштыруу акыркы он беш жыл аралыгында бала курагындагы өлүмдөрдүн азайгандыгын бышыктайт. Мисалы, 9.1-графикте көрсөтүлгөндөй, 5 жашка чейинки балдардын өлүмү 57 пайызга азайган: 90-жылдардын ортосунда тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине 72 пайыздан 2008-2012-жылдардагы 31 пайызга азайган. Наристелердин өлүмү ушул эле убакыттын ичинде тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине 61ден 27ге чейин азайган (RIOP [Kyrgyz Republic] and Macro International, 1998).

9.1-график
Балдардын жаш курагы боюнча өлүм санынын көрсөткүчтөрү



КР МДИ-2012

КР МДИ-2012нин жыйынтыктары боюнча наристелердин жана балдардын өлүм санынын көрсөткүчтөрүн Кыргыз Республикасынын жарандык абалдын актыларынын жазууларын мамлекеттик каттоонун жүрүшүндө алынган көрсөткүчтөр менен салыштырууга болот. Балдардын төрөлүшүн жана өлүмүн каттоо Жарандык абалдын актыларын жазуу жана айыл жериндеги жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарында жүргүзүлөт. Улуттук мыйзамдарга ылайык перинаталдык убакытта өлгөн балдардын төрөлүүсүн, өлүмүн каттоо эненин жашаган жеринен көз карандысыз бала төрөлгөн жана өлгөн дарылоо мекемелеринде жүргүзүлөт. Жазуулардын экинчи нускасы маалыматтар электрондук базага киргизилүүчү мамлекеттик статистиканын райондук органдарына келип түшөт, андан кийин иерархиясы боюнча улуттук деңгээлде облустук жана жогорку жактарга жиберилет. Балдар өлүмү боюнча расмий мамлекеттик статистика ушул административдик жазуулардын негизинде Улутстаткомдун жылдык статистикалык басылмаларында жарыяланат.

Демографиялык маалыматтарды жыйноодо отчеттуулукка байланышкан көйгөйлөрдүн келип чыгарын белгилеп өтүү керек. 2004-жылга чейин балдар өлүмдөрүнүн эсебине таасир көрсөтүүчү көйгөйлөрдүн бири системада төрөлүүнү “тирүү төрөлүү” же “өлүү төрөлүү” деп экиге бөлүү ыкмасы колдонулгандыгы болуп саналган, наристелердин өлүмдөрүн санын азайтуу жүргүзүлгөн ДССУнун стандарттарынан айырмаланган. 2004-жылы Кыргыз Республикасы тирүү төрөлүү жана наристелердин өлүмү боюнча ДССУнун аныктамасын кабыл алды жана бул аныктама менен көрсөткүчтөрдүн потенциалдуу түрдө толук эсепке алынбаган бир булагын чыгарып салды. Бирок наристелердин өлүм санынын көрсөткүчтөрүнүн төмөндөөсүнө мүмкүндүк берген аныктама менен байланышкан суроолор башка фактор бойдон калды. Мисалы, наристелердин төрөлүүсүнүн же өлүмүнүн кээ бир учурлары тийиштүү түрдө тарызделген жана каттоодон өткөн. КР МДИ-2012нин жыйынтыктары боюнча алынган өлүмдү каттоо системасын камсыздоо суроолоруна байланышкан маалыматтар ушул бөлүмдүн акырында берилди.

КР МДИ-2012 жүргүзгөнгө чейинки 0-4 жыл аралыгындагы (2008-2012-жж. календарлык мезгил ичинде) тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине 27ни түзгөн наристелердин өлүмүнүн коэффициенти Улутстатком тарабынан эсептелген тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине 23тү түзгөн коэффициенттерден жогору жана жарандык абалдын актыларынын жазууларын каттоо системасынан алынган 2008, 2009, 2010, 2011 жана 2012-жылдардагы жылдык коэфициенттери ортчо жолу менен эсептелди (Улутстатком, 2013).

КР МДИнин көрсөткүчтөрү менен өлүм боюнча расмий маалыматтардын айырмасы маалыматтарды топтоо боюнча колдонулган мамилелердеги айырмачылыктардын бир бөлүгү

менен түшүндүрүлөт. Ошону менен бирге КР МДИ көрсөткүчтөрү[1] үчүн ишенимдүү интервал каттоо базасынан алынган маалыматтар менен дал келет, тандап изилдөөнүн маалыматтарына таандык туруксуздукту көрсөтөт.

9.3 НАРИСТЕЛЕРДИН ЖАНА БАЛДАРДЫН ӨЛҮМҮНДӨГҮ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР

9.2-таблицада изилдөө алдындагы 10 жылдык аралыкта (болжолдуу 2003-2012-календарлык жылдар) наристелердин жана балдардын өлүмүнүн социалдык-экономикалык мүнөздөмөлөрдөн көз каранды болгон көрсөткүчтөрү берилди. Көрсөткүчтөр тандап алуунун туруксуздугун азайтуу максатында 9.1-таблицада көрсөтүлгөндөй, беш жылдык убакытка эмес, он жылдык убакытка эсептелди. Узак убакытка карабастан, айрым категориядагы өлүмдөрдүн саны калк топчолору арасындагы өлүмдөрдүн айрым айырмачылыктарына сактык менен интерпретациялоо керектигине байланыштуу аз бойдон калууда.

9.2-таблица. Бала курактагы өлүмдөрдүн социалдык-экономикалык мүнөздөмөлөрдөн көз каранды көрсөткүчтөрү

Изилдөө жүргүзгөнгө чейинки акыркы 10 жыл ичиндеги неонаталдык, постнеонаталдык, наристелердин, балдардын жана 5 жашка чейинки балдардын өлүмдөрүнүн көрсөткүчтөрү, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Неонаталдык өлүм (NN)	Постнеонаталдык өлүм (PNN)[1]	Наристелер өлүмү (1q0)	Балдардын өлүмү (4q1)	5 жашка чейинки балдардын өлүмү (5q0)
Жашаган жеринин тиби					
Шаар	16	7	23	10	33
Айыл	20	9	29	4	33
Облусу					
Ысык-Көл	16	8	25	4	28
Жалал-Абад	20	4	24	4	28
Нарын	16	8	24	3	27
Баткен	25	20	45	8	52
Ош	18	16	35	4	39
Талас	18	15	33	6	38
Чүй	19	5	24	6	30
Бишкек шаары	20	2	21	(11)	(33)
Ош шаары[a]	1[a]	3[a]	4[a]	(2)[a]	(6)[a]
Эненин билими					
Билими жок/башталгыч	*	*	*	*	*
Негизги жалпы	16	15	31	(8)	(39)
Толук орто	19	9	28	5	33
Башталгыч/орто кесиптик	20	8	28	4	32
Жогорку	19	6	24	7	31
Жетиштүү жашоо квинтили					
Эң төмөнкү	22	11	33	3	36
Экинчи	16	14	31	4	34
Орто	25	10	35	5	40
Төртүнчү	18	4	22	5	27
Эң жогорку	11	5	16	12	28

Эскертүү: Кашаанын ичиндеги көрсөткүчтөр 250-499 такталбаган адамдарга-жашына негизделген
* белгиси коэффициенттердин 250 дөн кем эмес такталбаган адамдарга-жашына негизделгендигин көрсөтөт, ошондуктан көрсөтүлгөн жок.
[a] Ош шаарындагы өлүмдүн деңгээли тууралуу тексттеги комментарийлерден караңыз.
[1]Наристелердин өлүмдөрү менен неонаталдык өлүмдөрдүн коэффициенттеринин айырмасы катары эсептелди.

Айыл жеринде жашоосунун биринчи жылынын ичиндеги өлүмдүн деңгээли шаар жерине караганда жогору, ошол эле убакта балдардын өлүмүнө карата карама-каршылыктуу көрүнүш байкалат. Регионалдык айырмачылыктарды кароодо Баткен облусунда наристелердин жана балдардын өлүмүнүн деңгээли абдан жогору экендигин байкоого болот, Баткен облусунан кийинки орунда Ош жана Талас облустары турат. Калктын саламаттыгынын абалын эсепке алганда, Ош шаарындагы балдардын өлүмүнүн башка региондорго караганда бир кыйла төмөн болушу таң калууну жаратат. Ош шаарындагы өлүм жөнүндө маалыматтарды толук изилдөөдө чынында наристелердин жана балдардын өлүмүнүн көрсөткүчтөрү төмөндөгөнү белгилүү болгон. Ош шаарындагы өлүмдөрдү толук каттоого албагандык регионалдык көрүнүштүн интерпретациясына

[1]Караңыз: Тандап алуунун каталарын жана ишенимдүү интервалдарын билүү үчүн В тиркемесин караңыз.

таасир көрсөтөт, бирок шаардын демографиялык төмөн салмагын эске алганда[2], анын өлүмдүн улуттук көрсөткүчүнө таасири аз.

Билимдин жогорку деңгээли өлүмдүн төмөнкү деңгээли менен өз ара байланышкан, анткени жогорку билимдүү энелер баланы сапаттуу тамактандыруу, төрөттөр ортосундагы аралыкты сактоо жөнүндө маалыматтарды алууга мүмкүндүгү чоң жана балдар оорулары, дарылоонун ыкмалары жөнүндө жакшы маалым болушкан. Эненин билиминин деңгээли менен өлүмдүн деңгээлинин айырмачылыктары орто же жогорку деңгээлдеги билимге ээ энелерде төрөлгөн балдардын көрсөткүчтөрү базалык гана орто билимге ээ энелердин балдарынын көрсөткүчтөрүнө караганда бул көрүнүш неонаталдык мезгилге карата байкалбаса да, жалпысынан мыкты экендигин көрсөтөт. Балдар өлүмдөрүн кошпогондо, жетиштүү жашоонун төмөнкү үч квинтилиндеги балдар арасындагы өлүмдүн деңгээли төртүнчү же бешинчи квинтилдерине караганда жогору.

9.4 НАРИСТЕЛЕРДИН ЖАНА БАЛДАРДЫН ӨЛҮМҮНДӨГҮ ДЕМОГРАФИЯЛЫК АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР

9.3-таблицада баланын өлүмүнүн башталуу ыктымалдуулугу менен байланышкан айрым демографиялык алмашма көрсөткүчтөр боюнча наристелердин жана балдардын өлүмдөрүнүн көрсөткүчтөрүндөгү айырмачылыктар көрсөтүлдү. Алмашма көрсөткүчтөргө баланын жынысы, эненин төрөт учурундагы жашы, төрөттөрүнүн кезектүүлүгү, баланын төрөлгөндөгү салмагы, экинчи жана акыркы төрөттөр үчүн мурунку төрөгөн баласы менен өлгөн баласынын ортосундагы аралык кирет. 9.3-таблицадагы өлүмдүн көрсөткүчтөрү тандап алуунун өзгөрүлмөлүүлүгүн кыскартуу максатында, изилдөө жүргүзгөнгө чейинки он жылдык мезгилде баланын төрөлгөндөгү салмагы чыгарылып салынып, изилдөө алдындагы беш жылдык аралыктагы гана көрсөткүчтөрдү эсептөө үчүн маалыматтар берилди. Мүнөздөмөлөрдүн көпчүлүгүнүн көрсөткүчтөрүн эсептөөдө узак убакытка колдонулгандыгына карабастан, көпчүлүк топтордогу өлүмдөрдүн саны бир аз гана жана 9.3-таблицадагы көрсөткүчтөрдөгү айрым айырмачылыктарды сактык менен интерпретациялоону белгилеп кетүү керек.

Балдардын өлүмүнүн көрсөткүчтөрү менен ар түрдүү демографиялык топтордун көрсөткүчтөрүндөгү айырмачылыктар ар дайым эле Кыргыз Республикасында күтүлгөн жыйынтыктар менен дал келе бербейт. Мисалы, наристелердин жана балдардын өлүмүнүн көрсөткүчтөрү баланын жынысы, эненин төрөт учурундагы жашы же бала төрөөнүн кезектүүлүгү боюнча көп деле айырмаланбайт. Анткен менен, жыйынтыктар төрөттөр ортосундагы аралык жана баланын төрөлгөндөгү өлчөмү балдардын өлүмүнүн деңгээлине таасир этерин көрсөтөт. Балдардын өлүмү төрөт ортосундагы аралыкка байланыштуу экендиги аныкталды. Жалпысынан бул учурларды төрөттөр ортосундагы аралык эки жылдан аз болгондогу учурларда байкоого болот. Жогоруда айтылгандай, 9.3-таблицада өлүмдүн деңгээли төрөт ортосундагы аралыкка жараша азайат. Мисалы, мурунку төрөттөн кийин эки жылдан аз аралыкта төрөлгөн 5 жашка чейинки балдардын арасындагы өлүмдүн деңгээли мурунку төрөттөн кийин төрт же андан көп жылдан кийин төрөлгөн балдардын 1000ине 27ге караганда 1000ине 49ду түзөт.

Изилдөө баланын төрөлгөндөгү аз салмагы наристе өлүмүнүн коркунучтарына байланыштуу экендигин көрсөттү. КР МДИ жүргүзгөнгө чейинки беш жылдык аралыкта болгон бардык төрөлүүлөр тууралуу баланын төрөлгөндөгү салмагы жөнүндө маалыматтарды алуу үчүн энелерден төрөгөндөгү баласынын салмагынын абдан чоңдугу, орточодон чоңдугу, орточосу, орточодон кичинелиги же абдан кичинелиги[3] суралды. 9.3-таблицада энелери орточо же орточодон чоң деп эсептеген балдардын абдан кичине же кичине төрөлгөн балдарга караганда жашоосунун

[2]2009-жылдагы Кыргыз Республикасындагы калкты жана турак жай фонддорун каттоонун жыйынтыктарына жана тандап алууну иштеп чыгуу боюнча документтерге ылайык Ош шаарынын калкынын саны Кыргыз Республикасынын жалпы санынын 4,8 пайызын түзөт. Изилдөөнүн жыйынтыктары Ош шаарында 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдар 3,8 пайызды түзөрүн көрсөттү.

[3] Балдардын төрөлгөндөгү салмагы боюнча толук маалыматтарды алуу үчүн ушул отчеттун 11-бөлүгүн караңыз.

биринчи жылында жашап кетүү мүмкүнчүлүктөрү көп. Жалпысынан неонаталдык өлүмдөрдүн көрсөткүчү энелери кичине же абдан кичине деп эсептеген балдарда энелери орточо же орточодон чоң деп эсептеген балдарга караганда жети же андан көп эсе жогору.

9.3-таблица. Бала курактагы өлүмдөрдүн демографиялык мүнөздөмөлөрдөн көз каранды көрсөткүчтөрү

Неонаталдык, постнеонаталдык, наристелердин, балдардын өлүмдөрүнүн жана изилдөө алдындагы он жыл ичиндеги беш жашка чейинки балдардын өлүмдөрүнүн демографиялык мүнөздөмөлөрдөн көз каранды көрсөткүчтөрү, Кыргыз Республикасы, 2012

Демографиялык мүнөздөмөлөр	Неонаталдык өлүм (NN)	Постнеона-талдык өлүм (PNN)[1]	Наристелердин өлүмү (1q0)	Балдардын өлүмү (4q1)	5 жашка чейинки балдардын өлүмү (5q0)
Баланын жынысы					
Эркек	19	9	28	4	32
Аял	18	9	27	7	34
Энанин төрөгөн учурдагы жаш курагы					
<20	22	4	27	(2)	(28)
20-29	19	9	28	7	35
30-39	18	9	27	3	30
40-49	*	*	*	*	*
Төрөлүүнүн иреттик номери					
1	18	7	25	8	33
2-3	19	9	28	6	33
4-6	18	9	27	3	30
7+	*	*	*	*	*
Төрөт аралык интервал[2]					
<2 жаш	29	15	44	6	49
2 жыл	12	11	23	4	28
3 жыл	11	8	19	4	23
4+ жаш	19	6	25	4	29
Баланын төрөлгөндөгү салмагы[3]					
Кичине/абдан кичине	58	9	68	к/б	к/б
Орто же ортодон чоң	8	5	14	к/б	к/б

Эскертүү: Кашаадагы коэффициенттер 250-499 такталбаган адамдарга-жашына негизделген.
* белгиси коэффициенттердин 250 дөн кем эмес такталбаган адамдарга-жашына негизделгендигин көрсөтөт, ошондуктан көрсөтүлгөн жок.
к/б = колдонулбаган.
[1]Наристелердин өлүмдөрү менен неонаталдык өлүмдөрдүн коэффициенттеринин ортосундагы айырмачылык катары эсептелинди.
[2]Биринчи төрөттү кошпогондогу төрөттөрдүн кезектүүлүгү
[3]Изилдөө жүргүзгөнгө чейинки беш жыл ичиндеги көрсөткүчтөр.

9.5 ПЕРИНАТАЛДЫК ӨЛҮМ

Перинаталдык өлүм эрте неонаталдык өлүм менен бирге кош бойлуулуктун кечиккен кезинде боло турган күмөндүү (фетальный) жоготууларды камтыйт. Перинаталдык өлүмдүн деңгээлин текшерүү маанилүү болуп саналат, өлүү төрөө менен эрте неонаталдык өлүмдүн чеги абдан жакын болуп саналат, ошондон улам наристелердин тирүү же өлүү экендигин энелери сезбей калуулары мүмкүн. Өлүү төрөө менен эрте неонаталдык өлүмдүн себептери тыгыз өз ара байланышкан жана экөөнү жалпы аныктоо менен гана чыныгы өлүмдүн себептерин аныктоого мүмкүн болот. КР МДИ-2012 МДИнин башка изилдөөлөрү сыяктуу эле перинаталдык өлүм жашоосунун биринчи жети күнүндө өлгөн (эрте неонаталдык өлүм) тирүү төрөлгөндөрдүн өлүмүн жана энелердин айтуусу боюнча гестациянын жети же андан көп айынан кийин өлүү төрөө менен бүткөн кош бойлуулукту камтыйт. МДИнин жүрүшүндө кош бойлуулуктун айлардагы узактыгы жөнүндө маалыматтар жыйналды, анткени перинаталдык өлүмдүн эсептеринде кош бойлуулуктун 28 жумалык эквиваленти болуп саналган жети айдын аныктамасы колдонулат (Рутштейн Ш.О. жана Г.Рохас, 2006). Өлүү төрөө менен бүткөн кош бойлуулуктун узактыгы жөнүндө маалыматтар 2007-жылдын январь мезгили үчүн изилдөөдө толтурулган репродуктивдүү учурлардын толук календарынан алынды. Перинаталдык өлүм перинаталдык өлүмдөрдүн (өлүү төрөлүүлөр жана эрте неонаталдык өлүмдөр) учурларын жалпы санын 7 же андан көп айлык узактагы кош бойлуулуктардын жалпы санына (т.а. 7 же андан көп айлык түйүлдүгү өлүм менен бүткөн кош бойлуулуктардын жана тирүү төрөө менен бүткөн кош бойлуулуктардын саны) бөлүү жолу менен эсептелди.

9.4-таблицада өлүү төрөлүүлөрдүн жана эрте неонаталдык өлүмдөрдүн саны жана изилдөө алдындагы беш жыл ичиндеги перинаталдык өлүмдөрдүн айрым демографиялык жана социалдык-экономикалык мүнөздөмөлөрдөн көз каранды көрсөткүчтөрү көрсөтүлгөн. Жыйынтыктарды кароодо өлүү төрөлүүлөр жана эрте неонаталдык өлүмдөр жөнүндө маалыматтар респонденттердин айтуусу менен жазылгандыгын эскертип кетүү керек, ошону үчүн толук баа берилбеши мүмкүн. Өлүмдөрдүн жалпы саны абдан чоң эмес (15 өлүү төрөлүү жана 59 эрте неонаталдык өлүм), ошону үчүн перинаталдык өлүмдүн деңгээли топтордун бир нечеси үчүн окуялардын абдан аз санына негизделген.

Жалпысынан перинаталдык өлүмдүн деңгээли төрөлүүлөрдүн 1000ине 18ди түзөт. Перинаталдык өлүмдүн көрсөткүчтөрү 20 жашка чейинки аялдардын (1000ине 29), Ысык-Көл облусунда жашаган аялдардын (1000ине 26), жашоонун эң төмөнкү квинтилинде жашаган аялдардын (1000ине 29) жана төрөттөр ортосундагы аралык 15 айдан кем болгон кош бойлуу аялдардын (1000ине 53) арасында абдан жогору.

9.4-таблица. Перинаталдык өлүмдөрдүн көрсөткүчтөрү

Өлүү төрөлүүлөрдүн жана эрте неонаталдык өлүмдөрдүн саны жана изилдөө алдындагы беш жыл ичиндеги перинаталдык өлүмдөрдүн негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды көрсөткүчтөрү, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Өлүү төрөлүүлөрдүн саны[1]	Эрте неонаталдык өлүмдөрдүн саны[2]	Перинаталдык өлүмдөрдүн көрсөткүчтөрү[3]	7 же андан көп ай узактыктагы кош бойлуулуктардын саны
Эненин төрөттөр учурундагы жаш курагы				
<20	0	8	29	289
20-29	11	39	19	2,655
30-39	3	12	14	1,034
40-49	1	0	7	120
Мурунку кош бойлуулуктан кийинки интервал, ай менен[4]				
Биринчи кош бойлуулук	3	23	20	1,266
<15	6	13	53	356
15-26	0	11	12	940
27-38	2	4	12	531
39+	3	7	10	1,004
Жашаган жеринин тиби				
Шаар	0	18	15	1,216
Айыл	14	41	19	2,881
Облусу				
Ысык-Көл	4	6	26	389
Жалал-Абад	1	13	20	734
Нарын	1	2	17	177
Баткен	2	6	21	367
Ош	5	9	17	836
Талас	1	4	17	257
Чүй	0	10	15	660
Бишкек шаары	0	9	17	557
Ош шаары[a]	0	0	0	119
Эненин билими				
Билими жок/башталгыч	0	0	*	23
Негизги жалпы	0	2	5	432
Толук орто	10	29	21	1,861
Башталгыч/орто кесиптик	2	7	13	668
Жогорку	3	20	21	1,112
Жетиштүү жашоо квинтили				
Эң төмөнкү	5	18	29	784
Экинчи	5	13	21	819
Орто	4	11	17	876
Төртүнчү	1	7	9	903
Эң жогорку	0	9	13	715
Бардыгы	15	59	18	4,097

[1] МДИдеги өлүү төрөлүүлөрдүн алдында 7 же андан көп ай узактыктагы кош бойлуулуктарда түйүлдүктүн эненин курсагындагы өлүмү түшүндүрүлөт (эквиваленти кош бойлуулуктун 28 же андан көп жумалыгы).
[2] Эрте неонаталдык өлүм – бул тирүү балдардын арасындагы 0-6 күндүк өлүм.
[3] 7 же андан көп ай узактыктагы кош бойлуулуктардын санына бөлүнгөн өлүү төрөлүүлөрдүн жана неонаталдык өлүмдөрдүн санынын 1000ине эсептелгендеги суммасы (т.а. түйүлдүктүн эненин курсагындагы өлүмү жана тирүү бала төрөө менен бүткөн 7 же андан көп ай узактыктагы кош бойлуулуктардын саны).
[4] Категория төрөт аралык интервал менен дал келет <24 ай, 24-35 ай, 36-47 ай жана 48 + ай.

9.6 ЖОГОРКУ ТОБОКЕЛДИККЕ БАЙЛАНЫШКАН ФЕРТИЛДИК ЖҮРҮМ-ТУРУМ

Изилдөө аялдардын фертилдик жүрүм-турумунун (бойго жеткендик; бойго жеткен организмдин бала жаратуу жөндөмдүүлүгү) айрым аспектилери менен балдардын жашап кетүүсү менен байланышкан тобокелдиктер өз ара тыгыз байланышка ээ экендигин көрсөтөт. Эрте жаштагы өлүмдүн коркунучу төрөгөн кезде энелери аябай жаш же тескерисинче жашы өтүп калган мезгилде төрөлгөн балдар арасында жогору. Эрте жаштагы өлүмдүн тобокелдигине төрөөнүн абдан жогорку иреттик номери менен төрөлгөн же төрөттөр ортосунда аябай кыска аралык менен төрөлгөн балдар кабылышат. «Абдан жаш» категориясына бала төрөгөн кезде 18 жаштан кичүү энелер кирет, ал эми «жаш эмес» категориясына бала төрөгөн кезде 34 же андан улуу жаштагы энелер кирет. «Кыска төрөттөр ортосундагы аралык» категориясы мурунку төрөт менен кийинки төрөттүн аралыгы 24 айдан аз болгон төрөттөрдү аныктайт. «Төрөөнүн абдан жогорку иреттик номери менен» категориясына мурун үч же андан көп бала төрөгөн энелердин төрөттөрү кирет.

9.5-таблицада изилдөө алдындагы беш жылдык аралыктагы төрөттөрдүн жана никеси бар аялдардын жогорку тобокелдиктин[4] бир категориясына, бир канча категориясына кабылганынан же бир да категориясына кабылбаганына жараша бөлүнүшү боюнча маалыматтар берилди. 18 жаштан 34 жашка чейинки биринчи төрөттөр тобокелдиги жогору болгон төрөткө киргенине карабастан, өзүнчө категорияга кирет, анткени тобокелдик «аргасыз» деп саналат. 9.5-таблицада коркунучтун факторусуз төрөттөр категориясында жаңы төрөлгөндөрдүн арасындагы өлүмдүн жогорку тобокелдигин баалоого мүмкүн болгон тобокелдик катышы көрсөтүлөт.

9.5-таблица. Жогорку коркунуч менен байланышкан репродуктивдүү жүрүм-турум

Изилдөө алдындагы беш жыл ичинде төрөлгөн балдардын өлүм тобокелдиги жогору жана тобокелдиктердин катышы боюнча пайыздык бөлүнүшү жана эгер Кыргыз Республикасы 2012 изилдөөсү учурунда боюна бала бүтүрө алган болсо, никеси бар аялдардын тобокелдик категориясы боюнча пайыздык бөлүнүшү,

Коркунуч категориясы	Изилдөө алдындагы беш ичиндеги төрөлүүлөр		Никеси бар аялдардын пайызы[1]
	Төрөлүүнүн пайызы	Коркунучтардын катышы	
Жогорулаган коркунучтун түрүнүн бири да эмес	29.6	1.00	20.3[a]
Коркунучтун арылууга мүмкүн болбогон категориясы			
18-34 жаштагы энелердеги биринчи төрөлүүлөр	32.6	1.89	7.2
Жогорулаган коркунучтун бир жолку категориясы			
Эненин жаш курагы <18	0.7	(0.00)	0.2
Эненин жаш курагы >34	3.7	1.39	10.0
Төрөт аралык интервал <24 ай	13.1	2.99	12.4
Төрөлүүнүн иреттик номери >3	10.1	2.02	9.5
Бул категория боюнча бардыгы	27.7	2.34	32.2
Жогорулаган коркунучтун көп жолку категориясы			
Эненин жаш курагы <18 жана төрөт аралык интервал <24 ай[2]	0.0	э/б	0.0
Эненин жаш курагы >34 жана төрөт аралык интервал <24 ай	0.4	*	0.3
Эненин жаш курагы >34 жана төрөт аралык интервал >3	6.2	1.75	31.8
Эненин жаш курагы >34 жана төрөт аралык интервал <24 ай жана төрөөлүүнүн иреттик номери >3	0.9	(0.67)	2.4
Төрөт аралык интервал < 24 ай жана төрөөлүүнүн иреттик номери >3	2.7	1.10	5.7
Бул категория боюнча бардыгы	10.1	1.53	40.3
Жогорулаган коркунучтун арылууга мүмкүн болгон бир категориясы	37.8	2.13	72.5
Бардыгы	100.0	к/б	100.0
Төрөлүүлөрдүн саны/аялдар	4,082	к/б	5,256

Эскертүү: Коркунучтардын катышы – бул жогорулаган коркунучтун белгилүү категориясында төрөлгөн балдардын арасындагы өлгөндөрдүн үлүшү жогорулаган коркунучтун бир да түрүнө кирбеген төрөлгөн балдардын арасындагы өлгөндөрдүн үлүшүнө катышы.
* белгиси маалыматтар 25 ден кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн жок.
Кашаанын ичиндеги сандар 25-49 такталбаган учурларга негизделген.
к/б = колдонулбаган.
э/б = эсептелбеди, анткени бир да окшош учурлар жок.
[1]Аялдар бала төрөө учуруна ээ болсо, изилдөө жүргүзүү убагында боюна бүтсө, статусунан көз каранды жогорулаган коркунучтун белгилүү бир категориясына киргизилди: учурдагы жаш курагы 17 жаш 3 ай же 34 жаш 2 айдан улуу, акыркы төрөтү 15 айдан кем эмес мурун болуп өткөн же акыркы төрөөнүн иреттик номери үч же андан жогору.
2 «эненин жаш курагы <18 жаш жана төрөлүүнүн иреттик номери > 3» категориясын камтыйт.
а Стерилизациядан өткөн аялдарды камтыйт.

[4]Коркунучтун белгилүү категориясы боюнча бөлүнүүнүн критерийи кошумча төрөө үчүн гестациялык мөөнөттүн эсеби менен көрсөтүлдү.

Жалпысынан таблицанын биринчи тилкесин кароодо балдардын болжолд менен ондон төртү төрт учурунда коркунучтардан кутулууга боло турган категорияга киргендигин көрүүгө болот, 28 пайызы бир жолку жогорулаган коркунуч категориясына, ал эми 10 пайызы көп жолку жогорулаган коркунуч категориясына кирген. Кутулууга мүмкүн болгон коркунучтардын эң көп жайылган факторлору булар – төрөттөр ортосундагы кыска аралык жана төрөөнүн жогорку иреттик номери.

9.5-таблицанын экинчи тилкесинде көрсөтүлгөндөй, өлүмдүн жалпы коркунучу жогорулаган коркунучтун бардык категориясына кирген төрөттөр арасында жогорулаган коркунучтун бир да категориясына кирбеген төрөттөргө караганда 2,13 эсе жогору. Биринчи төрөө үчүн тобокелдиктердин катышы тобокелдик жогору болгон кайсы бир категорияга кирген төрөт тобокелдиктери менен бирдей.

9.5-таблицанын акыркы тилкесинде никеси бар аялдардын 73 пайызы өлүмдүн жогорулаган коркунучу бар шарттарда төрөй алышпагандыгы көрсөтүлгөн. Аялдардын ондон үчү бир жолку тобокелдиктин жогоруку категориясында төрөй алышат (негизинен, абдан кыска төрөт аралык интервал, эненин жаш эмес кураста экендиги жана төрөөнүн абдан жогорку иреттик номери), ал эми аялдардын ондон төртү көп жолку тобокелдиктин жогорку категориясында төрөй алышат (негизинен, эненин жаш эмес кураста экендиги жана төрөөнүн абдан жогорку иреттик номери).

9.7 БАЛДАР ӨЛҮМҮН КАТТОО

Жарандык абалдардын актыларын жазууну каттоо өлкөдөгү өлүм санынын тенденциясын көзөмөлдөө үчүн негизги курал болуп саналат. Кыргыз Республикасындагы[5] балдар өлүмдөрүнүн эсебинин масштабдары жөнүндө маалыматтарды алуу үчүн КР МДИдеги төрөттөрдүн тарыхына ар бир өлгөн бала тууралуу өлгөндүгү жөнүндө күбөлүктүн болушу боюнча суроолор киргизилди. Эгер өлгөндүгү жөнүндө күбөлүгү болбосо, өлүмдүн ЖААК органдарында катталгандыгы тууралуу кошумча суроолор берилди. 9.2-графикте изилдөө жүргүзгөнгө чейинки беш жыл ичинде төрөлгөн балдар арасында болгон өлүмдөрдүн ондон төртөө гана ЖААК органдарында катталгандыгы көрсөтүлгөн. Мындан сырткары, изилдөө жүргүзгөнгө чейинки беш жыл ичинде өлгөн балдардын 18 пайызы гана өлгөндүгү тууралуу күбөлүккө ээ. Маалыматтар учурлардын аз гана санына (116 такталбаган учурлар) негизделгендигин жана бул маалыматтарды сактык менен түшүндүрүү керектигин белгилеп кетебиз.

9.2-график

КР МДИ-2012 алдындагы беш жыл ичинде төрөлгөн балдардын өлүмүн каттоо



[5]Төрөлүүнү каттоо жөнүндө маалыматтар 2-бөлүктө камтылган.

ЭНЕНИН ДЕН СООЛУГУ 10

Негизги корутундулар

- Изилдөөгө чейинки беш жыл ичинде тирүү бала төрөгөн аялдардын дээрлик бардыгы (97 пайыз) төрөткө чейинки байкоо үчүн жок дегенде бир жолу медицина кызматкерлерине баргандыгын айтышты, ал эми 84 пайызы төрөткө чейинки байкоо үчүн жок дегенде төрт жолу медицина кызматкерлерине кайрылгандыгын айтышкан.
- Изилдөөгө чейинки беш жыл ичинде тирүү бала төрөгөн аялдардын арасында 38 пайызына азкандуулук диагнозу коюлуп, 45 пайызы курамында темири бар дарыларды же сиропторду, 37 пайызы курамында фолий кычкылдыгы бар дарыларды, 8 пайызы кош бойлуулук кезинде дегельминтизациялоочу заттарды колдонушкан.
- Кыргыз Республикасындагы бардык төрөттөр (99 пайыз) медициналык мекемелерде кабыл алынат, төрөттөрдүн көпчүлүгүн дасыккан медицина кызматкерлери кабыл алат, 21 пайызын медайымдар кабыл алат.
- Жалпысынан аялдардын 96 пайызы төрөгөндөн кийин эки күн ичинде, 85 пайызы төрөттөн кийин 4 саат аралыгында, ал эми 11 пайызы төрөттөн кийин эки күн ичинде төрөттөн кийинки байкоодон өтүшкөн.
- Энелердин 86 пайызынын төрөттөн кийинки байкоосун дарыгер өткөрсө, 10 пайызын фельдшер же медайым өткөргөн.
- Жаңы төрөгөндөрдүн онунан төртөө төрөттөн кийинки байкоодон төрөттөн кийинки биринчи саат ичинде, 31 пайызы биринчи төрт саат ичинде өтүшкөн. Жаңы төрөгөндөрдүн онунан сегизи төрөттөн кийинки байкоодон төрөттөн кийинки эки күндүн ичинде өтүшсө, он сегиз пайызы төрөттөн кийинки байкоодон төрөттөн кийинки биринчи жума убагында өтүшкөн эмес.
- Төрөткө чейинки байкоодон өткөн аялдардын он төрт пайызы акыркы кош бойлуулук учурунда медициналык мекемеге кабыл алынышкан. Алардын медициналык мекемеге кабыл алынгандарынын эң көп таралган себеби бул – бойдон түшүү коркунучу.
- Ооруга чалдыкканда медициналык тейлөөлөрдү алууга акча каражатынын жетишсиздиги олуттуу көйгөй болуп саналарын аялдар көпчүлүк учурларда айтышты.

Энелер менен балдарга кош бойлуулук, төрөт жана төрөттөн кийинки учурларда тийиштүү кам көрүү зарыл. Антенаталдык, перинаталдык жана төрөттөн кийинки жардамдар тууралуу маалыматтар аялдардын ушундай тейлөөлөрдү колдонгон топторун аныктоо жана бул тейлөөлөрдүн сапаттарын мындан ары жакшыртуу чоң маанаге ээ. КР МДИ-2012ни өткөрүүдө изилдөөнүн алдындагы беш жыл ичинде төрөгөн аялдарга антенаталдык, перинаталдык жана төрөттөн кийинки жардамдар тууралуу суроолор берилди. Антенаталдык жардамдар тууралуу жыйналган маалыматтарда жардам ким тарабынан көрсөтүлгөндүгү, антенаталдык жардамды алуу үчүн медициналык мекемеге барганынын саны, антенаталдык жардамды алуу үчүн медициналык мекемеге алгачкы жолу баргандагы кош бойлуулуктун баскычы жана көрсөтүлгөн тейлөөнүн түрлөрү тууралуу маалыматтарды камтыды. Мындан сырткары аялдарга кош бойлуулук учурунда ооруканага кабыл алынгандыгы боюнча да суроолор берилди. Төрөттөр менен байланышкан суроолор төрөттүн кабыл алынган жайы, төрөттө ким жардам көрсөткөндүгү жана баланын кесардык ыкма менен төрөлгөндүгү жөнүндө суроолорду камтыды. Төрөттөн кийинки байкоолор жөнүндө маалыматтар энеси боюнча да, баласы боюнча да алынды жана жардамды ким көрсөткөндүгү, алгачкы төрөттөн кийинки байкоонун узактыгы тууралуу маалыматтарды камтыды.

Энелерге камкордук көрсөтүү жөнүндө маалыматтарга кошумчалаганда, бул бөлүктө КР МДИ-2012ни жүргүзүүдө аялдар медициналык тейлөөлөрдү алууда кабылган көйгөйлүү маселелер жөнүндө маалыматтарды өзүнө камтыды.

10.1 АНТЕНАТАЛДЫК ЖАРДАМ

Дасыккан медицина кызматкерлеринин антенаталдык жардамы кош бойлуулукту байкоо жана кош бойлуулук, төрөт учурунда энеге жана балага болгон коркунучтарды азайтуу үчүн маанилүү. Кыргыз Республикасында төрөт учурунда медициналык жардамдарды көрсөткөнгө атайын даярдалган дасыккан медицина кызматкерлери, дарыгерлер, медайымдар, акушерлер жана фельдшерлер кирет[1].

10.1.1 АНТЕНАТАЛДЫК ЖАРДАМГА ТАРТУУ

10.1-таблицасы көрсөткөндөй, энелердин 97 пайызы, изилдөө башталганга чейинки беш жыл ичинде акыркы тирүү төрөттөн кийин антенаталдык жардам үчүн медицина кызматкерлерине жок дегенде бир жолу баргандыгын билдиришет. Аялдардын дээрлик бешөөнүн төртөө (79 пайыз) дарыгерге кайрылышкан, 4 пайызы фельдшерге, 13 пайызы медайымдарга же акушерлерге кайрылышкан. Дасыккан медицина кызматкерлери антенаталдык жардамга тартуусу КР МДИ-2012де (97 пайыз) Армения МДИ-2010 жана Украина МДИ-2007 (99 пайыз) менен бирдей, Тажикстан МДИ-2012 (79 пайыз) жана Азербайжан МДИ-2006 (77 пайыз) караганда бир кыйла жогору (NSS [Armenia] et al., 2012; UCSR [Ukraine] and Macro International 2008; SA [Tajikistan] and ICF International, 2012; SSC [Azerbaijan] and Macro International 2008).

10.1-таблица. Антенаталдык жардам

Негизги мүнөздөмөлөр	Төрөлгөн учурдагы өлчөмү боюнча тирүү төрөлгөн бардык балдардын пайыздык бөлүнүшү				Баары	Төрөлгөндөгү салмагы жөнүндө маалыматы барлар үчүн бардык төрөлүүлөрдүн пайызы[1]	Төрөлүүлөр-дүн саны	Төрөлгөндөгү катталган салмагы менен төрөлүүлөр[1]	
	Өтө кичинекей	Орточодон кичине	Орточо же орточодон чоңураак	Билбейт/жок				2.5 кгдан азыраак салмактагылардын пайызы	Төрөлүүлөр-дүн саны
Төрөт учурундагы энанин жашы									
<20	4.5	14.0	81.2	0.2	100.0	99.5	288	6.5	287
20-34	2.0	12.8	84.3	0.9	100.0	98.7	3,338	6.0	3,296
35-49	3.0	15.3	81.5	0.3	100.0	99.7	456	6.2	455
Төрөттүн ирети									
1	2.7	15.9	80.1	1.3	100.0	98.6	1,387	6.9	1,367
2-3	2.4	12.0	85.0	0.5	100.0	99.2	1,886	6.3	1,870
4-5	1.5	9.7	88.3	0.6	100.0	98.6	686	4.0	676
6+					100.0	99.8	123	5.2	123
Энанин чылым чегүүсүнүн статусу									
Чылым/тамеки чегүүсү	(14.2)	(7.0)	(78.8)	(0.0)	100.0	(100.0)	46	(17.7)	46
Чекпейт	2.2	13.2	83.8	0.8	100.0	98.9	4,037	6.0	3,991
Жашаган жеринин тиби									
Шаар	2.8	10.0	86.5	0.7	100.0	99.2	1,216	6.6	1,206
Айыл	2.1	14.5	82.6	0.8	100.0	98.7	2,867	5.9	2,831
Облусу									
Ысык-Көл	2.4	16.7	80.8	0.2	100.0	99.4	385	5.6	383
Жалал-Абад	1.1	7.0	90.5	1.4	100.0	98.4	732	4.8	720
Нарын	2.4	16.2	80.9	0.5	100.0	98.7	176	7.1	174
Баткен	2.4	13.9	82.0	1.7	100.0	97.3	365	8.0	355
Ош	1.5	13.4	84.3	0.9	100.0	99.2	831	5.2	825
Талас	2.2	14.5	83.1	0.2	100.0	99.8	256	5.6	256
Чүй	3.3	20.8	75.4	0.5	100.0	98.5	660	5.9	651
Бишкек шаары	3.9	8.0	88.1	0.0	100.0	99.8	557	9.2	556
Ош шаары	2.7	9.1	85.8	2.4	100.0	98.7	119	2.4	118
Энанин билими									
Билими жок/башталгыч	*	*	*	*	100.0	*	23	*	22
Негизги жалпы	1.4	13.6	84.5	0.4	100.0	99.6	432	5.5	431
Толук орто	1.9	12.7	84.4	1.0	100.0	98.6	1,851	5.5	1,825
Башталгыч/орто кесиптик	2.6	12.5	84.3	0.6	100.0	99.4	666	6.3	662
Жогорку	2.9	13.8	82.7	0.6		98.9	1,109	7.2	1,097
Жетиштүү жашоо квинтилдери									
Эң төмөнкү	2.7	11.9	85.0	0.4	100.0	98.9	779	5.7	770
Экинчи	1.1	14.0	84.3	0.6	100.0	99.1	814	4.5	806
Орто	2.3	13.8	82.3	1.5	100.0	98.3	872	7.5	857
Төртүнчү	2.7	15.8	80.7	0.8	100.0	98.8	902	5.5	892
Эң жогорку	2.8	9.3	87.5	0.4	100.0	99.5	715	7.4	711
Бардыгы	2.3	13.1	83.8	0.8	100.0	98.9	4,082	6.1	4,037

Эскертүү: Кашадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгенин көрсөтөт; * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

[1] Жазмаларга же энесинин сөзүнө негизделген.

11.1-таблица баланын төрөлгөндөгү өлчөмүнө энесинин берген баасы тууралуу маалыматтарды камтыйт. Энесинин баалоосу боюнча 2 пайыз балдардын төрөлгөндөгү өлчөмү өтө кичинекей, 13 пайызы орточодон кичине жана 84 пайызы орточо же орточодон чоңураак болушкан. Балдардын (облустардын бөлүктөрүн кошпогондо), төрөлгөндөгү өтө кичинекей же орточодон кичине деп көрсөтүлгөн пайызынын айырмачылыгы жалпысынан, анча деле чоң эмес. Чүй облусундагы балдарга (24 пайыз) салыштырмалуу Жалал-Абад облусундагы балдарды (8 пайыз) энелери төрөлгөндө өтө кичинекей же орточодон кичине деп баалашкан.

МИКИ-2006нын отчетунда изилдөө алдындагы эки жыл ичинде төрөлгөн балдардын 97 пайызы төрөлгөндөгү салмагы көрсөтүлгөн жана бул изилдөө алдындагы эки жыл ичинде төрөлгөндөр үчүн КР МДИ-2012нин маалыматтары менен салыштырмалуу бир аз төмөн (99 пайыз) (Улутстатком, 2007).[1] МИКИ-2006нын маалыматтары боюнча төрөлгөндөгү төмөн салмагынын жайылышы төрөлгөндөгү төмөн салмагы жөнүндө биригүү жолу менен эсептелинген баланын төрөлгөндөгү өлчөмүнө энесинин баалоосунан жана медициналык картасынан алынган жана КР МДИ-2012нин убагында алынган төрөлгөндөгү төмөн салмагы (5 кг азыраак) жөнүндө маалыматтарды салыштырууга болбойт.

11.2 Балдарды эмдөө

Бир жашка чейинки балдардын негизги ооруларга каршы жалпы иммунизациялоосу, вакцинопрофилактиканы алдын алууда ымыркайлардын, балдардын оорусун жана өлүмдүүлүгүн азайтуу боюнча эң эле экономикалык жактан натыйжалуу программалардын бири болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги балдарды иммунизациялоо боюнча Дүйнөлүк Саламаттык Сактоо Уюмунун (ДССУ) сунуштарын кабыл алды. Бул сунушка ылайык өмүрүнүн биринчи жылында бардык балдар төмөнкү эмдөөлөрдү алышы керек: кургак учукка каршы БЦЖны, көк жөтөл жана тарамыш тырышуу, дифтериядан коргоо үчүн АКДСтин үч дозасын, полиомиелитке каршы вакцинанын үч дозасын жана кызамыкка (корь) каршы эмдөөнү (ДССУ, 2000). Бул сунушталган эмдөөлөргө кошумча, 2001-жылы Саламаттык сактоо министрлиги балдарга В гепатитине каршы вакцинанын үч дозасын алуусун сунуштайт; биринчи дозаны төрөлгөндө же биринчи клиникалык катнашта алуусу керек (Саламаттык сактоо министрлиги, 2001). 2009-жылы киргизилген беш валентүү вакцина (Пента) төрөлгөндөгү В гепатитине каршы вакцинасынын биринчи дозасынан башка АКДС вакцинасына жана В гепатитине каршы вакцинасына алмаштырылды (Саламаттык сактоо министрлиги, 2009b). АКДСтен башка, беш валентүү вакцина АКДС сыяктуу ошол эле схема боюнча бөлүнгөн В гепатитине каршы вакцинаны жана Гемофилюс инфлюэнца В тибиндеги вакцинаны дагы камтыйт. 2002-жылдан баштап, КПК вакцинациялоосу кызамыкка (корь) жана паротит, кызамыктан коргоо үчүн 12 айлык курагында берилет (Саламаттык сактоо министрлиги, 2002).

КР МДИ-2012нин чегинде 5 жашка чейинки курактагы бардык балдардын вакцинациялоосун камсыздоо тууралуу маалыматтар чогултулду. Кыргыз Республикасында баланын медициналык карточкасы (МЗ форма 112) жана эмдөөлөрдүн жазмасынын формасы (МЗ форма 063) жергиликтүү медициналык мекемелерде сакталат. Кээ бир учурларда гана балдардын эмдөөлөрүнүн жазылышы үйлөрдө сакталат. Бул изилдөөлөрдө эмдөө жөнүндө маалымат үч булактан жыйналды. Эгер энелер баланын эмдөөлөрүнүн жазылышын көрсөтүшсө, анда эмдөөлөрдүн күндөрү карточкадан анкетага көчүрүлөт. Энесинде баланын эмдөөлөрүнүн жазуулары жок болгон же ал жакта эмдөө жазылбаган учурларда энесинен анын баласына кандай эмдөөлөр жасалгандыгын эстөөсүн суранышкан. Белгиленген кластердеги бардык сурамжылоо бүткөндөн кийин команданын супервайзерлери жергиликтүү медициналык мекемелерге барышып

[1] МИКИ-2006 убагында (Кыргыз Республикасы) изилдөө алдындагы эки жылдык мезгил ичиндеги акыркы тирүү төрөлгөндөрдүн төрөлгөндөгү өлчөмү жана салмагы жөнүндө маалыматтар чогултулду. Ошондуктан, МИКИ-2006 ден баштап тенденцияны билүү үчүн балдардын төрөлгөндөгү салмагынын эсептелген пайызы изилдөөгө чейинки эки жыл ичинде акыркы тирүү төрөлгөндөрдүн маалыматынын негизинде КР МДИ-2012де саналган.

жана тандалып алынган балдардын баарынын медициналык карточкаларынан алынган эмдөөлөр жөнүндө маалыматтарды жазып алышкан. 18-29 айлык балдардын 86 пайызында медициналык карточкалары бар болгон. Жогорку баскычтагы иммунизациялоону камсыздоо тууралуу маалыматтар медициналык карочкаларынан алынган маалыматтарга негизделген; бирок балдардын 14 пайызына карата кимдин медициналык карточкасы табылбаса же айрым спецификалык эмдөөлөр тууралуу маалыматтар өткөрүлүп жиберилген болсо, анда булар энесинин сөздөрүнөн алынган маалыматтарга негизделген.

11.2.1 Эмдөө менен камсыздоо

11.2-таблицада маалымат булактарына ылайык эмдөө менен камсыздоо тууралуу маалыматтар берилген. Толугу менен эмдөөгө тийиш боло турган жаш курагына жеткен балдарды гана кошкондо, 18-29 айлык курактагы балдар жөнүндө маалыматтар берилген. Биринчи төрт сап изилдөө жүргүзө баштаганга чейин каалаган убакытта эмделген балдардын үлүшүн көрсөтөт. Камсыздоону аныктоо үчүн пайдаланылган маалымат булактарына ылайык бул натыйжалар көрсөтүлгөн, башкача айтканда, эмдөө жөнүндө карточканын (медициналык мекемелерден же үйдөн табылган карточкага карабастан) энесинин сөзүнүн же каалаган эки булактын негизинде берилген. Акыркы саптар балдарды эмдөө менен камсыздап бүтө турган жаш курак, 18 айлык курагында эмделген балдардын катышын көрсөтөт.

11.2-таблица. Маалымат булактары боюнча эмдөө

Маалымат булактары боюнча (энесинин сөзүнөн же медициналык мекемелерден же үйдөн табылган эмдөө жөнүндө карточка боюнча) изилдөө жүргүзө баштаганга чейин кандайдыр бир убакытта спецификалык эмдөө алган 18-29 айлык жана 18 айында эмделген балдардын пайызы, Кыргыз Республикасы 2012

Маалымат булактары	БЦЖ	Төрөлгөн-дөгү гепатит В	Пента/АКДС[1]			Полиовакцина[2]				Корь (КПК)	Бардык негизги вакцинациялоо-лар[3]	Бардык негизги[3] төрөлгөн-дөгү гепатит В кошуу	Вакцина-ция жок	Балдар-дын саны
			1	2	3	0	1	2	3					
Изилдөөгө чейин каалаган убакытта вакцинациялооланган														
Үйдөн табылган вакцинациялоолардын карточкасы	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	4
Медициналык мекемелерден табылган вакцинациялоолардын карточкасы	86.0	85.3	86.0	85.2	80.5	86.0	86.0	84.2	76.5	84.9	72.9	72.5	0.0	736
Энесинин сөзүнөн	12.5	9.3	11.7	9.3	4.6	10.5	10.4	5.6	2.5	11.2	1.3	1.2	1.1	116
Бул булактардын каалаганынан	98.9	95.1	98.1	95.0	85.3	96.9	96.8	90.2	79.2	96.5	74.3	73.9	1.1	856
18 айында вакцинациялооланган[4]	98.9	94.4	97.7	94.3	84.2	96.9	97.1	89.8	77.7	94.2	71.2	70.1	1.1	856

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25 тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.
1 АКДС дозасы өзүнчө же Гемофилюс инфлюэнца тип В (ХИБ) же В гепатитти, АКДСди өзүнө камтыган Пентавакциндин (ПЕНТА) курамында берилет.
2 0 полиовакцинасы – бул төрөлгөндөгү полиомиелитке каршы эмдөө.
3 БЦЖ вакцинациясы, кызамыкка же КПК жана Пента/АКДС үч дозасына жана полиовакциналарга каршы эмдөө (төрөлгөндөгү эмделген полиовакциналарды кошпогондо).
4 Балдарга карата эмдөө жөнүндө энесинин сөзүнөн алынган маалымат, өмүрүнүн биринчи жарым жылдыгында эмдөө жасалгандардын үлүшү жана эмдөөлөрдүн жазуусу бар балдар үчүн да ушундай эле божомолдонот.

Эрте жаштагы балдардын (1 жашка чейин) иммунизациялары боюнча расмий статистиканын маалыматтары менен 18-29 айлык балдардын иммунизациялары боюнча КР МДИ-2012нин маалыматтарын салыштырууда этиятуулук колдонулушу керек, бул көрсөткүчтөрдүн эсептөө ыкмасында принципиалдуу айырма бар болгондугуна байланыштуу.

«Бул эки булактын кайсынысы болбосун» аттуу тилке дээрлик 18-29 айлык балдардын баары (96 пайыз жана андан көп) БЦЖ вакцинасын, кызамык жана Пента/АКДС жана полиовакцинанын биринчи дозасын алышкандыгын билдирет. Токсон беш пайызы төрөлгөндө

гепатиттин эмдөөсүн алышты. Пента/АКДС жана полиовакцинанын экинчи жана үчүнчү дозасын алган балдардын үлүшү бир кыйла төмөн болгон. Мисалы, Пента/АКДСдин үчүнчү дозасын алган 85 пайызга салыштырмалуу 98 пайыз бала биринчи дозасын алышты. Пента/АКДСдин үчүнчү жана биринчи доза аралык ылгоонун[2] көрсөткүчү 13 пайызды түзөт. Полиовакцина үчүн ылгоонун тийиштүү көрсөткүчү 18 пайызды түзөт.

Жалпысынан бул маалыматтар интервью күнүнө чейин ДССУ сунуштаган бардык негизги эмдөөлөрдү 18-29 айлык 74 пайыз балдар алгандыгын көрсөтөт. Ушундай эле сандагы балдар (74 пайызы) төрөлгөндөгү В гепатитине каршы эмдөөнү кошумча өзүнө камтыган Саламаттык сактоо министрлиги сунуштаган эмдөөлөрдүн толук курсун алышты. 18-29 айлык курактагы балдардын бир пайызы гана эч кандай эмдөөлөрдү алышкан жок.

Эмдөөлөр эгерде белгиленген куракта жасалса, эң эле натыйжалуу болуп саналат. Кыргыз Республикасында өмүрүнүн биринчи 18 айында балдар иммунизациялоонун толук курсунан өтүүсү сунушталат. Жалпысынан 18 айлык курагына толгонго чейин бардык сунушталган эмдөөлөрдү 18-29 айлык курактагы балдардын 71 пайызы алышкан.

11.2.2 Эмдөө менен камсыздоодогу айырмачылыктар

11.3-таблица энесинин жана баласынын негизги мүнөздөмөсүнө ылайык эмдөө менен камсыздоодогу айырма көрсөтүлөт. Төрөлгөндөгү ирети жана жынысы боюнча иммунизация менен камсыздоодогу айырма анча чоң эмес, бирок облусунан жана жашаган жеринен көз каранды олуттуу айырмачылыктар бар (11.1-график). Бардык негизги эмдөөлөрдү алган балдардын үлүшү шаар жерлерине караганда (67 пайыз) айыл жерлеринде бир кыйла жогору (78 пайыз). Толугу менен эмдөөгө (87-91 пайыз) башка облустардын балдарына караганда Нарын, Жалал-Абад, Ысык-Көл облустарында жана Ош шаарында жашаган балдардын чоң ыктымалдуулугу бар, Чүй, Ош облустарындагы жана Бишкек шаарындагы балдардын ичинен 70 пайызын эмдөө менен камсыздоо төмөндөгөн. Эмдөөнүн негизги түрлөрү менен камсыздоо жетиштүү жашоо деңгээлинин квинтилинин жана энесинин билим деңгээлинин өсүүсүнүн ченеми боюнча кээ бир тенденциянын төмөндөшүн көрсөтөт.

2 Ылгоонун көрсөткүчтөрү = (доза 1-доза 3)*100/Доза 1

11.3-таблица. Негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды эмдөө

Изилдөө жүргүзө баштаганга чейин кандайдыр бир убакытта спецификалык эмдөө алган 18-29 айлык балдардын пайызы (энесинин сөзүнөн же вакцинациялоо жөнүндө карточкасынан) жана вакцинациялоо жөнүндө медициналык карточкасы барлардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	БЦЖ	Төрөлгөн-дөгү гепатит В	Пента/АКДС[1]			Полиовакцина[2]				Корь же (КПК)	Бардык негизги вакцинация-лоолар[3]	Бардык негизги[3] төрөлгөн-дөгү гепатит В плюс	Вакцинация лоо жок	Каралган вакцинация лоолардын пайызы[4]	Балдардын саны
			1	2	3	0	1	2	3						
Жынысы															
Эркек	99.1	95.1	98.8	95.3	85.7	97.3	97.1	89.8	78.4	96.5	74.4	74.3	0.9	87.4	443
Аял	98.7	95.0	97.5	94.7	84.8	96.6	96.5	90.6	80.1	96.5	74.1	73.4	1.3	85.5	412
Төрөлүүнүн кезеги															
1	97.6	94.1	97.2	94.3	84.6	96.8	96.0	89.5	78.7	95.2	73.8	72.9	2.4	85.0	301
2-3	99.6	95.0	98.4	95.6	85.7	97.7	96.5	89.3	79.5	97.1	75.3	75.3	0.4	86.7	378
4-5	99.6	98.1	99.2	97.1	85.8	98.3	98.6	93.1	77.6	96.6	71.6	71.0	0.4	90.6	147
6+	(100.0)	(90.9)	(100.0)	(84.4)	(84.4)	(81.9)	(100.0)	(93.4)	(88.5)	(100.0)	(79.5)	(79.5)	(0.0)	(76.6)	29
Жашаган жеринин тиби															
Шаар	98.7	91.8	98.0	96.2	79.9	96.2	95.1	81.8	70.3	94.9	67.2	66.6	1.3	77.6	266
Айыл	99.0	96.5	98.2	94.5	87.7	97.3	97.6	94.0	83.2	97.2	77.5	77.2	1.0	90.5	590
Облусу															
Ысык-Көл	100.0	98.0	100.0	97.6	96.3	97.8	98.7	96.5	90.7	98.3	89.0	89.0	0.0	94.4	68
Жалал-Абад	100.0	100.0	100.0	99.0	97.3	100.0	98.0	95.9	89.8	97.6	89.1	89.1	0.0	93.2	156
Нарын	99.0	95.1	96.6	96.6	94.6	97.9	97.9	97.9	92.5	94.6	90.5	88.9	1.0	89.8	39
Баткен	97.0	89.5	94.2	92.3	88.8	94.2	95.3	87.7	80.1	91.6	77.0	76.1	3.0	88.2	74
Ош	100.0	97.1	100.0	97.7	82.0	100.0	100.0	98.1	85.2	97.0	69.1	68.4	0.0	97.0	167
Талас	100.0	97.4	99.2	98.2	98.2	99.3	100.0	95.3	81.9	100.0	81.9	81.0	0.0	91.2	48
Чүй	97.7	94.3	96.2	85.3	78.7	92.4	91.6	83.2	66.3	97.7	63.0	63.0	2.3	75.9	139
Бишкек шаары	97.6	89.6	96.8	95.6	68.2	94.4	96.4	76.1	61.3	94.2	57.8	57.8	2.4	69.9	143
Ош шаары	(100.0)	(88.6)	(100.0)	(94.9)	(87.2)	(97.2)	(90.0)	(90.0)	(90.0)	(96.8)	(87.2)	(83.9)	(0.0)	(87.2)	20
Эненин билими															
Билими жок/ башталгыч	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	5
Негизги жалпы	95.9	93.6	95.9	94.3	88.1	94.8	95.9	94.3	88.4	91.5	79.4	79.4	4.1	92.0	78
Толук орто	99.6	96.2	99.2	95.6	85.5	97.6	97.7	91.3	79.9	97.7	74.6	74.2	0.4	88.0	412
Башталгыч/орто кесиптик	97.3	93.4	97.0	95.8	85.4	95.7	95.2	89.7	79.4	95.2	75.8	75.2	2.7	85.8	151
Жогорку	99.8	95.4	98.6	94.4	84.3	98.3	97.6	87.5	74.7	96.7	71.2	70.6	0.2	82.4	210
Жетиштүү жашоо квинтилдери															
Эң төмөнкү	100.0	99.0	99.7	98.0	92.2	99.6	100.0	96.4	86.4	99.1	81.8	81.7	0.0	93.3	158
Экинчи	100.0	98.3	99.6	98.0	93.0	99.6	99.4	97.0	92.1	98.0	87.2	86.5	0.0	96.6	154
Орто	99.0	96.7	97.2	94.2	87.1	95.4	95.2	91.8	77.5	97.2	72.4	72.2	1.0	87.2	197
Төртүнчү	98.0	90.5	97.5	90.4	79.9	94.0	96.3	89.7	76.2	92.8	69.6	69.0	2.0	84.0	190
Эң жогорку	97.8	91.4	97.1	95.7	75.0	97.1	93.7	75.8	65.2	95.7	62.0	61.6	2.2	71.6	157
Бардыгы	98.9	95.1	98.1	95.0	85.3	96.9	96.8	90.2	79.2	96.5	74.3	73.9	1.1	86.4	856

Эскертүү: Кашадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгенин көрсөтөт. * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

[1] АКДС дозасы өзүнчө же Гемофилюс инфлюэнца тип В (ХИБ) же В гепатитти, АКДСди өзүнө камтыган Пентавакциндин (ПЕНТА) курамында берилет.

2 0 полиовакцинасы – бул төрөлгөндөгү полиомиелитке каршы вакцинациялоо.

[3] 3 БЦЖ вакцинациясы, кызамыкка же КПК жана Пента/АКДС үч дозасына жана полиовакциналарга каршы эмдөө (төрөлгөндөгү эмделген полиовакциналарды кошпогондо).

[4] Үйдөн же медициналык мекемелерден табылган.

11.1-график

Эмдөөгө тартуудагы айырмачылыктар, Кыргыз Республикасы, 2012*



* Изилдөө башталганга чейин каалаган убакытта (төрөлгөндөгү эмделген полиовакциналарды кошпогондо) кызамыкка же КПК жана Пента/АКДС үч дозасына жана полиовакциналарга каршы эмдөө, БЦЖ эмдөөсүн алган 18-29 айлык балдардын пайызы.

КР МДИ 2012

11.2.3 Эмдөөгө тартуу тенденциясы

Эмдөөгө тартуу тенденциясын эки жол менен бааласа болот. Биринчи жолу балдарды иммунизациялоо тууралуу КР МДИ-1997нин маалыматтары менен КР МДИ-2012нин маалыматтарына салыштырса болот. КР МДИ-1997 убагында КР МДИ-2012нин убагындай эле ошол эле процедуралар колдонулган, башкача айтканда, кичинекей балдары бар энелерден баланын эмдөө картасын көрсөтүүнү суранышкан, эгерде ал жок болсо анын баласына жазалган эмдөөлөр жөнүндө айтып берүүнү суранышкан. Ар бир команданын интервьюерлери балдардын медициналык картасын табууга аракеттенүү үчүн медициналык мекемелерге кийинки барууларды жасашты. Белгилей кетсек, КР МДИ-1997 убагында КР МДИ-2012нин убагындагы 86 пайызынан айырмаланып, 18-29 айлык курактагы балдардын 69 пайызында гана эмдөөлөрдүн жазуусу медициналык мекемелерде табылган.

Эмдөө менен камсыздоо тууралуу КР МДИ-2012нин маалыматтары КР МДИ-1997нин жарыяланган натыйжалары менен салыштырылбайт, себеби КР МДИ-1997нин натыйжалары медициналык карталардан гана алынган маалыматтарга негизделген жана 12-23 айлык балдарга тиешелүү болгон (RIOP и Macro International, 1998). Бул айырмачылыктар изилдөөлөр менен салыштыруу жүргүзүүдө кыйынчылык жаратат. Салыштыруу үчүн 11.2-графигинде энесинин сөзүнүн же эмдөө жөнүндө карточкасынын негизинде 18-29 айлык курактагы балдар үчүн эсептелинген КР МДИ-1997нин интервьюсуна чейинки каалаган бир убакытта балдарды эмдөө менен камсыздоо тууралуу маалыматтар берилген.

11.2-график

18-29 айлык балдардын арасындагы эмдөөгө тартуунун тенденциясы



Изилдөө алдындагы каалаган бир убакыт ичинде вакцина алган балдардын пайызы
* БЦЖ жана DPT үчтүк доза жана полимелитке каршы вакциналар (полиомиелитке каршы вакцина кошулбайт 0)

11.2-графиктеги жыйынтыктар ДССУ сунуштаган бардык негизги эмдөөлөрдү алган 18-29 айлык балдардын пайызы КР МДИ-1997 убагындагы 18-29 айлык балдардын 84 пайызынан КР МДИ-2012 убагындагы 74 пайызга чейин төмөндөп кеткенин көрсөтөт. Ошондой эле 18 айында негизги эмдөөлөрдү алган 18-29 айлык балдардын үлүшү акыркы 15 жыл ичинде 1997-жылдагы 79 пайызынан 2012-жылдагы 71 пайызга чейин төмөндөгөн (маалыматтар берилген эмес) (11.2-таблицасы).

Эмдөөнүн көрсөткүчүнүн жалпы өзгөрүүсү ушул себептүү поливакцина жана Пента/АКДСтин экинчи жана үчүнчү дозасын алган балдардын пайызынын азайуусу менен байланыштуу. Мисалы, Пента/АКДСтин экинчи жана үчүнчү дозасы аралык ылгоонун көрсөткүчү 2012-жылы 1997-жылдагы 6 пайызга салыштырмалуу 18-29 айлык балдардын арасында 13 пайызды түздү. Полиовакцина үчүн ылгоонун тийиштүү көрсөткүчү 1997-жылдагы 9 пайызга салыштырмалуу 2012-жылы 18 пайызды түздү. Полиовакцина жана Пента/АКДСди камсыздоо менен карама-каршылыгынын төмөндөшүндө 1997-жыл менен 2012-жылдар аралык мезгилде (93 пайыздан 97 пайызга чейин) кызамыкка каршы эмдөө жүргүзгөндөй эле (97 пайыздан 99 пайызга чейин) БЦЖ эмдөө деңгээлинин өтө чоң эмес жогорулашы болгон.

Эрте жаштагы балдардын ырааттуу катмары (когортасы) үчүн КР МДИ-2012нин маалыматтарын салыштыруу эмдөөнү камсыздоонун акыркы тенденциясын баалоонун альтернативалуу ыкмасы болуп саналат. 11.4-таблица балдардын ар түрдүү когортасынын ичинен (энесинин сөзүнө же эмдөө жөнүндө картасына ылайык) өмүрүнүн биринчи 18 айында спецификалык эмдөөлөрдү алган балдардын пайызын көрсөтөт.

10.4 -таблица. Жашоосунун алгачкы 18 айындагы эмдөөлөр

18 айында спецификалык эмдөөлөрдү алган, изилдөө учурундагы 18-59 айлык балдардын пайызы жана эмдөө жөнүндө картасы барлардын азыркы учурдагы балдардын жашы боюнча пайызы, Кыргыз Республикасы 2012

Айлар-дагы жаш курак	БЦЖ	Төрөлгөн-дөгү В гепатити	Пента/АКДС1			Полиовакцина[2]				Кыза-мык же (КПК)	Бардык негизги вакцина-циялар[3]	Вак-цина-ция жок	Каралган эмдөө-лардын пайызы [4]	Бал-дар-дын саны
			1	2	3	0	1	2	3					
18-29	98.9	94.4	97.7	94.3	84.2	96.9	97.1	89.8	77.7	94.2	71.2	1.1	86.4	856
30-41	99.0	90.3	97.9	96.4	86.4	97.0	97.5	91.5	78.9	93.2	71.7	0.7	85.1	750
42-59	98.7	95.4	97.9	95.0	82.2	96.2	97.0	93.2	82.2	91.4	71.1	1.1	87.1	1,030
Бардыгы	98.9	93.6	97.8	95.1	84.0	96.7	97.2	91.6	79.8	92.8	71.3	1.0	86.3	2,636

Эскертүү: Кашадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгенин көрсөтөт; * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

[1] АКДС дозасы өзүнчө же Гемофилюс инфлюэнца тип В (ХИБ) же В гепатитти, АКДСди өзүнө камтыган Пентавакциндин (ПЕНТА) курамында берилет.

[2] 0 полиовакцинасы – бул төрөлгөндөгү полиомиелитке каршы эмдөө.

[3] 3 БЦЖ эмдөөсы, кызамыкка же КПК жана Пента/АКДС үч дозасына жана полиовакциналарга каршы эмдөө (төрөлгөндөгү эмделген полиовакциналарды кошпогондо).

[4] Үйдөн же медициналык мекемелерден табылган.

Маалыматтар боюнча балдардын жаш курактык тобунда дээрлик эч кандай айырма жоктугун көрсөтөт. Мисалы, 18 айлыкка чейин бардык негизги эмдөөлөрдү алган балдардын үлүшү бардык жаш курактык топ үчүн 71-72 пайызды түздү.

11.3 БАЛДАР ООРУЛАРЫ ЖАНА АНЫ ДАРЫЛОО

Бул бөлүмдө көпчүлүк өлкөлөрдө балдардын оорусунун жана өлүмдөрүнүн негизги себептери болуп эсептелинген үч оору жөнүндө маалымат берилген: курч респиратордук инфекциялар (КРИ), калтыратма (лихорадка) жана ич өткөк (диарея). Ошондой эле аталган бөлүмдө бул оорулардын жайылышынын баалоосу жана аларды дарылоонун түрлөрү боюнча маалыматтар берилген.

11.3.1 Курч респиратордук инфекциялар (КРИ)

Курч респиратордук инфекциялар (КРИ) биринчи кезекте пневмония бүт дүйнөдөгү балдар ооруларынын жана өлүмдөрүнүн негизги себептери болуп саналат. Эрте диагностика жана антибиотиктер менен дарылоо КРИ менен келген, өзгөчө, пневмониядан келген өлүмдүн санын азайта алат. КР МДИ-2012 убагында 5 жашка чейинки балдар арасында КРИнин жайылышын баалоо энелеринен суроо жолу менен жүргүзүлдү, изилдөө жүргүзгөнгө чейинки эки жума ичинде балдары жөтөлгөндүгү энелеринен суралды, дем алууну кыйындатуу же бат-бат жана кыска дем алууну алып жүрүү энесинин ою боюнча көкүрөк клеткасын сезгентүүчү процесс менен байланыштуу. Бул белгилер пневмонияга мүнөздүү белгилердин сапатында каралат.

11.5-таблица 5 жашка чейинки балдардын 1 пайызында гана курч респиратордук инфекциялардын белгилери болгонун, башкача айтканда, изилдөө алдындагы эки жуманын каалаган убагында көкүрөк клеткасын сезгентүүчү процесси менен байланыштуу дем алууну кыйындатуу же бат-бат жана кыска дем алууну алып жүрүүчү жөтөлдү көрсөтөт. МИКИ-2006нын маалыматтары боюнча (УСК, 2007) бул изилдөө кыш айларында (декабрь-январь) жүргүзүлсө дагы божомолдонгон КРИнин жайылышы жогору болгон (6 пайызга). КР МДИ-2012 2012-жылдын август айынан декабрь айына чейинки мезгилде жүргүзүлдү.

Жалпысынан КРИнин белгилери менен үчтөн бир бала дарылануу же кеңеш алуу үчүн медициналык кызматкерлерге же медициналык мекемелерге кайрылышкан жана 41 пайызы энесинин сөзүнөн алынган маалыматка таянсак, антибиотик алышкан (маалыматтар берилген эмес). Өтө көп эмес учурларга негизделген (49 өлчөнбөгөн учурлар) бул натыйжаларды этиятуулук менен интерпретациялоо керек. КРИнин белгилери менен балдардын өтө көп эмес саны үчүн негизги

мүнөздөмөлөр боюнча дарылоо жөнүндө маалыматтарды көрсөтүүгө жана МИКИ изилдөөлөрүнүн натыйжалары менен салыштырууга мүмкүн эмес.

11.5-таблица. КРИнин симптомдорунун жайымдуулугу жана аны дарылоо

5 жашка чейинки балдардын ичинен негизги мүнөздөмөлөргө ылайык болгонизилдөөнүн эки жумасында курч респиратордук инфекциянын (КРИ) белгилери болгондордун пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөрү	5 жашка чейинки балдардын ичинен	
	ӨРИнин белгилери менен пайыз [1]	Балдардын саны
Айлык курагы		
<6	0.5	421
6-11	1.6	493
12-23	2.5	832
24-35	0.7	793
36-47	0.4	768
48-59	1.8	668
Жынысы		
Эркек	1.0	2,043
Аял	1.6	1,932
Эненин чегүүсүнүн статусу		
Чылым/тамеки чегүүсү	(2.9)	46
Чекпейт	1.3	3,929
Тамак-ашты даярдоо үчүн отун		
Электр же газ	1.5	2,736
Көмүр/лигнит	(0.0)	21
Жыгач көмүрү	1.7	38
Жыгач/саман[2]	0.8	819
Кык	1.3	357
Жашаган жеринин тиби		
Шаар	1.5	1,188
Айыл	1.2	2,787
Облусу		
Ысык-Көл	1.4	376
Жалал-Абад	0.7	714
Нарын	0.0	173
Баткен	0.3	350
Ош	1.9	810
Талас	2.2	246
Чүй	2.0	643
Бишкек шаары	0.8	544
Ош шаары	1.6	119
Эненин билими		
Билими жок/ башталгыч	*	22
Негизги жалпы	2.0	427
Толук орто	1.0	1,801
Башталгыч/орто кесиптик	0.5	649
Жогорку	2.0	1,075
Жетиштүү жашоонун квинтили		
Эң төмөнкү	0.6	751
Экинчи	1.4	794
Орточо	1.0	843
Төртүнчү	2.4	888
Эң жогорку	0.8	700
Бардыгы	1.3	3,975

Эскертүү: Кашадагы цифралар маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделгенин көрсөтөт; * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес. Тамак-аш даярдоо үчүн отундун түрү жок болгондуктан 4 баланы гана өзүнө камтыйт.

[1] КРИнин белгилери/симптомдору (көкүрөк клеткасынын процесси менен байланыштуу дем алууну кыйындатуу же бат-бат жана кыска дем алууну алып жүрүүчү жөтөлд) пневмонияга мүнөздүү белгилер катары каралат.

[2] Түшүмдү жыйнагандан кийинки өсүмдүктөрдүн калдыктарын, кытырактарды, чырпыкттарды, самандарды камтыйт.

11.3.2 Калтыратма (лихорадка)

11.6-таблица изилдөө алдындагы эки жума ичинде 5 жашка чейинки курактагы балдардын 5 пайызы калтыратма менен азап чегишкендигин көрсөтөт. Калтыратманын жайылышы жаш курак менен өзгөрүлөт, чоң жана эрте жаштагы балдардан айырмаланып, калтыратма 6-23 айлык курактагы балдарда көбүнчө байкалат. Калтыратманын жайылышы Чүй облусунда жашаган балдардын ичинде эң жогору (9 пайызга) жана Нарын облусунда эң төмөн (2 пайызга). Калтыратманын жайылышы башка мүнөздөмөлөргө жараша аз өзгөрүлөт.

11.6-таблица. Калтыратманын жайымдуулугу

Негизги мүнөздөмөлөргө ылайык, болгон изилдөөнүн эки жумасында калтыратма менен азап чеккендердин пайызы, 5 жашка чейинки курактагы балдардын ичинен, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	5 жашка чейинки балдардын ичинен	
	Калтыратма менен пайыз	Балдардын саны
Айлык курагы		
<6	2.3	421
6-11	7.8	493
12-23	7.2	832
24-35	5.8	793
36-47	3.7	768
48-59	4.3	668
Жынысы		
Эркек	5.6	2,043
Аял	4.9	1,932
Жашаган жеринин тиби		
Шаар	5.2	1,188
Айыл	5.3	2,787
Облусу		
Ысык-Көл	5.4	376
Жалал-Абад	4.9	714
Нарын	2.0	173
Баткен	3.9	350
Ош	3.6	810
Талас	7.7	246
Чүй	8.6	643
Бишкек шаары	5.0	544
Ош шаары	5.5	119
Эненин билими		
Билими жок/ башталгыч	*	22
Негизги жалпы	4.6	427
Толук орто	4.8	1,801
Башталгыч/орто кесиптик	4.6	649
Жогорку	6.7	1,075
Жетиштүү жашоо квинтилдери		
Эң төмөнкү	4.6	751
Экинчи	5.8	794
Орто	4.2	843
Төртүнчү	6.4	888
Эң жогорку	5.3	700
Бардыгы	5.3	3,975

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин көрсөтөт, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.
[1]Дарыкана, дүкөн, базар жана элдик нуктарды алып салат.

Балдардын бештен экиси (43 пайызы) калтыратма менен медициналык мекемелерге жеткирилген же дарылануу үчүн медициналык кызматкерге кайрылышкан, ушундай эле балдар (43 пайызы) антибиотик алышкан (маалыматтар берилген эмес). Негизги мүнөздөмөлөргө ылайык калтыратмадан дарылануу жөнүндө маалыматтар көпчүлүк жаш курактык топтогу өтө чоң эмес сандагы балдар жөнүндө берилген эмес.

11.3.3 Диарея (ич өткөк)

Диарея өнүккөн өлкөлөрдө ымыркайлардын оорусунун жана өлүмүнүн негизги себептеринин бири болуп саналат. Оор диареянын натыйжасында эрте жаштагы балдардын ичинен оорунун негизги белгиси дегидратация болуп саналат, ошентсе да, бул абалды оралдуу регидратациялык терапиянын (ОРТ) жардамы менен жеңил дарыласа болот. Оралдуу регидратациялык терапия убагында коммерциялык өндүрүштөгү оралдуу регидратациялык туздун пакетин (ОРТуз) суу менен аралаштыруунун жардамы менен даярдоого боло турган эритме балага берилет, Кыргызстанда бул регидрон же үй шартында даярдалган канттык-туздук суу эритмеси.

КР МДИ-2012 убагында (5 жашка чейинки балдардын ар бири жөнүндө) изилдөө алдындагы эки жума ичинде балдарда диарея болгондугу энелеринен суралды. Эгер бул мезгилде балада диарея болсо, анда энесинен диареяны дарылоо үчүн кандай аракет көргөндүгүн сурашкан. Талаа иштери жүрүп жатканда изилдөөнүн натыйжалары августтан декабрга карай мезгилге туура келет, ошол себептүү диареянын жайылышы жыл мезгилинен көз каранды болот.

11.7-таблица Диареянын жайымдуулугу

Негизги мүнөздөмөлөргө ылайык, болгонизилдөөнүн эки жумасында диарея менен азап чеккен 5 жашка чейинки курактагы балдардын пайызы, Кыргыз Республикасы 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Болгонизилдөдө эки жума ичинде диарея		Балдардын саны
	Диареянын бардык учуру	Диарея кан менен	
Айлык курагы			
<6	3.7	0.1	421
6-11	8.5	0.1	493
12-23	7.4	0.9	832
24-35	4.0	0.4	793
36-47	3.4	0.4	768
48-59	4.2	0.0	668
Жынысы			
Эркек	5.2	0.3	2,043
Аял	5.1	0.4	1,932
Таза суунун булагы[1]			
Жакшыртылган	5.1	0.4	3,419
Жакшыртылган эмес	5.3	0.2	555
Ажатканага кирүү мүмкүндүгү			
Жалпы эмес пайдалануу, жакшыртылган	5.2	0.3	3,712
Биргелешип пайдалануу[3]	5.3	0.8	193
Жакшыртылган эмес	5.8	0.0	60
Жашаган жеринин тиби			
Шаар	3.8	0.2	1,188
Айыл	5.7	0.4	2,787
Облусу			
Ысык-Көл	7.6	0.8	376
Жалал-Абад	3.2	0.2	714
Нарын	2.5	0.5	173
Баткен	4.5	0.4	350
Ош	2.4	0.0	810
Талас	11.0	0.7	246
Чүй	11.3	0.9	643
Бишкек шаары	1.8	0.0	544
Ош шаары	3.6	0.0	119
Эненин билими			
Билими жок/ башталгыч	*	*	22
Негизги жалпы	6.8	0.0	427
Толук орто	4.3	0.5	1,801
Башталгыч/орто кесиптик	5.1	0.4	649
Жогорку	5.9	0.3	1,075
Жетиштүү жашоо квинтилдери			
Эң төмөнкү	4.2	0.3	751
Экинчи	6.6	0.3	794
Орто	5.7	0.6	843
Төртүнчү	6.1	0.6	888
Эң жогорку	2.8	0.0	700
Бардыгы	5.2	0.4	3,975

Эскертүү: Жыйынтык таза суу булактары тууралуу маалыматты жок 1 баланы жана ажатканага типтери жөнүндө маалыматты жок 10 баланы камтыйт. * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

[1] Категорияны аныктоо үчүн 2.1-таблицаны карагыла.

[2] Категорияны аныктоо үчүн 2.2-таблицаны карагыла.

[3]Ыңгайлуулук (кирүү мүмкүндүгү), эки же андан көп үй чарбачылыгы менен биргеликте пайдалануунда болбосо жакшыртуу катары каралышы.

11.7-таблицада интервью жүргүзгөнгө чейин эки жума ичинде эрте жаштагы балдарда диарея учурлары жөнүндө маалыматтар берилген. Жалпысынан 5 жашка чейинки балдардын 5 пайызы изилдөө башталганга чейин эки жумалык аралыкта диарея менен азап чегишкен. 5 жашка чейинки курактагы балдардын бир пайызынан азырагында ооруулар изилдөө башталганга чейин эки жума аралыгында заңында кан аралашкан диарея менен коштолгон белгилери дайыма дизентерияга байланыштуу болгон.

Диареянын жайылышы 6-23 айлык куракта эң жогору, башкача айтканда, баланын тамактануу рационуна биринчи жолу катуу же жарым катуу тамак-аш киргизилген мезгилге туура келет. Бул өз ара байланыш баланын көбүрөөк кыймылдашы жана эмчек эмизүүдөн чыгарылышынын натыйжасында, организмдин ооруларга тез кабылуусу менен байланыштуу, ошондой эле жаш курактык топтогу балдардын жетиле элек иммундук системасына байланышын божомолдошот. Башка региондордогу балдарга караганда Чүй менен Талас облустарындагы балдарда диареянын жайылышы жогору жана жетиштүү жашоонун эң жогорку квинтилинде жайгашкан балдарда эң төмөн.

11.8-таблицада энелеринин сөздөрүнөн алынган 5 жашка чейинки курактагы балдардагы жакынкы мезгилдеги диареяны дарылоо жөнүндө маалыматтар берилген. Жалпысынан диареядан азап чеккен балдардын жарымынан көбү (55 пайызы) медициналык кызматкерге дарылануу же кеңеш алуу үчүн кайрылышкан.

11.8-таблица. Диареяны дарылоо

Изилдөө алдындагы эки жума ичинде диарея менен азап чеккен 5 жашка чейинки курактагы балдардын медициналык кызматкерге же медициналык мекемелерге дарылануу же консультация алуу үчүн кайрылышкандардын пайызы, оралдуу регидратациялык терапия (ОРТ) алгандардын пайызы, жогорулатылган сандагы суюктукту алгандардын пайызы, ОРТ же жогорулатылган сандагы суюктукту алгандардын, жана дарылануунун башка түрлөрүн алгандардын пайызы, Кыргыз Республикасы 2012

Диареяны дарылоо	Диарея менен атайын дарыланган 5 жашка чейинки балдардын пайызы
Медициналык кызматкерге же медициналык мекемелерге дарылануу же консультация алуу үчүн кайрылгандардын пайызы[1]	54.6
Оралдуу регидратациялык терапия (ОРТ) алгандардын пайызы	
Оралдуу регидратациялык туздун пакетинен (ОРТ) даярдалган эритме	35.4
Үй шарттында даярдоого сунушталган эритмелер (ҮДСЭ)	52.9
ОРТ же ҮДСЭ	67.5
Көп сандагы суюктук	**46.6**
ОРТ же көп сандагы суюктук	**80.6**
Дарылоонун башка түрүлөрү	
Антибиотиктер	37.2
Ичегинин жыйрылуусун дарылоо үчүн дары	0.3
Үйдөн дарылануучу каражаттар/башкалар	32.7
Дарылоо болгон эмес	**6.6**
Өткөрүлүп жиберилген	0,6
Диарея менен ооруган 5 жашка чейинки балдардын саны	205

Эскертүү: ОРТ оралдуу регидратациялык туздун пакетинен (ОРТ) даярдалган жана үй шарттында даярдоого сунушталган эритмелерди (ҮДСЭ) камтыйт.

[1]Дарыкана, дүкөн, базар жана элдик нуктарды алып салат..

Диарея менен ооруган балдардын үчтөн биринен көбү ОРТ пакетинен даярдалган суюктукту, ал эми 53 пайызы үйдөн даярдалган эритмени алышты. Жалпысынан 68 пайызы ОРТ же үйдөн даярдалган эритмени жана 47 пайызы көбөйтүлгөн сандагы суюктукту алышты. Диарея менен ооруган балдардын бештен төртү (81 пайыз) оралдуу регидратациялык терапияны (ОРТ) же көбөйтүлгөн сандагы суюктукту алышты.

Балдардын үчтөн көбүрөөгү (37 пайызы) диареяны дарылоо үчүн антибиотик алышты жана үчтөн бир аз азыраагы башка же үйдө даярдалган каражаттарын алышты; 7 пайызы диареяга каршы дарыланышкан жок. Негизги мүнөздөмөлөр боюнча дарылануу жөнүндө маалыматтар диарея менен ооругандыгын маалымдаган аз сандагы балдар үчүн берилген эмес.

Диарея менен ооруган балдардын энелерине кадимкидей эле тамактануусун уланта берүүсүн жана сунушталган суюктуктун көлөмүн көбөйтүүсүн сунушташкан. КР МДИ-2012 убагында жакынкы мезгилдеги диарея менен ооруган 5 жашка чейинки балдары бар энелерден күнүмдүк практикасына салыштырмалуу диарея учурунда балага канча суусундук ичиришкендигин жана тамак беришкендерин сурашкан. 11.9-таблицада көрсөтүлгөндөй, диарея менен ооруган балдардын жарымына жакыны гана (47 пайыз) күнүмдүк колдонууга караганда суюктукту көбүрөөк ичишкенин, 32 пайызы ушундай эле көлөмдөгү суюктукту ичишкенин көрсөткөн. Энелердин бештен бири азыркыга чейин балдары диарея менен ооруп калганда суюктукту ичүү көлөмүн азайтуу боюнча коркунучтуу практиканы колдонушат; адаттан тышкары 11 пайызы балдарга демейдекиден азыраак суюктукту беришкен, ал эми 7 пайызы балдарга абдан эле азыраак суюктукту беришип, 2 пайызы балага эч кандай суюктукту беришкен эмес.

Диарея учурунда тамак-аш ичүүнү сунушталган тажрыйбага ылайык, диарея менен ооруган балдардын жарымы гана туура тамактанышкан же демейдекиден көбүрөөк тамактынышкан.. Балдардын төрттөн бирине демейдекиге караганда тамакты бир аз азыраак беришкен жана балдардын бештен бирине адаттагыдан жегенге аз тамак беришкен.

11.9-таблица диарея менен ооруган балдардын 37 пайызына көбөйтүлгөн көлөмдөгү же көбүрөөк, же күндөгүдөй эле суюктукту беришкенин, же күнүмдүккө караганда бир аз тамак беришкенин көрсөтөт. ОРТда (ОРТуз эритмеси же үйдөн даярдалган эритме) эске алынып эсептөөлөр жүргүзүлгөндө анын саны 63 пайызга чейин көбөйүп кетет, алар көбөйтүлгөн көлөмдөгү суюктук же ошондой эле көлөмдөгү тамак ичкендердин эсеби алынат. Негизги мүнөздөмөлөргө ылайык тамактануунун практикасы жөнүндө маалыматтарды бериш үчүн көпчүлүк категорияларда акыркы учурдагы диарея менен ооруган балдардын саны өтө эле аз болгон.

11.9-таблица. Диарея учурунда тамактануунун практикасы

Адаттагы практика менен салыштырмалуу балага берилген тамактын жана суюктуктун санынан жарашаболгонизилдөөнүн эки жумасында, диарея менен 5 жашка чейинки балдарды пайыздык бөлүштүрүү, диарея учурунда тамактанууну уланткан жана көбөйтүлгөн көлөмдөгү суюктукту ичкен балдардын пайызы, диарея мезгилинде суюктуктун көбөйтүлгөн саны же ОРТ алган жана тамактанууну уланткан балдардын пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Тмактануу практикасы	Пайыз
Пайдаланылган суюктуктун саны	
Көбүрөөк	46.6
Күндөгүдөй эле	31.8
Бир аз кичине	10.9
Өтө эле кичине	7.3
Анча эмес	2.0
Билбейт/жок	1.3
Бардыгы	100.0
Сунушталган тамак-аштын саны	
Көбүрөөк	11.8
Күндөгүдөй эле	37.9
Бир аз кичине	25.5
Өтө эле кичине	20.8
Анча эмес	3.5
Билбейт/жок	0.6
Бардыгы	100.0
Тамактанууну уланткан жана көбөйтүлгөн көлөмдөгү суюктукту ичкен балдардын пайызы [1]	37.1
Суюктуктун көбөйтүлгөн саны же ОРТ бергендер жана тамактанууну уланткан балдардын пайызы[1]	62.7
Диарея менен балдардын саны	205

Эскертүү: Диарея учурунда балдар көбүрөөк суюктукту ичиши керектиги жана жей турган тамак-аштын көлөмү аззайтылбашы керектиги сунушталат.
1 Тамактанууну улантуучу практика диарея учурунда бир аз азыраак тамак-аш же күндөгүдөй эле көбүрөөк берилген балдарды камтыйт.

11.3.4 Оралдуу регидратациялык туз (ОРТуз) тууралуу маалымат

Диарея алып келген суусуздандырууга жөнөкөй жана натыйжалуу жооп болуп оралдуу регидратациялык туздун (ОРТуз) пакетинен даярдалган эритмесин колдонууну өзүнө камтыган оралдуу регидратациялык терапиянын кээ бир ыкмалары аркылуу бала иче турган суюктукту тез көбөйтүү болуп саналат. Кыргыз Республикасында ОРТуз тууралуу билим канчалык терең экендигин билүү үчүн КР МДИ-2012 убагында аялдардан диареяны дарылоо үчүн (Кыргыз Республикасында ОРТуз аты) регидрон деген аталыштагы атайын продукт жөнүндө угушкандыгын сурашкан. 11.10-таблицасында келтирилген жыйынтыктар изилдөө жүргүзүүгө чейинки беш жыл аралыгында төрөгөн аялдарга тиешелүү.

11.10-таблица. ОРТуз пакети жөнүндө маалымат

Негизги мүнөздөмөлөргө ылайык диареяны дарылоо үчүн ОРТуз пакеттери жөнүндө билишкен, болгон изилдөөнүн беш жылдык мезгилинде тирүү балдарды төрөгөн 15-49 жаш курактагы аялдардын пайызы, Кыргыз Республикасы 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	ОРТуз пакеттери жөнүндө билишкен аялдардын пайызы	Аялдардын саны
Жаш курак		
15-19	57.9	66
20-24	70.5	743
25-34	77.0	1,574
35-49	81.9	630
Жашаган жеринин тиби		
Шаар	78.5	935
Айыл	74.9	2,079
Облусу		
Ысык-Көл	82.3	284
Жалал-Абад	61.3	547
Нарын	84.4	125
Баткен	86.8	260
Ош	73.2	605
Талас	73.3	170
Чүй	81.7	510
Бишкек шаары	77.9	428
Ош шаары	85.1	86
Эненин билими		
Билими жок/ башталгыч	*	13
Негизги жалпы	60.4	326
Толук орто	73.5	1,338
Башталгыч/орто кесиптик	82.0	481
Жогорку	82.9	856
Жетиштүү жашоо квинтилдери		
Эң төмөнкү	72.6	569
Экинчи	75.4	587
Орто	75.4	633
Төртүнчү	77.3	679
Эң жогорку	79.1	546
Бардыгы	76.0	3,014

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин көрсөтөт, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.
ОРТуз = Оралдуу регидратациялык туз

Таблицада ОРТуз пакеттери жөнүндө энелердин төрттөн үчүнө караганда бир аз көбүрөгү угушканын көрсөтүлөт. Энелердин жаш курагынын өсүшү менен ОРТуз тууралуу билүүсү бара-бара өсүүдө. Башка облустардагы энелердин билүүсүнө салыштырмалуу (73-87 пайызга) Жалал-Абад облусундагы энелерде (61 пайызга) ОРТуз боюнча маалыматтары төмөн болгон. ОРТуз тууралуу маалымат энелердин жетиштүү жашоосунан жана билим деңгээли менен өсүүдө.

11.4 ЗАҢДАН АРЫЛУУ

Эгерде адамдын заңы көзөмөлсүз калса, тикеден-тике контактта же зан менен жаныбарлардын контагында оору жайылып кетиши мүмкүн. Ошондуктан, оорунун жайылып кетишин токтотуу максатында балдардын заңынан талаптагыдай кутулуу өтө маанилүү. КР МДИ-

2012 убагында 5 жашка чейинки курактагы балдарынын заңын тийиштүү түрдө жок кылуу суроосун аялдарга беришкен. Эгерде аялдардын өзү менен чогуу жашаган 5 жашка чейинки курактагы балдары бирден көбүрөөк болсо, анда аны менен жашаган балдардын эң кичинекейине карата суроолорду беришкен. Көбүнчө андан балада акыркы заңы качан болгондугу, баланын заңынан арылуу үчүн кандай чара көрүлгөндүгү жөнүндө суралган. 11.11-таблицада негизги мүнөздөмөлөргө ылайык жыйынтыктары көрсөтүлгөн.

11.11-таблица. Балдардын заңынан арылуу

Балдардын акыркы четтетүү ыкмасы боюнча энеси менен жашаган 5 жашка чейинки курактагы кичинекей балдарды пайыздык бөлүштүрүү жана негизги мүнөздөмөлөргө ылайык заңы коопсуз жол менен жоюлган балдардын пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Балдардын заңын четтетүү жолдору							Бардыгы	Заңы коопсуз жол менен жок кылынган балдардын пайызы[1]	Балдардын саны
	Ажаткана же жалпы ажатканы пайдаланган балдар	Ажатканага же жалпы ажатканага агызып жиберүү/ жууп салуу	Көөмүп салышты	Канализация түтүгүнө же канавага жууп салышты	Таштандыга ыргытып жиберишти	Ачык калтырып коюшту	Башка			
Айлык курагы										
<6	4.8	44.4	7.2	16.8	26.3	0.0	0.4	100.0	56.5	417
6-11	6.3	45.4	5.6	23.3	18.0	1.2	0.1	100.0	57.3	484
12-23	7.2	52.3	6.9	16.8	15.8	0.8	0.3	100.0	66.4	753
24-35	22.5	46.3	3.5	13.4	13.6	0.7	0.0	100.0	72.3	552
36-47	36.6	38.9	2.9	15.8	5.5	0.3	0.1	100.0	78.4	423
48-59	60.5	27.7	1.1	4.3	5.9	0.1	0.2	100.0	89.4	321
Ажатканага баруу										
Жакшыртылган, жалпы эмес пайдалануу	19.7	43.9	5.0	16.1	14.6	0.5	0.1	100.0	68.6	2,764
Бөлүнгөн, биргелешип пайдалануга ажаткана[3]	17.8	60.4	3.4	11.2	7.2	0.0	0.0	100.0	81.6	131
Жакшыртылган эмес же биргелешип пайдалануу	23.8	17.3	1.0	5.2	41.4	5.5	5.7	100.0	42.1	46
Жашаган жеринин тиби										
Шаар	15.7	58.3	3.7	7.8	14.3	0.2	0.1	100.0	77.7	893
Айыл	21.3	38.3	5.4	19.1	14.9	0.7	0.2	100.0	65.0	2,057
Облусу										
Ысык-Көл	23.6	57.3	0.5	9.1	9.4	0.0	0.0	100.0	81.4	277
Жалал-Абад	8.1	76.5	10.1	2.3	2.1	1.0	0.0	100.0	94.6	539
Нарын	7.5	8.6	1.9	7.4	74.6	0.0	0.0	100.0	18.0	124
Баткен	22.1	27.7	23.8	3.9	18.3	2.0	2.2	100.0	73.6	257
Ош	20.6	12.7	0.4	55.3	11.0	0.0	0.0	100.0	33.7	597
Талас	17.0	59.8	6.3	2.9	11.5	2.4	0.0	100.0	83.2	168
Чүй	36.6	32.1	1.3	12.5	17.0	0.5	0.0	100.0	70.0	507
Бишкек шаары	12.0	70.1	0.3	1.7	16.0	0.0	0.0	100.0	82.3	399
Ош шаары	22.3	45.3	5.0	1.2	26.2	0.0	0.0	100.0	72.7	84
Эненин билими										
Билими жок/ башталгыч	*	*	*	*	*	*	*	*	*	13
Негизги жалпы	18.5	43.9	3.2	17.0	16.5	0.8	0.0	100.0	65.6	321
Толук орто	19.2	39.4	6.3	19.6	14.5	0.7	0.3	100.0	64.9	1,311
Башталгыч/орто кесиптик	18.1	50.9	5.6	9.8	15.1	0.3	0.1	100.0	74.6	470
Жогорку	21.1	48.9	3.0	12.3	14.1	0.4	0.2	100.0	73.0	836
Жетиштүү жашоо квинтилдери										
Эң төмөнкү	15.4	40.0	2.6	26.1	15.1	0.8	0.0	100.0	58.0	561
Экинчи	18.0	43.4	6.9	19.7	11.0	0.8	0.2	100.0	68.2	578
Орто	25.6	35.8	8.2	15.4	13.5	0.9	0.6	100.0	69.6	625
Төртүнчү	21.7	42.4	3.9	12.6	19.2	0.1	0.1	100.0	68.0	672
Эң жогорку	16.0	63.2	2.4	4.2	13.9	0.3	0.0	100.0	81.6	515
Бардыгы	19.6	44.4	4.9	15.7	14.7	0.6	0.2	100.0	68.8	2,950

Эскертүү: Ажатканын түрү жок болгондор үчүн бардыгы 9 энени камтыйт. * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин көрсөтөт, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

[1] Эгерде бала ажатканы же казылган чуңкуру бар ажатканы пайдаланса, эгерде заңдар чуңкуру бар ажатканага же ажатканага агызылып жиберилген/жууп салынган болсо же көмүлүп салынса, баланын заңын жок кылуунун коопсуз жолу болуп саналат.

[2] Категорияны аныктоо үчүн 2.2-таблицаны караңыз.

[3] Ажатканалар эгерде эки же андан көп үй чарбачылыгында биргелешкен пайдалануунда болбосо жакшыртылган катары каралышы керек.

Таблицада эрте жаштагы балдардын заңынан арылуунун абдан көп колдонулган жолу дааратканага же чуңкуру бар ажатканага заңды агызып жиберүү болуп саналаары көрсөтүлгөн (44 пайыз). Балдардын жыйырма пайызы казылган чуңкуру бар ажаткана/дааратканa менен өз алдынча пайдаланышат. Заңдан арылуунун башка жолдору канализация түтүктөрүн же канаваны жууп салуу (16 пайыз), таштандыга ыргытуу (15 пайыз) жана аларды көмүп салуу (5 пайыз) болуп саналат. Жалпысынан балдардын заңынын 69 пайызы коопсуз жолу менен жок кылынат.

Таблицада келтирилген маалыматтар практикада балдардын заңынан арылууда көрүнүктүү айырмаларды көрсөтөт. Балдардын заңынан коопсуздук жолу менен арылуу Жалал-Абад облусунда (95 пайыз) дээрлик бардык балдарга салыштырмалуу Нарын облусунда 5 жашка чейинки курактагы балдардын бештен биринен азыраагында белгиленди. Кичинекей балдардын заңын таштандыга ыргытуу жолу менен арылуу Ош шаарында (ар бири 26 пайыз боюнча) жана алты айга чейинки курактагы балдарда көбүнчө кездешет (памперстер, бир кийилүүчү жалаяк шымдар пайдаланылышы мүмкүн). Бирок бул жолду колдонуунун көрсөткүчү Нарын облусунда (75 пайыз) өтө эле жогору, өлкө боюнча (15 пайыз) орточо эсепке караганда беш эсе жогору. Балдардын заңынан коопсуз жол менен арылуунун пайызы айыл жерлерине караганда шаар жерлеринде жогору жана баланын жаш курагы менен көбөйүп турат. Энесинин билим деңгээлинин жогорулашы жана жетиштүү жашоосунун квинтили балдардын заңынан коопсуз жол менен арылуунун практикасы менен байланыштуу.

11.5 БАЛДАР ООРУЛАРЫНЫН КОРКУНУЧТУУ БЕЛГИЛЕРИ/СИМПТОМДОРУ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

Оорулуу балдарды кечиктирбей дарылоо баланын сакайып кетүүсү үчүн чоң мааниге ээ. КР МДИ-2012 убагында өзүлөрү менен чогуу жашаган 5 жашка чейинки балдары бар аялдарга оорулуу балдардагы коркунучтуу белгилери менен байланыштуу бир катар суроолор берилген. Биринчи суроо жалпы мүнөздө болду: "Кээде балдарда катуу оорулар болот жана аларды тезинен ооруканага жеткириш керек? Кандай белгилер силерди медициналык мекемелерге же медициналык кызматкерге алып барууга мажбурлайт?" Бул суроолор менен диарея жана жөтөлү бар балдардын белгилери жөнүндө кокреттүү суроолорду жаратты . Жыйынтыктары 11.3-графикте көрсөтүлдү.

11.3-график

Балдардын тез медициналык жардамды талап кылуучу ооруларынын симптомдору/белгилери
Кыргыз Республикасы, 2012*



* Өзүлөрү менен чогуу жашаган 5 жашка чейинки балдары бар энелердин пайызы.

КР МДИ-2012

Кичинекей балдары бар энелердин 57 пайызы маалымдашкандай, баланын олуттуу оорусун өтө эле бат-бат билдирип турган белги дене табынын жогорулашы болуп саналат, андан кийин "Баланын абалы начарлай баштайт" (энелердин 46 пайызы). Кусуу (28 пайыз) жана ичүүгө же жакшыраак эмчек эмүүгө жөндөмсүз (23 пайыз) экендиги балага тезирээк медициналык жардам керектигинин белгилери экендигин энелер маалымдашты. Энелердин 10 пайыздан 15 пайызга чейинкилери баланын олуттуу оорусунун коркунучтуу белгилери/симптомдору болуп дем алуунун тездеши, оор дем алуусу, карышуу жана летаргия же эсин жоготуу болуп эсептелерин айтышты.

Интервью алуучулар жөтөлү бар баланын кайсы белгилери/симптомдору энелерин медициналык кызматкерге тезирээк кайрылуусун мажбурларын сурашканда анда эң туура жооп дене табынын жогорулашы (64 пайыз), дем алуунун тездеши (36 пайыз) жана ооруган баланын начарлаган абалы (28 пайыз) деп жооп беришкен. Энелердин төртөөнүн бири бир жумадан ашык созулган ышкырыктуу дем алуу жана ооруу десе, болжол менен энелердин бештен бири ичүүгө жөндөмсүз болуу коркунучтуу белги болуп саналарын айтышты.

Эрте жаштагы балдардын энелери дене табынын жогорулашы (46 пайыз), абалынын начарлашы (45 пайыз) жана кусуу (44 пайыз) диареянынын коркунучтуу белгилерине кирерин айтышты. Заңдоодо кандын болуусу, олуттуу оорунун белгиси катары тезирээк медициналык кийлигишүү талап кыларын энелердин 38 пайызы эскертишти. Ошондой эле диареянын коркунучтуу белгилери катары ичиши начар (25 пайыз) жана такыр иче албайт (8 пайыз) деп белгилешкен.

БАЛДАРДЫН ЖАНА АЯЛДАРДЫН ТАМАКТАНУУСУ 12

Негизги жыйынтыктар

- 5 жашка чейинки балдардын 18 пайызынын боюнун өсүшү токтоп, 3 пайызы арыктыктан жабыркашат, 9 пайызы дененин ашыкча салмагына жана 3 пайызы дененин жетишсиз салмагына ээ.
- Эмчек эмизүү менен камсыздоо Кыргыз Республикасында көп кырдуу болуп саналат: балдардын 99 пайызы качандыр бир кезде эмчек эмишкен, ал эми балдардын үчтөн экиси учурда бир жашка чейинкилер эмчек эмүүдө.
- 6 айлык жаш курактагы балдардын жарымынан бир аз көбү сунуш кылынган эмчек эмүү менен тойгузулат.
- Кошумча тамактандыруу айрым балдарда гана өз убагында жүргүзүлөт. 6-8 айлык балдардын 57 пайызы гана кошумча тамактандырууну алат.
- Жалпысынан 6-23 айлык балдардын 16 пайызын гана эмчек эмген жана эрте жаш курактагы балдарды тамактандыруу сунушталган тажрыйбага (ЭЖККБТ) ылайык тийиштүү түрдө тамактандырышат.
- 6-59 айлык балдардын 11 пайызы курамында темири бар кошулмаларды алышкан, 7 пайызына изилдөө башталганга чейинки 6 ай ичинде антигельминттик дары каражаттары берилген.
- 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын онунан үчөө ашыкча салмакка ээ же семиздик менен жабыркайт (ДМИ ≥ 25,0).
- 6-59 айлык балдардын 43 пайызы жана 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын 35 пайызы аз кандуулук менен жабыркашат.
- Үй чарбаларынын басымдуу көпчүлүгү (97 пайыз) йоддолгон тузду колдонушат.

Жакшы тамактануу улуттук өнүгүү жана адамдардын жыргалчылыгы үчүн зарыл шарт болуп саналат. Начар тамактануу менен байланышкан көйгөйлөргө карабастан, калктын бардыгы, аялдар менен балдар айрыкча өзүнүн өзгөчө физиологиялык жана социалдык-экономикалык мүнөздөмөлөрүнүн алсыздыгынан зыян тартышат. Баланын төрөлгөнүнөн 2 жашка жеткенге чейинки мезгили оптималдуу өсүүсү, саламаттыгы жана өнүгүүсү үчүн өзгөчө маанилүү. Тилекке каршы, бул мезгил белоктук-энергетикалык жетишсиздик менен көп мүнөздөлөт жана микроэлементтердин жетишсиздиги балдардын оптималдык денесинин өсүүсүнө жана акыл өнүгүүсүнө тоскоолдуктарды жаратат. Ошондой эле кенже жаштагы балдардын арасында диарея, өткүр респиратордук инфекциялар сыяктуу көп жайылган оорулар кездешет (Блэк ж.б., 2008). Чоңдордун тамактануусунун жетишсиздиги эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө, жугуштуу ооруларды кабыл алуунун көтөрүлүшүнө, оорудан кийин жай калыпка келүүгө алып келет, ал эми аялдарда кош бойлуулуктун жагымсыз коркунучу көбөйөт (Цезарь ж.б., 2008). Тамактануунун начар статусундагы аял (дененин салмагынын төмөнкү индексин, кичинекей бойдун, аз кандуулук же башка микроэлементтердин жетишсиздигин көрсөтөт) төрөттө кошумча ооруларга учуроо коркунучуна, аз салмактагы бала төрөөгө жана төрөттөн кийинки кан кетүүдөн өлүмдүүлүккө кабыл болушат. Оорумдуулук, жалпысынан бала үчүн да, эне үчүн да бийик болуп саналат. Көп сандаган социалдык-экономикалык жана маданий факторлор тамактандыруу тажрыйбасына жана тамактануу статусуна таасирин берет.

КР МДИ-2012де медициналык кызматкерлер сурамжыланган үй чарбаларындагы 5 жашка чейинки бардык балдардын жана 15 жаштан 49 жашка чейинки бардык аялдардын бойлорун,

салмактарын жана гемоглобиндерин өлчөштү. Андан тышкары, аялдардан эмчек эмген жана эрте жаштагы балдарды тамактандыруунун, эмчек эмизүүнүн тажрыйбасы, катуу жана жарым катуу азыктарды берүү, рациондун ар түрдүүлүгү жана тамактандыруунун жыштыгы тууралуу маалыматтар жыйналды. Ошондой эле, аялдар менен балдардын темир кошулмаларды жана А витаминдерин колдонуусу тууралуу да маалыматтар алынды. Тамак-аш туздарындагы йоддун болушу текшерилип тестирлөөдөн өткөрүлдү.

Бул бөлүмдө жогоруда алынган маалыматтар Кыргыз Республикасындагы балдардын жана аялдардын тамактануу статусунун айрым аспектилерин кароо үчүн колдонулду. Бөлүмдө төмөнкү темалар каралат: 5 жашка чейинки балдарды жана аялдарды изилдөөнүн жүрүшүндө жыйналган антропометрикалык маалыматтардын негизиндеги тамактануу статусу (бой жана дененин салмагы), эмчек эмген жана эрте жаштагы балдарды тамактандыруунун, эмчек эмизүүнүн жана кошумча тамактандыруунун практикасы, упчулуу бөтөлкөдөн тамактандыруунун жайымдуулугу, балдарда жана аялдарда аз кандуулук жайымдуулугу, аялдардын жана балдардын микронутриенттерди колдонуусу жана үй чарбаларында колдонуучу йоддолгон туз.

12.1 Балдардын тамактануусунун статусу

КР МДИ-2012де интервьюдан өткөн үй-бүлөлөрдөгү 5 жашка чейинки бардык балдардын бойун жана салмагын өлчөө жолу менен балдардын тамактануусунун статусу жөнүндө маалыматтар жыйналды. Тамактануунун абалын баалоо бойдун өсүүсүнүн токтоп калуусунун жана өнүгүүсүнүн жогору коркунучу бар топтогу балдарды аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

12.1.1 Эрте жаштагы балдардын тамактануусунун статусун өлчөө

Үй чарбаларынын тизмесинде катталган жана 2007-жылы январда же андан кийин төрөлгөн бардык балдар бойун жана денесинин салмагын өлчөтүү укугуна ээ болушту. Ошондуктан, изилдөөнүн жүрүшүндө бой жана салмак жөнүндө маалыматтар алынды, анын ичинде энелери сурамжылоодон өтпөгөн балдардан да алынды.

Дененин салмагын SECA өндүрүшүнүн сандык экраны бар жеңил таразаларды колдонуу менен өлчөндү. Бойду өлчөөдө изилдөөдө колдонуу үчүн Shorr Productions тарабынан даярдалган атайын бой өлчөгүчтөр колдонулду. 2 жашка чейинки балдардын денесинин узундугу жаткан абалда өлчөндү. Калган бардык балдардыкы турган абалда өлчөндү.

Жалпысынан тандалып алынган үй чарбаларындагы 5 жашка чейинки 4 774 бала (такталбаган сан) КР МДИ-2012де антропометрикалык өлчөө укугун алышты. Бул бөлүмдөгү балдардын тамактануусунун статусу жөнүндө маалыматтар 4 574 (такталбаган сан) толук жана ишенимдүү антропометрикалык жана жаш курак жөнүндө маалыматтарга ээ балдар үчүн берилген. Балдардын 3 пайызы үй чарбаларына барган кезде үйүндө жок болгондуктан, же ооруп калгандыктан, же ата-энелери уруксат бербегендиктен, же башка кандайдыр бир себептерден улам өлчөөдөн өткөн жок. Балдардын 1 пайызынын бойлорунун жана салмагынын көрсөткүчтөрү чындыкка окшобогон маалыматтар катары жогору же төмөн бааланды (маалыматтар көрсөтүлгөн жок).

Калкты сурамжылоодогу балдардын тамактануусунун статусу этникалык, маданий жана генетикалык ар түрдүүлүктүн жана бойу боюнча баланын толук генетикалык дараметине жетүүгө мүмкүндүк берген (ДССУ, 2006) оптималдуу шарттарда жашаган балдардын эсеби менен дени сак балдардын эл аралык тандап алуу жыйындысына негизделген Дүйнөлүк Саламаттык Сактоо Уюмунун (ДССУ) балдардын бойлорунун нормасынын жардамы менен бааланат.

Дүйнөлүк Саламаттык Сактоо Уюмунун (ДССУ) балдардын бойлорунун нормасын колдонуу жыйынтыгында калктын бардык топторундагы толук кандуу тамактануучу балдар жыныстык жетилгенге чейинки бойдун модели менен абдан окшош экендигин көрсөтөт. Ошондуктан, бул нормалар этникалык тиешелүүлүктөрдөн, социалдык-экономикалык таасирлерден жана тамактандыруунун практикасынан көз каранды дүйнөдөгү балдардын тамактануусунун статусун

баалоо үчүн колдонулушу мүмкүн. Кыргызстандагы балдардын тамактануусунун статусун баяндоодо бул бөлүмдө физикалык өнүгүүнүн 3 стандарттык индекси колдонулат:

- Бой-жаш куракка (кыска бой, бойдун өсүүсүнүн токтоп калуусу)
- Дененин салмагы-бойго (арыктоо)
- Дененин салмагы-жаш куракка (ошол жаш курак үчүн дененин жетишсиз салмагы)

Бул индекстердин ар бири тамактануунун статусун баалоо үчүн пайдалуу болгон дененин курамы жана өнүгүүсү тууралуу ар түрдүү маалыматтарды берет. «Бой-жаш куракка» индекси сызыктык бойду өлчөйт. «Бой - жаш куракка» көрсөткүчү үчүн бала ДССУнун эталондук популяциясынын (-2 SD) медианадан төмөнкү эки стандарттык кыйшаюуда турат да, өзүнүн жаш курагынан кыска бойлуу же бойдун токтоп калуусуна ээ болуп саналат. Эгер балада бул индикатор эталондук популяциянын медианасынын үч стандарттуу чектен чыгууларынан (-3 SD) төмөн турса, анда балада бойдун токтоп калуусунун оор формасы бар деп эсептелинет. Бойдун өсүүсүнүн токтоп калуусу өнөкөт чала тойюунун жалпыланган натыйжасын чагылдырат. Бул узак убакыттар бою жакшы тамактануунун болбогондугунун жыйынтыгы жана өнөкөт көнүмүш ооруларды ырбатат. Ошондуктан, «бой – жаш куракка» индекси популяциядагы тамактануунун бузулушунун узак мөөнөттүү натыйжаларын чагылдырат жана акыркы убактардагы тамак-аштарды колдонуудан көз каранды олуттуу өзгөрүлбөйт.

«Дененин салмагы – бойго» индекси тамактануунун учурдагы абалын чагылдырат. Эки стандарттык четке кыйшаюулары (-2 SD) эталондук медианага караганда бул индекси көп болгон балдар өзүнүн бойу үчүн өтө арык деп эсептелинет. Бул абал тамактануунун курч же жакынкы дефициттик жетишсиздигин чагылдырат. Бойдун өсүүсүнүн токтоп калуусу учурундагыдай, эгерде бала эталондук көрсөткүчү медианадан төмөн үчтөн ашык стандарттык чектеги кыйшоюуларга (-3 SD) ээ болсо, арыктык оор абалда деп эсептелет. Арыктыктын мындай баскычы өлүм тобокели менен түз байланышкан.

«Дененин салмагы – жаш куракка» индекси «дененин салмагы – бойго» жана «бой - жаш куракка» индекстери менен айкалышкан индекс болуп саналат. Ошондуктан, тамактануунун оор бузулушу (арыктык) менен тамактануунун өнөкөт бузулушунун (бойдун токтоп калуусу) ортосунда айырмачылыктарды жаратпайт. Бала кыска бойлуулуктун, арыктыктын же эки себептин натыйжасында өзүнүн жаш курагынан жетишсиз дененин салмагына ээ болушу мүмкүн. «Дененин салмагы – жаш куракка» индекси эталондук популяциянын медианасынан эки стандарттык четке кагууга төмөн (-2 SD) болгон балдар дененин жетишсиз салмагына ээ балдар деп саналат. «Дененин салмагы – жаш куракка» индекси эталондук популяциянын медианасынан үч стандарттык четке кагууга төмөн (-3 SD) болгон балдар оор баскычтагы дененин жетишсиз салмагына ээ балдар деп саналат. «Дененин салмагы – жаш куракка» индекси тамактануунун абалы боюнча калктын саламаттыгынын жалпы көрсөткүчү болуп саналат.

Z-скор (Z-балл) орто белгилери тамактануунун статусунун ар бир индикатору үчүн эсептелинет. Бул орто белгилер өтүү белгилерин (кесип өтүү чекити) колдонбой, бардык калктын тамактануусунун абалын баяндайт. Z-скор 0дөн аз орто белгиси (т.а. терс орто белги) изилденген калктын арасындагы балдардын тамактануусунун статусу ДССУнун эталондук популяциясына караганда бул индикатор боюнча ар бир индикатор үчүн начар экендигин билдирет.

12.1.2 Балдардын тамактануусунун бузулушунун деңгээли

12.1-таблицада үч антропометрикалык көрсөткүчтөр боюнча тамактануусу бузулган 5 жашка чейинки балдардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы көрсөтүлгөн: бой-жаш куракка, дененин салмагы-бойго, дененин салмагы-жаш куракка.

12.1-таблица. Балдардын тамактануусунун статусу

Бой – жаш куракка, дененин салмагы – бойго, дененин салмагы – жаш куракка сыяктуу үч антропометрикалык көрсөткүч боюнча тамактануусу бузулган 5 жашка чейинки балдардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы: Кыргыз Республика, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Бой – жаш куракка[1]			Дененин салмагы - бойго				Дененин салмагы – жаш куракка				Балдардын саны
	-3 SD ден төмөн пайыз	-2 SD[2] ден төмөн пайыз	Орто Z-скор (SD)	-3 SD ден төмөн пайыз	-2 SD[2] ден төмөн пайыз	+2 SD ден жогору пайыз	-3 SD ден төмөн пайыз	-3 SD ден төмөн пайыз	-2 SD ден төмөн пайыз [2]	+2 SD ден жогору пайыз	Орто Z-скор (SD)	
Жаш курак, айлар менен												
<6	4.0	10.0	0.1	3.5	7.8	16.8	0.3	1.4	5.2	6.3	0.2	387
6-8	2.4	11.0	-0.2	1.0	2.5	13.7	0.6	0.1	2.2	10.1	0.3	226
9-11	2.5	9.3	-0.0	0.2	2.1	10.6	0.6	0.2	1.5	6.1	0.4	267
12-17	6.4	12.8	-0.5	0.6	2.7	9.9	0.4	0.3	2.6	3.7	0.1	485
18-23	9.6	23.9	-1.0	0.9	2.7	7.2	0.4	1.1	3.2	0.5	-0.2	453
24-35	8.8	23.9	-1.2	1.7	4.0	8.3	0.4	1.3	4.5	0.4	-0.3	873
36-47	4.5	18.1	-1.1	0.3	0.6	6.6	0.5	0.5	2.7	0.6	-0.3	860
48-59	4.2	18.4	-1.1	1.1	1.6	4.6	0.4	1.4	3.7	0.0	-0.4	787
Жыныс												
Эркек	6.2	19.9	-0.9	1.3	2.9	9.2	0.5	0.8	3.1	2.0	-0.2	2,238
Аял	5.3	15.3	-0.7	1.0	2.6	7.8	0.4	1.0	3.7	2.3	-0.1	2,099
Төрөт аралык интервал, айлар менен[3]												
Биринчи төрөттөр[4]	5.7	16.7	-0.7	1.0	2.9	9.3	0.5	0.8	3.0	2.8	-0.1	1,181
<24	4.9	20.1	-0.9	1.2	2.9	9.0	0.5	0.9	3.6	2.1	-0.2	933
24-47	7.0	19.2	-0.8	0.6	1.7	8.0	0.5	0.5	3.1	1.9	-0.2	962
48+	5.0	14.3	-0.7	1.8	3.6	7.9	0.4	2.0	3.3	2.5	-0.1	728
Төрөлгөндөгү өлчөмү[3]												
Абдан кичинекей	13.8	30.6	-1.5	3.6	8.4	7.8	-0.1	8.9	19.6	1.8	-0.9	64
Кичинекей	9.3	25.9	-1.2	0.8	2.4	8.2	0.4	1.1	4.8	1.5	-0.4	508
Орто же чоң	4.9	16.1	-0.7	1.1	2.7	8.7	0.5	0.8	2.6	2.5	-0.1	3,217
Энелерди сурамжылоонун статусу												
Суражыланды	5.7	17.7	-0.8	1.1	2.7	8.6	0.4	1.0	3.2	2.3	-0.1	3,804
Сурамжыланбады, бирок үй чарбасында	(1.5)	(14.1)	(-0.8)	(6.2)	(6.2)	(15.1)	(0.3)	(0.0)	(12.1)	(0.0)	(-0.2)	36
Сурамжыланбады, бирок үй чарбасында эмес[5]	6.5	18.0	-0.9	1.2	2.7	7.5	0.5	0.6	4.2	0.8	-0.2	497
Энелердин тамактануусунун статусу[6]												
Арыктык/аз салмак (ДМИ<18.5)	9.7	24.2	-0.9	1.3	4.4	6.3	0.1	0.8	4.5	0.6	-0.4	205
Норма (ДМИ 18.5-24.9)	5.0	17.7	-0.8	1.1	2.7	8.6	0.4	1.0	3.4	2.4	-0.1	2,006
Ашыкча салмак/ семиздик (ДМИ >= 25)	5.7	16.6	-0.8	0.7	1.5	9.0	0.6	0.7	1.9	3.1	-0.0	1,078
Жашаган жеринин тиби												
Шаар	4.5	17.6	-0.7	1.0	3.3	8.1	0.4	0.7	3.6	2.8	-0.1	1,167
Айыл	6.2	17.7	-0.8	1.2	2.5	8.7	0.5	1.0	3.3	1.9	-0.1	3,170
Облусу												
Ысык-Көл	1.8	9.7	-0.7	0.5	1.9	7.6	0.6	0.7	2.0	3.1	0.0	426
Жалал-Абад	3.4	14.6	-0.7	1.3	2.9	3.5	0.1	1.0	4.3	2.0	-0.3	776
Нарын	5.4	17.6	-1.0	0.9	2.1	6.6	0.5	0.6	2.9	1.4	-0.2	202
Баткен	5.7	22.5	-0.9	1.7	3.3	7.1	0.3	1.2	4.9	2.3	-0.3	372
Ош	10.1	25.3	-1.1	1.3	2.7	11.9	0.6	1.1	3.7	1.3	-0.2	1,003
Талас	2.3	13.0	-0.7	2.2	4.0	10.9	0.5	1.1	3.4	2.3	0.0	269
Чүй	6.2	11.6	-0.5	0.5	0.9	10.1	0.7	0.6	1.1	3.4	0.2	690
Бишкек шаары	3.7	18.6	-0.7	1.1	4.3	7.5	0.3	0.5	2.8	1.7	-0.1	476
Ош шаары	13.4	29.0	-1.2	1.4	5.7	13.4	0.4	2.4	11.3	2.0	-0.4	123
Эненин билими[7]												
Билими жок/ башталгыч	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	23
Негизги жалпы	5.8	18.1	-0.8	0.4	1.8	8.5	0.4	1.4	3.6	2.7	-0.2	412
Толук орто	6.6	19.5	-0.9	1.4	2.9	9.2	0.4	0.9	3.7	1.9	-0.2	1,772
Башталгыч/орто кесиптик	4.8	14.1	-0.7	1.0	1.5	7.8	0.5	0.9	2.4	2.7	-0.0	617
Жогору	4.4	16.4	-0.7	1.0	3.7	8.2	0.4	0.8	3.1	2.6	-0.1	1,016
Жетиштүү жашоо квинтили												
Эң төмөнкү	7.7	18.3	-0.9	1.6	2.7	9.5	0.5	1.6	4.5	2.1	-0.2	913
Экинчи	4.7	18.6	-0.9	0.9	2.1	9.5	0.5	0.6	2.6	1.8	-0.1	901
Орто	6.2	16.7	-0.9	1.3	3.2	7.1	0.4	1.2	3.7	1.7	-0.2	936
Төртүнчү	4.8	16.4	-0.6	1.0	2.0	7.6	0.5	0.6	2.9	2.5	-0.0	943
Эң жогору	5.3	19.0	-0.7	0.8	4.1	9.5	0.4	0.4	3.3	2.8	-0.1	644
Бардыгы	5.8	17.7	-0.8	1.1	2.7	8.5	0.4	0.9	3.4	2.1	-0.1	4,337

Эскертүү: Таблица сурамжылоо жүргүзүүнүн алдындагы түндү үй чарбаларында өткөргөн балдардын жыйындысына жана туулган күнү (ай, жыл) жөнүндө ишенимдүү, бой жана салмактын так көрсөткүчтөрүнө негизделген. Ар бир көрсөткүч 2006-жылы кабыл алынган ДССҮнун балдардын бойлорунун нормаларынын медианасынан стандарттык четке кагуу (SD) белгилери бирдиктерде чагылдырылды. Бул таблицадагы индекстерди мурун колдонулган NCHS /CDC/WHO бойдун нормаларына негизделген индекстер менен салыштырууга болбойт. * белгиси маалыматтар 25 тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет. Кашаанын ичиндеги цифралар 25-49 такталбаган учурларга негизделген. «Бардыгы» тилкеси төрөлгөндөгү өлчөмү жөнүндө маалыматты өткөрүп жиберген 14 баланы камтыйт.

[1]2 жаштагы балдар үчүн дененин узундугун өлчөө жаткан абалда жүргүзүлдү жана кээ бир учурларда бала чоңойгондо белгилүү болгон эмес жана анын бойунун узундугу 85 см дан кем болгон эмес, ал эми калган бардык балдардын денесинин узундугун өлчөө турган абалда жүргүзүлдү

[2] ДССҮнун балдардын бойлорунун нормаларынын медианасынан 3 стандарттык четке кагуу (SD) белгилери нин төмөнкү көрсөткүчтөрүндөгү балдарды камтыйт.

[3]Энеси сурамжыланбаган балдар кошулбайт. Биринчи төрөттө төрөлгөн эгиздер (үч эмдер, ж.б.) «биринчи төрөт» категориясына кирет, анткени алардын мурунку төрөт аралык интервалы жок.

[5]Энелери өлүп калган балдар кошулбайт.

[6] Энелери салмактанбаган жана өлчөнбөгөн балдар кошулбайт. Энелердин тамактануусунун абалы жөнүндө маалымат ДМИ (Дененин салмагынын индекси) ылайык 12.10-таблицада берилди. Сурамжыланбаган аялдар үчүн маалыматтар Үй чарбаларынын анкетасынан алынды. Үй чарбаларынын анкетасына энелери киргизилбеген балдар кошулбайт.

[7] Сурамжыланбаган аялдар үчүн маалыматтар Үй чарбаларынын анкетасынан алынды. Энелери Үй чарбаларынын анкетасына киргизилбеген балдар кошулбайт.

Бой - жаш куракка (кыска бой)

Өлкөнүн деңгээлинде алсак, 5 жашка чейинки балдардын 18 пайызы бойдун өсүүсүнүн токтоп калуусуна ээ, ал эми 6 пайызында бойдун өсүүсүнүн токтоп калуусунун оор түрү байкалат. Жаш курактык топтор боюнча талдоо бойдун өсүүсүнүн токтоп калуусуна кабылган балдардын үлүшү тездик менен өсүүдө жана 6 айга чейинки жаштагы балдардын арасында 10 пайызы, 18-35 айлык балдардын арасында дээрлик төрттөн бири кабылышкандыгын көрсөтөт (12.1-график). Бойдун өсүүсү токтоп калуусунун оор түрү ушундай эле динамиканы көрсөтөт, ошону менен бирге бойдун өсүүсү токтоп калуусунун оор түрү менен жабыркаган балдардын эң төмөнкү үлүшү 6-11 айлык жаш курактык топто байкалат.

12.1-график
Балдардын тамактануусунун жаш курактан көз каранды статусу



Эскертүү: Кыска бой тамактануунун хроникалык бузулушун, арыктык тамактануунун оор бузулушун чагылдырат, дененин жетишсиз салмагы тамактануунун хроникалык жана оор бузулушун, же эки факторду тең чагылдырат. График тегиздетилген 5 айлык орточо жылмаланган баалоонун негизинде тургузулган.

КР МДИ-2012

12.1-таблицада энелери төрөлгөндөгү өлчөмүн абдан кичинекей же кичинекей (31 жана 26 пайыз) деп эсептеген балдарда бойдун өсүүсүнүн токтоп калуу мүмкүндүгү энелери орточо же чоң өлчөмдө деп айткан балдарга (16 пайыз) караганда жогору экендигин көрсөтөт[1]. Энелердин денесинин салмагынын индекси (ДМИ)[2] да балдардын бойлорунун өсүүсү токтоп калуусунун деңгээли менен байланышат, арык аялдарда төрөлгөн балдар дененин салмагынын ашыкча салмактуу же семиз аялдарда төрөлгөн балдарга караганда бойдун өсүүсү токтоп калуусу көп байкалат.

Шаар жеринде жашаган балдар менен айыл жеринде жашаган балдарда бойдун өсүүсү токтоп калуусунун жайымдуулугунда өзгөчө деле айырмачылыктар байкалбайт. Бирок бир кыйла

[1] КР МДИ-2012 жүргүзүү убагында энелерден балдарынын төрөлгөндөгү өлчөмүн билгендиги, алардын оюу боюнча баласы төрөлгөндө орто же ортодон чоң, кичинекей же абдан кичинекей болгондугу жөнүндө суроолор берилди. Төрөлгөндөгү өздөштүрүлгөн өлчөм төрөлгөндөгү дененин салмагынын кыйыр көрсөткүчүнө пайдалуу, анткени бардык эле энелер балдарынын төрөлгөндөгү салмагын биле бербейт жана айрым балдар төрөлгөндө өлчөнгөн эмес. Төрөлгөндөгү өздөштүрүлгөн өлчөмдү өлчөөнүн чаралары жөнүндө толук маалымат 11-бөлүмдө берилген.

[2] ДМИнин эсептери жөнүндө кеңири маалымат 12.6-таблицада.

регионалдык айырмачылыктарга ээ, кыска бойлуулук Ысык-Көл облусундагы 10 пайыздан Баткен жана Ош облусундагы 23-25, Ош шаарындагы 29 пайызга чейин өзгөрөт. Бойдун өсүүсү токтоп калуусунун оор түрүнүн жайымдуулугу өзгөчө Ош шаарында жана Ош облусунда жогору (13 жана 10 пайыз).

Дененин салмагы - бойго (арыктык)

Жалпысынан Кыргыз Республикасындагы балдардын 3 пайызы арыктыктан жабыркашат. Жаш курактык топтордун талдоосу боюнча өтө жогору арыктык 6 айлык кичүү балдардын арасында (8 пайыз) жана 36-47 айлык балдардын арасында (1 пайыз) эң төмөн экендигин көрсөтөт. Балдар менен кыздар арыктыктан бирдей баскычта жабыркашат. Энелери төрөлгөндөгү өлчөмүн абдан кичинекей деп айткан балдар (8 пайыз) төрөлгөндөгү өлчөмү орто же чоң өлчөмдөгү балдарга (3 пайыз) караганда арыктыктан көп жабыркашат. Регионалдык аспектиде арык балдардын пайызы Чүй облусундагы 1 пайыздан Ош шаарындагы 6 пайызга чейин өзгөрөт.

12.1-таблицада 2 стандарттык четке кагуулардан көп, эталондук медианадан ашкан балдардын үлүшү көрсөтүлөт. Бул балдар өзүнүн бойу үчүн семиз деп эсептелинет. 5 жашка чейинки балдардын тогуз пайызы бул категорияга кирет. Алынган жыйынтыктар 18 айлык балдар чоң балдарга караганда дененин ашыкча салмагы менен көп жабыркашарын күбөлөндүрөт, семиз балдардын эң жогору үлүшү 6 айлык балдардын (17 пайыз) арасында байкалат. Негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды көрсөткүчтөрдүн өзгөрүүсү регионалдык деңгээлден башкасында аз гана. Өзүнүн бойу үчүн семиз балдардын эң жогору үлүшү Ош шаарында (13 пайыз) байкалат, андан кийин Ош, Талас жана Чүй облустарында (10-12 пайыз), эң төмөнкү үлүшү Жалал-Абад облусунда (4 пайыз) байкалат.

Дененин салмагы – жаш куракка (дененин жетишсиз салмагы)

12.1-таблицада 5 жашка чейинки балдардын 3 пайызы дененин жетишсиз салмагына ээ, ал эми бир пайызы дененин салмагынын жетишсиздигинин оор түрүнөн жабыркайт. Энелери тарабынан төрөлгөн, өлчөмү боюнча абдан кичинекей наристелер (20 пайыз) энелери төрөлгөндөгү өлчөмүн кичинекей (5 пайыз), орто же чоң деп айткан балдарга (3 пайыз) караганда дененин салмагынын жетишсиздигинен көп жабыркашат. Чүй облусунда дененин жетишсиз салмагы менен жабыркаган балдардын эң төмөнкү үлүшү (1 пайыз) байкалса, Ош шаарында бул үлүш эң жогору (11 пайыз) деңгээлде.

12.1.3. Балдардын тамактануусунун статусунун тенденциясы

Акыркы алты жыл ичиндеги балдардын тамактануусунун өзгөрүүсүн баалоо үчүн КР МДИ-2012нин маалыматтарын МИКИ-2006-жылдагы[3] изилдөөнүн жыйынтыктары менен салыштырууга болот. МИКИ жана КР МДИ изилдөөлөрүнүн жүрүшүндө антропометрикалык маалыматтар 5 жашка чейинки бардык балдардан жыйналды. Бирок бойдун токтоп калуусунун, арыктыктын жана дененин салмагынын жетишсиздигин классификациялоо үчүн Улуттук медициналык статистика борборунун (NCHS) стандарттары колдонулду. Балдардын тамактануусунун тенденцияларын баалоо үчүн МИКИ-2006нын көрсөткүчтөрү ДССУнун 2006-жылдагы балдардын бойлорунун жаңы нормаларынын жардамы менен эсептелди (ДССУ, 2013).

12.2-графикте 5 жашка чейинки кыска бойлуу балдар 2006-жылы да, 2012-жылы да 18 пайызды түзгөндүгүн көрсөтөт. Арыктык менен жабыркаган балдардын үлүшү окшош түрдө 2006-жылы да, 2012-жылы да 3 пайызды түзөт. Ашыкча салмактуу балдардын үлүшү 2006-жылы 2012-жылга караганда бир аз жогору болду (11 жана 9 пайыз).

---

[3] КР МДИ-1997 менен КР МДИ-2012деги балдардын тамактанууларынын статустарын өзгөрүүлөрдү баалоого болбойт, анткени КР МДИ-1997де энелери изилдөөнүн жүрүшүндө сурамжыланган 3 жашка (0-35 ай) чейинки гана балдардын тамактануусунун статусу жөнүндө маалыматтар жыйналган. КР МДИ-1997нин отчетунда жарыяланган цифралар ДССУнун балдардын номалары менен салыштырууга мүмкүн болбогон, 12.1-Таблицада берилген балдардын тамактануусунун статусунун көрсөткүчтөрүн эсептөө үчүн колдонулган NCHS бой нормасынын негизинде эсептелгенин белгилеп кетүү керек.

12.2-график
5 жашка чейинки балдардын тамактануу статусунун тенденциясы, Кыргыз Республикасы, 2012



Эскертүү: Таблица сурамжылоо жүргүзүүнүн алдындагы түндү үй чарбаларында өткөргөн балдар жөнүндө маалыматтардын жана туулган күнү (ай, жыл) жөнүндө ишенимдүү, бой жана салмактын так көрсөткүчтөрдүн негизинде ДССУнун бой нормаларына ылайык эсептелди. *Кыска бой* тамактануунун хроникалык бузулушун, *арыктык* тамактануунун катуу бузулгандыгын, *дененин салмагынын индекси* хроникалык, же катуу бузулгандыгын, же эки фактордун кошулгандыгын чагылдырат. МИКИ-2006нын отчетунда жарыяланган тамактануунун статусунун көрсөткүчтөрү 12.2-графикте берилген тамактануунун статусунун индикаторлорун эсептөө үчүн колдонулган ДССУнун бой нормалары менен салыштырууга болбогон, NCHS/CDC/WHO стандарттарынын жардамы менен эсептелди.

Жыйынтыгында, МИКИ-2006нын тамактануунун статусу жөнүндө маалыматтары менен КР МДИ-2012нин жыйынтыктарын салыштыруу менен акыркы 6 жыл ичинде балдардын тамактануларынын статустары дээрлик өзгөрүлбөгөндүгүн белгилөөгө болот.

12.2 ЭМЧЕК ЭМИЗҮҮ ЖАНА КОШУМЧА ТАМАКТАНДЫРУУ

Эмчек эмизүү практикасы наристелердин оптималдуу бойлорун аныктоодо жана өнүгүүсүндө негизги ролду ойнойт. Туура эмес эмчек эмизүү жана кошумча тамактандыруу наристелердин саламаттыгы жана тамактануусунун статусу үчүн жагымсыз натыйжаларды чакырат. Бул натыйжалар өз кезегинде балдардын акыл жана физикалык өнүгүүсүнө таасир этет.

ЮНИСЕФ менен ДССУнун сунуштамаларына ылайык балдар биринчи алты ай ичинде сөзсүз түрдө эмчек эмиши керек (б.а. башка суюктуктар, катуу тамак-аштар, суу берилбеши керек), катуу жана жарым катуу тамак-аштарды 7-айдан баштап берүү сунушталат. Эмчек эмизүүнүн артыкча стандарттык индикаторунун пайызы эмчек сүтү менен гана тойдурулган 6 айга чейинки балдар болуп саналат. Кошумча тамактандырууну өз убагында берүүнүн стандарттык индикатору катуу, жарым катуу жана жумшак тамак-аштарды алган, 6-8 айлык балдардын пайызы болуп саналат. ДССУнун сунуштамасы боюнча эмчек эмизүү баланын жашоосунун экинчи жылы аралыгына улануусу керек. Упчулуу бөтөлкөлөр менен тамактандыруу бардык жаштагы балдар үчүн сунушталбайт (ДССУ, 2008).

12.2.1 Эмчек эмизүүнүн башталышы

Эмчек эмизүүнүн эрте башталышы эне үчүн да, бала үчүн да маанилүү. Эрте эмчек эмизүүнүн пайдалуулугунун бир катар негиздери бар. Энелер үчүн эрте эмчек эмизүүнүн артыкчылыктары баланын эмчекти эмүүсү (соруусу) эмчек сүтүнүн иштелип чыгышын жакшыртат жана жатындын тарышын (кичирейишин) жөнгө салуучу окситоциндин чыгуусун жеңилдетет жана төрөттөн кийинки кан жоготууну төмөндөтөт. Эмчек сүтү алгачкы убактарда ууз болуп, абдан азыктандыруучу болуп саналат жана жаңы төрөлгөн баланы коргоочу антителди камтыйт. Эмчек эмизүүнүн эрте башталышы эне менен жаңы төрөлгөн баланын ортосундагы мээримди, жакшы көрүүнү жаратат.

12.2-таблицада изилдөөгө чейинки эки жыл ичинде төрөлгөн эсеби боюнча эң акыркы бардык балдардын эмчек эмүүлөрүнүн негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды статусу берилген. Таблицада балдардын качандыр бир кезде эмчек эмгендиктери, эмчек эмизүү башталганга чейин кандайдыр бир башка азыктар менен тойдургандыгынан көз каранды пайызы көрсөтүлдү. Кыргыз Республикасында балдарды эмчек эмизүү менен камсыздоо дээрлик ар тарптуу: изилдөө алдындагы акыркы эки жыл ичинде төрөлгөн балдардын 99 пайызы жашоолорунун кайсы бир учурларда эмчек эмизүү менен багылышкан. Жалпысынан балдардын 84 пайызына төрөлгөндөн кийинки биринчи сааттын, ал эми 95 пайызына төрөлгөндөн кийинки биринчи күндүн ичинде эмчек эмизилген.

КР МДИ-1997[4] менен МИКИ-2006нын маалыматтарын салыштырганда төрөлгөндөн кийинки биринчи сааттын ичинде эмчек эмизилген балдардын пайызы акыркы 15 жыл ичинде бир кыйла өскөндүгү байкалат (1997-жылы 45 пайыз, 2006-жылы 65 пайыз жана 2012-жылы 84 пайыз), ал эми МИКИ-2006 менен КР МДИ-2012нин ортосунда бул көрсөткүч кескин өскөн. Төрөлгөндөн кийинки биринчи күндүн ичинде эмчек эмизилген балдардын пайызы 1997-жылдагы 69 пайыздан 2006-жылдагы 89 пайызга чейин жана 2012-жылы 95 пайызга чейин жеткен (НИИАП и Макро Интернашнл., 1998; УСК, 2007).

12.2-таблицадагы маалыматтар төрөлгөндөн кийинки биринчи сааттын ичинде эмчек эмизилген баланын жынысы боюнча да, жашаган жери боюнча да олуттуу айырмачылыктарга ээ экендигин көрсөтөт. Ошону менен бирге региондон көз каранды маанилүү айырмачылыктарга ээ. Төрөлгөндөн кийинки биринчи сааттын ичинде эмчек эмизилген балдардын эң жогору үлүшү Жалал-Абад жана Баткен облустарында (93-95 пайыз) белгиленди, ал эми Талас облусу менен Бишкек шаарында бул үлүш эң аз (72 -74 пайыз). Билими аз энелер же жетишсиз үй чарбаларында төрөлгөн балдарга караганда энелери жогору билимге ээ балдар жана жетиштүү жашоонун эң жогору квинтилиндеги балдар, эмчек эмизүүнү көбүнчө төрөлгөндөн кийинки биринчи сааттын ичинде башташат.

[4] Изилдөөлөр аралык өзгөрүүлөрдү баалоо үчүн КР МДИ-1997деги эмчек эмизүүнүн башталышы жөнүндө маалыматтар изилдөө алдындагы эки жыл ичинде төрөлгөн эсеби боюнча бардык акыркы балдар үчүн эсептелди, ошондуктан изилдөө башталганга чейинки акыркы үч жыл ичинде төрөлгөн балдар боюнча эсеп жүргүзүлгөн КР МДИ-1997нин отчетунда жарыяланган маалыматтардан айырмаланат.

12.2-таблица. Эмчек эмизүүнүн башталышы

Изилдөө алдындагы эки жыл ичинде төрөлгөн, эсеби боюнча акыркы балдардын арасындагы качандыр бир кезде эмчек эмизүүдө болгондордун пайызы, төрөлгөндөн кийинки биринчи саатта жана биринчи күндө эмчек эмген балдардын пайызы жана изилдөө алдындагы эки жыл ичинде төрөлгөн, качандыр бир кезде эмчек эмизүүдө болгон балдардын арасындагы до-лактациялык тамак-аштарды алган балдардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012.

Негизги мүнөздөмөлөр	Изилдөө алдындагы эки жыл ичинде эсеби боюнча акыркы төрөлгөн балдар арасында:				Изилдөө алдындагы эки жыл ичинде төрөлгөн, эсеби боюнча акыркы жана качандыр бир кезде эмчек эмизүүдө болгондордун арасында:	
	Качандыр бир кезде эмчек эмизүүдө болгондордун пайызы	Эмчек эмизүүгө төрөлгөндөн кийинки биринчи саатта алынгандардын пайызы	Эмчек эмизүүгө төрөлгөндөн кийинки биринчи күнү алынгандардын пайызы [1]	Эсеби боюнча акыркы балдардын саны	до-лактациялык тамак-аштарды алгандардын пайызы[2]	эсеби боюнча акыркы жана качандыр бир кезде эмчек эмизүүдө болгондордун саны
Жыныс						
Эркек	98.0	83.5	95.0	901	14.8	882
Аял	99.2	84.2	94.1	796	12.2	789
Жашаган жеринин тиби						
Шаар	98.4	81.3	91.5	500	15.2	492
Айыл	98.6	84.8	95.9	1,196	12.9	1,180
Облусу						
Ысык-Көл	98.6	85.6	93.1	157	10.9	154
Жалал-Абад	98.4	93.0	97.7	322	8.9	317
Нарын	99.4	79.5	98.0	72	3.4	72
Баткен	98.6	95.2	96.7	165	4.2	163
Ош	99.7	76.0	97.9	342	25.6	341
Талас	98.3	71.9	91.9	97	7.9	96
Чүй	96.6	87.5	93.8	278	8.5	269
Бишкек шаары	99.2	73.4	85.1	211	23.2	209
Ош шаары	98.7	86.9	94.9	53	13.8	52
Эненин билими						
Билими жок/ башталгыч	*	*	*	*	*	9
Негизги жалпы	98.5	89.3	97.6	197	15.7	194
Толук орто	99.2	84.9	95.8	758	13.5	753
Башталгыч/орто кесиптик	99.0	86.6	95.0	266	11.5	264
Жогору	97.1	78.3	91.0	465	14.5	452
Жетиштүү жашоо квинтили						
Эң төмөнкү	98.5	82.1	95.2	315	14.6	311
Экинчи	98.8	86.1	97.1	343	16.6	339
Орто	98.8	86.7	95.3	363	7.4	358
Төртүнчү	98.3	85.0	96.1	380	11.8	373
Эң жогору	98.3	78.0	88.3	296	19.1	291
Бардыгы	98.5	83.8	94.6	1,696	13.6	1,672

Эскертүү: Таблица изилдөө алдындагы эки жыл ичинде төрөлгөн эсеби боюнча акыркы балдар жөнүндө маалыматтарга негизделген, сурамжылоо учурунда алардын тирүү же өлүү экендигинен көз карандысыз. * белгиси маалыматтар 25 тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн жок.
[1]Төрөттөн кийинки биринчи сааттын ичинде эмчек эмген балдарды катыйт.
[2]Жашоосунун алгачкы үч күнү ичинде эненин эмчек сүтүнөн башка тамак-аштар берилген балдар.

Баланы жашоосунун алгачкы үч күнүнүн ичинде башка суюктуктар менен тойдуруу тажрыйбасы до-лактациялык тамактандыруу деп аталат. Бул тажрыйба наристелердин эмчек эмизүүсүнүн жыштыгын чектегендиктен жана ичеги-карын инфекцияларынын коркунучуна кабылдыргандыктан кеңири сунушталбайт. До-лактациялык тамактандырууну КР МДИ-2012 жүргүзгөнгө чейинки эки жыл ичинде төрөгөн жаңы төрөлгөндөрдүн 14 пайызы алышат. Мындай тамактандырууну алуунун мүмкүндүгү Ош облусунда жана Бишкек шаарындагы наристелердин арасында жогору, ал эми Нарын жана Баткен облустарындагы жаңы төрөлгөндөрдүн арасында төмөн.

12.2.2 Эмчек эмизүүнүн жаш курак боюнча статусу

Эненин эмчек сүтү балдардын жашоосунун алгачкы алты айында керек болгон бардык азыктандыруучу заттарды камтыйт. Бул баланын алгачкы алты айында эч кандай кошумча суюктук, катуу тамак, же кадимки сууну берүү сунушталбайт. Жаңы төрөлгөндөр үчүн да эмчек эмизүү (т.а. эмчек сүтү гана) сунушталат, анткени эненин эмчек сүтү башка азыктар чакыруучу ооруларды жугузуу мүмкүнчүлүгүн жана диареянын коркунучун азайтат. Наристелердин бойлорунун өсүүсү бир гана эненин эмчек сүтү менен камсыздалбашы мүмкүн, ошондуктан баланын тамактануусуна башка суюктуктарды жана тамак-аштарды да кошуу зарыл. Баланын жашы 6 айга келгенде эмчек эмизүү менен бирге анын тамагына катуу же жарым катуу кошумча тамак-аштарды кошуу керек.

КР МДИ-2012де эсеби боюнча акыркы, 2 жашка чейинки, энелери менен жашаган эмчек эмген жана эрте жаштагы балдарды тамактандырууну 24 сааттык тойдуруу ыкмасы менен тойдуруу жөнүндө маалыматтар жыйналды. 12.3-таблицада жана 12.3-графикте көрсөтүлгөндөй, Кыргыз Республикасындагы балдардын көпчүлүгү жашоосунун биринчи жылы эмчек эмизүүдө болушат, ал эми балдардын жарымынан көбү жашоосунун экинчи жылы ичинде эмчек эмишет. Анын үстүнө сунуштамаларга каршы, эмчек сүтүнө кошумча башка суюктуктарды жана тамак-аштарды берүү эрте жаш кураста башталат, 6 айлык балдардын жарымынан көбү (56 пайыз) бир гана эмчек эмизүү менен тамактандырылышат. 6 айлык балдардын 20 пайызы эмчек сүтүнө кошумча кадимки сууну, 4 пайызы сүтсүз суюктуктарды, 5 пайызы башка сүттү жана 13 пайызы кошумча тамактарды колдонушат.

12.3-таблица. Эмчек эмизүүнүн жаш курактан көз каранды статусу

Энелери менен чогуу жашаган, 2 жашка чейинки эң кичинекей балдардын эмчек эмүү статусу боюнча пайыздык бөлүнүшү жана учурда эмчек эмген балдардын пайызы, упчулуу бөтөлкө колдонгон 2 жашка чейинки балдардын айлардагы жаш курактан көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Жаш курак, айлар менен	Эмчек эмбейт	Эмчек эмизүүнүн статусу					Бардыгы	Учурдагы эмчек эмизген-дердин пайызы	Энелери менен чогуу жашаган 2 жашка чейинки эң кичинекей балдар-дын саны	Упчулуу бөтөлкө колдонгон балдар-дын пайызы	2 жашка чейинки бардык балдар-дын саны
		Бир гана эмчек эмизүү	Эмчек эмизүү жана кадимки сууну кабыл алуу	Эмчек эмизүү жана сүтсүз суюктук-тарды кабыл алуу[1]	Эмчек эмизүү жана башка сүттү кабыл алуу	Эмчек эмизүү жана кошумча тамак					
0-1	5.3	75.0	14.4	0.0	4.4	0.9	100.0	94.7	99	2.8	99
2-3	1.3	61.1	21.4	2.0	4.6	9.6	100.0	98.7	168	14.2	169
4-5	2.7	38.0	21.6	9.0	4.6	24.2	100.0	97.3	149	16.7	152
6-8	4.9	14.0	15.0	3.8	5.0	57.3	100.0	95.1	225	30.7	230
9-11	12.4	10.0	4.0	1.7	1.1	70.9	100.0	87.6	259	31.8	263
12-17	30.4	4.0	0.4	1.2	1.1	62.9	100.0	69.6	409	23.9	426
18-23	60.1	2.2	1.5	1.1	0.0	35.1	100.0	39.9	343	18.0	406
0-3	2.8	66.2	18.8	1.2	4.5	6.4	100.0	97.2	268	10.0	268
0-5	2.7	56.1	19.8	4.0	4.6	12.8	100.0	97.3	417	12.4	421
6-9	5.6	13.0	11.2	3.1	4.4	62.7	100.0	94.4	318	30.6	325
12-15	31.7	3.6	0.5	0.8	1.6	61.7	100.0	68.3	282	25.8	293
12-23	43.9	3.2	0.9	1.1	0.6	50.3	100.0	56.1	753	21.0	832
20-23	63.0	1.3	1.6	1.2	0.0	32.8	100.0	37.0	228	17.2	282

Эскертүү: Эмчек эмизүүнүн статусу «24 сааттык» мезгилге (кечээ жана өткөн түн) кирет. Эмчек эмген жана кадимки сууну колдонгон деп бөлүнгөн балдар эч кандай суюк жана катуу кошулмаларды алышкан эмес. Эмчек эмбейт, бир гана эмчек эмизүү, Эмчек эмизүү жана кадимки сууну кабыл алуу, сүтсүз суюктуктарды кабыл алуу жана кошумча тамак (катуу жана жарым катуу) категориялары иерархиялык жана өз ара ар дайым болуп саналат, ошондуктан алардын пайыздык үлүшү 100 пайыз суммасында берилет. Эмчек эмген, сүтсүз суюктуктарды кабыл алган, бирок башка сүттөрдү, кошумча тамактарды колдонбогон балдар эгер алар кадимки сууну колдонсо да, сүтсүз суюктук категориясына бөлүнөт. Кошумча тамак алган бардык балдар эмчек эмгендиктен ушул категорияга киришет.

[1] Сүтсүз суюктуктарга соктор, курамында сок бар суусундукктар, түссүз шорпо, ж.б. суюктуктар кирет.

12.3-график
Наристелерди тойдуруунун жаш курактан көз каранды тажрыйбасы, Кыргыз Республикасы, 2012



КР МДИ 2012

КР МДИ-1997 жана МИКИ-2006нын маалыматтарын КР МДИ-2012нин жыйынтыктары менен үч изилдөөнү камтыган 15 жылдык мезгил ичиндеги дайыма эмчек эмизүүнүн тажрыйбасынын өзгөрүүсүнүн динамикасын баалоо үчүн салыштырууга болот. Салыштырууда абайлоо зарыл, анткени эмчек эмизүү жана кошумча тамактануу жөнүндө суроолору берилгенде айырмачылыктар бар болгон. Анын үстүнө салыштыруу дайыма эмчек эмизүүнүн өсүүсүнүн так көрүнүшүн көрсөтөт. Мисалы, КР МДИ-2012деги 0-3 айлык балдардын арасында ар дайым эмчек эмизүүнүн деңгээли 66 пайызды түзүп, МИКИ-2006дагы бир гана эмчек эмизүүнүн деңгээлинен(41 пайыз) алда канча жогору жана КР МДИ-1997 изилдөөнүн отчетунда көрсөтүлгөн пайыздан (31 пайыз) эки эседен көп ашат. 6 айлык балдардын арасында бир гана эмчек эмизүүнүн деңгээли МИКИ-2006дагы 32 пайыздан КР МДИ-2012деги 56 пайызга чейин көбөйгөн.

Ошондой эле 12.3-таблицада упчулуу бөтөлкө менен тамак ичкен балдардын пайызы көрсөтүлөт.2 айлык балдардын 3 пайызы гана упчулуу бөтөлкө менен тамак ичишет, упчулуу бөтөлкө менен тамак берүү 2-3 айлык балдардын арасындагы 14 пайыздан 9-11 айлык балдардын арасындагы 32 пайызга тездик менен өсөт. Жалпысынан 2 жаштагы балдардын 22 пайызы упчулуу бөтөлкө менен тамактанышат (12.4-график). Бул потенциалдуу коркунуч болуп саналат, упчулуу бөтөлкөнүн таза стерилдештирилбеши балага ар кандай микробдорду жуктурушу мүмкүн.

12.4-графиги КР МДИ-2012ден эмчек эмген жана эрте жаштагы балдарды тамактандыруунун (ЭЖБТ) тажрыйбасынын негизги учурлары тууралуу маалыматтарды жалпылайт. Графикте 6 айлык бардык балдардын жарымынан көбү (56 пайыз) учурда бир гана эмчек эмизүүдө экендиги, 4-5 айлык балдардын 38 пайызы эмчек сүтү менен гана тойдурулганы көрсөтүлөт. Артыкчылыктуу эмчек эмизүү (эмчек эмишет жана кадимки суу же сок, түссүз шорпо сыяктуу сүтсүз суюктуктар, ж.б. ды алышат) 0-5 айлык балдардын 80 пайызында кеңири таралган. Аялдардын үчтөн экисинен көбү (68 пайыз) эмчек эмизүүнү 1 жылга чейин созушат, 56 пайызы 2 жылга чейин эмчек эмизишет. Балдардын онунан алтоо тийиштүү жаш курагында кошумча тамактарды алышат, жарымынан көбүрөөгү (56 пайыз) жаш курагына жараша 0-23 ай эмчек эмизүүдө болушат, т.а. балдар үчүн бир гана эмчек эмизүү 0-5 айга, ал эми эмчек эмизүү менен бирге кошумча тамак берүү 6-23 айга созулат. Мындан 12.4-графиктеги

жыйынтыктар Кыргыз Республикасындагы балдардын энелеринин басымдуу көпчүлүгү сунушталган эмчек эмизүүнү колдонушарын көрсөтөт.

12.4-график

Эмчек эмген жана эрте жаштагы балдарга эмчек эмизүүнүн статусунун көрсөткүчтөрү, Кыргыз Республикасы, 2012

12.2.3 Эмчек эмизүүнүн узактыгы

12.4-таблица КР МДИ-2012 изилдөөсү жүргүзүлгөнгө чейинки үч жыл ичинде төрөлгөн балдардын арасындагы эмчек эмүүнүн узактыгынын айрым негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды медианасын көрсөтөт. Ошондой эле таблицада изилдөө алдындагы үч жыл ичинде төрөлгөн балдардын арасындагы эмчек эмүүнүн орточо узактыгы көрсөтүлөт. Баалоолор изилдөө алдындагы үч жыл ичинде төрөлгөн, азыркы учурда эмчек эмүүдө болгон балдардын пайыздык үлүшү жөнүндө маалыматтарга негизделген.

Кыргыз Республикасындагы балдардын арасындагы эмчек эмүүнүн узактыгынын медианасы 2012-жылы 18.3 айды түздү. Артыкчылыктуу эмчек эмизүүнүн орточо узактыгы үч айдан көбүрөк убакытты түзөт, ошол эле убакта негизги эмчек эмизүү алты айды түзөт.

Жалпысынан бир гана эмчек эмизүүнүн жана артыкчылыктуу эмчек эмизүүнүн узактыгынын медианасы негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды бир түрдө өзгөрбөйт. Эң чоң айырмачылыктар аймактар боюнча байкалат, бирок регионалдык айырмачылыктарды түшүндүрүү учурларынын аздыгынан этияттыкты талап кылат. Кесиптик же жогору билими бар жана жетиштүү жашоонун эң жогору квинтилиндеги энелердин балдарынын эмчек эмүү мезгили башка балдарга караганда бир канча кыска.

12.4-таблица. Эмчек эмизүүнүн узактыгынын медианасы.
Изилдөө алдындагы үч жыл ичинде төрөлгөн балдардын арасындагы бир гана эмчек эмизүүнүн жана артыкчылыктуу эмчек эмизүүнүн узактыгынын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды медианасы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Изилдөө алдындагы акыркы үч жыл ичинде төрөлгөн балдардын эмчек эмүүлөрүнүн узактыгынын медианасы (айлар менен)[1]		
	Эмчек эмизүүнүн каалаган бир түрү	Ар дайым эмчек эмизүү	Басымдуу эмчек эмизүү[2]
Жынысы			
Эркек	18.8	2.9	5.5
Аял	17.4	3.3	5.6
Жашаган жеринин тиби			
Шаар	17.0	3.2	5.7
Айыл	18.6	3.0	5.5
Облусу			
Ысык-Көл	(17.0)	(2.4)	4.3
Жалал-Абад	(21.0)	1.3	5.2
Нарын	(14.2)	(5.1)	(5.5)
Баткен	(19.0)	2.6	5.2
Ош	19.4	6.0	7.8
Талас	15.6	2.8	4.3
Чүй	(14.9)	*	(0.7)
Бишкек шаары	(14.4)	(3.9)	(5.7)
Ош шаары	*	(4.4)	(7.4)
Энанин билими			
Билими жок/ башталгыч	*	*	*
Негизги жалпы	(18.9)	1.5	5.1
Толук орто	19.1	4.0	5.8
Башталгыч/орто кесиптик	16.5	2.5	5.4
Жогору	16.4	2.5	5.3
Жетиштүү жашоо квинтили			
Эң төмөнкү	18.9	3.9	5.9
Экинчи	18.6	1.8	5.3
Орто	18.8	3.3	5.9
Төртүнчү	17.3	2.6	4.9
Эң жогору	15.2	3.4	6.0
Бардыгы	18.3	3.1	5.6
Бардык балдар үчүн орточо	17.9	4.8	6.9

Эскертүү: Медиана жана орточо узактык төрөттөрдүн (изилдөө жүргүзүү учурундагы) пайызынын төрөлгөн айлары боюнча бөлүнүшүнө негизделген. Изилдөө жүргүзгөн учурдагы жашаган жана өлгөн балдарды камтыйт. Кашаанын ичиндеги маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделген. * белгиси маалыматтар 25тен аз такталбаган учурларга негизделгенин билдирет.
[1] Эсеби боюнча акыркы эмес балдар жана эсеби боюнча акыркы, азыркы убакта энеси менен чогуу жашабаган балдар азыркы учурда эмчек эмишпейт.
[2] Бала же бир гана эмчек эмизүүдө же эмчек сүтүн, же/жана сүтсүз суюктуктарды гана кабыл алат.

12.2.4 Кошумча тамактардын түрлөрү

Жогоруда айтып өткөндөй, наристелерди кошумча тамактандыруу (эмчек сүтүнө кошумча рационго катуу жана жарым катуу тамак-аштарды киргизүү) 6 айлык жаш курактан баштап берүү сунушталат, анткени бул этапта эненин эмчек сүтү баланын өсүүсү үчүн жетишерлик болбой калат (ДССУ, 2008). КР МДИ-2012де жок дегенде бир баласы бар энелерге эң кичүү баласына колдонгон суюктуктары жана тамак-аштары (мисалы, байымдуу балдар тамагы, эт жумуртка, ж.б.) жөнүндө суроолор берилди. Бул маалыматтардын бир катар чектөөлөрү бар. Биринчиден, энелер баласына колдонгон бардык тамак-аштарды эстей албай кыйналат. Эгер баланы энесинен башка бирөө тамактандырса, энелер баласына колдонгон тамак-аштардын толук тизмесин бере албашы мүмкүн. Бул чектөөлөргө карабастан, жаш балдарга колдонгон тамак-аштардын жана суюктуктардын түрү боюнча жыйналган маалыматтар тийиштүү кошумча тамакты өз убагында пайдаланылгандыгын баалоо үчүн пайдалуу болуп саналат.

12.5-таблица. Интервью алдындагы күнү же түнү балдардан алынган тамак-аштар же суюктуктар

2 жашка чейинки жашы боюнча эң кичүү, энелери менен жашаган балдардын изилдөө алдындагы күнү же түнү колдонгон тамак-аштарынын түрү боюнча эмчек эмүү статусунан көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Жаш курак, айлар менен	Суюктуктар			Катуу жана жарым катуу тамак-аштар									Катуу жана жарым катуу тамак-аштар	Балдардын саны
	Эмчек сүтүн жасалма алмаштыруучулар (аралашмалар)	Сүттүн башка түрү[1]	Суюктуктардын башка түрү[2]	Байымдуу балдар тамагы	Таруудан жасалган тамак-аштар[3]	А витамини бар мөмө-жемиштер жана жашылчалар[4]	мөмө-жемиштер жана жашылчалардын башка түрү	Тамыры жемиш азыктар	Буурчак жана жаңгак азыктары	Эт, балык, тоок	Жумуртка	Сыр, йогурт, жана башка сүт азыктарыт		
ЭМЧЕК ЭМГЕН БАЛДАР														
0-1	4.6	0.0	0.6	0.0	1.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	0.0	1.0	94
2-3	6.1	0.3	4.5	6.1	1.5	0.0	0.0	3.1	0.0	0.0	0.5	1.3	9.8	166
4-5	7.9	9.2	18.0	9.4	10.0	2.5	6.2	8.7	1.1	4.3	5.7	9.3	24.9	146
6-8	9.4	17.6	48.0	15.5	42.2	11.5	16.6	32.2	1.2	20.5	20.0	23.8	60.3	214
9-11	8.6	26.4	67.6	16.7	67.5	23.3	36.6	50.7	3.1	38.1	26.6	40.8	80.9	227
12-17	5.6	24.3	78.2	9.6	83.0	35.9	53.3	67.9	4.5	58.5	41.0	49.3	90.4	285
18-23	4.1	23.4	76.4	5.1	79.1	35.5	53.0	65.8	8.2	62.1	35.5	50.4	88.1	137
6-23	7.1	23.1	67.6	12.2	68.2	26.5	39.7	54.2	3.9	44.3	31.1	40.9	80.0	863
Бардыгы	6.9	16.8	48.7	10.2	47.8	18.3	27.7	38.2	2.8	30.6	21.9	29.1	58.7	1,269
ЭМЧЕК ЭМБЕГЕН БАЛДАР														
0-1	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	5
2-3	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	2
4-5	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	4
6-8	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	*	11
9-11	(25.6)	(45.3)	(84.1)	(30.1)	(84.9)	(39.5)	(56.4)	(74.5)	(5.0)	(71.5)	(39.4)	(61.3)	(95.9)	32
0-11	27.8	33.3	68.3	38.1	60.5	32.9	40.1	51.5	2.9	49.4	26.6	49.4	83.8	55
12-17	17.0	38.1	86.5	19.5	92.8	39.0	62.4	72.3	9.2	65.9	39.3	53.8	97.6	124
18-23	6.4	37.7	80.5	13.8	90.5	44.9	52.1	78.3	11.8	70.1	43.0	47.7	95.7	206
6-23	12.7	38.0	82.1	19.0	89.2	42.1	55.4	74.8	10.0	67.8	40.7	50.7	96.5	374
Бардыгы	12.8	37.2	80.7	19.1	87.0	41.3	53.7	72.5	9.7	65.8	39.5	49.9	94.6	385

Эскертүү: Эмчек эмизүүнүн жана колдонулган тамактын статусу 24 сааттык мезгилге кирет (кечээ күндүзү жана өткөн түнү). Кашаанын ичиндеги маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделген. * белгиси маалыматтар 25тен аз такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн жок.

1 Сүттүн башка түрүнө жаңы, консерваланган жана порошоктолгон уй сүтү же башка жандыктардын сүтү.

2 Кадимки суу кошулбайт.

3 Балдардын байымдуу тамактары кошулат.

4 Ашкабак, сабиз, кызыл таттуу мурч, кочкул жашыл жалбырактуу жемиштер, курма жана жергиликтүү А витаминге бай мөмө-жемиш, жашылчаларды камтыйт.

12.5-таблицада интервьюга чейинки күнү 2 жашка чейинки балдардан алынган тамак-аштардын жана суюктуктардын баланын жаш курагынан жана эмчек эмүү статусунан көз каранды түрлөрү жөнүндө маалыматтар берилди. Изилдөөнүн жыйынтыгы эмчек эмген көпчүлүк балдар үчүн кошумча тамактар сунушталган алты айлык жаш курактан эрте берилет. Мисалы, сурамжылоодон мурунку күнү 2-3 айлык эмчек эмүүдөгү балдардын 10 пайызы катуу жана жарым катуу тамак-аштарды

алышса, 6 пайызынын ар бири балдар тамагын же байымдуу балдар тамагын, 5 пайызы эмчек эмизүүгө кошумча кадимки суудан башка суюктуктарды алышкан.

6 айлык жаш куракка жеткенден кийин балдар эмчек сүтүнө кошумча катуу жана жарым катуу тамак-аштардын көп эмес санын алуулары керек. 12.5-таблицада көрсөтүлгөн жыйынтыктар бул ченемдер 6 айлык же андан чоң балдарда көпчүлүк учурларда сакталбагандыгын көрсөтөт. Мисалы, эмчек эмген 6-8 айлык балдардын 60 пайызы гана интервью алдындагы күнү кандайдыр бир катуу жана жарым катуу тамак-аштарды алышкан. Ошондой эле 9-11 айлык эмчек эмген балдардын арасында онунан сегизи интервью алдындагы күнү кандайдыр бир катуу жана жарым катуу тамак-аштарды алышкан.

Ошондой эле балдардын алган тамак-аштарынын саны 6 айдан 23 айга чейинки аралыкта акырындык менен көбөйүшү талапка ылайык. КР МДИ-2012де балдардын колдонгон тамак-аштарынын көлөмү жөнүндө маалыматтар жыйналган жок. Ошону менен бирге 12.5-таблицадагы жыйынтыктар эмчек эмген, кошумча тамак-аштарды алган балдардын пайызы баланын жаш курагынын өсүшү менен ар түрдүү рационду акырындык менен киргизүүнү күтүүгө ылайык тенденцияда болду.

Жыйынтыгында, 12.5-таблица дан өсүмдүктөрүнөн жасалган тамактар жаш балдардын негизги рациону болуп саналарын көрсөтөт. Эмчек эмүүдөгү балдардын үчтөн экисинен көбү 6-23 айында дандан жасалган тамактарды (анын ичинде байымдуу балдар тамагы) колдонот, 27 пайызы А витаминине бай мөмө-жемиштерди, жашылчаларды, 40 пайызы башка мөмө-жемиштерди, жашылчаларды, 44 пайызы эт, балык, тоок этин колдонушса, 31 пайызы жумуртканы колдонушат. Эмчек эмген балдардын 7 пайызы эмчек эмизүүгө кошумча жасалма эмчек сүттөрүн, 23 пайызы сүттүн башка түрлөрүн, 41 пайызы сыр, йогурт же башка сүт азыктары менен тамактандырылышат. Жалпысынан Кыргыз Республикасындагы 6-23 айлык эмчек эмген балдардын 80 пайызы катуу жана жарым катуу тамак-аштар менен тамактандырылышат. Жогоруда айтылгандай, 6-23 айлык эмчек эмбеген балдар эмчек эмген балдарга караганда кошумча тамак-аштарды көп алышат. Ошону менен бирге бул жыйынтыктарды интерпретациялоодо сактык талап кылынат, анткени эмчек эмбеген балдардын саны эмчек эмген балдардын санына караганда абдан аз.

12.2.5 Эмчек эмген жана эрте жаштагы балдарды тойдуруунун тажрыйбасы

Эмчек эмген жана эрте жаштагы балдарды тамактандыруунун тажрыйбасы (мындан ары - ЭЖБТ) 6 ай жаш кураста катуу жана жарым катуу тамак-аштарды өз убагында тойдурууну, тамак-аштардын санын жана ар түрдүүлүгүн, баланын чоңойушу менен тамак-ашты кабыл алуунун жыштыгын камтыйт. 023 айлык балдар үчүн ЭЖБТ тажрыйбасы боюнча сунуштамалар бекитилген (ПАОЗ/ ВОЗ, 2003; ВОЗ, 2005; ВОЗ, 2008). Эмчек эмизүү балдар үчүн 2 жашка чейин сунушталганы менен энелери АИВ инфекциясы менен ооруп калган, каза болгон же эмчек эмизүү башка бир себептерден улам токтотулган айрым балдарга 2 жашка толо электе эле эмчек эмизүү токтотулган (ДССУ, 2005).

ЭЖБТнын нормативдери тамактануунун рациону жана тамактандыруунун жыштыгы боюнча сунуштамаларды өзүнө камтыйт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, тамактардын рационунун ар түрдүүлүгү өсүү негизиндеги кошумча тамактандыруу өз алдынча айрым микроэлементтерге муктаждыкты канааттандыруу үчүн жетишсиз (ДССУ жана ЮНИСЕФ,1998). Ошондуктан эт, балык, тоок этин жана жумуртка колдонуу, мүмкүнчүлүгүнө жараша көп колдонуу сунушталат. Ошондой эле мөмө-жемиштердин жана жашылчалардын түрлөрүнө өзгөчө көңүл буруу керек, анткени кошулмаларды жана байымдуу азыктарды колдонулбаган вегетариандык диета балдар тамагынын муктаждыктарын канааттандыра албайт. Жалпысынан А витаминине бай мөмө-жемиштер менен жашылчаларды күн сайын колдонууну талап кылат. Балдардын рационунда майдын курамы болушу керек, анткени майда май аралашмалуу витаминдерди сиңирген (А витамини сыяктуу) алмаштырылгыс май кислотасы бар жана ал рациондун жана даамдын энергетикалык баалуулугун жакшыртат. Ушул факторлордун эсеби менен тамак рационунун минималдуу ар түрдүүлүгү үчүн ЭЖБТнун нормативдери төмөндөгү жети топтун жок дегенде төртөөсүн чакырат: дан, тамыры жемиш өсүмдүктөр, буурчак жана жаңгак, сүт азыктары (сүттүү йогурт, сыр), эт азыктары (эт, балык, тоок, боор/субпродуктулар), жумуртка, А витаминине бай мөмө-жемиштер жана жашылчалар. Көрсөтүлгөн төрт топтордун арасынан балага эң аз дегенде негизги азыктарга кошумча кылып, мөмө-жемиштердин же жашылчалардын (таруу, тамыры жемиш өсүмдүктөр) бир түрүн жана мал

жандыктарынан алынган азыктардын жок дегенде бирөөсүн колдонуу бала тамактануусунун тийиштүү мүмкүнчүлүгү экендигин билдирет (ДССУ, 2008).рс

Тамактануу рационунун ар түрдүүлүгүнөн сырткары тойдурунуунун жыштыгы баланы азыктандыруучу заттар жана калорийлүүлүк муктаждыктары менен камсыз кылууда негизги фактор болуп саналат. Тамактануунун минималдуу жыштыгы жаш курактык ар бир күндүк жалпы энергетикалык муктаждыкка ылайык эсептелген кошумча тамактан энергетикалык муктаждыкка негизделген. Эмчек эмген балдар үчүн нормативдер эмчек эмбеген балдар үчүн нормативдерден айырмаланат. Тамак кабыл алуунун жыштыгы эмчек сүтүнөн айырмаланган тамак-аш азыктарынан энергияны колдонуунун кыйыр көрсөткүчтөрү болуп саналат, ошондуктан эмчек эмбеген балдарды тамактандыруунун жыштыгы өзүнө сүт, катуу жана жарым катуу азыктарды камтыйт (ДССУ, 2008).

Тамактануунун сунушталган саны:

• 6-8 айлык эмчек эмген балдар күнүнө 2-3 жолу кошумча тамак жана каалоосу боюнча 1-2 жеңил тамактануулары керек, 9-23 айлык эмчек эмген балдарга 1-2 жеңил тамактануларды кошуп, күнүнө 3-4 жолу кошумча тамак берилиши тийиш.

• 6-23 айлык эмчек сүтү менен тойдурулбаган балдар организмдин кальций муктаждыгын канааттандыруу үчүн күнүнө эки жолу сүт азыктары менен тамактануулары керек. Эмчек сүтү менен тойдурулбаган балдарга күнүнө 1-2 жеңил тамактануларды кошуп, 4-5 жолу кошумча тамак берүү зарыл(ДССУ, 2005).

12.6-таблицада эсеби боюнча эң кичинекей 6-23 айлык, энелери менен чогуу жашаган балдар үчүн ЭЖБТ тажрыйбасы көрсөтүлгөн. Сунуштамаларда тойгуздуруу тажрыйбасы эң минималдуу стандарттарга жооп берген балдарга төмөнкү шарттар эскертүү катары кабыл алынды:

- Тамактануунун ар түрдүүлүгү (тамак-аш азыктары колдонулган топтордун саны)
- Тамактандыруунун жыштыгы (баланы тамактандыруунун саны)
  Эмчек сүтүн, же сүттүн башка түрүн, же сүт азыктарын колдонуу

12.6-таблицада берилген жыйынтыктар 6-23 айлык эмчек эмген балдардын 38 пайызы тамак-аш топторунун төрт же андан көбүрөк азыктары менен тамактандырылышат, ал эми балдардын 36 пайызында тойдуруунун күнүмдүк минималдуу мүмкүн болгон эң төмөнкү саны байкалган. 6-23 айлык эмчек эмбеген балдардын арасында 48 пайызы сүт же сүт азыктарын алышат, 59 пайызы төрт же андан көп тамак-аш топторунун азыктары менен тойундурулушат, ал эми 64 пайызы тамак-аштарды күнүмдүк мүмкүн болгон минималдуу санынан аз эмес алышат.

12.6-таблица 6-23 айлык балдардын арасында 84 пайызы эмчек сүтүн же башка сүт азыктарын аларын, бирок жарымнан азырагы (44 пайызы) ар түрдүү тамак-аштарды же катуу жана жарым катуу тамак-аштарды бир күнгө сунушталган санын (44 пайыз) аларын көрсөтөт. Ар бир алтынчы бала гана (16 пайыз) эмчек сүтүн же башка сүт азыктарын колдонууга караганда ЭЖБТнын бардык үч сунуштамасына дал келет жана тамак-аштын минималдуу кабыл алынуучу ар түрдүүлүгүнө ээ жана тамак-аштарды күнүмдүк мүмкүн болгон минималдуу санынан аз эмес алышат.

6-23 айлык балдардын арасында ЭЖБТнын бардык үч сунуштамасына ылайык тамактандырылган балдардын пайызы жаш курак менен өсөт, 6-8 айлык балдардагы 11 пайыздан 12-17 айлык балдардыкы 19 пайызга чейин өскөн. Балдар менен кыздардын тамактануу тажрыйбаларында олуттуу айырмачылыктар жок. ЭЖБТнын бардык үч сунуштамасына ылайык тамактандырылган балдардын үлүшү шаар жери (15 пайыз) менен айыл жеринин (17 пайыз) ортосунда чоң айырмачылыктар болгон эмес. Ош жана Талас облустарында (ар бири 8 пайыздан) жашагандар балдарын эң аз ЭЖБТнын бардык үч сунуштамасына ылайык тамактандырышат, ал эми Нарын облусундагылар (37 пайыз) эң көп ЭЖБТнын бардык үч сунуштамасына ылайык тамактандырышат . Тамактандыруунун тажрыйбасы менен энелердин билими же жетиштүү жашоо статусундагы өз ара байланышы байкалбайт.

12.5-графикте ЭЖБТнун эмчек эмизүүнүн статусунан көз каранды тажрыйбасы көрсөтүлөт. Тойдуруунун жалпы тажрыйбасынын көз карашына жараша эмчек эмген балдардын арасында минималдуу талаптарга ылайык тойдургандардын пайызы (17 пайыз) эмчек эмбеген балдарга (15 пайыз) караганда жогору байкалат.

12.5-график

ЭЖБТнын минималдуу кабыл алынган рационунун индикаторлору, Кыргыз Республикасы, 2012



12.6-таблица. Эмчек эмген жана эрте жаштагы балдарды тойдуруу (ЭЖБТ)

Энелери менен чогуу жашаган, 6-23 айлык эң кичүү жана ЭЖБТ тойдуруунун үч тажрыйбасы боюнча (эмчек эмүү статусу, тамак-аштардын топторунун саны жана тойдурунуунун бир жолку саны) изилдөө алдындагы күнү же түнү тамак-аштарды алган балдардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012.

Негизги мүнөздөмөлөр	6-23 айлык бардык балдардын арасындагы эмчек эмген балдардын пайызы:				6-23 айлык бардык балдардын арасындагы эмчек эмбеген балдардын пайызы:					6-23 айлык бардык балдардын арасындагы тойдургандандын пайызы:				
	4+ тамак азыктарынын тобу[1]	Тамак кабыл алуунун мини-малдуу жыштыгы[2]	Бир убактагы 4+ тамак азыктарынын тобу жана тамак кабыл алуунун мини-малдуу жыштыгы	6-23 айлык эмчек эмген балдардын саны	Сүт жана сүт азыктары[3]	4+ тамак азыктарынын тобу[1]	Тамак кабыл алуунун минималдуу жыштыгы[4]	ЭЖБТнын үч тажрыйбасы менен[5]	6-23 айлык эмчек эмген балдардын саны	Эмчек сүтү, сүт же сүт азыктары[6]	4+ тамак азыктарынын тобу[1]	Тамак кабыл алуунун минималдуу жыштыгы[7]	ЭЖБТнын үч тажрыйбасы менен	6-23 айлык бардык балдардын саны
Жаш курак, айлар менен														
6-8	16.9	38.3	10.6	214	*	*	*	*	11	97.5	17.4	39.6	11.2	225
9-11	32.1	30.2	13.4	227	(55.6)	(63.5)	(74.3)	(28.4)	32	94.5	36.0	35.7	15.3	259
12-17	51.6	38.2	22.4	285	47.3	61.8	65.3	12.0	124	84.0	54.7	46.4	19.2	409
18-23	49.7	36.0	19.6	137	46.2	58.4	60.6	14.5	206	67.7	54.9	50.8	16.5	343
Жынысы														
Эркек	37.4	33.1	16.1	471	43.1	61.5	57.1	14.2	189	83.7	44.3	40.0	15.6	659
Аял	37.8	39.0	17.4	392	51.9	56.4	69.9	15.9	185	84.6	43.8	48.9	16.9	577
Жашаган жеринин тиби														
Шаар	35.4	38.9	17.2	230	43.1	57.0	67.7	9.0	110	81.6	42.4	48.2	14.6	339
Айыл	38.4	34.7	16.5	633	49.3	59.8	61.7	17.5	264	85.1	44.7	42.6	16.8	898
Облусу														
Ысык-Көл	44.0	47.0	28.2	76	(60.7)	(74.3)	(82.2)	(26.8)	41	86.2	54.7	59.4	27.7	118
Жалал-Абад	60.2	24.6	16.3	186	(41.5)	(74.5)	(39.1)	(9.3)	42	89.2	62.8	27.3	15.0	228
Нарын	61.9	75.9	53.9	28	(31.5)	(69.8)	(78.2)	(14.6)	20	70.8	65.3	76.9	37.1	48
Баткен	29.1	41.4	14.6	92	29.5	58.0	57.0	14.0	23	85.9	34.8	44.5	14.5	115
Ош	10.4	33.3	8.0	196	64.7	31.9	58.1	8.5	66	91.1	15.8	39.6	8.1	262
Талас	25.4	31.3	9.6	42	42.2	52.7	58.1	6.7	27	77.2	36.2	41.9	8.4	69
Чүй	53.6	32.3	17.2	130	46.1	64.1	63.1	24.6	87	78.3	57.8	44.7	20.2	217
Бишкек шаары	26.0	48.2	20.1	84	(42.9)	(61.0)	(82.1)	(8.4)	53	77.8	39.6	61.4	15.6	137
Ош шаары	42.1	24.7	16.8	30	(33.5)	(53.5)	(34.7)	(12.6)	13	79.7	45.6	27.8	15.5	43
Энанин билими														
Билими жок/ башталгыч	*	*	*	3	*	*	*	*	2	*	*	*	*	5
Негизги жалпы	42.2	32.5	14.8	106	(35.9)	(49.6)	(52.7)	(9.8)	33	84.7	44.0	37.3	13.6	140
Толук орто	38.5	36.4	17.0	409	49.2	53.6	56.0	12.4	160	85.8	42.7	41.9	15.7	569
Башталгыч/орто кесиптик	37.8	35.8	17.9	127	39.2	72.5	71.4	21.4	61	80.4	49.0	47.3	19.0	188
Жогору	33.9	36.0	16.6	217	53.5	62.9	71.8	17.1	118	83.6	44.2	48.7	16.8	335
Жетиштүү жашоо квинтили														
Эң төмөнкү	38.8	45.1	19.8	158	57.9	58.0	75.4	13.5	67	87.4	44.5	54.2	18.0	225
Экинчи	36.4	36.0	15.6	196	53.4	64.2	61.6	12.9	66	88.3	43.3	42.4	14.9	261
Орто	37.5	27.0	13.6	190	40.7	58.6	55.3	17.1	77	82.8	43.6	35.2	14.6	267
Төртүнчү	39.4	32.7	17.5	196	42.7	48.8	52.3	20.4	90	81.9	42.4	38.9	18.5	287
Эң жогору	35.1	42.0	17.8	123	45.7	68.3	76.6	9.4	73	79.8	47.4	54.9	14.7	196
Бардыгы	37.6	35.8	16.7	863	47.5	59.0	63.5	15.0	374	84.1	44.0	44.1	16.2	1,237

Эскертүү: Эмчек эмизүүнүн жана колдонулган тамактын статусу 24 сааттык мезгилге кирет (кечээ күндүзү жана өткөн түнү). Кашаанын ичиндеги маалыматтар 25-49 такталбаган учурларга негизделген. * белгиси маалыматтар 25тен аз такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн жок.

1 тамак азыктарынын тобу: a) балдар тамагы/аралашма, эмчек сүттөн башка сүттүн түрү, сыр, йогурт же башка сүт азыктары, b) таруудан, тамыры жемиш өсүмдүктөрдөн жасалган тамак-аштар, буламык жана байымдуу балдар тамагы; c) мөмө-жемиш, A витаминине бай жашылчалар, d) башка мөмө-жемиштер, e. Жумуртка, f. Эт, тоок, балык жана моллюска/чаян түрдүүлөр (эт субпродукттары); g). Буурчак жана жаңгак.
2 Эмчек эмген, 6-8 айлык балдар үчүн катуу жана жарым катуу тамактарды кабыл алуунун минималдуу жыштыгы күнүнө 1-2 жолу, ал эми 9-23 айлык балдар үчүн күнүнө 3 жолу.
3 2 же андан көп фабрикалык балдар аралашмасы, жандыктардын жаңы, консерваланган жана порошоктолгон сүтү, йогурт менен тамактандырууну камтыйт.
4 6-23 айлык, эмчек эмбеген балдар үчүн үчүн катуу жана жарым катуу тамактарды кабыл алуунун минималдуу жыштыгы күнүнө күнүнө 4 жолу.
5 6-23 айлык балдар үчүн ЭЖБТ үч тажрыйбасынын минималдуу стандарттарына ылайык тойдурушат деп эсептелет, эгер алар сүттүн башка түрүн же сүт азыктарын аз өлчөмдө күнүнө 2-3 жолудан алышса, минималдуу сунуш кылынган жыштыктан көп тамактандырылышат, ошодой эле катуу жана жарым катуу тамак-аштарды 4 тамак-аш топторуна ылайык колдонушат, сүт/сүт азыктары тобу эсептелбейт.
6 Күнүнө эки жолу жана фабрикалык балдар арамашмалары, жаңы консерваланган жана порошоктолгон жандыктардын сүттөрү, йогурт менен кө тамактандырылган балдар (эмчек эмген жана эмчек эмбеген).
7 Балдар жаш курагына жана эмчек эмүүстатусуна ылайык 2-4-эскертүүлөрдө баяндалгандай тамак-аштардын күнүнө бир жолу сунушталган минималдуу санын кабыл алышат.

12.3. Балдардын аз кандуулугу

Аз кандуулук – кызыл кандуу дененин көлөмүнүн төмөндөшүн жана кандагы гемоглобиндин төмөнкү деңгээлин мүнөздөгөн абал. Гемоглобин ткандарга жана дене органдарына кычкылтекти жеткирүү үчүн керек. Дүйнөдөгү аз кандуулуктун болжолдуу жарымы темирдин жетишпестигинин натыйжасы болуп саналат. Темирдин жетишпестиги негизинен биосиңирүүчү темирди одоно колдонуунун натыйжасында, өзгөчө, темирге муктаждык көбөйгөн мезгилде (мисалы, кош бойлуулук кезинде же наристе кураクта) жана кан соруучу мителерден жана шистосомалык нифестациядан улам көп кан жоготкон мезгилде келип чыгат. Аз кандуулук темирдин, фолий кычкылдыгынын, B, B12 жана кызыл кандуу денени түзүү менен байланышкан айрым микроэлементтердин жетишпестигинин натыйжасында пайда болот. Балдар аз кандуулугу акыл-эстин өсүшү менен физикалык өнүгүүсүнүн токтолушу жана жогору оору мүмкүнчүлүгү жана өлүм менен ассоциацияланат. Аз кандуулук өзгөчө кош бойлуу аялдар үчүн баланы аз салмакта төрөөгө жана күтүүсүз төрөттөргө алып келген олуттуу көйгөй болуп саналат.

Аялдар жана анын 5 жашка чейинки балдар арасындагы аз кандуулуктун деңгээлин аныктоо КР МДИнин негизги бир компоненти болду. Аз кандуулуктун деңгээли кандагы гемоглобиндин, аз кандуулукту мүнөздөгөн азайган концентрациянын деңгээлин өлчөө жолу менен аныкталды. Гемоглобиндин концентрациясы HemoCue системасынын Hb201 анализаторунун жардамы менен өлчөндү. Гемоглобинди өлчөө үчүн капиллярдык кан бармактан бир жолу колдонулуучу аспаптын жардамы менен тешүү жолу аркылуу алынды. Алгачкы эки тамчы стерилденген марли тампону менен сүртүлүп, үчүнчү тамчысы аз кандуулуктун анализи үчүн алынды. 1-бөлүмдө айтылгандай, үйрөтүлгөн медицина кызматкери КР МДИ-2012нин ар бир интервью алуучу тобунда кошо жүрдү. Маалымдалган макулдук алынгандан кийин ар бир топтогу үйрөтүлгөн медицина кызматкери изилдөөгө туура келген респонденттердин арасында анализ жүргүздү. 4,317 (такталбаган сан) баладан аз кандуулукка анализ, 97 пайызынан гемоглобиндин деңгээли өлчөндү.

12.7-таблицада 6-59 айлык балдар арасындагы аз кандуулуктун жайымдуулугу көрсөтүлөт. Жыйынтыктар 4,178 (такталбаган сан) тестирлөө убагында катышкан, ата-энелери тестирлөөгө уруксат берген, гемоглобиндин деңгээли жетиштүү деп саналган балдардын анализине негизделди. Аз кандуулуктун деңгээли кандагы гемоглобиндин концентрациясынын негизинде ДССУнун иштелип чыккан критерийлерине (ДеМаер ж.б., 1989) ылайык оор, орто жана жеңил деп бөлүндү. Натыйжада гемоглобиндин деңгээли деңиз деңгээлинин бийиктигинен көз каранды өлчөнөт, бул жерде жүргүзүлгөн өлчөөлөргө ар бир кластер үчүн жыйналган деңиз деңгээлинин бийиктиги боюнча маалыматтардын негизинде оңдоолор киргизилди. Аз кандуулуктун деңгээли төмөнкүдөй түрдө бөлүштүрүлдү:

- Жеңил: гемоглобиндин концентрациясы 10.0-10.9 г/дл
- Орто: гемоглобиндин концентрациясы 7.0-9.9 г/дл
- Оор: гемоглобиндин концентрациясы 7.0 г/дл

12.7-таблицадагы жыйынтыктар Кыргыз Республикасында аз кандуулук балдардын арасында кеңири таралгандыгын көрсөтөт. Жалпысынан 6-59 айлык балдардын онунан төртөө (43 пайыз) аз кандуулуктун кандайдыр бир баскычы менен жабыркайт. Аз кандуулук менен жабыркаган балдардын дээрлик бардыгы аз кандуулуктун жеңил (бардык балдардын 22 пайызы), бардык балдардын 19 пайызы аз кандуулуктун орто формасы менен жабыркашат. 6-59 айлык балдардын бир пайызы гана аз кандуулуктун оор формасы менен жабыркашат.

Жакынкы медициналык-демографиялык изилдөөлөрдүн баалоосу менен салыштырганда 6-59 айлык балдардын арасындагы аз кандуулуктун таралуусу КР МДИ-2012де (43 пайызга) жогору Молдовадан (32 пайыз, 2005), Казакстанда (36 пайыз, 1999), Арменияда (37 пайыз, 2005) жана Азербайджанда (39 пайыз, 2006) бирок, Өзбекстан (49 пайыз, 2002) менен Түркмениянга (47 пайыз, 2000) караганда төмөн (НЦПМ) [Молдова] и ОРС Макро, 2006; Академия Профилактической медицины [Казахстан] и Макро Интернашнл, 1999; НСС [Армения] и др. 2012; (ГКС) [Азербайджан] и Макро Интернэшнл, 2008; Аналитический и Информационный центр, [Узбекистан] и др., 2004; НКЦОЗМРКЭ [Туркменистан] и ОРС Макро, 2001).

12.7-таблицада аз кандуулуктун таралуусу жаш курак менен азайышы көрүнүп турат; 48-59 айлык балдардын арасында аз кандуулук 6-23 айлык балдарга караганда эки эсе аз. Балдар менен кыздар

аз кандуулуктун баскычы менен бирдей деңгээлде жабыркашат (42 жана 43 пайыз). Айыл жеринде жашаган балдар (42 пайыз) сыяктуу эле шаар жериндеги балдар (45 пайыз) да, ушундай эле деңгээлде аз кандуулуктан жабыркашат. Аз кандуулуктун жайымдуулугу Талас жана Чүй облустарындагы балдардын (58-59 пайыз) арасында эң жогору, ал эми Ош шаарындагы жана Жалал-Абад облусундагы балдардын (26-28 пайыз) арасында эң төмөн. Аз кандуулуктун таралуусундагы айырмачылыктар эненин билим деңгээлинен жана жетиштүү жашоодон бир аз көз каранды.

12.7-таблица. Балдарда аз кандуулуктун жайымдуулугу

Аз кандуулугу бар деп бөлүнгөн 6-59 айлык балдардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Гемоглобиндин деңгээли боюнча аз кандуулуктун статусу				
	Аз кандуулук-тун каалаган бир түрү (<11.0 г/дл)	Жеңил аз кандуулук (10.0-10.9 г/дл)	Жай аз кандуулук (7.0-9.9 г/дл)	Оор аз кандуулук (< 7.0 г/дл)	Балдардын саны
Жаш курак, айлар менен					
6-8	54.8	25.8	27.7	1.4	213
9-11	59.4	27.6	28.8	3.0	275
12-17	57.8	25.6	28.5	3.6	480
18-23	55.1	25.1	29.1	0.9	456
24-35	44.7	22.7	21.0	1.0	879
36-47	32.8	20.8	11.2	0.8	868
48-59	25.6	17.2	7.9	0.5	800
Жынысы					
Эркек	42.2	21.6	19.3	1.3	2,042
Аял	43.0	23.0	18.6	1.4	1,929
Энелердин интервьюсунун статусу					
Сурамжыланган	43.0	22.5	19.0	1.4	3,425
Сурамжыланган эмес, бирок үй чарбасында	(38.2)	(12.1)	(21.6)	(4.6)	35
Сурамжыланган эмес, үй чарбасында да эмес [1]	39.9	21.4	18.0	0.5	511
Жашаган жеринин тиби					
Шаар	44.5	23.0	19.9	1.7	1,052
Айыл	41.9	22.0	18.6	1.2	2,919
Облусу					
Ысык-Көл	49.2	26.5	20.3	2.4	384
Жалал-Абад	28.2	15.6	12.5	0.0	700
Нарын	48.6	17.5	27.0	4.1	182
Баткен	44.2	21.8	22.2	0.2	325
Ош	34.9	22.8	11.5	0.6	950
Талас	58.4	27.3	29.3	1.7	249
Чүй	58.5	26.2	30.7	1.6	627
Бишкек шаары	45.2	24.3	17.5	3.4	442
Ош шаары	25.6	13.9	11.5	0.2	111
Эненин билими[2]					
Билими жок/башталгыч	*	*	*	*	14
Негизги жалпы	36.7	22.8	13.5	0.5	366
Толук орто	43.0	22.6	19.4	0.9	1,622
Башталгыч/орто кесиптик	44.7	21.9	20.7	2.1	543
Жогору	44.4	22.2	19.7	2.5	911
Жетиштүү жашоо квинтили					
Эң төмөнкү	45.0	23.3	20.3	1.5	840
Экинчи	41.9	21.8	19.1	1.0	838
Орто	39.9	21.4	17.3	1.1	860
Төртүнчү	42.6	21.6	20.0	1.0	851
Эң жогору	44.0	24.0	17.6	2.4	583
Бардыгы	42.6	22.3	18.9	1.3	3,971

Эскертүү: Таблица интервью алдында үй чарбасында болгон жана аз кандуулукка тестирлөөдөн өткөн балдарга негизделген. Гемоглобиндин деңгээлине негизделген аз кандуулуктун жайымдуулугу ОКБнун формуласын колдонуу менен бийиктикке тургузулган (ЦКЗ, 1998). Грамм/децилитр (г/дл) гемоглобин. * белгиси 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

[1] Энелери каза болгон балдарды катыйт.

[2] Суралбаган аялдар үчүн маалыматтар Үй чарбалар анкетасынан алынды. Энелери үй чарбасында катталбаган балдар кошулбайт.

Кыргыз Республикасында акыркы 15 жыл ичинде аз кандуулуктун деңгээлин өлчөө КР МДИ-2012нин жыйынтыктары жана КР МДИ-1997нин маалыматтарын салыштыруу жолу менен бааланды. КР МДИ-1997нин аз кандуулуктун таралуусу боюнча маалыматтар энелери суралган 3 жашка чейинки (0-35 айлык) балдардын арасынан жыйналды. Ошондуктан, эки изилдөөнүн аз кандуулук боюнча маалыматтарын салыштыруу максатында 2012-жылдагы жана 1997-жылдагы маалыматтар кайрадан эсептелинди жана Аялдар анкетасына жооп берген аялдарда төрөлгөн, суралган энеси менен жашаган 6-35 айлык балдар менен чектелди. Эки изилдөөнүн маалыматтарын салыштыруу 6-35 айлык балдар арасындагы аз кандуулуктун деңгээли акыркы он беш жыл ичинде өзгөрүлбөгөндүгүн көрсөтөт. КР МДИ-1997ге ылайык, Кыргыз Республикасындагы 6-35 айлык балдардын 52 пайызында аз кандуулук болгон, бирдей үлүштөгү көрсөткүч КР МДИ-2012де 52 пайыз (маалыматтар көрсөтүлгөн жок).

12.4. Балдар арасында микронутриенттерди кабыл алуу

Микронутриенттердин жетишсиздиги балдар ооруларынын жана өлүмдөрүнүн негизги себептеринин бири болуп саналат. Балдар микронутриенттерди тамак-аштардан, байымдуу азыктардан жана атайын кошулмалардан (фармакологиялык препарат) алат. КР МДИ-2012нин убагында А витаминине жана темирге бай тамак-аштарды колдонуу, 6-59 айлык балдардын дегельминтизациясынын абалы жөнүндө суроолор жыйналды. Ошондой эле үй чарбаларында ашкана тузундагы йоддун болушуна тестирлөө жүргүзүлдү.

12.8-таблицада 6-59 айлык балдардын арасындагы негизги микронутриенттерди колдонуу жөнүндө маалыматтар берилет. Таблицада 6-23 айлык, энелери менен чогуу жашаган, сурамжылоого чейинки күнү же түнү А витаминине жана темирге бай азыктарды колдонгон эң кичүү балдардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы көрсөтүлөт. Андан сырткары таблицада 6-59 айлык, изилдөө алдындагы алты ай ичинде мите курттарга каршы дарылык препараттарды алган жана изилдөө башталганга чейинки жети күн ичинде курамында темири бар кошулмаларды алган бардык балдардын үлүшү көрсөтүлөт. Ошондой эле таблицада 6-59 айлык, йоддолгон туз колдонгон үй чарбаларында жашаган балдар жөнүндө маалыматтар берилген.

12.4.1. Микроэлементтерге бай тамак-аштарды колдонуу

12.8-таблица 6-23 айлык балдардын үчтөн экиси изилдөөгө чейинки күнү же түнү А витаминине бай азыктарды колдонгонун көрсөтөт. А витаминине бай азыктарды колдонгон балдардын үлүшү, 6-8 айлык балдардын 35 пайызынан 18-23 айлык балдардын 81 пайызына чейин жаш курактын өсүшү менен көбөйөт. А витаминине бай азыктарды колдонуу эмчек эмбеген балдардын арасында жогору, анткени бул балдар эмчек эмген балдарга караганда жашы жагынан улуу. А витаминине бай азыктарды колдонуу региондон көз каранды олуттуу өзгөрөт: А витаминине бай азыктарды колдонгон балдардын үлүшү Ош облусунда (37 пайыз) эң төмөн, ал эми эң жогору үлүш Нарын облусунда (92 пайыз). А витаминине бай азыктарды колдонуудагы айырмачылыктар башка негизги мүнөздөмөлөр боюнча аз гана байкалат.

12.8-таблица. Балдар арасындагы микронутриттерди колдонуу

6-23 айлык энелери менен жашаган эң кичүү балдардын арасындагы изилдөө алдындагы күнү же түнү А витааминге бай тамактарды колдонгондордун пайызы, 6-59 айлык бардык балдардын арасындагы изилдөө алдындагы акыркы 7 күн ичинде курамында темири бар кошулмаларды алган балдардын пайызы, изилдөө алдындагы акыркы 6 айда антигельминттик дарылык каражаттарды алган жана 6-59 айлык бардык балдардын арасындагы йоддолгон туздун болушу тестирлөөсүнөн өткөн үй чарбаларында жашаган, йоддолгон тузу бар үй чарбаларында жашаган балдардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012.

Негизги мүнөздөмөлөр	6-23 айлык эң кичүү балдардын арасындагы энелери менен жашагандар:			6-59 айлык бардык балдардын арасында:				6-59 айлык бардык балдардын арасындагы йоддолгон туздун болушу тестирлөөсүнөн өткөн үй чарбаларында жашаган
	Акыркы 24 саат ичинде А витааминге бай тамактарды колдонгондордун пайызы[1]	Акыркы 24 саат ичинде темирге бай тамактарды колдонгондордун пайызы[2]	Балдардын саны	Акыркы 7 күн ичинде курамында темири бар кошулма-ларды алгандар-дын пайызы	Акыркы 6 айда антигельминттик дарылык каражаттарды алгандардын пайызы[3]	Балдар-дын саны	Йоддолгон тузу бар үй чарбаларында жашагандардын пайызы[4]	Балдардын саны
Жаш курак, айлар менен								
6-8	34.8	29.6	225	12.8	2.7	230	93.1	227
9-11	55.6	51.5	259	14.1	7.4	263	94.1	261
12-17	76.4	70.2	409	12.1	5.8	426	94.9	420
18-23	81.1	76.4	343	11.0	7.5	406	95.7	404
24-35	na	na	na	13.1	7.6	793	94.6	791
36-47	na	na	na	9.2	7.6	768	96.2	761
48-59	na	na	na	8.1	7.9	668	95.3	662
Жынысы								
Эркек	64.8	59.0	659	11.9	8.1	1,822	94.9	1,808
Аял	66.8	62.5	577	10.1	6.1	1,732	95.3	1,719
Эмчек эмизүүнүн статусу								
Эмчек эмизүү	58.6	53.9	863	12.2	4.7	938	94.5	929
Эмчек эмизбөө	82.4	76.2	374	10.5	8.0	2,597	95.2	2,579
Өткөрүп жиберген	*	*	0	*	*	18	*	18
Эненин төрөгөндүгү жаш курагы								
15-19	(47.0)	(35.7)	34	(4.1)	(7.5)	37	(98.8)	36
20-29	64.6	59.9	770	10.7	6.9	2,037	94.9	2,021
30-39	70.3	64.2	378	10.5	7.7	1,244	94.7	1,239
40-49	61.6	61.6	55	17.1	5.9	235	97.8	229
Жашаган жеринин тиби								
Шаар	65.4	61.5	339	10.5	6.3	1,040	97.2	1,038
Айыл	65.9	60.3	898	11.2	7.4	2,514	94.2	2,488
Облусу								
Ысык-Көл	78.4	64.6	118	11.3	6.7	340	99.4	333
Жалал-Абад	82.3	75.6	228	1.5	2.0	630	98.4	630
Нарын	92.4	90.5	48	8.3	4.9	151	98.8	151
Баткен	70.0	60.4	115	3.4	2.4	304	94.8	297
Ош	37.4	36.6	262	24.8	12.8	739	90.2	733
Талас	59.2	56.5	69	6.2	6.4	220	83.7	220
Чүй	71.2	65.2	217	9.2	9.1	584	97.1	579
Бишкек шаары	65.6	64.0	137	11.2	7.3	476	96.2	473
Ош шаары	59.3	56.7	43	14.5	4.6	109	98.6	109
Эненин билими								
Билими жок/башталгыч	*	*	5	*	*	18	*	18
Негизги жалпы	62.6	54.3	140	8.6	7.5	373	93.6	371
Толук орто	65.1	59.7	569	12.7	7.4	1,631	94.3	1,616
Башталгыч/орто кесиптик	69.1	64.7	188	7.1	4.5	577	96.3	575
Жогору	66.7	63.3	335	11.5	8.2	955	96.1	946
Жетиштүү жашоо квинтили								
Эң төмөнкү	66.2	61.6	225	12.9	8.9	670	94.1	668
Экинчи	63.2	57.4	261	9.6	6.5	718	93.2	708
Орто	69.0	63.8	267	10.3	5.6	761	95.1	749
Төртүнчү	63.7	55.9	287	11.9	8.5	798	95.8	796
Эң жогору	67.3	66.3	196	10.3	5.8	607	97.4	605
Бардыгы	65.8	60.6	1,237	11.0	7.1	3,554	95.1	3,526

Эскертүү: Курамында темири бар препараттар жана мите курттарга каршы дарылык препараттар энелердин маалыматтарына негизделген. «Бардыгы» 6-59 айлык эмчек эмизүү жөнүндө маалыматтарды өткөрүп жиберген 29 баланы камтыйт. Кашаадагы цифралар 25-49 такталбаган учурларга негизделген. * белгиси 25тен аз такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

[1] Эт (анын ичинде, субпродуктулар), балык, тоок, жумуртка, ашкабак, сабыз, кызыл таттуу мурч, кочкул жашыл жалбырактуу жемиштер, курма, ж.б. А витаминге бай мөмө-жемиштерди камтыйт.

[2] Эт (анын ичинде, субпродуктулар), балык, тоок, жумурткану катыйт.

[3] Ичеги карын мите курттарынан дегельминтизация гельминттерге карата жасалат.

[4] Йоддолгон тузга тесттен өтпөгөн үй чарбаларындагы балдар кошулбайт.

Өлкө деңгээлинде 6-23 айлык балдардын 61 пайызы курамында темири бар азыктарды изилдөө жүргүзгөнгө чейинки 24 саат ичинде колдонушкан (12.8-таблица). Курамында темири бар азыктарды колдонуудагы негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды жаш курак жана регион боюнча эң көп айырмачылыктар менен байкалган А витамине бай азыктарды колдонуунун тажрыйбасы менен көп жагынан окшош.

Изилдөө башталганга чейинки 24 саат ичинде курамында темири бар азыктарды колдонгондордун үлүшү 6-8 айлык балдардын арасындагы 30 пайыздан 18-23 айлык балдардын арасындагы 76 пайызга чейин өзгөрөт. Ош облусундагы изилдөө башталганга чейинки 24 саат ичинде курамында темири бар азыктарды колдонгондордун үлүшү Жалал-Абад облусуна караганда эки эсе аз. Курамында темири бар азыктарды колдонуунун эң жогору деңгээли Нарын облусунда байкалат (91 пайыз).

12.4.2. Микронутриенттик кошулмалар

А витамини жана темир

КР МДИ-2012де А витамини жана темир кошулмаларын/препараттарын кабыл алуу жөнүндө маалыматтар жыйналды. А витамини боюнча маалыматтар көрсөтүлгөн жок, анткени А витаминин берүү Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан көп колдоого алынбайт жана 2011-жылдан баштап А витамини Гүлазык кошулмасына алмаштырылган.

КР МДИ-2012де энелерден изилдөөгө чейинки акыркы 7 күн ичинде 5 жашка чейинки балдарынын курамында темири бар препараттарды колдонгондугу суралды. 12.8-таблица 6-59 айлык балдардын 11 пайызы изилдөөгө чейинки акыркы 7 күн ичинде курамында темири бар таблеткаларды кабыл алгандыгын иллюстрациялайт. Курамында темири бар таблеткаларды кабыл алуу негизги мүнөздөмолөрдөн көз каранды региондорду кошпогондо аз гана өзгөрөт. Курманда темири бар препараттарды кабыл алуу Ош облусундагы (25 пайыз) балдардын арасында башка региондорго караганда алда канча жогору.

Йоддолгон тузду тиричиликте пайдалануу

Миллион тузга 15 бөлүктү камтыган байымдуу туз йоддун жетишсиздигинин алдын алуу чарасы болуп саналат (МСКЙДЗ, ЮНИСЕФ и ВОЗ, 2001). Кыргыз Республикасындагы йоддолгон тузду колдонууну баалоо үчүн КР МДИ-2012нин программасына үй чарбаларындагы туз үчүн дайындалган, йодат калий менен байытылган тузду *MBI* тестирлөөсүн терүүнүн жардамы менен тестирлөө камтылган (Кыргыз Республикасында туз калий йодат менен йоддолот). *MBI* тестирлөөсүн терүү үчүн йоддун болушуна же жоктугуна сапаттуу баалоону камсыз кылат. Интервью алуучулар үй чарба мүчөлөрүнөн тамак үчүн колдонулган тузунан бир чай кашык берүүсүн сурап алышты. Эгер тестирлөөдө өңүн өзгөртпөгөн туздарга текшерүүчү эритмелер колдонулду. 12.8-таблицада йоддолгон туз колдонгон үй чарбаларында жашаган 6-59 айлык бардык балдар жөнүндө маалыматтар берилди. Өлкө боюнча алганда, балдардын 95 пайызы йоддолгон туз колдонгон үй чарбаларында жашашат. Балдардын топторунун арасында көп айырмачылыктар байкалбайт. Йоддолгон туз колдонгон үй чарбаларында жашаган балдардын пайызы Талас облусундагы 84 пайыздан Ысык-Көл, Нарын облустарындагы жана Ош шаарындагы 99 пайызга чейин өзгөрөт.

12.4.3. Дегельминтизация

Ичеги карын мите ооруларынын айрым түрлөрү аз кандуулукту пайда кылышы мүмкүн. Мите (Гельминт) сыяктуу мындай организмдерге карата мезгилдик дегельминтизацияны жүргүзүү балдардагы микронутриенттердин колдонуу статусун жакшыртышы мүмкүн. КР МДИ-2012де энелерден изилдөөгө чейинки 6 айдын ичинде 5 жашка чейинки балдарынын мите курттарга каршы дары каражаттарын алгандыгы суралды. Ушул маселе боюнча маалыматтарды интерпретациялап, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги балдарга мезгилдик дегельминтизация жүргүзүү сунушталбагандыгын белгилеп кетүү керек. 12.8-таблица улуттук деңгээлде 6-59 айлык балдардын 7 пайызы изилдөөгө

чейинки 6 айдын ичинде мите курттарга каршы дарылык каражаттарды алышкандыгы көрсөтүлөт. Дегельминтизация жүргүзүлгөн балдардын пайызы жаш курактын өсүшү менен 6-8 айлык балдардын арасында 3 пайыздан 18-59 айлык балдардын арасындагы 8 пайызга чейин көбөйөт. Эмчек эмген балдар эмчек эмбеген балдарга караганда мите курттарга каршы дарылануудан аз өтүшөт (5 жана 8 пайыз). Шаар жана айыл жериндеги балдардын ортосунда анча чоң эмес айырмачылыктар байкалат, ошол эле убакта мите курттарга каршы дарылануу камсыздоодо облустар боюнча Жалал-Абад жана Баткен облустарындагы 2 пайыздан Ош облусундагы 13 пайызга чейин олуттуу айырмачылыктар белгиленет.

12.5 Йоддолгон тузду тиричиликте колдонуу

Үй чарбаларында колдонулган туз калктын саламаттыгынын йод жетишсиздик оорулары (ЙЖО) менен байланышкан көйгөйлөрүн алдын алуу максатында тамак-аштарды йод менен байытуу эң көп таралган каражат болуп саналат. Кыргыз Республикасында Өкмөт тузду йоддо жана унду байытуу жолу менен жарандардын арасында йод жетишсиздигинин жайымдуулугун алдын алуу жана кыскартуу боюнча улуттук мыйзамдарды иштеп чыгып кабыл алды (200-жылы кабыл алынган йод жетишсиздигин алдын алуу боюнча №40 мыйзам, 2005-жылы №113 менен өзгөртүүлөр киргизилген, КРнын Өкмөтүнүн “Буудай унун байытуу менен алектенген ун заводдорунун тизмесин бекитүү жөнүндө” 2004-жылдагы токтому жана Жогору Кеңеш тарабынан 2009-жылы кабыл алынган унду байытуу боюнча №78 мыйзамы) (Бүткүл Дүйнөлүк Банк, 2013). Дүйнөлүк Саламаттык Сактоо Уюмунун маалыматтары боюнча өлкөдөгү йоддолгон туз жөнүндөгү программалар йод жетишсиздиги менен күрөшүүдө жакшы жыйынтыктарды берди деп эсептесе болот, эгерде калктын 90 пайызы йоддолгон тузду колдонсо.

12.9-таблицада йоддолгон тузду колдонгон үй чарбаларынын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды үлүшү көрсөтүлгөн. Жогоруда айтылгандай, КР МДИнин интервью алуучулары ар бир үй чарбасында тамак-аш тузундагы йоддун болушун аныктоо үчүн экспресс ыкманы колдонуп, аталган жыйынтыктарды алышты. Жалпысынан үй чарбаларынын 99 пайызы тузунун үлгүсүн тестирлөөдөн өткөрүштү жана бул үй чарбаларынын 97 пайызында йоддолгон туздун болгондугу аныкталды. Эң олуттуу айырмачылыктар облустарда байкалат. Йоддолгон тузду колдонгон үй чарбаларынын эң көп үлүшү Ысык-Көл облусунда (100 пайызга жакын), ошол эле убакта бул көрсөткүч Талас облусунда эң төмөн (83 пайыз).

12.9-таблица. Үй чарбасында йоддолгон туздун болушу

Бардык үй чарбаларынын арасындагы тузу тестирлөөдөн өткөн үй чарбаларынын пайызы, тузу жок үй чарбаларынын пайызы, туз тестирлөөсү өткөн үй чарбаларынын йоддолгон туздун деңгээли боюнча пайыздык бөлүнүшү (миллионго бир бөлүк же бөлүк/млн.) жана йоддолгон туз колдонгон үй чарбаларынын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Бардык үй чарбалары, пайыз			Тузу тестирлөөдөн өткөн үй чарбалары:	
	Тузга өткөрүлгөн тестирлөө	Үй чарбасында тузу жоктор	Үй чарбаларынын саны	Йоддолгон тузду колдонуучулардын пайызы	Үй чарбаларынын саны
Жашаган жеринин тиби					
Шаар	98.7	1.3	3,105	97.5	3,065
Айыл	99.2	0.8	4,935	96.0	4,895
Облусу					
Ысык-Көл	98.6	1.4	756	99.5	746
Жалал-Абад	99.9	0.1	1,221	98.5	1,219
Нарын	99.3	0.7	363	99.0	360
Баткен	98.5	1.5	549	95.9	540
Ош	98.9	1.1	1,320	92.8	1,306
Талас	99.7	0.3	332	82.8	330
Чүй	99.4	0.6	1,649	98.4	1,640
Бишкек шаары	97.9	2.1	1,478	97.1	1,447
Ош шаары	99.7	0.3	373	99.1	372
Жетиштүү жашоо квинтили					
Эң төмөнкү	99.6	0.4	1,276	95.1	1,270
Экинчи	99.2	0.8	1,368	95.5	1,357
Орто	99.1	0.9	1,504	96.1	1,491
Төртүнчү	99.3	0.7	1,750	97.5	1,738
Эң жогору	98.2	1.8	2,142	97.9	2,104
Бардыгы	99.0	1.0	8,040	96.6	7,960

12.6 АЯЛДАРДЫН ТАМАКТАНУУСУНУН СТАТУСУ

Кош бойлуулуктун алдындагы дене салмагынын төмөнкү индекси жана аялдардын кыска бойлуулугу кош бойлуулуктардын эне үчүн да, бала үчүн да каалоосуз бүтүшү коркунучунун белгилүү фактору болуп саналат. Чоң балдар арасында дененин ашыкча салмактуулугунун жайылышы өнүккөн өлкөлөрдөгү чоң көйгөй болуп келүүдө. Ашыкча салмактуу адамдар ден соолугу менен байланышкан кеңири спектрдеги көйгөйлөргө жакын болуп, анын ичинде диабет, жүрөк оорулары, ошондой эле аялдар арасында төрөттөрдүн жагымсыз бүтүшү. Ошону менен бирге, көптөгөн өлкөлөрдө басымдуу көйгөй болуп тамактануу өнөкөт энергетикалык жетишсиздик бойдон калууда, чоңдор арасында ДМИнин маанисин 18,5 тен төмөн белгини мүнөздөп, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келүүдө.

КР МДИ-2012де балдардын бойлорун өлчөгөн (Shorr өндүрүшүнүн бой өлчөгүчү жана SECA сандык салмак) шаймандары колдонулуп, КР МДИ-2012де 15 жаштан 49 жашка чейинки бардык аялдардын бойлору жана салмагы боюнча маалыматтар жыйналды. Бул маалыматтардын жардамы менен тамактануунун абалынын эки көрсөткүчү алынды: бой жана дене салмагынын индекси (ДМИ). Энелердин бойу менен жамбаш сөөгүнүн ортосундагы катышты эске алып, аялдардын бойлору жөнүндө маалыматтар төрөттөгү кошумча оорулардын пайда болуш коркунучун болжолдоо үчүн колдонууга болот. Дененин аз салмагы менен бала төрөө коркунучу кыска бойлуу аялдардын арасында жогору. Энелердеги бойдун критикалык кыска белгиси кыска бойлуулуктун себептери боюнча коркунучтарга кабылуу деп эсептелет, кыска бойлор 140 см ден 150 см ге чейин болот. ДМИ арыктыкты же семиздикти өлчөө үчүн колдонулат жана килограммдагы дененин салмагы метрдеги бойдун квадратына бөлүү жолу менен аныкталат (кг/м^2). ДМИнин 18,5 тен төмөн белгиси арыктыкты же дененин салмагынын курч жетишсиздигин аныктоо үчүн колдонулат. ДМИнин 25 же андан жогору деңгээлдеги белгиси дененин

ашыкча салмагын аныктайт, эгер ДМИнин белгиси 30га барабар же андан жогору болсо, бул семиздик деп эсептелинет.

12.10-таблица 15 жаштан 49 жашка чейинки 8072 аял үчүн бойдун анализин, ошол эле убакта ДМИ анализи 7423 аялга негизделгенин көрсөтөт. Таблицага бойу же/жана денесинин салмагы жөнүндө эч кандай маалымат алынбаган аялдар жана ДМИ саналбаган кош бойлуу же эки ай мурун төрөгөн аялдар кирбейт.

Жалпысынан аялдардын бир пайызы гана бойу боюнча 145 тен төмөн категориясына туш келишет.

12.10-таблица. Аялдардын тамактануусунун статусу

15-49 жаштагы аялдар арасындагы бойлору 145 см ден кыска болгон, дененин салмагынын орточо индексиндеги аялдардын пайызы жана дененин салмагынын аныкталган деңгээлиндеги аялдардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Бой		Дененин салмагынын индекси [1]								
	145 см ден кыска аялдар-дын саны	Аялдар-дын саны	Дененин салмагы-нын орточо индекси (ДМИ)	18.5-24.9 (Норма, бардыгы)	<18.5 (Арык, бардыгы)	17.0-18.4 (Орто арык)	<17 (Орто жана абдан арык)	>=25.0 (дененин ашыкча салмагы же семиздик, бардыгы)	25.0-29.9 (дененин ашыкча салмагы)	>=30.0 (Семиз-дик)	Аялдар-дын саны
Жаш курак											
15-19	1.0	1,599	20.8	76.4	17.8	13.2	4.6	5.8	5.2	0.6	1,550
20-29	0.4	2,751	22.5	73.6	7.9	5.6	2.3	18.4	15.3	3.1	2,295
30-39	0.4	1,924	25.4	49.4	2.7	1.8	0.9	47.8	33.2	14.6	1,792
40-49	0.5	1,797	27.9	26.5	1.8	1.2	0.7	71.6	40.9	30.7	1,786
Жашаган жеринин тиби											
Шаар	0.3	3,019	23.8	59.9	8.1	6.0	2.1	32.1	22.1	9.9	2,802
Айыл	0.7	5,053	24.4	55.3	6.8	4.7	2.1	37.9	24.6	13.3	4,621
Облусу											
Ысык-Көл	0.5	640	24.7	53.9	7.2	5.9	1.3	38.9	23.6	15.3	581
Жалал-Абад	0.9	1,294	23.6	58.3	10.3	5.8	4.6	31.4	23.1	8.3	1,195
Нарын	0.3	276	24.4	55.2	5.3	4.4	0.9	39.5	30.4	9.1	250
Баткен	1.2	610	23.9	57.7	7.2	5.6	1.6	35.1	25.6	9.4	552
Ош	0.3	1,624	24.4	54.5	5.2	4.5	0.7	40.3	26.5	13.8	1,469
Талас	0.4	357	24.8	52.8	5.2	3.4	1.8	42.0	26.5	15.5	317
Чүй	0.8	1,410	24.8	55.1	6.2	4.1	2.2	38.6	22.3	16.3	1,320
Бишкек шаары	0.2	1,552	23.5	62.2	9.0	6.7	2.2	28.8	19.3	9.5	1,460
Ош шаары	0.3	309	23.7	58.8	5.6	4.8	0.8	35.7	26.9	8.8	277
Эненин билими											
Билими жок/ башталгыч	(0.0)	35	(25.2)	(69.4)	(1.9)	(1.9)	(0.0)	(28.7)	(15.9)	(12.8)	28
Негизги жалпы	1.3	1,120	22.2	67.6	13.4	9.5	3.9	19.0	14.5	4.5	1,043
Толук орто	0.4	3,430	24.5	53.4	6.6	4.8	1.8	40.0	26.3	13.6	3,145
Башталгыч/орто кесиптик	1.0	1,335	25.5	48.4	5.0	3.9	1.1	46.6	28.5	18.1	1,247
Жогору	0.2	2,152	23.7	62.6	6.5	4.4	2.2	30.8	21.3	9.5	1,960
Жетиштүү жашоо квинтили											
Эң төмөнкү	0.5	1,429	24.5	53.1	6.9	4.8	2.0	40.1	25.1	15.0	1,285
Экинчи	0.8	1,459	24.5	53.5	7.1	5.2	1.9	39.5	26.2	13.3	1,341
Орто	0.9	1,512	24.0	58.5	7.1	4.7	2.4	34.4	23.4	11.0	1,382
Төртүнчү	0.6	1,635	24.3	56.9	6.4	4.5	1.8	36.7	24.7	11.9	1,514
Эң жогору	0.2	2,036	23.6	61.3	8.5	6.4	2.1	30.2	20.3	10.0	1,901
Бардыгы	0.6	8,072	24.1	57.0	7.3	5.2	2.1	35.7	23.7	12.0	7,423

Эскертүү: Дененин салмагынын индекси (ДМИ) килограммдагы дененин салмагын метрдеги бойдун квадратына кг/м2ка бөлүү жолу менен эсептелди. Кашаадагы цифралар 25-49 такталбаган учурларга негизделген.

[1] Кош бойлуу жана эки ай мурун төрөгөн аялдар кошулбайт

Аялдардын жарымынан көбү (57 пайыз) нормалдуу салмакка, 7 пайызы дененин жетишпеген салмагына же арык (ДМИ 18,5 тен төмөн белгиси) жана үч пайызынан көбүрөгү ашыкча салмакка же семиздик (ДМИ 25 же андан жогору) менен жабыркашат. 15 жаштан 49 жашка чейинки ДМИнин нормасында категориясына кирген аялдар үчүн орто ДМИ 24,1ди түздү.

ДМИны негизги мүнөздөмөлөрү боюнча бөлүштүрүүдө талашсыз айырмачылыктар байкалат. 15-19 жаштагы аялдар (18 пайыз), башка жаш курактык топторго (2-8пайыз), салыштырмалуу көбүнчө арык болушат же дененин жетишсиз салмагына ээ. Тескерисинче, ашыкча салмактагы аялдардын үлүшү жаш курактын өсүшү менен көбөйөт: 40-49 жаштагы аялдардын онунан төртөө (41 пайыз) ашыкча салмакка ээ, 31 пайызы семиздик менен жабыркашат. Айыл жериндеги аялдар ашыкча салмактуулукка же семиздикке шаар жериндеги аялдарга караганда көп кабылышат (38 пайыз жана 32 пайыз). Облустар боюнча арык аялдардын үлүшү аз гана өзгөрөт бирок, ашыкча салмактагы же семиздик менен жабыркаган аялдардын пайызы Бишкек шаарындагы 19 пайыздан Нарын облусундагы 30 пайызга чейин өзгөрөт. Семиздик Ысык-Көл, Ош, Талас жана Чүй облустарындагы (14-16 пайыз) аялдарда башка региондордогу аялдарга (8-10 пайыз) караганда көп жолугат. Жалпы негизги билими бар аялдар көбүнчө арык келишет жана ашыкча салмактуулукка же семиздикке жогорку билимдүү аялдарга караганда аз кабылышат. Демек, жетиштүү жашоонун эң жогору квинтилиндеги аялдар көбүнчө арык келишет жана ашыкча салмактуулукка же семиздикке аз камсыздалган үй чарбаларындагы аялдарга караганда аз кабылышат.

КР МДИ-1997нин маалыматтары менен салыштырганда 15 жаштан 49 жашка чейинки арык деп саналган (ДМИ < 18,5) кош бойлуу аялдардын үлүшү өзгөргөн жок (1997-ж. жана 2012-ж. 7 пайыздан), ошол эле убакта семиздик менен жабыркаган (ДМИ > 30) аялдардын үлүшү 1997-жылдагы 9 пайыздан 2012-жылдагы 12 пайызга чейин бир канча эсе өстү (НИИАП и Макро Интернашнл, 1998).

12.7 Аялдардын аз кандуулугу

Алсыздык, чарчоо жана ооруларга каршы туруунун төмөндүгүнөн башка, аз кандуулук кош бойлуу аялдар үчүн күтүүсүз төрөткө жана наристенин төрөлгөндөгү аз салмактуулугуна алып келген олуттуу көйгөй болушу мүмкүн. КР МДИ-2012де үй чарбаларында сурамжыланган 15 жаштан 49 жашка чейинки бардык аялдарга аз кандуулук үчүн кан анализин тапшыруу сунушталды. Изилдөөгө катышканга чейин ар бир респондентке аз кандуулук үчүн кан анализин тапшырууга катышпоо укугу берилди жана кан тамчыларын алуу үчүн өзүнүн жана балдарынын макулдугун берери суралды. Аялдардын 97 пайызы гемоглобинди өлчөөгө катышышты.

12.11-таблицада 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдар арасындагы деңиз деңгээлинин бийиктиги жана чылым чегүү статусуна түзөтүлгөн гемоглобиндин деңгээлинин негизинде аз кандуулуктун жайымдуулугу жөнүндө маалыматтар берилет. Бийиктикке жана чылым чегүү статусуна түзөтүүлөр Ооруларды көзөмөлдөө борборунун (мындан ары- ОКБ) иштеп чыгарган критерийлерине ылайык аткарылды (ОКБ, 1989).

Кыргыз Республикасындагы аялдардын 35 пайызы аз кандуулук менен жабыркайт: аялдардын көпчүлүгү (26 пайыз) аз кандуулуктун жеңил, 8 пайызы орто жана 1 пайызы оор формасына ээ. Жакында болуп өткөн Медициналык-демографиялык изилдөөлөрдүн көрсөткүчтөрү менен салыштырмалуу 2012-жылдагы Кыргыз Республикасындагы 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын (35 пайыз) арасындагы аз кандуулуктун жайымдуулугу Арменияга (25 пайыз, 2005) Молдовага (28 пайыз 2005), Азербайжанга (37 пайыз, 2006) жана Казакстанга (36 пайыз, 1999) караганда жогору, бирок Түркмөнстанга (47 пайыз, 2000) караганда төмөн (НСС [Армения] и др., 2012; НЦПМ[Молдова] и ОРС Макро, 2006; ГКС[Азербайджан] и Макро Интернэшнл, 2008; Академии профилактической медицины[Казахстан] и Макро Интернэшнл, 1999; НКЦОЗМРКЭ [Туркменистан] и ОРС Макро, 2001).

12.11-таблицада аз кандуулуктун деңгэлинин көрсөткүчү жалпысынан жаш курагына жараша төмөндөшү көрсөтүлөт. Аз кандуулуктун жалпы деңгээли аялдардын энелик статусунан көз каранды болуп маанилүү көп деле өзгөрбөйт. Ошого карабастан, аз кандуулуктун жеңил же орто баскычтарындагы аялдардын статусунун көз карандылыгында пайыздардын айырмачылыктары кездешет. Аз кандуулуктун жеңил формасынын жайымдуулугу эмчек эмизген аялдардын (31 пайыз), кош бойлуулар арасында (18 пайыз) же кош бойлуу эмес, бала эмизбеген аялдардын (26 пайыз) арасына караганда жогору. Аз кандуулуктун орто формасынын жайымдуулугу кош бойлуу аялдардын (19 пайыз)

арасында, эмчек эмизген же кош бойлуу, бирок эмчек эмизбеген (8 пайыз) же башка бир социалдык-экономикалык топтордогу аялдарга караганда эки эсе жогору. Ысык-Көл жана Талас облустарында жашаган аялдар (51 жана 41 пайыз) башка региондордо жашаган аялдарга (17-39 пайыз) салыштырмалуу аз кандуулукка көп кабылышат. Аз кандуулуктун башка негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды жайымдуулугу көп деле маанилүү өзгөрүлбөйт.

КР МДИ-1997 менен КР МДИ-2012де алынган аз кандуулуктун көрсөткүчтөрүн салыштыруу акыркы он беш жыл ичинде 15 жаштан 49 жашка чейинки курактагы бардык аялдардын арасындагы аз кандуулуктун жайымдуулугу 1997-жылдагы 38 пайыздан 2012-жылдагы 35 пайызга чейин төмөндөгөндүгүн күбөлөндүрөт (НИИАП и Макро Интернашнл, 1998).

12.11-таблица. Аялдар арасындагы аз кандуулуктун жайымдуулугу

Аз кандуулугу бар 15-49 жаштагы аялдардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Кош бойлуу эмес	Гемоглобиндин деңгээли боюнча аз кандуулуктун статусу				Аялдардын саны
		Каалаган бир түрү	Жеңил	Орто	Оор	
		<12.0 г/дл	10.0-11.9 г/дл	7.0-9.9 г/дл	< 7.0 г/дл	
	Кош бойлуу	<11.0 г/дл	10.0-10.9 г/дл	7.0-9.9 г/дл	< 7.0 г/дл	
Жаш курак						
15-19		34.5	27.7	6.4	0.5	1,576
20-29		38.3	28.2	9.5	0.7	2,729
30-39		37.9	27.7	9.4	0.7	1,914
40-49		28.3	19.5	7.5	1.4	1,782
Төрөлгөн балдардын саны						
0		34.8	26.7	7.6	0.5	2,659
1		36.3	26.3	9.2	0.7	1,168
2-3		36.1	26.6	8.9	0.6	2,586
4-5		34.3	24.4	8.5	1.3	1,348
6+		30.0	19.1	7.9	3.0	240
Эне статусу						
Кош бойлуу		37.8	18.2	19.0	0.6	540
Эмчек эмизет		39.2	30.9	7.7	0.6	1,300
Эч кандай		34.2	25.7	7.6	0.9	6,162
ЖИС колдонуу						
Ооба		38.5	27.5	9.4	1.5	1,176
Жок		34.7	25.8	8.2	0.7	6,825
Чылым чегүү статусу						
Чылым чегет/тамеки		28.5	21.3	5.8	1.4	220
Чекпейт		35.4	26.2	8.5	0.8	7,781
Жашаган жеринин тиби						
Шаар		34.2	24.7	8.8	0.7	3,007
Айыл		35.8	26.8	8.2	0.8	4,995
Облусу						
Ысык-Көл		50.9	29.0	19.1	2.8	635
Жалал-Абад		29.8	24.4	4.9	0.5	1,289
Нарын		39.0	26.0	11.9	1.0	275
Баткен		31.6	22.6	8.0	1.0	603
Ош		33.3	26.3	6.5	0.5	1,614
Талас		41.4	29.1	10.2	2.0	356
Чүй		39.2	29.7	8.9	0.6	1,372
Бишкек шаары		34.7	25.7	8.6	0.5	1,549
Ош шаары		17.4	14.1	3.4	0.0	308
Билими						
Билими жок/ башталгыч		(34.6)	(20.4)	(14.1)	(0.0)	35
Негизги жалпы		33.0	26.3	6.2	0.5	1,100
Толук орто		35.6	26.3	8.4	0.9	3,408
Башталгыч/орто кесиптик		36.8	25.9	10.0	0.9	1,327
Жогору		34.9	25.6	8.5	0.8	2,133
Жетиштүү жашоо квинтили						
Эң төмөнкү		38.8	27.3	10.8	0.7	1,421
Экинчи		35.6	27.2	7.6	0.7	1,453
Орто		35.0	26.2	7.7	1.2	1,504
Төртүнчү		35.1	25.6	8.4	1.1	1,595
Эң жогору		32.7	24.5	7.9	0.4	2,029
Бардыгы		35.2	26.0	8.4	0.8	8,001

Эскертүү: Бийиктикке оңдоолор жана чылым чегүүнүн статусу белгилүү болсо, ОКБнун (ОКБ, 1989) формуласына ылайык аткарылат. Бийиктикке оңдоолор жана чылым чегүүнүн статусу ОКБнун формуласына ылайык белгилүү болуп жасалмак (ЦКЗ, 1989). Кашаадагы цифралар 25-49 такталбаган учурларга негизделген.

12.8 ЭНЕЛЕРДИН АРАСЫНДА АЗЫКТАНДЫРУУЧУ МИКРОЭЛЕМЕНТТЕРДИ КОЛДОНУУ

Аялдардын микронутриенттерди жетишерлик түрдө кабыл алуусу аялдардын өздөрүнө да, балдарына да жакшы таасирин тийгизет. Эмчек эмген балдар энелери кабыл алган микронутриенттерден, өзгөчө А витамининен пайда алышат. Кош бойлуулук кезиндеги курамында темири бар кошулмалар/препараттар аз кандуулукка кабылуу мүмкүндүгүн азайтат. Йоддун жетишсиздиги кош бойлуулуктун бойдон түшүү, өлүү төрөлүү сыяктуу бир катар жагымсыз учурлар менен бүтүшүнө жана түйүлдүктүн баш мээсинин калыптануусундагы бузулууларга, балдардын тубаса жүрөк ооруларына алып келүү менен байланышкан.

А витамининин жетишсиздиги төрөттөн кийинки биринчи 6-8 жумалыкта А витамининин жогорку дозасын (200,000 МЕ) берүү жолу менен алдын алынат (аял кош бойлуу болуудан коркпой калганда). А витамининин жогорку дозасын (200,000 МЕ) кабыл алуунун натыйжасында келип чыккан кошумча эффекттерден (тубаса дефекттер) улам кош бойлуу аялдарга А витамининин жогорку дозасы бар кошулмаларды берүүгө болбойт. Ошондой эле Саламаттык сактоо министрлиги 2011-жылдан бери төрөттөн кийинки биринчи 6-8 жумалыкта А витамини бар кошулмаларды колдонууну колдобогондугун белгилеп кетүү керек.

КР МДИ-2012нин убагында акыркы беш жыл ичинде төрөгөн 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардан эң акыркы балдарына төрөттөн кийинки эки ай ичинде А витамини бар кошулмаларды колдонгондугу суралып маалыматтар жыйналды. 12.12-таблицасы жалпысынан 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын жарымы А витамини бар кошулмаларды алгандыгын иллюстрациялайт. Бул көрсөткүч аялдардын жаш курагынын өсүшү менен тенденцияга ээ. А витамининин төрөттөн кийинки дозасын алган аялдардын эң жогору пайызы Ош шаарында (77 пайыз), ал эми эң төмөнкү пайызы Жалал-Абад облусунда (20 пайыз). А витамининин төрөттөн кийин колдонуу аялдардын билим деңгээли менен негизги жалпы билими бар аялдардын арасындагы 44 пайыздан жогорку билимдүү аялдардын арасындагы 54 пайызга чейин көбөйөт. Жетиштүү жашоонун эң жогору квинтилиндеги энелер (58 пайыз) башка квинтилдеги энелерге караганда А витаминин көп колдонушат.

КР МДИ-2012де сурамжылоо башталганга чейинки акыркы беш жыл ичинде төрөгөн 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардан кош бойлуулук кезинде курамында темири бар препараттарды жана фолий кычкылдыгын колдонгондугу жөнүндө маалыматтар жыйналды. Темирди колдонуу боюнча маалыматтарды алуу үчүн аялдардан акыркы баласынын кош бойлуулук кезинде курамында темири бар препараттарды жана фолий кычкылдыгын бирөөлөр бергендиги же өздөрү сатып алгандыгы боюнча суроолор берилди. Бул суроого оң жооп берген аялдардан курамында темири бар препараттарды жана фолий кычкылдыгын күнүнө канча ирет колдонгондугу тууралуу сурадык. Суроолордун окшош терүүлөрү фолий кычкылдыгын колдонуу боюнча маалыматтарды алуу үчүн колдонулду.

12.12-таблицада аялдардын 44 пайызы гана изилдөө алдындагы акыркы беш жыл ичинде төрөлгөн акыркы балдарынын кош бойлуу кезинде курамында темири бар таблеткаларды же сиропторду колдонгондугун көрсөткөн. Мындан сырткары курамында темири бар препараттарды кабыл алган аялдардын көпчүлүгү жогорудагы препараттарды 60 күндөн аз эмес убакыт алышкан, аялдардын 2 пайызы гана жогорудагы препараттарды 90 же андан көп күн алышканын айтышкан. Кош бойлуулук кезинде курамында темири бар кошулмаларды алуу 20-29 жана 30-39 жаштагы Нарын облусунын жашоочуларынын жана жогорку билимдүүлөрдүн өкүлдөрүнүн арасында көп кездешкен.

Фолий кычкылдыгы бар таблеткалардын курамында темири бар препараттарга караганда бир канча аз колдонулат. Аялдардын 37 пайызы изилдөө алдындагы акыркы беш жыл ичинде төрөлгөн акыркы балдарынын кош бойлуу кезинде фолий кычкылдыгы таблеткалардын кабыл алышкан. Аялдардын көпчүлүгү фолий кычкылдыгын 60 күн ичинде кабыл алышса, 3 пайызы 60-89 күн, бир пайызы гана 90 же андан көп күн кабыл алышкан (маалыматтар көрсөтүлгөн жок). Фолий кычкылдыгын эң көп колдонгон аялдардын пайызы Ысык-Көл облусунда жана Бишкек шаарында (47 пайыздан), ал эми эң төмөн пайыз Баткен облусунда (17 пайыз).

Темир жана фолий кычкылдыгын кабыл алуу боюнча суроолорго кошумча изилдөө алдындагы акыркы беш жыл ичинде тирүү төрөгөн аялдардан мите курттарга каршы дарыларды колдонгондугу суралды. 12.12-таблицада көрсөтүлгөндөй, аялдардын 8 пайызы гана изилдөө алдындагы акыркы беш жыл ичинде төрөлгөн акыркы балдарынын кош бойлуу кезинде фолий кычкылдыгын кабыл алышкан. Мите курттарга каршы дарылык каражаттарды кабыл алуу шаар жеринде жашаган (12 пайыз), Нарын облусундагы (19 пайыз), Бишкек шаарындагы (18 пайыз) жана билимдин, жетиштүүжашоонун эң жогору деңгээлиндеги (10 жана 12 пайыз) аялдарда эң көп жайылган. Мите курттарга каршы дарылык каражаттарды кабыл алган аялдардын салыштырмалуу төмөнкү үлүшү тең калууну жаратпайт, анткени Кыргыз Республикасында кош бойлуу кезде аларды мурункудай колдонуу сунушталбайт.

Жыйынтыгында, 12.12-таблицада изилдөө алдындагы акыркы беш жыл ичинде төрөлгөн 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын 95 пайызы йоддолгон туз колдонгон үй чарбаларында жашагандыгы көрсөтүлөт. Йоддолгон туз колдонгон үй чарбаларында жашаган энелердин эң жогору пайызы Ысык-Көл облусунда (100 пайыз), эң аз пайызы Талас облусунда (83 пайыз) белгиленет. Йоддолгон туз колдонгон үй чарбаларында жашаган аялдардын үлүшү билимдин жана жетиштүү жашоонун деңгээлинен түз көз каранды болот, бирок айырмачылыктар көп деле байкалбайт.

12.12-таблица. Энелердин арасында микронутриенттерди колдонуу

Изилдөөгө чейин беш жыл ичинде төрөгөн, баласы бар 15-49 жаштагы аялдардын арасында төрөттөн кийинки алгачкы эки ай ичинде А витамининин дозасын алгандардын пайызы, акыркы баласынын кош бойлуу кезинде курамында темири бар таблеткаларды же сиропторду алган аялдардын колдонгон күндөрүнүн саны пайыздык бөлүнүшү, акыркы баласынын кош бойлуу кезинде курамында фолий кычкылдыгы бар таблеткаларды колдонгон аялдардын пайызы, акыркы баласынын кош бойлуу кезинде мите курттарга каршы каражаттарды алган аялдардын пайызы жана акыркы беш жыл ичинде төрөгөн, баласы бар 15-49 жаштагы аялдардын арасындагы тузу тестирлөөдөн өткөн үй чарбасында жашагандардын пайызы, йоддолгон тузу бар үй чарбаларында жашагандардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012.

Негизги мүнөздөмөлөр	Төрөттөн кийин А витаминин дозасын алгандардын пайызы[1]	Изилдөөгө чейин беш жыл ичинде төрөгөн, баласы бар аялдардын арасында: Акыркы баласынын кош бойлуу кезинде курамында темири бар таблеткаларды же сиропторду алган аялдардын колдонгон күндөрүнүн саны						Акыркы баласынын кош бойлуу кезинде курамында фолий кычкылдыгы бар таблеткалар-ды колдонгон аялдардын пайызы	Акыркы баласынын кош бойлуу кезинде мите курттарга каршы каражаттарды алган аялдардын пайызы	Аялдардын саны	Акыркы беш жылда төрөгөн жана тузу тестирлөөдөн өткөн үй чарбасында жашаган аялдардын арасында:	
		Колдонгон эмес	<60	60-89	90+	Билбейт/ Өткөрүлүп жиберилген	Бардыгы				Йоддолгон тузу бар үй чарбаларында жашагандар-дын пайызы[2]	Аялдардын саны
Жаш курак												
15-19	34.0	65.3	26.2	5.5	3.0	0.0	100.0	23.1	6.0	66	96.9	65
20-29	48.9	52.7	38.7	5.4	2.6	0.5	100.0	38.9	8.7	1,657	95.0	1,645
30-39	51.3	56.5	34.7	5.6	2.1	1.1	100.0	36.3	6.5	1,069	95.0	1,064
40-49	57.9	60.8	34.1	3.4	1.3	0.3	100.0	32.3	7.6	222	97.7	218
Жашаган жеринин тиби												
Шаар	53.8	54.7	36.0	6.1	2.0	1.1	100.0	40.4	11.6	935	96.8	932
Айыл	48.4	55.0	37.0	5.0	2.4	0.6	100.0	35.7	6.1	2,079	94.5	2,059
Облусу												
Ысык-Көл	64.7	48.8	45.4	3.7	1.6	0.5	100.0	47.4	9.3	284	99.6	277
Жалал-Абад	19.8	60.5	32.6	4.5	0.4	1.9	100.0	38.2	2.5	547	98.7	547
Нарын	29.7	35.5	49.8	10.9	3.4	0.3	100.0	42.6	19.2	125	98.2	125
Баткен	39.0	46.2	45.3	5.5	2.8	0.2	100.0	17.0	1.3	260	94.6	254
Ош	69.2	58.7	34.2	5.5	1.1	0.5	100.0	44.4	7.3	605	90.8	601
Талас	53.0	44.8	47.7	4.1	2.2	1.3	100.0	37.7	6.1	170	83.0	169
Чүй	50.1	60.9	28.4	5.2	5.2	0.3	100.0	23.4	7.0	510	97.1	506
Бишкек шаары	58.2	52.9	37.7	6.3	2.8	0.3	100.0	46.7	17.6	428	95.6	426
Ош шаары	76.7	62.7	28.5	4.8	3.0	1.0	100.0	31.1	2.2	86	98.2	86
Билими												
Билими жок/ башталгыч	*	*	*	*	*	*	100.0	*	*	13	*	13
Негизги жалпы	43.8	68.1	28.3	1.9	0.5	1.1	100.0	28.3	6.5	326	94.3	324
Толук орто	48.0	56.8	34.9	5.1	2.5	0.7	100.0	33.0	6.1	1,338	94.4	1,325
Башталгыч/орто кесиптик	53.0	52.0	40.2	5.1	2.2	0.5	100.0	42.6	9.0	481	95.9	479
Жогору	53.9	48.4	40.8	7.2	2.8	0.8	100.0	44.1	10.3	856	96.4	850
Жетиштүү жашоо квинтили												
Эң төмөнкү	49.6	56.3	35.2	5.8	1.6	1.0	100.0	36.9	6.9	569	94.1	566
Экинчи	45.5	53.2	39.9	4.0	2.0	0.8	100.0	37.9	5.0	587	93.8	581
Орто	49.0	55.8	37.6	4.4	2.0	0.2	100.0	33.8	6.8	633	95.4	623
Төртүнчү	49.0	53.5	36.5	5.6	3.5	0.9	100.0	34.7	8.2	679	95.8	677
Эң жогору	58.1	56.0	33.9	7.0	2.3	0.7	100.0	43.6	12.4	546	96.9	544
Бардыгы	50.1	54.9	36.7	5.3	2.3	0.7	100.0	37.1	7.8	3,014	95.2	2,991

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн эмес.

Кашаадагы цифралар 25-49 такталбаган учурларга негизделген.

[1] Акыркы наристенин төрөлгөндөн кийинки алгачкы эки айы

[2] Туз тестирлөөдөн өтпөгөн үй чарбаларындагы аялдар кошулбайт.

АИВ/СПИД МАСЕЛЕРИНЕ КАРАТА БАЙЛАНЫШКАН МААЛЫМАТ, МАМИЛЕ ЖАНА ТАЖРЫЙБА

13

Негизги жыйынтыктар

- Улуу адамдардын онунан тогузу АИВ/СПИД жөнүндө кабардар болушкан, оору жөнүндө маалыматтардын негизги булактарын телеберүүлөрдөн жана радиодон угушкан.
- АИВнын алдын алуу ыкмалары жөнүндө маалымдуулук жетишерлик тереңдиги, аялдар менен эркектердин төрттөн үчөө бир өнөктөшкө ишеним көрсөтүү жуктуруу коркунучун азайтарын айтышкан, аялдар менен эркектердин болжолдуу сандагылары да презерватив колдонуу АИВни жуктуруу жолдорун азайтат деп айтышкан (аялдардын 64 пайызы жана эркектердин 71 пайызы).
- СПИДди жуктуруу жолдору тууралуу туура эмес маалыматтар, адашуулар кенири тараган: изилдөөлөрдүн жыйынтыгында 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдар менен эркектердин төрттөн бири АИВ/СПИД жөнүндө толук маалыматы бар болгон.
- АИВ/СПИД менен жашаган адамдардын жетиштүү стигматизациясын изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөтүүдө. СПИД жөнүндө уккан аялдардын 42 жана эркектердин 65 пайызы СПИД менен ооруган тууганы менен чогуу жашай бермегин айтышса, аялдардын үчтөн бири жана эркектердин үчтөн бири СПИД менен ооруган сатуучудан мөмө-жемиштерди сатып ала беришерин белгилешкен же СПИД менен ооруган мугалим сабак бере аларын көрсөтүшкөн.
- Аялдардын жана эркектердин абсолюттук көпчүлүгү күйөөсүнүн башка аялдар менен жыныстык катнашта болгондугунан кабардар болгон аялдар, күйөөсү менен жыныстык катнашта болуудан баш тартуусун жана күйөөсүнүн жыныстык жолдор менен жуктуруучу ооруларга чалдыкканынан кабардар болгон учурда анын презерватив кийип, жыныстык катнашка баруусун талап кылуусун туура деп эсептешти.
- Коммерциялык секс жетишерлик өнүккөн, эркектердин 41 пайызы секс үчүн акча төлөшкөндүгүн белгилешкен, булардын 8 пайызы акыркы 12 айдын ичинде туруктуу жасашкан.

Жуктурулган иммунукем синдромуна (мындан ары - СПИД) адамдын иммунукем вирусу (АИВ) себепкер болгон оору болуп эсептелет. СПИД 1981-жылы биринчи жолу оору катары таанылган. Эпидемиялогия чөйрөсүндөгү изилдөөлөр АИВнын жуктуруусунун негизги жолдору катары коопсуз эмес жыныстык катнаш, венанын ичине оорулуу адам колдонгон жуктурулган ийнелерди сайуу, текшерилбеген жана/же жуктурулган оорулуу адамдын канын куюу, кош бойлуу жуктурулган оорулуу аялдан курсагындагы эмбрионго өтүү, төрөттө жана эмчек эмизүүдө жугарын аныктаган. АИВ тамак-аш, суу, чиркейлер чакканда жана үй тиричилик буюмдары аркылуу жукпайт. АИВ адамдын иммундук системасын төмөндөтөт жана организмдин башка түрдүү оорулардан кийин калыбына келүү жөндөмдүлүүгүн төмөндөтүү менен бирге алсыздандырат. Экинчи жолу ооруга чалдыккан адамды тийиштүү түрдө даарылабаса, өлүмгө алып келиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасында АИВнын таралуусу азырынча төмөн: 2011-жылы 15 жаштан 49 жашка чейинки калктын жалпы санынын 0,4 пайызы АИВ жуккандыгы катталган (UNAIDS, 2013). 2011-жылы Кыргыз Республикасында 12000 жакын адам АИВ менен жабыркагандыгы эсептелинген (UNAIDS, 2013). Бирок коммерциялык жыныстык катнаш жаатындагылар жана баңги зат колдонгон адамдардын арасында АИВнын өсүүсү белгиленген (AFEW, 2013). Кийинкилердин арасында АИВнын таралышы наркотрафик маршруттарынын негизги жолдорунда өлкөнүн географиялык жайгашуусу менен шартталган. Мамлекет, вирустардын тарап кетүүсүн эрте алдын алууну жана ага каршы күрөшүүнү колдоорун көргөзүп, тобокелдердин топтору арасында жана камакта болгон жерлеринде шприцтерди алмаштыруу

программасын ошондой эле, опиатоалмаштыруучу препараттарды киргизүү багытындагы пилоттук (сынамык) программаларга колдоо көрсөтөт (AFEW, 2013).

15-17	100.0	0.0	1,024	88.1	11.0	280	*	31
18-19	99.5	0.5	449	53.1	38.5	150	(89.9)	58
20-24	94.4	4.8	575	20.9	67.8	306	78.9	207
20-22	95.9	3.4	427	26.1	60.0	185	79.9	111
23-24	90.2	8.8	148	12.8	79.6	121	77.6	96
Презерватидерди сатып алуунун булактары тууралуу кабардар болгон[1]								
Ооба	97.2	2.4	1,209	45.3	47.1	612	81.2	288
Жок	100.0	0.0	839	91.3	6.3	124	*	8
Жашаган жеринин тиби								
Шаар	97.5	2.0	891	46.4	46.1	231	86.1	107
Айыл	98.9	1.0	1,158	56.1	37.5	504	78.7	189
Билими								
Билими жок/башталгыч	*	*	15	*	*	1	*	0
Негизги жалпы	100.0	0.0	617	81.7	15.4	189	*	29
Толук орто	99.5	0.5	714	52.0	41.7	319	77.7	133
Башталгыч/орто кесиптик	97.3	2.7	207	37.8	52.3	83	(80.1)	44
Жогорку	95.0	4.1	496	27.0	63.2	143	84.6	90
Бардыгы	98.3	1.4	2,049	53.0	40.2	736	81.4	296

Эскертүү: Кашаадагыцифралар 25-49 такталбаганучурларганегизделгенинбилдирет. * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин көрсөтөт, ошондуктан маалыматтар көрсөтүлгөн жок.
[1] Бул таблицада дос, үй-бүлө жана үй презервативдерди сатып алуунун булагына кирбейт.

Никеге тура элек 15-24 жаштагы аялдардын дээрлик бардыгы (98 пайыз) бир да жолу жыныстык катнашта боло электигин айтышты, ал эми үйлөнө элек эркектердин 53 пайызы бир да жолу жыныстык катнашта боло электигин айтышкан. Бир да жолу никеде турбаган жана жыныстык катнашта болбогон 15-19 жаш курактык топтогу жаштардын пайызы 20-24 жаш курактык топтогуларга караганда жогору (жаш аялдар – 100-94 пайыз, жаш эркектер 76-21 пайыз). Эрте жыныстык карманyy презервативдерди сатып алуу булактарын билбеген жана айыл жеринде жашаган респонденттердин арасында жогору. Бир да жолу никеге турбаган жана жыныстык катнашта болбогондордун үлүшү билимдин деңгээлинин өсүшү менен азайат. Мындан жогорку билимдүү жаштар жаш курак боюнча улуу болорун билсек болот.

Бир да жолу никеге турбаган жаштардын арасында 15-24 жаштагы аялдардын бир пайызы жана эркектердин 40 пайызы изилдөө алдындагы 12 ай ичинде жыныстык катнашта болушкан. Бир да жолу никеге турбаган, бирок сексуалдык активдүүлүккө ээ жаш аялдар менен эркектердин үлүшү 15-19 жана 20-24 жаш курактык топтордо кескин өсөт. Никеге чейинки сексуалдык активдүүлүк шаар жеринде жашаган жана презервативдерди сатып алуу булактарын билген жаштардын арасында көп жайылган. Сексуалдык активдүүлүк билимдин деңгээлинин өсүшү менен жогорулайт.

КР МДИнин жыйынтыктары изилдөө алдындагы акыркы 12 ай ичинде никеге чейинки сексуалдык активдүүлүккө ээ жаш эркектердин бештен төртүнөн көбү (81 пайыз) акыркы сексуалдык катнашта презерватив колдонгондугун айтышкан. Шаар жериндеги эркектер айыл жериндеги эркектерге караганда жыныстык катнаш учурунда презервативдерди көп колдонушкан. Никеге чейинки сексуалдык катнаш болгондугун айткан аялдардын үлүшү презервативдерди колдонуунун жыйынтыгын чыгаруу үчүн өтө аздык кылат.

13.13.4 Жаштардын арасында сексуалдык өнөктөштөрдүн саны

13.20-таблица акыркы 12 ай ичинде эки же андан көп сексуалдык өнөктөшкө ээ болгондугун айткан 15-24 жаштагы аялдар менен эркектердин үлүшүн көрсөтөт. Жалпысынан жаш аялдардын бир пайызынан азырагы эркектердин 15 пайызына салыштырмалуу эки же андан көп өнөктөшү болгондугун айткан. Эки же андан көп өнөктөшкө ээ эркектердин арасындагы деңгээл жаш курактын өсүшү менен көбөйөт жана бир да жолу никеде турбаган эркектер арасында качандыр бир кезде никеде турган эркектерге караганда жогору. Ошондой эле, бул деңгээл презервативди сатып алуу булагын билген эркектерде да жогору. Акыркы 12 ай ичинде эки же андан көп өнөктөшкө ээ экендигин айткан эркектердин үлүшү билимдин деңгээли менен жогорулайт.

13.20-таблица. Жаштардын арасындагы акыркы 12 ай ичиндеги сексуалдык өнөктөштөрдүн саны

15-24 жаштагы жаш аялдар менен эркектердин арасындагы акыркы 12 ай ичинде эки же андан көп өнөктөш менен жыныстык мамиледе болгондордун негизги мүнөздөмөлөр боюнча пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	15-24жаштагы аялдар		15-24жаштагы эркектер	
	Акыркы 12 ай ичинде эки же андан көп өнөктөшү болгондордун пайызы	Аялдардын саны	Акыркы 12 ай ичинде эки же андан көп өнөктөшү болгондордун пайызы	Эркектердин саны
Жаш курак, жаш				
15-19	0.0	1,637	7.4	432
15-17	0.0	1,047	2.2	280
18-19	0.0	590	16.8	152
20-24	0.7	1,527	24.1	404
20-22	0.5	899	23.1	219
23-24	1.1	628	25.2	184
Үй-бүлөлүк статус				
Бир да жолу никеге турган эмес	0.4	2,049	17.0	736
Качандыр бир кезде никеде турган	0.2	1,116	3.7	100
Презерватидерди сатып алуунун булактары тууралуу кабардар болгон[1]				
Ооба	0.5	2,131	18.1	712
Жок	0.0	1,033	0.0	124
Жашаган жеринин тиби				
Шаар	0.6	1,220	13.4	264
Айыл	0.2	1,944	16.4	572
Билими				
Билими жок/башталгыч	*	22	*	2
Негизги жалпы	0.0	823	6.0	207
Толук орто	0.4	1,194	16.1	369
Башталгыч/орто кесиптик	0.5	362	19.6	105
Жогорку	0.7	764	24.1	153
Бардыгы	0.4	3,164	15.4	836

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин көрсөтөт, ошондуктан маалыматтар көрсөтүлгөн жок.

[1] Бул таблицада дос, үй-бүлө жана үй презервативдерди сатып алуунун булагына кирбейт.

Эки же андан көп өнөктөшү болгонун айткан аялдардын саны өтө аз болгондуктан, жаш аялдардын акыркы 12 ай ичиндеги акыркы жыныстык катнаш убагында презервативдерди колдонуусуна талдоо жүргүзүүгө мүмкүн эмес. Эки же андан көп өнөктөшү болгонун айткан эркектердин 76 пайызы акыркы жыныстык катнашта презерватив колдонгонун айтышкан (маалыматтар көрсөтүлгөн жок).

13.13.5 Сексуалдык өнөктөштөрдүн жаш курактык айырмачылыктары

Сексуалдык өнөктөрдүн жаш курактык айырмачылыктарын изилдөө үчүн акыркы 12 ай ичинде жыныстык катнашта болгон аялдарга анын сексуалдык өнөктөштөрүнүн жаш курагы жөнүндө суроолор берилди. Жыныстык катнаштын жаш курактык айырмачылыктар маселеси менен көбүнчө аялдар кабылышат, жашы боюнча улуу эркектер менен жыныстык мамиледе болгондор жагымсыз учурларга дуушар болушат. 15-19 жаштагы аялдардын арасында 9 пайызы өздөрүнөн 10 же андан улуу эркек менен сексуалдык өнөктөш болгондугун айтышкан (маалыматтар көрсөтүлгөн жок). Сексуалдык активдүү аялдар өтө аз пайызды түзгөндүктөн, негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды талдоо жүргүзгөнгө мүмкүн эмес.

13.13.6 Жаштар арасында АИВ инфекциясына ыктыярдуу кеңеш берүү жана тестирлөө

АИВнын өздүк статусу жөнүндө билими бар адамдарга бири-бирине вирустарды жугузуудан качуу үчүн коопсуз жыныстык катнашты колдонууга үндөйт. 13.21-таблицада 15-24 жаштагы изилдөө алдындагы акыркы 12 ай ичинде сексуалдык катнашта болгон аялдар менен эркектердин АИВ кеңешке жана тестирлөөгө негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды мүмкүндүгүн көрсөтөт. Жаштар жалпы санынан аялдардын 27 пайызы жана эркектердин 2 гана пайызы акыркы 12 ай ичинде АИВ тестирлөөдөн өтүшкөн жана жыйынтыктарын колдоруна алышкан.

Маалыматтар шаар жериндеги жаш аялдар жана эркектер айыл жериндеги жарандарга караганда тестирлөөдөн көп өтүштү жана жыйынтыктарын колдоруна алышты. Бул тестирлөөдөн өтүүнүн мүмкүндүгү аялдар арасындагы билим деңгээлинин өсүшү менен көбөйөт, ал эми эркектерде мындай мүмкүндүк төмөн.

13.21-таблица. Жаштар арасындагы убактысы боюнча эң акыркы АИВ тестирлөө

Акыркы 12 ай ичинде жыныстык катнашта болгон 15-24 жаштагы жаш аялдар менен эркектердин арасындагы акыркы 12 ай ичинде АИВ тестирлөөдөн өткөн жана тесттин жыйынтыктарын колдоруна алгандардын негизги мүнөздөмө боюнча пайызы, Кыргыз Республикасы,2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Акыркы 12 ай ичинде жыныстык катнашта болгон 15-24 жаштагы аялдар:		Акыркы 12 ай ичинде жыныстык катнашта болгон 15-24 жаштагы эркектер:	
	Акыркы 12 ай ичинде АИВ тестирлөөдөн өткөн жана тесттин жыйынтыктарын колдоруна алгандардын пайызы	Аялдардын саны	Акыркы 12 ай ичинде АИВ тестирлөөдөн өткөн жана тесттин жыйынтыктарын колдоруна алгандардын пайызы	Эркектердин саны
Жаш курак, жаш				
15-19	30.1	162	1.8	91
15-17	(12.9)	23	*	31
18-19	32.9	140	(2.8)	60
20-24	26.7	928	2.3	304
20-22	29.2	468	0.5	146
23-24	24.0	459	4.0	159
Үй-бүлөлүк статус				
Бир да жолу никеге турган эмес	*	30	2.6	296
Качандыр бир кезде никеде турган	27.6	1,061	0.9	100
Презерватидерди сатып алуунун булактары тууралуу кабардар болгон[1]				
Ооба	29.5	903	2.3	388
Жок	16.1	187	*	8
Жашаган жеринин тиби				
Шаар	30.9	327	5.1	139
Айыл	25.6	763	0.6	256
Билими				
Билими жок/башталгыч	*	7	*	1
Негизги жалпы	22.8	197	(0.0)	47
Толук орто	24.0	465	1.5	182
Башталгыч/орто кесиптик	33.5	145	3.4	65
Жогорку	32.9	275	3.9	100
Бардыгы	27.2	1,090	2.2	395

Эскертүү: Кашаадагы цифралар 25-49 такталбаган учурларга негизделгенин билдирет. * белгиси маалыматтар 25тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин көрсөтөт, ошондуктан маалыматтар көрсөтүлгөн жок.
[1] Бул таблицада дос, үй-бүлө жана үй презервативдерди сатып алуунун булагына кирбейт.

ҮЙ ЗОМБУЛУГУ 14

Негизги корутундулар

- 15 жаштан 49 жашка чейинки бардык аялдардын жыйырма үч пайызы 15 жашынан баштап, ал эми 13 пайызы акыркы 12 ай ичинде жок эле дегенде бир жолу физикалык зомбулукту баштарынан өткөрүшкөн.
- Качандыр бир кезде никеде турган аялдардын төрттөн бири физикалык зомбулуктун курмандыгы болушкан, ал эми 4 пайызы сексуалдык зомбулукту баштарынан өткөрүшкөн, 14 пайызы азыркы же мурунку күйөөсү тарабынан эмоционалдык зомбулуктан өтүшкөн.
- Качандыр бир кезде никеде турган күйөөсү тарабынан физикалык же сексуалдык зомбулукту баштарынан өткөрүшкөн аялдардын жарымынан көбү (56 пайыз) физикалык жаракат алгандыгын көрсөтүштү.
- Аялдардын бешөөнүн экөө гана физикалык же сексуалдык зомбулукту өткөргөн, кийин жардам үчүн кайрылышкан.

Акыркы жылдарда үй зомбулугуна кабылган дүйнөдөгү өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө жана айрыкча аялдарга карата көрсөтүлгөн зомбулуктардын өсүүсү тынчсыздандырууда. Аялдарга карата зомбулук дүйнө жүзүндө аялдардын укуктарын бузуу катары эсептелди жана изилдөөдөгү зомбулук көргөндөрдүн санынын өсүшү, аялдарга болгон үй зомбулуктары аялдын саламаттыгына зыян алып келерин, укум-тукумга тескери таасир этип, негативдүү демографиялык натыйжаларга алып келерин көрсөтөт (БУУ Башкы Ассамблеясы, 1991; Heiseetal.,1994; Heiseetal., 1999; жана Jejeebhoy, 1998). Гендердик зомбулук бардык социалдык-экономикалык жана маданий катмарларда кездешет, көптөгөн өлкөлөрдө аялдар үй зомбулугуна кабылышат, чыдап келишет жана үй зомбулугуна туура түшүндүрмөлөрдү беришип зомбулук жөнүндө сөз кылышпайт (Zimmerman, 1994). Зомбулуктун кайсы түрү болбосун өлкөнүн экономикасына олуттуу таасир тийгизет, анткени аялдар көбүнчө үй-бүлөдө зомбулуктан жабыр тартышат жана физикалык, психикалык оорчулукту алып жүрүшөт. Үй зомбулугунун курмандыктары жада калса алар үчүн эң коопсуз болгон жеке үйлөрүнө чейин жайылган.

14.1 Зомбулукту өлчөө

Үй зомбулугу жөнүндө анык так, ишенимдүү жана этикалык маалыматтарды жыйноо оор маселе болуп саналат. Мындай түшүнүктөрдү ар түрдүү маданияттар жана адамдар зомбулук же орой мамиле сыяктуу деп башкача түшүнүшөт. Үй зомбулугун жашырып айтпай коюу маданияты өзүнчө орунда болуп, бул сурамжылоонун жыйынтыгына таасир этиши мүмкүн. Ал эми бул маселенин сезимдүүлүгү өзүнчө башка тема. Белгилүү этикалык чеги үй-бүлөлүк шартта үй зомбулугуна салыштырмалуу сурамжылоо жүргүзүүдө респонденттердин жана интервью алуучулардын коопсуздугун камсыз кылышы мүмкүн, зомбулук жөнүндө айтып берген аялдарды коргойт, ошондой эле башынан өткөргөн тажрыйбасы жөнүндө айтып жатканда респонденттерди эки эсе виктимизациялоо коркунучун төмөндөтөт. КР МДИ-2012ни жүргүзүүдө бул маселелер кандайча чечилгендиги жөнүндө маалыматтар кийинки бөлүмдөрдө баяндалып жазылды.

14.1.1 Зомбулукту өлчөөдө туура ыкмаларды колдонуу

КР МДИ-2012ни жүргүзүүдө азыркы же качандыр бир кезде никеде турган күйөөлөрү же башка жактар тарабынан болгон зомбулуктар жөнүндө аялдардан маалыматтар алынды. Бир да жолу никеде турбаган аялдардан башка жактар тарабынан болгон зомбулуктар боюнча маалыматтар алынды. Эл аралык изилдөөлөр көрсөткөндөй, интимдик өнөктөштөр тарабынан болгон зомбулуктар, өзгөчө аялдарга карата зомбулуктун эң көп таралган формасы болуп саналгандыгы эске алынып, башка

жактардын зомбулугу жөнүндөгү маалыматтарга караганда жубайлар тарабынан болгон зомбулуктар жөнүндөгү маалыматтар кеңири изилденди. Бул изилдөөлөр конфликттик жүрүм-турумдун шкаласынын кыскартылган жана модификацияланган версиясынын жардамы менен жүргүзүлдү (Strauss, 1990). Ошону менен бирге никеси бар аялдарга мурунку же учурдагы күйөөсү/өнөктөшү тарабынан жана качандыр бир кезде никеде турган аялдарга акыркы күйөөсүнүн/өнөктөшүнүн зомбулугу жөнүндө маалыматтар качандыр бир кезде никеде турган аялдарга берилген төмөнкү суроолорду түздөн-түз тандоо менен жыйналды.

Сиздин (акыркы) (күйөөңүз/өнөктөшүңүз) качандыр бир кезде төмөнкү аракеттерди жасаганбы?:

- Сизди түрткөнбү, же жулкулдатканбы, же сизге кандайдыр бир нерсени ыргытып ийгенби?
- Жаагыңызга чапканбы?
- Колдоруңузду кайрыганбы же чачыңыздан тартканбы?
- Муштуму же башка сизге оору жарата турган нерсе менен урганбы?
- Сизди жазалаганбы же сабаганбы?
- Мууныткусу же атайлып өрттөгүсү келгенби?
- Бычак, мылтык же башка курал менен коркутканбы же кол салды беле?
- Сиз каалабаган учурда өзү менен жыныстык катнашта болууга күч колдонуп мажбурлады беле?
- Сиздин эркиңизге каршы кандайдыр бир сексуалдык актыларды жасоого күч колдонуп мажбурлады беле?
- Сиздин эркиңизге каршы кандайдыр бир сексуалдык актыларды жасоону коркутуу же башка жолдор менен мажбурлады беле?

«Ооба» деген жооп алынган ар бир суроо боюнча изилдөөдөн өткөн респонденттен акыркы 12 ай ичиндеги зомбулуктун аралыгы жөнүндө суралды. Алгачкы жети пункттун бир же бир нече тиешелүү оң жооптору физикалык зомбулуктун далили болуп эсептелет, ал эми акыркы үч пункттун каалаганына берилген оң жооп сексуалдык зомбулуктун далили болуп саналат. Мындан улам төмөнкү суроолордон түздөн-түз эмоционалдык зомбулук тууралуу маалыматтар жыйналды.

Сиздин (акыркы) (күйөөңүз/өнөктөшүңүз) качандыр бир кезде төмөнкү аракеттерди жасады беле:

- Башка бирөөлөрдүн алдында сизди кемсинтип сүйлөдү беле же кемсинткен иш жасады беле?
- Сизге же сиз сүйгөн адамыңызга оору жаратып коркутту беле?
- Шылдыңдаганбы же кемсинткенби?

Зомбулуктун түрдүү формаларын өлчөө үчүн конкреттүү аракеттер жөнүндө суроолорду колдонуунун өзүнүн артыкчылыктары бар жана жалпы «зомбулук» терминин алдында ойлонууга түрдүү түшүнүктөрдөн көз каранды болбоого мүмкүндүк берет. Аракеттердин кеңири спектрлерин тартуулоо жолу менен бул мамиле кошумча артыкчылыктарды берет жана респондентке зомбулуктун каалаган түрүн ачууга мүмкүндүктөрдү тандоого мүмкүнчүлүк жаратат.

Кошумчалай кетсек, мурун никеде турган аялдарга алардын бир канча жолу үйлөнгөн азыркы же мурунку күйөөлөрү тууралуу, бир канча жолу күйөөгө тийген аялдарга да мурунку күйөөлөрүнүн башка эркектердин физикалык жана/же сексуалдык зомбулуктары жөнүндө суроолор берилди. Ошону менен бирге аялдардын бардыгына азыркы же акыркы күйөөлөрүнөн/өнөктөштөрүнөн башка жактар тарабынан болгон физикалык жана сексуалдык зомбулуктары жөнүндө да суроолор берилди. Физикалык зомбулук жөнүндөгү суроолорго оң жооп берген респонденттерге зомбулуктун ким

тарабынан жасалгандыгы жана зомбулуктун изилдөө өткөн акыркы 12 ай ичиндеги узактыгы тууралуу да суроолор берилди. Сексуалдык зомбулукка кабылганын айткан респонденттерден зомбулук ким тарабынан жасалгандыгын көрсөтүүнү сурадык.

КР МДИ модулу зомбулукка болгон аракеттер, зомбулуктар, айрыкча сексуалдык зомбулуктар жөнүндө маалыматтарды азайтуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маалыматтарды алууну оптималдоо үчүн иштелип чыкканы менен бул маселелерге бир изилдөө менен жыйынтык чыгарууга болбойт жана бул изилдөө жыйынтыктоочу изилдөө болуп саналбайт.

14.1.2 Зомбулукту өлчөөнүн этикалык аспектилери

Зомбулуктар жөнүндө маалыматтарды жыйноонун татаалдыгы эске алынып, КР МДИ-2012нин интервью алуучулары атайын окуудан өткөрүлдү. Окуунун жүрүшүндө респонденттерге кантип сылык-жумшак суроолорду берүү керек, купуялуулукту камсыз кылуу жана интервьюерлер менен респонденттердин арасында байланышты жөнгө салуу сыяктуу маселелерди камтыды. Интервью алуучулар менен байланышты жөнгө салууга, купуялуулукту камсыз кылууга байланышкан суроолор респондент өзүнүн тажрыйбасын интервьюер менен коопсуз бөлүшүшүн камсыз кылуу үчүн респонденттердин ишенимин көтөрүүнүн маанилүү элементи болду. Зомбулук жөнүндө суроолор анкетанын акырында жайгаштырылды, бул интервьюерге респонденттер менен жакындыктын белгилүү баскычын жөнгө салып кетүүгө убакыт берди жана аялдардын башынан өткөргөн зомбулугу жөнүндө бөлүшүүгө түрткү болду. Мындан сырткары, Дүйнөлүк Саламаттык сактоо Уюмунун сунуштамасына ылайык изилдөөдө же анкетада, этика жана коопсуздук чөйрөсүндө үй-бүлөдөгү зомбулуктарды билүү боюнча коргонуунун төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөрү киргизилди (ДССУ, 2001):

1. Купуялуулукту камсыз кылуу үчүн бир үй чарбасынан бир гана аял зомбулк жөнүндө суроолорго жооп берген. Аялдарды тандап алуу үй чарбаларынын анкеталарында кыстарылган таблицалар колдонулуп, тандоонун жөнөкөй жол-жоболорунун жардамы менен ишке ашырылды (Kish, 1965).

2. Интервьюнун башындагы алгачкы макулдуктан сырткары кошумча макулдук алуу үчүн респонденттерге суроолордун жанга батарлыгы жана алардын жоопторунун купуялуулугу камсыз болору айтылды.

3. Зомбулук боюнча модулдун суроолору респондент менен обочолонууга мүмкүнчүлүк болгон убакта гана берилди. Интервью алуучуларга модулду өткөрүү, респондентке ыраазычылык билдирүү жана модулду өткөрүүдө респондент менен обочо боло албаса интервьюну бүткөрүү алдын ала үйрөтүлгөн.

4. Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндөгү маалыматтарды камтыган брошюралар, өлкө боюнча тейлөө борборлорунун байланыш маалыматтары бардык интервьюерлерге берилген. Интервью алуучуларга бул борборлорго кайрыла алуусу, үй-бүлөдөгү зомбулук учурунда чара көрүү боюнча маалымат алуусу үчүн респонденттердин суранычтары боюнча бул маалыматтарды оозеки түрдө гана жеткирүү айтылган. Интервью алуучуларга үй-бүлөдөгү зомбулуктун курмандыгы болгондор үчүн борборлор жөнүндө кандайдыр бир басылган же жазылган маалыматтарды калтырууга болбой тургандыгы билдирилген. Бул жол-жоболор аталган модул үчүн тандалып алынган респонденттерди идентификациялоодон коргоо, коопсуздуктарын камсыз кылуу жана кийинки залалдарга учуратпоо үчүн иштелип чыккан.

Жогоруда айтылгандай, аталган модул үчүн бир үй чарбасынан бир гана аял тандалып алынды. Жалпысынан үй зомбулугу боюнча модулга 15 жаштан 49 жашка чейинки 6022 (такталбаган маалымат) аял катышты, анын ичинен 4832 (такталбаган маалымат) качандыр бир кезде никеде турган аял жубайлардын зомбулугу боюнча берилген суроолорго жооп беришти. Интервьюерлер менен респонденттердин обочо боло албагандыгынан улам аталган модулга тартылган он сегиз аял сурамжылоодон өтө албады. Бул бөлүмдүн таблицаларын даярдоодо улуттук деңгээлде үй зомбулуктары боюнча жыйынтыктардын репрезентативдүүлүгүн камсыздоо үчүн ар бир текшерилген

үй чарбасынан бир гана аялды тандоону корректировкалоо үчүн атайын иштелип чыккан салмактык коэффициенттер колдонулду.

14.2 ФИЗИКАЛЫК ЗОМБУЛУК

14.1-таблица качандыр бир кезде физикалык зомбулукту башынан өткөргөн 15 жаштан баштап жана негизги мүнөздөмөлөр боюнча изилдөө алдындагы акыркы 12 ай ичинде зомбулукка кабылган 15 жаштан 49 жашка чейинки бардык аялдардын үлүшүн көрсөтөт. Жалпысынан 15 жаштан баштап (23 пайыз) аялдардын төрттөн биринен азырагы качандыр бир кезде физикалык зомбулукту башынан өткөрүшкөн, ал эми 13 пайызы физикалык зомбулукка изилдөө алдындагы акыркы 12 ай ичинде кабылышкан. Аялдардын төрт пайызы изилдөө алдындагы акыркы 12 ай ичинде физикалык зомбулукка тез-тез кабылышкандарын айтышкан, ошол эле убакта аялдардын 9 пайызы изилдөө өткөн акыркы 12 ай ичинде физикалык зомбулукка кээ бир убактарда гана кабылышканын айтышкан.

КР МДИ-2012нин жыйынтыктары ажырашкан, ажырашып кеткен жана жесир калган аялдар (50 пайыз) никеси бар аялдарга (27 пайыз) же бир да жолу никеде турбаган аялдарга (6 пайыз) салыштырмалуу физикалык зомбулуктарга алда канча көп кабылышарын көрсөтөт. Качандыр бир кезде физикалык зомбулукка кабылган аялдардын үлүшү жаш курак жана тирүү балдардын санынын өсүшү менен көбөйөт, жашы улуу аялдар зомбулукка кабылуу коркунучуна көп учурашат. Аялдын шаар жеринде же айыл жеринде жашаганына карап, качандыр бир кезде физикалык зомбулукка кабылуу мүмкүндүгү дээрлик маанисиз. Качандыр бир кезде физикалык зомбулукка кабылгандардын үлүшү Нарын жана Талас облустарындагы аялдардын ичинде бир канча жогору, ал эми Ош шаарында аялдардын ичинде бир канча төмөн. Качандыр бир кезде физикалык зомбулукка кабылган иштеген аялдардын үлүшү иштебеген аялдардын үлүшүнө караганда өстү. Качандыр бир кезде физикалык зомбулукка кабылган аялдардын үлүшү билим деңгээлинин көтөрүлгөнү менен көбөйөт, кесиптик баштапкы/орто билими бар аялдардын арасында 28 пайыз, андан кийин 23 пайызга чейин азайганы байкалат. Физикалык зомбулуктун көрсөткүчү жакшы жашоонун эң төмөнкү квинтилиндеги аялдар арасындагы 26 пайыз максимумдан жакшы жашоонун эң жогорку квинтилиндеги аялдар арасындагы 21 пайызга чейин азайат.

14.1-таблица. Физикалык зомбулук

15 жашынан баштап качандыр бир кезде физикалык зомбулукка кабылган 15-49 жашка чейинки аялдардын пайызы жана изилдөө алдындагы 12 ай ичинде зомбулукка кабылган аялдардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды үлүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	15 жашынан баштап качандыр бир кезде зомбулукка кабылгандардын үлүшү[1]	12 ай ичинде физикалык зомбулукка кабылгандардын үлүшү			Аялдардын саны
		Дайыма	Кээде	Дайыма же кээде[2]	
Жаш курак, жаш					
15-19	6.3	0.1	3.8	3.9	1,192
20-24	13.8	1.5	6.2	7.7	1,175
25-29	26.7	5.5	12.3	17.8	898
30-39	33.0	6.8	13.0	19.8	1,416
40-49	33.5	7.3	9.3	16.6	1,340
Жашаган жеринин тиби					
Шаар	21.6	4.6	6.6	11.2	2,253
Айыл	24.1	4.2	10.3	14.5	3,769
Облусу					
Ысык-Көл	16.3	1.7	8.7	10.4	476
Жалал-Абад	21.5	3.1	9.4	12.6	981
Нарын	36.9	7.0	15.1	22.2	206
Баткен	28.6	3.7	17.6	21.3	450
Ош	26.1	5.1	6.6	11.8	1,192
Талас	33.9	2.5	21.5	23.9	263
Чүй	19.3	5.4	8.9	14.3	1,076
Бишкек шаары	23.0	5.3	3.7	9.1	1,149
Ош шаары	12.3	1.9	8.6	10.4	228
Үй-бүлөлүк абалы					
Бир да жолу никеде турбаган	6.2	0.1	3.0	3.0	1,661
Никеси бар же чогуу жашайт	26.8	5.4	11.5	16.9	3,833
Ажырашкан/өзүнчө жашайт/жесир	49.8	10.1	9.0	19.1	528

Уландысы

14.1-таблицанын уландысы					
Тирүү балдардын саны					
0	8.2	0.6	3.4	4.0	2,061
1-2	28.7	5.8	10.6	16.3	1,966
3-4	31.9	6.7	12.4	19.1	1,576
5+	37.6	7.3	15.5	22.8	418
Жумуштуулуктун статусу					
Накталай кирешеге иштейт	29.5	5.9	10.0	15.9	1,703
Накталай эмес кирешеге иштейт	32.9	5.2	15.8	20.9	145
Иштебейт	20.2	3.7	8.3	11.9	4,173
Билими					
Билими жок/башталгыч	*	*	*	*	19
Негизги жалпы	12.9	2.1	6.4	8.5	805
Толук орто	24.7	5.4	10.3	15.7	2,523
Башталгыч/орто кесиптик	28.2	4.8	10.9	15.7	1,047
Жогорку	22.5	3.4	6.9	10.3	1,628
Жетиштүү жашоо квинтили					
Эң төмөнкү	25.5	3.9	11.0	14.9	1,074
Экинчи	24.7	4.2	10.7	14.9	1,076
Орто	23.2	4.3	10.7	15.0	1,137
Төртүнчү	22.7	4.9	8.7	13.5	1,214
Эң жогорку	20.7	4.4	5.1	9.5	1,521
Бардыгы	23.1	4.4	8.9	13.3	6,022

Эскертүү: «Бардыгы» тилкеси жумуштуулуктун статусу жөнүндө маалыматы жок бир аялды камтыйт. * белгиси маалыматтар 25 тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет.

[1]15 жашка чыга элек никеси бар аялдардын арасындагы акыркы 12 ай ичиндеги зомбулуктар кошулуп жана 15 жашка чыга электе физикалык зомбулукка кабылган жайын көрсөткөндөр

[2] Акыркы 12 ай ичиндеги физикалык зомбулуктарга кабылган аялдар кошулду, бирок зомбулукка кабылган жерин көрсөтүшкөн эмес.

14.1-таблицада көрсөтүлгөн негизги мүнөздөмөлөр боюнча акыркы 12 ай ичинде (дайыма же кээде) физикалык зомбулуктун курмандыгы болгон аялдардын үлүшүнүн өзгөрүүсү качандыр бир кезде зомбулукка кабылган аялдардын үлүшүнүн өзгөрүүсү менен окшош.

14.2-таблицадагы маалыматтар аялдардын үй-бүлөлүк абалы боюнча бөлүнгөн физикалык зомбулуктарды башынан өткөргөн аялдардын 15 жашынан физикалык зомбулуктарга кабылган аялдарга катышын көрсөтөт. Качандыр бир кезде никеде турган аялдардын арасында аларга дайыма физикалык зомбулук жасаган жактар алардын учурдагы күйөөлөрү же өнөктөштөрү (67 пайыз) болуп саналат, андан кийинки орунда мурунку күйөөсү же өнөктөштөрү (26 пайыз) тарабынан жасалган жубайлык зомбулуктар. Бир да жолу никеде турбаган, 15 жашынан баштап физикалык зомбулуктарга кабылган аялдардын аз гана саны аларга физикалык зомбулук жасаган жактар катары энелерин же өгөй энелерин (45 пайыз) жана эже-сиңди, ага-инилерин (29 пайыз)көп айтышты.

14.2-таблица. Физикалык зомбулукту башынан өткөргөн жактар

15 жашынан физикалык зомбулукка кабылган 15-49 жаштагы аялдардын арасындагы зомбулукка себепкер болгон белгилүү жактарды көрсөткөн аялдардын үй-бүлөлүк абалына ылайык үлүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

	Үй-бүлөлүк абалы		Бардыгы
	Качандыр бир кезде никеде турган	Бир да жолу никеде турбаган	
Азыркы күйөөсү/өнөктөшү	66.7	к/б	61.8
Мурунку күйөөсү/өнөктөшү	25.9	к/б	24.0
Мурунку жигити	0.3	9.8	1.0
Атасы/өгөй атасы	1.6	14.4	2.5
Энеси/өгөй энеси	8.3	44.9	11.0
Эже-сиңди/ага-ини	5.5	29.2	7.3
Кызы/уулу	0.0	1.1	0.1
Башка туугандары	2.6	3.8	2.7
Кайненеси	2.7	к/б	2.5
Кайнатасы	0.6	к/б	0.5
Күйөөсүнүн башка туугандары	1.4	к/б	1.3
Мугалими	0.0	2.4	0.2
Иш берүүчү/чогуу иштеген башка адам	0.2	0.0	0.2
Башкалар	1.2	13.9	2.1
15 жашынан физикалык зомбулукка кабылган аялдардын саны	1,291	103	1,394

Эскертүү: Аялдар бир адамдан көптү көрсөтө талышат.
к/б = колдонууга болбойт

14.3 СЕКСУАЛДЫК ЗОМБУЛУК

14.3-таблица негизги мүнөздөмөлөр боюнча акыркы 12 ай ичинде жана кандайдыр бир убакта сексуалдык зомбулукка кабылган 15 жаштан 49 жашка чейинки бардык аялдардын үлүшүн көрсөтөт. 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын 3 пайызы кандайдыр бир убакта сексуалдык зомбулук көрүшкөн жана 2 пайызы изилдөө алдындагы акыркы 12 ай ичинде сексуалдык зомбулукка кабылышкан. Сексуалдык зомбулукка кабылганын көрсөткөн аялдардын үлүшүндөгү айырмачылыктар эреже катары бир аз гана. Сексуалдык зомбулукка кабылган аялдардын үлүшү ажырашкан, өзүнчө жашаган жана жесир аялдардын (10 пайыз) арасында эң жогору жана бир да жолу никеде турбаган жана 15-19 жаштагы аялдардын (бир пайыздан аз) арасында эң төмөн. Сексуалдык зомбулуктардын шаар жана айыл жериндеги көрсөткүчтөрүндөгү айырмачылыктары бир аз гана, бул көрсөткүч башка региондорго караганда Баткен жана Талас облустарында жогору болгон (8 жана 6 пайыз).

14.3-таблица. Сексуалдык зомбулук

Качандыр бир кезде сексуалдык зомбулукту башынан өткөргөн 15-49 жаштагы аялдардын жана изилдөө алдындагы 12 ай ичинде сексуалдык зомбулукту башынан өткөргөн аялдардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Сексуалдык зомбулукту башынан өткөргөндөрдүн пайызы		Аялдардын саны
	Качандыр бир[1]	Акыркы 12 ай ичинде	
Жаш курак, жаш			
15-19	0.1	0.0	1,192
20-24	1.8	1.1	1,175
25-29	3.5	2.5	898
30-39	6.6	4.3	1,416
40-49	4.3	2.0	1,340
Жашаган жеринин тиби			
Шаар	2.4	1.0	2,253
Айыл	4.0	2.7	3,769
Облусу			
Ысык-Көл	3.2	2.1	476
Жалал-Абад	0.8	0.2	981
Нарын	2.8	0.5	206
Баткен	7.8	6.8	450
Ош	4.1	3.2	1,192
Талас	6.4	3.2	263
Чүй	4.9	2.8	1,076
Бишкек шаары	1.6	0.1	1,149
Ош шаары	1.3	1.0	228
Үй-бүлөлүк абалы			
Бир да жолу никеде турбаган	0.1	0.0	1,661
Никеси бар же чогуу жашайт	3.9	2.8	3,833
Ажырашкан/ өзүнчө жашайт/жесир	10.1	3.4	528
Жумуштуулуктун статусу			
Накталай кирешеге иштейт	4.2	2.1	1,703
Накталай эмес кирешеге иштейт	1.8	0.5	145
Иштебейт	3.1	2.1	4,173
Тирүү балдардын саны			
0	0.9	0.4	2,061
1-2	4.4	2.1	1,966
3-4	4.7	3.5	1,576
5+	5.8	4.3	418
Билими			
Билими жок/башталгыч	*	*	19
Негизги жалпы	2.3	1.5	805
Толук орто	4.3	2.8	2,523
Башталгыч/орто кесиптик	3.7	1.9	1,047
Жогорку	2.4	1.4	1,628
Жетиштүү жашоо квинтили			
Эң төмөнкү	3.9	2.6	1,074
Экинчи	3.6	3.0	1,076
Орто	3.9	2.8	1,137
Төртүнчү	4.6	2.0	1,214
Эң жогорку	1.5	0.5	1,521
Бардыгы	3.4	2.1	6,022

Эскертүү: «Бардыгы» тилкеси жумуштуулуктун статусу жөнүндө маалыматы жок бир аялды камтыйт. * белгиси маалыматтар 25 тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн жок.

[1]Акыркы 12 ай ичиндеги зомбулуктар кошулганда

14.4-таблицада качандыр бир кезде сексуалдык зомбулукка кабылган, качандыр бир кезде никеде турган аялдарга карата сексуалдык зомбулук жасаган жактар жөнүндө маалыматтар берилген. Аялдар көбүнчө азыркы күйөөлөрүнүн/өнөктөштөрүнүн (63 пайыз) дайыма сексуалдык зомбулук жасагандыгын айтышса, андан кийин 35 пайызы мурунку күйөөлөрүн/өнөктөштөрүн айтышкан.

14.4-таблица. Сексуалдык зомбулукту башынан өткөргөн жактар

Сексуалдык зомбулукка кабылган 15-49 жаштагы аялдардын арасындагы зомбулукту жасаган аныкталган жактарды көрсөткөндөрдүн пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

	Бардыгы
Азыркы күйөөсү/өнөктөшү	63.0
Мурунку күйөөсү/өнөктөшү	35.2
Мурунку жигити	0.8
Башка туугандары	0.5
Досу/Таанышы	0.7
Иш берүүчү/чогуу иштеген башка адам	0.2
Бейтааныш	1.0
Башка	0.4
Сексуалдык зомбулуктарды башынан өткөргөндөрдүн саны	204

[1]Аялдар бирден көп адамды көрсөтө алышат.

14.4 Зомбулуктун формалары

14.4-таблицада 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдарга карата жасалган зомбулуктардын формалары жөнүндө маалымат берилди. Аялдардын 20 пайызы физикалык зомбулуктарды, бир пайыздан азырагы сексуалдык зомбулуктарды, ал эми 3 пайызы физикалык жана сексуалдык зомбулуктарды баштарынан өткөрүшкөн. 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын дээрлик төрттөн бири же физикалык, же сексуалдык зомбулуктарга кабылышкан. Физикалык же сексуалдык зомбулуктардын курмандыгы болгон аялдардын үлүшү жаш курак менен көбөйөт: 15-19 жаштагы аялдардын арасында 6 пайыздан 20-24 жаштагы аялдардын арасындагы 14 пайызга чейин, андан кийин 25 жаштагы жана андан улуу аялдардын арасында 27 пайыздан 34 пайызга чейин.

14.5-таблица. Зомбулуктун формалары

Азыркы жаш курагы боюнча качандыр бир кезде зомбулуктун ар түрдүү формаларын башынан өткөргөн аялдардын пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

	Физикалык гана зомбулук	Сексуалдык гана зомбулук	Физикалык жана сексуалдык зомбулук	Физикалыкже сексуалдык зомбулук	Аялдардын саны
Жаш курак, жаш					
15-19	6.3	0.1	0.0	6.3	1,192
15-17	7.9	0.1	0.0	8.0	740
18-19	3.7	0.0	0.0	3.7	452
20-24	12.0	0.1	1.7	13.8	1,175
25-29	23.6	0.3	3.2	27.1	898
30-39	26.6	0.2	6.4	33.2	1,416
40-49	29.4	0.2	4.1	33.7	1,340
Бардыгы	19.9	0.2	3.2	23.3	6,022

14.5 Кош бойлуулук учурунда зомбулукка кабылуу

Качандар бир кезде кош бойлуу болгон респонденттерден кош бойлуулук кезинде качандыр бир физикалык зомбулукка кабылгандыгы, эгер кабылса, ким тарабынан кабылгандыгын көрсөтүп берүү тууралуу сурадык.

14.6-таблица аялдардын 7 пайызы кош бойлуу кезинде физикалык зомбулуктарга кабылгандыгын көрсөтөт. Бишкек шаарында жана Ош облусунда жашаган аялдардын арасында физикалык зомбулукка кабылгандардын көрсөткүчү башка региондордогу аялдарга салыштырмалуу

жогору (14 жана 10 пайыз). Бул көрсөткүч ажырашкан, өзүнчө жашаган жана жесир калган аялдар (21 пайыз) арасында никеси бар аялдарга (6 пайыз) караганда бир канча жогору.

14.6-таблица. Кош бойлуулук кезинде зомбулукка кабылуу

Качандыр бир кезде кош бойлуу болгон 15-49 жаштагы аялдардын арасындагы кош бойлуулук кезинде физикалык зомбулукка кабылгандардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Кош бойлуулук кезинде физикалык зомбулукка кабылгандардын пайызы	Качандыр бир кезде кош бойлуу болгон аялдардын саны
Жаш курак, жаш		
15-19	0.8	71
20-24	4.2	662
25-29	7.1	787
30-39	8.9	1,346
40-49	7.9	1,303
Жашаган жеринин тиби		
Шаар	9.2	1,421
Айыл	6.4	2,748
Облусу		
Ысык-Көл	1.6	376
Жалал-Абад	4.5	707
Нарын	8.9	166
Баткен	4.8	337
Ош	10.1	803
Талас	8.7	207
Чүй	5.8	797
Бишкек шаары	14.1	633
Ош шаары	2.2	144
Үй-бүлөлүк абалы		
Бир да жолу никеде турбаган	*	14
Никеси бар же чогуу жашайт	5.6	3,670
Ажырашкан/ өзүнчө жашайт/жесир	20.8	485
Тирүү балдардын саны		
0	6.7	209
1-2	7.9	1,966
3-4	6.9	1,576
5+	7.1	418
Билими		
Билими жок/башталгыч	*	14
Негизги жалпы	4.5	324
Толук орто	8.0	1,905
Башталгыч/орто кесиптик	7.1	838
Жогорку	7.3	1,088
Жетиштүү жашоо квинтили		
Эң төмөнкү	5.7	775
Экинчи	6.2	783
Орто	6.8	816
Төртүнчү	7.7	906
Эң жогорку	10.0	890
Бардыгы	7.4	4,169

Эскертүү: * белгиси маалыматтар 25 тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн жок.

14.6 Күйөөсү тарабынан жубайлык көзөмөл

Күйөөсү аялынын жүрүм-турумдарына жасаган катуу көзөмөлү маанилүү, алдын ала эскертүүчү белги болуп саналат жана өз ара мамиледеги зомбулук менен тыгыз байланышкан. КР МДИ-2012де күйөөлөрү тарабынан аялдарына жубайлык көзөмөлдүн баскычтарын аныктоо үчүн бир катар суроолор камтылган. Жүрүм-турумду контролдоо менчикке болгон чектен чыккан сезим катары көрүлөт, кызгануу жана аялын үй-бүлөсүнөн жана досторунан обочолонтууга аракет кылууга алып келет. Жубайлык зомбулуктун баскычтарын аныктоо үчүн качандыр бир кезде никеде турган аялдардан алардын азыркы же мурунку күйөөсү же өнөктөшү төмөнкүдөй көрүнүштү көрсөткөндүгү суралды:(1) кызганат (кызганган) же эгер башка эркек менен сүйлөшсө (сүйлөшкөндө) ачууланууу (ачууланган), (2) аны ишенимсиздикке дайыма күнөөлөйт (күнөөлөгөн), (3) достору менен жолугушууга тыюу салат (тыюу салган), (4) үй-бүлөсү менен сүйлөшүүнү чектөөгө кыйноо көрсөтөт (кыйноо көрсөткөн) жана (5) ар дайым анын кайда болгонун айтып турушун талап кылат (талап кылган). 14.7-таблица качандыр бир кезде никеге туруп, күйөөсү негизги мүнөздөмөлөрдөгү ар бир саналган жүрүм-турумду көрсөткөн аялдардын үлүшүн көрсөтөт. Мындай жүрүм-турумдардын концентрациясы жөнүндөгү маалымат башка кандайдыр бир жеке жүрүм-турумду ашкерелөөгө

караганда алда канча маанилүүлүгү экендигин эске алсак, таблица жубайлары көрсөтүлгөн жүрүм-турумдардын эң аз дегенде үчөөнү көрсөткөн респонденттердин үлүшүн жана жубайлары бул жүрүм-турумдардын эч бирөөсүн көрсөтпөгөн респонденттердин үлүшүн көрсөтөт.

14.7-таблица. Күйөөлөрү тарабынан жубайлык көзөмөл

Качандыр бир кезде никеде турган, азыркы же мурунку күйөөлөрү/өнөктөштөрү жүрүм-турумдун/көзөмөлдүн белгилүү тибин көрсөткөн же качандыр бир кезде көрсөткөн 15-49 жаштагы аялдардын негизги мүнөздөмөлөргө ылайык пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Күйөөсү/өнөктөшү төмөнкү жүрүм-турумдарды көрсөтөт же көрсөткөн аялдардын пайызы:							
	Эгерде ал башкка эркектер менен сүйлөшсө (сүйлөшкөндө) кызганат(кызганган) жеачууланат (ачууланган)	Аны ишенимсиз-дикте дайыма күнөөлөөйт (күнөөлөгөн)	Курбулары менен жолугушууга тыюу салат (тыюу салган)	Үй-бүлөсү (төркүнү) менен сүйлөшүүнү чектейт (чектеген)	Дайыма анын кайда болгондугун баяндап туруусун талап кылат (талап кылган)	Көрсөтүлгөн жүрүм-турумдар-дын үч же андан көбүн көрсөтөт (көрсөткөн)	Көрсөтүлгөн жүрүм-турумдар-дын бирин да көрсөткөн эмес	Качандыр бир кезде никеде турган аялдардын саны
Жаш курак, жаш								
15-19	75.7	2.4	14.3	4.3	70.2	10.3	11.2	116
20-24	81.1	8.7	16.5	5.1	76.2	20.2	11.6	723
25-29	77.2	11.6	16.0	7.5	76.0	19.2	12.6	827
30-39	69.4	10.9	13.8	4.4	66.8	16.1	19.7	1,376
40-49	62.9	9.6	12.3	4.1	61.3	14.2	24.1	1,319
Жашаган жеринин тиби								
Шаар	67.4	11.0	13.2	3.9	65.4	16.4	20.6	1,493
Айыл	72.9	9.6	14.8	5.6	70.1	16.7	16.8	2,869
Облусу								
Ысык-Көл	70.5	7.8	8.5	1.4	76.4	12.2	16.9	391
Жалал-Абад	87.0	8.1	8.5	1.5	87.5	13.1	4.3	745
Нарын	73.7	8.0	6.2	2.0	71.8	11.5	13.6	168
Баткен	78.6	13.4	24.8	7.4	86.0	27.1	5.5	355
Ош	83.5	7.8	15.1	7.7	76.3	16.2	10.6	849
Талас	58.6	11.6	14.2	7.3	61.6	15.5	23.7	214
Чүй	53.9	12.0	19.9	6.4	39.4	19.2	37.0	819
Бишкек шаары	54.8	12.0	11.6	5.2	62.2	16.1	29.2	664
Ош шаары	84.4	12.1	16.4	3.5	61.6	18.5	7.8	157
Үй-бүлөлүк абалы								
Бир да жолу никеде турбаган	70.4	7.1	12.1	3.4	69.0	13.9	18.2	3,833
Никеси бар же чогуу жашайт	75.5	31.7	29.7	16.7	65.0	36.3	17.7	528
Тирүү балдардын саны								
0	74.8	12.8	16.1	7.8	73.3	19.5	16.5	408
1-2	73.3	11.1	16.1	5.6	68.1	18.4	16.9	1,960
3-4	67.8	8.7	12.5	3.7	67.7	14.8	20.1	1,576
5+	68.9	7.8	10.1	4.7	69.3	12.4	17.7	418
Жумуштуулуктун статусу								
Накталай кирешеге иштейт	67.6	12.1	13.5	4.8	63.6	16.3	21.6	1,424
Накталай эмес кирешеге иштейт	65.7	14.1	18.7	3.1	66.5	23.1	21.4	115
Иштебейт	73.0	8.9	14.4	5.2	71.1	16.5	16.2	2,822
Билими								
Билими жок/башталгыч	*	*	*	*	*	*	*	14
Негизги жалпы	76.7	10.1	19.4	8.2	73.6	20.8	9.4	357
Толук орто	73.6	10.4	15.1	5.6	71.1	17.2	16.6	1,981
Башталгыч/орто кесиптик	67.6	9.5	13.5	4.0	62.4	16.0	22.6	855
Жогорку	67.4	9.6	11.4	3.8	67.1	14.5	20.0	1,155
Жетиштүү жашоо квинтили								
Эң төмөнкү	74.6	9.7	12.2	5.9	74.2	15.8	15.8	817
Экинчи	76.0	8.3	14.5	3.5	77.0	16.3	12.2	807
Орто	75.0	11.2	17.6	7.0	70.4	18.9	14.4	870
Төртүнчү	67.8	8.5	13.4	4.5	60.8	14.8	22.7	936
Эң жогорку	63.2	12.5	13.5	4.3	62.2	17.3	24.1	932
Аялкүйөөсүнөн/өнөктөшү-нөнкоркот								
Көп учурларда коркот	84.3	25.5	30.5	11.9	79.3	38.9	8.2	543
Кээде коркот	78.0	9.4	14.2	4.8	77.2	16.6	11.6	2,293
Эч качан коркпойт	55.4	5.4	8.4	2.8	51.3	8.7	31.8	1,494
Бардыгы	71.0	10.1	14.2	5.0	68.5	16.6	18.1	4,361

Эскертүү: Азыркы учурда никеси бар аялдар үчүн күйөөсү/өнөктөшү анын азыркы күйөөсү/өнөктөшү болуп саналат, ал эми ажырашкан, өзүнчө жашаган же жесир калган аялдар үчүн акыркы күйөөсү/өнөктөшү анын күйөөсү/өнөктөшү болуп саналат.«Бардыгы» тилкеси жумуштуулуктун статусу жөнүндө маалыматы жок бир жана күйөөсүнөн дайыма корккондугу боюнча маалыматы болбогон 32 аялды камтыйт.* белгиси маалыматтар 25 тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн жок.

Күйөөсү тарабынан жүрүм-турумду контролдоонун негизги тиби кызгануу же ачууланууу болуп эсептелет, эгер аялы башка эркектер менен сүйлөшсө (71 пайыз) жана күйөөсүнүн ар дайым аялынын кайда жүргөндүгүн айтып турушун талап кылуу (69 пайыз). Андан кийинки эң көп таралган жүрүм-турумдар достору менен жолугушууга тыюу салуу (14 пайыз) жана ишенимсиздикке дайыма күнөөлөө (10 пайыз). Аялдардын 5 пайызы гана азыркы же акыркы күйөөлөрү үй-бүлөсү менен сүйлөшүүнү чектөөгө аракет кылгандыгын билдиришти.

Качандыр бир кезде никеде турган аялдардын дээрлик ар бир алтынчысы (17 пайыз) күйөөсү үч же андан көп көзөмөлдөөчү жүрүм-турумдарды көрсөткөнүн айтышты. Бул көрсөткүч жаш курак менен көбөйөт, 15-19 жаштагы аялдардын арасында 10 пайыздан 20-24 жаштагы аялдардын арасында 20 пайызга чейин, андан кийин аялдардын жаш курагынын жогорулашы менен пайыздык көрсөткүчү төмөндөйт. Ажырашкан, өзүнчө жашаган жана жесир калган аялдар (36 пайыз), иштеген же накталай киреше албаган (23 пайыз), балдары жок (20 пайыз), негизги жалпы билими бар (21 пайыз) жана жетиштүү жашоонун орточо квинтилине кирген аялдар (19 пайыз) башка топтогу аялдарга караганда алардын күйөөлөрү үч же андан көп көзөмөлдөөчү жүрүм-турумдарды көп көрсөткөнүн айтышты. Көзөмөлдөөчү күйөөлөрдүн көрсөтүүлөрүнүн баскычтары дагы аймактар боюнча айырмаланат. Күйөөсү үч же андан көп көзөмөлдөөчү жүрүм-турумдарды көрсөткөнүн айткан аялдардын үлүшү Ысык-Көл жана Нарын облустарындагы 12 пайыздан Баткен облусундагы 27 пайызга чейин өзгөрөт.

КР МДИ-2012деги үй зомбулуктары боюнча модулда аялдардын күйөөлөрүнөн корко тургандыктары (дайыма) тууралуу да суроолор камтылган. Жубайы/өнөктөшү тарабынан кандайдыр бир зомбулукка кабылганын көрсөткөн аялдарга карата күйөөлөрүнөн дайыма корккондуктары же коркпогондуктары зомбулук актыларына кабылуу баскычтарын түшүндүрүү үчүн негиз болот. Үй зомбулуктары боюнча модул зомбулукка болгон аракеттердин эсебин оптималдоо үчүн иштелип чыкканына карабастан, зомбулук боюнча көрсөткүчтөрдү азайтуу мүмкүнчүлүгүн толук жыйынтыктоого мүмкүн эмес. Айрым аялдардын күйөөлөрүнөн коркору тууралуу суроолорго алардын каалоосуз түрдө жооп берүүлөрү күйөөлөрүнөн коркору тууралуу кыйыр түрдө көрсөтүп турат. Качандыр бир кезде никеде турган аялдардын (жубайлык зомбулукка кабылганынан көз каранды эмес) бардыгынан күйөөлөрүнөн/өнөктөштөрүнөн дайыма, кээде же эч каачан корко тургандыктары суралды. Качандыр бир кезде никеде турган аялдардын жарымынан көбү күйөөлөрүнөн/өнөктөштөрүнөн корко тургандыктарын айтышты (маалыматтар көрсөтүлгөн жок). Мындан сырткары, 14.7-таблица күйөөлөрүнөн/өнөктөштөрүнөн дээрлик дайыма корко турган аялдар күйөөсүнөн коркпой турган, күйөөсү үч же андан көп көзөмөлдөөчү жүрүм-турумдарды көрсөткөнүн айткан аялдарга салыштырмалуу төрт эсеге көп экенин көрсөтөт.

14.7 Жубайлык зомбулуктун формалары

Зомбулуктун ар кандай түрлөрү бири-бирине карама-каршы деп саналбайт жана аялдар зомбулуктун ар түрдүү формалары жөнүндө айтышы мүмкүн. Изилдөө интимдик мамилеге карата физикалык зомбулуктарды көбүнчө психологиялык зомбулуктар коштоп жүрөрүн жана психологиялык зомбулуктардын үчтөн биринен жарымынан көбүнө чейинкисин сексуалдык зомбулуктар коштоп жүрөрүн көрсөтөт (Krugetal., 2002). 14.8-таблица качандыр бир кезде никеде турган 15 жаштан 49 жашка чейинки изилдөө алдындагы акыркы 12 ай ичинде күйөөлөрү же келечектеги күйөөлөрү тарабынан зомбулуктун ар кандай формасына кабылган аялдардын үлүшүн көрсөтөт. Никеси бар респонденттер учурдагы күйөөлөрү, ал эми ажырашкан, өзүнчө жашаган жана жесир калган аялдар акыркы күйөөлөрү тарабынан зомбулуктарга кабылгандарын айтышкан.

14.8-таблица качандыр бир кезде никеде турган аялдардын 25 пайызы учурдагы же акыркы күйөөлөрү же өнөктөштөрү тарабынан физикалык зомбулукка, 4 пайызы сексуалдык зомбулукка, ал эми 14 пайызы эмоционалдык зомбулукка кабылгандарын көрсөтөт. Качандыр бир кезде никеде турган аялдардын төрттөн бири (25 пайыз) физикалык же/жана сексуалдык зомбулукка, 28 пайызы зомбулуктун жок дегенде үч түрүнүн бирөөсүнө кабылган.

Качандыр бир кезде никеде турган аялдар кабылган жубайлык зомбулуктун эң көп таралган формасы булар - түртүү, тил угуу, кандайдыр бир буюм менен уруу (21 пайыз) (14.1 график). Качандыр бир кезде никеде турган аялдардын он тогуз пайызы жаакка чапкандыгын айтышкан, ал эми 10 пайызы

муштум менен ургандыгын айтышты. Аялдардын жети пайызы күйөөлөрү алардын колдорун кайрыгандыгын же чачынан сүйрөгөндүгүн, 5 пайызы жазалаганын же полго сүйрөгөнүн, же урганын, 4 пайызы алар каалабаган учурда сексуалдык катнашта болууга мажбурлашкандыгын билдиришти. Аялдардын бир пайызы күйөөлөрү аларды муунтканга же атайылап өрттөгөнгө аракет кылгандыгын, бычак, мылтык же башка курал менен кол салгысы жана коркуткусу келгендигин айтышты. Аялдардын онунан бирөө күйөөсү башка адамдардын алдында кемсинткендигин айткан.

14.8-таблица. Жубайлык зомбулуктун формалары

Качандыр бир кезде же изилдөө алдындагы 12 ай ичинде күйөөсү/өнөктөшү тарабынан зомбулуктун ар түрдүү формаларына кабылган 15-49 жаштагы качандыр бир кезде никеде турган аялдардын пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

	Качандыр бир кезде	Акыркы 12 ай ичинде		
		Дайыма	Кээде	Дайыма же кээде
Азыркыжеэңакыркыкүйөөсү/өнөктөшүжасаганжубайлык зомбулук:				
Физикалык зомбулук				
Физикалык зомбулуктун каалаган түрү	25.1	5.8	11.1	16.9
Түртүп жиберген, жулкулдаткан же бир нерсе менен урган	21.3	4.1	10.0	14.1
Жаакка чапкан	18.5	2.9	8.1	11.0
Колдорун кайрыган же чачынан сүйрөгөн	7.3	1.1	3.0	4.1
Муштуму же оору жарата турган буюм менен урган	9.8	1.8	4.1	5.9
Жазалаган, полго сүйрөгөн же урган	4.5	0.7	1.6	2.3
Атайылап муунткусу же өрттөгүсү келген	1.1	0.2	0.3	0.5
Бычак, мылтык же башка курал менен коркуткан	1.1	0.1	0.3	0.4
Сексуалдык зомбулук				
Сексуалдык зомбулуктун каалаган түрү	4.0	1.1	1.7	2.8
Жыныстык катнашка ал каалабаган учурда барууга физикалык мажбурлаган	3.6	0.8	1.6	2.5
Анын эркине каршы кандайдыр бир сексуалдык актыларды аткарууга физикалык мажбурлаган	1.0	0.1	0.4	0.5
Анын эркине каршы коркутуу же башка жол менен сексуалдык актыларды аткарууга мажбурлаган	0.8	0.2	0.3	0.5
Эмоционалдык зомбулук				
Эмоционалдык зомбулуктун каалаган түрү	14.1	4.3	6.1	10.4
Аны башкалардын алдында басынтуу үчүн сөздөрдү айткан же кыймыл аракеттерди жасаган	11.4	3.2	4.8	8.0
Ал сүйгөн адамга оору жаратуу үчүн коркуткан	3.5	0.7	1.5	2.2
Мазактаган же кемсинткен	6.7	2.1	3.0	5.1
Физикалык жана/же сексуалдык зомбулуктун каалаган түрү	25.4	6.0	11.1	17.1
Эмоционалдык жана/же физикалык жана/же сексуалдык зомбулуктун каалаган түрү	28.1	7.7	12.1	19.8
Каалаган күйөөсү/өнөктөшү тарабынан жубайлык зомбулук[1]				
Физикалык зомбулук	26.4	к/б	к/б	16.9
Сексуалдык зомбулук	4.6	к/б	к/б	2.8
Физикалык жана/же сексуалдык зомбулук	26.6	к/б	к/б	17.1
Качандыр бир кезде никеде турган аялдардын саны	4,361	4,361	4,361	4,361

к/б = колдонууга болбойт

[1]Бир жолудан көп никеде турган аялдардан мурунку күйөөлөрүнүн (өнөктөштөрүнүн) жана азыркы же акыркы күйөөлөрүнүн (өнөктөштөрүнүн) жүрүм-туруму жөнүндө алынган маалыматтар кошулганда.

14.1-график

15 жаштан 49 жашка чейин качандыр бир кезде никеде турган, акыркы 12 ай ичинде мурунку же эң акыркы күйөөлөрү тарабынан зомбулуктун белгилүү бир типтерине кабылган аялдардын үлүшү, Кыргыз Республикасы, 2012

КР МДИ-2012

Качандыр бир кезде никеде турган аялдардын он жети пайызы акыркы 12 ай ичинде жубайлык зомбулукка кабылгандыгын, 11 пайызы зомбулукка кээде кабылгандыгын, 6 пайызы зомбулукка дайыма кабыларын көрсөтүшкөн. Аялдардын үч пайызы өткөн 12 ай ичинде жубайлык сексуалдык зомбулукка кабылгандыгын, 2 пайызы кээде, ал эми бир пайызы дайыма кабыларын айтышкан. Мындан сырткары, аялдардын 10 пайызы акыркы 12 ай ичинде жубайлык эмоционалдык зомбулукка кабылгандыгын, 6 пайызы кээде, ал эми 4 пайызы дайыма кабыларын айтышкан. Жалпысынан мурда никеде турган аялдардын 20 пайызы зомбулуктун жок дегенде үч түрүнүн бирөөсүнө азыркы же эң акыркы күйөөлөрү же өнөктөштөрү тарабынан кабылышкан. КР МДИ-2012ни жүргүзүүдө качандыр бир кезде же акыркы 12 ай ичинде кайсы бир күйөөсү/өнөктөшү тарабынан болгон жубайлык зомбулуктар жөнүндө да маалыматтар жыйналды. 14.8-таблицада көрсөтүлгөндөй, мурда никеде турган аялдардын 26 пайызы күйөөсү же өнөктөшү тарабынан физикалык зомбулукка кабылганын, 17 пайызы мындай зомбулукка акыркы 12 ичинде дайыма же кээде кабылганын айтышкан. Качандыр бир кезде никеде турган аялдардын беш пайызы күйөөсү тарабынан сексуалдык зомбулукка кабылганын, 3 пайызы зомбулукка акыркы 12 ичинде дайыма же кээде кабылганын көрсөтүшкөн. Жалпысынан качандыр бир кезде никеде турган аялдардын ар бир төртүнчүсү (27 пайыз) күйөөсү тарабынан жасалган физикалык жана/же сексуалдык зомбулукту башынан өткөргөн, ал эми 17 пайызы акыркы жыл ичинде мындай зомбулуктарды дайыма же кээде баштарынан өткөрүшкөн.

14.8 ЖУБАЙЛЫК ЗОМБУЛУКТАРДАГЫ АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР

14.9-таблицада 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын негизги мүнөздөмөлөрүнөн көз каранды жубайлык эмоционалдык, физикалык же сексуалдык зомбулуктарга кабылган качандыр бир кезде никеде турган аялдардын үлүшүн көрсөтөт.

14.9-таблица. Жубайлык зомбулуктун формалары

Күйөөсү/өнөктөшү тарабынан качандыр бир кезде эмоционалдык, физикалык же сексуалдык зомбулукка кабылган 15-49 жаштагы качандыр бир кезде никеде турган аялдардын негизги мүнөздөмөлөрдөн көз каранды пайызы, Кыргыз Республикасы, 2012

Негизги мүнөздөмөлөр	Эмоционал-дык зомбулук	Физикалык зомбулук	Сексуалдык зомбулук	Физикалык жана сексуалдык зомбулук	Физикалык, сексуалдыкжана эмоционал-дык зомбулук	Физикалык, же сексуалдык зомбулук	Физикалык, же сексуалдык же эмоционал-дык зомбулук	Качандыр бир кезде никеде турган аялдардын саны
Жаш курак, жаш								
15-19	1.1	3.0	0.0	0.0	0.0	3.0	3.0	116
20-24	7.4	13.6	2.2	2.0	1.0	13.8	16.7	723
25-29	12.7	23.1	3.2	2.9	1.8	23.5	26.1	827
30-39	17.1	29.6	5.8	5.4	4.0	30.1	33.0	1,376
40-49	16.8	30.0	3.9	3.7	2.6	30.2	32.7	1,319
Жашаган жеринин тиби								
Шаар	14.0	26.5	2.7	2.6	1.8	26.6	28.5	1,493
Айыл	14.2	24.5	4.6	4.3	2.9	24.8	27.9	2,869
Облусу								
Ысык-Көл	1.8	17.3	3.6	3.1	0.6	17.8	18.3	391
Жалал-Абад	23.3	23.9	0.7	0.7	0.7	23.9	30.6	745
Нарын	5.9	40.2	2.2	1.8	0.6	40.6	40.6	168
Баткен	15.0	32.5	9.7	9.0	5.1	33.2	34.3	355
Ош	10.1	20.3	5.2	4.4	2.6	21.1	23.4	849
Талас	10.0	36.4	5.8	5.7	2.6	36.5	37.2	214
Чүй	17.7	20.3	5.6	5.6	5.5	20.3	23.1	819
Бишкек шаары	15.0	34.2	1.7	1.7	1.6	34.2	35.6	664
Ош шаары	13.9	15.7	1.7	1.6	1.2	15.9	20.5	157
Үй-бүлөлүк абалы								
Бир да жолу никеде турбаган	11.0	22.3	3.4	3.1	2.0	22.7	25.4	3,833
Никеси бар же чогуу жашайт	36.7	45.4	8.5	8.4	6.9	45.5	47.6	528
Тирүү балдардын саны								
0	10.1	10.6	2.9	2.9	2.2	10.6	13.2	408
1-2	14.4	24.4	3.5	3.4	2.4	24.6	26.6	1,960
3-4	14.0	27.6	4.5	4.0	2.7	28.1	31.1	1,576
5+	17.8	33.6	5.3	5.0	3.3	33.9	38.7	418
Жумуштуулуктун статусу								
Накталай кирешеге иштейт	15.3	29.2	4.3	4.1	3.1	29.4	31.7	1,424
Накталай эмес кирешеге иштейт	19.2	34.8	1.9	1.7	1.4	35.0	37.0	115
Иштебейт	13.3	22.7	3.9	3.6	2.3	23.0	25.9	2,822
Билими								
Билими жок/башталгыч	*	*	*	*	*	*	*	14
Негизги жалпы	15.7	17.1	4.0	3.9	2.3	17.2	23.4	357
Толук орто	13.1	25.3	4.6	4.3	3.1	25.6	28.0	1,981
Башталгыч/орто кесиптик	16.9	29.7	3.8	3.5	2.6	30.0	32.1	855
Жогорку	13.3	24.0	2.9	2.6	1.7	24.4	26.8	1,155
Жетиштүү жашоо квинтили								
Эң төмөнкү	9.4	24.1	4.5	3.9	2.1	24.7	26.5	817
Экинчи	15.0	25.7	4.4	4.1	2.6	26.0	29.9	807
Орто	16.9	25.3	4.5	4.3	3.1	25.5	28.9	870
Төртүнчү	14.6	22.4	4.8	4.4	3.4	22.8	25.5	936
Эң жогорку	14.6	28.1	1.9	1.8	1.6	28.2	29.9	932
Бардыгы	14.1	25.1	4.0	3.7	2.6	25.4	28.1	4,361

Эскертүү: Азыркы учурда никеси бар аялдар үчүн күйөөсү/өнөктөшү азыркы күйөөсү/өнөктөшү болуп саналат, ал эми ажырашкан, өзүнчө жашаган же жесир калган аялдар үчүн акыркы күйөөсү/өнөктөшү анын күйөөсү/өнөктөшү болуп саналат. «Бардыгы» тилкеси жумуштуулуктун статусу жөнүндө маалыматы жок бир аялды камтыйт. * белгиси маалыматтар 25 тен кем эмес такталбаган учурларга негизделгенин билдирет, ошондуктан көрсөтүлгөн жок.

Жубайлык зомбулуктун жок дегенде кайсы бир түрүн башынан өткөргөн аялдардын үлүшү жаш курак менен көбөйөт жана эң жогорку көрсөткүч (33 пайыз) 30 жаштагы жана андан улуу аялдардын арасынан байкалат. Качандыр бир кезде жубайлык зомбулуктун кайсы бир түрүн башынан өткөргөн беш же андан көп балалуу аялдар баласы жок аялдарга салыштырмалуу үч эсе көп (39 жана 13 пайыз). Жубайлык зомбулуктун деңгээли Нарын облусундагы (41 пайыз) аялдардын арасында эң жогору, ал эми Ысык-Көл облусунда (18 пайыз) эң төмөн. Иштеген же накталай эмес киреше алган аялдар (37 пайыз) иштеген жана накталай киреше алган (32 пайыз) же акыркы 12 ай ичинде иштебеген (26 пайыз) аялдарга салыштырмалуу жубайлык зомбулуктун жок эле дегенде бир түрүнө дайыма

кабылышат. Ажырашкан, өзүнчө жашаган жана жесир калган аялдар никеси бар аялдарга (25 пайыз) караганда жубайлык зомбулукка дээрлик эки эсе көп кабылышат (48 пайыз). Негизги жалпы жана жогорку билими бар аялдар жубайлык зомбулукка башка аялдарга салыштырмалуу аз кабылышат.

14.10-таблицада жубайлык мүнөздөмөлөргө жана аялдардын укуктарынын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн көрсөткүчтөрүнө ылайык 15 жаштан 49 жашка чейинки качандыр бир кезде никеде турган, күйөөсү тарабынан эмоционалдык, физикалык же сексуалдык зомбулукту башынан өткөргөн аялдар жөнүндө маалыматтар берилген.

